КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# КЛАССИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР ЖАНА ТЕКСТТЕР

## *(АЛМАБЕК ТОЙЧУБЕКОВ «МАНАС», «СЕМЕТЕЙ»)*

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясынын астында

***Түзгөн***
***Гүлзат САДЫРБЕК КЫЗЫ***

Бишкек
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС» – 2018

УДК
ББК
К

Кыргыз Республикасынын 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун (2015-ж. 6-апрель, №151-б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Редколлегия:

| | |
|---|---|
| Акматалиев А. А. | Мусаев С. Ж. |
| Байгазиев С. О. | Садыков Т. |
| Жайнакова А. Ж. | Токтоналиев К. Т. |
| Маразыков Т. | Эркебаев А. Э. |

**К** **Классикалык изилдөөлөр жана тексттер:** Алмабек Тойчубеков / Түзгөн: Г. Садырбек кызы. – Бишкек: «Принт-экспресс», 2018. – 592 б.

ISBN

«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясынын бул томуна Алмабек Тойчубековдун айтуусундагы «Манас», «Семетей» эпосунун үзүндүлөрү камтылып, биринчи жолу басууга даярдалды.

Китеп фольклористика, манастаануу адистиги боюнча эмгектенген окумуштууларга, жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринин студенттерине, аспиранттарга жана элдик маданий мурастарга кызыккан жалпы окурмандарга сунуш кылынат.

УДК
ББК

К

ISBN

© КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2018

© Принт-экспресс, 2018

## БАШ СӨЗ

Семетейчи Алмабек Тойчубеков 1888-жылы Ысык-Көл областынын Түп районуна караштуу Ой-Булак айылында манасчынын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Тойчубек, агасы Дыйканбай «Манас» эпосун мыкты айткан залкар мансчылардан болушкан.

Семетейчи А.Тойчубековдан «Манас» эпосунан «Семетей», «Сейтек» бөлүгүн жазып алуу иши 1940-жылдардын аягында башталган. Алар: Манас өлгөндө, Каныкейдин Семетейди Букарга алып качканынан тартып, эрезеге жеткен Семетей Таласка келип Жакып, Көбөш, кырк чорону өлтүрүп, атасынын ордосун ээлешине чейинки жана Айчүрөккө үйлөнүшү, Коңурбайбын кун куушу сыяктуу окуялардан, ошондой эле «Сейтек» бөлүгүндөгү Семетейдин кайып болушунан тартып, Күлчоро, Сейтек Канчоро, Кыястан өч алып, Сейтектин Таласка көчүп келишинен турат. Бул варианттар элге кеңири тараган туруктуу сюжеттүү варианттардан айрым бир деталдык жактан гана айырмачылыгы болбосо, негизинен аларга окшош.

Манас өлгөндө Жакып өзүнүн балдары менен Каныкейге кордук көрсөтөт. Семетейдин балалыгы Букардагы таякеси Ысмайылдын колунда өтөт. Бул жерде Тайторунун чабылышы, Каныкейдин жомогу айтылат. Башка варианттардагыдай эле Семетей алгач Таласка келгенде Жакып жамандык менен тосуп алат. Акыры бузуку туугандарын эсине келтирген Семетейге кырк чоро, Чынкожо, Толтойлор менен кармашууга туура келет. Семетей Коңурбайдан атасынын өчүн алат, бирок өзү Канчорого алдатып коёт. Анын Канчоро, Кыяс менен болгон урушу жазылбаганы менен окуянын өнүгүшүнөн улам Семетейдин дайынсыз жоголгонуна Канчоро, Кыяс себепчи болгондугу билинип турат. Семетейди Күлчоро издеп таппай коюп, аш берүүгө камынат. Андан ары Семетейдин үй-бүлөсүнүн Кыяска олжо болушу, Күлчоронун далысы кесилип, кордолушу, Сейтектин кооптуу чөйрөдө Айчүрөктүн аркасы менен аман-эсен чоңоюп, эли-жерин таап, атасынын өчүн алышы айтылат.

Эпостун «Чынкожо, Толтойдун окуясы» 1940-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу Кол Жазмалар фондусуна өткөрүлгөн. 1962-жылдан баштап, «Манас» секторунун илимий кызматкери М.Мамыров тарабынан Семетейдин Коңурбайга каршы согушу (Инв. № 196), Үмөтөйдүн окуясы (Инв. №198-2) жана «Сейтек» бөлүгү (Инв. №198а) Касымаалы Алмабеков тарабынан жазылып, тапшырылган. «Семетей» эпосунун алгакы окуялары: Манастын өлүмү (Инв.№ 199), Каныкейдин Букарга качышы, Тайторуну чабуу, Каныкейдин жомогу, Семетейдин Букардан Таласка келиши сыяктуу эпизоддору мурун өткөрүлгөн эмес (Инв.№ 199а). Семетейдин варианттын толук көрсөтүү үчүн аталган эпизоддор зарыл түрдө керек.

Ошондой эле андан кийин тактап айтканда 1945-1946-жылдары «Семетей» бөлүгү жыйнап алуу иши улантылган. Эпостун «Семетей» бөлүгүнөн Чынкожо менен Толтойдун чатагы өңдүү ири окуясы жазылып алынган. Ал эпизодду комузчу, акын Чалакыз Иманкулов жазган. Көлөмү 10700 жол ыр сабынан ашык. Жомоктун ал окуясында Чынкожо, Толтой Акун кандын элин камап, кысым көрсөткөнү, Айчүрөктүн дөөлөрдү сынаганы айтылып (Инв.№ 191), Айчүрөктүн Ак шумкарды ала качышы (Инв. № 192), анын дайынын Семетей дүрбүдөн көрүшү менен аяктайт (Инв. №193). Тойчубековдон жазылган эпостун үзүндүсү Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу Кол Жазмалар фондусунда сакталып турат (Инв. № 194, 195). Андан тышкары Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү, анын Таласка келиши, Коңурбайга каршы салгылашуусун көрсөткөн эпизоддорун 9 (тогуз) окуу дептери камтыйт, же болбосо 8480 сап ырдан турат (Инв. № 195). Эпостун жазылган үзүндүлөрүндө сюжеттик жүрүштөрүнөн, окуяларынын өнүгүшүнөн да өзгөчөлүктөр бардыгын белгилөөгө болот.

Алмабек Тойчубековдун варианттарында эпостун традациялык мотивдеринен да айырмачылыктар учурайт. Семетейчинин стилдик өзгөчөлүктөрү да өтө кеңири. Андыктан Тойчубековдон жазылган «Семетей» эпосунун үзүндүлөрү мурунку материалын толуктоодо да өтө керек. Башка варианттар менен салыштырып үйрөнүүдө да пайдалуу материал болуп саналат жана илимий изилдөө ишине керектүү материал катары алууга толук болот.

А.Тойчубеков жаратман манасчыларга мүнөздүү болгон түш көрүү аркылуу манас айтып калат. Анын түшүнө Семетей, Күлчоро, Кырк чоро кирип «Манас» айтышып талап кылышкан. Агасы Дыйканбай эл-жер кыдырып,  манас айтып кеткенде Алмабек өзүнүн айылдаштарына айтчу. «Манас» эпосторунун дээрлик бардык түрлөрүн айтып жүргөнү менен, эл арасына «Семетейчи» деп таанылган. 1945-1947-жылдары Т. Сатылганов атындагы Кыргыз Улуттук Филармониясына солист катары кабыл алынып, манасчылар Мусулманкул уулу Молдобасан, Тыныбек уулу Актан, Карала уулу Саякбай менен бирге эл аралап манас айткан. Анын айтуусунда 1945-1962-жылдары «Манас» үчилтигинин «Манас», «Сейтек» бөлүктөрүнүн өзөктүү окуялары жана «Семетей» бөлүгү толук, Кол Жазмалар фондусунда 63 556 сап ыр жазылып алынып,  сакталып турат.

«Семетей» бөлүгүнүн 14 вариантынын ичинен Тойчубековдун варианты толук варианттардын бири катары эсептелинет. Андан жазылып алынган «Семетей» бөлүгүнүн кээ бир окуялары, 1959-жылы жарык көргөн курама варианттын «Семетей» китебине кирген. Семетейчинин варианты, айрым бир жактан гана айырмачылыктарга ээ болбосо,  негизинен салттуу вариант катары саналат. Азыркы күндө манасчынын үйүндө, Кол Жазмалар фондусуна учурунда өткөрүлбөй калган өзүнүн айтуусундагы «Манас» бөлүгүнөн  - «Чоң казат», «Семетей» бөлүгүнөн – «Манастын ашы» аттуу ири окуялар кол жазма түрүндө сакталып турат. Анын өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу М.Мамыровдун, А.Жайнакованын, Ш.Шакитовдун, С.Бегалиевдин, Т.Бакчиевдин илимий эмгектери кыргыз тилинде жарык көргөн. А. Тойчубеков атасы менен агасынын жолун жолдоп, өнөрүн улап келген классикалык түрдөгү чоң манасчы (семетейчи). Тойчубековдун үй-бүлөсүнө ыроологон манасчылык өнөр кийин анын уулу Касымаалыга, небереси Кубанычбекке да өткөн. Ал 1962-жылы дүйнөдөн кайткан.

«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясынын бул томуна сөз болуп жаткан манасчынын айтуусундагы «Манас», «Семетей» эпосторунун үзүндүлөрү берилди. Эскерте кетүүчү жагдай – «Семетей» эпосунун калган бөлүгү жана «Сейтек» эпосунун үзүндүлөрү китептин талабына ылайык сериянын кийинки томуна берилди.

## «МАНАС» ЭПОСУНАН ҮЗҮНДҮ

Эй арыстан Манас баатырың,
Байгамбар болбос чоң Бээжин.
Барып казат кылам деп,
Топон суу бузбас чоң Бээжин.
Жортуп казат кылам деп,
Мекедеги хан Кожом.
Медийнада ак Эшен,
Будайык кандын Музбурчак.
Катагандын кан Кошой,
Букардагы Кара кан.
Чоң Үркөнчтө Акун кан,
Атабектин кенже уулу.
Анжиянда туруучу,
Айры сакал Сынчыбек.
Сары арканы жердеген,
Салышып адам жеңбеген.
Торусун таштай актаган,
Катынын кыздай мактаган.
Казактардын кан Көкчө,
Эламандын Төштүгүн.
Эки Кемин жердеген,
Эрбин таздын эр Үрбү.
Ысык-Көлдү жердеген.
Эштектердин эр Агыш,
Бүткөн бою тарамыш.
Муну кошо алды эми,
Баатыр Багыш мурзаны.
Аны кошо алды эми,
Алты жүз сексен миң нарга.
Күл азыкты жүктөтүп.
Жети жүз сексен миң нарга,
Ок дарысын жүктөтүп.
Кайран Манас абакең,
Он эки ханды чогултуп.
Алты, алтыдан бөлдү эми.
Катагандын кан Кошой,
Кан абам жолду чалсын деп.
Каркыраны бет алып,
Нарын башы тарагай.
Так ушуну ашсын деп,
Алты кан мындай барсын деп.
Калган алты каныбыз,
Кашкара менен Меркеден.
Катар өтүп кетсин деп,
Алма-Атанын боз дөбө.
Ушуну чогу ашышсын,
Каркырага барсын деп.
Кан Манас жарлык кылганда,
Калайык көчүп жөнөптүр.
Айкөл Манас абакең,
Жылгындуу Кең-Кол кең Талас.
Көрөмбү сени эми деп,
Көк жал ойлоп олтуруп.
Орто Кең-Кол чоң Талас,
Ошондо Манас олтуруп.
Элдин баарын кетирип,

Эки күнү Таласта.
Эс алып Манас жатканда,
Аскерин баатыр чыңаптыр.
Эс алдырып хан Манас,
Эми жатты Таласта.
Арыстан Манас баатырың,
Таң агара сөгүлүп.
Ордунан туруп айкөлүң,
Каныкей кылган көп чепкен.
Хан Манас алды жамынып,
Кайнардуу булак сеңерге.
Кабылан Манас барды эми,
Бутун сууга салды эми.
Бут дааратын алды эми,
Колун сууга салды эми,
Кол дааратын алды эми.
Эртең менен намаз багымдат,
Эрте окуп алды эми.
Кайра басып үйүнө,
Кабылан кирип келди эми.
Балтыр бешик Семетей,
Баласын колго алды эми.
Айланайын жалгызым,
Орус тоюн жеп кеттиң.
Оо дүйнө кетчү атакең,
Ойротту бузат деп кеттим.
Кытай тоюн жеп кеттиң,
Кытайды бузчу атакең.
Кылымды бузат деп кеттим,
Тоодо бир жылкы алабаш.
Тобурчак буудан аралаш,
Тобурчак суутуп минүүгө.
Артымда балам өзүң жаш,
Адырда жылкы алабаш.
Аргымак буудан аралаш,
Аргымак суутуп минүүгө.
Артымда балам уулум жаш,
Кагылайын жалгызым.
Кармап минчү буудан жок,
Сагаң караан кылчу тууган жок.
Бел байлаган белиң жок,
Сенин белгилүү атаң мында жок.
Жетимиш уруу көп Бээжин,
Жеткен киши көп экен.
Жалпы олуя чогулуп,
Оомийин деп бүтүргөн.
Бүт олуя чогулуп,
Батасын алып бүтүргөн.
Карыганда кан Кошой,
Кошой бата бергенде.
Кабыр менен мусулман,
Кошо бата бергенде.
Батадан бүткөн уул элең,
Он миллион мусулман.
Отуз миллион көп кытай,
Батасын өзүм алганда.
Барбайып үйгө барганда,
Алла Таала кудайдын.
Бир жазуусун көрмөккө,
Ак боз бээни сойгондо.
Атыңды баатыр жалгызым,
Кыдыр келип койгондо.
Алтымыш бээни сойгонмун,
Атың Семетей койгонмун.
Айланайын жалгызым,
Кайткан киши жок экен.
Алтымыш уруу чоң Бээжин,
Барган киши көп экен.
Кайткан киши жок экен,
Жараткан Алла бир кудай.
Өзүңөн башка банаам аз,
Бел байлаган белим аз.
Белгилүү кыргыз элим аз,
Астыма минчү Буурул ат.
Мингениңди көрбөдүм,
Алакандай кыргызды.

Билгениңди көрбөдүм,
Андан кийин өлбөдүм.
Деп ошентип эр Манас,
Кура кармап кур жыттап.
Балтыр бешик Семетей,
Куркурата бек жыттап.
Көзүнөн жашын төгүлтүп,
Көк жал жашып ийди эми.
Мына ошондо Каныкей,
Акырын басып келди эми.
Айланайын арыстаным,
Кенедейден кезиктим
Керт кудайым сен элең,
Он үчүмдө кошулган.
Ойрон төрөм сен болсоң,
Кыз алганың Каныкей.
Кымбаттуу бейбак мен болсом,
Айланайын жан жолдош.
Оо дүйнөлүк бар жолдош,
Эр башы менен ат башы
Кайда калбайт бир башы,
Кабаланбай арыстаным.
Аттанганың жакшы го,
Балтыр бешик Семетей.
Мага берчи баатыр деп,
Жеңең сурап алды эми.
Оң колуна алды эми,
Кан Семетей баланы.
Энеси турду көтөрүп,
Мына ушул убакта
Күндүн мурду жайылып,
Жылгындуу Кең-Кол Таласка.
Жаңы тийип келди эми,
Алтын эшик дарбаза.
Аким шердин калаага,
Эшиктери ачылып.
Алды менен жүгүрүп,
Олуяттын кан Бакай.
Абакең кирди түйүлүп,
Келгин аба, келгин деп.
Арыстан Манас иниси,
Тура калды жүгүрүп.
Мунун арты жагынан,
Азиз кандын Алманбет.
Алмаң кирди жүгүнүп,
Мунун арты жагынан.
Акбалта кандын Чубагы,
Бу дагы кирди түйүлүп.
Мунун арты жагынан,
Аргын кандын Ажыбай.
Ажикең кирди жүгүнүп,
Мунун арты жагынан.
Олуяттын баласы,
Улак кандын Сыргагы.
Салам айтып жүгүнүп,
Арыстан Сыргак баатырың.
Эми кирди жүгүрүп,
Бул төртөөнүн артынан.
Кыргыл чал кирди жүгүрүп,
Мунун арты жагынан
Мажит кирди жүгүрүп,
Анын арты жагынан
Камбар кирди түйүлүп,
А Манастын кырк чоро.
Ырамындын Ырчы уулу,
Үзүктөй калпак чоң шууту
Эмилдин Эргек баласы.
Баатыр Серек бөлүнүп,
Кан Манастын кырк чоро
Баары кирип олтуруп,
Мына ошондо Каныкей.
Айланайын кырк чоро,
Кырк чоро эмес, кырс чоро.
Баатыр Манас төрөмдүн,
Акыреттик жолдошу.
Кан майдандуу согушта,

Астына минген Ак кула.
Аты баспай калганда,
Айланайын арыстаным.
Кызы талак калмакка.
Биз барабыз эми деп,
Коё тургун деги деп.
Эл жүрбөстүн чөлүндө,
Караан болуп берет деп.
Улугу манжу чоң кытай,
Бет алышып келгенде.
Мен барам деп манжуга,
Беттешип уруш салам деп.
Берен Манас төрөмө,
Бел байлашып берет деп.
Кандуу согуш ичинде,
Кабылан Манас төрөмө.
Кайгуулду катуу салышаар,
Какандын элин чабышар.
Беттешип уруш салышар,
Бети кара жоо менен.
Бет маңдайлап турушар,
Мылтык атып,  жаа тартып.
Маңдай-тескей урушар,
Эр башына күн түшсө.
Эрлер кошо болот деп,
Кара жанга күн түшсө.
Кайран баатыр кырк чоро,
Калбай кошо болот деп.
Кайран Каныш ойлонуп,
Баатырларды көргөндө.
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп.
Көк жал жеңең Каныкей,
Көрүп туруп чоронун.
Кайран жеңең Каныкей,
Кабыландай кырк чоро.
Кан согушка барат деп,
Көрөмүнбү эми ким билет.
Жараткан Алла бир билет,
Деп ошентип жеңекең.
Батымызга бал коюп,
Кыя кесип жал коюп.
Кертип-кертип кант коюп,
Айланайын баатырлар.
Ашыкпай ичкин эми деп,
Алла таала колдосо
Жараткан ишти оңдосо,
Аман келер бекен деп.
Кайран Каныш ойлонуп,
Баатырдын баары чогулуп.
Аш-тамакты ичишти,
Тамагын берип тойгузуп.
Эми жеңең Каныкей,
Кан Бакайга кеп айтып.
Айланайын абакем
Айтайын кулак салыңыз,
Берен тууган кырк чоро.
Бээжинге кетип баратат,
Алымыш уруу чоң Бээжин.
Атанып адам барбаган,
Алышып адам жеңбеген.
Айтылуу Бээжин калаа экен,
Мына бу турган кырк чоро.
Мен жамаган кийимден,
Кийе барсын манжуга.
Кан майданда кийишсин,
Кадырын балдар билишсин.
Төк майданда кийишсин,
Төрө балдар билишсин.
Эр согушта кийишсин,
Эрке жеңең Каныштын.
Айтканын билишсин,
Кырк чорого кырк калкан,
Кылган экен Каныкей.
Бул калкандын баалыгы,
Чоң Бээжинге барганда.

Токсон миң нарга токтогон,
Ичи менен баарысын.
Баш оту менен боргодон,
Токсон сыйра каптаган.
Сыртын көй баарысын,
Болот менен Каныкей.
Токсон сыйра каптаган,
Айкаштырып бүчүүсүн.
Чалып чоро алышып,
Жоого барчу чорого.
Куп жарашып калышып,
Муну балдар алды эми.
Мындан кийин кырк чоро,
Каныкей кылган кандагай.
Калайыкка белгилүү,
Жеңекеңдин шамдагай.
Атагы чыккан кандагай,
Кандагай түрүн бейлеп ук.
Бейлеп уксаң менден ук,
Кайран жеңең Каныкей.
Кече арыстан Манас атакең,
Алтай салбар койгондо.
Жасаган экен Каныкей,
Кыштын күнү болгондо.
Байтал бээнин бал кымыз,
Ашаткыга кандырган.
Жайдын күнү болгондо,
Токсон миң мыкты баатырга.
Тогуз ай мыктап сабаткан,
Жарабас жерин сөктүргөн.
Болот окоп жеңекең,
Ортосуна төктүргөн.
Милте коюп бүктүргөн,
Туура эмес жерин сөктүргөн.
Ортосуна кынатып,
Жалаң болот төктүргөн.
Тартып койсо кандагай,
Була болуп чогулат.
Коё берсе кандагай,
Шили болуп жыйналат.
Уз чыкырып кырдырган,
Айкөлүңдүн кандагай.
Кыраандар кийген шамдагай,
Оо Манастын кырк баатыр.
Баса кийип алды эми,
Андан кийин кырк чоро.
Каныкей кылган көк чепкен,
Жакасы болот, жеңи алтын.
Кош бадана торгой көз,
Жакасында кашы бар.
Кийимин таанып келсин деп,
Ар чоронун тим эле.
Жакасына Каныкей,
Жасап койгон агы бар.
Баатырлар алып кийди эми,
Суу жутуучу суп кийим.
Бар келтирип куп кийип.
Отко кийчү кийиминден,
Окко кийчү кийиминден.
Кара жанга күч келсе,
Кагылышта кийсин деп.
Кайран жеңең Каныкей,
Жасап берген көк чепкен.
Кырк күн сууда жүрсө да,
Чык этип жерге суу өтпөйт.
Кызыл кырма тон кийди,
Кыргызындай чоң кийди.
Оо Манастын кырк чоро,
Кийип тонун жаңыдан.
Кийип болду абыдан,
Андан кийин жанкы шер.
Айланайын кырк чоро,
Эми чыгып эшикке.
Ат току деп жаңкы шер,
Айкөл амир берди эми.
Жайнап чыгып кырк чоро,

Ат токумай болушуп.
Арсылан балдар озунуп,
Эмил, Эргек ат токуп.
Ат токуса бат токуп,
Серен, Сергек ат токуп.
Султан балдар бат токуп,
Мына ошондо Каныкей.
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Көксөп ыйлап бөлүнүп.
Айланайын аба деп,
Айтайын кулак салып тур.
Кан Алманбет сен аяш,
Каныңды караан таштадың.
Баланы жетим баштадың,
Кандай бир күндү баштадың.
Кете баргын эми деп,
Жетимиш уруу көп какан.
Жетип чабуул салганда,
Найза төштө так этип.
Айбалта башта чак этип,
Кан майдан болгон кезинде.
Как ошондо кийгин деп,
Жаңжуң кызы Бирмыскал.
Эсенхан кызы Бурулча,
Ашкере баатыр мактайсың.
Ушуну кийип баргын эми деп,
Каныкей кылган көк чопкут.
Жакасы каухар, жеңи алтын,
Кош бадана торгой көз.
Чымчык чаар чырма көз,
Чын бадана торгой көз.
Милте коюп бүктүргөн,
Туура эмес жерин сөктүргөн.
Болот өгөп Каныкей,
Арасына төктүргөн.
Көргөндүн көзү тайыган,
Төкөр уста Бөлөкбай.
Ошол баатыр кадаган,
Жакасына каптаган
Азиз кандын Алма деп
Ал да жазып каптаган.
Он эки уруу тон койду,
Ойрон балдар кийишти.
Кан Алманбет кабылан,
Каныкейдин кандагай.
Баса кийип алды эми
Жеңекеңдин зор олпок,
Жан кийип алды эми.
Белине кемер кур чалып,
Берметтей бети нур чалып.
Андан кийин Алмакең,
Жеңекеңдин зор калпак.
Баса кийип алды эми,
Баатыр Алмаң төрөгө.
Куп жарашып калды эми,
Мындан кийин жеңекең
Акбалта кандын Чубакка,
Он эки уруу тон деген.
Алып келип койду эми,
Кийип тонду эр Чубак.
Кийип жатат абыдан.
Андан кийин жеңекең,
Улак кандын Сыргакка
Айланайын Сыргагым,
Атадан жалгыз сен элең.
Айбаттуу артык эр элең,
Жеңекеңдин көк олпок.
Кан майданда кийип ал,
Калмак менен беттешсең.
Как ошондо күчүңдүн,
Бар экенин билерсиң,
Арыстан Сыргак баатырга,
Алып келип берди эми.
Он эки түрдүү тон кийген,
Ойрон кыргыз баласы.
Күрмө тону токсон төрт,

Күүлөгөн жаны кызыл өрт.
Арсыландай чамынган,
Айтылуу Сыргак ушул эр.
А дагы кийип жатты эми,
Андан кийин арыстан.
Береги Аргын кандын Ажыбай,
Алтымыш уруу тил билген.
Ага дагы жеңекең,
Алып келип берди эми.
Кийип тонду жанагы эр,
Бу дагы кийип келди эми.
Мындан кийин кан Манас,
Канышка карай берди эми.
Мына ошондо жеңекең,
Кан Бакай сындуу абага.
Атадан артык аба деп,
Атактуу Бээжин калаага.
Кийе баргын эми деп,
Арсылан Бакай кийди эми.
Мындан кийин Каныкей,
Атагы ашкан төрөгө,
Алты чоро көтөрүп.
Алып келди көп куржун,
Калыс болуп караң деп.
Кан Бакай менен Алмаңды,
Кайран Каныш чыкырып.
Асты менен койду эми,
Арыстан Манас баатырга.
Атагы ашкан Ак олпок,
Кыштын күнү болгондо.
Даңдүң тоосун чалдырган,
Мергендерге аттырган.
Атып келген мергенчи,
Алтын-күмүш бул берген.
Жайдын күнү болгондо,
Кунан бээнин кул кымыз.
Ашаткыга кандырган,
Көргөн адам таң калган.
Айкөлүңдүн Ак олпок,
Милте коюп бүктүргөн,
Туура эмес жерин сөктүргөн.
Болот өгөп Канышың,
Ортосуна төктүргөн.
Кыңылдаган кыз-келин,
Арууке менен Акмыскал.
Сексен күнү тиштеген,
Келин бычып, кыз тигип.
Келиштирген уз тигип,
Жарабас жерин сөктүргөн.
Ортосуна жеңекең,
Жалаң каухар төктүргөн.
Табылга жакса чок өтпөйт,
Очагар жакса ок өтпөйт.
Чымчык чаар чырма көз,
Чын бадана торгой көз.
Келтенин огу тайыган,
Тиктеп турса Ак олпок.
Кишинин көзү тайыган,
Атышкан адам жадаган.
Окко салсаң ок өтпөйт,
Чокко салсаң чок өтпөйт.
Ички себил сексен төрт,
Ичи-тышын кайыган.
Ак олпоктун салмагы,
Бир атанга артылган.
Жакасы каухар, жеңи алтын,
Жеңекеңдин оң олпок.
Түрүн байкап көрүңүз,
Ак жеңеңдин олпогун.
Касиеттүү кан Манас,
Кабылан баса кийди эми.
Он сегиз түрлүү тон кийди,
Аз кийиндим дегендин.
Атан төөнүн жүгү бар,
Кандагайын кийди эми.
Андан кийин арыстан,

Белине кемер алды эми.
Кемердин жайын айтайын,
Сенин жеңең Каныкей.
Айланайын төрөмдүн,
Белине өтүп кетет деп.
Ичине көй баарысын,
Беш-алты из менен баргадан.
Сексен сыйра кайыган,
Тышын көй баарысын.
Пил тери менен чаптаган,
Караңгыда жүргөндө.
Алдын жарык кылсын деп,
Каухар айнек турнабай.
Кайран Каныш орноткон,
Чын Бээжинге барганда.
Айкөлүңдүн бул кемер,
Тогуз миң нарга токтогон.
Белине алды тагынып,
Берениң болду камынып.
Андан кийин арыстан,
Чоң калканды кийди эми.
Мындан кийин арыстан,
Айтылуу мылтык Ак келте.
Жаткызып атсаң замбирек,
Отуруп атсаң айчакөр.
Мээлеп бир атсаң беш атар
Жекеден атсаң жети катар.
Башы урун менен кытайдан,
Түш үшүрүп алган Ак келте.
Сүмбү менен сүмбүлөп,
Сүргү менен койгулап
Тарты менен тарткылап,
Тазалап ичин арткылап.
Болот тынтай ак даки.
Алты сыйра тазалап,
Баладай болгон замогун
Баатыр өзү тарткылап.
Оң ийинге салды эми,
Арыстан эми алды эми.
Мындан кийин жаңы шер,
Айкөлүңдүн сыр найза.
Үч карагай устунду,
Улап келип жасаган.
Үч Маргалаң Кокондон,
Сурап келип жасаган.
Танабын тартып алганда,
Он эки кулак сыр найза.
Танабын жыйып алганда,
Алты кездей сур найза.
Арсылан Манас алганы,
Көрүлүнө салганы.
Мындан кийин арыстан,
Айкөлүңдүн сулпукор.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен.
Кармарынан кол корккон,
Карарынан көз корккон.
Учун кайкы келтирген,
Чааранын колго толтурган.
Кылканын куудай чың кылган,
Кырк кереге темирден.
Кыйын уста кым кылган,
Тартып алып жой болот.
Кынынан сууруп сен алып,
Душманды карай шилтесең.
Аргамжы бою узарган,
Илеп тартып кызарган.
Кайыбынан кабылган,
Кабылан Манас төрөңө.
Ай талаадан табылган,
Арсылан алды тагынып.
Андан кийин жаңкы шер,
Айкөлүңдүн Айбалта.
Көрүгүңө чыдабай,
Кара өгүздөр союлган.
Көмүрүнө чыдабай,

Аргын кыргыз көп элге
Алым болуп чокулган.
Чокунун жанар жагына,
Жоон алтын кадаган.
Эп келтирип мына бу,
Жамакчысы ырдаган.
Бүтүн теке терисин,
Бүлдүргөгө жумшаган,
Эшик төрдөй Айбалта.
Аны алды тагынып,
Андан кийин жанкы шер.
Алып келди сыр жебе,
Аны алды тагынып.
Андан кийин жанкы эр,
Келишимдүү чоюн баш.
Келтирип алды тагынып,
Ат токулсун эми деп.
Арыстан эми айтканда,
Алманбет, Чубак эгиз эр.
Ак куланы жетелеп
Алып келди онтолоп,
Каныкей кылан сыр жабуу
Арыстан Бакай кан абаң
Алып келди жабуунун,
Алтымыш теке терисин
Үндү кылган камдагай.
Келбеттүү жабуу ушундай,
Мына ошондо кан Алмаң.
Арыстан келип жапты эми,
Капшытына түймөсү.
Карк алтындан түймөлүү,
Көкүлүндө түймөсү.
Как алтындан түймөлүү,
Жетимиш эки териден.
Сенин жеңең Каныкей,
Үндү кылган Кандагай.
Ичинен көй барысын,
Башы барга кармаган,
Сыртынын көй баарысын.
Тоо текенин терисин,
Отуз сыйра каптаган.
Мына ошондой чоң жабуу,
Эки колтук түбүндө.
Чуркаганда бууданга,
Шамал кирип турсун деп.
Кайран Каныш орноткон,
Ушуну төрө атпаса,
Миң миллион ок тийсе
Өтпөй турган жагы бар.
Кайран Манас бууданым,
Туурасында түймөсүн.
Туйгун Алмаң түймөлөп,
Капшытында түймөсүн
Кабылан Чубак түймөлөп.
Капталында түймөсүн
Кабылан Сыргак түймөлөп.
Жамбашынада түймөсүн
Кан Ажыбай түймөлөп.
Көкүлүндө түймөсүн
Көк жал Бакай түймөлөп.
Көкүлүнө бууданды͏н
Токсон тумар тагылган,
Байлоодо жатып семирген.
Мамынын башын кемирген,
Алты мамы кыргагын.
Быркырата кемирген,
Айгыр карап бээ тууган.
Аягы менен тик тууган,
Келишимдүү аргымак.
Байтал бээнин кулуну,
Кара жылкы дулдулу.
Күмүш така, алтын мык,
Аягына кагылган
Жанга өлчөгөн жалгыз ат,
Жаш балача багылган
Алтындан жабуу жабылган,

Ардакталып багылган.
Күмүштөн жабуу жабылган,
Келишимдүү чоң буудан
Эркелетип багылган.
Айкөлүңдүн ак каңкы,
Алдыңкы кашы кара алтын.
Арткы кашы чың алтын,
Төө тери менен каптаган.
Пил тери менен чаптаган,
Тун теринин булгаары
Сымбатталып каптаган.
Булгаары тердик, көк желдик,
Арыстан Сыргак алып келди
Арта салды кула атка,
Чам олоңду узартып.
Төш олоңду кыскартып,
Ак каңкыны оң колдо.
Арыстан токуп жатты эми,
Аю тери көрпөчө.
Алты бүктөп салды эми,
Басмайылды бек тартып.
Куюшканды жанагы эр,
Куттун түптөн кыскартып.
Алты чепкен бөктөрүп,
Он эки куржун ок даары.
Арта салып кула атка,
Арсыландай эр Сыргак
Алып келди жетелеп.
Мына ошондо байкасаң,
Арыстан Манас абаңыз.
Алтымыштай ак боз бээ,
Керме алып буркурап.
Байгамбар ак, диним ак
Падыша Алла бирим ак,
Жараткан өзүң колдо деп
Жасаган ишти оңдо деп.
Жараткан Алла бир кудай
Жалгай бир көрчү мени деп,
Жаа бадигер бир Алла
Колдой бир көрчү мени деп,
Алтымыш уруу чоң Бээжин.
Аттанып кетип барамын,
Алла таала бир кудай
Колдой көргүн мени деп.
Исламдын дини деп,
Колдогун Алла эми деп.
Кылычын алып кынынан,
Алдында турган ак боз бээ.
Арыстан чалып ийди эми,
Атына Манас мингенде.
Арыстандай кырк чоро,
Кошо жөнөп келди эми.
Алды менен жол баштап,
Олуяттын кан Бакай.
Көпчүктөй болгон жарыктык,
Абакем жолду баштады.
Айкөл Манас баш болуп,
Артынан жөнөй баштады.
Олуя хандын кан Бакай,
Адашкан эрге маана ошол.
Акылга толук даана ошол,
Көкала сындуу ат минген,
Көк темирден тон кийген,
Бээжинге барсаң ак жолтой,
Беттешсең Бакай сан колдой,
Кытайга барсаң ак жолтой
Кылымда Бакай сан колдой.
Мекеден келген кыыл туу
Бээжинди бузчу узун туу,
Кара атанга бүктөтүп
Кабылан Бакай жүктөтүп.
Бийиги бир жүз сексен кез,
Абакем Бакай колго алып.
Алды менен келе атат,
Мунун арт жагында,
Айкөлүңдүн ак кула.

Кабыргасы как кула,
Каса дулдул Ак кула.
Кумда туулуп ташта өскөн,
Кулан менен бирге өскөн.
Энеси кайып желдеген,
Атасын киши билбеген.
Омурткасы оргула,
Ойротто жок Ак кула.
Кабыргасы каркайган,
Айбандан зор Ак кула.
Кетмен туяк кең соору,
Кенен жердин бууданы.
Тотудай куйрук чураган,
Токсон күндүк чөлдөргө
Токто берип чыдаган.
Кашка тиши кададай,
Кызыл тили бүлөдөй
Таноолорун байкасаң,
Азыркы жүргөн адамзат.
Кийими менен баткандай.
Кара көзү айнектей
Жалын байкап карасаң,
Асабалуу ак жардай.
Жото жилик жонгондой,
Кашка тишин каккандай.
Соруусунун түздүгү,
Өйүз-бүйүз аралдай.
Жамбашынын үч кошкон
Жарабурак келгенде,
Он эки карыш казанды
Ойноп-күлүп аскандай.
Көкүлүнө буудандын
Токсон тумар тагылуу.
Жети жаны бар экен,
Желкайыптын малы экен.
Алты жаны бар экен,
Анык кайып мал экен.
Эпилдеген чоң кула ат,
Эми чыгып келе атат.
Үстүндөгү төрөңдүн,
Аруусу экен Манастын.
Алтымыш кез сур жылан,
Алдын баштап алыптыр.
Алты жолборс Манасты,
Тегеректеп алыптыр.
Кол бергени кош акмат
Кошо жөнөп калыптыр,
Жөн бергени жөн акмат
Жөлөп муну алыптыр,
Жылаңач кыдыр жаш бала
Мойнуна минип алыптыр,
Ар канаты кырк кезден
Алп кара куш зымырык
Алган экен жутам деп.
А дагы учуп алыптыр,
Тилин салып кер тайган
Көч жагында калыптыр,
Оң жагында сеңерде
Рахмасын булкунтуп
Үрүстөм жөнөп калыптыр,
Сол жагында сеңерде
Кара кашка аргымак
Азирет аалы жарыктык
Бу дагы жөнөп калыптыр,
Муну арты жагында
Оң жагында сеңерде
Сары ала сындуу ат минген,
Сары рапис тон кийген
Алтын айдар, чок бел боо
Азиз кандын жалгызы,
Калааганы ыйманы
Каканда калган жыйганы,
Белегини ыйманы
Бээжинде калган жыйганы,
Узун бел боо, кең далы
Сары ала сындуу ат минген,

Сары жаргак шым кийген
Ары баатыр ары эр,
Алла колдо бизди деп
Алдындагы Сарала ат,
Айбандуунун чүрөгү
Үстүндөгү Алмакең
Азиз  кандын түнөгү,
Алмакең минген Сарала ат
Адырды бойлоп буунган.
Кан Алманбет бала менен
Экөө бирге туушкан,
Алтынайдын ак эмчек
Айдан да болсо Сарала ат
Эмген жылкы эмеспи,
Алтай менен манжууда
Жүргөн жылкы эмеспи,
Орто Бээжин калаада
Көпкөн жылкы эмесби,
Көк жал Алмаң төрөнү
Кап көтөрүп жаныбар
Көнүп алган эмесби,
Астындагы Сарала
Кан Алманбет абакең
Олбуй-солбуй камчылап,
Арышын коюп бирге чап
Чын жараткан бар болсо,
Айкөлдү коюп мени ал.
Алты арыштуу чоң Бээжин
Бузуп берип ал сен деп
Жети арыштуу чоң Бээжин,
Жеткилең Манас төрөгө
Алып берип өлсөм деп.
Атына шейит кетсем деп
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Алмакең ыйлап келе атат.
Сол жагында сеңирде
Көкала сындуу ат минген
Көк рабыс тон кийген
Акбалтанын Чубагы,
Арыстандын бири бу дагы.
Барбай жоону коркуткан
Кечпей сууну толкуткан
Кектебей жоосун коркуткан,
Ач кыйкырык куу сүрөөн.
Астындагы Көк тулпар
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Жараткан Алла бир кудай
Жалгай көргүн Манасты,
Чын жараткан бар болсоң
Берешендүү төрөмдү,
Бей-бай кылба кудурет.
Каркыралуу төрөмдү
Капа кылба кудурет,
Жетимиш уруу көп солон,
Бузуп берип мен өлсөм.
Алтымыш уруу чоң Бээжин,
Алып берип мен өлсөм деп.
Деп ошентип болушуп
Акбалта кандын баласы
Арыстан Чубак жаш баатыр,
А дагы ыйлап келе атат.
Бул экөөнүн артында
Оң жагында сеңирде
Кара калпак кыргыгы
Кан Манастын Сыргагы.
Астындагы Көк чебич
Олбуй-солбуй камчы уруп
Байгамбар барак,  диним ак
Бадыша кудай бирим ак.
Айланайын жараткан,
Касиеттүү абамды
Каба кылба бир Алла,
Беренелүү абамды
Бейбай кылба бир Алла,
Жараткан Алла бир кудай
Бар экениң чын болсо,

Касиеттүү абамдын
Алдына курман мен кетсем,
Атактуу Бээжин калааны
Алып берип мен өлсөм.
Жеткилең Бээжин калааны
Бузуп берип мен өлсөм.
Жеткилең манжу солонду
Алып берип мен өлсөм.
Айланайын Манасты
Колдой көргүн жараткан,
Деп ошентип жанагы эр
Бала жолборс көздөнгөн,
Барчын бүркүт төштөнгөн
Баса калчу жолборстой,
Баатыр өзү комдонгон
Атка жеңил тайга чак,
Жолобондуу жолго сак
Жоо бөрүсү эр Сыргак,
Алышып адам жетпеген
Арслан тиши өтпөгөн,
Астына минген Көк чебич
Кайра-кайра камчылап,
Эр Сыргак ыйлап келе атат.
Мунун арты жагында
Аргындын уулу Ажыбай
Сол жагында сеңирде,
Карт күрөң сындуу ат минген
Кара олпок сындуу тон кийген,
Аргын кандын Ажыбай
Астына минген Күрөң ат,
Айгыр калып ат бычкан
Камбар ата мал ошол,
Сеңселип жалын тараган
Семизи менен жараган.
Менин атым болсо деп
Далай дөөлөр самаган,
Келишимдүү Күрөң ат
Олбуй-солбуй камчы уруп.
Жаратканга жалынып
Алла Таала бир кудай
Карчыгалуу Манасты
Карып кылба эми деп,
Бериштелүү Манасты
Бек сактагын эми деп,
Арсылан Манас төрөмө
Алтымыш уруу Бээжинди
Алып берип өлсөм деп.
Атактуу Бээжин калааны
Айкөл Манас төрөгө
Алып берип өлсөм деп.
Жараткан Алла бир кудай
Жалгай көргүн бизди деп.
Ушу сапар чоң Бээжин
Арманы жок биз барып.
Алып берип кетчи деп,
Айылым укса экен деп.
Алламды колдо деп
Жетимиш уруу чоң Бээжин
Бузабызбы же жокпу деп,
Жараткан билген иш экен
Өзүн сакта бир кудай
Деп Ажыбай болушуп
Ажыкең келет камчы уруп,
Карт күрөңдү теминип
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Келбеттүү Талас сени мен
Көрөмбү жокпу эми деп,
Кан Ажыбай келе атат
Каба болуп бул ыйлап,
Бул төртөөнүн артында
Оо Манастын кырк чоро
Кошо чыгып келе атат,
Оң жагында жыйырмасы
Ойротту бузчу жыласы,
Сол жагында жыйырмасы
Каңкайды бузу жыласы,

Баабедин деп бат айтып.
Манастын ашын, жарагын,
Себели сексен төрт болуп
Серп алган жагы өрт болуп,
Күрмөнө тону токсон төрт
Күчөгөн жагы кызыл өрт,
О Манастын кырк чоро
Табанчадан тайбаган,
Жоодон кайра качпаган.
Кызыл өрттү көргөндө
Душманга колтук ачпаган,
Кызыл кийип, боз минген
Ат куйругун түйгүзгөн,
Ак көйнөк сырттан кийгизген.
Окшош боорум ат минген,
Окшош боорум тон кийген
Айкөлүңдүн кырк чоро
Эми келет бастырып
Чыл мерейин тартып
Кең-Сайдан,
Манастып ураан салышкан.
Аскер жайнап кыбылдап,
Алты жүз токсон миң аскер.
Артынан жөнөп баратат,
Күнү-түнү жол басып.
Каркыранын сазына,
Кабылан Манас абакең
Келип конуп олтурду,
Он эки хан келиптир.
Эртең менен эр Манас
Алманбет, Чубак баатырың
Алдына алып чыкырып,
Анан Бакайды алдырып.
Кан Манастын ордого,
Кырк чоросу жанында
Арслан Манас кеп сүйлөп,
Арсыландай көй баатыр
Кебимди уккун деп сүйлөп,
Менин бир айтар кеңешим
Ардактуу аба не дейсиң,
Эртең кабар кылалы.
Он эки канды чогултуп,
Каркыранын сазында
Масилетти курсак дейм,
Деп арыстан айтканда
Абакең Бакай кеп айтат,
Эр Сыракты жиберип
Карт күрөңдү мингизип,
Азыртан баатыр аттандыр.
Элдердин баары келишсин,
Деп кан Бакай айтты эми.
Мына ошондо кан Алмаң
Он эки канга кат жазып.
Эр Сыргакка берди эми
Эртең менен эртеде,
Каркыранын сазына
Төтөнүн кайкы белине,
Улабастын тоосуна
Бүтүн келсин деди эми.
Кара сазда кеңеш бар
Келбей кандар калбасын,
Деп кабарды жаздырып.
Эр Сыракка берди эми,
Карт күрөңдү минди эми.
Арыстандай эр Сыргак
Сабап жолго кирди эми,
Он эки канды эр неме
Күнү-түнү айланып,
Элге кабар берди эми.
Мекедеги кан Кожо,
Медиянда Ак эшен.
Буудайык кандын Музбурчак,
Эламандын эр Төштүк.
Катагандын кан Кошой,
Эштектердин Агышы.
Эки кемин жердеген

Эрбин таздын Эр Үрбү.
Атабектин кенже уулу
Айры сакал Сынчыбек,
Чоң Үргөнчтө Акун кан.
Айдаркандын Көкчөсү
Букардын каны Каракан,
Баатыр Багыш мырзаны
Баатырың алды чакырып.
Он эки кандар камынып,
Келмек болгон жерине.
Арсылан Бакай абакең
Ошо күнү эртеде арыстан,
Ак чатырды тиктирген.
Бээжинге барчу кызыл туу
Каршы алдына сайылган,
Он эки метир кызыл так
Ортосуна коюлган,
Көргөн адам таң калган,
Келишимдүү кызыл так
Ушул желек көргөндө
Хандын баары бурулуп.
Кимдин жайын ким болот,
Келе жатат чубуруп.
Улуу шашке болгончо
Хандар келет болду эми,
Кабар алып олтурган
Кабылан Бакай абакең
Аттаналык эми деп.
Аттарын Бакай алдырды,
О Манастын кырк чоро
Жалпы аттанып жөнөдү.
Мына ошондо калайык
Касиеттүү Манасты,
Көргөн киши бар экен.
Көрбөгөн киши көп экен,
Качан Манас келет деп.
Калайык карап олтурган,
Мына-мына Манас деп.
Калайык дүрбөп калды эми,
Арыстан Бакай баш болуп.
Эми келип түштү эми,
Мына ошондо астына.
Арыстан Бакай чыкты эми,
Мунун арты жагынан
Айкөл Манас чыкты эми,
Бул экөөнүн артынан
Арсылан Алмаң чыкты эми,
Алманбет менен эр Чубак
Бирге чыгып барды эми,
Эки кез ылдый Манастан
Эки арыстан жүрдү эми,
Бул экөөнүн артынан
Ажыбай, Сыргак чыкты эми,
Булар да барып турушту.
Эки кез ылдый Манастан
О Манастын кырк чоро
Жайнап келип чоң тактын,
Аягына турду эми.
Мына ошондо кан Манас,
Кемерин салып мойнуна,
Он эки канга жүгүнүп.
Салам айтып турду эми,
Он эки кан бүгүлүп,
Кан Манаска жүгүнүп.
Салам берет он эки,
Кандын баары жүгүнүп.
Мына ошондо кан Манас,
Кана журтум не дейсиң,
Аттандыңбы дин үчүн.
Исламдын бири үчүн,
Өлкөң шейит болгончо.
Өлтүрсөң казу болгончо,
Айланайын калайык
Акылдашып алалы,
Менин айткан кеңешим
Ушу кандар не дейсиң,

Иленин башы Үч-Арал
Үч коңуздай барышка,
Жеткен мыкты барсыңбы.
Өгүз ашуу, Тай ашуу
Ашкан мыкты барсыңбы,
Каштын башы Кер ашуу
Кечкен мыкты барсыңбы,
Текестин башы Күрбүлдөк.
Жеткен баатыр барсыңбы,
Кундуз менен жылдызды.
Көргөн баатыр барсыңбы,
Көчү деген жер келет.
Бурсун кийген чиниң жок,
Сур казган ийин жок.
Он беш күндүк чөл келет,
Көргөн мыкты барсыңбы.
Андан ары өткөндө
Аламак күнгөй, ак тескей
Коңурбайдын Ак кулжа,
Аткан мерген барсыңбы.
Андан дагы жүргөндө
Алты күндүк жол келет,
Кулжа чуркап олтуруп
Өрдөккө кабар берүүчү,
Өрдөк учуп олтуруп
Бээжинге кабар берүүчү,
Коңурбайдын куу өрдөк
Көргөн баатыр барсыңбы,
Андан ары жүгөндө
Тал мазардын тал чоку,
Күбүлдөктүн күл дайра.
Кечкен мыкты барсыңбы,
Тал мазардын тал чоку,
Чыккан мыкты барсыңбы.
Андан ары жүргөндө
Күнү-түнү жол бассаң.
Күлөшөндүн Күл токой,
Кескелдирик дегениң
Жыпжылаңач баладай,
Таш бакасы чарадай
Киши кийик, төө кийик,
Басып жүрөт тарбайып.
Казып койгон ору бар,
Кат катылуу шору бар.
Ар канаты кырк кезден,
Алп төрөнүн зымырык
Асмандап учуп ойногон,
Каман, жолборс, карышкыр
Арасында ойгонгон,
Ак кула менен Алкара
Учуп жүрүп олтурса,
Күнү-түндүк жол ошол.
Бурултун деген жер ошол
Муну көргөнүн барбы элиңде.
Мындан санап чыкканда,
Алтынайдын ак күмбөз.
Көргөнүң барбы ичинде,
Андан жөнөп өткөндө.
Эмалдуунун чоң чынар,
Көргөнүн барбы ичиңде.
Туура жакকы бетинде,
Шынчу деген чөлү бар.
Кумга койсо казаны,
Куркурай түшө кайнаган
Эт бышууга калганда.
Кашык суу калбаган.
Кырк күндүк жол ошол
Көрдүң беле ушуну.
Маңдайы менен барсаң,
Камсабдуу суу бар.
Каңгайыңдын жолу бар,
Андан ары барганда
Сары тордун оозунда,
Камагандын белинде,
Коңурбайдын сан жылкы.
Кырк алты миң кур жылкы

Көргөнүң барбы жылкыны.
Бээжинге эми бармакка,
Алты айчылык жол керек.
Андан ары жүргөндө
Алты күндүк жол келет,
Күмүшү ойдун ташындай
Күрмөлүп жаткан чоң Бээжин.
Жамбысы аттын башындай
Жаңырып аткан чоң Бээжин.
Көргөн мыкты барсыңбы,
Мына ошондо калайык
Кармалып калчу эмедей,
Бээжин бир шаар бул болсо
Мекеден бери жол басып.
Үч айда келсек бул жерге,
Катын менен баланы
Кайра көрөр күн барбы,
Деп ошентип ойлонуп.
Калайык турат толгонуп
Дарс окуган молдо бар,
Жаагын жарган чечен бар
Журт бийлеген эчен бар,
Катынынын кашында
Казанынын башында,
Билегин түргөн чандак бар.
Жоон өпкө күрсүлдөк
Коён жүрөк түрсүлдөк
Эчен түрдүү калкы бар,
Мына ошондо калайык
Аксакалдуу кары бар,
Абам айтаар бекен деп,
Ак сакалдын баарысы.
Көк сакалды карады,
Асыл таштан эмеспи.
Акыл жаштан эмеспи,
Жаштар айтар бекен деп.
Мына ошондо кан Кошой,
Кыбыла жакны бетинде.
Аюу тери көрпөчө,
Алты бүктөп салынган
Абам Кошой турду эми.
Күлдүү кыргыз ичинде
Гүлүстөн мырза төрөбүз
Гүлө багып сүйлөсөң,
Күн тийгендей көрөбүз.
Жалпы кыргыз ичинде
Каркыралуу төрөбүз,
Кабагың бүркөп сүйлөсөң
Кар жаагандай көрөбүз.
Калкыңды неге камайсың,
Найзаңды бергин сайганга.
Калкыңды бергин бакканга,
Иленин башы Үч-Арал
Кечип бир жүргөн өзүңсүң,
Үч кооңузда барышка
Барып го келген өзүңсүң.
Текес менен жылдызга,
Жетип бир жүргөн өзүңсүң.
Көчү менен Ак текей,
Көрүп жүргөн өзүңсүң.
Коңурбайдын ак кулжа,
Ата жүргөн өзүңсүң.
Эки тизгин бир чылбыр
Бердик сенин колуңа,
Кайда айдасаң ислам
Басып берет жолуңа,
Деп абакең кан Кошой
Айтып абам бүткөндө.
Арыстан Манас шериңиз,
Андай болсо эми деп,
Абакем Бакай деги деп,
Менин бир тилим алсаңар
Колуңду жайгын эми деп.
Колун эми жайышып,
Ачуусу жаман эр немең.
Башта, башта, башта деп,

Баштабасаң кысталак,
Башыңды алып салам деп.
Балакетти салбасын,
Ачуусу келсе арыстан
Азыр башты албасын.
Деп калайык чочунуп,
Колун жайып келди эми.
Мына ошондо эр Манас,
Көрбөгөн жол көрүстөн,
Көрүп кайткан Гүлүстөн.
Барбаган жол барстан,
Барып кайткан Гүлүстөн.
Алтын айдар, чок белбоо
Азиз кандын Алманбет.
Кан көтөрдүм элиме,
Жакшы кылса ислам.
Сообу мунун мойнунда.
Жаман кылсам ислам,
Убалы мунун мойнунда.
Атым арык дегендин,
Ат милдети Бакайда.
Тонум жыртык дегендин,
Тон милдети Бакайда.
Ажалың болсо кудайда
Алманбет менен Бакайдын,
Артып койдум мойнуна.
Бир кыялым кармаса
Баладан жаман ишим бар,
Бир кыялым кармаса
Суута сийген жиним бар,
Убалыңа калбаймын
Калык баккан баатырлар.
Деп арыстан кол жайып,
Азиз кан уулу Алмаңды
Кан көтөрүп койду эми,
Мына ошондо эр Чубак
Кан болдун Алма арыстаным,
Колуңду берчи эми деп.
Арыстан Чубак күлдү эми,
Мына ошондо Алмакең,
Оңой эмес журт милдет.
Айтып койсо болбойбу,
Араң чыгып келди эми.
Мына ошондо Алмакең
Атайын мени кой соңор,
Айтайын кулак салгыла.
Онуңа коём бир башчы,
Онуңан бирөөң жоголсо
Он башчыңды соёмун.
Жүзүңө коём бир башчы
Жүзүңөн бирөө жоголсо,
Жүз башчыңды соёмун.
Миңиңе коём бир башчы
Миңиңен бирөө жоголсо,
Миң башчыңды соёмун.
Он миңиңе коём бир башчы
Он миңден бирөөң жоголсо,
Он миңинен башкарган,
Жетекчиңди соёмун.
Жүз миңге коём бир башчы
Жүз миңден бирөө жоголсо,
Чоң башчыңды соёмун.
Тындым кылып коёмун
Деп Алмакең айтты эми,
Кана журтум эми деп.
Калк эсебин алмакка,
Он эки канды чакырып.
Сенин элиң канча деп,
Асман менен үч кандын.
Аярдын алып эсебин,
Балтакериң канча деп.
Балтакер дөөнүн эсебин,
Баатыр Алмаң алды эми.
Найзакериң канча деп,
Найзанын алды эсебин,
Сайрап турган торгойду,

Таманга атып алчудан.
Учуп барган жорунун,
Каз этин бузбай жеймин деп.
Канатка атып алчудан,
Ийнинен чыккан суурду.
Мурдун жара атчудан,
Сенде мерген канча деп,
Мергендин алды эсебин.
Кара мылтык карс этсе,
Кайра тартпас баатырдан.
Канчасы сенде бар эми,
Мында алды эсебин.
Мындан кийин Алмакең,
Жөө баатыры ичинде.
Жалгыз чыгып жоо чалса,
Алуучу баатыр барбы деп.
Анын алды эсебин,
Айсыз караан түндөрдө.
Астынан душман чыкканда,
Жалтанбай найза салчудан.
Сенде канча баатыр деп,
Мунун алды эсебин.
Андан кийин Алмакең,
Он эки кандын ичинен.
Жалпы эсебин алды эми,
Мына ошондо калайык
Кырк үч миң болду эми,
Бармагын тиштеп Алмакең
Башын чайкап күлдү эми,
Оңой эмес Бээжинди
Бузабызбы ким билет.
Жараткан Алла бир билет,
Деп ойлонуп Алмакең
Он эки канды койду эми,
Он эки кандын үстүнөн.
Кырк чоросун койду эми,
Кырк чоронун үстүнөн.
Кыргын чалды койду эми,
Кыркын чалдын үстүнөн.
Ажыбайды койду эми,
Ажыбайдын үстүнөн.
Эр Сыыргакты койду эми,
Эр Сыргактын үстүнөн.
Эр Чубакты койду эми,
Эр Чубактын үстүнөн.
Эр Манастын койду эми,
Эр Манастын үстүнөн.
Эр Бакайды койду эми,
Алты күнү Каркыра.
Арыстан жатты эс алып,
Алтынчы күнгө толгондо.
Ишембинин күнү деп,
Иши илгери азамат.
Аттанаар маалы эми деп,
Арыстан Алмаң кеп айтып.
Каркына жарлык салганы,
Бээжинди карай бет алып.
Ислам жөнөп калды ошо.
Асты менен жол чалып,
Меккедеги кан Кожом.
Мунун кошу жөнөдү,
Аскер жайнап көрүндү.
Тогуз жүз токсон миң болуп,
Көчтү баштап жөнөдү.
Абакем Бакай баратат,
Мекедеги кызыл туу.
Бээжинди бузчу узун туу,
Кара нарга бүктөгөн.
Хан абаң Бакай жүктөгөн,
Кызыл нарга бүктөгөн.
Кыраанын Бакай жүктөгөн,
Тууну кармап абакең.
Көк аласын булкунтуп,
Көк жал Бакай бара атат.
Асты түмөн кол болуп,
Абакем Бакай карысы.

Астында кетип баратат,
Мунун менен жанаша.
Меккенин каны жөнөгөн,
Мунун арты жагында.
Медина каны Ак эшен,
Сегиз жүз сексен миң аскер.
Мунун колу жөнөдү,
Мунун арты жагында.
Буудайык кандыын Музбурчак,
Жети жүз токсон миң болуп
Мунун колу жөнөдү.
Анын арты жагынан
Чоң Үргөнчтө Акун кан,
Алты жүз сексен миң болуп
Мунун колу жөнөдү.
Акун кандын артынан
Бухардын каны Каракан
Тогуз жүз токсон болуп,
Карахан колу жөнөдү.
Анын арты жагынан
Катагандын кан Кошой
Эки жүз сексен миң болуп,
Абам баштап жөнөдү.
Кан Кошойдун артынан,
Эламандын эр Төштүк
Сегиз жүз токсон миң болуп,
Баатыр Төштүк жөнөдү.
Эр Төштүктүн артынан
Айдаркандын Көкчөсү,
Алтын өтүк өкчөсү
Төрт миллион кол болуп,
Баатыр Көкчө жөнөдү.
Кан Көкчөнүн артынан
Атабектин кенже уулу,
Айры сакал Сынчыбек
Үч миллион кол болуп,
Аргымагын кекейтип
Алиги сырттан жөнөдү.
Мунун арты жагынан
Эштектердин эр Үрбү,
Тогзу сексен миң болуп,
Мунун колу жөнөдү.
Анын арты жагынан
Баатыр Багыш жөнөдү.
Бир миллион кол болуп
Мунун арты жагынан,
Ысык-Көлдү жердеген
Эштектердин Агышы,
Бир миллион кол болуп.
Буда жөнөп чыкты эми.
Эр Агыштын артынан
Он беш күнгө толгондо,
Айдын жарымы болгондо,
Арыстан Манас жанагы эр,
Аттанмак болду жаңыдан.
Аскерди айдап абыдан,
Кан Манастын аскерин
Кабарын эми айтайын,
Эр Чубак колу жөнөдү
Беш миллион кол болуп.
Мунун арты жагынан,
Алмаңдын колу жөнөдү.
Алты миллион кол болуп.
Кан Алмаңдын аскери
Кайнап кетип баратат,
Анын арты жагынан
Аргындын уулу Ажыбай
Ажыңдын колу жөнөдү,
Төрт миллион кол болуп.
Анын арты жагынан
Мунун арты жагынан,
Кан Манастын аскери.
Эми көчтү жаңыдан
Кенен бир ай болгондо,
Ай жаңырып толгондо.
Он миллион кол менен

Ойрон Манас жөнөдү,
Мына ошондо Алмакең
Оңой бекен журт милдет,
Астына минген Сарала ат.
Алмаң оозун бурду эми,
Чыканактап калбастан,
Чырм этип уйку албастан,
Асты менен жол жүрүп.
Уй куймулчак Сарала
Уюлгутуп Алмакең,
Тоо куймулчак Сарала
Токулдуруп Алмакең,
Сабап жолдо келе атат.
Сенин элиң кандай деп,
Күнү басып алты күн,
Кан Бакайга кезигип.
Күнү-түнү алты күн,
Кайра сабап олтуруп,
Кан Манаска кезигип.
Кандай келе жатасың,
Деп ошентип Алмакең.
Кан Манастан кеп угуп.
Кайра айдап жол менен
Кабылан жолдо келе атат.
Жараткан өзүң колдо деп,
Жаабадыгер бир Алла
Колдой көргүн эми деп.
Сараласын койгулап,
Сандыргалуу Алмакең
Эми санап келе атат.
Көчү деген жер келди
Деп ойлонот Алмакең,
Текестин башы Күрпүлдөк
Кечип Алмаң бара атат,
Жылдыз менен Кундузга
Жетип Алмаң олтуруп,
Эр башына экиден
Кундуз чаап алсын деп,
Отуруп жүрүп чабасың,
Алааңдан өтүп кетсе бул кундуз,
Ат болуп баатыр каласың.
Деп Алмакең түшүнтүп,
Кундузда жатып эки күн,
Мындан көчүп жөнөдү.
Калайык көчүп олтуруп,
Көөсү деген жер келди.
Кайнаган караан чөл экен,
Мына ошондо Алмакең
Күнгө булут жиберип,
Күндүн көзүн имерип.
Айга булут жиберип,
Айдын көзүн имерип.
Жай булутун Алмакең,
Күз булутка айдады.
Күз булутун Алмакең,
Кыш булутка айдады.
Атынын каны катат деп,
Тоолор суусап жатат деп.
Эр азамат баатыр
Чөлдө жаңкап жатат деп,
Бирде жамгыр, бирде кар,
Арт жагында бороон бар,
Көкүлүнө буудандын,
Күн тийгизип келе атат.
Соорусуна буудандын,
Күн жаагысып келе атат.
Жадыкөй дуба окуган,
Жалтанбаган Алмакең,
Ай Сарала ат минген,
Алмаң сабап келе атат,
Күнү басып он алты,
Түнү басып он алты,
Кең көөчүнүн оюнан
Аскер араң чыкканда,
Хан Алманбет жар салып.
Сенде мерген канча деп,

Мен мергенмин дегенди,
Тегиз бөлүп алды эми,
Мени ээрчийсиң эми деп,
Он эки кандын төрөсү,
Тегиз алды чакырып,
Кан Манасты баш кылып.
Кан Алманбет кеп айтат,
Эртең эрте жөнөйбүз.
Аламак күнгөй ак тескей
Ак кулжанын тоосуна,
Токсон миң мерген алды.
Алмаң сабап жөнөдү,
Аламак күнгөй бетине.
Он эки канды бүт алып,
Бээжинге кетчү жолдорго.
Беш миңден адам койду эми,
Адырмалуу кызыл зоо,
Алмаң баштап чыкты эми.
Бул токойдун ичине,
Он миң мерген салды.
Эми көрүп тургун деп,
Он эки канды бөлдү эми.
Мына ошондо карасаң,
Жон оюлдуу кызыл таш,
Кан Манасты койду эми,
Адырмалуу белеске,
Эр Чубакты койду эми.
Жар көчтүнүн боюна,
Алмакең барып турду эми.
Андан ылдый кандарың,
Баары карап турду эми.
Мына эми көрүнгөн,
Бул токойдун ичинен
Алды менен бөлүнүп,
Алты жүздөй болуп.
Телки чыкты көрүнүп,
Анын арты жагынан,
Аю чыкты айкырып.
Арыстан чыкты бакырып,
Жолборс чыкты күркүрөп,
Карышкыр, түлкү, сүлөөсүн
Кайнап чыкты дүркүрөп.
Анын арты жагынан,
Эчки, теке,  кайберен
Булар үркүп чыкты эми.
Мунун арты жагынан
Алты миңдей дүрдүгүп,
Кулжа чыкты жаңыдан.
Алты жүз кулжа бөлүп
Алкымдыга салды эми,
Бир миң адам ок атып.
Жоноюл көздөй салды эми,
Беш миң адам ок атып
Кара тар өйдө жөнөдү.
Он миң адам ок атып
Боз тумшукка барды эле,
Беш миң адам ок атып
Кызыл зоо өйдө жөнөдү.
Тээ жайып баарып таштады,
Көп кулжадан бөлүнүп.
Коңурбайдын Ак кулжа,
Эки жагы бетине,
Эки бирдей бакалчак,
Оздугунан алды эми,
Коңгуроосу жаркырап.
Жакут айнек турнабай,
Эки көзгө тагылып,
Күмүш така, алтын мык,
Аягына кагылып.
Алтын менен каухардан,
Алты сыйра тону бар
Коңуроосу жаркырап,
Көрсөң кулжа жаркырап.
Эсен кандай кыйкырат,
Коңурбайлап чыкырат.
Кулжа келе жаткан,

Кабылан Алмаң билди эми.
Кан Манаска келди эми,
Жакут айнек турнабай.
Кан Алмаң алып көрсөттү,
Кан Манас менен Чубакка.
Карап туруп айтканы,
Көрдүңөрбү баатырлар.
Калмагыңдын кулжасын,
Эки мүйүз ортосу.
Он эки түгөй коңгуроо,
Ушул асты кызыл миң.
Ушуну жара атбасаң,
Же болбосо баатырлар.
Эки колтук түбүнөн,
Ушуну жара атпасаң.
Кутулуп кетет бул кулжа,
Кулжаны баатыр кутказсак.
Биз Бээжинге барбайбыз,
Барып уруш салбайбыз.
Эстеп айткыни эми,
Эр Манаска жүгүнүп.
Эр Алмаң кетти кайтара,
Кан Чубак келди ордуна.
Кудай бере көргүн деп,
Арыстан Манас атакең,
Ак келтени алганы.
Сүмбү менен сүмбүлөп,
Тарткы менен тарткылап.
Болоттой ак даки,
Алты сыйра тазалап.
Алтымыш окту бош коюп,
Арыстан алды дүрмөттөп.
Коңурбайдын чоң кулжа,
Отуз сегиз түлөгөн.
Атын кулжа дебесең,
Алтымыш уруу тийбеген.
Жадыкөй дуба окуган,
Жаасы катуу бул кулжа.
Жакындап чыгып келе атат,
Төбөсүндө кызыл таш.
Кадимкидей көрүнүп.
Эсен кандай кыйкырат,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумганча,
Кан Манастын алдына,
Жете келди чоң кулжа.
Көкала көрпө, суусар бөрк,
Көк жал алып башынан,
Жан жолдошу Ажыбай,
Кармап баатыр койду эми.
Мекеден келген ак тобу,
Баса кийип келди эми,
Кулжа келе жатат деп,
Кан Алманбет кайран эр,
Жыт албасын эми деп.
Арт жагынан кулжанын,
Жыргак шамал салды ошо.
Мына ошондо чоң кулжа,
Кан Манаска жакындап.
Бута атым кирип келди эми,
Алмакем аткан жери деп.
Эми көздөп жөнөдү,
Барар жери ушу деп.
Заман колу жеткенде,
Дуба менен чоң кулжа.
Эми байкап билди эми,
Жата калып жалт берип.
Мүйүздүн четин кырдырып,
Эр Манастан чоң кулжа.
Өтө берди тырдырып,
Оңолуп кулжа алганча,
Ойрон Манас атакең,
Отуз беш атып жиберди.
Көздө, көздө, көздөлөп,
Көк жал атка минди эми.
Арыстан Чубак жанагы эр,

Айкөл тайып калды деп.
Көк чыбыкты таянып
Колуна эми алды эми,
Кулжаны карай жанагы эр,
Күртүрөтө сунду эми.
Алмакем айткан жери деп,
Такыр колтук түбү деп,
Машага колу жеткенде,
Дуба менен чоң кулжа,
Жата калды кыр ташка.
Оңолуп өтө койгончо,
Чубак акең оңолду алып,
Он алты атып жиберди.
Туягынын четин кырдырып,
Кулжа мында жөнөдү.
Көздө Алма көздөлөп,
Көк жал Чубак абакең,
Көк алага минди эми.
Көк ала менен Ак кула,
Кустанып келет артында,
Кан Алманбет абакең,
Алмабашка ок коюп...

## МАНАСТЫН ӨЛГӨНҮ

Кече арыстан Манас атакең,
Тарса,  тарса жөтөлүп.
Жаздыктан башын көтөрүп,
Жаздыгында жатканда.
Күрсө,  күрсө жөтөлүп,
Гүлүстөн Манас атакең.
Алты ай ооруп жатканда,
Ушул жалган дүйнөнүн
Аманатын бергенде.
Сенин жеңең Каныкей,
Кара кийип кан жутуп.
Айланайын төрөм деп,
Он үчүмдө кошулган,
Шерт кудайым эле деп.
Жеңең ыйлап буркурап,
Он эки кандын баарысы,
Арыстан Манас төрө деп.
Аркалуу бийик тоо дешип,
Караган, кайың тал ыйлап.
Канча түрдүү жан ыйлап,
Асманда аба бузулуп.
Алты күнү күн тийбей,
Акшумкар жатты жер сабап.
Алты күнү Ак тайган,
Улуду белем бу да ыйлап.
Кан Жакып ыйлап буркурап,
Кан Бакай ыйлап чыркырап,
Калайыктын баарысы,
Кайран шер деп буркурап,
Мына ошондо кырк чоро,
Арыстан баатыр өлгөндө,
Катар туруп кошо ыйлап.
Мекеден кан Кожом,
Абам Кошой кары ыйлап,
Алтымыш түрдүү жан ыйлап,
Тайбуурулдай ат ыйлап,
Талаада кыргыз дагы ыйлап,
Кайран шерден айрылып,
Ал да эмине болдук деп.
Ойрон Манас өлгөндө,
Калыктан келген канча жан,
Баатыр Төштүк,  кан Кошой,
Баштап элди алышкан,
Абакем Бакай башында,
Алтымыш үңкүр казына,
Калкка Бакай чачканда,

Кан Манастай арыстанды,
Кең Таластын боюна,
Арчалуу мазар ак түндө,
Ак зоонун башы кырк кайкы,
Алып барып койгондо.
Мына жеңең Каныкей,
Жан адамга билгизбей,
Алтымыш адам бар казып,
Алып барып катканда.
Арыстан Бакай, Каныкей,
Андан башка жан билбей,
Мына ошондо айкөлдөн,
Жеңең байкуш айрылып.
Капалуу болуп жатканда.
Кайран Каныш арманда,
Балтыр бешик Семетей,
Баласын багып жеңекең,
Алтымыш ашкан Чыйырды,
А дагы ыйлап олтурат.
Ак капшыттын тушунда,
Энеси ыйлап олтурат.
Мына ошондо Каныкей,
Айланайын энем деп,
Алланын кылган ишине.
Көнбөгөндө неттик деп.
Аман-эсен Семетей,
Бой жеткенин көрсөңүз,
Кайгырып ыйлап жатабыз,
Кан Манастын сан дүйнө,
Айланайын энеке,
Жетет го эне эмнеси,
Деп Канышың айтканда.
Кайрат кылып энеси,
Канышым барда мен эми,
Кайдан жүрүп кор болом,
Деп байбиче ойлонуп.
Четин байкап толгонуп.
Кайран энең Чыйырды,
Кан Манастын айынан,
Кайгырып ыйлап олтурат.
Мына бүгүн жума деп,
Кан Бакай келип кеп айтып,
Кагылайын Канышым,
Кан Манастын кыркына,
Камыналык эми деп,
Кабарды Бакай айтканда.
Макул аба эми деп,
Элге кабар салмакка,
Кошой, Төштүк, Акеркеч
Бугаң кабар айтмакка,
Жакыпка айтып түшүнтүп.
Кырк чорону алмакка,
Каныкей, бакай, Чыйырды,
Кеңешип булар жатканда,
Атасы Жакып кеп айтып.
Көбөшкө мындай сөз айтып.
Арыстан Манас кыркына,
Тайбуурулду союлу,
Каныкейди Абыкеге,
Нике кыйып коёлу.
Акылайды сен алгын,
Манастан калган сом дүйнө,
Өзүңөр бөлүп алгыла,
Деп Жакып кан айтканда.
Кырк чорону чогултуп,
Абыкеге бармакка,
Көбөштү баштап жөнөдү.
Абыкенин үйүнө.
Кырк чоро, Жакып баш болуп,
Келип түшүп калышты,
Кеңешти Жакып баштады,
Абыке балам кепти ук.
Айкөл агаң Манастын,
Кыркын эми беребиз,
Тайбуурулду соёлу,
Кыраан шердин кыркына,

Эл чыкырып алалы,
Каныкейди сен алгын,
Акылайды Көбөшкө,
Нике кыйып коёбуз.
Манастан калган сом дүйнө,
Өзүңөр бөлүп алгыла,
Купшуңдаган куу Бакай,
Биздин ойду билбесин,
Жолун тозуп баргыла,
Кызыл таштан түшпөсүн.
Бакайга бийлик бербегин,
Ар качандан бир качан,
Манасты Бакай бийлеген.
Кырк чородон Канышка,
Өттү эле Кыргыл чал,
Сен Канышка барасың,
Кайнатаң Жакып келди деп,
Чыйырды менен Каныкей,
Менден кабар саласың.
Айтканыма көнөсүң,
Айтканыма көнбөсө.
Көргүлүктү көрөсүң,
Кайнатаң Жакып айтты деп,
Менден кабар бересиң,
Эртелеп мындай кылбасак,
Каныкей, Бакай бул экөө,
Бир балааны салышат.
Балдарым менин оюмча,
Ушул менин акылым,
Манастан калган сан жылкы,
Айдатып мында алгыла.
Аманат жандын барында,
Аман алып калгыла.
Буурулду кармап сойгула,
Каныкей тилди албаса,
Өзүм баштап барамын,
Каныштты кармап алабыз,
Кан Манастын ордосун,
Тындым кылып коёбуз.
Манастан калган кырк чоро,
Айкөлүм Манас өлөрдө,
Айланайын кырк чором,
Атакем Жакып карыдан,
Бөлүнбөгүн дегенин,
Ар кимиң эми эстегин.
Кабарды эми айтамын,
Кан Чубактын зайыбын.
Сен аласың ойлогун,
Алманбеттин зайыбын.
Мажик баатыр сен алгын.
Ажыбайдын зайыбын,
Тазбайматка беремин.
Кыргыл чал сындуу төрөңдү,
Ажыбай кандын ордуна,
Кан көтөрүп коёмун.
Менин айткан кеңешим,
Кан Манастын кырк чоро,
Менин тилим аласың,
Кыргынын баштап а бүгүн,
Каныштан кабар аласың,
Абыке баатыр не дейсиң.
Бээжинден келген Бурулча,
Кан Бакайдын колуда.
Кандайда болсо ошону,
Кан Бакайдан бөлөсүң.
Же болбосо Бакайга,
Эч ким мындай бара албайт.
Кана Кыргыл не дейсиң,
Деген сөзгө көндүрүп,
Манас менен бир өстүң,
Каныкейге барып кел,
Мында Кыргыл сүйлөдү.
Кан Жакып сиздин атың,
Рас balaңыз эле эр Манас,
Алтайда бирге чоңойдук,
Аманат жаным бирге эле,

Алтайдан бери бир көчүп,
Абдан жакшы жүрчү элек.
Акырет кеткен Манастын,
Мен үйүнө барайын,
Жаныма алып Көбөштү,
Байкайын эми кеңешти.
Арыстан Манас бийлеген,
Менин кызым Арууке,
Эч кеңеши жок, кеби жок,
Арыстан Манас ал берген,
Бээжинден Алмам келгенде,
Ошондон бери айтайын,
Рас мени бил дедиң,
Аралап элге кир дедиң.
Арыстан ажым ордуна,
Кан болуп элди бил дедиң.
Айтканыңды кылайын,
Аттанып эми барайын,
Дегениңе көнөйүн,
Жооп алып келгенче,
Деген кезде Абыке,
Айтылуу Кыргыл карысың,
Атакем Жакып барыңсың,
Айкөл Манас абакем,
Атамдан калган конушту,
Алтайдан элди көчүрүп.
Аман-эсен ал келген,
Жыл айланып аш өтсө,
Андан кийин Канышка,
Кепти ошондо салалы.
Ажыбай элди узатсын,
Анан айтар сөз болсо,
Так ошондо көрөрбүз,
Тайбуурулду сойбойлу,
Жалгыз уулу Семетей,
Ошого арнап коёлу,
Силердин айткан сөзүңөр,
Көнбөймүн баатыр эми деп.
Керек болсо Канышка,
Мен барайын эми деп,
Эч кимиң барбай мындай кыл,
Өзүм кеп саламын,
Мунуңкар жакпайт ойлогун,
Калайык укса эмне дейт.
Кан Бакай, Кошой кары бар,
Ошолор келсин ошондо,
Кеңешти арбын салалы,
Кимде кимде күнөө бар,
Мойнубузга салалы.
Каныкей арзан киши эмес,
Кан Манастын зайыбы,
Ары кетти Каныкей,
Эне болуп калды эле.
Бул сөзүңөр мага жакпайт,
Арыстан Манас өлөрдө,
Бийлигин мага өткөзгөн.
Менин сөзүм кеп болсо,
Кырк чорого эп болсо,
Мен Каныштты албаймын.
Беренелүү Манастын,
Төшөгүнө барбаймын.
Кан Жакып, Кыргыл койгула,
Уят болуп калбаймын.
Абакем Манас кайран шер,
Бээжинден бери каратып.
Берен шердин атагы,
Белгилүү болгон эмеспи.
Деген сөзгө көнбөймүн,
Берен Манас баатырдын,
Эшигине барбаймын.
Балтыр бешик Семетей,
Баласы турса тиякта.
Жеңекем арзан киши эмес,
Жете барчу биз эмес,
Менин тилим алсаңар,
Ушу сапар кайтыңар.

Укмуштуу мындай жаман иш,
Ушундан эми кайтсаңар,
Атаке Жакып каныбыз.
Экинчи мындай дебеңиз,
Мына ошондо кан Жакып,
Ордунан турду бакырып,
Абыкедей акмак деп,
Айткан сөзүн карагын,
Өзүңө келген сыймыкты,
Эмине деп какканың.
Манастан калган сан дүйнө,
Мен сени ээ болсун деп жатамын,
Башка жанга ал кетсе,
Ошондо кетер намысың,
Кыргыл байым айткан чын,
Каныштан жооп алып кел,
Деген сөзгө көнсүн де,
Көбөштү кошуп жаныңа,
Көрсөтө айткын көзүнө.
Болбосо Көбөш Каныштны,
Көрсөтө келгин көзүн деп,
Жакып айтып калганы,
Аран турган Кыргыл чал,
Аттанып жөнөп калганы.
Жылгындуу Кең-Кол боюна,
Булар келип калганы
Кан Манастын ордого
Келип салам беришти,
Арыстан Манас баатырга
Куран окуп алышып,
Канышка Кыргыл кеп сүйлөйт,
Каныкей менин сөзүмдү ук,
Менин айткан кеңешим,
Акылга дыйкан жан элең,
Арыстан Манас баатырдын,
Акыреттик жары элең,
Кан Жакып сенин кайнатаң,
Калкына салды кеңешти,
Кан Манастын кыркына
Тайбуурулду соём дейт,
Кыркын берип коём дейт,
Андан кийин тил алса,
Кан Манастын аялын,
Абыке менен Көбөшкө,
Нике кыйып коём дейт.
Бул кеңешти айтмакка,
Кан Жакып мени жиберди,
Кашында болсоң кан элең,
Кайнатаңдын сөзүнө,
Макул болчу жан элең,
Сен Каныкей мен Кыргыл,
Далайды баштан өткөрдүк.
Менин айткан сөзүмө,
Каныкей капа болбогун,
Деген кезде Кыргыл чал,
Ошондо Каныш сүйлөдү,
Атамдын айткан сөзүнө ,
Азыраак капа боломун.
Айланайын энеке,
Сага бир кеп келеби.
Жыл айланбай ай толуп,
Айкөлдүн көзү өткөндө.
Ортого түшүп Кыргыл чал,
Келип калчу сен белең.
Абыке менен Көбөштүн,
Айткан сөзү эм бекен,
Кеңеште кандай жан болду,
Келипсиң Кыргыл сүйлөгүн,
Абакем Бакай болду,
Армандуу жанды кыйнабай.
Ачыгын айтып сүйлөдүң,
Тайбуурул жалгыз атыбыз,
Айкөлдүн көзү өткөндө,
Моминтип талашка түшкөн башыбыз.
Кызыл буурул атыбыз

Кыраандын көзү өткөндө,
Моминтип кыйноого түшкөн
башыбыз,
Буурул ат биздин атыбыз
Буудандын көзү өткөндө,
Моминтип ыйлап жатабыз
Эрке буурул атыбыз,
Эринен катын айрылса,
Моминтип эл келет сага асылып.
Балама деген жалгыз ат,
Бай Жакыпка батпаса.
Баатырдын ашы болгончо,
Бей капар болсун атабыз,
Берендин көзү өткөнчө,
Бек кабада жатабыз.
Арыстанымдан калган ат,
Ал жалгызга арнаган.
Жалпы агайым эп көрсө,
Жан тийбесин деп айткан.
Бекзаададан калган ат
Бир балага арнаган,
Берproperly сабар кетерде,
Семетей менен Буурулду,
Бек сакта деп мага айткан.
Жалгыз уулдун аты деп,
Жат душман муну көрбөсүн.
Жан жолдошум Каныкей,
Айтканымды ук деген.
Менин көзүм өткөндө,
Абыке, Көбөш келсеңер
Дүнүйө бизге керек деп.
Камчыга ченеп бөлүңөр,
Акылай менен Каныштты,
Мен аламын ал дешер,
Тайбуурулду сой дешер,
Тамаша кылып канынын,
Душмандын сөзүн сүйлөшөр,
Арыстанымдын айтканы
Кокуй күн эне не дейсиң,
Калети жок чымчыкты.
Карабастан Кыргыл чал,
Ортого түшчү жан белең.
Айта баргын каныңа,
Аким заада баарыңа,
Деген сөзгө көнбөймүн.
Баатырым ашы болгончо,
Козголуп мындан койбоймун.
Тайбуурулду сойбоймун,
Жалгызымдын Бууданын,
Жайсыз кылып койбоймун,
Кыз буурулду сойбоймун,
Кыраан эрдин кыркына,
Сан миллион мал жатат,
Тандап келип соёмун,
Өзү минген Камбар боз,
Так ошону соёмун,
Арыстанымдын кыркына,
Куран окуп соёмун,
Кан Кошой менен Төштүктү,
Бата алып коёмун,
Кан Бакай баштап кан келсин,
Канча түрдүү жан келсин,
Атакем Жакып да келсин,
Андан кийин сүйлөшүп,
Анан жооп беремин.
Деген сөзгө кан Жакып,
Атабыз көнүп койсун де,
Арыстан Манас арбагын,
Атасы минтип сыйласын.
Жат душмандын тилине,
Кирип алып атабыз,
Келиндерин кысбасын.
Душманга колтук ачпасын,
Ак телки менен желсин де.
Мында Абыке келип кетсин де,
Айта турган сөзүм бар,

Абайлап карап сен кара.
Арыстаным Манас барында,
Айылды Каныш билчү эле,
Кеңеше турган кеп болсо,
Келип кетип турчу эле,
Арыстаным мында жүрчү эле,
Кан Манаска каяша,
Кайсы душман турчу эле,
Арыстан Манас өлдү деп.
Артындагы тууганы,
Манастан калган сан дүйнө.
Өз алдынча бөлдү деп.
Душман укса не болот,
Токтой турсун атабыз,
Айкөлдүн көзү өткөндө.
Арага болмок сен белең,
Арманын айтты Каныкей,
Ыйлап калчу мен белем,
Арамзаада душманга,
Колтук ачпай бир жүрдүң,
Ойлогун Кыргыл кебимди,
Ошону менен мен айтам.
Мындай иштер болбосун,
Келтирип айткан кебим бар,
Экинчи Жакып атабыз,
Айтпасын мындай иштерин,
Тайбуурул соём дегени,
Семетей өлсүн дегени.
Буурулду соём дегени
Канышты өлсүн дегени.
Мына ошону айтканда,
Көбөш турду күүлөнүп.
Өз алдынча сүйлөнүп,
Баятан бери болбойсуң,
Айткан тилди албайсың,
Арамзаада катынсың.
Алдаганы жатарсың,
Манастан калган дүйнөнү,
Башка жакка сапырсаң,
Байкабайт деп жатасың,
Көөп алган катынсың,
Көк жал Манас барында,
Билип жүрүп айкөлдү,
Өзүң бузук каапырсың,
Деп ошентип Көбөшүң.
Качырып келет Канышты,
Каралуу турган Канышты,
Камчы менен чапканда.
Эмчеги кетти айрылып,
Жетип келип Чыйырды,
Жакадан алып Көбөштү,
Көтөрүп кемпир урганы.
Кокуй күн жалгыз өлбө деп,
Энекең ыйлап калганы,
Тазбаймат менен Кыргыл чал,
Арачалап келгенде.
Мына ошондо Каныкей,
Мындай кепти баштады.
Баргын Кыргыл айтсын деп,
Башка сөз болсо көрөрбүз,
Падышам көзү өткөндө.
Байпайга калчу мен экем,
Деп Каныкей айтты эми,
Кыргыл чал, Көбөш,
Аттанып кетиип калды эми.
Душманым экен булар деп,
Каныкей менен Чыйырды,
Буларда ыйлап олтурса,
Абакем Бакай жарыктык,
Алты жигит жанында,
Алар да келип калды эми,
Мына ошондо кан Бакай,
Байкады белем бул ишти
Айкөлүм Манас өлбө деп.
Абакем ыйлап калганы,
Мына ошондо кан Бакай,

Эмине кылсам деп ойлоп.
Ак тайган менен Ак шумкар,
Агыттырып ийди эми,
Болбогон экен Жакып деп,
Кудайга койдум акыр деп.
Өз келинин минитсе,
Күнү кудай табар деп.
Кан Бакай менен Чыйырды,
Каныкей болуп кеңешип.
Абайлап байкап турганда,
Алда эмине болбосун,
Кокустан кастык кылбасын.
Ушуну эске алалы,
Эмилдин Эргек баласын,
Эрликтин Сергек баласын,
Мында таштап кетемин,
Деп кан Бакай айтканда,
Экөөнүн келет колунан,
Бет алышса душманга,
Берендин бири булар да,
Жалгыз өзүң жөнөсөң,
Абыке, Көбөш алты арам,
Жолдон кармап алышса.
Анда не болосуз,
Андан көрө буларга,
Өзүбүз эле туралы,
Дагы кабар болушар,
Эмики келчү жумада,
Келип кетип туруңуз,
Деп Каныкей айтты эми.
Буларды мындай таштаңар,
Кан Жакып сындуу атадан,
Эми кабар баштайлы.
Кыргыл барды элине,
Кан Жакып сындуу бегине.
Кана баатыр сүйлө деп,
Жакып кан алды кебине,
Ошондо Кыргыл сүйлөдү,
Кан Жакып сиздин атыңыз,
Далайга өткөн датыбыз,
Кан Манастын ордого,
Кайнардуу булак сеңерге,
Төрттүн төмөн сазына
Төрө Манас айкөлдүн,
Төптөп койгон багына.
Барып кел деп жибердиң,
Падышанын зайыбына,
Барганым менен келгеним,
Баарын айтып мен сага,
Арыстан Манас балаңдын,
Атайын бардым айылына.
Куран окуп отурдум,
Каныкейдин жанына.
Учурашып көрүштүм,
Чыйырды сиздин жарыңа.
Баатырдын үйүн көрдүм мен,
Бар болгон сөздү мен айттым,
Падыша шердин зайыбына.
Ошондо Каныш сүйлөдү,
Ага-тууган эл журтка.
Менин сөзүм эп болсо,
Арыстан ашын бергенде,
Айта турган кеп болсо,
Анан жооп берем дейт.
Абам Кошой, эр Төштүк,
Бакай, Жакып болушуп.
Ушу кезде сүйлөшөм,
Ага чейин атакем.
Капаланбай токтосун,
Калк үчүн эп болсо.
Каныштын сөзү эп болсо,
Тайбуурулду сойбойм дейт.
Арыстанымдын жалгызын,
Баласына арнаган.
Как ошого коём дейт,
Аман-эсен чоңойсо.

Буурулду минсин деп айткан,
Муңканып Манас көп айткан,
Болгон кепти салганда,
Көбөшүң турду күүлөнүп.
Каралуу турган Канышты,
Камчы менен сабады.
Эмчеги кетти айрылып,
Эми эмине болуучу,
Ай-ай турган жериң жок.
Кан Манастын ордосун
Кайрылып чаап алсаңчы,
Менин айткан кеңешим,
Баатыр Жакып не дейсиң.
Деген кезде Кыргыл чал,
Кан Жакып алды чакырып.
Алты экен баласы,
Аны алды чакырып.
Кырк чоронун баарысын,
Камбар, Мажик төрөсүн.
Какчаларын таңдайтып,
Кан Жакып кепти баштады,
Эми менин кеңешим,
Баатыр балдар не дейсиң.
Эки-үч күнү токтойлу,
Кан Манастын көп жылкы,
Кара сайда жаткан дейт.
Жылкы бүтүн алалы,
Канышыңдын ордосун,
Тындым кылып салалы,
Семетейди өлтүрүп.
Каныш эгер болбосо,
Башын кесип салалы,
Деп кеңешип бүтүрдү,
Кырк чоронун ичинде,
Кан Манас менен бир болгон.
Байтоко укту бул кепти
Байтоко эми ойлонуп,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Армансыз адам өтпөйбү,
Жарым жарты кеми жок,
Арыстан Манас кайран шер,
Алда качан бир жүрдүк,
Атасы Жакып ойлобой.
Бузукунун тилине,
Кирген экен Жакып кан,
Манастын жалгыз баласын,
Билген экен Жакып кан.
Бул эмине кеппи деп,
Капа болду Байтоко,
Эки-үч күн өткөн күн болду,
Ай караңгы түн болду,
Эртең эрте азандан.
Эми чаап алмакка,
Алааматты салмакка,
Кырк чорону чогултуп.
Аскерди Жакып камдады,
Жакып кан айтып түшүнтүп.
Каныкей арзан жоо эмес,
Астында болсо бууданды,
Бириңди тирүү калтырбайт.
Ошол үчүн Каныкей,
Отуз бирде кези ошол,
Оңой эмес бул капыр.
Бирибизди сомдобой,
Жөн келүүчү ал эмес,
Кырк чоро сагаң айтканым,
Кырк жагынан качырып.
Үч кайнардагы Канышты,
Үйлөрүн чечип жүктөтүп.
Каяша кылса кайындар,
Карсылдата сабаган,
Жообун өзүм беремин,
Таң супаса болгондо,
Ордону чаап алабыз,
Каныкей менен Семетей.
Каяша кылса кокустан,

Кайгуулду катуу саламын.
Бешикти алып колунан,
Кызыл ташка чабамын,
Кылгылыкты кыламын,
Алдап ашты бердиртип,
Сан дүйнөнү чачсам дейт,
Жолу каткан бул катын.
Анан эрге тийсем дейт.
Кимиң жылкы тигинде,
Буурулду кармап мингиле
Мага апкелип бергиле,
Арыстан Манас баатырдын.
Арбагына чалайын,
Эр тандаган катындын,
Мен бир эсебин берип салайын,
Кырк чоро айтканым,
Каныкей колго тийбесе,
Бүт дүйнөнү артабыз,
Чыйырдыны кошо алып,
Мында келип калабыз.
Дүнүйөнү бөлүшүп,
Керек болсо көп жылкы,
Кырк чорого беремин.
Бербегенде кантемин,
Баарын тапкан кырк чоро,
Силерге бүгүн Жакып кан,
Раазы болуп кетейин,
Деп Жакып кан айтканда.
Абыке туруп сүйлөдү,
Атабыз Жакып кан болдуң,
Арыстан Манас чыканы.
Кыргыз эмес кытайга,
Даражаңыз тең болду,
Алыстан жоо тапкансып.
Айкөлдүн үйүн чаппаймын,
Эгерде барса кырк чоро.
Эзели тууган болбоймун,
Аттансаң башын аламын.
Кимди чаап аласың,
Алжыган чалдын сөзүнө,
Кулак кагып каласың,
Эгерде бүгүн аттансаң,
Актелки менен жериймин.
Жылкыга барган кезинде,
Тындым кылып коёмун,
Мына ошентип калганда,
Көрбөгөн жан арманда,
Кырк чоро калды шалайып.
Кыргыл чал калды алайып,
Кан Жакып биздин атабыз.
Атанын тилин албаган,
Акмак экен Абыке,
Деген кезде а Көбөш,
Ороңдогон немени
Ортого алышып
Төртөөлөп сабап ийишти,
Агада моюн бербеди.
Көбөштү жыга койгону,
Алтоону сабап Абыке,
Кырдана түшүп оңолуп.
Кыргылды муштап төбөгө,
Бузуку чочко жогол деп.
Атына минмек болгондо,
Жакып кан берди улуксат.
Абыкени карма деп,
Эркелетсе минтет деп,
Кырк чоро кармап саба деп,
Кыраандар муну кара деп,
Айткан тилди албаса
Абда катуу саба деп,
Жакып антип айтканда,
Араң турган кырк чоро,
Туш-тушунан киришип.
Абыкедей төрөңдү,
Башка чаап балталап.
Каптал чаап кайкалап,

Бети баштан аккан кан.
Шорголоду бетине,
Колу сынып кайрылды,
Энеси мунун буркурап.
Арачалап жетелеп,
Араң алып калды
Кырк чорого жалынып,
Бир чымындай жаны бар.
Бир эле кашык каны бар,
Деп байбиче жалынып.
Кырк чоронун колунан,
Абыкедей баласын,
Эне сурап алды эми,
Мына ошондо Абыке,
Эс учунан ажырап.
Эми жаңы эс алган,
Абыкени сомдотуп,
Эми Жакып кеп айтат.
Эрте барып Кайнарга,
Кан Манастын ордого,
Камынгыла эми деп.
Кырк чорого айткан соң,
Бул сөздү угуп баштапты.
Элдин асты жатарда,
Сандап жолго түшүштү,
Канышка кабар бермекке,
Асылдан калган Семетей,
Аман-эсен чоңойсо,
Ар убакта керек деп.
Чоң кашка менен желиптир.

## КАНЫКЕЙДИН СЕМЕТЕЙДИ АЛЫП БУКАРГА КАЧКАНЫ

Элдин асты жатарда,
Байтоко келди жаңыдан,
Баатыр шердин үйүнө.
Каныкей менен Чыйырды,
Аман-эсен барсыңбы,
Кабарга келдим эми мен.
Кандай иш болсо билесиң,
Кабылан Манас баатырдын,
Арбагына мен келдим,
Кан Жакып сенин кайнатаң,
Семетейди өлтүрүп.
Ак ордону чапмакка,
Кырк чорону жанына.
Жакып байың алыптыр,
Бүгүн таңда сага келип.
Тирүү кармап алмакка,
Семетейдей уулуңду ,
Кошо өлтүрүп салмакка,
Камын жеңе камынгын,
Мына ошондо жеңекең,
Не кыларын билбеди.
Алтын жандан Каныкей,
Кылча кечип таштады,
Алманбеттин сыр бараң,
Аны колго алды эми,
Чачты түйдү төбөгө.
Кан Манастын суусар бөрк ,
Баса жеңең кийди эми.
Балтыр бешик Семетей,
Колтугуна кысты эми,
Алышып калсам не болот,
Деп Каныкей ойлонуп.
Көтөрүп алып баланы,
Чыйырдыга сүйлөдү,
Айланайын энеке,
Менин бир айткан кеңешим,
Оң ийниме сен мингин.
Сол ийниме Семетей,
Көтөрүп алып кетейин,
Бул жерде калсак энеке,

Алты арам колду салбасын,
Абышкаң Жакып келбесин,
Жыга чаап өтпөсүн,
Жүргүн эне кетели.
Кан Бакай сындуу карыга,
Кайрылып ыйлап жетели,
Деген кезде Каныкей,
Чыйырды жүрүп ыйлады.
Айланайын Канышым,
Менин айткан акылым.
Алтын бала жакыным,
Семетейди көтөрүп.
Кан Манастын күмбөзгө,
Аманат кылып коюп кет.
Мени кудай албайт го,
Ушул жерге таштап кет.
Деп Чыйырды ыйласа,
Анда Каныш сүйлөдү,
Арыстанымдын энеси,
Арамдардын колуна,
Кай бетим менен таштаймын,
О дүйнөгө мен барсам,
Энекем кана деп айтса,
Эмине жооп айтамын,
Сен экөөңдү көтөрүп.
Ала кетем бу жерден,
Деп Каныкей болбоду,
Мына ошондо Чыйырды,
Семетейди көтөрүп.
Кыз кезинде Каныкей,
Ала келген арканын,
Жалаң каухар жасаган,
Аны жеңең алды эми,
Алмакеңдин көк куржун,
Ок дарыны мол салып.
Кайненесин ээрчитип,
Күндүнн көбү оогондо,
Маңдайдагы токойго,
Баатыр жеңең кирди эми,
Баатыр Манас арбагы.
Колдосун деп жүрдү эми,
Канча адам келет деп.
Жерге жарык түшкөндө,
Адырман белин кайкалап.
Кайнаган аскер көрүндү,
Жээгин баштап алыптыр,
Кыргыл чал, Баймат келди эми.
Кайнап жаткан көп жылкы,
Качырып келип тийди эми,
Кан Манастын ордого,
Кайран Жакып келгени,
Каныкейди чакырып,
Чыйырдылап бакырып.
Айкөл Манас эмгегин,
Найза менен Жакып кан.
Жат душмандын үйүндөй,
Этин кайрып таштады,
Жан адам кирбей ордого
Жалдырап карап турушат.
Бай Жакып келди бастырып,
Ак ордонун жанына,
Барсыңбы үйдө Чыйыр деп.
Байбичесин чакырды,
Жан адам чыкпай ордодон,
Каптал үйдөн Акылай.
Келин басып чыкты эми,
Каралуу келин кеп сүйлөйт.
Кабылан шердин ордосун,
Камап душман келгендей,
Кайнап мында келипсиз.
Айта турган кеп барбы,
Айтыңыз ага угалы,
Анда Жакып сүйлөдү.
Каныкей менен Чыйырды,
Кайсы жакка кеткен деп,
Эшигин ачтык киши жок,

Эми байкап көрчү деп.
Акылайга сүйлөдү,
Бул Шооркутун кызы Акылай,
Жандай салып баргany,
Жан адам жок үйүндө,
Каныш жок, эне жок,
Кайда кеткен билбедим,
Элдин асты жактанда,
Ушул жерде эле деп.
Эми жооп берди эми,
Мына ошондо Жакып кан,
Найза менен түндүгүн.
Жакып кайрып таштады,
Ак ордого кирди эми,
Семетейдин бешигин,
Быркырата тепти эми,
Кан Манастын чоң ордо.
Арыстан Манас отурган,
Он эки метр кызыл так.
Кара нарга бүктөтүп.
Көбөшүнө кеп айтат,
Акылайдай катынды.
Көчүрүп барып кондуруп,
Аялдыкка ал деди.
Эр Манастын чоң үйүн,
Эми алды көчүрүп.
Каныкейдин ак ордо
Жыгач менен жабуусу,
Отуз нарга жүктөтүп.
Ичинен байкап карасаң,
Жүз сексен нарга бүт чыкты,
Алтымыш жандан,
Кырк сандык
Катары менен жүктөттү,
Кайран Манас ордосун,
Кан Жакып алды жүктөтүп.
Айкөлүңдүн көп жылкы,
Кыргыл менен Тазбаймат,
Айдап алып жөнөдү.
Эр Манастын көп жылкы,
Айдап келип кырк чоро
Кайра тартса жылкыга,
Камап келет кырк чоро,
Каяша айткан жан болсо,
Сабап келет кырк чоро,
Кайнардан жылкы алышып.
Айдап келет кырк чоро,
Кан Манастын көп жылкы,
Кайнап келет жарышып.
Жылкычылар кеп сурап,
Эмне болду деп сурап,
Башка эмине болду деп.
Бай Жакып менен Кыргыл чал,
Сени кудай урду деп,
Калайык укса эми деп.
Кан Бакай кайда кеткен деп
Жылкычы башы Турганбай
Жылкыны чоро айда деп
Бекер малды кыйнаба
Жат душмандын малындай,
Жылкыны кулдар айдашты.
Доо доолашып келгендей,
Атадан акыңт менде жок,
Бул эмине кылганың,
Кой десе болбой коройсуң
Эгерде Кыргыл оңбойсуң,
Башынан куйту ит элең,
Эгерде эки болбойсуң,
Кан Манастын ордосун,
Кай бетиң менен чабасың
Кызыталак сен Баймат,
Башыңды жулуп аламын.
Падыша Манас баатырдын,
Арбагына сен күлдүң.
Токтоткун малды айдаба,
Бакылдаган Кыргыл чал,

Барбы сенин оюңда,
Баатыр Манас арбагы,
Бар экени чын болсо,
Куйту кул сени жутпайбы
Курушпагын сен Кыргыл,
Жылкычы менен а бүгүн,
Урушпагын сен Кыргыл,
Токтоткун Кыргыл айдаба,
Көп жылкыны кыйнаба.
Баатыр шердин жылкысын
Баатыр болсоң кел мында,
Баатырдыгың көрөйүн.
Желмогуз сенден өлөйүн,
Кайыңдан кылган укурук,
Карс дедирип тукуруп.
Кер кашкасын буркутуп,
Жетип жылкы тозду эми,
Жете келип кырк чоро,
Турганбайды жайлады.
Кырк чоро карап турабы,
Жылкычысын сулатып.
Айдап жолго кирди эми,
Кан Манастын көп жылкы
Чубап жолго кирди эми.
Жан кысталак кыйынго,
Көп жылкычы кошо айдап.
Кең-Колду көздөй айдады,
Сан жылкыны айдашып.
Каныкей менен Чыйырды,
Кайдап таап алабыз,
Кармаш керек муну деп.
Кан Жакып айтты калганга,
Сан жылкысын айдатып.
Арыстан Манас ордосун,
Жара-жара өрттөтүп.
Кең-Колдун башы Кайыңды,
Келип түштү Жакып кан,
Буларды мындай таштаңар.
Каныкей менен Чыйырды,
Ушулардан кабар алыңар.
Каныкей менен Чыйырды,
Каткардуу булак токойдо.
Күн батканча жатышты,
Күүгүм кирип күн бата.
Сыр бараңды колго алып,
Жеңекең басты ошондо,
Кагылайын эне деп,
Турнабай салып отурдум.
Туугандын иши чене деп,
Ак ордону бүктөдү.
Кырк чоро кошо жүктөдү,
Атакем Жакып баш болуп.
Арманы жок болдуго,
Көп жылкыны айдады.
Кырктын башы Кыргыл чал,
Жолдон айдап баратат.
Каяша берген жылкычы,
Кара жолдо калыптыр.
Канчаларын сабады,
Башын кесип далайдын.
Байлагандыр кырк чоро,
Семетейди көтөрүп.
Айкөлдүн барып күмбөзгө,
Анан жолго салалы,
Арыстан Бакай карыны,
Эптеп таап алалы.
Деп Каныкей кеп айтып,
Чыйырдыны ээритип.
Түн дамынып жеңекең,
Түн ичинде жөө басып.
Күн жамынбас жеңекең,
Караңгыда келе атат.
Боз жорго минбес байбиче,
Бозоруп түндө жөө басып.
Боздоп ыйлап бул экөө,
Келе жатат түн катып.

Кан Манастын күмбөзгө,
Каныкей келип токтоду,
Кабылан уулум келдим деп.
Чыйырды байкуш ыйлады,
Арыстан туудум адаштым,
Айкөлүм сенден айрылып.
Караңгыда жөө бастым,
Жолборс туудум адаштым
Жолборсум сенден айрылып.
Караңгыда энең жөө бастым,
Адырда жылкы алабаш,
Аргымак буудан аралаш,
Азаптуу болсом не дейин,
Аргымак суутуп мингидей,
Артыңда балаң уулуң жаш.
Карыганда Чыйырды,
Капа болуп мен келдим,
Арбагыңды балаңды,
Арыстаным эми колдо деп.
Айкөл Манас күмбөзкө,
Каныкей менен Чыйырды,
Кайта-кайта жалынып.
Балтыр бешик Семетей,
Көтөрүп алып Каныкей,
Мына жөнөй берерде,
Кан Манастын күмбөзтөн,
Кадимкидей үн чыгат.
Төбөңдө жылдыз оң болот,
Жалгызың аман барында,
Канышым ишиң оң болот.
Мына ушуну укканда,
Чыйырды менен Каныкей.
Семетейди көтөрүп.
Караңгыда талааны,
Кайран жеңең аралап.
Ак борчук минбес жеңекең,
Ай караңгы түндөрдө,
Апасы менен баласын,
Оң ийнинде Чыйырды.
Сол ийнинде Семетей,
Бул экөөнү көтөрүп,
Ойрон Каныш жөө басат.
Түн ичинде жол таппай,
Чоң Таластын дайрасын,
Алты кечип өттү эми,
Бутунда жок өтүгү,
Белдемчиге бек байлап,
Сырбараң жонунда,
Ойрон жеңекең келе атат.
Эртесинде караса,
Бүт кийими айрылган,
Арыстаным Манас өлбө деп.
Азапты бейбак көрбө деп.
Сырттаным Манас өлбө деп,
Бейбагы ыйлап келе атат
Изимди билсе кармайт деп,
Караңгыда жалгыз жар
Кайран Каныш басыптыр,
Карыптык келсе башына,
Анан эмне болуучу
Анча-мынчы энекең,
Акылынан шашыптыр.
Абыке, Көбөш, Жакыптар
Кармаса мени соо койбойт,
Деп Каныкей шашыптыр,
Мына ошондо жеңеңдин.
Бүт кийими самсаалап,
Чычырканак айрып, тал айрып,
Дал-дал болуп кетиптир.
Эртең эрте шашкеде,
Кызылташ өрдөп барыптыр.
Мына Бакай айылына,
Эми чыгып келе атат.
Ошол күнү кан Бакай,
Кан Манастын ордого,
Кайрылып барып келейин,

Деп ошентип абакең.
Акылга дыйкан эмеспи,
Ак боз бээни коштотуп.
Жанына адам киши алып,
Аттанып андан чыгыптыр,
Кара жолдун боюнан,
Кадамдап Каныкей.
Бир топ адам келе атат,
Муну жеңең көрдү эми,
Семетей менен Чыйырды.
Мойнунан жеңең түшүрүп,
Дүмпүйгөн чийге жашынып.
Бакайды таанып алган соң,
Аябай ыйлап жашыды.
Мына ошондо Чыйырды,
Айланайын кулунум,
Азапты жакшы сен тарттың
Кан Бакай келе жатат деп.
Караганга жашындың,
Мен барайын Бакайга,
Деп Чыйырды асылдан
Асылым энем берекем,
Сени анда жиберип.
Келиниң мында калабы,
Өзүм тозом абамды.
Балаңды алып мында тур,
Деп Каныкей айтты эми,
Ойрон Каныш бейтаалай.
Оңдоп эми жоолугун,
Өтүгү жок жыңайлак.
Ойрон жеңең басты эми,
Абакең келди бута атым.
Тура калды Каныкей,
Мына ошондо Көк чолок,
Секирип үркүп абамды,
Көк буудан кетти бир шашып.
Көтөрүп жерге урганы,
Көк ала качып турганы,
Ойрон Бакай абабыз.
Топурак менен бир болуп,
Ордунан тура калганы.
Бууданы үркүп калганы,
Каныкей калды уялып.
Ошондо Бакай кыйкырат,
Таң азандан саксайып.
Таң менен кошо жүргөн ким,
Эртеден бери тааныбайм,
Эл-журтунан азган ким,
Деп кан Бакай айтканда
Каныкей байкуш жүгүнүп,
Караса башта бүгүлүп,
Кан Бакай анда кеп айтат.
Катыгүн Каныш сенсиңби,
Каралуу бойдон келдиңби,
Таластан качып жөө басып.
Түн ичинде келдиңби,
Түгөнгөн бейбак Каныкей,
Семетей кайда, эл кайда,
Чыйырды кайда, жан кайда,
Тырмактай бала ал кайда,
Алдырып ийип балаңды,
Акылыңдан шаштыңбы,
Сыр бараң, мылтык колуңда.
Сырттанымдын жалгызын,
Кайда коюп шаштың сен,
Арбуудан минбес байкушум,
Караңгыда качтыңбы?
Же капкаңды душман бастыбы?
Түн жамынбас чырагым
Түн ичинде шаштыңбы?
Чыйырды менен Семетей
Экөөнөн айрылып
Мени карай качтыңбы?
Арамдын баары бардыбы?
Дарбаза оозун ачтыбы
Кайнардан душман чыккансып,

Кайнатаң сени чаптыбы?
Жараткан алла не дейин
Айкөлүмдүн жалгыз уул,
Душмандык сага кылдыбы?
Тууганың душман болгон соң
Туйгундан калган кургурум
Көрөр күнүң ушулбу?
Семетей аман барбы деп,
Абакем Бакай көп сурап.
Карыганда Чыйырды,
Кандай күндө калды деп.
Чыдай албай жарыктык,
Кайта-кайта көп сурап,
Айкөлүмдүн тең элең.
Канышым билет дечү элем,
Катыгүн Каныш эл кайда
Каргадай Бакай бейпайда.
Ойронум Манас өлбөй кал,
Бул кордукту көргөнчө,
Абакең Бакай абаңды.
Канжыгага чала кет,
Айкөл Манас инигим.
Абакеңди ала кет,
Абыке, Көбөш алты арам.
Ал кордукту салышса,
Арам өлгөн тузу кор.
Кырк чоро келип үй чапса,
Каралуу кандын зайыбы,
Караңгыда жөө басса,
Ушуну Бакай көрчүбү
Азабын тартып өлчүбү,
Абакем Бакай буркурап.
Каныштры көрүп Бакайың,
Көзүнөн жашы тамчылап.
Көк жал Бакай карыя,
Өкүрүп ыйлап талаада.
Ойрон Бакай олтурат,
Бакайдын үнүн укканда.
Чыйырды ыйлап чыркырап,
Семетейди көтөрүп.
Кан Бакайдын жанына,
Кайран энең Чыйырды,
Бу дагы келди буркурап.
Айбандан эстүү Көк чолок
Абаңдын үнүн укканда
Арыстаным Бакай кетпе деп
Мунун акылы кайда кетти деп
Кан Бакай ыйлап олтурса
Кадимкидей толгонуп,
Арыстан Бакай жанына,
Желип жетип келгени.
Бууданын кармап кан Бакай,
Буркурап кепти салды эми,
Атаңдын көрү дүнүйө
Ар бирибиз азап күнүгө,
Арыстанымдын энеси
Азап тартып келдиң деп.
Эки жигит жиберип,
Эми Канышка Бакай кеп айтат.
Ат алдырып келейин
Азаптуу дүйнө не дейин,
Так алдырып келейин
Тозоктуу дүйнө не дейин,
Чыйырды менен Каныкей,
Экөөнү Бакай кийгизип.
Кан Бакайдын ордого,
Кайран Каныш түштү эми.
Каныкей менен Чыйырды,
Эс алып мында жатканда
Эки күн өргүү болгон соң,
Кайран Каныш кеп сүйлөп.
Кан Бакай сындуу агабыз,
Жатканым менин жарабас,
Эми абаке кантейин,
Иниңден калган бир туяк,
Аман-эсен чоңойтуп.

Анан элге келейин,
Кана бир аба сүйлөчү.
Кан Кошойго барсамбы?
Арыстан Манас барында
Айтылуу эле далай иш
Андан бир кабар алсамбы?
Же болбосо абаке
Акеркеч биздин сиңдибиз
Казакка кирип барсамбы?
Мындан кабар алсамбы?
Же болбосо абасы
Эр Төштүккө барсамбы?
Анын бери жагында
Анжиянда Сынчыбек,
Кашкардын каны Карабек,
Турпан каны Турумбек,
Буларга кабар салсамбы?
Же болбосо абаке ай,
Баатыр Үрбү чеченге
Буган барп келсемби,
Кайсы жакка барайын.
Манастан калган бир туяк
Ушуну жакшы багайын,
Кана бир аба, эне
Экөөңө акыл салайын,
Өзүңдөн душман чыккан соң,
Кайсы жакка батамын.
Деп Каныкей айтканда,
Арыстан Бакай кеп баштап,
Айланайын Канышым,
Айтайын кулак сал эми,
Атадан калган сан дүйнө,
Урунчу оокат ал эмес,
Бай Жакып тартып алганы
Башынан кудай алганы.
Манастан калган сан дүйнө,
Арам өлгөн алты арам.
Камчыга ченеп бөлгөндүр
Кан Манастын көп жылкы,
Четтен кармап сойгондур,
Душманды жыгып алгансып.
Кара этке булар тойгондур
Айбандан эстүү Буурул ат,
Көп жылкыи менен баргандыр
Желени Бакай карабай
Жергеси чалды эми деп,
Бай Жакып жатса мактанып.
Эсине Буурул ат келип,
Алты арам колун салгандыр,
Алтоону бирдей карматпай
Кайнарга кайта баргандыр,
Кан Манастын ордунан,
Жыттап бир буудан алгандыр,
Аман болсо келет деп.
Бөкөн менен кубулуп.
Куйругун сыртка салгандыр,
Кулан менен кубулуп,
Буурул ат кетип калгандыр.
Мына эми мен айтам,
Тайбуурул менен Семетей.
Бул экөөнү аманат,
Айтылуу Каныш садага,
Арыстан Манас барында,
Кытайдан келип дос болгон,
Кыраанын Манас барында.
Кылымдан келчү баатырга.
Кыраандар кошо турганда
Беттеп адам барбаган.
Беттешкен түрүү калбаган,
Айкөлүң аман барында
Ар жактан келчү көп дүйнө,
Азыраак айтам тилимди ук.
Он эки канга барбагын,
Ойронум Каныш тил алсаң.
Менин тилим сен алсаң
Абакем Бакай калды деп,

Эсиңе мени көп алсаң.
Он эки канды кыдырып,
Ойрон Манас төрөнүн
Зайыбы мында келди деп.
Ичи бузук душмандар
Балага зыян кылбайбы,
Башкасын айтып не тейин,
Араң жүргөн душмандар
Анда жаман иш болор,
Менин бир айткан кеңешим.
Чыйырды менен Каныкей,
Эстүү ургаачы не дейсиң,
Сен Букарга бет алгын.
Кара канга сен баргын,
Канча кылса сөөк эле.
Бирок Акун канга сен барсаң,
А деле болмок жакшы иш,
Үркөнчтөн кечип өтүүгө,
Укмуштуу кыйын ат керек
Муну таштап кой десең,
Эми Каныш ойлонуп.
Каракан менен Бакайың,
Канча жыл болду көрбөгөн.
Бирок кабылан Манас өлгөндө,
Калык чогулуп көмгөндө,
Кайраттуу Кара кан келди,
Арыстаным Бакай деп кетти.
Алты арам иши жаман деп,
Атайын айтып магат кеткен,
Канышка колун салбасын,
Жалгыз уулу Семетей,
Балага кастык кылбасын.
Деп айтканы бар эле,
Менин тилим сен алсаң,
Кең Букарга бет алгын,
Келишимдүү жан элең.
Атакеңе сен баргын,
Аманат багып Сememди
Анан кийин сен тарткын,
Кан Манастын жалгыз уул,
Аманат бергин атаңа,
А дагы баксын алпештеп,
Айтар сөзүм ушунда.
Он эки жылга күтөрмүн
Арыстанымдын баласын,
Кайда болду экен деп.
Сенден кабар күтөрмүн,
Ардыгып ыйлап жүрөрмүн.
Айкөлүмдүн баласы
Аман-эсен бой жетип,
Элине келер бекен деп.
Камсыгып ыйлап жүрөрмүн,
Көк чолок менен желермин,
Жолуун тозуп келермин,
Намысыман арыман.
Кайрылып ыйлап жүрөрмүн,
Кан Манастын баласы
Качан келет эми деп.
Карыганда Бакай абакең,
Кара жол карап жүрөрмүн,
Канышым качан келет деп.
Камсыгып ыйлап көнөрмүн
Абыке, Көбөш алты арам,
Азабына көнөрмүн.
Айылымдын четин чаптырбай,
Аташармын жүрөрмүн,
Айкөлдөн калган жалгыз уул,
Аманыңды тилермин,
Жакыпка кудай тең кылса,
Жакалашып жүрөрмүн,
Жараткан берсе тилекти.
Мен ошо кырк чоронун ишине,
Капа бир болом кичине,
Кызы талак тузу кор.
Кайнарга кантип барды эми
Кан Манастын ордого,

Кай бети менен кырк чоро,
Качырып найза сайды эми.
Атайын кеги барчулап,
Аттанып Жакып бул барса
Артынан душман барчулап,
Кырк чоро кошо жылкы алса
Шашпасын Каныш жан бала,
Жаратканга жалынып.
Касиеттүү кан Манас,
Арбагында колдосо
Аман-эсен Семетей,
Ат жалын тартып ал минсе
Абыке, Көбөш арамга,
Айтарбыз сөздүн кезегин
Кырк чоро кайда кетмекчи.
Эсен-аман бар болсок,
Беттешип жооп аларбыз,
Чыйырды, Каныш кайгырба
Биз дагы душмандан өчтү аларбыз
Кызы талак Кыргыл чал,
Кырк чоронун төрөсү,
Кылганы ушул болгон соң.
Кудайга койдм кырк чоро
Деп кан Бакай кайгырып.
Менин айткан ишиме,
Макул бол деп жалынып.
Каныкей менен Чыйырды,
Камынмак болду абакең
Мына ошондо кан Бакай
Айтып кирди жаңыдан,
Айланайын Канышым,
Саргарармын жүрөрмүн,
Санааңды тартып мен Бакай.
Салгылашта болормун,
Санаама келсе душманды.
Сайып жыгып коёрмун,
Кече арыстан Манас барында,
Абакем Бакай дечү эле.
Эми аргасыз жүрөм бу жерде,
Кан Манастын барында.
Көсөмүм Бакай дечү эле,
Көрүнүп калса кырк чоро.
Көрүнөрмүн көзүмө
Бир түшөрмүн эсиме.
Кече Алмакең байкуш өлгөндө.
Бээжинден бери чыгаарда.
Эсен кан кызы Бурулча.
Аманат аба сагаң деп,
Алмакең айтып түшүнткөн,
Аны да алып колума,
Аман бир багып олтурам.
Сенин ишиң бул болсо,
Армандуу Бакай карымын.
Абалы эми бөлөк деп,
Көңүлүңө албагын.
Көк жалдан калган бир туяк.
Аман багып сен келсең,
Мен айтайын ойлогун.
Эсен аман Семетей,
Кең Букарда чоңойсун,
Аман барсаң Букарга,
Менден салам айтарсың.
Кара кан сындуу атаңа,
Деп кан Бакай ойлонуп.
Санаасы санга толгонуп.
Сандыргалуу Бакай эр
Аралап жылкы барсамбы?
Канышымдын аргымак,
Атын таап алсамбы?
Деп ойлонуп турду эми
Кан Манаска мал атап,
Ак боз бээ сойду эми
Эки чоро жанында,
Эми Бакай бет алып.
Кан Манастын күмбөзгө,
Жан абам келди бастырып.

Ала тоо башы кор болду,
Арыстаным көзүң өткөн соң.
Абакең Бакай мен байкуш,
Алт арамга кор болду.
Улуу тоо башы кор болду,
Урматтуу Бакай өткөн соң
Улуп ыйлап энекең,
Алган жарың Каныкей,
Артыңда калган жалгыз уул,
Айкөлүм эми кор болду
Алманбет,  Чубак арыстандар
Силер бар да кан Бакай,
Өлүп албай не болдум.
Деп ошентип абакең,
Манаска куран окуду,
Баатыр балдар жүр деди
Кайнарда жаткан көп жылкы,
Карaaнын абаң таппады,
Кайра айлана келди эми.
Турнабай салып караса,
Чаткалда бир топ жылкы бар,
Абакем Бакай жетти эми.
Арыстан Бакай караса,
Арыстан Манас өлгөндө,
Асалап келген жалаң ат.
Алты жүздөй көрүндү,
Абаң Бакай жарыктык.
Аттардын баарын айдатып,
Качып калган жылкычы
Алтымыштай жан экен,
Аны Бакай кошо алып.
Артынан айдап жылкыны,
Айкөлдүн малы экен деп.
Айдап мында келди эми,
Аттарды атап Манаска,
Айылына келген элдерге,
Кедей менен кембагал,
Тегиз бөлүп берди эми,
Аралап Бакай өз малын.
Алманбет, Чубак жылкысын,
Четинен Бакай көрдү эми.
Арыстан Манас өлгөндө,
Катагандын кан Кошой,
Асалап келген чоң Тору ат
Жетелеп Бакай алды эми,
Көп жылкыны аралап.
Чыйырдынын ак борчук,
Кан Бакай таап келди эми,
Жараткан Алла кудай деп.
Каныкей менен Чыйырды,
Кетмек болду жаңыдан,
Касиеттүү кан Бакай,
Коңгуроо кепти салды эми.
Көзүнөн жашы куюлуп.
Көк жал Бакай абакең,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Арыстаныңдын баласын,
Аттантам алла бир кудай,
Жаабаадигер бир Алла.
Жалгаганың чын болсо,
Айкөлдүн жалгыз баласын.
Анык колдо эми деп,
Жалпы олуя бир тууган,
Жалгызым Семем аманат,
Аттангын Каныш жол болсун
Абада жылдыз оң болсун,
Тапшырдым Манас арбакка,
Жараткан өзү жар болсун,
Жасаган Алла колдосун
Төбөңдө жылдыз оң болсун.
Ак пайгамбар колдосун
Деп ошентип абакең,
Тай торудай бууданды
Каныкейге мингизип.
Ак борчукту Чыйырды,
Ага Бакай мингизип.

Эки күлүк ат менен,
Кан Бакай берген кат менен,
Жана күлүк ат берди,
Жолдо ичип кетсин деп,
Тамагын камдап мол берди.
Семетей менен Чыйырды,
Ак борчукка минди эми.
Каныкейдин карасын.
Кайран Бакай алдырып,
Барчу жериң алыс деп.
Алманбеттин көк чепкен,
Алып келип кийгизип,
Жоо жаракты бүт берип,
Жол азыгын мол камдап.
Өзүнчө атка артынып,
Абакең Бакай жетелеп,
Жоргонун белин ашырып,
Кайран Бакай абакең,
Зоругуп ыйлап бара атат.
Айланайын Каныш деп,
Айтамын кулак сал деди.
Айкөлдүн жалгыз баласын,
Абыдан жакшы бак деди.
Аттанып жолду кирермин,
Азабан тартып жатармын,
Сагынганда жыттайын.
Эт көйнөгүн Семемдин,
Мага берип кет деди.
Көрүп коюп жүрөйүн,
Аман болсо келер деп.
Аманат жанды мен багып,
Айланып карап жүрөрмүн.
Армандуу болгон абакең,
Азабыңдан күйөрмүн.
Алланын кылган ишине,
Мен ошон көнбөгөндө нетейин.
Көк жал Манас баласы,
Кош болгон эми кантейин.
Козголуп кайра көргөнчө,
Кош болгун Каныш нетейин.
Чыйырды менен Семемди,
Бир өзүңө тапшырдым.
Сен өзүңдү келемин,
Бир аллага тапшырдым.
Кербенден кабар айта жүр,
Саламат бекен Бакай деп.
Каттагандан кабар бер,
Кан абаң карар жолуңду.
Кан Манас уулу келет деп,
Белиме кемер курчармын.
Берeним сенин атыңан,
Белестен жолду кубармын,
Берендин жалгыз уулунан,
Берилген кабар барбы деп.
Кербенди карап турармын,
Кызыл таш башы кайыңды,
Кырка жолду чалармын,
Кырааным аман барбы деп.
Кыяда карап турармын,
Жаныма жолдош алармын,
Жаш кетти эле эми деп.
Жолуңду карап турармын,
Кош Каныкей, Чыйырды,
Алланын жазган жазуусун.
Көтөрбөй койгон жорукпу,
Кош Каныкей аманат,
Коштошсун Бакай саламат,
Аман барып, соо келгин,
Алаамат күндөн кутулуп
Канышым кетип барасың,
Эстегин Бакай карыны,
Эсиңден чыгып кетпесин,
Эзелки кыргыз конушуң,
Ойлой жүр балам Каныкей,
Оңбогон душман жоо калды.
Алына келсе Бакайды,

Аттанбайлык деген бар,
Айылыңда душман эчен бар,
Буудандын оозун чойгон бар,
Букарга Каныш аман бар,
Аргымак оозун чойгон бар,
Атакең турган Букарга,
Аман-эсен жетип бар.
Бер бери бер Сememди,
Бетинен өөп алайын,
Беренден калган жалгызды,
Бак сактагын аяйын,
Алдыңда бала өзү жаш,
Атанын бетин көрбөдү,
Ардыгып ыйлап мен Бакай,
Ардыккандан өлбөдүм.
Кош болгун жалгыз балам деп,
Коштошоюн эми мен,
Саламат болгун деп айтам.
Сандыргалуу элдин баласы,
Кура кармап кур жыттап.
Куркурата бек жыттап,
Көзүнөн жашы тамчылап.
Көк ала сакал Бакайдын,
Ээгинен ылдый акканы.
Тизеге келип тамчылап,
Көрүп турган адамдын.
Бүткөн бою калчылдап,
Караган адам дал болуп.
Кан Бакай ыйлап олтурса,
Каныкей менен Чыйырды.
Буркурап ыйлап бөлүндү.
Көрүнбөй алар калганча,
Адырма кыя белесте.
Көзүнөн курчу толгончо,
Абакем ыйлап олтурду,
Жанына келген жигиттер.
Жанына бир талдап олтуруп,
Кайраттуу Бакай ага деп,
Кан болгонуң кана деп.
Берен бир Бакай аба деп,
Безилдеп ыйлап олтурдуң.
Бектигиң сенин кана деп,
Туйгун бир Бакай аба деп,
Тууганың кетти алыска.
Тууганыңдан айрылып,
Тундурап ыйлап абыдан,
Кайраттуу Бакай аба деп.
Каңгайды бузган сен белең,
Кан Манастан айрылып.
Калдыңбы жалгыз абышка,
Кайратың катуу киши элең.
Капаланбай аттан деп,
Эмилдин уулу Эргекбай,
Эргеги ыйлап ошондой.
Эр тилеген эр тилейт,
Өзү менен тең тилейт.
Ошондо Бакай болукшуп,
Абакең кепти баштады.
Адырмада көгөлдүм,
Кан душмандан өгөлдүм.
Кабылан Манас барында,
Кангайды чаап мен алдым
Алманбет, Чубак,  Ажыбай,
Эр Сыракты жеп алдым.
Кара тоодон көч алдым,
Каңкарлардан өч алдым.
Кайраным Манас барында,
Калмакты чаап мен алдым.
Канаты жок куйругу жок,
Ай талаада мен калдым.
Асмандагы Көк чолок,
Арыганча жүрөмбү.
Арыстан Манас баласы,
Адам болуп бул келип.
Мен карыганча жүрөмбү,
Абыке менен Көбөштөн.

Өчтү алып өлөмбү,
Же болбосо кан Бакай,
Таш кыяда өлөмбү.
Деп абакең болукшуп,
Арыстан Манас өлгөндөй,
Абакем ыйлап келе атат.
Астына минген Көк ала,
Көпчүктөй болгон Бакайдын.
Ыйын угуп жаныбар,
Кулагын салып жапырып.
Айбан да болсо Көк ала,
Кошо ыйлады жашынып.
Кан Бакай боздоп ыйлады,
Карыган жанды ыйлады,
Берен Бакай ыйлады
Бери жакта турган жигиттер.
Ботосу өлгөн ингендей,
Калайык кошо сыздады,
Абакең Бакай ыйлады,
Алтын жанын кыйнады,
Көсөмүң Бакай ыйлады,
Көпчүлүк жанын кыйнады,
Калк атасы кадырман
Кадимки Бакай ыйлады,
Кайра басып ат минип.
Кан абам жолго түштү эми,
Касиеттүү Манастын,
Күмбөзүнө түштү эми,
Адырда малың ала баш.
Аргымагы аралаш,
Ащаптуу Манас не дейсиң.
Азабын тартып мен Бакай,
Арманым айтып ыйлаймын.
Тоодогу жылкы тообурчак,
Буудандын баары аралаш,
Муканып ыйлап мен келдим,
Арыстаным мени ала жат.
Ак шумкар кетти асмандап,
Арпанын башы жайыкка,
Ак тайган кетти жем издеп.
Адырма чөлдүү кайкыга,
Арбуудан кетти чөл издеп,
Кулан менен бөкөнгө,
Ошону менен турмакпы,
Артыңда жалгыз Семетей,
Балаң кетти Букарга,
Муңканып ыйлап мен калдым.
Карганда Бакай бейпайда,
Бээжиндин жолун чалганда,
Берeним тирүү барында.
Белгилүү абаң кокуй деп,
Өлүп албай не болдум.
Берендер сенин азабың,
Белгилүү Бакай көргөнчө.
Силерден мурун мен өлбөй.
Кагылайын арыстаным,
Карыганда энекең,
Чыйырды кетти Букарга.
Алган жарың Каныкей,
А дагы кетти Букарга,
Азабын тартып Бакайың.
Армандуу болду ушунча,
Атакең Жакып кас болду.
Теңдик көрбөй туугандан,
Тентип кетти Семетей,
Кастык көрүп Семетей,
Качып кетти Букарга,
Алган жарың Каныкей
Жоронун белин аша албай
Зоругуп ыйлап баса албай,
Канчык иттей бүрүштөп,
Тентип кетти Канышың,
Таластан качып Букарга,
Кирип кетти Канышың,
Тайган иттей бүрүшкөн,
Телип кетти Канышың,

Кең-Колдон качып Букарга,
Кирип бир кетти Канышың,
Улам артын кылчактап.
Канышың кетти карасуу,
Каңгырап ыйлап мен калдым,
Кайран Бакай капалуу,
Кан Манастын күмбөзгө,
Кан Бакай ыйлап алды эми
Алманбет, Чубак баатырга,
Атап куран окуду.
Баатыр Манас айкөлгө,
Бата кылып олтурду,
Андан чыгып кан Бакай,
Кызыл таш өөдө жөнөдү,
Үч кошой менен Кызыл таш,
Өрдөп Бакай келе атат,
Ичи жалын өрт болуп.
Өксөп ыйлап абакең,
Өрттөй ичи кайнады,
Семетейдин көйнөгүн,
Улам жыттайт кан Бакай.
Боздоп ыйлап келе атат,
Астына минген Көк ала ат.
Адырда Бакай ыйласа,
Аргымагы кошо ыйлап,
Алтымыш жигит жанында
Адырма шоро тоо менен.
Абакем Бакай келе атат,
Үч кошой өрдөп келди эми,
Бурулчанын ордого,
Абакең Бакай түштү эми
Бата окуп Алмаңа,
Баатыр Бакай сүйлөдү,
Айланайын келиним
Ардактуу жеңең Каныкей,
 А дагы кетти Букарга,
Эмне деген күн болот
Абакең Бакай бейпайда,
Абыке, Көбөш, кырк чоро,
Алардын баары кас болду,
Карганда жеңең Каныкей,
Чыйырды апаң баарысы,
Душмандын көрдү кордугун,
Өзөктөн чыккан өрт жаман,
Өздөн чыккан жоо жаман,
Өзөктөн чыккан өрттү,
Өчүрө албай жадайсың.
Өздөн чыккан жоо жаман,
Жаман болсо кысыталак,
Бастыра албай жадайсың.
Өзүмөн жаман жоо чыкты,
Эми балам айтамын,
Эч бир жакка карабай,
Эрегишкен душман көп,
Кашыма көчүп барсаң сен,
Каран болуп каласың,
Душмандан өчтү аласың,
Арыстан Манас баласы,
Аман келсе чырагым,
Мына ошондо кеп сүйлөйт.
Эсен кан кызы Бурулча,
Абаке Бакай карысың,
Айтасың сөздүн баарысын,
Аманат жаным тирүүдө,
Ал Манастын кырк чоро,
Үч кошой өйдө чыга албайт.
Кароол карап жатайын,
Беттешем деген баатырды,
Бетке атып турайын,
Капаланба кан аба,
Кан Жакыпча болобуз,
Жаныңа душман келе албайт.
Жата бер аба ойлобой,
Алты миң кытай үйү бар,
Алар да мында олтурат,
Эч ким келбейт коркпогун,

Өзүм күндө жол чалам,
Эми болсо мен сизге,
Айтып барып турайын,
Касиеттүү абаке,
Капаланбай аттан деп.
Бурулчадан кеп угуп,
Кайраттанды кан Бакай,
Азы көбүн ким билет.
Эми аттанды кан Бакай,
Өрдөп Бакай барды эми,
Кызыл таштын башына,
Алым келсе алсам деп.
Бакай жатып калды эми.
Мына муну таштайлы,
Каныкей менен Чыйырды,
Эми кабар баштайлы,
Ойрон жеңең Каныкей,
Бөксөнүн кайкы бел менен,
Бөрүлөр жүрбөс жер менен,
Адырма кыя сел менен,
Адам жүрбөс жер менен,
Жеңекең кетип баратат.
Арчалуу кайкы бел менен,
Арыстандар жүрчү жол менен,
Мына жеңең баратат,
Каныкей, чыйыр жол басып.
Ат аябай мол басып,
Алты күнү жол менен,
Алты күнү чөл менен,
Он эки күнгө толгондо
Кең Букардын эшиги,
Алыстан эми көрүнүп.
Айтылуу Букар калаага,
Жеңекең калды жакындап.
Балтыр бешик баласын,
Баатыр Каныш жеңекең,
Багып келет талаада,
Оң ийнинде сыр бараң,
Опсуз балбан жигиттей,
Ойротто жок эрге окшоп.
Ойрон Каныш келе атат
Бура тартып жол басып,
Буудан менен жол ашып,
Келишимдүү Букардын,
Мунарасы көрүнүп,
Көргөн кезде Каныштын,
Көзүнөн жашы төгүлүп.
Кенедейден өскөн жер,
Жерин көрдү Каныкей,
Айланайын эне деп.
Бөрүтөрө менен Ысмайыл,
Эки иним бар мында деп.
Атакем менин карыган,
Кара канга барбайлы,
Ысмайылдын сарайга,
Эми барып түшөлү.
Жолоочудай бололу,
Чоң сарайга конолу
Ысмайыл канга биз ошо,
Анан барып конолу,
Деп Каныкей айтты эми,
Макул балам эми деп.
Чыйырды макул алды эми,
Жоо жарактын баарысын,
Кайран Каныш чечти эми
Аялдардын кийимин,
Абдан сонун кийди эми,
Алдына Каныш баштады
Эми көрүп Букарды,
Булар да келе жатышат,
Күндүн алды батарда,
Күмү ойдун ташындай
Күрмөлгөн Букар калаага,
Жеңекең келип кирди эми,
Астында жеңең бастырып,
Артында келет Чыйырды,

Бозборчук менен камчылап.
Жорголотуп жол басып
Жол жоргосу мал экен
Жан кейитпес мал экен,
Жандай салып энеси,
Семетейди өңөрүп.
Айтылуу Букар калаага,
Эми кирип келишти.
Ысмайыл кандын сарайга,
Жеңекең келип токтоду.
Каракан уулу барбы деп,
Каныкей келип сурады,
Алты жигит жүгүрүп.
Канга кабар берди эми,
Алыстан келген түрү бар.
Экөө тең аял экен деп.
Кабарды угуп Ысмайыл,
Алыстан аял келгенин
Бул эмине болгон деп.
Өзү мында келсин деп,
Улуксат эми берди эми,
Мына ошондо Каныкей,
Чыйырдыны ээрчитип.
Эр Ысмайыл баатырга,
Эми кирип келди эми,
Эжесин көрүп Ысмайыл
Эми ыйлап ийди эми.
Алтын күндүү, күн жүздүү,
Ардактуу эже эсенби,
Күмүш күндүү, ай жүздүү,
Каухарым эжем эсенби,
Кара тоо башы Бозтумшук,
Ураганда келдиңби,
Кайран жездем кан Манас,
Сулаганда келдиңби,
Ала тоо башы Кара зоо,
Ураганда келдиңби,
Алтындай болгон жездекем,
Сулаганда келдиңби,
Арманың түшүп башыңа,
Арыганда келдиңби.
Аманат жандан чочулап,
Шашканыңда келдиңби,
Калың кыргыз элиңиз,
Кайгырып ыйлап калдыбы,
Кайраттуу Бакай карыя,
Капага аны салдыңбы
Кандуу согуш күн болуп.
Таласта элди чаптыбы?
Калдайдын каны Коңурбай,
Калча келип калдыбы?
Эминесин сен көрүп,
Эртелеп чыктың Таластан,
Ай айланып жыл өтпөй,
Эжеке эмне шашканың,
Ак кула минип жол чалса,
Чаалыкпаган жездекем.
Алтай чыгып жол жүрсө,
Арыбаган жездекем
Алты сан жоону көргөндө.
Талыкпаган жездекем,
Аскалуу тоонун башы элең,
Айкөлдүн көзү өткөндө.
Азап тартчу жан белең,
Бозадырдын чоң тумшук,
Ургугандай жездекем,
Ак кула минип жүрчү элең,
Ала тоодой бел элең,
Эми барсам кантем деп,
Камындым эле бармакка.
Касиеттүү жездеме,
Куран окуп кайтмакка,
Катыгүн эже не болду,
Сенин кандыгың кайда жоголду,
Кайдан келдиң сен мында,
Каранын башка салышып,

Карыганда бейпайга.
Кайран жезде салдыңбы?
Улуу тоодой көргөн элем
Улуу кыргыз баласын,
Урматың алтын жездекем,
Семетей жетим калганы,
Букарга келет дебегем,
Бээжинди чаап алдың сен,
Беренim жезде кол салдың,
Белгилүү шердин баласы,
Мында келет дебегем
Ала төш ак күңгөй
Ураганда көрдүмбү?
Айкөл Манас жездекем,
Сулаганда көрдүмбү,
Арпанын башы жайык зоо,
Ураганда келдиңби?
Алтындан артык жездекем
Сулаганда келдиңби?
Жети төр башы кызыл зоо
Ураганда келдиңби?
Жеткилүү айкөл кабылан
Сулаганда келдиңби?
Кайдан душман жоо чыкты.
Айланайын эжеке,
Айты кулак салайын,
Калың аскер жоо менен,
Мен Таласка барайын,
Айкөл жездем жаткан жер
Силерди кууган жоо менен.
Урушту катуу салайын,
Ажалым жетсе Таласта,
Айкөл Манас жездеме,
Аякташа калайын,
Аманат жандан кечейин,
Атаңдын көрү душманга,
Мен азабын эми берейин
Жол эсебин алайын,
Жолго аскер мен коюп.
Жол ала турган жоо болсо,
Жолдон тозуп жатайын,
Арыстан Манас жездекем,
Ооруганда барганмын,
Ошондо неге айтпайсың.
Ойдо душман бар десең,
Он миң аскер коймокмун,
Ойрондун ашы болгончо.
Ошолор сени сактамак
Катыгүн эже не шумдук,
Каракан кызы Каныкей,
Калык бийлеген киши деп
Кабарың кеткен каңгайга,
Айкөлдүн жары Каныкей,
Адам мындай болсун деп.
Атагың чыккан ааламга,
Кабыр менен мусулман,
Билбеген киши бар бекен.
Айкөлүң Манас өлгөндө.
Ошондо не айтпайсың,
Ичимде душман жоо бар деп.
Имерилип мен жүрдүм,
Илгени болду Таластан.
Айга жакын убакыт.
Эртең барсам дегенмин,
Эр Манаска бата окуп,
Мен барганча Таласка.
Эжеке эмне болбодуң,
Эл укса эмне айтамын,
Эр Манастын зайыбы,
Эри өлгөндө качты деп.
Элиң ушак кылгандыр,
Абыке, Көбөш, кан Жакып.
Туугандыгын айткандыр,
Алаңказар иттердин.
Азапты Чыйыр байбиче,
Абдан катуу тарткандыр

Башыңа түшүп эжеке,
Эри өлгөндө аялга,
Төркүнү жакын болот деп,
Белдемчиңдин түбүнө,
Бек бекитип кабыштап.
Беренден калган жалгыз деп,
Букарды карай тартыпсың,
Алып келдиң Семеңди,
Аман-эсен сен келдиң.
Айкөл Манас өлбө деп,
Азабын тартып энекең
Алыс жолго келди деп,
Айланайын жездекем
Ала жатчы мени деп,
Оң бөйрөгүн таянып
Ойронум жездем деп ыйлап,
Сол бөйрөгүн таянып
Солтонум жездем деп ыйлап,
Касиеттүү кан Манас,
Кара кийип Каныкей,
Кең Букарга келчүбү.
Катыгүн жезде өлбөгүн,
Эрден аял айрылып.
Элинен азып келбесин,
Эри өлгөндө аялга,
Мындай ишти бербесин,
Атагың кеткен Алайга,
Арбагың жеткен далайга,
Айкөл Манас жездекем,
Артыңда жалгыз туягың.
Аман болсо чоңоёт,
Аялың менен энекең,
Азыр келди Букарга,
Азаптуу дүйнө не дейсиң,
Арманды айтып мен ыйлап.
Абыке, Көбөш жаман деп,
Айтканың чын турбайбы,
Көзүңдүн кырын Канышка
Сала жүргүн Ысмайыл,
Семетей менен Канышты,
Ала жүргүн Ысмайыл
Деген сөзү чын экен,
Карыган Бакай карыя,
Каралаш деп айтты эле.
Катыгүн жездем билиптир
Кандай айла кылайын.
Аскерди мыктап жыйнайын,
Андан көрө мен барып,
Жакыпты чаап алайын,
Айланайын эжеке,
Эми эс алып сен жаткын.
Элге кабар берейин,
Каракан биздин атабыз.
Ага да айтып коёюн,
Деп Ысмайыл айтты эле.
Мына ошондо Каныкей,
Айланайын Ысмайыл,
Менин тилим сен алсаң,
Эч адамга айтпагын.
Береги турган баланы.
Бек сактайт деп сага келдим.
Армандуу дүйнө не дейсиң,
Абыке, Көбөш жоо болду,
Манастан калган кырк чоро,
Кошо жылкы тийишти,
Абакем Бакай жарыктык.
Буркурап ыйлап ал калды,
Керилген Кең-Кол жер калды,
Калың кыргыз эл калды.
Атайын издеп мен келдим,
Ысмайыл сендей инимди.
Атабыз биздин Каракан,
Бул кишиге айтпагын,
Мен барайын ал эми.
Өзүм тирүү сарайга,
Жат душман муну билбесин,

Кыркып берем чыбыкты,
Кылып берем ырымды.
Ысмайлдын уулу деп.
Эл айткандай кылайын
Деп Каныкей айтты эми,
Макул эже эми деп,
Ысмайыл кабыл алды эми
Чыйырды менен Каныкей,
Кыркып ийип чыбыкты.
Кылып берди ырымды,
Эр Семетей баатырды,
Ысмайылдын уулу деп.
Жер түбүнө бактырып.
Жети миң адам кайтарып,
Мына Каныш кеп айтып.
Айланайын Ысмайыл,
Сен Таласка барбагын.
Барганда колуң көп болсо,
Мал чабылып, үй сынат
Бөөдө элдин убалга
Сен Ысмайыл калбагын
Анда да эчен балбан бар
О Манастын кырк бөрү
Оңой-олтоң жоо эмес
Менин тилим сен алсаң,
Тим койгун элди жайына
Каныкей кетти качып деп,
Кайда кетти акыр деп.
Жүрө эле берсин такыр деп
Алар да жатат кам жебей,
Абакем Бакай карыя
Айтабыз кетти кербен деп,
Аман-эсен жатат деп.
Каныкей айтып түшүнтүп,
Өз ордосун Каныкей.
Өзүнчө бөлүп алды эми,
Калдайган шаардын бир чети.
Женекеңдин ак сарай,
Кыз кезинде Каныкей.
Ордосу эле чоң сарай,
Бала кезде чоң сарай.
Падыша ата караган,
Атайын арнап көтөрүп.
Аман болсо Канышым,
Келген адам көрсүн деп.
Кандай адам салдырган,
Айтып мени жүрсүн деп,
Бийик сепил, таш дубал.
Сыртынан өзүң карасаң
Адам даап бара албайт.
Он эки жерде дарбаза,
Ар дарбаза түбүндө
Алты миңден колу бар,
Айтылуу Каныш сарайы
Кең Букарга таанымал.
Көргөн адам таң калган,
Сепил жалаң бышкан кыш,
Далай уста жадаган,
Жеңекеңдин чоң сарай.
Кабарын укса бир далай
Каракан кандай киши эмес,
Канча жылда бүтүргөн,
Айтып мени жүрсүн деп.
Атактуу сарай калаага,
Жеңекең келип түштү эми,
Манастын уулу Семетей,
Ысмайылдын уулу деп
Улуу-кичүү укту эми
Каныштын болгон иштери
Кандай болсо өтүптүр,
Манастын уулу Семетей
Жер түбүнө жаткызып
Адамдын көзү тийет деп
Арс аштатып бактырып
Ар жумадан ар жума
Сарала серке алдырып.

Таякеси Ысмайыл,
Садагага чаптырып,
Кара торпок алдырып.
Кескилетип жиберип,
Жети жашка келгенче,
Жер алдында бактырып.
Жеткилең шердин баласын,
Жети жашка келгенде,
Кармап берип молдого,
Кат окутуп кожого,
Байлап берип молдого
Барз окутуп кожого
Сегизине келгенде,
Дарс окутуп молдого,
Бирөөнүн үйүн көрсөтпөй,
Кырдуу кийим кийгизбей,
Ысмайыл багып келе атат.
Тогуз жашка келгенде,
Астына мылтыкк аттырып.
Качыртып найза сайдырып,
Кабылан шердин баласын,
Ар окууда маш кылып.
Багып жүрөт Ысмайыл,
Эмине айтса тилине,
Көнүп жүрөт Ысмайыл
Алтымыш балбан жанында,
Айкөлдүн жалгыз баласы,
Аман-эсен Ысмайыл.
Багып жүрөт асырап,
Ысмайылды ата деп.
Каракан болду чоң ата,
Кадимки Манас баласы,
Он жашына келгенде,
Ойрон шердин тукуму,
Опсуз тентек болду эми,
Болбогон иштер башталат
Көчө кетип баратсаң.
Көк жал шердин баласы,
Мылтык атып, жаа тартып.
Жеке чыккан балбанды,
Жекеден алып ыргытып.
Бетине келген адамды,
Калкан менен бир кагып.
Он бирине келгенде,
Болбой ичти бозону,
Боздотуп урду кожону,
Өз жанына топтоду,
Мен-менсиген балбанды,
Беренден алды бир сексен.
Баатырдан алды бир сексен,
Алптан алды бир сексен.
Чорону күтүү жанына,
Чоң болду бала абыдан.
Астына бала мингизип,
Ысмайылдын көк тулпар.
Үстүно бала ийгизип,
Жанына Семең алганы,
Ысмайылдын кылычы,
Тилегине тең болду
Айкөл Манас баатырдай,
Ашкере чыкты Семетей,
Андай ишти ойлобойт,
Өөдө төмөн иш болсо
Өлөмүн деп ойлобойт.
Ысмайыл менен Каракан,
Бөрүтөрө болбосо,
Мындан башка Букарда,
Жан экен деп ойлобойт.
Кой сойбогон кожону,
Кокуйлатып Семетей.
Каяша берген эшенди.
Какылдатты Семетей.
Соодадагы байларды.
Бакылдата сабады,
Ысмаыл уулу эр болду.
Бул Букарга сордукту

Семетей салды кордукту,
Адырдан көрсө кожону,
Айдап келди Семетей.
Асан айткан калчаны,
Корголотту Семетей,
Базарда сатчу байларды,
Байлап сабап Семетей,
Тапкан дүйнө канча деп,
Карып менен мискинге
Казыр тарат эми деп.
Кайнап жүрөт Семетей,
Эр Семетей келе атса.
Кожолор калды жүгүнүп,
Келе атат баатыр кандай деп
Колун алып бооруна,
Кожонун баары жүгүнүп.
Селделерин чубалтып,
Эшениң келип бүгүлүп,
Арыстан эрдин баласы,
Айтканыңа көндүк деп.
Мечиттен түшкөн көп дүйнө,
Мынакей алып келдик деп.
Аны көрүп Семетей,
Жарым-жармак албастан,
Кайырчы менен карыпка,
Кайран бала таратат.
Базарчылар бүрүшөт,
Байлардын баары бүгүлөт.
Баатырың Семең өткөнчө,
Келин болуп жүгүнөт.
Менин тапкан дүйнөм деп,
Алып келип алдына.
Муну Семең алдырат
Жанындагы жигитке.
Чоң базарга салдырат,
Жети бала бар болсо,
Жети уучтап бергин деп.
Жесир кемпир бар болсо,
Жети жолу бергин деп.
Бечара карып, мунжу бар,
Ушуларга бергин деп.
Чоң базардан таратат,
Бечара, карып, мунжулар,
Рахмат айтып Семеңе,
Эшен, молдо, кожосу,
Эл башкарган чоңдору,
Бир күнү акыл салышты.
Казы, молдо, миң башы,
Калк башкарган кор башы,
Кара канга баралык.
Арызды айтып салалык,
Бул баласын Ысмайыл,
Тыйса экен деп айталы,
Деген сөзгө көн дейли,
Падышабыз Каракан,
Бул тентекти тый дейли
Мына ошентип кеңешип.
Жалпы Букар чоңдору,
Чогулушуп алды эми,
Эчен мыкты чоң болуп.
Кара кан сындуу канына,
Атайын барды сарайга,
Арманын канга айтышка.
Беттеп барды буларың
Семетейди айтмакка,
Кылган ишин Семеңдин.
Кектеп барды ушулар.
Арыз арман бүт айтып,
Кара кандын өзүнө.
Беттеп барды ушулар,
Кара кан биздин каныбыз.
Арманын айтат элиңиз,
Асманда айдай каныбыз,
Айтабыз сизге датыбыз
Береги келген эл башы,
Шаарыңды билген көп жакшы,

Эшен молдо калча бар.
Эл бийлеген мыкты бар,
Береги балаң Семетей,
Болбой ичип бозону
Боздотуп урат кожону.
Айткан тилди албады,
Адам деп бизди санабайт,
Алды артына карабайт,
Киши деп бизди санабайт.
Өөдө-төмөн карабайт,
Өкүм бала эң тентек,
Эч текени санабайт.
Ысмайылга айтсаңыз,
Ушул уулун тыйса экен,
Базарда байды сабады.
Соодалап алган акчаны
Кедей менен кембагал,
Ошолорго алып берип.
Кожонун тапкан тыйынын,
Койчуларга таратып.
Эшендин тапкан эмгегин,
Элден кайыр сураган,
Эшекченге таратып.
Байлардын тапкан тыйынын,
Баарын тартып бул алат,
Жарым тыйын өзү албай,
Жетим бала бар болсо
Жети уучтап бир берет,
Жесирге уучтап бир берет.
Ушуну үчүн биз келдик,
Деп эл бийлеген чоңдору,
Баары айтып жалынып.
Макул эми деди эми,
Калкын каны таратты.
Каа кан алды чакырып,
Ысмайылдын баласын,
Ысмайыл ага кеп айтат.
Манастын уулу Семетей,
Ашкере тентек болду деп.
Акимдер келди арызга,
Бул Манастын баласын,
Эптеп келип тыялы,
Элге жармак салалы.
Семетей сенин балаңды,
Кан көтөрүп салалы,
Букардын каны болгон соң
Токтолор бекен Семетей,
Мындан кабар алалы.
Акылы токтоп кан болсо,
Азамат болуп эр жетти.

## КАНЫКЕЙДИН ТАЙТОРУНУ ЧАПКАНЫ

Элиңе жарлык салалы,
Жетикан Букар элине,
Каракан баштап той болот
Деп эми айтты кан,
Ысмайыл макул алды эми.
Элине жарлык салдырып.
Шаарга жарчы жар салды,
Салам айтты Кара кан
Карыганда той берет,
Семетейдей баласын,
Кан көтөрөт элине,
Кадимки Букар жерине,
Каалсаң кайда баары бар,
Ушуну элим эсиңе ал,
Бул кабар тийди элине,
Кайнаган Букар жерине.
Мыктылар эми келишти,
Букардын каны Каракан,

Бугаң салам беришти.
Көп жакшы эми келишти,
Канына салам беришти,
Тоюңуз каным кут болсун,
Ишиңиз кудай колдосун.
Мына ушуга карата,
Каракан той берди деп.
Кабарды Каныш укту эми,
Кагылайын энеке ай,
Каракан ат чабат дешет.
Калкы жашайт түлүнүп,
Тай торудай бууданды,
Байгеге коюп алалы.
Арчалуу күлүк, туу чунак,
Буларга торуу аргымак.
Арыстан Кошой, кан аба.
Айкөлүң көзү өткөндө.
А сага берген аргымак
Бек суутуп алайын,
Бөксө жолго салайын
Аман-эсен Тайтору.
Байге берип кошулса,
Чыгып келип жүрбөсүн
Касиеттүү кан эле,
Ойлочу менин сөзүмдү,
Деп Каныкей айтты эми,
Мына ошондо Чыйырды,
Айланайын Канышым,
Өзүңдүн атың өзүңдө
Байлап койсоң турбаган,
Балбан жылкы көрүнөт,
Бактыбыз биздин ачылып.
Батасын алып атаңдын.
Бастырып элге барбайлы
Айкөлдөн калган Семетей,
Эми бир таап жүрбөсүн,
Жылгындуу Кең-Кол кең Талас.
Жерим бир таап жүрбөсүн,
Калың кыргыз ак калпак,
Элин бир таап жүрбөсүн,
Менин айткан кеңешим,
Балам Каныш не дейсиң.
Баатыр абаң кан Кошой,
Ал сага берген мал болсо,
Анын жайын билейин,
Атыңды эми көрөйүн,
Жетелеп келди Каныкей.
Жебелүү күлүк торуну,
Ай туякка мал союп.
Айтылуу буудан торуну,
Чыйырды көрдү көз салып.
Чын тулпарды бир карап,
Ата Каныш келиши,
Астыңда турган Тайтору,
Минбей турган мал бекен,
Бет алышып душманга,
Кирбей турган жан бекен.
Келишимдүү чоң тору ат,
Арыстандардын арбагы,
Колдоочу мал бекен.
Камарабай Канышым,
Кандыра суутуп атыңды.
Байгеге түшүп сен баргын,
Бөтөнчө жерин сен алгын,
Адырга түшүп сен баргын,
Аябай жерин сен алгын.
Эки күнү суутсаң,
Эти-майы ачылар
Бууданга камчы сен бассаң
Буруксуп тору чынбайбы,
Менин сөзүм сен уксаң,
Ишиңди кудай колдосун
Аттангын Каныш жол болсун
Аман-эсен Тайтору
Асмандап учуп жүрбөсүн,
Арыстандардын арбагы,

Канышын эми колдосун.
Атыңды жакшы суут деп,
Чыйырды берди улуксат,
Мына ошондо Каныкей,
Арчалуу күлүк тору атты.
Адырга түшүп Канышың,
Абыдан терин алды эми,
Андан кийин Каныкей,
Бөксөгө түшүп барды эми,
Бөксөнүн жолун чалды эми
Бөтөнчө кумга түштү эми,
Бешимге чейин суутуп.
Анын да күнү келгенче,
Арчаалуу күлүк Тору атты,
Абыдан багып жатканы.
Жети күнү болгондо
Каракан калкы жар салып,
Ат чабылат эми деп.
Канышка кабар тийди эми,
Кайран жеңең Каныкей,
Арчалуу күлүк бууданды.
Жетелеп эми келди эми,
Айланайыни энеке,
Эми айтам ойлочу,
Аман-эсен Семетей.
Эми тапсын дегеним,
Чыкпай буудан калабы.
Батаңды эми бергин деп,
Баатыр шердин зайыбы,
Басып келди энеге
Касиеттүү Чыйырды,
Күн батышка бет алып.
Айланайын Канышым,
Арбагы Манас колдосун,
Астыңа минчү Тайтору,
Бүгүн Манас жан төрөң.
Тирилгендей кубангын
Жалгыз уулуң Семетей,
Жаныңда кошо Таласка.
Барганыңдай кубангын
Жараткан өзү жар болсун,
Ак пайгамбар колдосун,
Ишиңди Алла оңдосун,
Аттангын Каныш жол болсун
Эки жигит жетелеп,
Алып келди Торуну,
Ат абуучу бала деп.
А дагы таап келгени
Каныкей кылган ак нокто,
Тайтору атка чак нокто,
Алтымыш асый Тайтору
Кашка тиши кададай,
Кара көзү айнектей,
Семизинен жаралган.
Сеңсели жалын тараган,
Карап турган адамзат,
Менин атым болсо деп.
Далай дөөлөр самаган,
Келишимдүү чоң Тору,
Жото жилик жонгондой.
Кашка жилик каккандай,
Кең соорунун үстүнө,
Төшөк салып жаткандай,
Кулагы бар каткандай,
Каган соору капкак бел,
Камыш кулак, сом туяк,
Кадимки буудан улуу ат.
Ат-башыда туулган,
Айтылуу абаң Кошойдун,
Аттары менен багылган,
Келшимдүү мал экен,
Асыйын санат олтурсаң.
Алтымы асый мал экен,
Келишимдүү бул Тору ат
Келип Каныш токуду,
Жакут айнек тургабай

Маңдайына төктү эми
Каныкей кылган чоң жабуу,
Соорусуна жапты эми
Көкүлүнө тумардан
Алтымышты төктү эми
Куйругун Каныш түйдү эми,
Жаратканга жалынып
Баатыр Манас арбагы,
Колдогун бизди эми деп.
Кайран Каныш жөнөдү,
Акборчук менен бастырып.
Кайра тартпас баатырдай,
Кайрттуу Каныш жөнөдү
Арча тору буудандын
Арандай оозун ачмакка
О дүйнө кеткен Манастын
Арбагына сыйынып
Бууданды жеңең жетелеп
Буруксуп жолго кирди эми
Баатырлардын арбагын
Ушул жеңең эстеди
Атанын арман дүнүйө
Кадимки Талас жер болсо
Калың кыргыз эл болсо
Жеңекемдин аты деп
Жетине албай көп кыргыз
Желегин алып көтөрүп
Жер жарылтып сүрбөйбү
Жети сан элин аралап
Жеңекең келди жаңыдан
Арча тору буудандын
Азыр атка кошмокко
Алла таала кудайдын
Бир жазуусун көрмөккө
Ажалы жетсе Каныкей,
Тору аттан мурун өлмөккө.
Кайнаган элди аралап,
Чубатууга Тору атты.
Кайран Каныш салды эми,
Кай бир буудан каксаруу
капканбы,
Кай бир тулпар,
Ырай мойгон жез билек,
Кай бир атты карасаң
Аркасы бийик соору пас,
Алты ай минсе арыбас,
Кай бир атты карасаң,
Камш кулак,  сом туяк,
Кай бир атты карасаң,
Чекеси менен караган,
Жат кишини көргөндө,
Жеп ийчүдөй самаган,
Алты жүз отуз ат болуп,
Ала байрак кызыл туу,
Ат тору чубап өттү эми,
Алты жүз аттын соңунан,
Арча бууданды жеңекең кошуптур,
Кең Букардан кеп чыгып.
Арасында кандардан,
Анча-мынча сөз чыгып,
Бул карыган падыша,
Карыган кызын тыйса го,
Адырдан ташын катса го,
Бул карыган падыша,
Орто жол кызын тыйса го,
Деп ошентип  баарысы,
Караканга барды эми
Мына ошондо Кара кан
Канышты алды чакырып.
Айланайын Канышым,
Кандар арыз болушту,
Карыганда Каныкей.
Ат чабам деп ээлигип,
Эмине болуп кеткен дейт,
Эй Каныкей кулунум
Аттын жайын айтайын

Өзүмдүн атым Ак тулпар,
Муну кошуп чаптым мен,
Ысмайылдын Чоң кашка,
Бөрүтөрөнүн Кара кашка,
Кара кандын чоң жээрде ат.
Бөрүтөрөнүн көк тулпар,
Ушуларды биз коштук,
Керек болсо байгесин,
Кааласаң баарын сен алгын.
Койгун балам ат кошпо,
Менин  тилим сен алсаң,
Ак тулпардын байгесин,
Камчыга ченеп сен алсаң.
Баш байгени сен алсаң,
Ыраазымын мен балам.
Бөрүтөрө менен Ысмайыл,
Инилериң таарынаар,
Деп Каракан айтканда
Каныкей калды унчукпай
Чабамын деп айта албай
Атанын сөзүн кайтарбай
Каныкей чыкты эшикке
Бозборчукка минди эми,
Ат айдаган жигитке,
Жете келди Канышың,
Кара болот сыр найза,
Кайран Каныш колго алды
Ат айдаган сен кимсиң,
Көзүңдү ачкын эми деп.
Эргиш-эргишти көптаяк,
Коюп коркутуп,
Карагын менин атым деп.
Чоң торуну таптырып,
Жеңең келе жатканда,
Караган адам таң калды
Ары балбан ары шер,
Алп түгөлү ушул эр,
Кайдан келген жан дешип.
Жети кан эли таң калды,
Оң ийнинде сыр бараң,
Ойрон Каныш асынган,
Кылыч белде кылактап.
Канжары бута чойкоюп,
Капшытында сыр найза,
Ай тийгендей болкоюп.
Эшик төрдөй ай балта,
Билекке Каныш чалыптыр,
Кара болот бүлдүрсүн,
Чапса кулак тундурсун,
Кой сойбогон кожону,
Кокуйлаткан бүлдүрсүн,
Каяша берген катынды,
Кайкалаткан бүлдүрсүн,
Жеңекең колго алыптыр.
Айкөл шердин зайыбы,
Аралап келип калыптыр,
Семетейим келет деп,
Жасап жүргөн суусар бөрк,
Чоктугун өзү тактырган,
Энеси мунун Чыйырды,
Келинине бактырган,
Жалгызымдын суусар бөрк,
Башына баса кийиптир.
Чачын жеңең Каныкей,
Так төбөгө түйүптүр,
Жалгызымдын айынан,
Эркекче атка миниптир.
Санаасы санга бөлүнүп,
Саламаттуу бей таалай,
Алтымыш санаа бир келип.
Айкөл шердин зайыбы,
Аралап элди кирди эми,
Атаганат бул ким деп,
Баатыр экен шер экен.
Бул кайдан келген неме экен,
Дешип элдер таң калып

Таанышгандар Канышты,
Аян-ушак кеп кылып,
Бакборук минип бакылап,
Бул Каныкей бейбак кыз,
Тийишкени келген бейм,
Эр таба албай букардан,
Жети кандын бирине,
Тийишкени келгенби,
Ургаачыдан уз эле,
Аялда мындай жок эле,
Канымдан чыккан алп эле
Кайраттуу бейбак бул эле
Жети кан элин а бүгүн
Чапчу түрү көрүнөт.
Кан ичмеси кармаса,
Катылган адам тим калбайт,
Кыз кезинде далайды
Найза менен кыйраткан,
Кайдан келди бул бейбак,
Калыкты өзү караткан.
Дешип элдер айтышты,
Мына ошондо Каныкей,
Бозборчук менен бастырып.
Калыктын ичин аралап,
Кайра жолдо келе атат,
Кайда экени билинбейт.
Аттарды качан келет деп.
Каныш ойлоп жол жүрдү,
Эки күн мурун келет деп,
Айтып кетти артынан,
Санап Каныш жөнөдү.
Эки күн өткөн белеске,
Жеңекең келип токтоду,
Мына ошондо Ысмайыл.
Элден бүгүн кеп угуп,
Кара кандын Канышы,
Карыганда ат чапты,
Алтымыш асый экен деп.
Элден укту Ысмайыл,
Ачуусу абдан келди эми,
Кеңешпейби бизге деп.
Бул эмине кылганы,
Карыганда Каныкей,
Кандай ишти баштады.
Эмне болсо көрөйүн,
Семетейди жиберип,
Кабарды андан алайын.
Деп Ысмайыл ойлонуп.
Ордосуна келди эми,
Эр Семетей баатырды,
Чыкырып алды жанына,
Ысмайыл эми кеп сүйлөйт.
Эй Семетей кулунум,
Өткөндөрдөн кеп угуп.
Карыганда Каныкей,
Кан Манастын зайыбы?
Алтымыш асый ат чапты,
Деген сөздү мен уктум,
Кой десе болбой тил албай,
Каныкей чапты тору атты,
Чыгып келсе чоң Тору.
Сүрөп келген кулунум,
Чыкпай калса Тай тору,
Карыганда Канышты
Даңгыттарга союп кел,
Көчөлөргө сүйрөтүп.
Эки көзүн оюп кел,
Деген сөзгө көнүп кел
Асты келсе Тай тору,
Кан Манастап сүрөп кел,
Чыкпай калса Тай тору,
Адырды байлап барып кел
Оңбогон эжең Канышты,
Ошол жерге союп кел,
Менин тилим сен алып.
Сексен жигит  сен алып.

Токтобостон баргын сен,
Аттан кабар алгын сен,
Буудан менен сен баргын,
Эжеңден кабар сен алгын,
Деп Ысмайыл айтты эми,
Мына ошондо Семетей,
Сексен жигит ээрчитип.
Ай талаа адыр чөл менен,
Каныкей кайда болду деп.
Эр Семең издеп жөнөдү,
Мына ошондо Каныкей,
Бозборчук менен жол жүрүп.
Ай талаа барды белди ашып.
Мына ошондо карасаң,
Жылаңач кыдыр бир балаа,
Ой Каныкей деп сүйлөйт,
Боюңду сууга салып ал,
Бой даратың дагы ал,
Колуңду сууга салып ал,
Кол дааратың дагы ал,
Өзүңдөн чыккан Семетей,
Ысмайылдан кеп угуп.
Карыганда Каныкей,
Ат чапты деген сөздү угуп,
Чыгып келсе Тай тору,
Сүрөгүн деп жиберди,
Чыкпай калса чоң тору,
Сенин эшектей кардың эш деди.
Койдой башын кес деди.
Эй Каныкей кургурум,
Жалынсаң укпайт кебиңди,
Энең болом десең да,
Эч айбыкпайт кулунуң,
Ойлогун байкуш Каныкей,
Ушул сапар сен байка,
Элдин жөнүн айтамын,
Атайын кабар айтмакка,
Мен келип сага турамын
Деген сөздү Каныкей,
Өз кулагы укту эми,
Көңүлү кетти бузулуп.
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Атаны арман күн болот,
Ай караңгы түн болот,
Арам өлгөн Тай тору.
Чыны менен байгеден,
Чыкпай бүгүн калабы,
Кашкалдак деген кайран куш,
Кайрылбай учат көл үчүн,
Каралуу жесир дедирбе,
Карындан чыккан бала үчүн,
Безбелдек деген кайран куш,
Безлдеп учат көл үчүн,
Бети жок жесир дедиңер,
Өзүмөн чыккан бала үчүн,
Укумунан тукуму,
Арта тууган баласы,
Айкөлүмдүн жалгызы,
Ак эмчегим эмгизген.
Албан тамак жегизгем,
Алтын энең мен десем,
Айтканыма көнөбү,
Ак эмчегиң мына деп.
Жалынсам укпас кебимди,
Кылган ишиң булбу деп.
Адырларга сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарат ээ,
Ардактап баккан алтын баш,
Карга кузгун чокуйбу,
Каухардай болгон эки көз,
Сагызган келип чокуйбу.
Каалгадай алтын тиш,
А бүгүн сагызган чыгып оёт ээ,
Каухардан алтын ал дене,
Ай талаада калабы,
Өз баласы өмүрдү,

Ушуну көрмөк болчу деп.
Уккандар айтып кеп кылар,
Өз башына өзү деп.
Душманым менин кеп кылар,
Жараткан Алла бир кудай,
Жазганы ушул беле деп.
Кайран Каныш ыйлады,
Алтын бир жанын кыйнады,
Акчардак деген алтын куш,
Айланып учат көл үчүн,
Арсыз Каныш дедирбе,
Жатындан чыккан бала үчүн,
Боз торгой сайрайт талаада,
Бозуму артык жазмышы,
Бозорто көрбө жараткан,
Өзөктөн чыккан бала үчүн,
Ак булбул сайрайт жол менен,
Агарта көргүн жараткан,
Адырдуу кыяз жол менен,
Алда эмине болушум,
Атын чапты жеңем деп.
Кылың кыргыз эл болсо,
Тегеректеп жүрбөйбү
Эр Манастын кызыл туу,
Кыяга тигип койбойбу,
Каныштын атын тизмекке,
Калың кыргыз болбойбу,
Элинен азган мен карып.
Күнү жерге кирсин деп,
Ар кимдин көзү ар башка,
Бир тууган болуп Ысмайыл,
Кылган иши булбу деп.
Айкөлүң көзү барында,
Кырк чоросу жанында,
Кыраандар турган чагында,
Кимдер бизге келчү эле,
Кимдердин тилин алчу эле,
Ошол кезде Каныкей.
Айкөл Манас жан төрөм,
Көрүп албай не болдум,
Көк жалым менен бирге,
Өлүп калбай не болдум,
Таалайым дедим арымдан,
Талбадым сен жетимдин барынан,
Кор болбой ошол кезимде,
Ак дарыдан чалсамчы,
Айкөлүм менен аякташ,
Аа дүйнө кетип калсамчы,
Бир Семетей деп жүрүп.
Көрмөк экем далайды,
Деп Канышың буркурап.
Капталда ыйлап отурду,
Мына ошондо Семетей,
Ат аябай мол жүрдү,
Эки күнү жол жүрүп.
Эртең менен турганда,
Сексен жигит жанына,
Чакырып алды Семетей,
Айланайын жигиттер,
Менин айткан кеңешим,
Баатыр балдар не дейсиң,
Кече арыстан Манас,
Жездекем туруп келгендей,
Кылсак деймин,
Айланайын балбандар,
Жылгындуу Кең-Кол Таластан,
Эжекем азып келиптир,
Калың кыргыз көп элди,
Эжекем таштап келиптир
Менин айткан кеңешим,
Айланайын баатырлар,
Келсе тарып кармасак,
Кылычтын мизин жаласак,
Карыган Каныш эжемдин,
Атын сүрөп биз барсак,
Оо дүнүйө кеткен кан жездем,

Тирилгендей кылсак дейм,
Каралуу Кыш эжекем,
Сүйүнгөндөй кылсак дейм,
Жарым-жармак албаймын,
Баш байгени а силер,
Тегиз бөлүп алгыла,
Менин атам Кара кан,
Аты келсе союлу,
Ысмайыл менен Бөрүтөрө,
Экиден тулпар кошуптур,
Булардын атын тим эле,
Тындым кылып коюлу,
Ушул сөздөн ким чыкса.
Төбөсү ачык көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Ат байлаган мамыдай,
Такыр болуп өтсүн деп.
Кимде ким айтса ошонун,
Кылыч урсун, ант урсун,
Деп Семетей айтканда,
Макул баатыр, макул деп.
Куранды колго алышты,
Шерттеше калышты,
Бууданды токуп келишти,
Убаданы бек кылып.
Канышты издеп жүрүштү,
Мына ошондо Каныкей,
Ак борчук менен желди эми
Адырга чыгып келди эми,
Аттар эмине болду деп.
Жеңекең байкуш караса,
Ак борду белдин талаада,
Кайнап буудан келе атат.
Айнеги алтын ак дүрбү,
Оң көзүнө салды эми,
Ойрон Каныш жеңекең,
Оңдоп карап олтурса
Үч жүз аттын соңунда
Келе жатат Тай тору,
Муну көрүп Каныкей,
Заманасы куруду,
Атаңдын көрү шум жалган,
Күн эмине болуучу
Элинен азган кишинин,
Өзү эмине болуучу,
Адырмада Каныкей,
Көргөнү келген экенмин
Өз баламан талаада,
Өлгөнү келген экенмин,
Деп буркурап олтурду,
Түнгө жакын болгондо,
Жаңкы жеңең караса,
Арам өлгөн Тайтору
Эки жүз аттың соңунда,
Эми келет жакындап.
Жана жеңең ыйлады,
Айланайын биздин эл
Айтылуу Талас биздин жер,
Жерди көрүп өлөмбү,
Калың кыргыз ак калпак,
Элди көрүп өлөмбү,
Же болбосо кудурет,
Чыкпай калып Тай тору
Боз талаада өлөмбү,
Деп энекең буркурап.
Белесте дагы отурду,
Жана дүрбү салды эми,
Жүз элүү аттын артында,
Келе жатат Тай тору,
Эми эмине болом деп.
Жеңең ыйлап отуруп,
Жана дүрбү салганда,
Аарм өлгөн Тайтору,
Токсон аттын соңунда
Келе жатат Тай тору
Жеке жагы четинде

Оң жагында сеңирде,
Сары ала сындуу ат минген.
Сары рапыс тон кийген,
Каалаганы ыйманы,
Каганда калган жыйганы,
Тилегени ыйманы,
Бетинде калган жыйганы,
Сары алдындан салдырган,
Тагы калган бетинде,
Эсенкан, Айкан, Азизкан,
Каны калган Бээжинде
Астындагы сары ала
Айбандуунун чүрөгү
Үстүндөгү Алмакең.
Азизкандын түнөгү,
Аяшымдын аты деп.
Угулду мага даты деп,
Баабедин деп бакырды,
Манастап ураан чакырып.
Сары аласын бир салып,
Жебелүү күлүк Тору аттын,
Чылбырынан алыптыр,
Азизкандын Алманбет,
Аяшы сүрөп алыптыр,
Оң жагында Алмакең,
Сол жагында карасаң,
Көк ала сындуу ат минген,
Көк рапис тон кийген,
Акбалта кандын Чубагы,
Арыстандын бууданы,
Жеңекемдин аты деп.
Кайгырып жүргөн байкуштун,
Угулат мага даты деп.
Сол жагында Торунун,
Тизгининен алыптыр
Ак балта кандын баласы,
Арыстан Чубак абакең,
Ошол сүрөп алыптыр,
Мунун арты жагында,
Кара калпак Сыргагы.
Айкөлүңдүн Сыргагы,
Бала барчын көздөнүп.
Баса калчу жолборстой,
Баатыр бала комдонуп.
Улутунуп жиберсе,
Кан аралаш ак көбүк,
Оозунан чыгып ак көбүк,
Оозунан чыгып буркурап.
Жеңекемдин аты деп,
Жебелүү күлүк Торуну,
Бешкектеп айдап алыптыр.
Сол жагында сеңирде,
Карт күрөң сындуу ат минген,
Кара олпок сындуу тон кийген,
Аргын кандын Ажыбай,
Көмөкөйдүн тазасы,
Кырк чоронун кыраанын,
Кыйлалардын тынары,
Канышымдын аты деп.
Аркалуу күлүк Тору атты,
Сол жагынан камчылап,
Ажыкең сүрөп алыптыр,
Мунун арты жагында,
Айкөлүңдүн Ак кула,
Кабыргасы как кула,
Каза тулпар Ак кула,
Омурткасы ар кула,
Чоң куласын койгулап.
Айкөл Манас кабылан,
Эми чыгып келе атат,
Асман менен жериңдин,
Түрбүлүндөй көрүнүп.
Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүндөй көрүнүп,
Аңырайган катыгай,
Салганындай көрүнүп.

Каарданса кара жер,
Каткат болуп бөлүнүп.
Канышымдын аты деп.
Кабылан кайран шер,
Арам өлгөн Торуну,
Соорусуна чапкылап.
Арыстан Манас айкөлүң
Өзү сүрөп алыптыр,
Арт жагында айкөлдүн,
О Манастын кырк чоро.
Кошо келип жарышып,
Муну жеңең көргөндө
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Кагылайын төрөм деп,
Жан жагыңа чала кет
Мен бейбакты ала кет,
Он эки жылдан бер жакка,
Көрбөй жүргөн жеңекең,
Табактай болгон кызыл эт,
Тартып-тартып алды эми,
Акборчуктун жалына,
Кой мууздаган эмедей.
Кара кан агып шыркырап,
Ээси оогондон Каныкей,
Аттан түшпөй турду эми.
Бир убакта карасаң,
Көзүн ачат жеңекең,
Жана дүрбү салганда,
Алтымыш аттын соңунда,
Эми келет Тайтору,
Бордуу белди эңкейип,
Келе жатат Тайтору,
Мелтиреген талаада,
Эңкейишке келгенде,
Эликтей буту сайылып,
Өр таяна бергенде,
Тал жибектей куйругу,
Такымына чапкылап.
Кара болот оозлук,
Качырата кемирип.
Манастап бала кыйкырып,
Эми кызып алыптыр
Жана жеңең байкаса,
Отуз аттын соңунда,
Келе жатат Тай тору,
Муздуу тоонун чатында,
Эмине болор экен деп.
Эми жеңең караса,
Он беш аттын соңунда,
Келе жатат Тай тору,
Аркардай арыш алыптыр.
Жаныбар кандай Тай тору
Башкача чуркап алыптыр,
Бешим ченде караса,
Кара кандын жети аты.
Эми жетти чоң тору,
Бөрү төрүнүн чоң күрөң,
Эми келди жанына
Кунан чабыш, тай чабыш,
Чоң күрөң менен жанаша,
Жебелүү күлүк чоң тору,
Мындан өттү талашып.
Андан кийин чоң кашка,
Эми келди талашып.
Чоң кашка менен талаша,
Эки саат чоң кашка,
Өткөзбөдү Торуну
Андан өтүп Тай тору,
Сур тулпарга жанашты,
Жаныбар кандай сулпукор,
Жалынга жалын тийишип.
Төрт саат өткөзбөй
Жатып алды сур тулпар
Тай тору менен жанашып,
Бешимде келип жанашып.
Бөрүтөрөнүн Көк тулпар,

Эки келди Тай тору.
Көк тулпар менен Тай тору,
Күүгүм кечте талашып.
Элдин алды жатканда,
Жебелүү күлүк Чоң тулпар.
Арчалуу күлүк тору,
Өткөзбөй койду жанаша.
Түн ортолоп калганда
Арчалуу күлүк Тай тору
Араң өттү талашып
Ысмайылдын чоң жээрде
Эки келди талашып
Түн артып калганда
Күндүн көзү ашканда.
Жебелүү күлүк жээрде аттын,
Арчалуу күлүк Тай тору,
Өтө албады жанаша,
Улуу шашке болгондо,
Чоң жердеден Тай тору
Мойнуна чыкты жанаша
Чоң жерде менен Тай тору.
Түшкө чейин талашты.
Чак түштөн өтүп жээрдеден.
Кара кандын Ак тулпар,
Жебелүү күлүк чоң Тору ат,
Мына эми жанашты,
Өткөзбөйм сени дегенсип.
Учуп келет Ак тулпар
Куюшканы жакындап,
Кара болот ооздук,
Качыратып бек чайнап.
Как моюнга жетти эми,
Учуп келет Ак тулпар,
Жетип өтүп кетем деп.
Жетпей келет Тору ат,
Мына ошондо Каныкей,
Көзүнөн жашы төгүлүп.
Көрүп турат Канышың,
Намысына чыдабай.
Өлүп турат Канышың.
Укмуштуу күлүк мал эле,
Атаңдын көрү бул дүйнө.
Ак тулпар чыгып барабы,
Биздин сонун Тай тору,
Менин алым алабы,
Арам өлгөн Ак тулпар.
Канаты бар мал эле,
Жеткизбей кетип калабы.
Жебелүү күлүк Тай тору,
Уят болуп калабы.
Абакем кан Бакай ,
Уяты кетип калабы,
Таптап баккан Каныкей,
Ай талаада калабы.
Же болбосо Тай тору,
Баш бейгени алабы,
Эмине болсо көрөйүн,
Арам өлгөн Торуну,
Ушул жерге келгенде,
Сурап бир алып көрөйүн,
Деп жеңекең ойлонуп.
Сыр бараңды алды эми,
Сүмбү менен сүмбүлөп,
Сүргү менен койгулап.
Ээсинен калган сен карып,
Эринен калган мен карып.
Тарткы менен тарткылап,
Тазалап ичин арткылап.
Болотнодон ак даки,
Алты сыйра тазалап,
Алтымыш окту төшөйт.
Куржун толо даарыны,
Кулагына куйду эми,
Жаратканга жалынып.
Жаабадигер бир Алла,
Колдогун деп камынып.

Жеңекең карап турду эми,
Мына ошондо чоң тору.
Ак тулпар менен талашып,
Куйрук улаш жанашып.
Жетпей келет Тай тору,
Эми жетип басам деп.
Эңсеп келет Тай тору,
Жеткизбеймин саган деп.
Жебелүү күлүк ак тулпар,
Желдей учуп баратат,
Мына ошондо Каныкей,
Көкүлдүн үстү ушу деп.
Куру дүрмөт ок менен,
Тарт дедире бир коюп.
Акборчукка камчы уруп,
Манас,  Манас, Манас деп.
Буркурап чылбыр алды эми,
Желген кезде торуну,
Жебетей сүйрөтүп,
Жеткилең күлүк Тору атты,
Ак тулпардан бута атым,
Алп чыкты Каныкей,
Куру дүрмөт ок менен,
Күрүлдөтүп койгулап.
Каныкей айдап келе атат,
Муну угуп Семетей,
Айланайын балбандар,
Кур-кур этип үн чыгат.
Чыркырап дабыш көп чыгат
Кудурет бизге биргенби,
Байкуш эжем келгенби,
Жараткан бизге бергенби.
Жабыр тарткан Каныкей,
Жаралуу эжем келбейби,
Манастап ураан көп чыгат.
Бул байкушка бергенби,
Жараткан жардам бергенби,
Аты чыкты эжемдин,
Өзү айдап келгенби.
Жалаң атка мингенби,
Манастап ууран салганбы.
Тай торудай бууданды ,
Айланайын балбандар.
Эми сүрөп алгыла,
Деп Семетей бастырып.
Жолго чыгып келди эми,
Манастап ураан салды эми.
Бакырып келип жанагы эр,
Тоодой болгон Торунун.
Чылбырынан алды эми
Көт жагынан көп балбан,
Кошо сүрөп алды эми,
Манастап ураан салганда.
Жылкычы угуп алыстан,
Айгыры менен жарышып.
Буласын минип булкунтуп,
Бу дагы жүрбөй калды эми.
Койчу байкуш канетсин,
Таягын көккө ыргытып.
Койчу калды Манастап,
Орокчу калды бакырып.
Орогун көккө ыргытып,
Ошол тең байге Тай тору,
Эми чыгып барды эми.
Эмине болсо өзү алды,
Деп Каныкей ойлонуп.
Үйүнө кетип калды эми,
Каныкей менен Чыйырды.
Абдан калды кубанып,
Баш байгени Семетей,
Баягы сексен балбанды.
Чыкырып алды жанына,
Убада сөзүм эки эмес,
Эми бөлүп алгыла,
Сан карабоз көп малды,
Санап эми алгыла,

Жарым-жармач алган жок,
Баатырдын уулу Семетей.
Тегиз бөлүп берди эми,
Ыраазы болуп балбандар,
Алар да тарап кетти эми,
Байгени талып Семетей,
Кең Букарга кан болуп.
Жатып калды Семетей,
Кан Семетей бир күнү.
Куш салмакка чыкты эми,
Ала тайган ити бар,
Ак шумкар сындуу кушу бар,
Көк тулпардан ат минген.
Көк шумкарды колго алып,
Баатыр Манас баласы,
Бастырып чыккты карачы,
Кең Букардан бастырып.
Эми жалгыз жөнөдү,
Калдайган кара токойго.
Кан баласы бастырып,
Карачы эми келе атат
Мына ошондо токойдо.
Бир сары дөө олтурат.
Чети менен Семетей,
Эми келди бастырып.
Көк шумкарды колго алып,
Көк жал бала келди эми.
Кашаттан учуп каз чыкты,
Коё берип шумкарын.
Кан Семетей жөнөдү.
Келип түшүп капталдан,
Токойго каздар жашынды,
Учуруп алып каздарды,
Сен кайдан келген эмесиң,
Деп Семетей айтты эми,
Учуруп алгын казыңды,
Учуртуп салгын кушуңду.
Менде сенин ишиң жок,
Бек болгонсуп алыпсың
Эмине ишим бар куш менен,
Деп Сары таз айтты эми,
Ачуусу келген Семетей,
Атаңдын көрү Сары таз.
Айткан сөздү укпайсың,
Арамсынып кеп айтсам.
Аңырандап каласың,
Көмүргүүгө ээ болсоң.
Бир токойдо дөө болсоң,
Көпкөн экен сен тазың.
Көрсөтөйүн сени мен,
Деп Семетей бакырып.
Качырып келип бир чапты,
Кайран тазың кенебей.
Ал Семетей баланы,
Бучкагына теңебей.
Зың-зың этип теңебей
Баатыр Семең баласын,
Кши экен деп кенебей,
Мына ошондо Сары таз,
Баатырга кепти баштады
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Айныбаган эр болсоң,
Кел күрөшүп көрөлү,
Деген сөзгө көн эми
Сени жыксам Семетей,
Кандыгыңды бер эми,
Мен жыгылсам Семетей,
Адырга басты сен алып.
Адырдагы дүмүргө,
Баш теримди сүр эми
Деп убада кылышты.
Макулдашып алышты,
Семетей менен Сары таз,
Жекеге басып барышты.
Жети күн болгон убакта,
Азырашмак болушту,

Чыбыкты кыркып коюшту,
Сары дөө менен Семетей
Бет алышып келишип,
Бирин-бири билектен.
Эми алышып көрүштү,
Колдорун сунуп көрүштү.
Ким көргөн мындай шумдукту,
Жумушу иши оң эмес,
Ойрондор кармай алышып.
Ач билектен алышып,
Бирин-бири ала албай.
Бир канча күнү күрөштү,
Көтөрүп келет Сары таз.
Баланы мээлеп бек урат,
Эр Семетей кабылан,
Аягы менен тик турат.
Сол жагына ыргытат.
Султан бир бала Семетей,
Ал аягы менен бек турат.
Билектен кармай алышты,
Белсенип уруш салышты.
Толорсуктан чалышты,
Тоодой болгон Сары дөө.
Эми чабам дегенде,
Эр Семетей тик түшөт.
Багалектен алышты,
Бирин-бири чалышты,
Токтобостон алышты.
Кийимдин баары тытылды,
Шымдардын баары айрылып.
Кармашты катуу салышты,
Бук болуп жүргөн эки дөө.
Букадан жаман чалышты.
Кочкордон бетер сүзүштү,
Коркпой карап күчүнө.
Семетей менен Сары таз,
Алдакачан көргөн жер
Айдоодой болуп тоз болду
Согончоктой калган жер
Кемеге болуп оюлду,
Чындап тура калган жер.
Аңгек бир болуп оюлду,
Ар кими бирден алышып.
Аламын деген ой болду,
Бирин-бири ала албай,
Берендер салды оюнду,
Эрме токой жоюлду,
Эч бир жан жок бул экөө,
Токойдо жаткан күч сынап.
Отуздан ашкан Сары таз
Он экиде Семетей,
Тал теректер союлду.
Так ушундай иш болду,
Бирин-бири ала албай,
Бул дөөлөр жаткан талаада,
Айгырдан бетер алышты.
Букадан бетер чалышты,
Эки дөө жатат кармашып.
Эч бир жан жок жанында,
Эр Семетей, Сары таз,
Эрмекти жеп салышты.
Кана баатыр кел дешип,
Бетме-бет булар турушту
Бет алышып күрөшүп,
Жети күнгө толгондо,
Күндүн көнү болгондо.
Күн батып күүгүм киргенде
Сарыны Семең ал келет
Сары талдын бою кыргынга
Көтөрүп илип урду эми,
Кандайсың Сары тазым деп,
Дүмүргө башын сүрдү эми
Башынан аккан кара кан,
Кой муздаган эмедей.
Эми агып кирди эми.
Жети атаң ким элиң ким

Аты жөнүң тегиң ким
Деп Сары таз сүйлөдү,
Мына ошондо Семетей,
Менин жайым сурайсың.
Кең Букарда чоң атам
Карагандын каны бар
Ысмайыл менин өз атам,
Деген кезде Сары таз,
Ой Семетей сен белең.
Бир боорум бала эр белең,
Аны кимден уккансың,
Катыгүн баатыр Семетей
Каран күн тууган эл кайда,
Элге жетпей Сары абаң
Мен бир тазың бей байда,
Айланайын Семетей,
Кара кан сага ата эмес.
Катыгүн Семе эл кайда
Туулуп-өскөн жер кайда,
Ысмайыл мага ата эмес,
Каныкей сага эже эмес.
Кең-Колдо сенин айылың
Көп кыргыз сенин дайының
Айкөл Манас атакең
Жериңди таап алсаңы,
Калың кыргыз көп элди,
Качан издеп табасың
Катыгүн Семе эч кайда,
Кабылан Манас атакең,
Каныкей сенин өз энең.
Эмине кылып жүрөсүң
Теңдик көрбөй туугандан
Тентип келдиң Семетей,
Кастык көрүп туугандан.
Качып келдиң Семетей,
Кан тилесе кайыптан,
Багып алган айыптан,
Кереги кечке кыйнайсың,
Кара жанды кыйнайсың,
Керели кечке мен шордуу,
Эр Семетей сен үчүн,
Кара кан сенин атаңа,
Өтүкчү болдум эки жыл,
Элге жетсе Семетей,
Ала кетер мени деп.
Күйүп жүрөм Семетей,
Абакем Бакай жиберген,
Күтүп жүрөм Семетей
Эми мени кыйнаба
Керели кечке ыйлаба,
Деп Сары таз айтты эми
Мына ошондо Семетей
Эми Таазым өөдө бол
Сенин бир айткан сөздөрүң,
Өзөгүмдү оорутту,
Өзгөчө жаман иш айттың,
Эми сөзүң чын болсо
Мен Таласка барганда
Кан көтөрөм сени мен
Аттанып эми баралы,
Каныштан кабар алалы
Жүргүн бир Тазым баралы
Энеден кабар алалы,
Эгерде сөзүң чын болсо,
Бир беттешип калалы,
Көк тулпарды минели,
Ушул менен Көк тулпар,
Садага Тору кылайын.
Ат кылып баатыр минип ал
Арыстан турган Сары таз,
Сенин Сары таз атың жоёмун.
Өлбөй барсам Таласка
Сени сары кан атап,
Анты менен коюп.
Кумарыңды жазамын,
Таластан кабар аламын.

## КАНЫКЕЙДИН ЖОМОГУ

Деп ошентип Семетей,
Келгин бир Тазым учкашкын,
Деп ошетип эр неме
Сарыны алды жанына.
Саап жүрүп олтуруп.
Каныкейдин ак сарай,
Кабарын айтсаң бир далай,
Жеңекеңдин ак сарай,
Жетик уста жасаган,
Көргөн адам таң калган,
Көрбөгөндөр таңданган,
Мына ошондо Семетей,
Ошону карай бет алып,
Келе жатат эр неме.
Ичи бир жалын өрт болуп.
Көзү кайнап чок болуп
Адамда мындай жок болуп
Ичи жалын өрт болуп
Не кыларын биле албай.
Ачуусу келип жанагы эр.
Эми келди сарайга.
Эшигин ачып сарайга,
Алтымыш жигит киргизди
Мына ошондо Семетей.
Салам айтты сарайга
Алты жүз чоро жүгүрүп.
Кан Семетей баатырдын,
Атын алды түйүлүп,
Келиң баатыр эми деп.
Келишти мында жүгүрүп,
Каныкей кайда турат деп.
Каныштты бала сурады,
Мына ошондо Каныкей
Ордорсунда отурган
Чыйырды, Каныш турган үй
Кирип келди Семетей
Сары тазын ээрчитип
Мына ушундан кеп сүйлөп
Аманбы эне деп сүйлөп
Чыйрды ээрчитип.
Качыпсың эми Таластан,
Катыгүн эне эл кайда.
Жалгызың жаман бей пайда,
Сары таздан кеп угуп.
Каныкей качып Таластан
Мында келген деп уктум,
Эмине үчүн качасың
Эр Манастын зайыбы.
Эне сендей болобу
Кан Манастын зайыбы.
Алганы сендей болобу,
Айкөл Манас баатырдын
Арбагын эмне сыйлабай,
Мында келдиң Каныкей
Ойлочу эми элиңди,
Сен кетпесең мен кетем.
Абыке,  Көбөш аганын,
Атын токуймун мен барып
Атакем Жакып олтурса
Уялбай качып келесиң
Эне Чыйыр ойлочу
Атасыз адам болобу
Ардыгып ыйлап мен келдим
Арман күн эмине жүрөсүң
Элиңди тапкын дегенде
Эсиңе түшүп кичине
Атайын келдим силерге
Эмине болуп келдиңер

Айтчы мага бүгүн сен
Эжекелеп мен жүрсөм
Энем экен билбедим
Ойлочу эне эл кайда
Эр уулуң жаман бей пайда
Кара кан кызы Каныкей,
Кара бет Каныш эл кайда.
Сары таз айтчы элимди,
Айтылуу Талас жеримди,
Атакем Манас айкөлдү,
Баарын айтат Сары таз.
Мына бу тазды таанығын,
Көк тулпарды беремин,
Өлбөй барсам Таласка,
Анан элди көрөмүн
Элинен азган энеке,
Эмгегиңди билемин.
Ардактап баккан энеке,
Чыйырды, Каныш эки эне,
Эмгиче мага айпаган
Эмине сырың бар эле
Азамат болдум эр жеттим
Он экиге мен келдим
Ушуга чейин айтпаган
Ушунча чегиң бек беле
Эне Чыйыр барбайсың,
Жалгыздан калган туяк деп.
Эмине кабар айтпайсың,
Айкөл Манас атанын,
Ата экенин билбесем,
Касиеттүү кең Талас,
Жер экенин билбесем,
Качан киши боломун,
Карыганда бул силер,
Алып келип мени да
Букарага кул кылып.
Берейин деп келдиңби
Берен Манас атамдын,
Дайынын айтпай эмгиче
Өлөйүн деп келдиңби,
Аттанып эртең барамын,
Атадан калган чоң Талас,
Жерден кабар аламын,
Калың кыргыз ак калпак,
Элден кабар аламын
Абыке, Көбөш абадан
Андан кабар аламын,
Атадан калган кырк чоро
Мындан кабар аламын
Тая атама барамын,
Улуксат эми аламын,
Таекем экен Ысмайыл
Мындан кабар аламын,
Баатырлардын айылына,
Өзүм жалгыз барамын,
Ак тулпарын алып бер
Энеке Каныш, Чыйырды,
Экөөң тең кошо барып бер,
Таятамдын кара зоот,
Мага сурап бергиле,
Өзүм жалгыз барамын,
Болгон ишти койгула,
Элине барат Семетей,
Эмине кылсаң өзүң бил.
Мен тууганга барайын,
Кайтып мында келгиле,
Сары тазды баккыла.
Санаама кудай жеткизсе
Сандыргалуу көп элге
Салам менен барайын
Атадан калган конушка,
Конбойт деген эмине,
Кадимки Талас биздин жер,
Барбайт деген эмине,
Деген сөзгө көнөйүн
Не кылса да эки эне

Элиме жетип өлөйүн
Айтканыңа көнөмүн,
Айтылуу Каныш, Чыйырды,
Атамдын жерин чаламын,
Айтылуу Талас калаага,
Анан эми барайын.
Айланайын чоң эне,
Андагы Талас тууганга
Учурашып калайын.
Кана Каныш энеси,
Кайсы жол менен барамын
Кандай жолду чаламын,
Кан Манастын айылына,
Кантип жетип барамын
Мына ошондо Каныкей,
Көзүнөн жашы төгүлүп.
Көңгүрөп ыйлап кеп баштап.
Айланайын жалгызым,
О дүнүйө кеткен атаңдын
Ата экенин билдиңби,
Кыямат кеткен атаңдын.
Кылымды бузган иши бар,
Сенин энең Каныштын.
Далай сонун иши бар
Тууганыңды коё тур
Кара кан менен Ысмайыл
Экөөнөн кабар алалы
Элине барат Семетей,
Эмине кылсак эми деп.
Кандарга кабар салалы,
Тай ата менен таекең,
Эмне деген кеп айтат
Ушуну мурун угалы
Айкөлдөн калган жалгызым,
Кеңешти андан сурайбыз,
Эмне деген кеп чыгат.
Анан балам айтамын,
Деп Каныкей кеп айтты.
Чыйырды ээрчитип,
Сары тазды кошо алып,
Ысмайыл канга барышты
Каныкей эже келди деп
Кудагый өөдө өт деди
Кубанып тозуп Ысмайыл
Кана эжем келипсиң
Сүйлөчү кепти деди эми
Мына ошондо Каныкей
Айланайын Ысмайыл
Семетей элден угуптур
Айтылуу Манас атасын
Элиме барам эми дейт
Атадан калган конушка ,
Эми барып келсем дейт,
Улуксат берсе таеке,
Элимди көрүп  келсем дейт.
Мына ошондо Ысмайыл
Айланайын Семетей,
Ала тоонун аскасы,
Айтылуу Манас жери эле,
Эр азамат эр табат.
Эси жок киши не табат,
Кайраттуу мыкты азамат
Кайрылып барып эл табат
Эл сагынбас эр болбос
Элиңе барсаң барагой
Анда да нечен душман бар
Каалаган атың минип бар
Каалаган зоотуң кийип бар
Канакей балам кулак сал
Каныкей Каныш эжекем,
Кудагый мында олтурат.
Кара кан биздин атабыз,
Как ошого баралы,
Андан бата сен алгын,
Жаныңа аскер кошо алгын,
Анан кабар саларсың,

Атакең Манас жаткан жер.
Барып кабар саласың,
Деп Ысмайыл айтканда,
Каныкей кепти баштады
Кара кан ырас атабыз
Мен барбаймын каныңа
Сураган атын ал бербейт,
Сураган тонду же бербейт.
Катуулугу башкача,
Баатыр Манас арыстан,
Алты миң жылкы айдаткан,
Барып сурап келгенде,
Ошондо бербей койгон соң.
Эми такыр сурайбайм,
Деди Каныш кыйылып.
Анда Ысмайыл кеп айтты,
Ай эжеке ойлочу
А балким азыр Кара кан,
Падышалык кылбасын,
Ийип кетип Кара кан,
Олпогун берип жүрбөсүн,
Жүргүн эже баралы.
Падыша ата Карадан,
Эми бир кабар алалы
Деди болбой Ысмайыл
Чыйырды, Каныш, Ысмайыл
Семетейди ээрчитип
Кара кан деген канына
Эми булар келишти
Салам берип ошондо
Үйүнө келип киришти
Артынан кирди Ысмайыл
Семетейди ээрчитип,
Падышанын үстүнө,
Баатыр балдар киришти.
Канга салам беришти,
Мына ошондо Ысмайыл
Бөрү төрөнү чакыртып
Баарыбыз сенин балаңыз
Эң кенжебиз Семетей,
Эй атаке не дейсиң.
Жылгындуу Кең-Кол чоң Талас,
Жерге барсам экен дейт.
Калың кыргыз ак калпак,
Элге барсам экен дейт.
Атасы өткөн Таласка,
Жерге барсам экен дейт.
Батасын атам берсе дейт,
Улуксат берсн тай атам,
Ак тулпар менен кара зоот.
Кийим берсе экен дейт,
Улуксат берсе атаке,
Берсеңиз болот тулпарды.
Саламат барып сак келсе,
Сагындырбай бат келсе,
Деген биздин кебибиз,
Атаке ушул балаңа.
Кыйыктанбай берсеңиз,
Деп Ысмайыл айтканда
Бөрү төрө эм кеп айтты
Абанын сөзү эп болсо
Сиздерге айтар кеп болсо
Семетей жалгыз барбасын,
Жол көрө элек жаш бала,
Жолдо эчен душман бар,
Жол азабы көп болот,
Мен деле кошо барамын.
О дүйнө кеткен жездеме,
Куран окуп келейин,
Азыраак жигит алайын,
Айтылуу кең-кол Таласка.
Мен ошо Семетей менен
барайын,
Деп Бөрү төрө иниси,
Ысмайылга карады.
Мына ошондо Кара кан,

Эки уулуна карады,
Айланайын Семетей.
Баргын балам Таласка,
Мен тапшырдым Манас арбакка,
Ага-тууган элиңдин,
Кабарын балам алып кел
Эрте барып, бачым кел,
Астыңа минген Көк тулпар.
Оңой олтоң мал эмес,
Ошону менен сен баргын.
Ак тулпарды коюп кет,
Семетейим кийер деп.
Эмгеги Каныш жасады,
Көк зооту болсо кийе кет.
Жаныңа аскер киши алып,
Элден кабар алып кел,
Баатыр Бакай карыга,
Менден салам айтып кел,
Келемин десе Бакайды.
Кечиктирбей ала кел,
Деп Кара кан сүйлөдү.
Кетеринде Букардан,
Балам сенден аябай
Кашыңда кыздар бар
Каалаганың ала кет
Касиеттүү Чыйырды,
Кудагый мында олтурат.
Ойлочу балдарт кеңешти,
Шаатемир кара бир тууган,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Он төрттөгү кыз эле,
Ошону кошо Ысмайыл,
Семетей кетсе элине,
Бир баланы аябай,
Берип койгун жээниңе
Бирок балам Семетей,
Карыганда атаңдын,
Алпы тонун сураба.
Кара кандын зайыбы,
Алтынчач деген киши экен.
Ордунан тууп сүйлөнүп,
Айланайын жалгызым,
Аман-эсен чоңойдуң,
Алжыган экен тай атаң
Кызын берсе калыңсыз,
Аты-тонун неге айтат,
Экөөнү кошо ала кет.
Кара зоотун кийип бар,
Ак тулпарын минип бар,
Ак куржунду көтөрүп,
Таене бере салды эми.
Баатырдын уулу Семетей.
Көтөрүп эми алды эми
Ысмайыл менен Бөрүтөрө
Каткырып күлдү эки уул,
Рахмат эне ырахмат
Дешип балдар жөнөдү
Каныкей менен Чыйырды
Кан ордого келди эми,
Ыракмат куда Кара кан
Деп Чыйырды сүйлөдү.
Барсын Семем деди эми,
Кара кан калды унчукпай,
Семетей менен Ысмайыл,
Бөрүтөрө бул үчөө.
Каныкейдин сарайга,
Кайран балдар келди эми,
Ак тулпарды жетелеп.
Энеси Каныш түштү эми
Эки иниси жанында ,
Эми Каныш баштады,
Эчакки өткөн кептерден.
Айланайын жалгызым,
Айтайын сөздү башынан,
Энеңдин аккан жашынан,
Тууганым деп калыпсың,

Тууганымдын баарысын
Туйгун сайган деп атса,
Эмине жооп айтарсың.
Элимдден балам калыпсың,
Элиңе сен барарсың,
Беренди сайган деп айтса.
Эмине жооп айтарсың
Кабылан Манас атакең,
Медияндын белинде,
Эл жүрбөстүн чөлүндө.
Уу кылдырып келе атса
Кол башындай бир күчүк
Капысынан кабылат
Кабылан эрге ошондо,
Ай талаадан табылат.
Мына ошондо кан Бакай,
Атакең Манас агасы,
Айтып кеңеш салышты,
Акылай сенин аялың,
Акылга дыйкан киши эмес,
Уламадан укканмын,
Каракандын Каныкей,
Он үчтөгү кыз деген,
Ошону баатыр көрөлү.
Деп кан Бакай айтканда,
Арыстан Манас атакең,
Ак кула менен жол тартып.
Кең Букарга келиптир,
Эр Чубак,  Бакай, Ажыбай,
Мына ушулар баш болуп,
Кол башындай сур күчүк,
Аманат кылып берди эми
Кайра айланып кетишти,
Жыл айланып болгончо,
Ошол күчүктү мен бактым.
Коломтонун башына,
Орду кенен каздырдым,
Байтал бээнин бал кымыз,
Өзүмө күндө алдырдым,
Бул күчүккө мен ошо,
Жалаң казы-картага,
Ушуну менен мен бактым
Жыл маалына толгондо
Кол башындай бул күчүк
Асый жолборс терисин,
Артып койос жетбеди.
Бир күнү эшикке мен чыксам,
Төрдө жаткан кумайык,
Жаздыкты тиштеп олтуруп.
Куйругу менен коломто,
Отту чаап алыптыр,
Келе коюп мен көрүп.
Тазалап куйрук учтарын,
Ошентип жаткан кезимде,
Арбайып түшкөн атакең,
Күйөөлөп келип калыптыр.
Күчүгүмдү көрөм деп.
Ажыбайды ээрчитип,
Арбайып келет калганы,
Күчүктү көрүп күүлөндү,
Ал баатыр эми сүйлөндү
Анан кетип калышкан.
Түн ортосу оогондо,
Ордого Манас келиптир
Уктап жатсам башыма.
Атакем менин Кара кан,
Ак албарс кылыч коюшту
Ар эркеч байлап башыма
Албарс кылыч кашымда
Арыстан колун салганда
Чочуп туруп мен ошо
Колун түртүп ийипмин,
Ошондо кылыч тийиптир
Колунун учунан,
Кан агып эми кетиптир.
Ачуусу келет атакең,

Алты үрзү керебет.
Көтөрүп мени бир чапкан,
Ошондо эки түгөй кабыргам
Чыркырап сынып кетиптир,
Ордуман тура мен калып,
Жаткын баатыр эми деп,
Көтөрүп келип Манасты,
Энекең байкуш мен урдум.
Экөөбүз минтип бөлүндүк
Мына ошондон эртеси,
Кан Манастын көп аскер
Букарды камап келди эми
Шаарды камап кан Манас
Мени алды көчүрүп.
Алты миң нарга сеп жүктөп.
Мен Таласка барганмын,
Ошондо Манас атакең,
Кең-Колго мени кондуруп
Мени койду айкөлүң,
Алты ай салбар койгондо.
Намыс үчүн, ар үчүн,
Жасап бергем ак олпок
Ал Абыкенин колунда
Абакем Бакай ал билбейт
Атайын барсаң Таласка,
Атаңдан калган чоң олпок.
Как ошону кийе кел
Мен айтайын сонунду
Арыстан Манас атакең
Мени салбар койгондо
Кайыптын кызы Сайкалды,
Аламын деп атакең.
Абакем Бакай баш болуп.
Кайыптын кызы Сайкалды,
Көп жылкысын тийиптир,
Жайлоонун белин ашканда
Кырк чоро жатып эс алып
Аттарды кошуп жылкыга.
Арыстан балдар жатканда,
Кайып чалдын кыз Сайкал,
Келип жылкы алыптыр
Ак кула менен Көк чолок,
Ошол эки аттары.
Мамыда эми калыптыр,
Мына ошондо кан Манас,
Кыз Сайкалга барыптыр,
Качырышып сайышып.
Алты күнү болгондо
Каркыраны ашканы
Ак куланын мойнуна,
Кыз Сайкал сайып келиптир.
Каркыралуу төрөнү,
Катын сайып алды деп.
Калмак шылдың калыт го,
Бериштелүү баатырды
Бейбак сайып алды деп,
Калайык айтып коёт деп,
Атынан түшүп кыз Сайкал
Айкөл Манас атаңа,
Кан Бакайды чакырып.
Кагылайын аба деп,
Кайран төрө Манаска,
Сабагыңа карасаң
Сабап түрүп бирди алгын
Тамырына карасаң,
Сан жылкыдан миңди алгын,
Деп кыз Сайкал айтканда,
Макул болуп кан Манас,
Кара буурул кызыл тай,
Кыз Сайкалдан бул келген,
Жолдо келе жатканда
Бул Таласка келгенде,
Мына бул жерде бир аял,
Кара кан кызы экен деп
Кырк чоросун ээрчитип
Кан Манас келип түштү эми,

Мына ошондо кан Манас,
Байкасам айткан сөзүнө,
Кайыптын кызы Сайкалга,
Барганынан баштады.
Мына ошондо мен бейбак,
Кырк чорону жана Манасты,
Бери мында жат дедим,
Бир айга чейин жаткысам,
Ак кулада ошондо,
Эки элидей казы бар.
Айкөл Манас төрөмдүн,
Ортолуу күлүк кула атын,
Тапка салып байладым,
Мына ошондо жасаган,
Атаң Манас төрөгө,
Келишимдүү ак олпок,
Кан Жакып атаң кас болуп,
Мына ошондо жасаган.
Алтай тоосун чалдыргам,
Мергендерге аттыргам
Атып келген мергенге
Алтын-күмүш бердиргем,
Атаң Манас төрөгө
Кыштын күнү болгондо
Байтал бээнин бал кымыз
Ашаткыга кандыргам
Жайдын күнү болгондо
Алты жүз мыкты балбанга
Аябай тынбай сабаткам
Милте коюп бүктүргөм,
Жарабас жерин сөктүргөм,
Болот өөгөн жиберип.
Ортосуна төктүргөм
Алты жерде чыйратма
Найзанын учун кыйратма,
Жети жерде чыйратма,
Жебенин огун кыйратма,
Он эки жерде чыйратма,
Сыр найза учун кыйратма,
Туура эмес жерин сөктүргөм
Ортосуна энекең,
Жалаң болот төктүргөн,
Табылгы жакса чок өтпөйт.
Очогор жакса ок өтпөйт,
Жылан боор бүктүргөм
Жымыдата төктүргөм
Келтенин огу тайыган,
Карап турсаң ак олпок.
Кишинин көзү тайыган,
Ашаган менен машаган.
Дөөтү менен дос экен
Төкөр уста Бөлөкбай
Ошол неме кадаган
Атаң Манас кайран шер,
Мына ошону кийгизип.
Мен Сайкалга бар дедим,
Кырк чоросун ээрчитип.
Абакем Бакай баатырды,
Арыстан атаң алып барып.
Кандарга кетти кабары,
Кайыптын кызы Сайкалды,
Кабылан Манас атакең,
Кайра жылкы тийгенде.
Арт жагынан келиптир.
Атакең Манас кайран шер,
Ыргыта сайып Сайкалды.
Кармап Манас келгенде,
Көшөгөнү тартам деп.
Көркүнө алып жатам деп,
Мына ошондо кыз Сайкал,
Баатыр Манас төрө деп.
Ушул жалган дүйнөдөн,
Ак өтөйүн дегенмин,
О дүйнө сапар барганча,
Так өтөйүн дегенмин,
О дүйнөлүк болоюн,

Дегениңе көнөйүн,
Деген кезде Сайкалды,
Абакең Бакай жарыктык,
Баламдын сөзү макул деп.
О дүйнөлүк атаңа
Акыреттик жар болсун
Кыз Сайкал кеткен ошондо
Атаңдан калган сан дүйнө,
Абыке, Көбөш, кан Жакып,
Мынакей энең жанында,
Сен жетимге кас болгон
Абыке байкуш эч кандай,
Көп жамандык кылган жок.
Мага болушам деп агаң,
Абыке агаң таяк жеп
Ооруп жатып ал калган,
Манастан калган кырк чоро,
Көп жылкыны тийгенде,
Атаңдан калган чоң ордо
Атакең Жакып ал өзү,
Найза менен эшигин,
Сыртынан салып ачканда
Айкөлдөн калган сан дүйнө
Камчыга ченеп бөлгөндө
Кыргыл менен Тазбаймат
Ортого алып Көбөштү,
Чоң ордого ал келгенде,
Мен тийбеймин эч кимге,
Деген кезде Көбөшүң,
Эмчегим айра чапканда
Эртеси келип ордоңду
Чабамын деп кеткенде,
Токтобай келип бизге айтып.
Бармактай бала Семетей,
Өлтүрөмүн деп оолугуп,
Кырк чоро менен Жакып кан,
Кеңешти деген кезинде,
Аны угуп мен байбак,
Энеме кеңеш салганда,
Түн жамынып биз үчөө
Үч Кайнарда токойго
Жанышып калып кутулдук
Абакем байкуш Бакайга,
Араң издеп тапканда,
Абам Бакай кандай жан
Атайын ыйлап олтуруп
Бир тууган деген жакшы иш,
Кара канга бар деген,
Мына эми бой жетип,
Элиңе кетип барасың
Мына Жакып атаңда,
Айкөл атаң Манастын.
Бүт кийими ошондо,
Ошону балам бек таңып,
Сен Кең-колго барганда
Астыңдан чыгат кан Бакай,
Салм берсең бүт тааныйт,
Ак тулпар менен кара зоот
Кан Бакай билет баарысын
Чоочун адам болом деп.
Эч бир айтпа абама,
Сүйүнгөндөн жан абам,
Эси ооп калбасын,
Ардагым ыйлап абакем,
Айлаңды жаман кетирет
Жолоочу элем аба деп
Эч сырыңды айтпагын,
Кезип Манас баатырдын,
Күмбөзүндө болсо да,
Соодагер элем мал айдап,
Башка жакка баратам,
Өзү эле тааныйт сени эми,
Көңүлүн анын калтырба,
Сылык жооп кайтаргын
Абакем Бакай эр ошо
Адашкан эрге маана ошо

Акылга толук даана ошо
Көк ала сындуу аты бар,
Көпчүктөй болгон абышка,
Эми балам айтайын
Кандай жол менен барасың,
Астында минген ак тулпар.
Алты күндө жеткизет,
Будургу болсо жол менен,
Жандай салып барарсың
Адырма жолго саласың
Астыңдан адам көп кезикпейт
Сен балам боз талаа жолго саласың,
Боз талаа өтүп жөө болот,
Оң жагына келгенде
Кашкар, Мерки жер болот.
Оң колуңду бурганда,
Өөдө жагы кең Чаткал,
Кара буура жер болот.
Кара буура Чаткалда,
Кайкаалп кыргыз жатканда,
Андан ары жөнөсөң,
Жоргонун бели кезигет,
Жоргонун белин аша албай
Сенин энең Каныкей,
Зоругуп ыйлап баса албай,
Качкан жерге барасың,
Аны эңкейип барганда
Ак тулпар оозун бурарда
Астыңдан чыгат калың төө.
Атаң Манас баатырдын.
Желмаяны кезигер,
Карып калды желмаян,
Эки көзүн көл басып.
Баабединге чалып кет,
Атаң Манас арбагы,
Желмаяндын этине
Жергилүү калык тоюнар,
Таластын суусун кечкенде,
Боз бээ сага кезигет,
Атаң Манас баатырдын,
Ак куланын энеси,
Астыңдан чыгат кишенеп.
Жетимиш асый болгондур,
Кулунум келип калдыңбы
Деген үндү салганда,
Айбанда болсо чоң боз бээ,
Үч кишенелеп алганда,
Жетип келер жаныңа
Жыттап-жыттап ала көр
Жетелеп алып боз бээни
Кан Анастын күмбөзгө,
Атакем Манас баатыр деп.
Боз бээни чалып өтөрсүң,
Күмбөзгө балам жетерсиң,
Каныкей кандай экенин,
Ошол күмбөздөн билерсиң,
Күмбөзгө түшүп жан балам
Атаңа дуба окусаң.
Чартылдап учуп өтүшөр,
Куйругу менен куш санап.
Канаты менен көрсөтөт,
Атаңдан калган Ак шумкар.
Алтымыш өрдөк көз айдап
Үч кайнар булак башына,
Чоң Таластын суусуна.
Өрдөк көздү бүт айдап,
Ак шумкар келип ал конот
Боболосоң келеттир
Мына ушуну ала кет
Күрө менен куш жаздык
Колуңа алсаң ал келер
Андан кийин байкасаң,
Атаңдан калган Кумайык,
Атын тайган дебесең,
Кадимки биздин Кумайык,

Улуп-уңшуп ал келер,
Алтымыш аркар, миң кулжа
Айдап алып ал келер
Мына ошондо мына бу
Каухар жагоо жасатып
Монуна салып байлагын
Ак тайган менен Ак шумкар
Энекеңе ала кел,
Андан кийин айтайын,
Атаңдан калган чоң Буурул,
Кайыптын кызы Сайкалдан
Оо дүйнө кеткен атакең
Кадырлап алган Сайкалдан
Атыңдын жайын айтайын
Айланайын кулунум
Айкөлүм Манас өлгөндө,
Калык чогулуп көмөрдө,
Атаңдан калган Буурулду,
Атакең Жакып соём деп.
Азапты башка салганда,
Караңгыда Буурул ат,
Кадимкидей кедиптир,
Кайда барсаң кет дедим,
Алтын нокто колго алып.
Күрүч менен күрөктөп
Мейиз кошуп жем бердим
Жыттап-жыттап мен келдим
Көзүмдөн жашым төгүлүп
Көкүлүнөн сыласам,
Көзүнөн аккан кара жаш,
Айбанда болсо буурул ат.
Таноосуна төгүлүп,
Мына ошондо энекең,
Кошо ыйлады өкүрүп
Жемин жеп Буурул болгон соң
Окуранып коштошту
Ошол четки чынарга
Текестин башы Күрпүлдөк
Кулан менен кубулуп
Ошол жерде болгондур,
Беш жылча Буурул жаныбар,
Арпанын башын жайласа,
Ак шумкар менен Ак тайган
Ошолор кошо жүргөндүр,
Быйыл сени келет деп,
Бир айга жаңы болгондур,
Кан Манастын жылкыга,
Эми келет кошулуп,
Арасында болгондур
Железе болсо буурулду
Укурук салып кармап мин
Талаада болсо ала бар,
Ак баштыкка жем сала,
Деп Каныкей айтты эми,
Эми балам айтайын,
Кырк чорого тийбегин,
Абыке, Көбөш, Жакыпка.
Эч жамандык айтпагын,
Абакем Бакай жарыктык
Абаман балам бөлүнбө
Бөлөк жерге жан багып
Атакең менен абакең,
Арасы алыс бир канча,
Кан Жакыпка конбогун,
Эми баштан айтайын,
Атакең Манас жоругун,
Кече атаң Манас шер эле,
Астына минген Ак кула,
Кара малдын дулдулу,
Как ошондой мал эле
Бээжинди бузуп алам деп
Кырк үч миң кол менен,
Атакең Манас жөнөгөн,
Азиз кандын Алманбет
Кара динден ак болуп.
Келмек тили так болуп,

Алмакем келип Таласка,
Энекең мобу Чыйырды,
Эмчегин бирге эмгизген
Ак боз бээни сойдуруп,
Атын Алма коюлуп.
Акыреттик бир тууган,
Алмакем болгон Манаска
Өөдө түшсө өбөгү
Ылдый түшсө жөлөгү
Азизкандын Алманбет
Айрылуучу эр эмес,
Мына Бээжинге булар жүргөндө
Калмакты бүтүн каратып
Калмактын элин талантып,
Бээжинди Манас бузганда
Берен Манас атакең,
Оң Жолойдо Орок кыр,
Он арчада Бөрүкөз
Кангайдын каны Мурадыл
Эр Эшен менен Боз кертек
Нескара менен канжал
Темир аркан колбашын,
Киндиги жоон Китен алп,
Куйругу жок Кутан алп
Аттан күлүк Шыпшайдар,
Тойкара менен Кожожаш,
Кең каратып байлаган,
Кең табылгы жайлаган,
Чоң каратып байлаган
Чоң табылгы жайлаган
Калдайдын каны Коңурбай
Кебез байлоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай,
Ал жерден атаңдын
Оң далысын кон тартып
Арыстан Манас атаңдын,
Калмакты сайып алыптыр.
Мына ошондо Коңурдун,
Коңурбайдын кара аты
Кош жалында канаты.
Бийиги бир жүз сексен кез,
Бээжиниңдин сепил деп,
Учуп өткөн Алкара.
Секирип түшкөн Ак кула,
Ошондо кытай бүгүлүп,
Атакең Манас баатырга,
Алооке баштап баш ийип.
Бээжиндин эли караган.
Алтымыш соң-көл кырк кытай,
Баарысын колго түшүрүп,
Баатыр Манас турганда,
Калдайдын каны Коңурбай,
Кан Манаска бүгүлгөн
Мен мусулман болдум деп.
Калмактын каны келгенде,
Айкөл Манас атакең
Эр болбой көдөс болобу,
Уруксат берип койгондо,
Алманбет баатыр ыйлаган,
Алтын бир жанын кыйнаган
Бекер бир кылдың арыстаным,
Душманың Коңур келгенде,
Башын кесип салганда,
Болбойт беле тамаша
Эми баатыр биз деген,
Кайрып Талас көрбөйбүз,
Ак кула атты минбейбиз,
Айылыңды аман көрбөйсүң,
Катүгүн төрөм не дейин
Деп Алмакең айтканда,
Кырк чоро Манас болбогон,
Мына эми байка деп.
Алманбет баатыр айтканда,
Акылга дыйкан Алманбет,
Алты айга толгондо,
Арыстан атаң Манаска

Жүргүн баатыр кетели
Алтымыш уруу тил билет
Аргындын уулу Ажыбай
Мында таштап кан кылып.
Кең Таласка жетели,
Деген сөздү салганда,
Арыстан болбой койгондо,
Он сегиз ай кан Манас,
Орто Бээжин калааны,
Ойрон атаң сураган,
Он сегиз ай чоң калмак,
Оорусунан таза айыгып.
Жерлерди баарын чалыптыр
Канткенде Манас өлөт деп
Калкына кабар салыптыр
Эрлердин баарын белине,
Ичине тыңша салыптыр.
Мына ошентип Коңурбай,
Ажайып кана окуган,
Акылга дыйкан доңуз ай
Амалды калча толгоптур.
Эмине кылам деп ойлоп.
Амалы кетип жүрүптүр,
Бир күнү угат бул кытай,
Арыстан Манас баатырды
Намаз окуп олтурса
Мына ушунда козголбойт.
Деген сөздү укканда,
Атакең Манас бир күнү
Жума намаз эми деп.
Намазга Манас чыкканда,
Алты ай ууга сугарган,
Айбалта менен бул Коңур.
Намазда Манас олтурса,
Жакындап келет себилге,
Айкөлгө балта жумганда,
Ошондо тийип ай балта,
Башынан атаң жаралуу,
Кароолдо турган Ажыбай,
Көзү илинип кетиптир,
Ажыны кара басыптыр,
Ордунан тура жүгүрүп
Ажыбай кууп калганда
Алманбет ыйлап ошондо
Алааматты салганда
Аргындын уулу Ажыбай,
Атакеңдин жолдошу,
Ошондо Каныш мен болсом,
Кечилдин каны Коңурга,
Кылбайт белем кызыкты,
Татпайт белем тузуңду
Көрсөтпөйт белем кызыкты,
Айланайын жалгызым,
Айтайын кулак салып кет
Атакең Манас жолборстун,
Жараты катуу болгондо,
Бээжинден кайра тартканда
Берениң арта кайтканда,
Ак кула окко учурган,
Алмаңды шейит кетирген,
Ак кула атты окко учурган,
Сыргакты шейит кетирген
Арыстан Манас кайран шер,
Бээжинден кайра келгенде,
Кара тоо башын ураттым,
Кан Алманбет султаным,
Артында калып кетем деп.
Айланайын жаш балдар
Силерди укчактап жатып кетем деп
Айкөл Манас атакең,
Аябай катуу кейиген
Кызыл тоо башын ураттым,
Кыраанын Алмам сулаттым,
Кара тоо башын ураатым
Кабылан Алма кайран эр,
Ушул эрди сулаттым,

Калмакты чаап мен алдым,
Кабылан Сыргак, Чубакты,
Кан Ажыбай,  Чунакты,
Катары менен жеп болдум
Манжуну чаап мен алдым
Баатыр Алма төрөмдү
Кайран эрди жеп алдым
Тыңшаны чаап мен алдым
Тынарлардан айрылып.
Кокуйлап ыйлап мен калдым,
Кагылайын жаш балдар,
Кабада болуп жүрөрмүн.
Жоругун эстеп жүрөрмүн,
Жолго чыксам ак жолтой,
Ар бириң маган сан колдой
Алманбет, Чубак жолборсум,
Айланайын балдар деп.
Арбуудандын үстүндө,
Алты күнү өкүргөн,
Мына ошондо кан Манас
Айкөл ыйлап жатканда.
Манас ыйлап атат деп,
Абакем Бакай, кан Кошой
Аксакалдар келишкен.
Атынан алып Манасты,
Ак ордого киришкен.
Мына ошондо кан Манас,
Алты ай ооруп жатканда.
Азабын тең тартканда,
Мына ошондо башынан,
Арыстан болгон жаралуу
Алты айдан кийин атакең.
О дүйңо кетип Таласта,
Сен баруучу чоң Талас,
Атаң Манас күмбөзү.
Бейити эмес белгиси
Калмак алып кетет деп
Жети күнү болгондо
Жер түбүнөн кастырып
Арчалуу мазар ак түнтө
Акзоонун башы кырк кайың
Бери жагын карасаң,
Бир киши сойлоп баткыдай.
Ары жагын байкасаң,
Жети миң кой жаткыдай.
Жерди энең каздырган
Астынан өтөт калың суу
Суунун үстү аска таш
Арча чыккан ичине,
Алып барып катканмын,
Акысын берип казгандын,
Алтымыш балбан баатырды
Жер түбүнө уюттум,
Адам билип калат деп.
Абакем Бакай бир билет,
Андан башка ким билет,
Элиңе балбан барганда,
Энекемдин кеби деп.
Бек сактагын көңүлгө
Абакем Бакай карыны,
Ала келсең да болот
Менин юир эле кеңешим
Айкөлдөн калган жалгызым
Ай Семетей кулунум,
Эмне деймиң кебиме,
Бөксөлүү тоонун белинен,
Эңкейип ылдый киргенде
Эсиңде болсун кулунум
Чаткалдын тоосу көрүнөт
Оң жагында карасаң
Ошо карай барганда,
Анан Талас көрүнөт,
Кабылан Бакай карыга,
Бизден салам айта бар
Деп Каныкей айтты эми.
Мына балаң Семетей,

Аттанмак болду Таласка
Ошондо байкуш Чыйырды
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Букардан өтүп Семетей.
Бөксөлүү тоонун адырма,
Кербендер жүрчү кара жол.
Как ошого барганча
Узатып өзүм барам деп
Энеке байкуш ыйлады
Алты жүз жигит Ысмайыл
А дагы кошо жөнөдү
Ата болгон Ысмайыл
А дагы ээрчип келе атат.
Эки күнү жол жүрдү,
Эми кайра кайткыла,
Элине жалгыз барам деп.
Эр Семетей болбоду
Мына ошондо Чыйырды
Баргын балам кар жакка,
Мен тапшырдым Манас арбакка.
Аттангын балам жол болсун.
Атаң Манас арбагы,
Айланып сени колдосун
Алманбет, Сыргак жол берсин
Арыстандардын арбагы,
Балам сени колдосун.

## СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА КЕЛИП КЕТИШИ. БУУРУЛДУ МИНИП БАКАЙДЫ АЛА КЕТИШИ

Батасын алып Семетей,
Ак тулпар менен эр неме
Алманбеттин сыр бараң
Оң далыга асынып
Каныкей кылган суусар бөрк,
Кабылан баса кийиптир.
Семетейим кийсин деп,
Жасап жүргөн көк чепкен.
Ичинен баса кийиптир.
Тууганды карай бет алып,
Айкөлүңдүн баласы.
Эми чыкты бастырып
Адырма кайкы белеске
Түнөп келет Семетей,
Бүдүр-бүдүр жерлерге,
Токтоп келет Семетей.
Таластын эли кайда деп,
Кезиккен кербен адамдан,
Сурап келет Семетей,
Күнү басып алты күн,
Түнү басып алты күн
Кечинде келип конду эми
Чаткалдын бою белеске
Эртеси эрте жөнөдү
Таласка келди Семетей
Эрте жөнөп олтуруп
Улуу шашке болгондо
Жолунан чыкты калың төө,
Астында келди бозоргон
Желмайынды алды эми
Көзүнөн жашы төгүлгөн
Чуудаларын чубалтып
Желмаянды көрдү эми
Манастын алтын баласы
Муну алды жетелеп
Андан ары өткөндө
Калың жылкы жайылып
Астында келет боз бээни,
Семетейди көргөндө,
Боздоп ыйлап ошондо,
Семетейди жыттады,
Аны алды жетелеп.

Эми келип toktoду
Эр Манастын күмбөзгө
Мына түшүп Семетей.
Айланайын ата деп,
Күмбөзгө бала кирбестен,
Дуба окуп атага,
Анан басып келди эми
Желмаян менен боз бээни
Кан Манастын арбакка
Кабылан бала чалды эми,
Кайтарып турган адамга,
Астында калың айылдан,
Алты киши келди эми.
Этти талап алды эми,
Эр Манастын арбакка,
Куран окуп кой деди.
Анан басып күмбөзгө
Акырын Семең кирди эми
Айланайын кан атам
Он сегиз миң ааламды
Бийлеп келген жан атам
Жалгызың келди күмбөзгө
Жалгай көрчү мени деп
Касиеттүү кан ата
Арбагыңда колдо деп
Күмбөздүн жайын айтайын
Алтымыш эрге майыша,
Кыш быштырып бек салган,
Алты кылым өткөнчө,
Чети кетилбей турсун деп.
Жети миң эрге майыша,
Кыш бышырып бек салган.
Жети кылым өткөнчө,
Чети четилбей турсун деп,
Анжыяндын ак тобо,
Кан башына алдырган
Кайран Каныш энекең
Салык кылып салдырган
Кан башына алдырган
Айкөл Манас күмбөзү
Как ушундай күтүлгөн
Сенин жеңең Каныкей
Ойрон энең бүтүргөн
Тыбышына Каныкей,
Шаты менен жибекти,
Кескилетип жиберген,
Ылайына салдырган,
Эр Манастын күмбөзгө,
Эми бала кирди эми,
Маңдай жаккы бетинде.
Бала барып токтоду
Түндүк жаккы бетинде
Он эки кан кашында
Ойрон Манас башында,
Калык чогулуп алыптыр.
Ортосунда кан Манас,
Атасы сүйлөп жатыптыр.
Кыбыла жаккы бетинде,
Арыстан Манас баш болуп.
Бээжинди карай бет алып,
Кырк үч сеп кол болуп,
Аскер жыйнап баратат.
Кутбасына келгенде
Алманбет, Чубак, эр Сыргак,
Ажыбай, Бакай баш болуп.
Бээжинге бара жатыптыр,
Ак кула минип айкөл шер,
Ортосунда баратат.
Муну Семең көрдү эми,
Андан кийин Семетей,
Түштүгүнө келди эми
Алманбет, Сыргак эки арыстан,
Бээжинден жылкы алганда.
Ушул турат тартылып,
Андан кийин байкасаң,
Чыгыш жакка бетинде.

Бээжинди Манас бузуптур,
Орто Бээжин калаада,
Арыстан такта олтурат.
Аны Семең көрдү эми,
Андан кийин байкаса
Бээжинден Манас басыптыр
Айбалта тийип башына
Арыстан Манас барыптыр.
Алманбет, Чубак, эр Сыргак
Арыстандардан айрылып,
Абакең Бакай баш болуп.
Бээжинден келген жери бар,
Аны Семең көрдү эми,
Андан ары өткөндөн,
Жана Семең байкаса,
Арыстан Манас атакең.
Ак кула менен арбайып.
Калдайдын уулу Коңурду,
Көк шиледен сайыптыр.
Ушул сүрөт бир жүрөт,
Андан Семең өткөндө,
Арыстан ооруп жатыптыр.
Атасы Манас баатырдын,
Өлгөн жери да турат.
Аны Семең көрдү эми,
Солкулдап ыйлап ийди эми,
Он эки хан ыйлаган,
Кырк чоро кошо ыйлаптыр.
Ар буудандын үстүндө,
Атакелеп Семетей.
Аты жүрөт жазылып.
Аны көрүп Семетей,
Каныкейге жалынып,
Айланайын эне деп
Зыяратт кылып чыкканда,
Көк ала сындуу бир киши,
Келип калды эшикке,
Абакем Бакай ушу деп.
Аныктап таанып Семетей,
Салам берди жүгүнүп.
Саламдашып кан Бакай,
Эй айланайын жаш бала,
Кайдан келе жатасың,
Кара кандын Ак тулап,
Кайдан алып мингенсиң.
Букардан чыкпай жүрдүңбү,
Деп абакем айтканда,
Айланайын акебай,
Соодагер элем алыстан,
Келе жатам ушундай,
Кан Манастын күмбөзгө,
Зыярат кылдым азыраак,
Деп Семетей айтканда,
Сен Букардан келе атсаң,
Манастын уулу Семетей,
Он экиге толду эле,
Келер маалы болду эле,
Уктуң бекен кабарды,
Деп кан Бакай сураса,
Анда туруп Семетей,
Манастын уулу Семетей
Ашкере баатыр эр чыкты
Букарда болсо Семетей
Букарга кан болгондо
Мен тоюнда болгонмун,
Деген кезде Семетей,
Алты миң аркар айдаптыр.
Ак тайган келд бурулуп,
Анын арты жагынан,
Беш миңдей казды айдап.
Ак шумкар келип калды эми,
Мына ушунда кан Бакай,
Бакырып үндү салды эми.
Айланайын жалгызым,
Сен Семетей болуп жүрбө.
Деп кан Бакай айтканда,

Абакем келип кучактап.
Айтчы балам чынынды,
Ак шумкар менен Ак тайган,
Бекер келген жок деди.
Анда бала сүйлөдү,
Эмесе аба аманбы,
Атамдан калаган абакем,
Аман-эсен барсыңбы,
Сак саламат жүрсүңбү,
Деп Семетей айтканда.
Абакем Бакай жарыктык,
Кучактап алып өптү эми,
Бакай менен Семетей,
Көрүшүп эми турду ошо,
Ак шумкар менен Ак тайган,
Ал экөөнү кармашып,
Кан Семетей алды эми,
Манастан калган жылкыдан,
Эки жылкы сойду эми,
Ити менен кушуна,
Эр Семетей берди эми
Мына ошондо кан Бакай
Баабедин деп бакырып
Манастап ураан чакырып
Эми балм келе бер
Мен Жакыпка барайын
Семетей келе жатат деп
Элге кабар салайын
Жалпы кыргыз калк элге
Тегиз кабар салайын
Чоң атаңа барайын
Ичи кандай болду эми
Жакыптан кабар алайын
Шашапай келди Семетей
Бай Жакып баатыр сүйүнчү
Деген сөздү айтайын
Деп кан Бакай жөнөдү
Артыман балам келсин деп
Мына ошондо Семетей
Каныкей берген курмээлей
Кабылан бала алды эми
Ак шумкарды көтөрүп
Каныкей берген чан чынжыр
Алты метр көрүнөт
Аны алп Семетей.
Ак тайгандын каргысын
Жаңы тагып турду эми
Аны алып Семетей
Ак тайганды жетелеп
Кең-Колду карай бет алып
Кабылан бала келе атат
Манас, Манас, Манастап
Баатыр Бакай келе атат
Баабедин,  баабедин
Сүйүнчү журтум сүйүнчү
Эр Семетей келе атат
Көк чолок менен аргытып
Абакем Бакай жетти эми
Кан Жакыптын үйүнө
Атаган Бакай бакырат
Сүйүнчү Жакып сүйүнчү
Душман болсоң күйүккү
Айкөлдүн жалгыз баласы
Арыстан Семең келе атат
Баатырдын жалгыз баласы
Баалада болсо Семетей
Элин издеп келиптир
Баатыр Жакып мен айтам
Сүйүнчүмдү берди деп
Үйдө олтурган бай Жакып
Бакай баатыр ыракмат
Сүйүнчүлөп келипсиң
Тогуз жорго ал деди
Апкелейин Семеңди
Деп ошентип кан Бакай
Желип ылдый кирди эми

Бейли бузук Жакып деп
Эмнесин айтар экен деп
Артынан кайра келгени
Үйдүн келип артына
Абакем Бакай тыңшады
Бакдөөлөткө кеп айтат
Ай байбиче деп айтат
Желмогуз келди эми деп
Жанакы Бакай сүйлөдү
Балды бергин Бакайга
Ууну чылап сен бергин
Семетей деген балага
Анда туруп байбиче
Оңбогон Жакып оңбойсуң
Эгерде эки болбойсуң
Арыстандын жалгыз бала
Өз баланды торгойсуң
Ар качандан бир качан
Арамдыгың койбойсуң
Андан көрө уулуңа
Абдан жакшы көрүшкүн
Ак боз бээни алып келгин
Арбагына Манастын
Өткөн кеткен кеп болсо
Абалм эми кеч дегин
Ачуусу келди Жакыптын
Менин тилим ал деди
Айбалта менен бир салып
Кемпирин сабап киргени
Мына ошондо кемпири
Айласыздан макул деп
Оңбогон какбаш оңбо деп
Ошолор келсе көрөсүң
Ажалсыз какбаш өлөсүң
Деп кемпири кекенди
Мына муну укту эми
Абакең Бакай бастырып
Алкымда келе жаткан эр
Семетейге жетти эми
Эми балас тилимди ал
Маган атаң бал берет
Саган атаң уу берет.
Иче көрбө кулунум
Деп кан Бакай ыйлады
Ошондо Семең ойлонуп
Капырай ушул чынбы деп
Өз атамдын атасы
Ушул ишти кылабы
Чыны менен чоң атам
Маган кастык кылабы
Деп ойлонуп Семетей
Бакайды жаман көрдү эми
Ушунтип жөнөп олтурду
Кан Жакыптын үйүнө
Семетей келип түштү эми
Аманбы балам эми деп
Бай Жакып ыйлап буркурап
Кеткенден калган керезим
Өлгөндөн калган чырагым
Өзөгүм ооруп турду эле
Семетей качан келет деп
Деген кезде кан Бакай
Эй Семетей кулунум
Чоң атаңдын көзү ушул
Каныкей менен Чыйырды
Аман-эсен жүрөбү
Деген кезде Семетей
Аман-эсен жатышат
Дени карды соо деди
Карыган сенин таятаң
Ысмайыл менен Бөрүтөрө
Таекең аман жатабы
Деп кан Бакай сурады
Кең Букардын шаары аман
Тай ата менен таекең
Тегиз аман жатабы

Эми абаке кан Бакай
Тегиз аман жатсаңар
Чоң ата кандай денсоолук
Деп Семетей сурады
Кан Семетей баладан
Байбичеси Жакыптын
Башынан суу ыргытып
Аман-эсен барсыңбы
Асылдын жалгыз уулу деп
Бетинен өөп жыттады
Үйүнө алып барды эми
Төрдө олтурат кан Жакып
Байбиче алып келгин деп
Балам суусап калгандыр
Бал кымыздан куй деди
Мына ошондо байбиче
Көтөрүп алып келди эми
Абакем Бакай алды эми
Эр Семетей колго алып
Кел атаке келиңиз
Деп Жакыпка сунду эми
Мына ошондо Жакып кан
Ичтим балам жол жүрдүң
Деп Жакып болбой койду эми
Алып чыгып Семетей
Бай Жакыптын маңгытка
Баатыр төгүп ийди эми
Ичери менен ит өлдү
Ошондо Бакай сүйлөдү
Айланайын Семетей,
Эшикке эмне чыктың деп
Билмексен болуп сурады
Абаке Байкап карадым
Кымызды ууга кошуптур
Рахмат ата Жакып кан
Деген кезде кан Жакып
Эшикке чыгып кетти эми
Көбөшкө киши жиберген
Семетей мында келди деп
Бай Жакып эшикке чыкканда
Алманбеттин ак куржун
Абакем сууруй албады
Байкап көрүп Семетей
Баатыр сууруп алды эми
Ак тулпарга сал деди
Көтөрүп чыгып Семетей
Ак тулпарга салды эми
Жүргүн балам нокто алып
Укурукту дагы алгын
Жебелүү күлүк Буурул ат
Желенин турат жанында
Жети күн болду келд деп
Бай Жакып айтты жанатан
Деп кан Бакайй жөнөдү
Көк аланы жетелеп
Желенин келет четине
Буурул уктап жатыптыр
Семетей чалма салганда
Секирип Буурул жөнөдү
Арыстан Семе balaңды
Алып барат Буурул ат
Сүйрөп Буурул жөнөдү
Ачуусу келген кан Бакай
Арам өлгөн Буурул ат
Сага эмне болду деп
Кан Бакай Семең кыйкырды
Үнүн угуп Буурул ат
Эми токтоп калды эми
Каныкейдин ак нокто
Эр Семетей катты эми
Кетелик деп жатканда
Алты жигит жанында
Көбөш кан келип түштү эми
Кайдан келген эми деп
Атта эмине берилди
Эр Семетей баланы

Көбөш тилдеп кирди эми
Ошондо Семең сүйлөдү
Абабыз Көбөш коюңуз
Бул менин атаман
Калган Буурул ат
Атайын минип жүрүүгө
Чоң атаман алдым мен
Дегенде Көбөш болбоду
Ат меники эми деп
Качырып келип Семеңди
Камчы менен бир салды
Бир салганга болбостон
Беш-алты чапты болбоду
Атынан алды Көбөштү
Алиги Семең оодарып
Ага экен деп сыйласам
Адырандап болбойсуң
Деп Семетей эр неме
Көтөрүп жерге бир урду
Кайра ордунан тургузуп
Колун сыртына байлады
Атына кайра мингизип
Баргын деди айылыңа
Деп Семетей жөнөдү
Ак шумкарды колго алып
Ак тайганды жетелеп
Буурулду Бакай коштоду
Алманбеттин чоң куржун
Каныкейдин ак куржун
Ак тулпарга бөктөрүп
Эр Семетей, кан Бакай
Үч Кошой көздөй жөнөдү
Элдин баары жүгүрүп
Учурашып бүгүлүп
Айкөлдүн жалгыз баласы
Айланайын Семетей
Аман-эсен келдиңби
Деген сөзгө көндүңбү
Бөтөн элде сен өсүп
Эми элиңе келдиңби
Дешин калк чуулдашып
Атакең Манас эр эле
Калайыкк чулап көрүшүп
Кан Бакайдын айылына
Кан Семең келди бастырып
Абакең Бакай жарыктык
Сарала серке алдырып
Садагасын чаптырып
Кара торпок алдырып
Кескилетип жиберип
Ак боз бээни алдырып
Айкөл Манас баатырдын
Арбагына аташып
Эр Семетей жаш бала
Эми келип олтурган
Эр Бакайдын төрүнө
Алты күнү жатты эми
Эми көрүп келгенге
Кан Бакай баштап беш киши
Жанына жолдош алганы
Эр Манастын баласы
Букарга жөнөп калды
Атадан калган арбуудан
Токунуп Семең минди эми
Тай атанын Ак тулпар
Коштотуп Семең алганы
Кан Бакай баштап жөнөдү
Кадимки кыргыз баласы
Ак шумкар колго алганы
Ак тайганын ээрчитип
Кан Манастын күмбөзгө
Дуба окушуп Семетей
Кайтарга көчүп келмекке
Кабылани көрүп конушун
Жараткан берсе тилекти
Жаркырап көчүп Таласка

Кан Семетей келмекке
Конушун көрүп жол чала
Айкөлдүн жалгыз баласы
Абакең Бакай баш болуп
Эми жөнөп чыгышты
Букарды карай бет алып
Бөксөнүн белин ашышып
Бөтөнчө булар башташып
Алтымыш жорго, жүз күлүк
Арыстан Бакай айдатып
Алтын менен күмүштү
Кара нарга бүктөтүп
Жан жолдошу жигитке
Артыман келе бергин деп
Кан Бакай Семең келе атат
Будур-будур бел ашып
Букарга булар келишти
Алты күнү болгондо
Келип түштү Бакайың
Кадимки Каныш үйүнө
Чыйырды Каныш барсыңбы
Жүк көтөрчү нарсыңбы
Аман-эсен жаттыңбы
Деп кан Бакай кеп айтып
Сары таз келип Бакайга
Абакем Бакай барсыңбы
Кадимки Талас чоң Кең-Кол
Жериң аман жатабы
Эми аба кан Бакай
Айткан ишиң аткардым
Эр Семетей баатырдын
Аманын тилеп мен жаттым
Деп Сары таз кеп айтып
Анда Бакай сүйлөдү
Аман-эсен жер жатат
Айтылуу кыргыз эл жатат
Бали Тазым сөзүңө
Раазымын өзүңдүн
Айтып турган сөзүңө
Эми Каныш не дейсиң
Бүгүн мында бололу
Эртең эрте туралы
Кара кандын өзүнө
Учурашып алайын
Башка сөз болсо ошондо
Аңгемени салайын
Букардан Семең көчмөкко
Эмине дээр экен Каракан
Мындан бир кабар алайын
Деп кан Бакай сүйлөдү
Мына ошондо Чыйырды
Арыстан Бакай карысың
Айкөлдүн жалгыз баласы
Аман-эсен эр жетти
Эми Бакай карыя
Токтобой кетер күн келди
Деп Чыйырды айтканда
Кайран Каныш келини
Айланайын энекем
Алтындан артык белемсиң
Кагылайын энекем
Кан Манас тапкан берекем
Кандарга абам сүйлөшүп
Батасын кандын алалы
Анан эне жарыктык
Бастырып элге баралы
Тая атасы Каракан
Андан бата алалы
Таекеси Ысмайыл
Мындан бата алалы
Анан бир элге баралы
Деп ошентип кан Бакай
Абас кеңеш айтышып
Абамдын сөзү макул деп
Табылбаган акыл деп
Баарысы кабыл алышты

Ысмайыл менен Каракан
Мына ошого кан Бакай
Абакем баштап жөнөдү
Кара канга бармакка
Кандай да болсо көрмөккө
Баатыр Семең, Сары таз
Батасын мунун алмакка
Мына эми абакем
Чыйырдыны ээрчитип
Каныкей кошо жөнөдү
Алтымыш жорго, жүз күлүк
Арыстан Бакай айдатып
Каракан сындуу кан экен
Кан Бакай келди элиңе
Сак саламат барсыңбы?
Саламат эсен жансыңбы?
Калың Букар шаарыңдын
Эли аман жатабы?
Касиеттүү кан элең
Айкөлдүн жалгыз баласын
Аман-эсен чоңоёттуң
Эми баатыр ойлочу
Менин бир айткан кеңешим
Карыган каным не дейсиң
Элиме бир келдим жаңыдан
Куда болуп келчү элек
Кезек-кезек көрчү элем
Эми келдим мен саган
Эр Манастын баласын
Элине кетсин эми деп
Ак батаңды бергин дейм
Анан элге кайталык
Мына ошондо Каракан
Эми кепти баштады
Кан Бакай сындуу кансыңбы
Калың кыргыз ак калпак
Элиң аман жатабы?
Жылгындуу Кең-Кол чоң Талас
Жериң аман жатабы?
Карыганда кан Бакай
Кудаңа эми келдиңби
Эл-журтуң аман жаткан соң
Эми келсең сен баатыр
Манастын жалгыз уулунан
Бар батамды аябайм
Бирок менин кебим бар
Ысмайыл менен Бөрүтөрө
Семетей биздин жээнибиз
Бойдон бала кетпесин
Шаатемир кызы Чачыкей
Он төрттөгү кыз эле
Мына ошону берели
Куда-куда болушсун
Сөөктү кайра жаңыртып
Эр Манастын тукуму
Кенедейде келди эле
Эми көчүп кеткенде
Ашкере болуп келиптир
Деп кыргызың айтпасын
Арыстан Бакай куда
Ал-абалды айткыла
Тоюн берип кыз узайт
Деген кебим бар эле
Деп кандын өзү айтканда
Абам Бакай сүйлөдү
Кулдугум бар кебиңе
Алтындай болгон Кара кан
Айтайын сөздү мен жайып
Алтымыш жорго, жүз күлүк
Астыңа тартуу тартайын
Баатырды алып мен эми
Элиме каным кайтайын
Сен Каракан, мен Бакай
Болгон ишти айтайын
Манастын уулу Семетей
Баатыр атка минишип

Элине бала барсын деп
Улуксат берди кан эми
Башына кошуп баш бердиң
Бали сөөк кишисиң
Жетимди алдың жетилтип
Жалгызды алдың жакшыртып
Тойлорун эми берели
Семетей менен Чачыкей
Деп ошентип кан Бакай
Кең Букарга жатканы
Отуз күнгө толгондо
Эми Бакай абакең
Кайтмак болду элине
Мына ошондо Каракан
Балам менин Семетей
Айтайын кулак салып кет
Энең менен Каныштты
Элиңе балам алып кет
Чачыкейдин бердим мен
Ал инимдин кызы эле
Акылынан Бакайдын
Айрылбагын кулунум
Чоң атаң Жакып ишине
Түшүнгүнүң кегине
Жакып-Бакай ага-ини
Бир атанын баласы
Тууганыңдын ишине
Киришпегин ичине
Баарын балам кармакка
Тапшырдым Манас арбакка
Жолуң болсун сен балам
Ишиңди кудай колдосун
Тууганыңа барарсың
Туугандын тилин аларсың
Бирок балам тегиз бол
Улуу-кичүү тууганга
Кан Манастын арбагы
Каралдым сени колдосун
Касиеттүү Манастын
Ишин жакшы билмекке
Так атаңдай таза бол
Өч алам деген душмандан
Кайра тартпа сен балам
Батамды балам берейин
Ишиңди кудай оңдосун
Мына ошондой болгон соң
Падыша берди батасын
Батасын алып Семетей
Аттанмак болду жаңыдан
Кең Букардан ал эми
Тартуу келди Семеңе
Тартууну Семең алды эми
Алтымыш нарга сеп жүктөп
Алиги Семең жөнөдү
Абакем Бакай, Чыйырды
Каныкей менен Чачыкей
Эр Семетей баш болуп
Эми жолго чыгышты
Мына эми жол тартып
Кең Букардан чыгышты
Булар жолдо келе атат
Каракан баштап кан чыкты
Канча аскер жан чыкты
Эки күнү узатып
Эми булар кайтышты,
Кош айтышып коштошуп.
Каракан менен Ысмайыл,
Кайра булар тартышты.

## СЕМЕТЕЙДИН БУКАРДАН КӨЧҮП КЕЛГЕНИ. ЖАКЫП, КӨБӨШ, КЫРК ЧОРОНУН СЕМЕТЕЙ МЕНЕН УРУШКАНЫ. КӨБӨШТҮ, КЫРК ЧОРОНУ, ЖАКЫПТЫ СЕМЕТЕЙ ӨЛТҮРГӨНҮ

Муну мындай таштайлы,
Бай Жакып кандын өзүнөн.
Эми кабар алыңар,
Бай Жакып алды чакырып.
Абыкеден башкасын,
Кырк чорону кошо алды,
Алды менен сүйлөдү.
Алиги Жакып каныңыз,
Кана журтум не дейсиң.
Бул Манастын уулу Семетей,
Эми көчүп келет деп.
Бакай баштап кетиптир,
Букардан булар келгенде.
Кайнарга келип конушту,
Алар чалгын чалышар.
Көчүп Кайнар келгенде,
Кырк чоро бүтүн аттангын,
Абыке, Көбөш бүт баргын.
Манастын уулу жалгызга
Эми бийлик бербейли,
Семетейди соёлу
Бакайдын башын кесели.
Чыйырды менен Каныкей
Тирүү кармап алалы.
Буурулду колго алган соң,
Азапты анан салалы
Бул Манастын баласы
Түбүндө бизге жакышылк
Эч убакта жасабас
Мурункусун ойлошот
Кандайда болсо ушуну
Камындырбай тосолу
Деген сөзгө көнгүлө
Менин тилим алгыла
Эч кандай кайра тартба
Өзүм кошо катышам
Деп кан Жакып айтканда
Кыргыл туруп сүйлөдү
Бай Жакып биздин атабыз
Атанын сөзү эки эмес
Кандай да болсо ошонун
Сөзүн угуп жатабыз
Менин бир айткан кеңешим
Кырк чоро баатыр не дейсиң
Манастын уулун алсак биз
Жалпы кыргыз көп элге
Аким болуп турабыз
Деген сөзгө көнөбүз
Баатыр Жакып төрөбүз
Айдаган жакка барабыз
Айтканындай кылабыз
Мына менин кеңешим
Баатыр Жакып, эр Көбөш
Баарың макул болорсуң
Караңгыда басалык
Канын суудай агызып
Кызыталак Бакайдын
Өтүп кетти даты деп
Ойрон Кыргыл сүйлөдү
Мына ошондо кеп сүйлөп
Кырк чоронун ичинде
Макул баатыр деп сүйлөп
Манастын уулу Семетей
Арзан бала ал эмне

Алдыра койчу эр эмес
Кече Кең-Колго бала келгенде
Буурулду кармап мингенде
Бай Жакып не айтпайсың
Анда бир сонун иш эле
Көбөштү атка байлады
Буурулду кармап мингени
Буга бир кудай бергени
Ак шумкар колго алганы
Алланын кылган жардамы
Ак тайганды ээрчитип
Кең-Колду өрдөп чыкканда
Абасы Бакай жанында
Арыстан Манас арбагы
Айкөлдүн жалгыз баласын
Абыдан колдоп алыптыр
Баарыңа айткан кеңешим
Баатыр Жакып не дейсиң
Эми бир айткан кеңешим
Ак сакал Кыргыл не дейсиң
Бул Манастын уулу Семетей
Бекер буган барбайлы
Убалыңдын баарыңа
Ушул сапар калбайлы
Андан көрө не дейсиң
Аксакал Жакып атабыз
Өткөндү кечир эми деп
Өзүнө түшүп баралы
Алдына барып баланын
Абдан жакшы тозолу
Дегенине көнөлү
Манастан калган кырк чоро
Балага чоро бололу
Деп Мажигиң сүйлөдү
Анда Жакып кеп айтат
Амалдуу катын Каныкей
Элдин баарын үндөсө
Кандыгым кетет колумдан
Кандай дейсиң Кыргыл сен
Мажиктин айткан кебине
Кошулбаймын мен Жакып
Мына ошондо Кыргыл чал
Мажик баатыр бул кебиң
Эч убакта жакпаган
Эмине үчүн мен барып
Бакайга барсам бүгүлүп
Барбаймын Бакай каныңа
Барсаң өзүң бара бер
Мен бай Жакып менен боломун
Сенин Манас төрөнөр
Кече Бээжинден Алмаң келгенде
Жалгыз кызым Арууке
Эч кеңеши жок, кеби жок
Айкөлүң Манас ал берген
Эми Мажик сага берген,
Эч кандай менин ишиме
Кырк чоро эми киришпе
Азыр менин чоромсуң
Бай Жакып биздин атабыз
Атанын тилин алабыз,
Мына ошондо Көбөшкан
Эмине дейсиң сен Мажик
Ушунча элдин башынан
Кырк чоро билет деп турат
Ал ишиңди коюңар
Манастын жалгыз баласын
Башын кесип салыңар
Абыкеге айтыңар
Эмине кеңеш салбайсың
Абыке ханды алдыргын
Деп Көбөш айтканда
Алты жигит жөнөптүр
Абыке канды алдырды
Ак телки менен желиптир
Абыке мырза келиптир
Эмине кеңеш берилди

Алтымыш жигит жанында
Анда Жакып сүйлөдү
Балам Абыш кеп мындай
Маанстын уулу Семетей
Эми көчүп келет дейт
Келсе Кайнар конот го
Ошондо чаап баланы
Тамын талкан кылалы
Кошо сен да барасың
Атаңдын тилин аласың
Анда Абыке сүйлөдү
Атабыз Жакып карысың
Айтасың создүн баарысын
Эми бир сизге айтайын
Ишимдин жөнүн байкагын
Манастын уулу Семетей
Эминеге мынча кегиң бар
Манас да сиздин балаңыз
Балаңызга ок атсаң
Канткенде оңгон жатабыз
Алтайда өзүм жүргөндө
Калмактар малды бөлгөндө
Элдин баарын жеринин
Тыңшалар келип Таласка
Батыш менен чыгышка
Кыргызды кырып салганда
Өзүң кетип Алтайга
Өзөккө дарт чалганда
Анда эчен жоолады
Касиеттүү кан Манас
Алтайдан эмне боолады
Кытайды эчен жоолады
Кадимки Талас жериңе
Алып келип кондурду
Ошонун жалгыз баласы
Кече Каркыранын сазында
Кан Көкөтөй ашында
Кабыр менен мусулман
Чарк алышкан жайында
Карыганда кан Кошой
Кошой бата бергенде
Карк миллион көп кытай
Он эки миллион мусулман
Кошо бата бергенде
Батаны Манас алганда
Барбайып элге барганда
Мына батадан бүткөн Семетей
Кайрылып сага да келсе
Ошол айкөлдөн калган туякты
Арамдык андан ойлосоң
Так ошонун колунан
Бай Жакып, кыргыл өлөсүң
Намысыман күйөмүн
Каныкей менен Чыйырды
Кантип тирүү көрөмүн
Эгерде ата сен чансаң
Жаңы келген коңшуңду
Ак дарыдан чаламын
Намыс менен арыман
Ошондо өлүп каламын
Же болбосо ким уксун
Ушул сөздү ит уксун
Кетемин эми деди эми
Бай Жакып, Кыргыл болушуп
Камынмак болду жол чалып
Мына ушундай кеңешти
Булар айтып коюшту
Айылда жүргөн Байтокто
Акырын угуп алды эми
Мен Чаткалга барам деп
Эки күн мурун жөнөдү
Семетей кайда болду деп
Жана эки күн жатты
Чоң Чаткалдын боюнда
Эртең менен көч келет
Барабан төрт кең сайда

Эр Манастын чоң сайдан
Жети жүздөй ат келет
Муну көрдү Байкожо
Эми байкап караса
Абакең Бакай кары бар
Каныкей, Чыйыр эне бар
Келип калды жакындап
Байтоко келди бастырып
Аманбы Бакай карыя
Айткан сөзүң дарыя
Эсенби Бакай карыя
Эми бир келдим алдыңа
Конушуң жайкы жер болсун
Чыйырды эне аманбы
Каныкей жеңе жакшыбы
Айланайын Семетей
Аман келе жатабы
Ошондо Бакай сүйлөдү
Эли-журтуңн аманбы
Байтоко сенин өзүңдө
Бир кеп болсо өзүңдө
Ошондо кепти Байтоко
Эми айта баштады
Айланайын кан Бакай
Атайын издеп мен келдим
Айтылуу Манас баласын
Жылгындуу Кең-Кол жер аман
Калың кыргыз эл аман
Биро менин бир кебим
Аба кулак салыңыз
Бай Жакып менен Кыргылың
Семетейди соймокко
Даярданып жатышат
Камынгын аба кан Бакай
Калык мени жиберди
Кан Бакайга бар деди
Муну угуп кан Бакай
Чаткалга колду токтотту
Сары тазды айтты эми
Семетей берген көк тулпар
Чогу баргын сен эми
Байтокону ээрчитип
Эмилдин Эргек баласын
Берендин Сергек баласын
Кошо алып жөнөгүн
Үч Кошойго сен баргын
Бурулчага сен айткын
Беш миң аскер кол менен
Элдин алды жатарда
Кайнардан тапкын сен мени
Эми тазым токтобо
Учкан куштай сен жүргүн
Деп кан Бакай жөнөдү
Эки күлүк ат менен
Эр Сары таз жөнөдү
Булар мында конушту
Эртең менен жүк тартып
Аскерди Семең чыдады
Асты койду төрт жүздү
Азга кол менен эр неме
Тайбуурулду коштонуп
Арчалуу күлүк туу чунак
Арча тору ат менен
Арыстан бала Семетей
Жетип келди Кең-Колго
Конушка Бакай жүк таштап
Семетейдин өргөсүн
Эми Бакай тиктирип
Кай жерге турчу жети кол
Жети жүз аскер койду эми
Эч кимиң мылтык атпа деп
Эл келе атса кабар кыл
Өзүм чыгып барам деп
Эр Семетей айтты эми
Мына ошондо байкаган
Күүгүм кирип күн бата

Сары таз жетип келди эми
Жанына алып Бурулча
Каныкейге кезигип
Булар минтип жатканда
Он миң аскер кол болуп
Бай Жакып менен Кыргыл чал
Элдин алды жатканда
О Манастын кырк чоро
Качырып эми кирди эми
Кан майданга кырк чоро
Адис болгон эмеспи
Кароолдо жүргөн жети жүз
Буйдамга келбей айдады
Бай Жакып келип кол баштап
Көбөшү келип күрсүлдөп
Кабар тийди Бакайга
Кайнардын оозун бүт душман
Казыр ээлеп алды деп
Абакем Бакай, Семетей
Сарытаз менен Каныкей
Бурулча менен Сереги
Эми чыкты бастырып
Манас,  Манас,  Манас деп
Баатыр Бакай качырды
Бай Жакыпты бет алып
Манас,  Манас,  Манас деп
Баатырдын жалгыз баласы
Кыргыл чалга бет алды
Бурулча менен Каныкей
Кырк чорого бет алды
Жеткен кезде кан Бакай
Кудайга койдум бай Жакып
Жалгызды кайра кууганың
Деп кан Бакай айтканда
Бай Жакып сөгүп тилдеди
Бакай менен Каныштты
Койгун Жакып урушпа
Калк атасы болду деп
Айланайын кырк чором
Эр Семетей баладан
Эмине болсо ал деди
Балага чоро бол деди
Ошондо Кыргыл сүйлөдү
Каныкей, Бакай силердин
Тилиңди таптым экенмин
Деп Кыргыл күүлөнүп
Качырып сала бергени
Ачуусу келип Семетей
Найзаны тозо койду эми
Ачуусу менен койгондо
Ат-маты менен Кыргыл чал
Көмөлөнүп кетти эми
Секирип туруп атка
Кайра минип жөнөдү
Бай Жакыпты белгилеп
Баатыр Бакай келе атат
Көк алага камчы уруп
Жетип Бакай муштады
Бай Жакып аттан кулады
Таң атканча атышты
Каныкей менен Бурулча
Кырк чорону бет алып
Салышып келе жатышат
Эртеси шашке болгондо
Кайнардан айдап Семетей
Бай Жакып качып кетти эми
Бетине келгенди
Беттеп келет Семетей
Атаке токто деди эле
Буурулду тартуу кылайын
Эл бололу ата деп
Семетей ыйлап турду эми
Ага да Жакып болбоду
Көк ала менен Көбөшүң
Качырып келет баланы
Кайрыла түшүп койду эми

Арбуудандан Семетей
Оой түшүп оңолду
Буурулга камчы басты эми
Өпкө колго ушу деп
Өлөр жердин тушу деп
Жетип муштап өттү эми
Көк аладан Көбөшүң
Көмөлөнүп ал жерге
Көбөш каман түштү эми
Ачуусу келген Семетей
Албарсты колго алды эми
Көбөштү салып башына
Кыя чаап салды эми
Жетип Жакып найза урду
Эр Семетей балага
Кайра тартып Семетей
Албарс кылыч колго алып
Атасы Жакып карынын
Башын кыя чапты эми
Козу менен кочкорду
Кошо союп салганы
Медет менен Седепти
Катар сайып өлтүрдү
Атанын башын байлады
Ачуусу келген Семетей
Абакем Бакай кайда деп
Алкына келип жарыша
Кырк чоро менен сайышып
Кыраан Бакай, Сары таз
Каныкей менен Бурулча
Эрмек менен Сергекти
Керек болчу немени
Ошолорду көрдү эми
Четинде жүргөн Камбарды
Ыргыта коюп өттү эми
Мажик бала жетти эми
Кошо сайып өттү эми
Тазбайматка жетти эми
Өпкө колко тушу деп
Ыргыта коюп өттү эми
Кыргыл чалга жетти эми
Көрө коюп куу Кыргыл
Качып жөнөп калганы
Астынан чыгып Семетей
Качпагыла чоролор
Тайбуурул тартуу деди эми
Агаң чоро болбоду
Качып жөнөп бaратат
Абакең Бакай жетти эми
Арбууданда канжыга
Бай Жакып башы байлануу
Карады Бакай абыдан
Каткырып күлдү жаңыдан
Как баштын башы мында эми
Калганын эмне кылдың дейт
Анда бала сүйлөдү
Кан Манастын күмбөзгө
Жаңы жеткен кезинде
Жаңы Көбөш бешөөлөп
Качырып найза урганы
Абакелеп ыйласам
Карабады алыма
Ачуум менен Көбөштү
Кошо чаап салдым мен
Бай Жакып келип бир сайды
Жойколоп мен чаапмын
Башын кесип алгын деп
Күмбөздөн кандай үн чыкты
Мынакей саган эми деп
Жакыпты кошо жайладым
Көбөштү көргө киргиздим
Кочкорду кошо кошконум
Козусу менен үчөөнү
Катары менен сулаттым
Айып менде абаке
Тирүү кармап албадым

Деген кепти салганда
Адис экен Бурулча
Эми балам турбагын
Кырк чоро качат Бээжинге
Алдап соолап алып кел
Башкасында не айып
Кыргыл менен Байматты
Байлана келгин жаныңа
Жеңеке Каныш ойлочу
Алманбет менен Чубактын
Экөөнүн тең аялы
Кырк чоронун колунда
Аларды алып калалы
Деп Бурулча сүйлөдү
Жакыптын башын байланып
Бешөөнүн тең өлүгүн
Баатыр Семең алып барып
Кан Манастын күмбөздүн
Жанына эми койдурду
Бул кабарды Абыке эми укту
Эми укту айылынан
Ак дарыдан чалыптыр
Абыкең өлүп калыптыр
Аны Семең алдырып
Кан Манастын күмбөзгө
Кайран Семең койду эми
Кырк чоро качып барышат
Кыргыл чал болуп баарысы
Кеңешти эми салышат
Биз эми мындан кетели
Өзөрүнө тийгенде
Өз атасы Жакыпты
Аны бала өлтүрсө
Бизди тирүү коёбу
Кой дегенге болобу
Бээжинге кирип кетели
Дешип булар сүйлөшүп
Кырк чоро качып жөнөдү
Мына ошондо Семетей
Балага кабар тийди эми
Сары таз менен кан Бакай
Кошо барам деди эми
Өзүм барып ээрчитип
Келем аба деп ойлоп
Семетей атка минди эми
Сабап жүрүп олтуруп
Таластын башы Кара тал
Ушул жерден бир тозду
Качпагыла баатырлар
Силерге жаман айтпайын
Атаман калган кырк баатыр
Эмине десең көнөйүн
Арбуудан тартуу, мен тартуу
Деп Семетей айтканда
Кыргыл чал келип бир сайды
Кебелбеди Семетей
Баймат келип бир сайды
Камбар келип бир сайды
Камарабайт Семетей
Эртеси күнү жол жүрүп
Үңкүр таштан тосту эми
Койгула баатыр чоролор
Десе такыр болбоду
Үчүнчү жолу Семетей
Карагайлуу жылгадан
Кан Семетей тосту эле
Кайрылбады кырк чоро
Жооп айтпайт балага
Семетейди Кыргыл чал
Атаңдын көрү куу жетим
Атаң Жакып кан эле
Аны кошо сулаттың
Агаларың баарысын
Башын кесип кулаттың
Эми бизге жашылык
Эмине үчүн кыласың

Алдап бизди алып барып
Кырагын жүргөн экенсиң
Кези келсе эми деп
Сойгону жүргөн экенсиң
Деп Семетей баланы
Найза менен сайганда
Киши ордуна көрбөдү
Кырк чоро келип бүт сайды
Жан ордуна көрбөдү
Ачуусу келип Семетей
Эми кирди качырып
Катары менен чорону
Каттап сайып баратат
Эңкейиште эр неме
Экини катар сулатты
Айдап келет чорону
Чоролор качып олтуруп
Капчыгайдан өттү эми
Эми жетип сени деп
Тун бөлөкчө кууду эми
Түндүн катуу өлгөндө
Кызарттын кайкы белине
Буурул ат келип жыгылды
Эмине болду буган деп
Эр Семетей турду эми
Дуба менен калмагың
Кайран Мажик арбаптыр
Буурул жатып талаада
Семетей турат капада
Атаман калган Буурул ат
Эмине болду саган деп
Башын эми кучактап
Семетей ыйлап олтуруп
Арыстан уктап кетти эми
Мына бир убакта караса
Таң сөгүлүп калыптыр
Тургун баатыр ыйлаба
Дубалап душман коюптур
Деген үндү укту эми
Көзүн ачса сулуу кыз
Алтын шакек алганы
Арчалуу күлүк Буурулдун
Таңдайына салганы
Өлүп бир калган Буурул ат
Ордунан тура калганы
Алиги сулуу адамга
Семетей сүйлөп калганы
Айдай сулуу жан апа
Кайдан келдиң сен мага
Деп арыстан турганда
Аттын ээси мен болом
Айтылуу Сайкал апаңмын
Алдатпагын душманга
Атыңды балам сактагын
Деп ошентип айтканда
Көздөн кайым болду эми
Мына ошондо Семетей
Атын эми минди эми
Жерге жарык түшкөндө
Кызарттын чыкты белине
Турнабай салып караса
Төрткүлдүн төмөн жагында
Оргуп түтүн көрүнөт
Эми Семең көрдү эми
Ак келтени алды эми
Аябай бекем тазалап
Кыргыл менен Мажикти
Байкап Семең көрдү эми
Атаман калган чоң келте
Арыстан Бакай көп мактайт
Эми бир байкап көрөйүн
Жетер бекен калмакка
Шыкалап атып көрөйүн
Деп Семетей ойлонуп
Алты сыйра тазалап
Атадан калган келтени

Сүмбү менен сүмбүлөп
Тарткы менен тарткылап
Куржун көзү дарыны
Кулагына куйду эми
Он эки окту бош коюп
Ойронуң тартып ийди эми
Он эки дүрмөт бир кетти
Тазбаймат менен Кыргылды
Катары менен алтоонун
Башын үзүп ал кетти
Калгандары чуркурап
Аттанмак болду жаңыдан
Буурул ат менен аргытып
Жете келди эр Семең
Камбар менен кармашып
Салбар менен сайышып
Он эки  күнү урушта
Ойронуң жүрдү жулуна
Алты күнгө толгондо
Арууке менен Акмыскал
Колуна эми түшкөндө
Алманбет менен Чубактын
Арбагына чалдым деп
Тирүү турган катынды
Башын кесип алганы
Ичиндеги балдарды
Семең тартып алды эми
Байтал бээнин кымызга
Балдарды алды сордуруп
Каныкейдин ак куржун
Эр Семетей салганы
Эки бирдей баланы
Бул куржунга салганы
Уулуң алды байланып
Сол жагына байланды
Жана алты күн согушту
Согушта жүргөн кезинде
Улам эле ак куржун
Ачылып калат согушта
Колу чыгып ал калат
Ачуусу келип Семетей
Кошо байлап койду эми
Ак куржунда баланы
Камбарды сайып түшүрдү
Сандарды байлап келген
Салбарды сайып жок кылды
Кырк чорону Семетей
Он эки күндө жок кылды
Ары өткөндү айдады
Бери өткөндү айдады
Талдан ийип, жер чийип
Кырк чорого кырк күмбөз
Эр Семетей салдырды
Бир санасаңң бири бар
Бир санасаң отуз бир
Эр Семетей орнотту
Төрт күл төмөн сазына
Кочкордун суунун боюна
Акыры койдум ушуну
Көрсүн кыргыз деди эми
Семетей эмне болду деп
Сары таз, Бакай жол чалып
Каркырага барыптыр
Баланы андан таба албай
Эми өрдөп Кочкорду
Жаңы келип калыптыр
Айланайын Семетей
Аман-эсен барсыңбы
Деп кан Бакай бакырып
Учурашып калганы
Сары таз менен Бакайың
Семетей болуп жол жүрүп
Таласка келип калганы
Кан Манастын үйүндө
Эки эркек баланы
Эми Семең ал келди

Оӊ эмчекти салганда
Бал аралаш сүт чыкты
Мунун атын Гүлчоро
Баатыр Бакай койду эми
Сол эмчегин салганда
Кан аралаш сүт чыкты
Кандын түбү кан болот
Өлтүргүн балам деди эми
Семетей ыйлап болбоду
Кырк чорону бүт кырсам
Алты аганы бүт жутсам
Муну тирүү коёлу
Эгиз козу чоӊоюп
Атын койду Канчоро
Энекеӊ Каныш баш болуп
Балдарды жакшы багышты
Ай бөксөрүп жыл өттү
Алда канча күн өттү
Алманбет уулу Гүлчоро
Эки жашка чыкканда
Эсен кандын Бурулча
Сурап алып Каныштан
Алты жашка чыкканча
Бурулча бакты баланы
Алманбет уулу Гүлчоро
Калмакча күндү жайлоону
Бурулчадан окуган
Алты жашка чыкканда
О дүйнө кетти Бурулча
Энекелеп Гүлчоро
Ошол бала ыйлады
Кан Манастын күмбөзгө,
Кан Бакай Семеӊ койду эми.

## ЧЫНКОЖО МЕНЕН СЕМЕТЕЙДИН ЧАТАГЫ. ЧЫНКОЖОНУН АТАСЫ ШЫГАЙДЫ СЕМЕТЕЙ ӨЛТҮРГӨНҮ, ЧЫНКОЖОНУН ТОЛТОЙГО КЕТҮҮСҮ

Онго балдар толгондо,
Ошондо Бакай кары айтты.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кебез тоонун башында.
Кеӊ Кашкардын чатында,
Арыстан Манас кан кылган.
Мына ошого баргыла,
Он эки жылдан бер жакка.
Бизге окшоп келбеди,
Жакыпты сойду Бакай деп.
Таарынып жүргөн жери бар,
Эмине экенин билгиле.
Деп кан Бакай айтканда,
Эки баатыр жөнөдү.
Алмалуу булак жер менен,
Эки күнү жол жүрүп.
Кебез тоого келишти,
Шыгайдын айылы кайсы деп.
Элден сурап алышып,
Эр Канчоро, Гүлчоро.
Эми келди жарышып,
Шыгай канга саламды.
Эки чоро берди эми,
Ababыз Шыгай аманбы.
Саламдашып алалы,
Атайын Бакай кат берген.
Ошону сизге берели,
Дешип балдар кат берди,
Чынкожо келди бир кезде,
Кырк чоросу жанында,
Катты окутуп Чынкожо.
Бакайдын ишин көр деди,

Жакып жайлап салганын,
Аз келгенсип бул Бакай,
Маган көзүн арткан го,
Байла кулду саба деп.
Эки бирдей чорону,
Чынкожонун чоросу,
Сабап эми киргенде,
Арыстан балдар турсунбу,
Кыркын кырк жерге
Кыйшайта койду бул экөө
Эшикке чыкса аттар жок
Караңгыда бул экөө
Качты белем жөө басып
Эртең менен кезикти
Кайнаган кара жылкыга
Жылкыга балдар келишип
Мал кимдики деди эле
Чынкожонун жылкысы
Деген кезде Гүлчоро
Бала күлүп ийди эми
Чынкожонун кара атты
Када экенин сурады
Карматып эми алды эми
Жылкычыны далайтып
Арыстан балдар сабады
Аты менен ал экөө
Семетейге барды эми
Болгон ишти айтты эми
Ачуусу келген Семетей
Кан Бакайды жиберди
Сар тазды кошту эми
Алты миң аскер эл менен
Эки чоро жөнөдү
Бакай түшүп арага
Элдештирип койду эми
Кара атын алып Чынкожо,
Кайра кетти Кашкарга,
Жамгырчы кандын бүт айылы
Чыңкожо менен бирге эле
Он төрт атты тийди эми
Артынан жетип Семетей
Эр Гүлчоро баш болуп
Аттарды алды кожодон
Айылы бүтүн көчүптүр
Жеткайды көздөй бүт айылы
Эр Семетей тозду эми
Бир адамды өткөзбөй
Барбагын аба деди эми
Каныкей тартуу мен тартуу
Койгун десе болбоду
Семетейди ал тилдеп
Качырып найза салганы
Ачуусу келген Семетей,
Албарс кылыч жумшады.
Шыгайдын башы кесилип,
Чынкожо учту асмандап,
Калган көчүн не бизден.
Жеткайга кетти жетимиң
Калган элди Семетей,
Ажыратып алыптыр,
Эр Семетей, Гүлчоро,
Эми кайра тартышты.
Жамгырчы кандын айылына,
Кан Семетей келди эми.
Орго салып Жамгырды,
Чынкожо элди айтаптыр.
Ордон Семең чыгартып,
Ачуусу келген кайран эр,
Арбууданды минди эми
Эки чоро бала менен
Эр Семетей жөнөдү
Шыгайдын башын кестим деп.
Жеткайга эми жеткирбей,
Сойбосом кожо сени деп.
Кан Семетей кайран эр,
Кайра баштап жөнөдү,

Семетей келбет эми деп.
Келсе да менден соо кетпейт,
Көрсөтөйүн эми деп,
Көк жал кошо конуптур.
Эр Семетей чаап олтуруп,
Эми келди аскерге
Жеке-жеке Чынкожо
Ичи бузук чыр кожо
Берейин дедим энемди
Апа кылып алмакка
Атакең Шыгай карыя
Арабызга түшкөндө
Ачуум келип мен чаптым
Кече Гүлчоро менен Канчоро
Эки бала барганда
Эркелетип абакем
Чынкожо баатыр келсин деп
Эмине саган иш болду
Ушул сапар мен саган,
Кандай жумуш иштедим.
Кой-кой десем болбойсуң,
Кожо десе койбойсуң,
Шыгайдын уулу Чыр кожо
Эми байкап карасаң
Ичиңде бузук бар тура
Эми минтип ойлойсуң
Улам-улам мен айтсам
Асманда учуп торгойсуң
Деген сөзгө көнбөйсүң
Макул ага деген сөз
Учуруп асман баргандай
Кечеги өткөн Манастын
Арбагын ойлоп койбойсуң
Менин атам кан экен
Кабыр менен мусулман
Бийлеп келген жан экен
Абамдын уулу кожонун
Ичинде болбойт арманы
Эр Семетей жалгызга
Караан болуп берер деп
Жер түбүнө жаткызып
Келди кытай солонго
Алтын күмүш зер берип
Сен акмак тузу кор
Жети жылы кан баатыр
Алган экен бастырып
Ошентип Манас багыптыр
Жамгырчы канды орого
Эмине үчүн сен салдың
Мына каным жанымда
Деп Семетей айтканда
Чынкожо туруп сүйлөдү
Манастын уулу Семетей
Менин бир айткан кебиме
Эмине көнбөй сен коюп
Атакем Шыгай ортого
Түшкөндө чаап сен салдың
Чоң атаң Жакып атаны
Башын кесип алган сен
Сен окшогон акмакка
Кандай пенде чыдасын
Абыке, Көбөш, кырк чоро
Катары менен сулаттың
Кең Кочкордун боюна
Талдан ийип жер чийип
Чороңду койдуң чогултуп
Атакең Манас шер эле
Эл кишиси дээр элек
Арыстан Манас абакем
Алаңказар эр эмес
Сендей жаман уулуна
Туруп калчу мен эмес
Касиеттүү кан Манас
Кандай сонун киши эле
Абамдын уулу Чынкожо
Акылдуу болгун садага

Деп ал келет кебез тоо
Мени ал кан кылган
Жыйырма сегиз сүрдүм
Ушул Манас баатырдын
Арбагын сыйлап олтурам
Дегенди сен көнсөң
Буурулду тартуу сен кылсаң
Айтканыңа көнөмүн
Аз элимди өзүмө
Эми болуп сен берсең
Тайбуурул түшүп сен берсең
Атадан калган алтын так
Ак телки атты мага берсең
Жалпы кыргыз улуунун
Калк өзүм мен билем
Гүлчоро менен Канчоро
Эки чоро баланы
Эми мага бересиң
Буурулду токуп туруууга
Ошолор менен сен кошо
Айкөлдөн калган Ак шумкар
Ак тайганды мага бергин
Анан өзүм билемин
Манастан калган алтын так
Мына ошондо мен минип
Деп Чынкожо айтканда
Айкөлдүн уулу Семетей
Эми ойлонуп калганда
Эр Гүлчоро сүйлөдү
Эй Чынкожо абабыз
Сиздин тилди алабыз
Буурулду берсин дегениң
Семетей өлсүн дегениң
Алтын так берсин дегениң
Абамды өлсүн дегениң
Атакем Манас баатырдын
Арбагын эми сыйласаң
Ойлочу кожо өзүңдү
Гүлчоро берсин дегениң
Манастын уулу абамды
Башын бир кесин дегениң
Канчоро берсин дегениң
Калың кыргыз көп элди
Кансыратам дегениң
Ак шумкар сурап турганың
Ааламга салган кастыгың
Ак тайганды сен алсаң
Ак шумкарды кондурсаң
Алтын такты сен алсаң
Абакем Бакай, Каныкей
Азыри башын кесерсиң
Семетей сындуу абакем
Ишиңди мындай кылайын
Деп бакырып абама
Качырып найза саярсың
Андан көрө сен баатыр
Адырдан кайра тарттың
Ага-тууган ким элек
Элиңизге кайтыңыз
Энемди тартуу тартса
Болбойсуң кожо ойлочу
Каныкей кандай киши экен
Балтыр бешик биздерди
Эмине берип бакпады
Барандуу берди аттарды
Мамыкты берди жаткызды
Шумкарды берди салгызды
Сулууну берди алгызды
Гүлчоро менен Канчоро
Бирөөнө абам албады
Кашкардан тандап сулууну
Бирөөнү эжем алып берди
Тартаңдап тандап сулууну
Эми чоро саа барса
Бая күнү барганда
А дегенде атты алдың

Андан кийин кол салдың
Абаке эмине кылдык деп
Жалоорусак укпадың
Карангыда айдадың
Темтеленңдеп жөө бастык
Ичибиз күйүп берилип
Астыңда кара ат малда экен
Канчоро баатыр экөөбүз
Үч жака качып жөнөдүк
Ошондо аба айтамын
Кара атты эми бербейли
Кожодон көргөн кордукту
Мен тозоюн деп атсам
Абакем Бакай, Сары кан
Баарың болбой койдуңбу
Эми Кожо сүйлөдү
Тайбуурулду бергин деп
Кептерине калыптыр
Калыктын баарын алып
Жеткайды көздөй салыптыр
Кетемин десе абаке
Эми кожону тозбойсуң
Ушул кожо абаңдын
Кылган ишин көрдүңбү
Өзүнчө хан бек экен
Бир беттешип сайышкан
Жеке чыксын Чынкожо
Кожодон келген азапты
Мен тозомун тозокту
Деп Гүлчоро сүйлөдү
Мен ошондо Чынкожо
Асмандан учуп жөнөдү
Күнгө булут жиберип
Күндүн көзүн имерип
Айга булут жиберип
Айдын көзүн имерип
Асман менен Чыңкожо
Учуп келет жаңыдан
Эми сени ким айтат
Айланайын жаш балдар
Эч кимиң эми унчукпа
Буурулду минип тозоюн
Деп Семетей айтты эми
Ашуунун алдын Семетей
Арыстан тозуп турду эми
Тайбуурул тартуу абаке
Койгун баатыр деди эми
Качырып келет Чынкожо
Эр Семетей баатырды
Найза менен койду эми
Козголгон жок Семетей
Чынкожо тилдеп келди эми
Мына ошондо Чынкожо
Күлүк кара ат Гүлчоро
Кулуң кармап минди деп
Эки кулун сыйлайсың
Эмине үчүн тыйбайсың
Кызыталак сен канкор
Бөлүнгөн киши өлбөйт деп
Качырып келип бир сайды
Камарабай Семетей
Койгун десе болгон жок
Мына ошондо эр Семең
Аттангын балдар деди эми
Манастап ураан салганы
Эки чоро Семетей
Айдап алды көп колду
Кырк чоросун сабады,
Артынан жетип кан Бакай,
Ажыратып Семенди,
Алып кетти Таласка.

## ЧЫНКОЖО, ТОЛТОЙ АКУН КАНДЫ КАМАГАНЫ

Жалганбы, чынбы ким билет,
Зайып куруш шерлердей.
Тамаша кылып көп айттык,
Жараткан жатар бир билет.
Аныкпы, чынбы ким билет,
Арбагы тирүү баатырды.
Аңгеме кылып көп айттык,
Абалы кудай бир билет.
Жалган айтсак кесирет,
Жалгаса кудай кесирет.
Чынкожо, Толтой кош болуп,
Кыяматтык дос болуп.
Карагай найза боолашып,
Кан Акун менен жоолашып.
Канайдын уулу кан Төлөк,
Багыштын уулу эр Толтой.
Баатырлыгы ошондой,
Шыгайдын уулу Чынкожо.
Өз алынча тың кожо,
Тилегени кудайдан.
Баштан аяк чыркожо
Жети сап кара кол менен,
Желеги айчык туу менен.
Жер майыш кол менен,
Жеткелең Толтой зор менен.
Айчүрөгүн алам деп,
Айтканыма көнбөсө.
Айчүрөгүн бербесе,
Ары чети Акунга.
Акыр заман салам деп,
Кыз чүрөгүн алам деп.
Кыз чүрөгүн бербесе,
Кызын берип Акун кан.
Айтканыма көнбөсө,
Кыргынды мыктап салам деп.
Камышты көр,  селди көр,
Кан Акундун шаарын
Каптап турган элди көр.
Шыпылдатып жаа тартып,
Тарсылдатып ок атып.
Чынкожо, Толтой эки дөө,
Басташканын жоготуп.
Кара сакал кан бары,
Сөзгө жүйрүк жайдары.
Толуп жатат аке тай,
Мунун кара аламан балдары.
Төлөктүн уулу Төлөбай,
Калчанын уулу Кадырбай.
Кара тигип элинен,
Алматы челек жеринен.
Алты дөөсүн өлтүрүп,
Карагай найза боолашам
Кан Толтойго дос болуп,
Жоосун бирге жоолашам.
Деп ошентип Кадырбай,
Бузук салып элине.
Качып келген Толтойго,
Ошол Калча дөөсү бар.
Кайнап жаткан көп колдун,
Чынкожо, Толтой ээси бар.
Акундун шаарын камашып,
Аламан коюп туш-туштан.
Айдап малын талашып,
Жазынкысын болгондо.
Жалдуу жылкы миңгизбей,
Күзүнкүсүн болгондо,
Куйруктуу козу жегизбей.
Күндө коргон бузушуп,

Аябай жатты урушуп.
Бербейбиз деп чүрөктү,
Алты ай жатты муюшуп.
Кыз чүрөгүн берсин деп,
Айчүрөгүн бербесе.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Атышар жерге келсин деп.
Найза кармап туу тигип,
Сайышар жерге келсин деп.
Аны-муну дебестен,
Ачык жооп берсин деп.
Кылыч карап колуна,
Кырышар жерин айтсын деп.
Учпас тоогун учуруп,
Көчпөс тамын көчүрүп.
Таш коргонун талкалап,
Такыр чаап алам деп,
Кыш коргонун уратып.
Күп такырчак кылам деп,
Жети ай салды зордукту.
Акун кандын шаарына.
Жээдигер кылды кордукту,
Ала жамгыр өк болуп,
Алай, дүлөй түшүрүп.
Асмандын күнү бузулуп.
Эшикке ээн баса албай,
Акундун эли кысылып.
Дастары бар кожосу,
Дарс окуган молдосу.
Жаагын жарган чечени,
Журт бийлеген нечени.
Түлкүнүн уулу Түмөнбай,
Түмөндүн уулу Ажыбай.
Эки бирдей бөөрүсү,
Эл бийлеген төрөсү.
Журттун баарын чогултуп,
Кан Акундун астына.
Алып келди баш болуп,
Айтарга сөзү аз болуп.
Кан Акундун алдына,
Калк чогулуп келди эле.
Кара жаак жез таңдай,
Акун канга Ажыбай
Ошондо сөздү берди эле.
Айланайын кан Акун,
Калк астына келгени
Ишиңиз болду жана Акун.
Жер майышкан жээдигер,
Жети сан кара кол келди.
Кайнап жаткан шор келди,
Карап көрчү жарыктык.
Калкыма жаман зор келди,
Кандай айла табабыз.
Кайсыны кылсак оң келди,
Жазыксыз элди кыйнабай,
Жалгыз кызың чүрөктү
Кармап берер жол келди.
Же болбосо кан Акун,
Өз башыңа зор келди.
Алыбыз жетпес эр келди,
Алп Чынкожо шер келди.
Аман сактап калсаң дейм,
Алдыңда жээк-жергеңди.
Ажыбай мындай дегенде,
Калктын баары чуркурап.
Кан алдында буркурап,
Кан Акун кан төрөбүз.
Төрөбүз кылсаң буйрукту,
Кара жанды беребиз.
Каным тапчы акылды,
Бул душмандан кутулуп.
Канткенде күндү көрөбүз,
Калың журттун Акун кан.
Кысылганын көрдү эле,
Көзүнүн кырын салды эле.
Көптү көргөн жарыктык,

Тереӊ ойго калды эле.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Алакандай Үргөнчтү.
Мен бийлеймин деп талашып.
Катар чыгып турасың,
Экөөң бирдей жанашып.
Каргыны тагып тайганга,
Кагылайын кулунум.
Найза бергин сайганга,
Кылычты бергин чапканга.
Намыс кылбай ким болсоң,
Журтту бергин бакканга.
Кыз да болсо туягым,
Маңдайга бүткөн чунагым.
Төбөмө бүткөн жылдызым,
Жакамда кымбат кундузум.
Маңдайымда таалайым,
Башыма бүткөн танайым.
Алтымыш жигит кашымда,
Мединанын белинде.
Уу кылдырып келе атсам,
Ушул жалгыз кызым Айчүрөк.
Ак кайып куштай башында,
Инектей болгон сур марал.
Эмизип турган кашында,
Сыр бешикке бөлөнүп.
Сыр бешиктин ичинде,
Жаткан экен Айчүрөк.
Ак түнтөгө жөлөнүп,
Ал бешикти көргөндө.
Жүрөгүм туйлап болкулдап,
Мүдүрүлүп баса албай.
Муунум бошоп солкулдап,
Атымдан ооп жыгылып.
Бир баланын айынан,
Кудайга үнүм угулуп,
Ооп түштүм атымдан.
Оозума өпкөм тыгылып,
Тизем жерге бүгүлүп.
Бешикке жеттим жүгүрүп,
Кайып болду көзүмөн.
Эмизип турган маралы,
Насип кылды кудурет.
Айчүрөк өңдүү баламды,
Дүрүйөдөн суп көйнөк,
Белимен чечип ородум.
Ыйлап турдум болкулдап,
Кыз Айчүрөк баламды
Боорума басып солкулдап.
Мойнума нокто салынып,
Жаратканга жалынып.
Кыз Айчүрөк жалгызым,
Таалайыма табылып.
Кыз да болсо  туягым.
Маңдайга бүткөн чунагым,
Үч күнү конуп арага.
Байтал бээнин казысын,
Тишим менен ордуруп.
Ачкадан майып болот деп,
Тилим менен сордуруп.
Ак көрпө жайыл байбичем,
Алып келип бергенмин.
Жыл он эки ай көтөртүп,
Бооруна токум тартырып.
Байбичем каныш тапты деп,
Калкыма кабар бергенмин.
Алтымыш бээни сойгонмун,
Ушу кең Үргөнчкө той берип.
Атын Чүрөк койгонмунда,
Кыдырып бээни сойгонмун.
Кыз Айчүрөк койгонмун,
Билген адам айтуучу.
Перинин кызы Чүрөк деп,
Мелтиреген бейбактын,
Бет алган жагы дүмөк деп.
Билбегендер айтуучу,

Кан Акундун Чүрөк деп.
Карыганча бул кызын,
Эч ким албай жүрөт деп.
Кан Акундун бул кызы,
Кандай эрге тийет деп.
Ай асманда боз элем,
Арыстан Манас көк жалга.
Акыреттик дос элем,
Касиеттүү кан Манас,
Кыз Айчүрөк балама,
Куда болгон жери бар.
Эр Манастын жесири,
Кызымдын жайын айтайын.
Берип ийсек жесирин,
Тийеби деп коркомун,
Кең Үргөнчкө кесири.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Айчүрөккө баргыла
Кыз да болсо чүрөктүн,
Өзүнө акыл салгыла.
Экөөң барып кеңешип,
Өзүнөн жооп алгыла.
Ургаачылык кылбаса,
Акыл ойлоп жүргөндүр.
Жоо жакадан алганда,
Бөрү этектен алганда.
Өзүнүн камын жегендир,
Жакшы кылса Үргөнчтү,
Сообу Чүрөк мойнуна.
Жаман кылса Үргөнчтү,
Убалы Чүрөк мойнуна.
Акыл тапса Чүрөктүн,
Кирип бергин жолуна.
Качан болсо Чүрөктүн,
Караган калкым оозунда.
Эбине келсе Чүрөктүн,
Акылы менен болгула.
Акун кан мындай дегенде,
Ажыбай менен Түмөнбай
Кандан жооп алды эле,
Айчүрөккө барды эле.
Шаардын бир жак четинде,
Кыбыла жаккы бетинде.
Окшош салган он үй бар,
Сырты коргон сепилден.
Окшотуп салган он үй бар,
Алты капка дарбаза.
Алтымыш аскер кайтарган,
Улуксатсыз кире албай.
Айдыңынан жалтанган,
Дарбазанын оозуна
Жакуттан жарык жандырган,
Карап турса көз талыйт.
Акылды айран калтырган.
Кук этип кузгу учпаган,
Дарбазанын сепили.
Замбирек атса бузбаган,
Как этип крага барбаган,
Улуксатсыз баргандын.
Ошерде шору кайнаган,
Алтымыш аскер сакчысы,
Кармап алып жайлаган.
Дарбазанын эшигин,
Алты балбан кармаган.
Ал сарайга бей жооп,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Андан башка барбаган,
Ал экөөнү көргөндө.
Алты балбан сакчысы,
Дарбазанын түбүндө.
Жайы-кышы жатчусу,
Алтындаган дарбаза.
Эшигин ача берди эле,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Катар басып кирди эле,
Айчүрөктүн астында.

Ажыбай менен Түмөнбай,
Ошондо сөзду урду эле,
Эй жалгызым Айчүрөк,
Бул кылыгың кайсы деп.
Дүмөктү күндө туулган,
Жүргөн жериң чуулган.
Эки агаң келди бүгүлүп,
Астыңа келди жүгүнүп.
Калкыңдын баары кысылды,
Кан Акун шаары бузулду.
Кара жандан түңүлүп,
Желпилдеген туу келди.
Жер майышкан чуу келди,
Ак асаба туу келди.
Айгайлаган чуу келди,
Көк асаба туу келди.
Көк жарылган чуу келди,
Жети сан кара кол келди.
Жаткелең Толтой зор келди,
Айланайын жалгызым.
Өзүң тапчы акылды,
Кара жанга зор келди.
Айтканыңа көнөлүк,
Кандай кылсак оң келди.
Ажыбай мындай дегенде,
Анда Чүрөк муну айтат.
Жылкы болсо дулдул күң,
Сөз жагынан булбул күң.
Ачылып калган кашка күң,
Жаактуудан башка күң.
Кандай айтса сөз тапкан,
Тили чечен жүлүк күң.
Ташка салса тайгылбас,
Мүдүрүлбөс күлүк күң.
Амал таап алыпты,
Эки агасын салыпты.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Эки бирдей ага тай.
Жээдигердин Толтойдон,
Сүрөк сурап келгеле.
Тийемин деп дөөрүттү,
Эки агасын жөөлүттү.
Ээ Ажыбай, Түмөкө,
Чынкожо менен Толтойго.
Чын айтамын Ажыке,
Мен тийемин ошого.
Барып акыл салгыла,
Алты ай сүрөк алгыла.
Айтканыма көнсүн де,
Алты канат үй жасап.
Сарамжалым бүткөндө,
Жети ай сүрөк берсин де.
Дегениме көнсүн де,
Жети канат үй жасап.
Сарамжалым бүткөндө,
Жээдигердин Толтою.
Анан кийин келсин де,
Айтканыма көнбөсө.
Алты ай сүрөк бербесе,
Дегениме көнбөсө.
Жети ай сүрөк бербесе,
Эч болбоду дегенде.
Эки ай сүрөк берсин де,
Эки ай туура болгондо.
Эсепке күнү толгондо,
Анан Толтой келсин де.
Келип мени алсын де,
Анда Ажыбай деп айтат.
Кеп айтканда деп айтат,
Эр Толтойго тийериң.
Эсиңе ал деп бек айтат,
Тийериң Чүрөк чын болсо.
Акылын өзүм табам деп,
Кутунайдын куу жигит.
Бу дагы оз алдынча тың жигит,
Кеп бербеген душманга.

Тили чечен шум жигти,
Чынкожо менен Толтойго.
Жер болжошуп чакыртып,
Убада кылып ант берип.
Аташканың болду деп,
Айчүрөк деген ат берип.
Мөөрүн басып Акундун,
Алакандай кат берип.
Эч болбоду дегенде,
Эки ай сүрөк аламын.
Эби келсе Айчүрөк,
Анан сени беремин.
Ажыбай айтат мындай кеп,
Айчүрөк болсо сага эп.
Айланайын кулунум,
Айткан сөзүң чын болсо.
Өз колуң менен кат жазгын,
Эр Толтойдун өзүнө.
Тийемин деген ант жазгын,
Элдин көөнү тынчыбайт.
Колуң менен кат жазсаң,
Элдин көөнү уюсун.
Ошондо бүтөт жумушуң,
Анда Айчүрөк мындай деп.
Салам дуба кат жазды,
Ошол каттын ичинде,
Айчүрөк деген ат жазды.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чыныгы катым чын ошо.
Чыңаган кызыл темирдей,
Шыркыраган көмүрдөй.
Айбатты ашык, заары күч,
Алышканды жегидей.
Мени абийир менен алгыла,
Мен Айчүрөктөй долуну.
Зорлуктап алды дедирбей,
Багыштын уулу эр Толтой.
Баатырлыгың ошондой,
Качып жүрүп бу күндө.
Капканыңа чабылдым,
Падышам Толтой кабылдым.
Бак таалайың ошондой,
Төлөктүн уулу Төлөбай.
Калчанын уулу Кадырбай,
Төлгөчү кара Төлөгүм.
Төлгөсү журттан бөлөгүм,
Жээдигер менен Аргынга.
Жетекчи болгон жөлөгүм,
Алты бирдей төрөм деп.
Багыштын уулу Толтойго,
Чын башымды берем деп.
Эки ай мөөнөт бергиле,
Сарамжалым бүтөйүн.
Сарамжалым бүткөндө,
Анан кийин күтөйүн.
Эки ай чыдап жата бер,
Айтканыңа түтөйүн.
Деп ошентип Айчүрөк,
Алакандай кагазга.
Айчүрөк жазып кат берди,
Багыштын уулу Толтойго.
Тийемин деп ант берди,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Айчүрөк жазган катты алып,
Эки төрө аттанып.
Кан алдында жөнөшүп,
Кан алдында турду эле.
Калк сүйүнүп буркурап,
Кант алдында чуркурап.
Айланайын кан Акун,
Сенин касиеттиң бар Акун.
Шайтандын белин сындыр деп,
Толтойго берип Чүрөктү.
Калкыңдын көөнүн  тындыр деп,
Эл чуркурап турганда.
Кан Акун айтат мындай кеп.

Алтай камап турганда,
Анда Чүрөк айтпаган.
Жети ай камап турганда,
Мында Чүрөк айтпаган.
Жылгыз кызы Чүрөктүн,
Кысылганын көрдү эле.
Алда кандай укмуш деп,
Башын чайкап турду эле.
Макул болсо Чүрөккө,
Баарыбызга макул деп.
Өз акылы Чүрөктүн,
Өзүнө болот макул деп.
Андай болсо Ажыбай,
Тогуз жорго ат менен.
Алты союш бээ менен,
Тартуу тартып Толтойго.
Чүрөктү бермек болдум деп,
Ушул болсун акыл деп.
Калкымдын көөнүн тындыр деп,
Күн болжошуп Толтойго.
Убадасын бүтүр деп,
Касиеттүү кан Акун.
Ошондо айтат мындай деп,
Төлгөчү кара Төлөк бар.
Анда акылы журттан бөлөк бар,
Жээдигер менен Аргынга.
Саялуу чынар терек бар,
Ала качма жылкыдай.
Ала көөдөн эр окшойт,
Шыгайдын уулу Кожого.
Жолбашчысы Төлөгү,
Сырыңды бербе ошого.
Чоң калаанын четинен,
Жоонун келер бетине.
Жон оюлдун жонуна,
Кароол кана дөбөгө.
Так ошого баргын деп,
Чынкожо менен Толтойго.
Барып кабар салгын деп,
Кан Акундун кызыл туу.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Өз колуңа алгын деп.
Боз дөбөнүн үстүнө,
Барып тууну сайгын деп.
Кан Акун жарлык кылды эле,
Эр Түмөнбай, Ажыбай.
Кан Акун туусун көтөрүп,
Калың элден бөлүнүп.
Кабыландар баратат,
Толтойду көздөй бет алып.
Карааны тоодой көрүнүп,
Тогуз жорго ат алып.
Алты семиз бээ алып,
Толтойду көздөй аттанып.
Кутунайдын куу жигит,
Арага барчу бул жигит.
Акылы менен сөз айткан,
Аябаган тың жигит.
Алдатпаган душманга,
Аярдыгы ушундай.
Адамдан башка шум жигит,
Алты жүз аскер кол менен.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Асман жарган чуу болуп.
Арага жүрүп келатат,
Алтын айчык туу менен.
Кутунайдын куу жигит,
Куюн боз минген сур жигит.
Үркөнчтүн четин бийлеген,
Үзгүлтүксүз сүйлөгөн.
Чырдашканга чыр жигит,
Чындашканга чын жигит.
Куюн бозду ойнотуп,
Арага чыкты сойлотуп.
Астындагы Куюн боз,
Кулагын ылдый жапырып.

Куюндай жерди сапырып,
Кубулжуган куу жигит.
Чынкожолоп бакырып,
Эр Толтойлоп чакырып.
Арачыны көргөндө,
Чынкожо менен эр Толтой.
Арачы жакын келгенде,
Желек туусун окшотуп.
Четинден найза коштотуп,
Жети сайлуу көк бараң.
Жээкти көздөй үч атып,
Чектеги колду токтотуп.
Кара желек окшотуп,
Карагай найза копшотуп.
Аламан коюп туш-туштан,
Аскери жайнап топтошуп.
Жети сайлуу ак бараң,
Асманды көздөй үч атып.
Алкымда колду токтотуп,
Көктөн желек окшотуп.
Көк талдан найза копшотуп,
Көк бараңды үч атып.
Көрүнгөн колду токтотуп,
Жээктен чыкты эр Толтой,
Жэээдигердин төрөсү.
Сур коёнду туйлатып,
Жулкушканды кыйратып.
Жоо бетинде бөөрүсү,
Алкым жактан келе атат.
Акылман туулган чоң Төлөк,
Алты миң аскер башчысы.
Анын колу бир бөлөк,
Ойкуштатып кара аты.
Ортосунда Чынкожо,
Чыңап койгон темирдей.
Шыркыраган көмүрдөй,
Чыныгы баатыр чын ошо.
Жаадай кара ат астында,
Жалаңдатып ойнотуп.
Кол ирети ошондо,
Анда кожо муну айтат.
Аягын кесип тура айтат,
Акылман туулган Төлөгүм.
Акылы журттан бөлөгүм,
Аргын менен Жээдигер.
Ала аскар тоодой жөлөгүм,
Адамга мүшкүл иш болсо.
Акыл тапчу береним,
Кара жаак пендеден.
Сөз жагына чеберим,
Алдыңа келди арачы.
Арачыны карачы,
Кароол кана дөбөгө.
Кан Акун туусу сайылды,
Тапкан окшойт эр Толтой.
Кан Акундай кайынды,
Ажыбай менен Түмөнбай
Айласы кетип калганго.
Айчүрөгүн берем деп,
Астыңа тартуу келген го.
Айтчы Төлөк жайыңды,
Жүр эмесе кан Төлөк.
Акылын таап душманга,
Сенин айтар кебиң ар бөлөк.
Арачы кебин угалык,
Адал менен арамын.
Анысын байкап көрөлүк,
Кыз үчүн кырып ийбейлик.
Берем десе Чүрөгүн,
Айтканына көнөлүк.
Салык салса кан Төлөк,
Сураганын берелик.
Бербейм десе Чүрөктү,
Шаарын чаап талкалап.
Отко салып балкалап,
Камчыга ченеп бөлөлүк.

Кыз бербейм деп дөөрүсө,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Кыйындыгын көрөлүк,
Деп ошентип Чынкожо.
Канаттуу кара беделди,
Калжактатып ойнотуп.
Арачыны бет алып,
Бастырып чыкты сойлотуп.
Арасында кан Төлөк,
Астында келет эр Толтой.
Чоң Төлөккө кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат.
Тээтиги турган Ажыбай,
Сүйлөйт экен алжыбай.
Бек астында сайраган,
Перинин тилин байлаган.
Кан алдында сайраган,
Кара жаак, жез таңдай.
Кандын тилин байлаган,
Сүйлөшкөндү койбогон.
Ичсе антка тойбогон,
Балакеттин баарысын.
Башынан бери ойлогон,
Ушуну менен Ажыбай.
Айчүрөктү берем деп,
Алты сапар ант кылды.
Алдатпаган кан Төлөк,
Көңүлүмө дат кылды.
Кызыталак Ажыбай,
Ичимди жалын өрт кылды.
Арамдыгын билгизсе,
Жансыз кабар жиберген.
Шаарына анын киргизбей,
Ушу жерден кармап алайын.
Албасам жок Чүрөгүн,
Башын кесип байланып.
Жаткайтка алып барайын,
Шаарын талап чабайын.
Эсебин минтип табайын,
Деп ошентип эр Толтой.
Арага экөөң баргын деп,
Кайра тартты кайрылып.
Сур коён оозун жайдырып,
Чынкожо менен кан Төлөк.
Ар жактан чыгып келе атат,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Бер жактан чыгып бара атат,
Эки кан эми бийлеген,
Эп келтирип сүйлөгөн.
Эки-экиден төрт чыгып,
Эл бийлеген өрт чыгып.
Атчан салам беришип,
Арсакташып күлүшүп.
Кол кармашып көрүшүп,
Эртеңки намаз шашкеден.
Түш оогончо кеңешип,
Анда туруп Чынкожо.
Ажыбайга кеп айтат,
Кана Ажыбай сөзүңдү.
Аяктаткын деп айтат,
Беремин дейсиң бербейсиң.
Берер болсоң Чүрөктү,
Бери жакка Ажыбай.
Эмне алып келбейсиң,
Алгын дейсиң алдайсың.
Алты айдан бери дандайсың,
Сөз бербейсиң кишиге.
Кара жаак таңдайсың,
Ант бергенден коркпогон.
Ажыбай аке кандайсың,
Бузук менен түзүктүн.
Айтчы Ажыбай чынынды,
Кайсынысын тандайсың,
Берем десең Чүрөктү.
Ала келсең болбойбу,
Ардактаган кызыңды.

Намыс кылбай, ар кылбай,
Ат соруга Чүрөктү.
Сала келсең болбойбу,
Карып калган кызыңды.
Калың жебей, мал жебей,
Чынкожо, Толтой кудам деп.
Маа бара берсең болбойбу,
Абийирсиз кызыңдын
Эмнеси калды экен,
Жүзүн көрсөк болбойбу.
Кайнагасы Төлөктүн,
Жүгүндүрүп астына.
Түзүн көрсөк болбойбу,
Чынкожо мындай дегенде.
Дөөрүп бокту жегенде,
Ажыбай күлүп арсыйып.
Күлгөнүнүн белгиси,
Күмүштөй тиши кашкайып.
Ат жалынан сөз бүтпөйт,
Аттан түшүп алалык.
Акылдашып сүйлөшүп,
Аңгемени салалык.
Айчүрөк дайнын айтайын,
Дайнын айтып кайтайын.
Айчүрөктү бербеске,
Акундун калкы кеңешти.
Акылдашып жээ дешти,
Азыр келдим астыңа.
Тогуз жорго ат алып,
Алты союш бээ алып.
Ат баштаган алтымыш,
Айдай алтын сулуу кыз.
Өзүңө тартуу берейин,
Төө баштаган бир тогуз.
Тобумдан тандап сулуу кыз,
Төрт түлүктү мал айтам.
Төрөм сөздү угуңуз,
Төлөккө тартуу берейин.
Билериктүү сур аттан,
Минилбеген кур аттан.
Жолдон озгон жоргодон,
Чаңдан чыккан күлүктөн.
Санатып туура жүз кылып,
Айчүрөктөн башкадан
Сулуудан тогуз кыз кылып,
Толтойго тартуу берейин.
Айтканыңа түтөйүн.
Алтын менен күмүштөн,
Айчүрөктөн башканы.
Канча болсо түтөйүн,
Айчүрөк жайын айтайын.
Ал кан Манастын жесири,
Тийеби деп коркомун.
Өзүбүзгө кесири,
Анда Кожо мындай деп.
Эмне дейсиң Ажыбай,
Качанкы өлгөн Манас деп.
Дөөрүбөгүн алжыбай,
Ажыбай мырза жөөлүбө.
Кыз бербейм деп дөөрүбө,
Бербей койчу сен эмес.
Албай кетчү мен эмес,
Багыштын уулу эр Толтой.
Семетейден кем эмес,
Аны Манастын уулу дегениң.
Ал Манас болуп калыпбы,
Сен антип бокту жебегин.
Бербеймин деп Чүрөк деп,
Көрсөткөнсүп коёсуң.
Түбү жаман дүмөн деп,
Биле турган сен бекен.
Билбей калчу мен бекен.
Аргын Ногой бир тууган,
Терезеси тең тууган.
Ала көөдөн канкордун,
Айлы көптүк кылбаса.

Кай жеримден кем тууган,
Кең-Кол менен Таластан.
Жер талаша келгемин,
Аргын менен Ногойдон.
Эл талаша келгемин,
Бакай деген шер чыгып.
Сары таз деген эр чыгып,
Жамгырчы деген дөө чыгып.
Эки чоро тың чыгып,
Каныкей деген шум чыгып.
Семетей деген кан чыгып,
Айбатынан жан чыгып.
Атамдан калган алман деп,
Алманымдан калган деп.
Жаңыртып алман салам деп,
Алманымдын үстүнө.
Алман кошуп алам деп,
Жайлоодо күлүк кара атым.
Күлчоро кармап минди деп,
Жанымдай көргөн кара аттан.
Кулунун колу тийди деп.
Карагай найза боолаштым,
Каңкоруңа таарынып.
Кар ат үчүн жоолаштым,
Куларынча көрбөйт деп.
Төлүн киши өлбөйт деп,
Эмне үчүн кыйбайт деп.
Эки кулун тыйбайт деп,
Көрүнөйүн көзүнө.
Ала көөдөн канкордун,
Бир түшөйүн эсине.
Манас өңдүү эр болсо,
Атасын тарткан шер болсо.
Мына бул турган Төлөккө,
Эмне үчүн келем деп.
Кайнап жаткан Жээдигер,
Эй Ажыбай ойлочу.
Качан менин элим деп,
Көңүлүм мындан сөгүлдүм.
Ала көөдөн канкордон,
Мына минтип бөлүндүм.
Кочкорду бычып кой кылдым,
Айчырын бычып ат кылдым.
Эки кулдун кордугун,
Көкүрөккө дат кылдым.
Он алты миң аргындын,
Сегиз миңин көчүрүп.
Жаткандагы Толтойго,
Дос оозантып ант кылдым.
Ары чети келиним,
Бери чети жесирим.
Эмине дейсиң Ажыбай,
Эртеден кечке олтурдуң.
Жооп берчи алжыбай,
Өз жесирим өзүмө.
Бересиңби Чүрөктү?
Мен тозоюн Ажыбай,
Канкордон келген дүмөктү.
Арбытпагын бузукту,
Ойлойсуңбу түзүктү.
Эр Түмөнбай, Ажыбай,
Токтот кожом сөзүңдү.
Миң кишиге теңебейм,
Жалгыз сенин өзүңдү.
Жээдигер менен аргындан,
Төрө экениң көрүндү.
Намыс тууган кара көк,
Бөрү экениң көрүндү.
Чатакташып канкордон,
Бөлүнгөнүн көрүндү.
Келдиң кожом эсиңе,
Эми келдиң эбиңе.
Кыйынын көздөйм деген соң,
Кан Акундун чүрөгү.
Сага бербейм деген эмине,
Кана кожом эмесе.

Кан Акундун Чүрөктү,
Каадаң менен алып көр.
Бектин кызы Чүрөктү,
Берелик кожом алып көр.
Калкыма кылба кордукту,
Элиме салба зордукту.
Айды эсептеп бергин деп,
Айды каттап алайын.
Күндү каттап бериңиз,
Күндү каттап алайын.
Алты айга чейин мөөнөт бер,
Алты канат үй жасап.
Жети айга чейин күнүм бер,
Жетимиш баштуу үй жасап.
Сарамжалым бүт кылып,
Ит аягын мис кылып.
Айтканың көнөйүн,
Атагыңды чыгарып.
Анан Чүрөк берейин,
Сарамжалым бүткөнчө,
Союшуңду берейин.
Айчүрөктү алгын деп,
Сарамжалым бүттү деп.
Анан кабарга өзүм келейин,
Ажыбай айтат мындай кеп.
Анда Төлөк мындай деп,
Эй Ажыбай, Түмөнбай,
Антташып жүрүп алдадың.
Анткен сайын дандадың,
Берелик дедиң бербедиң.
Беш айдан бери алдадың,
Жалганы турат сөзүңдө.
Чалгырты турат көзүңдө,
Ачык айтып чыныңды.
Алчу малың алып бер,
Берер болсоң кызыңды.
Бүгүн колго салып бер,
Сүйлөп сөзгө тойбойсуң.
Сүйлөшкөн жанды койбойсуң,
Алты айдан берки жумушту.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Аңгеме деп ойлойсуң.
Ишенбейм сенин сөзүңө,
Алдаттым далай өзүңө.
Берем десе Чүрөктү,
Кан Акун өзү келсин деп.
Мөөрүн басып кат берип,
Убадасын берем деп.
Колунан жазып кат берсин,
Беремин десе Чүрөктү.
Багыштын уулу Толтойго,
Өз оозу менен ант берсин.
Төлөк мындай дегенде,
Туурасынан Түмөнбай.
Кашка тиши качырап,
Кара көзү чачырап.
Тамаша кылган киши жок,
Бүтөмүн десең бүт Төлөк.
Бүтүшпөйм десең жол мына,
Андан ары жат Төлөк.
Кан Акун алып келгидей,
Кармап Чүрөк бергидей.
Эр өлтүрүп койдумбу,
Жылкыңды тийип сойдумбы.
Эмине деген зордугуң,
Абийирсиз ит Төлөк.
Кан Акун болгон башынан,
Алтын так минген жашынан.
Касиеттүү кан эле,
Кудайдын сүйгөн жаны эле.
Астыңа сенин келгидей,
Эр өлтүргөн канкорбу.
Багыш менен Шыгайды,
Биз өлтүрүп койдукпу.
Тартууга Чүрөк бергидей,
Жылкыңды тийип алдыкпы.

Же жылас доого калдыкпы:
Буланды, булай алдыкпы,
Бузукту сагаң салдыкпы.
Казынаң талап алдыкпы,
Катыгүн доого калдыкпы.
Кан экен десем чыр Төлөк,
Менин айткан бул сөзүм.
Оюн эмес чын Төлөк,
Кан десем дөөрүп сүйлөйсүң.
Казбаган көргө кир Төлөк,
Сыйлашсаң берем Чүрөктү.
Сыйлашпасаң бербеймин,
Билгениңди кыл Төлөк.
Түмөнбай мындай дегенде,
Туурасында чоң Төлөк
Ыңгыранып ыйланып,
Ачуусу келип кыйланып.
Акылман Төлөк көй ойлоп,
Кандай кылсам деп ойлоп,
Кан Төлөктүн Ажыбай
Кыйланганын көрдү эле,
Булбул чечен Ажыбай
Көңүлүн улап Төлөктүн,
Башын чайкап күлдү эле.
Жоо жүрөгүн майтарды,
Жолборс экен Түмөнбай.
Бетине айтып жалтанбай,
Төлөктүн мизин кайтарды.
Арсактап күлүп Ажыбай,
Чөнтөккө колун салды эле.
Чүрөктүн берген кагазын,
Төшүнөн сууруп алды эле.
Катты алып Ажыбай,
Чынкожого сунду эле.
Катты окуп Чынкожо,
Ыраазы болуп турду эле.
Каттаган сөзүн караса,
Кыз Айчүрөк кат жазган.
Аягына кол коюп,
Акун кан деген ат жазган.
Кыз Чүрөктү берем деп,
Мөөрүн басып ант жазган.
Алты ай сүрөк берсин деп,
Алты айдан кийин келсин деп.
Жети ай сүрөк берсин деп,
Сарамжалым бүткөндө.
Жеткелең Толтой келсин деп,
Эч болбоду дегенден.
Эки ай сүрөк берсин деп,
Эки ай сүрөк бүткөндө.
Эрке кызым алсын деп,
Акун кан жазган мындай кат.
Өз сөзүндө Айчүрөк,
Чынкожо, Толтой шерим деп,
Качан болсо ургаачы.
Бара турган жерим деп,
Эч болбоду дегенде.
Эки ай сүрөк сен берсиң,
Эр Толтой сага тийбесем.
Атам болсун деп,
Эр Чынкожо, Төлөккө,
Катын окуп берди эле.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Ак экенин билди эле.
Билип алып Чынкожо,
Мурутунда күлдү эле.
Анда туруп Чынкожо,
Ажыбай менен Түмөкем,
Азырак сабыр кылып тур,
Кана болбой сен экөөң.
Төлөк менен экөөбүз,
Акылдашып келелик.
Кеңешти бирге токтотуп,
Келип жооп берелик.
Чыңкожо, Төлөк бөлүнүп,
Караанын тоодой көрүнүп.

Султан боюн теңешип,
Эки баатыр кеңешип.
Анда Төлөк мындай деп,
Алты айга чейин камадык.
Малчысын камай сабадык,
Шаардан чыкса жайылып.
Урунган малын таладык,
Анда Чүрөк тийбейм деп.
Тиймек турсун сийбейм деп,
Бүгүнкү күндө Айчүрөк.
Мойнун сорпо төгүлүп,
Жиберип бизге арачы.
Арачысы башка эмес,
Ажыбай келди карачы.
Жакшы кылсаң Жээдигер,
Сообу сенин мойнуңда.
Жаман кылсаң Жээдигер,
Убалы сенин мойнуңда.
Кайда айдасаң барабыз,
Басабыз сенин жолуңа.
Кандай десең Чыңкожо,
Карап турат оозуңа.
Эмине десең калайык,
Көнгөн сенин оюңа.
Күнүн каттап аласың,
Күң эсебин берелик.
Айды каттап берелик,
Аныктап эсеп алалык.
Арбын эмес көп эмес,
Эки ай сүрөк берелик.
Кайнап жаткан калың кол,
Койдон союп алтымыш.
Жылкыдан союш алты жүз,
Күнүгө союп берели.
Алты канат боз үйдөн,
Алты жүз үй бергин деп.
Ушундай салык салалык,
Макул десе Ажыбай.
Убадасын алалык,
Эки айдан эки күн өтсө,
Шаарына кыргын салмакка.
Малын талап алмакка,
Казынасын ачмакка,
Кара малын чачмакка.
Ажыбай менен Түмөнбөй,
Убада кылып ант берсе.
Колун коюп кат берсе,
Көп узартып кетели.
Улуксуган дөөлөрдөн,
Кандай дейсиң Чыңкожо.
Убада алып кетели,
Жээгидердин чоң Төлөк.
Жеринен ишиң оң Төлөк,
Ушу кебиң акыл деп.
Саага макул иш болсо,
Маага болот макул деп.
Бул айтканга көнбөсө,
Салыкты чыдап бербесе.
Таш коргонун бузалык,
Кум коргонун жыгалык.
Кызыталак Акундун,
Эр бүлөсүн кыралык.
Багын сууруп өтөлүк,
Катын менен кыздарын.
Олжо кылып бөлөлүк,
Коркор болсок жаткаттан.
Эмне үчүн келелик,
Кызык болсо чүрөгүн.
Кан Акундун өзүнө,
Нике кыйып берелик.
Басып келди кеңешип,
Чыңкожо менен чоң Төлөк.
Ажыбай Чыңкожо,
Сөз баштады ар бөлөк.
Эй Ажыбай, Түмөнбай,
Эртең чатак болобуз.

Айткан сөздөн жадасаң,
Кайнап жаткан аскерге.
Эки ай союш бересиң,
Салытыма чыдасаң.
Эки ай мөөнөт биз бердик,
Эр Ажыбай кааласаң.
Алты канат боз үйдөн,
Алты жүз үй бересиң.
Аскер кирип жаткыдай,
Ар бирине жүз-жүздөн.
Кең-кесири баткыдай,
Койдон союш күнүгө.
Алты миңден бересиң,
Жылкыдан союш күнүгө.
Алты жүздөн бересиң,
Айтчы Ажыбай сөзүңдү.
Жооп берчи не дейсиң,
Чыңкожонун сөзүнө.
Чыйгырып турат Түмөнбай,
Ар кагандан бер каган.
Кылып турат кордугу,
Батып турат жаныма.
Качкын кулдун кордугу,
Батып турат жаныма.
Чачкын кулдун кордугу,
Төбөдөн ары кожону.
Басып ийсем белем деп,
Муну ойлонуп Түмөнбай.
Күйбөгөн жери күл болуп,
Бышбаган жери чок болуп.
Жүрөгү жалын от болуп,
Эр Түмөнбай ошондо.
Оолуга түшүп токтолуп,
Чыңкожо менен Төлөккө.
Кыжыры кайнап Түмөнбай,
Кылычын кармап кыйшактап.
Түмөнбайдын мүнөзүн,
Көрө коюп Ажыбай.
Саат чыгып кетет деп,
Чыңкожо сөз баштап.
Эр Чыңкожо чоң Төлөккө,
Эр кишиге эл керек.
Эл сактамак Чыңкожо,
Баарыбызга тең керек.
Айтканыма көңүпсүң,
Акылдашып келипсиң.
Бали рахмат баатырлар,
Эки ай мөөнөт берипсиң.
Айтканыңа көнөйүн,
Кыл дегениң кылайын.
Союшуңду берейин,
Алты айдан бери камадың.
Акундун шаарын таладың,
Убалы кимдин мойнуна.
Катын менен баланын,
Жети айдан бери камадың.
Четтеги малды жаладың,
Убалы кимдин мойнуна.
Жетим жесир баланын,
Айтканына мен макул.
Айчүрөк болсо талабың,
Жердин жүзүн ачканга.
Эгин-тегин чачканга,
Элди эркине коё бер.
Малдын башын бурбаска,
Аскериңди жыйып ал.
Ээн баштык кылбаска,
Сегиз канат үй жасап.
Сексен нарга бул жүктөп,
Алты канат үй жасап.
Алтымыш нарга бул жүктөп,
Ак ордону бүтөтүп.
Атандан тандай жүктөтүп,
Айчүрөктү алганча.
Өз колуңа барганча,
Ойноп-күлүп жата бер.

Күн эсеби толгунча,
Кеңеш ушул болсун деп.
Жеби-жеби, жеби деп,
Кеп ордуна консун деп.
Уксаң мына акыл деп,
Ушул кебиң макул деп.
Убададан тайгандын,
Жети атасы кайыр деп.
Сен таштаба мени деп,
Мен таштабайм сени деп.
Келем тартып куранды,
Көкүрөккө коюшуп.
Уруп кетер шерт кылды,
Убаданы бек кылды.
Алтымыш күнүң бүткөндө,
Айчүрөктү бербесем.
Чаап, талап, жепкиндеп,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Оозу менен ант берди,
Колун коюп кат берди.
Ээн баштык кылбаска,
Элине бузук салбаска.
Баланчаңды бергин деп,
Бастырып бири барбаска.
Убада кылып ант берди,
Чыңкожо менен чоң Төлөк.
Мөөрүн басып кат берди,
Акылдашып жайкашып.
Аракка оозун чайкашып,
Колун кармап Толтойго.
Ажыбай салкын ант берди,
Акылдашып сөз байлап.
Тартуусун берип каттышты,
Чыңкожо менен кан Төлөк.
Тартуусун алып кайтышты,
Чүрөктү бермек болду деп.
Калкына кабар айтышты,
Кан Акун менен Айчүрөк.
Катын алып келдик деп,
Сарамжалы бүтмөкө.
Эки ай сүрөк бердик дей,
Алтымыш күнү бүткөнчө.
Союш берет миң-миңден,
Тамаша кылып жата бер.
Казыны чайнап бир-бирден,
Чыңкожо менен кан Төлөк.
Ушундай сөздү урду эле,
Эр Толтойго Чыңкожо.
Чүрөктүн катын сунду эле,
Катын окуп эр Толтой.
Бирде туруп кубарып,
Бирде туруп бозоруп.
Бирде туруп саргарып,
Кара көздөн кан чыгып.
Кандуу беттен түк чыгып,
Акылман чечен Ажыбай.
Алдаганын билди эле,
Билгенинин белгиси.
Башын чайкап күлдү эле,
Алтымыш күндү бергин деп.
Алты ойду сыдырар,
Акун кандын долусу.
Ааламдын баарын кыдырар,
Жетимиш күндү бергин деп.
Жети ойду сыдырар,
Жердин жүзүн кыдырар.
Сынсып жүрүп жер табар,
Сырттан табар шер табар.
Ак асаба туу менен,
Асман жарган чуу менен.
Айгайлаган кол менен,
Көк асаба туу менен.
Көк жарылган чуу менен,
Көз жетпеген кол менен.
Аты чыккан баатырдан,
Алып келип каптатса.

Көрөрмүн кожом көтүңдү,
Сыртыңдан алар өтүңдү.
Туу сайып тумшукка,
Турушкан жерин көрөрмүн.
Найза кармап колуңа,
Сайышкан жерин көрөрмүн.
Кылыч кармап колуңа,
Чабышкан жерин көрөрмүн.
Казар сенин оруңду,
Кайнатар сенин шоруңду.
Ажыдаар чыкса алдыңдан,
Арбашкан көтүң көрөрмүн.
Арыстан чыкса алдыңдан,
Кармашкан көтүң көрөрмүн.
Мээлегенди жазбаган,
Мерген кожом экенсиң.
Ажыбайга алдатып,
Келген кожом экенсиң.
Куру желге теминген,
Делбе кожом экенсиң.
Айчүрөк алам деп жүрүп,
Акырында Чыңкожо.
Азапка калар бекенсиң,
Эр Толтой айтат мындай кеп.
Ичинен турат кайгы жеп,
Толтой мындай дегенде.
Шайтаны кармап Чыңкожо,
Алдатып келдиң дегенге.
Ачуусу келип ушум кожо,
Ажыдаары чыгат деп.
Арыстан келип жыгат,
Айчүрөк алчу эр Толтой.
Жеткайттан бери кол курап,
Айчүрөктү алам деп.
Эмине үчүн келесиң,
Көз ачык болсоң эр Толтой.
Алдаймын десе Ажыбай,
Эртеңки күндө чабам деп.
Элине кырган салам деп,
Ант ообай ат жүгүрбөйт.
Эсебин өзүм табам деп,
Өз убалы өзүнө.
Эр бүлөөсүн кырам деп,
Кыз чүрөктү бербесе.
Кызыкты мыктап салам деп,
Кең Үргөнчтүн калаасын.
Үргөнч турсун Акундун,
Катын менен баласын.
Кырып таштап тынам деп,
Эр Чыңкожо мындай деп.
Жагалдантып кара атын,
Толтойго айтат мындай кеп.
Муну мындай таштайлык,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Арача келген бул экөө,
Ошондон кабар баштайлык.
Эр Түмөнбай, Ажыбай,
Чыңкожо менен Төлөктөн.
Кайра тартып бөлүнүп,
Кара жанга күч келди.
Кабыргасы сөгүлүп,
Алты жүз аскер кашында.
Арача келген куу жигит,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Келе атканын көргөн соң,
Куюн бозду ойнотуп.
Астынан чыкты бул жигит,
Үргөчтүн четин бийлеген.
Оңой эмес бул жигит,
Өнөгүн бербес душманга.
Чырдашканга чыр жигит,
Кырк алты миң аскерге.
Башчы болуп ээлеген,
Чындашканга чын жигит.
Ажыбайдан кеп сурап,
Калкыңа тунчтык болдубу.

Кандай болду деп сурап,
Эр Ажыбай, Түмөккө
Кабагың карыш салынып.
Эмине болдуң сен экөөң,
Найза кармап топ бузуп.
Сайыша турган болдуңбу,
Ажалы жеткен окко учуп.
Чабыша турган болдуңбу,
Туу түбүндө кол баштап.
Туруша турган болдукбу,
Тулпар минип туйлатып.
Уруша турган болдукбу,
Сыр бараң мылтык алышып,
Атыша турган болдукбу.
Же Айчүрөк берип Толтойго,
Эл жайына тынч алып.
Жатыша турган болдукбу,
Айтчы Ажыке сөзүң деп.
Мен угайын өзүм деп,
Куюн бозун туйлатып.
Куу жигит турат безилдеп,
Анда туруп Ажыбай.
Жооп берет мындай деп,
Чыңкожо менен Төлөктүн.
Айтканына көндүк деп,
Эки айдан кийин Чүрөктү.
Эр Толтойго бермекке,
Ант алышып келдик деп.
Анда башка кеп болсо,
Кан Акундун астында.
Баштан аяк угарсың,
Эки айга союш беребиз.
Эмине болсо чыдарсың,
Кармашып күчүң жетпесе.
Кандай айла кыласың,
Деп ошентип Ажыбай.
Жооп берип турду эле,
Кутунайдын куу жигит.
Алты жүз аскер кашында,
Кан Акун көздөй бет алып.
Кайрылып жолго кирди эле,
Калай тилдүү Ажыбай.
Кан Акун алдында,
Калк жыйнаган тобунда.
Ошондо сөздү урду эле,
Чыңкожо менен Толтойдон.
Эки ай сүрөк алдык деп,
Эки ай туура бүткөндө.
Айчүрөк бермек болдук деп,
Эки айга чейин союшун.
Күнүнө алты миң койдон,
Белден кошуп алты жүз.
Союп бермек болдук деп,
Эки ай туура толгончо.
Ээн баштык кылбаска,
Малды башын бурбаска.
Ант кылышып келдик деп,
Эл эркинчи жатууга.
Эгин-тегин чачууга,
Кол коюшуп ант кылдык.
Козголбой турган ант кылдык,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Ушул сөздү урду эле,
Чыңкожо менен Толтойдун.
Акун кандын астына,
Антташкан антын сунду эле.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Өмүрүң болсун узун деп.
Журт чуркурап турду эле,
Анда Акун кан мындай дейт.
Алты айдан бери уруштум,
Акырет кеткен Манастын.
Арбагы үчүн муюштум,
Жети айдан бери уруштум.
Жеткелең көк жал Манастан,
Жетим калган чунагы.

Семетей үчүн муюштум,
Улук бою бас болуп.
Арбагын ойлоп Манастын,
Сакалы ылдый жаш болуп.
Акыретке барганда,
Анттуу досум кан Манас.
Ак бата кызыл каным деп,
Жалгызыма арнаган.
Айчүрөгүм кана деп,
Алкымдан чыгып сураса.
Эмине жооп берем деп,
Арбагы тирүү султандын.
Кантип жүзүн көрөм деп,
Кан Акун кан солкулдап.
Ыйлап турду болкулдап,
Теңдик кылса Семетей.
Өз мойнуна салармын,
Катының турса Үргөнчтү.
Чаап, талап кетти деп,
Сонунду айтып турармын.
Ал айтканга көнбөсө,
Сен да талап жеп кет деп.
Үргөнч менен элимди,
Колуңа берип тынармын.
Ак салганын көрөрмүн,
Зордук кылса көнөрмүн.
Тукуму жинди чунактын,
Алам десе башымды.
Өз  колуна беремин,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Айчүрөккө баргыла,
Барып акыл салгыла.
Алтымыш күнү бүткөнчө,
Сарамжалын кылсын деп.
Акун кан жарлык кылды эле,
Калкымдын жаны тынсын деп.
Кан Акун жарлык кылган соң,
Эр Түмөнбай, Ажыбай.
Айчүрөккө келди эле,
Чыңкожо менен Төлөктүн.
Антташкан катын берди эле,
Кан Акундун Айчүрөк.
Катты окуп көрдү эле,
Катты окуп көргөн соң.
Ажыке менен Түмөке,
Ыраазымын деди эле.
Эки айга чейин Ажыке,
Сарамжалым бүтөм.
Кашкайып Чүрөк күлдү эле,
Силерге макул иш болсо.
Маага дагы макул деп,
Калкка туура иш болсо.
Бармагы туура жакын деп,
Алтын самоор көтөртүп.
Алып кирип келди эле,
Дасторконун жайды эле.
Батунуска бал коюп,
Кыя кесип жал коюп.
Келин башы керме кашаң,
Кертип-кертип дан коюп.
Алты чанач кымызды,
Кантты кошуп чайкатып.
Сегиз көкөр аракка,
Бал татытып байкатып.
Сегиз келин, сегиз кыз,
Истаканы алтындан.
Дүнүйөнү жайнатып,
Ажыке менен Түмөке.
Ачта акыл табылбайт,
Төкмө акыл кутулбайт.
Тамактанып алалык,
Калган каткан кеп болсо.
Анан кийин салалык,
Кымыз менен кызытып.
Арак менен ысытып,
Тамактанып алган соң.

Чайга тоюп канган соң,
Кан Акундун Айчүрөк.
Ордунан ыргып турду эле,
Оомийин деп кол жайып.
Дасторконун жыйды эле,
Сегиз келин, сегиз кыз.
Эшикке чыгып тургун деп,
Айчүрөк жардык кылды эле.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Эки төрө агатай.
Эми айтайын сырым деп,
Түрмөктөй сөздү урду эле.
Ажыке менен Түмөкө,
Мен айтайын бир сөздү.
Жүрөгүмдө кир сөздү,
Күүгүм кирип, күн бата.
Жылдыз толо, эл жата,
Кан Акунду астына.
Калк чогулуп келсин де,
Бүгүн бейшембинин күнү эле.
Жуманын кадыр түн эле,
Ошондо айтат чын сөздү.
Эби келсе сөзүмдү,
Эп экен деп көргүлө.
Эп болбосо сөзүмдү,
Эр Толтойго бергиле.
Жөнү болсо сөзүмдү,
Жөн экен деп койгула.
Жөн болбосо сөзүмдү,
Тоюма токсон сойгула.
Калк ичинде айтайын,
Капилет кылбай сөзүмдү.
Калкына сөзүм жакпаса,
Кармай бер менин өзүмдү.
Акыры жаным өлбөсө,
Чыңкожо менен Толтойдон.
Алып берем өчүңдү,
Акырет кеткен ка йнатам.
Арбагы тирүү бар болсо,
Албасам өчүмдү.
Эй Ажыке, Түмөкө,
Анан чукка сал менин көзүмдү.
Айчүрөк мындай дегенде,
Акун канга бармакка.
Элиңе кабар салмакка,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Атына минди бул экөө,
Кандай укмуш айтат деп.
Айран калып Чүрөккө,
Эртеңки күнү болгондо.
Шерменде кылар бекен деп,
Чыңкожо менен Төлөкө.
Саатка бизди кабылтып,
Шайтаны көп долу эле.
Эртеңки күндө Түмөнбай,
Бизди салар бекен дүмөккө.
Кара беттин бул сөзүн,
Кандай дейсиң Түмөкө.
Анда туруп Түмөнбай,
Ажыбайга кеп айтат.
Айчүрөктүн мен сөзүн,
Абайладым деп айтат.
Кайын атам деген сөзүнө,
Каным кызып кетти деп.
Чыңкожо менен Төлөктүн,
Кечеги кылган зордугу.
Чучугума жетти деп,
Арыстан Манас көк жалдын.
Арбагы келип колдосо,
Чыңкожо менен Төлөктөн.
Алабыз эртең кекти деп,
Келчү болсо Семетей.
Чыңкожо менен Толтойду,
Эртеңки күнү ким айтат.
Элине тирүү кетти деп,
Ажыбай менен Түмөнбай,

Кан Акундун үстүнө.
Үйүлүп жаткан көбүнө,
Жыйылып жаткан тобуна.
Кара жаак жез таңдай,
Калай тилдүү Ажыбай.
Калайыктын алдына,
Сүйлөп турат мамындай.
Айчүрөк азыр келет деп,
Элге жообун берет деп.
Элге макул иш болсо,
Эл айтканга көнөт деп.
Кан Акундун Айчүрөк,
Бобускелүү араба.
Үч кара атка чектирип,
Салтанаттуу кара бет.
Ар шайманын келтирип,
Айдын көзү тийет деп.
Ак торгун жибек жабтырып,
Алтындаган коңуроо.
Аттарына тактырып,
Күндүн көзү тийет деп.
Көк торгун жибек буркөтүп,
Күмүш менен түймөлөп.
Бобускесин чүмкөтүп,
Сегиз келин, сегиз кыз.
Он алты сулуу кашында,
Алтындаган такыя.
Айчүрөктүн башында,
Алда кандай болот деп.
Бирөө кастык кылат деп,
Кырк жигити жанында.
Жыйырмасы артында,
Кыркы кызыл ат минген.
Кынама торгун тон кийген,
Мылтыктуусу бетинде.
Кылычтуусу четинде,
Кан Акундун тобуна.
Калк чогулган көбүнө,
Кандын кызы Айчүрөк.
Алтындаган бобуске,
Азыр ыргып түштү эле.
Асмандаган мунарга,
Айчүрөк чыгып барды эле.
Атасынын алдына,
Көп жыйналган тобуна.
Ийилип салам берди эле,
Алкым эти булайып.
Аткан таңдай кылалык,
Маралдай болгон кара бет.
Падышага ылайык,
Кынама бешмант кылторко.
Кытай торгун көк жашыл,
Кырык уруу кийим кийинген.
Көргөндүн көнүн айныткан,
Жакуттан айнек тартынган.
Асеми жандан артылган,
Көргөн адам аз эле.
Кан Акундун Чүрөктү,
Көрбөгөн адам көп эле.
Калыктын бары буркурап,
Кан Акундун Чүрөгүн.
Карап турду чуркурап,
Анда Акун кан сөз баштап.
Акырын айтып жай баштап,
Кызда болсо туягым.
Маңдай бүткөн чунагым,
Эркек болбой кыз болдуң.
Эй Айчүрөк кулунум,
Эмгектүү жанга туш болдуң.
Энең бир кары эл ким жаш,
Эр Толтой болду маага кас.
Эңкейген кезде атакең,
Ээгимден ылдай болду жаш.
Атан бир кары элким жаш,
Айчүрөгүн бербейт деп.
Алыскы Толтой болду кас,

Жалгызым сенин айыңдан.
Ак сакалым болду жаш,
Кулдук уруп антташкан.
Кагылайын кулунум,
Кайнатаң эле зор Манас.
Алты айдан бери уруштум,
Азапка чыдап туруштум.
Акырет кеткен Манастын,
Арбагы үчүн муюштум.
Жети айдан бери уруштум,
Мейнетке чыдап туруштум.
Жеткелең Манас көк жалдын,
Жесири деп муюштум.
Жакшы кылсаң Үргөчтүн,
Сообу чүрөк мойнуңа.
Жаман кылсаң кулунум,
Убалы сенин мойнуңа.
Кандай айтар экен деп,
Калыктын бары чуркурап.
Карап турат оозуна,
Эмине десең Айчүрөк.
Көнөлүк сенин оюңа,
Ачылып калган кашка күң.
Сөз жагына башка күң,
Айды карай бергенде.
Маралдай болуп койкоюп,
Маңдайы жанар жаңгандай.
Көргөн адам Чүрөктү,
Бир эсинен таңгандай.
Анда Чүрөк мындай деп,
Сөз баштады ар кандай.

## АЙЧҮРӨК ДӨӨЛӨРДҮ СЫНАГАНЫ

Калк кысылып келгенде,
Кандан акыл сурайт деп.
Кан башына иш түшсө,
Калкынан акыл сурайт деп.
Ичимдеги сырымды,
Эми айтайын чынымды.
Жоолашып келген Толтойго,
Кылгандан башка ант барбы.
Чыңкожо менен Толтойго,
Казып койгон орум бар.
Кайнатып койгон шорум бар,
Камдап койгон жерим бар.
Камдап койгон шерим бар,
Кагаз берип кат алып.
Аламын деген Чүрөктү,
Алты бирдей эрим бар.
Алтындан чалган бүчүм бар,
Аманат жаным соо болсо.
Чыңкожо менен Толтойго,
Жете  турган күчүм бар.
Чыңкожо менен Толтойго,
Айтканына көнө бер.
Дегенине чөкө бер,
Алтымыш күнү бүткөнчө.
Союшун чыдап бере бер,
Аман болсо Чүрөк деп.
Кудайдан сурап тура бер,
Дастары бар, кожоң бар.
Дарс окуган молдоң бар,
Ак ала сакал чалың бар.
Үргөчтүн калкы барың бар,
Баарыңдан сурайм бата бер.
Батаңды берип жата бер,
Ак куу кебин кийемин.
Асман менен жүрөмүн,
Айланып канат талганча.
Алты оронду сыдырып,
Учмакту Бээжин кара шаар.

Учуп жүрүп кыдырып,
Учуп канат талганча.
Уятым коюп сыдырам,
Күн батыш менен күн чыгыш.
Учуп жүрүп кыдырам,
Кыз да болсом мен издеп.
Кыясы кымбат бел табам,
Акырет кеткен кайын атам.
Арбагы мени колдосо,
Баатырды табам, шер табам.
Чыңкожо менен Толтойдун,
Башын кесер эр табам.
Элүү күндө келермин,
Жай алып журтум жата бер.
Эр Толтойдун эсебин,
Башка таппайт,  мен табам.
Ак асаба туу менен,
Асман жарган чуу менен.
Көк асаба туу менен,
Көк жарылган чуу менен.
Аскер алып,кол курап,
Аз гана эмес мал курап.
Жээдигерди чабамын,
Аргын менен Жээдигер.
Эсебин минтип табамын,
Мени алуучу Толтойду.
Боорунан өтүн аламын,
Чыңкожо менен Толтойго.
Ары ишин айтайын,
Акыр заман саламын.
Деп ошентип Айчүрөк,
Эл белгимди көрсүн деп.
Пери экенимди билсин деп,
Торгойдун тобур жүнү бар.
Торгой болчу түрү бар,
Торгой кебин сайратып.
Булбулдун мукам үнү бар,
Булбул кылып сайратып.
Сыртына болот чаптаган,
Бооруна алтын каптаган.
Темир тумшук, жез канат,
Перинин кызы болгон соң.
Айчүрөк кимден жазганат,
Ак куу кебин кийди эле.
Көрбөгөн бар, көргөн бар,
Элдин баары таңыркап.
Акылы айран калды эле,
Ботолуу төөдөй буркурап.
Мойнуна ното салынып,
Кандын кызы Айчүрөк.
Калың элдин алдында,
Бата сурап сабылып.
Үзүктөй болгон чон ак куу,
Учууга даяр камынып.
Айланайын кан ата,
Жалгызыңа бата бер.
Элүү күн туура толгончо,
Капа болбой жата бер.
Айчүрөк мындай дегенде,
Кемерин салып мойнуна.
Келмесин алып оозуна,
Алтын тактын үстүнөн.
Кан Акун турду дардайып,
Кыбыла көздөй бет алып.
Оомийин деп кол жайып,
Бийик бою бас болуп.
Сакалы ылдый жаш болуп,
Кан Акун турат болкулдап.
Акырет кеткен Эр Манас,
Жалгызым кетти колдо деп.
Ыйлап турат солкулдап,
Кылдан болду кыягым.
Кыздан болду туягым,
Асмандан жылдыз от болсун.
Айланайын чолпонум,
Асылган душман кор болсун.

Акырет кеткен кайын атаң,
Арбагы сени колдосун.
Үстөмдүк кылган кор болсун,
Үстүртөн кудай жар болсун.
Кайын атаңдын арбагы,
Качан болсо кулунум.
Как жаныңда бар болсун,
Кайып эрең кырк чилтен.
Кашыңдан алыс кетпесин,
Кайда болсо кулунум.
Касташкан душман жетпесин,
Кан Акун бата бергенде.
Калктын баары буркурап,
Алакан жайып Чүрөккө.
Батасын берип чуркурап,
Калк батасын берген соң.
Ак куу болуп Айчүрөк,
Асманга учту зыркырап.
Карап турган Чүрөктү,
Калк чогулуп жарданып.
Кайып болуп кеткен соң,
Калайык калды таң калып.
Булуту көктүн асманда,
Айчүрөк турду айланып.
Анда Чүрөк ой ойлоп,
Ойлобогон ой койбой.
Бутбаны карап асмандан,
Мекени көздөй жер болжоп.
Мал издесе күн чыгыш,
Дин издесе  күн батыш.
Мекени көздөй кетейин,
Медина менен Мекеге.
Зыярат кылып өтөйүн,
Мекедеги Ай Кожом.
Батасын алып кетейин,
Деп ошентип Айчүрөк.
Кыргыйдай учуп кытылдап,
Турумтай болуп шыпылдап.
Таң агарып сөгүлдү,
Жерге жарык төгүлдү.
Намаз маалы болгондо,
Нур чачырап толгондо.
Мекенин батыш четинде,
Асмандан түшүп Айчүрөк.
Булакка келди конгонго,
Ак куу кебин чечинип.
Кол куржанга салды эле,
Буластаган долу күн.
Булакка басып барды эле,
Боюн суугa салды эле.
Бой дааратын алган соң,
Ыкыласка барды эле.
Мекеден келген ак жебе,
Мелтиреп тартып отурат.
Мелтиреген сулуу куу,
Оозуна керме толтуруп.
Куран окуп багыштап,
Арыстан Манас көк жалдын.
Арбагына табынып,
Бата кылып турду эле.
Ошол кезде карасаң,
Улуу шашке болду эле.
Ортосунда Мекенин,
Алтындаган мунара.
Айчүрөк келип конду эле,
Ак куу кебин чечти эле.
Манастан калган баштыкка,
Кебин бүктөп салды эле.
Мунарадан түшүп Айчүрөк,
Түрдүү киймин кийинип.
Чынардай болуп буралып,
Чыбыктай бели ийилип.
Калем менен тарткандай,
Каштары калган чийилип.
Ай кожомдун дарбаза,
Мунаранын түбүндө.

Айчүрөк жетти  жүгүрүп,
Жан адамга көрүнбөй.
Ай кожонун алдына,
Айчүрөк кирди бүгүлүп.
Эки колу боорунда,
Берди салам ийилип.
Кан Акундун Айчүрөк,
Ай кожомдун алдында.
Зыят кылып турду эле.
Атасы жазган кагазды,
Ай кожого сунду эле.
Үрдүн кызы болбосо,
Же перинин кызы болбосо.
Менде ушундай болобу,
Деп ошентип Ай кожо.
Тартибине Чүрөктүн,
Ракмат айтып турду эле.
Катын окуп караса,
Бир күн мурун жазыптыр.
Күнүн окуп санаса,
Кантип бүгүн жетти экен.
Кандай укмуш тамаша,
Бирде туруп кубарып.
Бирде туруп саргарып,
Бир укмуштун болгонун.
Каттан окуп таң калып,
Кан Акундун башына.
Катуу мүшкүл түшкөнүн,
Ай кожо көрүп сандалып.
Алты барак кагазга,
Айландыра кат жазган.
Аягына кол коюп,
Акун кан деген ат жазган.
Толтой менен Чыңкожо,
Айчүрөктү алам деп.
Элимди талап жатат деп,
Айыкпай турган дат жазган.
Ар кандай     сөздү көп жазган,
Айчүрөк кетти алдыңа.
Аманат кожом деп жазган,
Асманда жылдыз боз элем.
Кабылып Манас көк жалга,
Акыреттик дос элем.
Айчүрөк жайын баштайын,
Кан Манастын жесири.
Чүрөктү алам деп жаткан,
Кимге тийет билбеймин.
Чыңкожо, Толтой кесири,
Жалгыз кызым Айчүрөк.
Астыңа кетти көздөп ал,
Алакандай кат берип.
Ажы деген ат берип,
Адашпай турган жолго сал.
Аманатым ушу деп,
Батаңды бергин Ай кожом.
Астыңа кетти кызым деп,
Балама жардам бергин деп.
Акыреттик дос элем,
Акун кан жазган мындай кеп.
Катты окуп болгон соң,
Ай кожом айтат мындай кеп.
Баарын балам окудум,
Алып келген катыңды.
Кайыптан болгон бала деп,
Угучу элем атыңды.
Нур төгүлгөн Мекеге,
Зыяратка келипсиң.
Аябайм сенден батамды,
Канткенде батам аяйын.
Батамды булга сатамбы,
Акыреттик дос элем.
Дин истандын барына,
Аркасы тийген кайран эр.
Кабылан кайын атаңдын,
Сен да менин баламсың.
Жаныма жакын келгин деп,

Саамайынан бир сылап.
Коюп берди алдына,
Алтындаган керебет.
Самоорун коюп кайнатып,
Аш тамагын жайнатып.
Кертип-кертип нан коюп,
Истаканга бал коюп.
Чүрөгүм мында конгун деп,
Конуп конок болсун деп.
Дасторкон жайып чай берип,
Тамак-ашын жай берип.
Тамактанып болгон соң,
Ай кожонун алдында.
Анда Чүрөк кеп айтат,
Аялдан башка долу күң.
Акырын айтып жай таштап,
Арзымды айтып өтөйүн.
Уруксат кылсаң Мекеге,
Мойнумда барстан кутулуп.
Зыярат кылып өтөйүн,
Астыңарга келгеним.
Жээдигер кылды кордукту,
Жети айдан бери Чыңкожо.
Элиме кылды зордукту,
Айылымды мага кас кылды,
Айчүрөгүн бербейт деп.
Атамдын көзүн жаш кылды,
Касиеттүү атамды.
Улук боюн бас кылды,
Кордукка көнүп өтбөйм деп.
Туубай туна чөгөм деп,
Тумшугу жок курган жан.
Мындан көрө өлөм деп,
Ак тасма боом сыдырып.
Уятым коюп кан кожом,
Астыңа келдим шер издеп.
Ааламды баарын кыдырып,
Астыңда турам өтүнүп.
Руксат сурап алууга,
Руксат кагаз берсеңиз.
Ааламдын баарын чалууга,
Баатыр тапсам, дөө тапсам.
Дин истанга ээ тапсам,
Чыңкожо менен Толтойдон.
Атамдын өчүн алууга,
Айчүрөк мындай дегенде.
Сөзүнө кулак бурду эле,
Акылын айтып Чүрөккө.
Ай кожом сөздү урду эле,
Эй чолпонум Айчүрөк.
Элге кабар кылайын,
Алтымыш кожо, кырк эшен.
Анын баарын жыйнайын,
Чоң Мекенин кыйырын.
Барысын жыйнап көрөйүн,
Зыярат кылып Мекеге.
Үч күнү мында турасың,
Кыз Айчүрөк ажы деп.
Күбөлүк жазып берейин,
Бүгүн мында болосуң.
Эртең эрте турасың,
Үч айланып Мекени.
Зыяратка киресиң,
Ибырайым байгак бар.
Кыяматын көрөсүң,
Кыз Айчүрөк чолпонум.
Мен айтканга көнөсүң,
Деп ошентип Ай кожо.
Чүрөккө айтты кеңешин,
Айланайын Айчүрөк.
Ушу айтканым акыл деп,
Ай кожонун сөзүнө.
Айчүрөк турат макул деп,
Ал күнү Чүрөк конду эле.
Кожомо конок болду эле,
Таң атканча Айчүрөк.

Талыкпай зикир урду эле,
Тараза жылдыз батканда.
Таң кашкайып атканда,
Оолжуган долу күң.
Ордунан ыргып турду эле,
Кайнар булак, кашат бар.
Кайыптар ичкен башат бар,
Айчүрөк басып келди эле.
Колун сууга салды эле,
Кол дааратын алды эле.
Бутун сууга салды эле,
Бут дааратын алды эле.
Ал аңгыча болбоду,
Мечитке азан чакырып.
Сопулар чыкты туш-туштан,
Кат комалап бакырып.
Азандын үнүн уккан соң,
Намазга көңүл бурду эле.
Зыярат кылып кудайга,
Намазын окуп турду эле.
Ал аңгыча карасаң,
Тоо-тоонун башын күн чалды.
Нур төгүлүп асмандан,
Сайраган куштар тынч алды.
Ошол кезде карасаң,
Жибектен жабуу жаптырып.
Шуурудан байла тактырып,
Желмаян кызыл тайлакка.
Ай кожонун буйругу,
Жетелеп келип бир эшен.
Чүрөккө берди тапшырып,
Желмаянга миңгизип.
Чүрөктү жүрдү жетелеп,
Үч айлантып Мекени,
Бааруучу жолун төтөлөп.
Замзамдын суусун ичирип,
Келме алдырып оозуна.
Шайтанга ташты аткызып,
Зыяратка бардырып.
Шыйыктар баккан бир койду,
Айчүрөккө алдырып.
Наалыт кылып кудайга,
Курбандыгын чалдырып.
Кудайдын милдет карызын,
Ада кылды Айчүрөк.
Мойнундагы карызын,
Медина менен Мекенин.
Зыярат кылып барына,
Кайрылып келди Айчүрөк.
Ай кожомдун алдына,
Анда туруп Ай кожо.
Алтымыш кожо, кырк эшен,
Чакыртып адып барчасын.
Жайдырып алып калпасын,
Кыбыла көздөй буркурап.
Алакан жайып чуркурап,
Колдогону аялдын.
Түбү батма бир болот,
Тобокел кылбай кудайга.
Акыл ашса жин болот,
Асманда жылдыз оң болсун.
Асылган душман кор болсун,
Төбөңдө жылдыз оң болсун.
Жөөлөшкөн душман кор болсун,
Таалайың күндөй ачылсын.
Тартышкан душман басылсын,
Алакан жайып Ай кожо.
Батасын берип Чүрөккө,
Артыңдан душман куубайт деп.
Алдыман тороп буубайт деп,
Ажы деген ат берди.
Айчүрөктүн колуна,
Мөөрүн басып кат берди.
Батасын алып Айчүрөк,
Адам киймин чечти эле.
Ак куу кебин кийди эле,

Кең Букар көздөй бет алып.
Асманды карай учту эле.
Булуттай болуп буркурап,
Букарга кирип келди эле.
Кең Букарды байкаса,
Диндин кени ошондо.
Туш-тушунда мечит бар,
Кайкалап жаткан калаасы.
Оозунан келме түшпөгөн,
Он жаштагы баласы.
Башынан селде кетпеген,
Баарысын байкап караса.
Колунан теспе түшпөгөн,
Бул ханды Музбурчак.
Букардын билген төрөсү,
Муз бел тору ат минген.
Башында таажы бир кучак,
Айчүрөк байкап караса.
Алтымыш ашкан жаш экен.
Касиетти бар экен,
Жаш эскирген кары экен.
Буга да тийип болбойт деп,
Муну да Толтой койбойт деп.
Андан учуп отуруп,
Амангендин ар жагы.
Анжияндын туурасы,
Кең Алай деген жери бар.
Калың кыпчак эли бар,
Алайды ээлеп жердеген,
Намысын колдон бербеген.
Тогуз уулдун кенжеси,
Кудайдын сүйгөн пендеси.
Эчкилүү койдун эркеси,
Эламан байдын эркеси.
Эр Төштүк деген дөө чыккан,
Мен билем деп талашып.
Манас менен тең чыккан,
Көкөтөйдүн ашында,
Калк чогулуп аш берген.
Каркыранын сазында,
Кара жал кула ат минген.
Кабылан Манас башында,
Эламандын эр Төштүк.
Жер астына түшкөнү,
Жети жылга толду деп.
Жер үстүнө чыкканы,
Жетимиш күн болду деп.
Ажыдар менен арбашып,
Жер астында Сарыбай.
Жети дөө менен кармашып,
Алп кара куш ат минип.
Аман Төштүк келген деп,
Кан Көкөтөй ашында.
Кытайдан чыгып сайышкан,
Эр Коңурбай, сур Калча.
Бетине менде кээ албай,
Заары күчтү бир канча.
Аламандын эр Төштүк,
Мен түшөм деп сайышка.
Улуксат сурап турганда,
Кабылан Кошой карыя.
Эр Төштүккө кеп айтып,
Жер астына түшкөнүң.
Жети жылга толгон деп,
Жер үстүнө чыкканың.
Жетимиш күнү болгон деп,
Каның калган кашык деп,
Этиң калган жашык деп.
Калк бийлеген кан Кошой,
Улуксат кылбай койгон деп.
Уктум эле карыдан,
Улама журттун баарынан.
Кичи Алайдын жээгинде,
Чыгып келди ойнотуп.
Сур тайганын жойлотуп,
Ошол Төштүк кабылан.

Алтымыш жигит кашында,
Ак алача тунжур куш алган.
Элүүгө келген жашында,
Бала шумкар төштөнгөн.
Барчын бүркүт көздөнгөн,
Оң далысы кең экен.
Он эки мүчө тең экен,
Бала жолборс келбеттүү.
Балкайыңкы эр экен,
Жайкы семиз маралдай.
Далкайыңкы эр экен,
Кылычы берде каңгырап.
Ай балта белде шаңгырап,
Некери бутта чойкоюп.
Кошоктолуу сыр найза,
Карылыкта сойкоюп.
Астындагы Чал куйрук,
Айбандын чоңу зоңкоюп.
Кулагы бар кыйгандай,
Как чокусу кумгандай.
Кууса жоого жеткендей,
Эти ачынып түйүлсө.
Эликтей болгон жаныбар,
Дайрадан аттап кеткендей.
Мактай турган мал экен,
Эл айтканча бар экен.
Бадыша экен төрө экен,
Балбан экен, эр экен.
Алып барса Толтойго,
Томкоруп салар шер экен.
Алайдагы кыйгакка,
Ашуусу бийик бел экен.
Капсалаң келсе кар жолборс,
Калалуу коргон чеп экен.
Муну түбү кыргыз деп,
Анын түбү кыргыз деп.
Бир атанын баласы,
Муну ойлонуп Айчүрөк.
Миң бөлүнүп санаасы,
Жөн сурашып бул экөө.
Туугандыгын билер деп,
Жарашып кетсе кокустан.
Тумшугум ташка тийер деп,
Колтугуна кат жазып.
Эр Төштүк деген ат жазып,
Башкадан айла болбосо.
Кайра Төштүк келемин деп,
Андан учуп Айчүрөк.
Анжыянга келди эле,
Кийгендери сын жибек.
Атабектин кенжеси,
Жылдыз көк сындуу ат минген.
Жибектен алтын тон кийген,
Жеринде жаткан дөөсүнүн.
Анжыянга ээсинип,
Аргымагын кеңейтип.
Тулку боюн зыңкыйтып,
Көк кепичин тетейтип.
Айры сакал Сынчыбек,
Алты жүз чатыр тиккизип.
Алты кан элин чогултуп,
Ат чаптырып той берип.
Турпан каны Турумбек,
Кашкар каны Карабек.
Маргаланда Малабек,
Кокон каны Кожобек.
Төмөнкү Котон шаарында,
Козубаш, Койбаш эки бек.
Орто тайы көк төкө,
Он эки таман өзүбек.
Жалпы журттун улугу,
Анжыянда Сынчыбек.
Көк бөрүсүн тарттырып,
Кунан чыкма Букачар.
Башын кесип таштатып,
Төрт аягын муунатып.

Талаага ташташып,
Алтымыш балбан жиберип.
Алтымышы туш-туштан,
Ат ойнотуп имерип.
Ыкымдуусу барышып,
Улактай эңип алышып.
Найза бою дубалдан,
Жаа алдалап аттатып.
Аламан коюп жарышып,
Бектеринен ташташып.
Алтын, күмүш жанбыдан,
Өбөлгөсүн алышып.
Жайма тартып көк бөрү,
Аңгемени салышып.
Жаткан экен өзүбек,
Аны көрүп Айчүрөк.
Сартка тийген зайып деп,
Зайыптын иши майып деп.
Буга да тийип болбойт деп,
Кара келтек күжүрмөн.
Аны да кыргыз койбойт деп,
Анда туруп Айчүрөк.
Жайыңкысы ысык жер,
Кышынкысы бат көк исер.
Кара суусу көй экен,
Шуру менен берметтин.
Кайнап чыккан жери экен,
Жөн чымында машаа көп.
Безгек болчу жер экен,
Деп ошентип Айчүрөк.
Анжыянга сын берип,
Андан учуп Айчүрөк.
Чыкты менен жазыны,
Катары менен ашты эле.
Канаты талбай учту эле,
Ат-Башыга бармакка.
Көк Арттын белин ашты эле,
Кең Ат-Башы жердеги.
Кеңешин жанга бербеген,
Катагандын кан Кошой.
Калк бийлеген чоң Кошой,
Кандыгы баштан кетпеген.
Касиети зор Кошой,
Кер кулун сындуу ат минген,
Кемери алтын тон кийген.
Кынсыз кылыч байлаган,
Өрттөй көзү жайнаган.
Өзөлөнө келгенде,
Өгөшкөнүн жайлаган.
Айдай бетти нур чалган,
Алтындан кемер курчанган.
Кабылан Кошой карыя,
Калк атасы олуя.
Кымбаттуусу, тунугу,
Кытайлардын улугу.
Алооке деген кан чыгып,
Айбатынан жин чыгып.
Кан кожонун баласы,
Билериктүү кожону.
Кең Кокондун шаарынан,
Сегиз миң кытай кол менен.
Байлап кеткен ошону,
Кабарчыдан кеп учуп.
Кан кожонун баласын,
Байлап кеткен деп угуп.
Артынан кууп эр Кошой,
Үрүмчүдөн жеткен деп.
Кытайдын колун талкалап,
Калайман салып өткөн деп,
Ошол кезде Кошойдун.
Тилегин кудай берген деп,
Тиктеген жоосун жеңген деп.
Ажыратып кожосун,
Кокого алып келген деп.
Узун кулак карыдан,
Уккан эле Айчүрөк.

Улама журттун баарынан,
Акундун кызы Айчүрөк.
Ат-Башыга келди деп,
Алтымыш чатыр тиктирип.
Жылкыдан тандап алдырып,
Чеч-Дөбөнү жайытты.
Ак боз бээни сойдуруп,
Кымызды жыйып чайкатып.
Тамак-ашты жайнатып,
Жаткан экен карыя.
Казандан этти кайнатып,
Алтындаган кермеге.
Кер кулун, тулпар байлатып,
Чеч-Дөбөнүн түбүндө.
Элдин баарын чогултуп,
Жаткан экен олуя.
Торгой болуп бир өтүп,
Булбул болуп бир өтүп.
Айчүрөк турду ошондо,
Ат-Башыга айланып.
Жаш кезинде жарыктык,
Кандай болду экен деп.
Кан Кошойго таң калат,
Он далысы кең экен.
Кайкы далы, каз моюн,
Кара кулак шер экен.
Карылыгы болбосо,
Кай жеринен кем экен.
Алптардан башка нар экен,
Атам Акун кандай кары экен.
Азыр да болсо башында,
Касиетти бар экен.
Ургаачыны кор кылган,
Кез келтирбей жашында.
Тийбей турган эр бекен,
Кабылан Кошой асылга.
Зыярат кылды Айчүрөк,
Арыстан Кошой баатырга.
Кан Көкөтөй ашында,
Токсон бешке чыккан деп.
Угуп жүргөн Айчүрөк,
Чоң Жолойду жыккан деп.
Ургаачыны кор кылган,
Эркекти кудай зор кылган.
Жашы болсо жарыктык,
Алтымышта Кошойго.
Тийбейт белем ошого,
Деп ошентип Айчүрөк.
Андан учуп олтуруп,
Кара-Кужур басты эле.
Чакыр корум, Жуукуну,
Катары менен ашты эле.
Бейшембинин күнү эле,
Жуманын кадыр түнү эле.
Кең ысык боюнда,
Көй сарынын чатына.
Айчүрөк конок болду эле,
Боюн көлгө салды эле.
Боюна даарат алды эле,
Пириси тирүү Ысык-Көл.
Айчүрөк чынап турду эле,
Петегеси май экен.
Бечарага жай экен,
Топурагы май экен.
Томаякка жай экен,
Төгөрөгү туюк коргон жер.
Кас кылганды соргон жер,
Жайкы көлдү толкуткан.
Толкуну элди коркуткан,
Кызыл башы кылкылдап.
Кара казы каркылдап,
Кайырмасы бар кылдай.
Канаты менен куйругун,
Суунга салып шартылдай.
Аңыр куусу аралаш,
Кайсы экени билинбей.

Санга батпай быкылдай,
Токоюнда корозу.
Үн алышып чуркурап,
Ыргып түшүп бетинде.
Балыктары чулпулдап,
Ыраң чөбү баш алып.
Кундуздай болуп жылтылдап,
Күнгөйүнөн жүз булак.
Тескейинен жүз булак,
Эки жүз булак суу куйса.
Калыбынан ашпаган,
Касиеттүү Ысык-Көл.
Көтөрүлүп таштаган,
Оң босого бейиштин.
Төгүнбөгөн кенч экен,
Абасы атыр жел экен.
Жердебей турган жер бекен,
Эл дебей турган эл бекен.
Ушул жерди жердеген,
Агымы кандай эр экен.
Деп ойлонуп Айчүрөк,
Эртең менен болгондо.
Намазын окуп буркурап,
Арбагына Манастын.
Алакан жайып чыркырап,
Намазын окуп болгон соң.
Ак куу кебин кийинип,
Асманга чыкты зыркырап.
Тегеренип айланып,
Туш-тушуна көз салып.
Бир көрүп сынап кетмекке,
Эр Агышты эске алып.
Аңгычакты болгон жок,
Жети өгүздүн боюнда.
Казанчынын оюнда,
Келе жатат эр Агыш.
Алты жигит жанында,
Чагарак боосу алтындан.
Сары ала туйгун колунда,
Эркеч боз сындуу ат минип.
Эндей жибек тон кийген,
Кынсыз кылыч байланган.
Куу карагай найза алган,
Аны көрүп Айчүрөк.
Тоодой Агыш деп жүрсөм,
Томуктай адам экен деп.
Алп экен деп мен жүрсөм,
Ашыктай Агыш экен деп.
Багы тийип болбойт деп,
Муну да Толтой койбойт деп.
Эр даңкын ук алыстан,
Үйүнө барба дегенден.
Андан учуп олтуруп,
Калмак Ашуу, Тору-Айгыр.
Катары менен ашты эле,
Чоң Keминди басты эле.
Эки Кемин жайлаган,
Эгиз кара ат байлаган.
Алман кен кештин төрөсү,
Ак Чаар кандын баласы.
Жан адамдан башкача,
Жаактуудан чечени.
Калк ичинде сайраган,
Кеп талаша келгенде.
Далайдын тилин байлаган,
Кан Көкөтөй ашында.
Кайыр менен мусулман,
Тилмек болсун эр Үрбү.
Ой талашып турганда,
Чечендик кылып эр Үрбү.
Манастан ойду талашкан,
Каршы сүйлөйм деп жүрүп.
Камчы жеген Манастан,
Буга да көөнүм тойбойт деп.
Түбү күчтүү Жээдигер,
Муну да Толтой койбойт деп.

Алматы менен Челекти,
Катар учуп сыдырып.
Кара тегин Калчага,
Эр издеген Айчүрөк.
Ошондо келди кыдырып,
Кара тегин чоң Калча.
Эрдиги болгон бир канча,
Токсон беште  тор экен.
Карылык баскан кор экен,
Ал аскар тоодой көрүнүп.
Адамдан башка зор экен,
Карагай найза учтаган.
Чын ачуусу келгенде,
Төөнү жаза муштаган.
Кара кулак, чоюн алп,
Катары менен Айчүрөк.
Баарысын сынап өттү эле,
Буга да тийип болбойт деп.
Андан учуп Айчүрөк,
Ала-Көлдү жердеген.
Алтын айдар өкчөсү,
Айдаркандын Көкчөсү.
Өлөңүн айтып өкүргөн,
Өз жеринде бекинген.
Таруусун кумдай актаган,
Катынын кыздай мактаган.
Көк ала сындуу ат минген,
Көркөмү сонун тон кийген.
Кырк жигити кашында,
Алтындан кемер курчанган.
Ак жүзүнө нур чалган,
Күмүштөн кемер курчанган.
Күндөй жүзүн нур чалган,
Жара тилип кундуздан.
Багалектин учуна,
Кез боюнча кармашкан.
Кылычын белге байланган,
Ала-Көлдүн жээгинде.
Саң карасын аңдап,
Чоң Бээжинге барганда.
Сайышка чыгып жекеге,
Мурадылды жайлаган.
Көкчөнү көрүп Айчүрөк,
Бу да болсо кан экен.
Ашыра кооз кийинген,
Зайыпка чалыш жан экен.
Мунун иши казак деп,
Казакка тийчү азап деп.
Аты чыккан дөөлөрдөн,
Атагы чыккан шерлерден.
Мен мыктымын дегенден,
Кыдырып келдим канчасын.
Дин истандын балдарын,
Көрүп келдим барчасын.
Кан атам жаткан кайкым деп,
Кара бет чүрөк зайбым деп.
Издебесе мени деп,
Мен издеймин аны деп.
Ат бастырып келбейт деп,
Ал абалың кандай деп.
Салам дуба бербейт деп,
Чеп болом деп мен жүрдүм.
Арбагына Манаска,
Таарынгандан Айчүрөк.
Барбай кеткен Таласка,
Кара теги Калчаны.
Чыңкожо, Толтой дартынан,
Кан Акундун Айчүрөк.
Издебеген канчаны,
Күнүм болду жыйырма күн.
Түнүм болду жыйырма деп,
Учуп жүрүп жай тынбай.
Убактым жакын калды деп,
Жети айчылык чын Бээжин.
Жети күндө барайын,
Чет Бээжинде Коңурбай.

Ошондон кабар алайын,
Кырк уруу кытай аралаш.
Мусулмандан таппасам,
Кытайдан баатыр  табайын.
Таба албасам Кытайдан,
Намыс кылбай, ар кылбай.
Кайра Таласты көздөй барайын,
Таластан ишим оң болсо.
Чыңкожо менен Толтойдун,
Кашка тишин чагайын.
Казык кылып жилигин,
Кара жерге кагайын.
Андан айла болбосо,
Амалым барбы Кудайга.
Ал дагы менин таалайым,
Бээжиндеги Кытайдын.
Бел байлаган каны ошол,
Көңүлүндө Чүрөктүн.
Эр Коңурбай бар ошол,
Акылды Чүрөк көп ойлоп.
Кандай кылсам деп ойлоп,
Дин көтөр деп буркурап.
Чоң Бээжин көздөй бет алып,
Жылдызга чыкты зыркырап.
Күнү үч күн жол басты,
Түн уйкудан адашып.
Чет Бээжинге барды эле,
Коңурбайдын мурарга.
Күүгүм кире, күн бата,
Айчүрөк келип конду эле.
Арып ачкан Айчүрөк,
Азырак уйку алды эле.
Камыштын башы шуудурап,
Кара каш торгой чулдурап.
Таң агарып сөгүлдү,
Тараза жылдыз төгүлдү.
Чыйкырчысы барбы деп,
Дубакөйү барбы деп.
Ак кат тер болуп бир конуп,
Токсон түрлүү кубулуп.
Торгой болуп бир конуп,
Ошондо Чүрөк буркурап.
Ойлогон ою миң болуп,
Бээжинди байкап отурса.
Күйрөктөн башка чөбү жок,
Төрт аяктуу малынан.
Төөдөн башка бири жок,
Качырдан башка жылкы жок.
Караны кийген калдай бар,
Акты кийген амбал бар.
Көктү кийген көк жал бар,
Кызылды кийген кечил бар.
Кытайда сонун нечен бар,
Кара күрмө тон кийген.
Калмагынча чөн кийген,
Кызыл күрмө тон кийген.
Кытайынча чоң кийген,
Кебез өтүк, кең байбак.
Келбербиген чоң калмак,
Сары алтындан түймөсүн.
Жамбашына түймөлөп,
Ак күмүштөн түймөсүн.
Арт жагына түймөлөп,
Кийими башка кытайдын.
Ар кайсысы ар бөлөк,
Жаңгагы сайдын ташындай.
Жамбысы аттын башындай,
Күрүчү сайдын ташындай.
Күмүшү уйдун башындай,
Байлыгы кытай ушундай.
Айланасын сепилдеп,
Бышык кыштан салдырган.
Ар жеринде мунара,
Жыйырмадан ашык дарбаза.
Жакуттан чырак жандырган,
Коңурбайды сепили.

Бийигин кырк кез көтөргөн,
Уютуп уйдай сомдоткон.
Коло менен чоюндан,
Кошо салып орноткон.
Үстү менен жыгылбай,
Үч араба жүргүдөй.
Туурасын он кез болжоткон,
Төрт бурчунда сепилдин.
Көтөрүп койгон мунар бар,
Бийиктиги токсон кез.
Кароолдо турган кыран бар,
Дарбазасын Калчанын.
Алтымыш балбан кайтарган,
Астына жакын келе албай.
Алыстан адам жалтанган,
Кук этип кузгун кирбеген.
Как этип карга учпаган,
Дарбазанын оозуна.
Улуксатсыз барбаган,
Ордунда башы калбаган.
Барып калса кокустан,
Балбандар кармап жалмаган.
Ошону көрүп болкулдап,
Айчүрөк ыйлап солкулдап.
Акырет кеткен кайын атам,
Ак куласын түйүлтүп.
Айлана коргон сепилден,
Аттатып кантип түштүм экен.
Чалыяр басбас Бээжинге,
Чамасы кантип жети экен.
Бут канасын кыйратып,
Буркандарын ыйлатып.
Багындырып кытайды,
Кантип сурап турду экен.
Ошондон тууган бала бар,
Баласына таарынып.
Барбай келген Таласка,
Мен бейбакта чала бар.

Деп ойлонуп Айчүрөк,
Сепилин көрүп таң калып.
Калчасы кайда кеткен деп,
Бир көрсөм деп таңданып.
Эртеден кечке олтуруп,
Эч кабарын биле албай.
Түш кыйшайып кеткенде,
Күн бешимге жеткенде.
Камандуу төрдүн башында,
Аюлуу төрдүн чатында.
Уу кылдырып келе атып,
Эки жүз мерген кашында.
Калчаны көрүп кызыды,
Кан Акундун Чүрөгү.
Бүткөн бою ысыды,
Ак кептер болуп зыркырап.
Астынан тосуп айланган,
Келе жатат буркурап.
Эр Коңурбай Калчага,
Ит жиберип жойлотуп.
Каман менен доңуздан,
Канчасын атып сойлотуп.
Он эки каман, он чочко,
Ортосунан бүт бүктөтүп.
Толорсуктан көзөтүп,
Айгырга артып жүктөтүп.
Алты амбал төрт жаңжүң,
Астында баштап келе атат.
Ортосунда Коңурбай,
Ойнотуп чыгып келе атат.
Ок жыландай кара атты,
Сойлотуп чыгып келе атат.
Алтай эли бир зубун,
Каңгай эли бир зубун.
Мөндү эли бир зубун,
Ябы эли бир зубун.
Тыргот эли бир зубун,
Шибээ эли бир зубун.

Манжу эли бир зубун,
Зарат эли бир зубун.
Шыйку эли бир зубун,
Ожды эли бир зубун.
Чынжу эли бир зубун,
Кара калмак бир зубун.
Кайсы бирин айтпайын,
Алтымыш уруу кытайды.
Санап көрсө миң зубун,
Кырк уруу кытай бай анда.
Кармап турган шер ошол.
Каарланса душманды,
Каптай кетчү сел ошол.
Болжолу жок зор Калча,
Болоттон коргон чеби ошол.
Бек кармаган туткасы,
Бээжиндиктин бели ошол.
Алооке кандын баласы,
Ааламга жетет чамасы.
Аябаган эр ошол,
Астындагы кара аты.
Кара атынын барбы дейм,
Капталында канаты.
Он сегиз миң ааламды,
Качан да болсо Коңурбай.
Талкандай чалчу адаты,
Энеси чөлдүн тобурчак.
Атасын байкай сурасаң,
Орон төбө, Ташкендин.
Теке жоомарт аргымак,
Жердеген жерин сурасаң.
Темир тоонун арасы,
Өзү Желкайыптын баласы.
Байыттын кызы Сайкалдан,
Кадырлап алчу чоң кара ат.
Жылкыдан башка казанат,
Кара атты көрүп Айчүрөк.
Күйбөгөн жери күл болуп,
Ичи каран түн болуп.
Ургаачылык бекер деп,
Кайыптын кызы Кыз Сайкал.
Дин стандын бас кылып,
Ал кара атты Кытайга.
Эмине берди экен деп,
Таалайлуу менен талашпа.
Бактылуу менен басташпа,
Деген ушул турбайбы.
Калыстык кылса Сайкалды,
Дин  стан жолу урбайбы.
Деп ошентип турду эле,
Калчага көңүл бурду эле.
Кыл эртишти жайлаган,
Кыл кара атын байлаган.
Кыр мурундуу кызыл көз,
Кытайлардын Коңурбай.
Оңурайган зор Калча,
Очогорлуу чоң калдай.
Ал кара ат менен алкылдап,
Атырылтып ойнотуп.
Чыгып келет балкылдап,
Төтү куштун куйругу.
Дал ортодо жалтылдап,
Көк ала сакал манжунун.
Көз айнеги жаркылдап,
Темингиси телпилдеп.
Жеңдей болгон кара чач,
Желкесинде селкилдеп.
Көзү көлдү буткулдай,
Көрүнгөндү жуткудай.
Мурундарын карасаң,
Селебенин кабындай.
Мурутунун бир жагы,
Ай балтанын сабындай.
Көк ала сакал зор кытай,
Көрсөң түрдүү момундай.
Көзүнөн чыккан ызгаары,

Көөрүктүү оттун жалындай.
Көзү чалкар көлгө окшоп,
Мурунунун таноосу.
Ачылып калган көргө окшоп,
Астыңкы эрди албыйып.
Үстүңкү эрди далбыйып,
Суу жеп кеткен кемердей.
Эки уурту жалжайып,
Сакалы чырбык токойдой.
Калчанын оозун карасаң,
Сугатчы кийген чокойдо.
Телегейи тең экен,
Темир өзөк, жез билек.
Термелбеген кара көк,
Теги калча шер экен.
Калчаныны уулу Кайырга,
Кан Коңурбай баатырга.
Кытайылыгы болбосо,
Тийип алчу эр экен.
Кара аргымак каксасай,
Кайрып салса малга жай.
Камгак учкан боз талаа,
Менин жерим болсочу.
Калдайдалдын Коңурбай,
Менин бегим болсочу.
Чабылуу адыр, жылга сай,
Чырмап салса малга жай.
Менин жерим болсочу,
Кытайдын каны Коңурбай.
Динсиздиги болбосо,
Менин бегим болсочу.
Тийсем тийип алам деп,
Тилин кантип билем деп.
Тилин билсем билемин,
Динине кантип кирем деп.
Акыретке барганда,
Шерменде болуп Кудайга.
Тозок отко күйөм деп,
Калкы камоо жерби деп.
Качып барып Айчүрөк,
Капырга тийди дээрби деп.
Карап туруп жактырып,
Кан Коңурбай калчаны.
Чыңкожо, Толтой дартынан,
Издебедим канчаны.
Ак ислам динине,
Шек келтирип болбойт деп.
Буга да көөнүм толтойт деп,
Ушуну сайган кайын атам.
Оңой эмес шер экен,
Он экт таман мусулман.
Кармаганы эп экен,
Ушундан тууган баласы.
Семетей кандай неме экен,
Айчүрөк турат көп ойлоп.
Аңгычакты Коңурбай,
Жанында жаңжу он калдай.
Шор булактын боюна,
Азыр кирип келди эле.
Кыл Эртештин оюна,
Билериктүү сур жылкы.
Минилбеген кур жылкы,
Көгүчкөндөй Көк ала.
Сагызгандай Сарала,
Тилингени билинбейт.
Башайыдай баары ала,
Тору айгыр минген жодугур.
Кырк эки миң жылкысы,
Сексен алты жылкычы.
Баарысынын башчысы,
Катаалдын уулу Карагул.
Ыжды элине кан болгон,
Кан Коңурбай калчанын.
Ишенгени мына бул,
Жылкысын көрүп өтмөккө.
Кан Карагул баатырга,

Учураша кетмекке.
Малы менен башынын,
Аман соосун билмекке.
Ар карадай бууданды,
Суу көк төтүн алууга.
Жылкыга кошуп кетмекке,
Карагул менен көрүшүп.
Кол кармашып турушуп,
Катаалдын уулу Карагул.
Жанындакы жылкычы,
Экөөнү кошо чаптырып.
Алты чанач кымызды,
Аракка кошуп алдырып.
Чаначтагы кымызды,
Көлдөлөндөй шиберге.
Көтөрүп келип чайкатып,
Дасторкон коюп жайнатып.
Жаяга кошуп жал коюп,
Арака кошуп бал коюп.
Каман менен доңуздун,
Аралаш кесип этинен.
Кертип-кертип нан коюп,
Аттан түшүп чайланып.
Эр Коңурбай сургалча,
Тамак ичип жайланып.
Аңгеме сөздөн урду эле,
Ошол кезде калчанын.
Кумары кармап турду эле,
Алтын айдар, жез канаса.
Алачыктай чоң калча,
Ак куржундан тамеки.
Алып келип канжага,
Тогуз чеңгел салды эле.
Кытай өттүк тоюн таш,
Кырып ийип чок коюп.
Кандасына от коюп,
Коркурата сорду эле.
Кумары канып болду эле,
Коё берсе түтүнү.
Калымтыктай буркурап,
Катар-катар сорду эле.
Кандуу кара капчыгай,
Жөө туман түшүп турду эле,
Канжасын тартып болду эле,
Чоң өтүгү чойкоюп,
Короздой мойну койкоюп.
Карагулга кеп айтып,
Ой Карагул деп айтып.
Ал караны мингеним,
Туура алты ай болду эле.
Эти болду көк жашык,
Каны калды бир кашык.
Жылкыга кошуп кетем деп,
Үч ай туура оттосун.
Ичи толуп, казы алып,
Мойну толуп, жал алып.
Чоң семирип кетпесин,
Үч айдан кийин кара атты.
Кармап келип берип кет,
Өзүң мага келип кет.
Азыр барып жылкыдан,
Кыйды кара ат кармагын.
Ал жакпаса көөнүңө,
Башкасынан тандагын.
Малдын ээси сенсиң деп,
Башытн ээси менмин деп.
Коңурбай кылды жардыкты,
Көрсөтүп турат кандыкты.
Кыйды карап ошондо,
Байлоодо турат семирип.
Кабырга жабык эти бар,
Эликтей болуп семирип.
Ал караны жайдактап,
Жылкыга кошуп агытып.
Байлоодо труган кара атты,
Алып келип жодугур.

Темингиси шарпылдап,
Тетиктеген алтындан.
Көк жалданып ойдурган,
Көрчөгөсүн алтындан,
Төрт бурчуна койдурган.
Булгаары тердик токутту,
Бура тартып жодугур.
Чоң кара атка токумду,
Төш өлөңүн бош тартып.
Чат олоңду бек тартып,
Алып келди жай эле.
Куюшканын кыскартып,
Куюшканын сом алтын.
Басмайылы сары алтын,
Сарамжалдуу калчанын.
Жабдыгынын баары алтын,
Жакут таштан жардырган.
Каңдайына салдырган,
Алтын ээр, ай маңдай.
Алкылдаган чоң кара ат,
Төшүн салып жайгандай.
Алла Таала кудурет,
Мал жараткан ар кандай.
Маңдайында кашкасы,
Панардан чырак жандырган.
Көк күбөнү жамынтып,
Коросоңду чоң калча.
Көк жолборстой чамынып,
Аты аюунун териси.
Сыртына буулуп сырттаган,
Көрпөчөсүн салынып.
Добулбасын көтөрүп,
Канжыгага бөктөрүп.
Аттана турган болгондо,
Акундун кызы Айчүрөк.
Анда туруп кеп айтат,
Канатымдын кайкысы.
Астында турган зор калча,
Мусулман болуп калбаган.
Ырысымдын тайкысы,
Чет Бээжиндин кытайы.
Мусулман болуп калды деп,
Чыңкожо менен Толтойго.
Калчаны алып барсам деп,
Ары чети Толтойго.
Акыр заман салсам деп,
Боорун тилип жарсам деп.
Капкайда өчүм алсам деп,
Кан Акундун Айчүрөк.
Кытай тилин да билет,
Кырым тилин да билет.
Орус тилин да билет,
Ооган тилин да билет.
Калдай тилин да билет,
Калмак тилин да билет.
Манжу тилин да билет,
Бараң тилин да билет.
Беринин кызы Айчүрөк,
Кырк бир уруу тил билет.
Асманда туруп кат жазып,
Эр Коңурбай Калчага.
Айчүрөк деген кат жазып,
Өзүңө салм айттым деп.
Жериңди көрүп кайттым деп,
Катка жазыдым кебимди.
Кабар айтам Коңурбай,
Мен Манастын келини.
Саң караң жерге толуптур,
Дөөлөтү ашып болуптур.
Малы өскөн адамдын,
Башына зыян болот деп.
Башы өскөн адамдын,
Малына зыян болот деп.
Канчоро менен  Күлчоро,
Кан Бакай менен Семетей.
Барысы туруп жазган кат,

Келерки жазда барабыз.
Саң караңды жакшы бак,
Малың, журтуң Коңурбай.
Башың болот аманат,
Кабарсыз барып урушсак.
Акыры бизге жаманат,
Найза кармап, туу тигип.
Сайышар жерге даяр бол,
Кылыч кармап колуна.
Кырышар жерге даяр бол,
Кабылан Манас атамдын.
Кунун сенден аламын,
Эр болсоң Калча даяр бол.
Жазган каттын аягы,
Семетей баатыр койгон кол.
Сур Калча окуп караса,
Кытайынча кат жазган.
Кымбаттуу заар кеп жазган,
Манас менен Сыргактын.
Алмамбет менен Чубактын,
Кунун алам деп жазган.
Катты таштап Айчүрөк,
Куу өңдөнүп куркулдай.
Кыбыла көздөй бет алып,
Көздөн чыкты зуулдап.
Катты окуп Коңурбай,
Бирде утруп кубарып.
Кунун кууймун дегенге,
Бирде туруп кубанып.
Оң көзүнөн от чыгып,
Сол  көзүнөн чок чыгып.
Ошол күндө Калчанын,
Жакасын жарып түк чыгып.
Оо дегенде капчыгай,
Тоо күңгүрөп үн чыгып.
Алдындагы кара атты,
Такымга басып алды эле.
Атырылтып түйүлтүп,
Чет Бээжин көздөй салды эле.
Күн кылкылдай кеткенде,
Дигерге жакын жеткенде.
Кайкага кирип барды эле,
Жөй караны чакыртып.
Каян калчап алды эле,
Асмандан жерге кат түштү.
Катында укумш көп жазган,
Манастын уулу Семетей.
Алмамбет менен Чубактын,
Манас менен Сыргактын.
Кунун алам деп жазган,
Беринин кызы деп угам.
Кан Акундун Чүрөк деп,
Ак куу болуп кубулуп.
Кабарга келип жүрөт деп,
Кабарсыз жатсак жөй кара.
Калкыма салар дүмөк деп,
Чалгынга сен да чыккын деп.
Айткан кебим уккун деп,
Өз жаныңа сак болгун.
Кароолчу душман бар болсо,
Болуп калба туткунга.
Сен дагы чалгын чагын деп,
Куу өрдөктүн көлүнө.
Күндөй түндөй баргын деп,
Андан кабар алгын деп.
Андан ары баргын деп,
Кулжанын белин чалгын деп.
Кулжадан кабар алгын деп,
Улуу Бээжин, Кара шаар.
Үч айланып келгин деп,
Ары чети алты күн.
Келип кабар берин деп,
Буйрук кылып турду эле.
Жер астынан окуган,
Жети жылы жойкара.
Жаңжүң болгон кытайга,

Өз алдынча чоң кара.
Жолборстон кайра качпаган,
Жоо бөрүсү бул кароо.
Ар жабдыгы шайланып,
Албарстан кылыч байланып.
Асманга чыкты жой кара,
Ажайыптан окуган.
Ак кажыр болуп айланып,
Куу медиян чөлүнө.
Куу өрдөктүн көлүнө,
Буга жетип барды эле.
Мындан кабар алды эле,
Ак кулжанын белинде,
Кулжасы жатат төрүндө.
Аман-эсен жатыптыр,
Душман кайсы жеринде.
Андан учуп сыдырып,
Үрүмчү Манас, чоң Бээжин.
Баарысын келди кыдырып,
Аттын жалгыз изи жок.
Адам турсун, киши жок,
Жол ару эле тынч жатат деп.
Жой кара сөздү урду эле,
Калчага кабар кылды эле.
Муну мындай таштайлык,
Куу болуп учуп кубулган.
Чүрөктөн кабар баштайлык,
Куу болуп куркулдай.
Канатын сермеп шыпылдай,
Ирмегени билинбей.
Ителгидей зыпылдай,
Үч жылдыз менен күнести.
Катары менен ашты эле,
Каркыра менен Сары-Жаз.
Улабастын тоосунун,
Үстү мене ашты эле.
Кызыл-Кыя, Санташка,
Кыдырып учуп келди эле.
Кызыл-Кыя жердеген,
Кырымдын уулу Мурадыл.
Кымбаттуу тууган эрдеген,
Кымызын колдон бербеген.
Атышууга адамзат,
Асты даат келбеген.
Насили жаман калмак деп,
Буга да тийип болбойт деп.
Муну да Толтой койбойт деп,
Андан учуп Айчүрөк.
Ысык-Көлдү жээктетип,
Таласты көздөй бет алып.
Акырет кеткен Манастын,
Арбагын чүрөк эске алып.
Акырет кеткен кайын атам,
Кандай жерди жердеген.
Көрөйүн барып Таласын,
Ант оодарып кетейин.
Мен алуучу баласын,
Баласын көрүп кайтайын.
Албай койсо баласы,
Ант оодарып келдим деп.
Атам Акун канга айтайын,
Андан айла болбосо.
Эр Төштүкө барайын,
Эркекте намыс болгондо.
Ургаачыда жокпу деп,
Төштүккө тийип алайын.
Муну ойлонуп Айчүрөк,
Кара Кочкор боюнда.
Кең Шамшынын оюнда,
Кырк чоронун бейит деп.
Атадан калган чоросун,
Ала көөдөк Семетей.
Кырып салган шейит деп,
Кулкулдабат куранды.
Куптай окуп алды эле,
Оомийин деп кол жайып.

Арбакка дуба кылды эле,
Кызарттын белин ашты эле.
Суусамырды басты эле,
Таластын башы Үч Кошой.
Үч Кошойго келди эле,
Ошол кезде Айчүрөк.
Жер сонунун көрдү эле,
Үч Кошойдун аралы.
Үйүрдү малдай жайылган,
Бугусу менен маралы.
Эчкиси зоодо үйүлгөн,
Элиги түздө үйүлгөн.
Тоосу бийик доолдай,
Токойлору зоолдай.
Жердеги чөптү желпинтип,
Жер аргысы шуулдай.
Жалбырагы жаргактай,
Өңгөсүн айтып нетейин.
Карагаты бармактай,
Күкүгү чөлдө таксыда.
Күйүтү пенде күйгүдөй,
Күйүттүү бенде бар болсо.
Күрмөнүп ыйлап жүргүдөй,
Булбулу чөлдө таңшыса.
Муңдуу бенде болбосо,
Муңдуу пенде күйгүдөй.
Муңканып ыйлап жүргүдөй,
Булагы кайнап ташыган.
Ошол күндө Таласка,
Муңдуу пенде ашыган.
Чымчыктары бүркүттөй,
Бүркүттөрү үзүктөй.
Кароолусу баштыктай,
Жөргөмүшүн карасаң.
Айдай койгон аштыктай,
Ур коёну куландай.
Кескелдирик жүгүрсө,
Кере кулач жыландай.
Ошол кезде кең Талас,
Жер соорусу даркандай.
Сойлоп кетсе жыланы,
Жети кулач аркандай.
Алла Таала кудурет,
Жан жараткан ар кандай.
Жылтырганы шыбагы,
Жылып аккан булактай.
Бетегеси шыбагы,
Белден болгон ыраңы.
Тогуз төбө тарак баш,
Токсон уруу чөбү бар.
Өлөңү бар, сазы бар,
Өрдөк, чүрөк, казы бар.
Бөөт-бөөт сазы бар,
Бөлүнүп учкан казы бар.
Жакасында сазы бар,
Сандалып учкан казы бар.
Шыралжыны шыргыдай,
Бор баштары кыргыдай.
Бетегеси белден бураган,
Карак кыяк ыраңы.
Ат боорунан ыргаган,
Элиги менен жейрени.
Ээн сары талаада,
Чегирткедей сербеңдей.
Алыс-алыс чуркаган,
Ошол кезде Таласты.
Жердеген адам дуулаган,
Кумунда кулан ойногон.
Кундузу сууда сойлогон,
Көргөн киши Таласты.
Жердесем деп ойлогон,
Коёну менен аралаш.
Адырда түлкү ойногон,
Аркырап аккан суусу бар.
Асмандай учкан куусу бар,
Төрт-Күлдүн төмөн жагында.

Семетейдин туусу бар,
Атаганат жер бол деп.
Аң-таң калып келе атат,
Айчүрөк бөлүп санааны.
Алда кайдан көрүндү,
Кабылан Манас көк жалдын.
Кең-Колдун чыгыш оозунда,
Күмбөзүнүн караанды.
Караанын көрүп күмбөздүн,
Алып учуп жүрөгү.
Бир көрсөм деп дегдеди,
Эр Семетей баланы.
Чоң Кең-Колдун оозунда,
Манастын сайган багында,
Өңдөш-өңдөш он үй бар.
Ошол үйдүн ичинде,
Жасалгалуу зор үй бар.
Мамысын алыс орноткон,
Мейманкана беш үй бар.
Кең-Колдун батыш жагында,
Манастын сайган чынар бар.
Чынарынын жанына,
Кароол кана орноткон.
Эки жүз кырк кез мунар бар,
Алтындаган мунары.
Төрт жагынан тепкичтей,
Темир менен тетиктеп.
Бийиктигин сураба,
Айчүрөк келип конду эле.
Ак куу кебин чечти эле,
Кептер болуп бир конуп.
Торгой болуп бир конуп,
Алда кандай болот деп.
Арты кийин ойлонуп,
Абай кылып байкаса.
Өргөөсү жок бары чоң,
Өңдөш үйдү караса.
Үйлөрдүн берки четинде,
Оолак тиккен чоң үй бар.
Окшотуп тиккен зор үй бар,
Ак күмбөздөй даңкайган.
Ак дөбөдөй заңкайган,
Төтөгөсү төр эле,
Чылгый ноко жээктү.
Күмүш менен жээктү,
Ногандын коюн алдырып.
Такыр жерге жыктырып,
Тазасынан бөлдүрүп.
Тармалын тандай кырктырып,
Кыздарга кыйнай тыттырып.
Сабоого салып жадатып,
Келинге кесе бастырып.
Анжиян менен Кокондун,
Ак шайысын алдырып.
Үзүгүнүн сыртынан,
Үч кааттап салдырган.
Күн ачыкта чаптырган,
Күмүштөн боосун тактырган.
Күн бүркөктө Каныкей,
Үстүнөн сыйыртып алдырган.
Көрөсөңдүү ак ордо,
Көргөндүн көзүн талдырган.
Эшигинин алдына,
Алтында мамы орноткон.
Коло менен сары жез,
Уюп туруп сомдоткон.
Жибектен керме тарттырган,
Сөөлөтүн жандан арттырган.
Кермесинде тизилип,
Байлануу турган ат буудан.
Анын быяк жагында,
Селкинчек турат салынып.
Жибектен аркан тагылып,
Бири жигит, бири кыз.
Селкинчек тепкен жабылып,
Кеменгер чачпак кең соору.

Келини сулуу кыргыздын,
Бото маңдай, мойну кез.
Моймолжуган кара көз,
Дүрүйнө көйнөк чубалган.
Түлкүдөй бели буралган,
Кыздары сулуу кыргыздын.
Башына кийген суусар бөрк,
Баарысы мырза кара көк,
Тебетейи суусар бөрк.
Жигити сулуу кыргыздын,
Теминишкен кара көк,
Келме болуп айтканы.
Ошол кезде Семетей,
Мамык болуп жатканы.
Жай чилдеде дары деп,
Кыркпаган серке майын жеп.
Кыш чилдеде өрүү деп,
Кыз-келинге кубат деп.
Кысырдын семиз майын жеп,
Жылгындуу Кең-Кол, үч Кошой.
Жыргаган кыргыз эл ошол,
Айыл конуп короолош.
Ак буудай куюн оролош,
Эл жайлоого серпилип.
Конуп жаткан кез экен,
Күндүзү кымыз, түнү кыз,
Болуп жаткан кез ошол.
Келини тайлак байлаган,
Ошол кезде Таластын.
Кемпири куйрук чайнаган,
Катыны тайлак байлаган.
Ошол кезде Таластын,
Карысы куйрук чайнаган.
Сабага куйган кымызы,
Шакардай болуп кайнаган.
Түтүнүнө жүз-жүздөн,
Субайын бөлүп айдаган.
Жаткан кыргыз кенебей,
Жер үстүндө бендени.
Семетейдин барында,
Тушарына теңебей.
Касиеттүү кең Талас,
Жер соорусу турбайбы.
Баарысын көрүп Айчүрөк,
Муну жердеген адам тунбайбы.
Жердебей турган жер бекен,
Эл дебей турган эл бекен.
Касиеттүү Таласты,
Кабылан султан кайын атам.
Кантип конуу кылды экен,
Мени алуучу Семетей.
Баласы кандай болду экен,
Асылдан калган туякты.
Арыстандан калган чунакты,
Бир көрсөм деп Айчүрөк.
Эр Семетей мурарды,
Эт жүрөгү өрт болуп.
Эки көзү төрт болуп.
Чар тарапка көз салып,
Карап турса Айчүрөк.
Үйрү марал күмүш так,
Күн түш оогон бешим чак.
Кең Ак-Чийдин оюнда,
Чоң Таластын боюнда.
Келе жатат үч киши,
Ит менен кушу бейкити.
Ала-Көлдү айланып,
Алтымыш аңыр,  алты каз.
Алдырып адып байланып,
Жекендүү көлдү айланып.
Жетимиш короз, жети каз,
Теңденип алып байланып.
Дүпкүр, дүпкүр, дүпкүрчө,
Куу тайган деп жойлотуп.
Жээрди кара жикенге,
Ак шумкарды ойнотуп.

Арстан көк жал Семетей,
Астындагы буурулду.
Ак тайган менен жарышып,
Атырылтып сойлотуп.
Катыны эркек туугандай,
Калмактан жылкы куугандай.
Качса алат куу тайган,
Учса тебет ак шумкар.
Бейшемби күн бешимде,
Кечки салкын кечинде.
Күн бешимге жеткенде,
Кендирдей болуп керилген.
Кабылан султан, кайран эр,
Кеп айткандан эринген.
Кебездей болуп чоюлган,
Бей даарат даам татпаган.
Бешимди үйдөн окуйт деп,
Беш убагын жазбаган.
Тай буурул оозун жыйды эле,
Куу тайган деп чакырып.
Арыстан көк жал турду эле,
Арыстандын үнүн укканда.
Ит төрөсу Кумайык,
Ойноп чыгып келди эле.
Карма, карма, карма деп,
Кармап алып Канчоро.
Каргысын тагып байла деп,
Кабылан жарлык кылды эле.
Күмүштөн чынжыр бет кулач,
Каргысы бар белинде.
Алып келип Күлчоро,
Ак тайганга такты эле.
Ак тайгандын каргысы,
Каргысынын бормосу.
Жакут таштан жардырган,
Алты таңшур буздуруп.
Каргысына салдырган,
Тиктеп турса тили эле.
Адамдын мээрин кандырган,
Каргысын салып тактырып.
Асый жолборс терисин,
Ак тайганга жаптырып.
Көзүнө тикен кирет деп,
Көөхардан айнек тарткызып.
Ар жеринен түймөлөп,
Түймөлөрү алтындан.
Ар түймөсү муштумдай,
Арыстандын тайганы.
Аңгемеси ушундай,
Таш таманын тилет деп.
Бутуна тикен кирет деп,
Күңгүр искей булгаары.
Чокойлотуп чарктатып,
Ичине жибек оротуп.
Желим менен чаптатып,
Балтырлардын баарысын.
Батайы менен чырматып,
Макмал менен каптатып.
Бүгүн көбүрөөк чуркап койду деп,
Көбөң этке тойду деп.
Ачытбагын тайган деп,
Ыргытбагын шумкар деп.
Ат кайнабай тез кел деп,
Айылды көздөй түз кел деп.
Ак шумкарды бөпөлөп,
Арыстан төрөң ку-кулап.
Арыстандын үнүн укканда,
Алтындай чалгын жаркылдап.
Ак шумкар келди баркылдап,
Көзү кара, көк тал бут.
Көргөндөн кайра тартпаган,
Көнөктөй жемден артпаган.
Саңоору балдак саймадан,
Сайгандан кайра тартпаган.
Чакадай жемден артпаган,
Тегеренип күүлөнсө.

Жебенин огу жетпеген,
Темир текөөр, үнү ачуу.
Тепкени тирүү кетпеген,
Текөөрү болот, сары жез,
Тегереги сегиз кез.
Чагарагы сары алтын,
Сүзмөсүнүн баары алтын.
Узун боосун таккызып,
Көк жалдаган томого.
Көрчөгөсү алтындан,
Ак шумкарга каткызып.
Куран мойнок курама,
Семетейдин мээлейи.
Мунун жайын сураба,
Асыл таштан түймөсү.
Билегинен кынама,
Байтал бээнин сүтүнө.
Токсон күнү салдырган,
Жүгөрү кылып ийлетип.
Ататкысын кандырган,
Укмуштардын улаган.
Уз чогултуп кураган,
Ичине жибек иштетип.
Кыргын чалдын Арууке,
Жылан боорлоп тиштетип.
Семетей деп ат коюп,
Сыртына оюу салдырган.
Ак шумкар менен мээлейин,
Күлчорого тапшырып.
Асытндагы буурул ат,
Байлоодо жатып семирген.
Мамынын башын кемирген,
Табына келсе союлгур.
Маралдай болуп семирген,
Кырк сегиз күнү таң ашты.
Таң ашкан сайын Тайбуурул,
Сыртына тартып жарашты.
Сөөгү терең чочкону,
Күндүн жоолу чагында.
Сөөгүн жарып алайын,
Алкып жолго салайын.
Көбөн болуп калбасын,
Табынан алыс кетирбей.
Таң атырып салайын,
Күлчоро менен Канчоро.
Ушу кепти айтамын,
Балалык кылбай сен экөөң.
Айтканымды байкагын,
Кабылан Манас атамдан.
Кармаганым куу тайган,
Камандан кайра тартпаган.
Качырганын кайсаган,
Жолборстон кайра тартпаган.
Жолукканын кайсаган,
Жоболоңдуу бул тайган.
Кайыбынан кабылган,
Кабылан Манас атама.
Ала айгыр Сайкал белинен,
Ашып келе жатканда.
Кол башындай куу күчүк,
Кан атам Манас көк жалга.
Ара белден табылган,
Кайран энем Каныкей.
Кыз кезинде бактырган,
Канкор атам кабылан.
Атамдан калган белек деп,
Ошол үчүн тайганды.
Балдар артык көрөм жанымдан,
Колуңдагы Ак шумкар.
Анын жайын айтайын,
Эр Күлчоро кулунум.
Айтканым бекер кеп эмес,
Абайлап чунак байкагын.
Ак шумкарды учуруп,
Ак тайганды жойлотуп.
Эки чоро, жинди кул,

Кармабасын шайтаның.
Шумкардын жайын менден ук,
Менден уксаң бейлеп ук.
Арпанын башы жайыктан,
Ак жумуртка туюктан.
Асырап чайкап куш калган,
Кабылан Манас атамдын.
Таалайына туш кылган,
Карагайдан алдырып.
Каршы-терши жардырып,
Башынан аркан сала албай.
Тегеренип кетет деп,
Айласын таап ала албай.
Тепкичтери темирден,
Зоого шаты салдырып.
Баш айланган аскадан,
Зордук менен алдырып.
Тоютуна жем калып,
Байтал бээден жардырып.
Куу кумпай чайкап куш кылган,
Кудурет эгем туш кылган.
Колуңдагы Ак шумкар,
Ака ошонун баласы.
Жок экен деп ойлогун,
Жоболоңдуу Күлчоро.
Айтканымдын чаласы,
Бу дагы атамдан калган мураты‌м.
Ак кууну көлдөн учурбас,
Тепкенин ээси кетирбес.
Темир текөөр кыраным,
Эртеси экөөң келгин деп.
Эки чоро чунагым,
Эрке жеңең Чачыкей.
Күндө шумкар алат деп,
Күндө кетип калат деп.
Эрте келбей кеч келип,
Эриктирип салат деп.
Капа болуп калды эле,
Көп кечикпей кетейин.
Эртерээк үйгө жетейин,
Башыма селде чалынып.
Өкүмүү күчтүү кудайдын,
Милдетинен кутулуп.
Ыкылас кылып алайын,
Деп ошентип Семетей.
Айылды көздөй бет алып,
Атынын оозун бурганда.
Көп кечикпей тез кел деп,
Балдарга сөздү урганда.
Кан Акундун Айчүрөк,
Эр Семейтей көк жалдын.
Укмуштан уккан кабарын,
Алыстан көрүп олтуруп.
Ала тоодой караанын,
Чымындай жаны чыркырап.
Чыдай албай буркурап,
Мунаранын үстүнөн.
Булуттай учуп буркурап,
Айланып учуп жылдыздап.
Асманга чыкты бурулуп,
Арыбы күчтүү кара бет.
Ак куу болуп кубулуп,
Астынан учуп закымдап.
Бала жолборс баатырга,
Жеңеңиз келди жакындап.
Эр мүчөсүн көргөндө,
Эбегейи эзилип.
Эркечтей болгон долунун,
Эт жүрөгү дакылдап.
Маңдайынан караса,
Балкайыңкы уул экен.
Бала жолборс мүчөсү,
Балкайыңкы уул экен,
Каса шумкар төштөнүп.
Чалкайыңкы уул экен,
Кабагы бийик, өңү саз.

Кайраты кайнап көзүндө,
Катылган тирүү кутулбас.
Акун кандын Айчүрөк,
Жагалданды шыпылдап.
Жандай учуп кыпылдап,
Маңдайынан келди эле.
Баатырын сынап көрдү эле,
Сол жагынан келди эле.
Султанын сынап көрдү эле,
Оң жагынан келди эле.
Ойронун сынап турду эле,
Ойкуштаган кара бет.
Ошондо сөздү урду эле,
Баатыр экен, төрө экен.
Балбан экен, шер экен,
Оң далысы кең экен.
Он эки мүчө тең экен,
Кайкы далы каз моюн.
Кала кулак шер экен,
Каын атам Манас көк жалдан.
Кай жеринде кем экен!
Оң бөйрөгү олк этсе,
Орусту чаап алгандай.
Ойротко бузук салгандай,
Сол бөйрөгү солк этсе.
Кытайды чаап алгандай,
Кылымга бузук салгандай.
Уккан Чүрөк карыдан,
Уламанын баарынан.
Каркыранын сазында,
Кан Көкөтөй ашында.
Калмак Жолой, кан Кошой,
Күрөшкө чыгып турганда.
Кабылан Манас кашында,
Кара кан кызы Каныкей.
Кандагайын Манастын,
Кошойго алып келген деп.
Колу менен берген деп,
Согончогум канабай.
Туяксыз болуп жүрөм деп,
Батасын сурап Кошойдон.
Ушул менин мүдөөм деп,
Астына келип бүгүлүп.
Колун алып бооруна,
Касиеттүү Кошойго.
Каныкей турган жүгүнүп,
Кабылан султан зор Манас.
Кисесин салып мойнуна,
Батасын сурап барбайып.
Басып келген кол жайып,
Касиеттүү кан Кошой.
Балама бата берем деп,
Оомийин деп кол жайып,
Кошой бата бергенде,
Капыр менен мусулман.
Кошо бата берген деп,
Ошол кезде Манастын.
Тилеги кабыл келген деп,
Калк чуркурап кол жайып.
Батасынан бүткөн деп,
Жалпы олуя чогулуп.
Тобосунан бүткөн деп,
Кан Көкөтөй ашында.
Калмактар тоюн жеп кеткен,
Аман жүрсө бул бала.
Калдайды бузат деп кеткен,
Кытайлар тоюн жеп кеткен.
Кылымды бузат деп кеткен,
Айтканынча бар экен.
Аташтырган ушуга,
Авалдан ишим ак экен.
Темир өзөк өрт жүрөк,
Тербелбеген кара көк.
Телегейи тең экен,
Ичин карап олтурса.
Ысык-Көлдөй кең экен,

Атасы Манас көк жалдан.
Эминеси кем экен,
Мен атамын төрүндө.
Издеп келбейт дегеним,
Ар угаачылык кеп экен,
Эр Семетей көк жалдын.
Келбетине карасам,
Мен өңдөнгөн долуну.
Издебеси эп экен,
Жакуттан топчум кадама.
Ушул өңдүү баатырга,
Жаным курман садага.
Күмүштөн топчум кадама,
Күлүстен көк жал төрөмө.
Күнүмдүк жаным садага,
Айласын таап төрөмдү.
Үргөнчкө алып барсам деп,
Чыңкожо менен Толтойдун.
Боорунан өтүп алсам деп,
Эсирип келген эки иттин.
Эшектей кардын жарсам деп,
Элимди жоодон куткарып.
Кетирбей кегим алсам деп,
Таалайым,  бактым ачылып.
Таласка көчүп келсем деп,
Ушул өңдүү төрөмдүн.
Үч күнү жатып койнунда,
Арманым жок кудайга.
Анан кийин өлсөм деп,
Баатырды көрүп кызыды.
Эр издеген Айчүрөк,
Сөөгүнөн бери ысыды.
Көрүнсөм деп көзүнө,
Билинсем деп өзүнө.
Улуктун баары дөөлөт,
Уяты жок эр болот.
Ачкыл жандуу кыз жакын,
Ала көөдөн шер болот.
Айчүрөкмүн деп айтсам,
Кармап жатып алар деп.
Азапка башым калар деп,
Акун кандын шаарын.
Чыңкожо, Толтой чабар деп,
Эр бүлөсүн кырар деп.
Баласын жетим кылар деп,
Атасын таштап эр издеп.
Айчүрөк бейбак кетти деп,
Алдап кетип кара бет.
Түбүбүзгө жетти деп,
Узун элдин учуна.
Укмуштуу жомок сөз болуп,
Уяты маага болор деп.
Урулу элдин убалы,
Ушул менин мойнума.
Акыретте конок деп,
Муну ойлонуп Айчүрөк.
Жана байкап караса,
Жаадай буурул ат минип,
Жара тилип кундуздан.
Багалектин учуна,
Кере карыш карматкан.
Сары жаргак шым кийип,
Жалантып кылыч байланып.
Жай жарагын шайланып,
Кайра жаачу булуттай.
Каары бетте айланып,
Кабыландай сүрү бар.
Кара көздөн от жанып,
Нөкөрү бутта чойкоюп.
Он эки кулач сыр найза,
Оң колунда сойкоюп.
Атадан калган ак келте,
Ай дalыда жаркырап.
Алтындан кылган шыйрагы,
Он эки айры бугунун.
Мүйүзүндөй койкоюп,

Отуруп атса очогор.
Туруп атса кой чагыр,
Жаткырып атса замбирек,
Шай колдогон бадирек.
Айлантып атса алты атар,
Бачымдап атса барданке.
Башы Бараң менен урумдан,
Түшүрүп алган Ак келте.
Шашкаландуу күн түшсө,
Бир тартканда ичинен.
Мөндүрдөй огу зыркырап,
Жылдызга кетет чыркырап.
Он эки курбу суусар бөрк,
Оюп сырттап жасаткан.
Көк ала шайы тыштаткан,
Көзүнө кийип кылайып.
Көркөмү башка кабылан,
Көк жолборстой чунайып.
Көөхардан айнек тагынып,
Көзүнөн жалын шыркырап.
Улутунуп жиберсе,
От аралаш көк түтүн.
Оозунан чыгып буркурап,
Заарына душман бата албай.
Бута атым кетет чыркырап,
Ак олпок сындуу тенкийип.
Алгыр бүркүт көздөнүп,
Ак жолборстой төштөнүп.
Олпоктун жайын айтайын,
Жакасында каты бар.
Кабылан султан Манастын,
Сары алтындын буусуна,
Саймалатып салдырган.
Манас дегент аты бар,
Баатырдан калган ак олпок.
Семетейге чак олпок,
Мөңгүнүн кумун алдырып.
Торк элекке элетип,
Болоттун курчун эгетип.
Жарабас жерин сөктүрүп,
Ак була менен жибекти.
Сегиз келин, сегиз кыз,
Аралаша тыткызып.
Арасына сепкизип,
Он беш келин,  алты кыз.
Он күнү тынбай тепкизип,
Келин жыйып, кыз жыйып.
Кемпир жыйып, уз жыйып,
Ичин көк нооту менен иштетип.
Тышын ак суп менен тыштатып,
Калыңдыгын олпоктун.
Карыш сөөм кыйыткан,
Кабыгын жакын шырыткан.
Аруукедей сулууга,
Болоттон оймок таккызып.
Кош кобул салып кыйыткан,
Иштегендин баарысын.
Акысы менен байыткан,
Тигиши көзгө илинбей.
Тиктесе көздү тайгылткан,
Очогор атса ок өтпөс.
Отко салса чок өтпөс,
Бараңдын огу батпаган.
Жаанын огу өтпөгөн,
Найзанын учу тешпеген.
Кылыч чапса кеспеген,
Бөйрөгүнөн кынатып,
Алтындай түймө кадаган.
Найзанын учу жадаган,
Болоттон түймө бурама.
Бөйрөгүнөн кадаган,
Олпоктун жайы ушундай.
Ок теше албай жадаган,
Даанышман болсоң билесиң.
Жакасында Манастын,
Оң ийнинде Каныкей.

Жазып койгон каты бар,
Каныкейдин уздугун.
Абай кылып карасаң,
Ак олпоктон көрөсүң.
Кабылан султан Семетей,
Ошол Ак олпокту жамынып.
Астындагы Тай буурул,
Арыстандай төшү салынып.
Көрүп туруп Айчүрөк,
Келберсиген төрөнүн.
Келбетине таң калып,
Айлансам болот Кудай деп.
Акырет кеткен Айкөлдүн,
Арбагына жалынып.
Бура тартып ойнотуп,
Бешимге жакын болду деп.
Жүрүүгө даяр камынып,
Буурулдун жайын сурасаң.
Орон төбө, Ташкендин,
Теке жоомарт аргымак.
Жердеген жерин сурасаң,
Темир тоонун арасы.
Желкайыптын баласы,
Кайыптын кызы Сайкалдан.
Касиеттүү зор Манас,
Кадырлап алчу тай ушул,
Баатырдан калган мал ушул.
Атадан калган мүлк ушул,
Атышкан жоого киргенде.
Азамат эрге күлкү ушул,
Бугудан тизгин шукшурма.
Бура тартып булкунтуп,
Бата атым жерге түйүлтүп.
Буурул атты жулкунтуп,
Бугудай болгон буурулду.
Бура тартып ойнотуп,
Кең-Колду көздөй бет алып.
Ок жыландай сойлотуп,
Чү десе жерге таянбай.
Жулкуп алып тизгинди,
Кара жанын аябай.
Көрүнгөндө көрүнүп,
Көздөн чыгып союлгур.
Көк түтүн болуп бөлүнүп,
Ала качып аркырап.
Аккан суудай шаркырап,
Алтындаган суулугу.
Көмөкөйдө жаркырап,
Аягында даңканы.
Ала карга учкандай,
Төбөсүнүн үстүнөн.
Найза бою зыркырап,
Кең-Колду көздөй бет алып.
Келбери төрөң жөнөдү,
Арстай болгон жаныбар.
Алыс аттап түйүлүп,
Аркан бою дөбөнү.
Артында калган чоролор,
Анысын байкап көрөлү.
Чоңу мындай болгон соң,
Чоросу кандай болду деп.
Төрөсү мындай болгон соң,
Жолдошу кандай болду деп.
Акими мындай болгон соң,
Абай кылып көрөйүн.
Балдары кандай экен деп,
Барысын сынап кетейин.
Байкабай кетсем бекер деп,
Чоролорду байкаса.
Бир чоронун мингени,
Кобош кандын сур телки.
Окшош тулпар ат минген,
Эки чоро эрендер.
Окшоштуруп тон кийген,
Он үчтө бар Канчоро.
Он экиде Күлчоро,

Оң колунда ак шумкар.
Ойрон болгон бул чоро,
Балдардын түрүн караса.
Жалыны бар көзүндө,
Жалганы жок сөзүндө.
Кызылы түлкү жүнүндөй,
Күлгөнү кыздын үнүндөй.
Көк ала шайы, суусар бөрк,
Көзүнө кийип койкоюп.
Көрөсөндүү чоролор,
Тийген айдай чолполоп.
Он үчтөгү Канчоро,
Арамзаада, куу бейил.
Кербезирээк неме экен,
Күлчородон Канчоро.
Ичинен мен мыктымын дээр экен,
Аразаасы болбосо.
Канчоронун эрдиги,
Берки экөө менен тең экен.
Он экиде Күлчоро,
Оң далысы кең экен.
Ойротту бузчу шер экен,
Аты чоро дебесе.
Семетей менен Канчоро,
Булардан найза салым эр экен.
Тербелбеген Күлчоро,
Телегейи тең экен.
Эр Алманбет атасын,
Айныбай тарткан уул экен.
Каарланса Калдайча,
Капсалаң салчу шум экен.
Кан Алманбет беренден,
Белекке калган сараса.
Аман жүрсө Күлчоро,
Ааламга жетер чамасы.
Чоролорун көргөн соң,
Толкуп жүрөк кубанып.
Семетейдин артынан,
Ана-мына дегенче.
Ачып көздү жумганча,
Жете келди Айчүрөк.
Түтүндөй болуп чубалып,
Ошол кезде караса.
Туура бешим болду эле,
Ак кептер болуп койкоюп.
Айчүрөк бейбак чойкоюп,
Мунаранын үстүнө.
Бура тартып конду эле,
Оолжуган кара бет.
Ордо жака бет алып,
Ошондо карап турду эле.
Эрке катын Чачыкей,
Эрте катын Чачыкей.
Намазды үйдөн окуйт деп,
Келер маалы болду деп.
Касырдан семиз бир тайын,
Жылкыдан тандап алдырып.
Жигиттерге чалдырып,
Жарым этин алдырып.
Тең жарымын буздуруп,
Жез казанга салдырып.
Ылжырата бышырып,
Мис табакка түшүрүп.
Чачтай кылып тууратып,
Алты чанач кымызды.
Бал коштуруп чайкатып,
Алача моюн, жез көөкөр.
Кымыздан тарткан арак бар,
Карандар иччү шарап бар.
Жыкдандын оозун ачтырып,
Эки көөкөр алдырып.
Мейиз менен киш-миштен,
Дасторкондун үстүнө.
Табак-табак чачтырып,
Казы кесип, жал коюп.
Карта кесип, бал коюп,

Кертип-кертип дан коюп.
Ар тамагын жай коюп,
Самоорун тездеп кайнатып.
Дасторконун жайнатып,
Кең-Колдун чыгыш оозунда.
Таш-Дөбөнүн үстүнө,
Келер маалы болду деп.
Келе жатса кабар кылгын деп,
Кароолчу коюп каратып.
Бул сөөлөтүн Айчүрөк,
Ичинен турат жаратып.
Ар кылганын Семетей,
Атамдан мирас болгон деп.
Үлгү кылып кайран эр,
Калайыкка таратып.
Жаадай болгон буурулду,
Жалаңдатып чуратып.
Бута атымдай асманга,
Келе жатат залкайып.
Булуттай чаңды буратып,
Көрөсөндүү көк жалын.
Суусар бөркү башында,
Дал жыйырма төрт жашында.
Баса кийип башына,
Көргөндүн көөнүн кубантып.
Көрөсөндүү көк жалды,
Көрүп туруп Айчүрөк.
Көркөмүнө таң калып,
Күйбөгөн жери күл болуп.
Көөдөндө чымын жан калып,
Кабылан келе жатат деп.
Кароолчу кабар бергенде,
Эликтей болгон буурулду.
Жалаңдатып кайран эр,
Айылга жакын келгенде.
Кабылан келип калды деп,
Канышка кабар тийгенде.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Ыңгыранып ыйланып.
Араң турду ордунан,
Ооругандай кыйналып.
Оңбо канкор оңбо деп,
Кудайга койдум сени деп.
Эгерде эки болбо деп,
Айдын көзү тийет деп.
Ай ап тама бүркөнүп,
Күндүн көзү тийет деп.
Күндө ап тама бүркөнүп,
Суук тийип калат деп.
Суусар ичик чүмкөнүп,
Эки келин, эки кыз.
Эки жактан колтуктап,
Оолжуган бейбакты.
Эшик ачып чыгарып,
Кол чатыр кармап башына.
Тоту куштун куйругун,
Тогуз бөлөк сайдырган.
Аркасында чачына.
Ал аңгыча болгон жок,
Келип калды Семетей.
Намазга шашып ашыга,
Ат мамынын түбүндө.
Айымынын кашына,
Сыр мамынын түбүнөн.
Муңайгынсып Чачыкей,
Бугу тери шукшурма.
Буурулга жаккан чылбырды,
Сууруп алып колунан.
Айда шумкар аласын,
Акылдаган баласын.
Аргайда кетип каласың,
Айдын көзүн тийгизип.
Адамдын ичин күйгүзүп,
Азапка мени саласың.
Күндө шумкар аласың,
Күпүлдөгөн баласың.

Күнчүлүк кетип каласың,
Күндүн көзүн тийгизип.
Күл кылып жанды күйгүзүп,
Күйүткө мени саласың.
Эртели кечке сен жүрүп,
Эмине таап аласың.
Эртерээк келбей адамды,
Эриктирип коёсуң.
Мырза бала экенсиң,
Таарынчымды мен айтсам.
Бирок көңүлүңө аласың,
Көп сөзүмө түшүнбөйт.
Жээним капа болуп каласың,
Бу сөздү айтып Чачыкей.
Кабак бүркөп каш серпип,
Үйдү көздөй чоң катын.
Баса берди залкайып,
Маралдай болуп даңкайып.
Кабылан султан кайран эр,
Аттан ыргып түштү эле.
Ат байлабай мамыга,
Баса берди карачы.
Мунун аялы кандай күчтү эле,
Кендирдей болуп керилген.
Кебездей болуп чоюлган,
Ошол жерде карасаң.
Эмилдин уулу Эрмек бар,
Тейиттин уулу Сергек бар.
Катары менен жүгүрүп,
Кабылан капа болот деп.
Кара жандан түңүлүп,
Буурул аттын чылбырын.
Буруп байлап мамыга,
Кан ордосун кайтарган.
Алтымыштай жигит бар,
Найза мылтык колунда.
Колун алып бооруна,
Салам кылды баарысы.
Бала султан канына,
Кабылан султан кайран эр.
Токто каныш токто деп,
Катын эрге душман деп.
Ичиндеги сөз болсо,
Айтбаса калат бышман деп.
Сөздүн карты келди деп,
Эрте туруп мен кетсем.
Күн чыкканча жатпайт деп,
Көп кызыкка батпайт деп.
Аялдык кылып айтканын,
Жактырбай кетип калдым деп.
Төшөгүнүн үстүнө,
Жыга тээп салдым деп.
Ала көлдү айланып,
Алтымыш өрдөк, алты каз.
Ак мамык кылып алсын деп,
Алып келдик байланып.
Оң жагынан келди эле,
Оң эмчегин Каныштын.
Орой кармап султаның,
Оң бетинен сүйдү эле.
Обужок канкор турчу деп,
Оң колун түртүп ийди эле.
Жекендүү көлдү айланып,
Жетимиш өрдөк, жети каз.
Мамык кылып алсын деп,
Алып келдик байланып.
Деп ошентип Семетей,
Канышым кантип калган деп.
Сол жагынан келди эле,
Орой кармап мойнунан.
Сол бетинен сүйдү эле,
Жолу жок канкор турчу деп.
Чочуп түртүп ийди эле,
Муну көрүп Айчүрөк.
Өрттөнүп ичи күйдү эле,
Карыдан калган кеп эле.

Катындардын кесири,
Эрине тийер дээр эле.
Эр кесири элине,
Бул кесирин Чачыкей.
Көрүнсүн сенин өзүңө,
Өзүң турсун көрүнсүн.
Оң Чачыкей көзүңө,
Асыл жанын кор кылган.
Акмакты мындай чоң кылга,
Кандык башын кор кылган.
Канчыкты мындай зор кылган,
Катын жандуу кыз накып.
Караңкүн төрөм экен деп,
Кабылан Манас баатырдай.
Кара мүртөс болбогон,
Кенкени менен бала да.
Бул кылганы бекер деп,
Кесириң тийсин башыңа.
Түбүңө сенин жетем деп,
Төрөмдү саага кор кылбай.
Тилимде жазык болбосун,
Эртеңки күндө төрөмдү.
Элиме алып кетем деп,
Эшик ачып эки кыз.
Карап турат эндиреп,
Киргин Каныш киргин деп.
Арт жагында Семетей,
Этек-жеңи делбирип.
Эңкейип үйгө кирди эле,
Он сегиз канат ак ордо.
Анжыяндын килемин,
Нарга жүктөп алдырган.
Ак ордонун ичине,
Асем менен жайдырган.
Аю тери, олпок тон,
Алты кабат салдырган.
Баса турган жерине,
Мамык төшөп коюптур.
Ыңгыранып ыйланып,
Жеңин чечти кыйланып.
Арыстаның чыкты даараткa,
Алтын чөөгүн колго алып.
Кыбыла карап олтуруп,
Оозуна келме толтуруп.
Дааратын алып болду эле,
Кыбыла көздөй бет алып.
Кулагынын көнчөгүн,
Чоё кармап аңгырап.
Аллоо акбар Аллалап,
Азан айтып заңгырап.
Азанын айтып бүтүрүп,
Ак жайнамаз шайыдан.
Астына жая салдырып,
Намазга кирди күтүнүп.
Тая атасы Кара кан,
Кең Букардын шаарында.
Ошол Букарадан окуган,
Келме тарып жат кылып.
Көңүлгө ыйман токуган,
Медина менен Мекеден.
Кызыл селде алдырган,
Пашына чалып барбайып.
Арбагына Манастын,
Куран окуп табыштап.
Оомийин деп кол жайып,
Мекеден келген ак теспе.
Мелтиреп тартып олтуруп,
Келмесин ичке толтуруп.
Намазын окуп болду эле,
Намазын окуп болгон соң.
Самоорун койгон кайнатып,
Даяр кылган Чачыкей.
Дасторконун жайнатып,
Чаначта даяр кымыздан.
Алтындаган чыныга,
Алып келип куйду эле.

Арыстаныңа сунду эле,
Удаасы менен султаның.
Алты чыны урду эле,
Ошондо дагы көк жалдын.
Суусуну канбай турду эле,
Керээт катын Чачыкей.
Суусаганын билди эле,
Ашмачысы акты кыз.
Көзүн кысып күлдү эле,
Алача моюн жез көөкөр.
Керегеден алдырып,
Келин-кызга куйдуруп.
Баса куюп сундуруп,
Кан суусунун кандырып.
Казы менен картадан,
Карпып чайнап султаның.
Тамактанып жайланып,
Жая менен жалды жеп.
Кант татырып чайланып,
Кабылан турган кезинде.
Канчоро менен Күлчоро,
Качан келер экен деп.
Канкордун турат эсинде,
Аңгычакты болгон жок.
Эр Канчоро, Күлчоро,
Эки баатыр келди деп.
Жигиттер чуркап ат алып,
Эшикте турган эл дүрбөп.
Эшик аччу эки кыз,
Эликтей чуркап түйүлүп.
Эки чоро көк жалды,
Эшик ачып кийирип.
Эр Семетей көк жалга,
Салтанаттуу чоролор.
Салам берип ийилип,
Абаа кирип турсун деп.
Эшикти өөдө түрдүрүп,
Астына кирди Канчоро.
Ак тайганды жетелеп,
Артынан кирди Күлчоро.
Ак шумкары колунда,
Салам айтып баатырга.
Сологой колу боорунда,
Оң жагында Чачыкей.
Арак ичкен азыраак,
Кабылан турган оңунда.
Келгин балдар, келгин деп,
Олтуруп тамак жегин деп.
Куу тайганды байла деп,
Кубулжуган куу жолтой.
Сен шумкарыңды жайла деп,
Оң жагында босого.
Алтындаган туурга,
Ак шумкарды кондуруп.
Сол жагында босого,
Аюдан талпак салдырып.
Арбактаган куу тайган,
Жабуусун алып сыйыртып.
Көз айнегин алдырып,
Оолжуган Чачыкей.
Ордунан туруп ошондо,
Чоролордун алдына.
Олпоктон төшөк салдырып,
Карта кесип, жал коюп.
Кантка кошуп, бал коюп,
Балалар сөзүн уккун деп.
Баатырлар төргө чыккын деп,
Кийимдерин чечкин деп.
Эрке жеңең Чачыкей,
Чечинип тамак ичкин деп.
Чачыкей мындай дегенде,
Эр чоролор чечинип.
Эмине турсун кечигип,
Алтын чара, мис табак.
Даяр турат алдында,
Жая чучук кесилип.

Султандын  төмөн жагына,
Сурданган шумдар олтуруп.
Суусап келген чоролор,
Суусунга курсак толтуруп.
Баш жагында Канчоро,
Баса куйган арактан.
Алты чыны удаа ичип,
Аягында Күлчоро
Сегиз чыны удаа ичип,
Кабылан менен чоролор.
Кагыштырып чынысын,
Алты көөкөр аракты.
Анын баарын жуда ичип,
Жая менен картадан.
Жаландаган чоролор,
Кабат кармап сугунуп.
Каткырыгы шумдардын,
Алда кайда угулуп.
Мунаранын үстүнөн,
Буларды көрүп Айчүрөк.
Санаасы санга бурулуп,
Чачыкейдей бейбактын.
Кесирине чыдабай,
Кең дүйнөсү курулуп.
Алагүү болуп кызыбай,
Алп көкүрөк көк жалдар.
Аракка сөөгү ысыбай,
Арт жагынан чай ичип.
Ар тамагын жай ичип,
Куш түнөөгө конгондо.
Жылдыз такта болгондо,
Ич этинин баарысын.
Чачтай кылып туураган,
Эки чоро, жинди кул.
Тартып- тартып жиберип,
Тамактанып болгон соң.
Табактарын жылдырып,
Оомийин деп кол жайып.
Дасторконду жыйдырып,
Кололу кумган бурама.
Колдоруна суу куюп,
Чоролор туруп кийинип.
Чоролор кетмек болду деп,
Чоң катын турат сүйүнүп.
Кана жеңе Чачыкей,
Абам менен жаткын деп.
Аңгемеге баткын деп,
Эки чоро кабылан.
Жарактарын байланып,
Эмесе кеттик тарткын деп.
Кана эмесе абаке,
Бизге уруксат тынч алып.
Жайың менен жаткын деп,
Эки чоро бүгүлүп.
Эшикке чыкты жүгүнүп,
Эшиктеги сакчылар.
Кабыландар чыкты деп,
Бир-биринен сурашып.
Мунун кайсынысы мыкты деп,
Эрмек менен Сергеги.
Жетип келди жүгүрүп,
Бирөө Канчоронун жанына
Бирөө К улчоронун жанында,
Белдеринде кылыч бар.
Колдорунда мылтык бар,
Каныкейдин ак ордо.
Эшигинин алдында,
Эки панар жандырган.
Жакут таштан жардырган,
Салтанаттуу Каныкей
Жарыгы күндөй шам кылган,
Эшик ачып жүгүрүп.
Эки чоро баатырды,
Ак ордого кийирип.
Эрмек, Сергек эки кул,
Кайта келди буурулду.

Суутуп койгон мамыга,
Таң атканча ал экөө.
Салтанатын карачы,
Тай буурулдун жанына.
Ээрин алып жайдактап,
Бутуна өтүп кетет деп.
Макмалдан кабат шырыткан,
Байшагы менен байшак деп.
Ак телки менен сур телки,
Эки тулпар бууданды.
Эки экиден төрт чоро,
Баткасы багат буларды.
Бүгүн бейшембинин күнү деп,
Кабылан султан Семетей.
Жуманын кабыр түнү деп,
Азан айтып аңгырап
Арыстаныңдын үнүнө,
Кулак тунуп каңгырап.
Тоо кабышып дүңгүрөп,
Тобосун айтып күңгүрөп.
Куран тартып, жат окуп,
Куптан намаз жай окуп.
Аягында намаздын,
Атасы Манас көк жалдын.
Арбагына бата окуп,
Түн жарымы оогондо.
Тоонун муздак жели урганда,
Асмандагы көп жылдыз.
Кыбыла көздөй жылганда,
Эрке катын Чачыкей.
Төшөгүн салып мамыктап,
Төрөсүн күтүп турганда.
Төшөгүнүн үстүнө,
Төрөсү келип олтуруп.
Оозуна келме толтуруп,
Теспесин миңден арттырып.
Чыканактай жаздыкка,
Маазысын тарткызып.
Эркелетип Канышын,
Маңдайынан сылап барбайып.
Ак шайыдан шейшепке,
Ала салып дардайып.
Атмачысын келтирип,
Чырагын желпип өчүрүп.
Султаныңдын койнуна,
Чачыкей кирди чечинип.
Талыкпай ойноп жатышат,
Тамашага батышып.
Чыканактап тынч алып,
Чырым этип уйку алып.
Таң шоокумун салганда,
Добуштап торгой үн салып.
Таң кашкайып сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп.
Бириндеп жылдыз суюлуп,
Батышты көздөй кубулуп.
Муңканып таңшып сайраган,
Өзөнүнөн Кең-Колдун.
Булбулдун үнү угулуп,
Кабылан султан кайран эр.
Уйкусунан ойгонуп,
Намазга көөнү бурулуп.
Тургун каныш тургун деп,
Дааратка сууну жылытып.
Азыр даяр кылгын деп,
Кабылан жарлык кылды эле.
Катуу уйкудан ойгонуп,
Канышы турду толгонуп.
Суу жылытып даярдап,
Кана төрөм тургун деп.
Аптаманы колго алып,
Ордунан турду Семетей.
Кепичин кармап даярдап,
Оолжуган Чачыкей.
Кендирдей болуп буралып,
Келберсиген төрөңдү.

Эшик ачып чыгарып,
Дагарасын белендеп.
Алтын чайнек, жез кумган,
Аптамага суу алып.
Колун суугa салдырып,
Колостой болгон төрөңө.
Кол даарaтын алдырып,
Боюн суугa салдырып.
Бой даарaтын алдырып,
Төрүнө шамын жандырып.
Төрөнүн көөнүн жамгылып,
Бал чайкаган кымыздан.
Баса куюп Чачыкей,
Каткактынып калды деп.
Чын суусун кандырып,
Кийимин кийип жамынып.
Намазга балбан ашыгып,
Батуудакы маралдай.
Башында селде дардайып,
Мечитти көздөй бет алып.
Баратып төрөң барбайып,
Боюнда бар даарaты.
Ар жуманын күнүндө,
Азанды өзү чакырмак.
Атадан калган адаты,
Оң жагында Күлчоро.
Кыя кармап кылычты,
Сол жагында Канчоро.
Кайда болсо бул экөө,
Кабыланга жан чоро.
Эки чоро Семетей,
Мечитке келди бул үчөө.
Чоң мечиттин түбүндө,
Азан айтчу суба бар.
Бийиги жарым бута бар,
Бадыша султан кайран эр.
Башына чыгып супанын,
Жерге жарык толду деп.
Азан маалы болду деп,
Кыбылага бет алып.
Келмесин ичке жат алып,
Азаанын айтып бачырып.
Алло акбар Алло деп,
Ассалому кайрун деп.
Намазга коом чакырып,
Азанын айтып турду эле.
Коомго кабар кылды эле,
Азандын үнүн уккан соң.
Арыстандын үнү чыккан соң,
Элдин баары бүлүнүп.
Эшикке чыга жүгүрүп,
Суугa баысп барышып.
Шашып даарат алышып,
Чала-була кийинип.
Башына селде чалынып,
Баатырдын үнү чыкканда.
Барысы тыңшап калышып,
Келе жатат эл дүрбөп.
Кунан койдой жарышып,
Мекеден келген беш эшен.
Кырк калпасы кашында,
Барысына баш болгон.
Ак сакал эшен башында,
Алты жүз адам дүркүрөп.
Намазга кирди ашыга,
Эртеңки намаз багымдат.
Экөө сүрүнөт, экөо барс,
Алда Таала Кудайдын.
Бендесинин мойнуна,
Карыз кылган ушу карз.
Төрт ирекет намазды,
Төп-төп окуп алышып.
Намазды окуп болгон соң,
Эшендер зикир чалышып.
Күн шашыке болгончо,
Шарыятка канышып.

Оомийин деп кол жайып,
Эл мечиттен тарашып.
Эл жайына кайтышып,
Эшенге кош-кош айтышып.
Калк тарады жайына,
Эки чоро, Семетей.
Напил намаз окушуп,
Эшендин калды жанына.
Мечитке баатыр кеткен деп,
Күн машкеге жеткенде.
Сегиз келин, сегиз кыз,
Турчу жеңе, турчу деп.
Туруп кусул кылчы деп,
Кийимиңди кийчи деп.
Кийинип тышка чыкчы деп,
Биздин кепти укчу деп.
Төшөгүнөн тургузуп,
Эт көйнөгүн кийгизип.
Көлөкөлүү майданга,
Алдейлеген баладай,
Алып келди жетелеп.
Көп уктабай кыйналган,
Көзүнөн уйку кете элек.
Алтын чөөгүн аптама,
Кололуу кумган колго алып.
Сегиз келин, сегиз кыз,
Жети чөөгүн суу менен.
Жеңеңе кусул куюнтуп,
Эт көйнөгү ак шайы.
Канышка кыздар кийинтип,
Атыр менен жуудуруп.
Чачын тарап тал-талдап,
Шайы менен буудуруп.
Жыпар менен септирип,
Чачына сээп төктүрүп.
Көлөкөлүү майданда,
Көйкөлүшүп олтуруп.
Көз кысышып бир-бирин,
Сөйкөнүшүп олтуруп.
Көөкөрдөн арак куюшуп,
Көбүрөөк уктап жеңеке.
Көзүңүз шишип калыптыр,
Баш ооруга даары деп.
Чачыкейге сунушуп,
Булдардын минтип турганын.
Мунардан Чүрөк көрдү эле,
Арыстанын көрдүм мен кечээ.
Аялы кандай болду деп,
Айланып Чүрөк келди эле.
Карап туруп сөөлөтүн,
Чачыкейди көрдү эле,
Бирок катын да болсо кан экен,
Курдашына туш кылган.
Кудайдын сүйгөн жаны экен,
Бактылуу менен басташпа,
Таалайлуу менен талашпа.
Семетейлик бар экен,
Өмүрлүкбү, күндүкпү.
Башына конгон багы экен,
Баатырынын демиби.
Бирок текеберди көп ойлоп,
Көөп турган чагы экен.
Буда кандын кызы деп,
Мен да кандын кызы деп,
Эже кылса тагдырда.
Жараткандын өзү деп,
Абысын деген аңдышат.
Күнү болсо күйүшөт,
Эжекелеп барайын.
Намыс кылбай, ар кылбай,
Эгилип сырым айтайын.
Жоо жакадан алды деп,
Бөрү этектен алды деп.
Чыңкожо, Толтой дөө чыгып,
Айылыма чабуул салды деп.
Жат кишиден төрөмө,

Арга салып жүргөнчө.
Өзүн салып арага,
Ургаачылык кылбаса.
Жообун алып кайтайын,
Астына барып жолугуп.
Акылы кандай байкайын,
Муну ойлонуп Айчүрөк.
Айланып жерге түштү эле,
Ак куу кебин чечти эле.
Манаттан кылган баштыкка,
Баркыттан кылган жакданга.
Буруп кебин салды эле,
Түрдү киймин кийди эле.
Койнуна кебин катты эле,
Батайы көйнөк шоодурап.
Маралдай көзү жоодурап,
Он беш жашка Чүрөктүн.
Чыгар чыкпас жашы бар,
Оролгон тал-тал жибектей.
Омуродон чачы бар,
Ителгилдей башы бар.
Ийжектей болгон кашы бар,
Он эки кундуз терисин.
Оюп сырттап бөрк кылган,
Өз башына көрк кылган.
Оң чекенин үстүндө,
Кокондон келген жеке өтүк.
Маазы менен эки өтүк,
Эркечтей болгон долунун.
Эки бутта төрт өтүк,
Желим өтүк, жез така.
Кырым маазы зайпана,
Кырчылдатып шуркуя.
Маралдай болуп койкоюп,
Басып келди чойкоюп,
Сөлөкөтү сөөлөтү.
Сөөгү башка келбети,
Кан Акундун кашка күң.
Сөз жагына башка күң,
Жылкы болсо дулдул күң.
Жаактуудан булбул күң,
Катын да болсоң кансыңбы.
Курдашын таап туш болгон,
Кудай сүйгөн жансыңбы.
Карып менен мискиндин,
Сообуна калчу,
Жүк көтөрөр нарсыңбы.
Кандын зайыбы эжеке,
Саламат аман барсыңбы.
Эсенсизби, соосузбу,
Эсен-аман барсызбы.
Сак-саламат барсызбы,
Саламат аман жүрсүзбү.
Эсен-аман болдуңбу,
Эрге тийип оңдуңбу.
Ээрчитип жүрөр сиңдиңди,
Эсиңе албай койдуңбу.
Саламат аман болдуңбу,
Жарга тийип оңдуңбу.
Жаныңа күйөөр сиңдиңди,
Санааңа албай койдуңбу.
Саламдашмак барс экен,
Жай сурашмак карз экен.
Жылгындуу Кең-Кол, чоң Талас,
Жериңиз аман жатабы,
Ал Таласты жердеген.
Аргын, кыргыз аралаш,
Элиңиз аман жатабы.
Айтканым жалган болбосо,
Же жай сурашмак катабы,
Элин койдой айдаган,
Душмандын жолун байлаган.
Жериңиз аман жатабы,
Таалайыңа туш кылган.
Көргөндүн көөнүн куш кылган,
Бегиңиз аман жатабы.

Жоо жакадан алган соң,
Бөрү этектен алган соң.
Акыл сурап эжеке,
Астыңа келдим атайы.
Бу сөзүмө кулак сал,
Менин бу айтканым катабы.
Келе эжеке колуңду,
Угарсыз далай сонунду.
Оолжуган шуркуя,
Оң колун сунуп бүгүлүп.
Намыз кылбай, ар кылбай,
Чачыкейдин алдына.
Таазим кылып жүгүнүп,
Ушундай сөздү урду эле.
Астына карап турду эле,
Эсен-аман бардырбыз,
Эсендирбиз-соодурбуз.
Сак-саламат бардырбыз,
Саламат аман жүрөбүз.
Айта берсең тилдүүсүң,
Аялдан башка сүрдүүсүң.
Билбей турам дайныңды,
Сен кай жактан келген сиңдисиң.
Сол колун сунду менсинбей,
Чоюлган кызды теңсинбей.
Ичинен ойлоп Айчүрөк,
Арам заада кербез деп.
Башыңан бактың бир тайса,
Экинчи кайта келбес деп,
Сол колдорун беришти,
Бирок солгунураак көрүштү.
Анда туруп Айчүрөк,
Билбей турам дайның деп.
Астыңа келген айбым деп,
Дайнымды сурап кетесиң.
Дайынсыз киши дейсиңби,
Түбүмдү сурап нетесиң.
Түпсүз адам депсиңби,
Менин дайным сурасаң.
Кең Үргөнч деген жерим бар,
Келбери сендей элим бар.
Акун кан деген атам бар,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Эки султан агам бар,
Ээсиз киши дейсиңби.
Менин да сендей баам бар,
Бериден болгон затым бар.
Менин жайым сурасаң,
Айчүрөк деген атым бар.
Менин да Семетей деген
күйөөм бар,
Ошол үчүн эжеке.
Эже деп айтар жүйөм бар,
Силерден кеткен Чыңкожо.
Жети сан кара кол менен,
Жеткилең Толтой зор менен.
Желеги айчык туу менен,
Жер жарылган чуу менен.
Айчыгы алтын туу менен,
Асман жарган чуу менен.
Алты сан кара кол менен,
Акундун шаарын камады.
Урунган малды талады,
Каяша берген адамды.
Кармап алып сабады,
Айласы кетип бул күндө.
Акундун шаары жадады,
Жети ай салды зордукту.
Жээдигер кылды кордукту,
Жалдуу жылкы мингизбей.
Куйруктуу токту жегизбей,
Эгин-тегин чачтырбай.
Элиме кылды чоңдукту,
Кан Акун шаары кеңещип.
Макулдашып жээдешип,
Колумдан кармап берерде,

Кордугуна көнөрдө,
Койдой кылып өңөртүп.
Кордук көрүп өлөрдө,
Бу кордукка күйбөйм деп.
Теңдик болсо Толтойго,
Тиймек турсун сийбейм деп.
Намыс кылбай, ар кылбай,
Учуп келдим кыдырып.
Уютум коюп сыдырып,
Катыныңар алдырсаң,
Кан намысы кетет го,
Жесириңер алдырсаң.
Жеке кандын өзү эмес,
Сиздин намыс кетет го.
Аял да болсоң эжеке,
Сен дагы кандын баласы.
Мен да кандын баласы,
Намыс кылбай, ар кылбай.
Астыңа келдим карачы,
Эже деген сөзүмдүн.
Бар бекен эже чаласы,
Кан Семетей күйөөңүз.
Каныңызга барыңыз,
Менден кабар салыңыз.
Алат бекен зайыбын,
Албайт бекен зайыбын.
Камоодо жатат кайныңыз,
Каргадай башын калкалап.
Качып келди зайыбыңыз,
Аласыңбы зайыбың деп.
Же албайсыңбы зайыбың деп,
Акыл салып көрүңүз.
Алам деп калса Чүрөктү,
Айланайын эжеке,
Айтканыңа көнөйүн.
Отуң менен кирейин,
Күлүң менен чыгайын.
Өмүрүм бою эжеке,
Саага өлгөнчө кызмат кылайын.
Көчкөндө көчүң айдайын,
Өрүүдө бээң байлайын.
Уктап жатсаң эжеке,
Чыбыкка жоолук байлайын.
Чымындан коргоп айдайын,
Карга келсе кагайын.
Как жаныңда турайын,
Карым казык болгончо.
Башым токмок болгончо,
Өлгөнчө сени багайын.
Кузгун келсе кууюн,
Куп жаныңда турайын.
Астыңан кыя баспайын,
Кыл дегениң кылайын.
Бул кызматым жакпаса,
Мен көнөйүн кеңдикке.
Эже көнүп бергин теңдикке,
Улуунун жолу улуу деп.
Кичүүнүн иши кичүү деп,
Астыңа келип турганым.
Бу дагы болсо эжеке,
Кудайдын буйрук иши деп.
Үч күнү болсун сиздики,
Бир күнү болсун биздики.
Буга да көөнүң тойбосо,
Алты күн болсун сиздики.
Артбаган күнү биздики,
Буга көөнүң тойбосо.
Жети күн болсун сиздики,
Жетпеген күнү биздики.
Ушу кептен мен тайсам,
Айтканымдан мен тансам.
Төбөсү ачык көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун.
Акбата менен кызыл кан,
Анттын баары мени урсун.
Ак келтенин огу урсун,

Ак милтенин чогу урсун.
Кабылан көк жал кайын атам,
Арбагы дагшы мени урсун.
Айткан ушул кебим деп,
Ушул кепти мен тансам.
Атам Акун кан болсун эрим деп,
Айткан ушул кебим деп.
Азыр барып эжеке,
Жооп алып бергин деп.
Ушу сөзүн укканда,
Таманынан дүркүрөп.
Төбөсүнө келди эле,
Төбөсүнөн дүркүрөп.
Таманына келди эле,
Шайтаны кармап Чачыкей.
Кабак бүркөп, каш серпип,
Чачыкей сөзгө кирди эле.
Каныкей менен Бакайдан,
Үч жылы мурун Чачыкей.
Угуп жүргөн жери бар,
Кан Акун кан кайны деп.
Айчүрөк алчу зайыбы деп,
Ушул кыздан шеги бар.
Суук сөз менен качайын,
Султаныма жолотпой.
Айдап жолго салайын,
Эжелетпей долуну.
Эсебин минтип табайын,
Муну ойлонуп Чачыкей.
Токто ата Айчүрөк,
Менин төрөм Семетей.
Бул Таласка келгени,
Тайбуурул болду мингени.
Ак шумкар болду салганы,
Элине султан кан болуп.
Таластын суусун бурганы,
Эрдиги журтка даң болуп.
Мени тогуз жыл болду алганы,
Ошондон бери төрөмдүн.
Акун кан аттуу кайны жок,
Айчүрөк аттуу зайыбы жок.
Эже деп башты оорутуп,
Сен сүйлөбөгүн дайыны жок.
Жерден чыккан жексиңби,
Жек жолоочу сенсиңби.
Суудан чыккан суксуңбу,
Журт куруткан шумсуңбу.
Илгеркинин эркеги,
Катын ищдейт дечү эле.
Эмдикинин кыздары,
Алкын бузуп алыптыр.
Түү капырай бетиңе,
Эркек издеп калыптыр.
Менда сени уккамын,
Уламадан  кара кан.
Укумчунун баарынан,
Кан Акундун кары деп.
Кашка жаман сары деп,
Туйгун кандын шаарында.
Тууттан калган кески деп,
Эр албаган эски деп.
Жолоочу жолун тозот деп,
Жолго казан асат деп.
Кербенчи жолун тозот деп,
Керүүгө казан азат деп.
Кыз Айчүрөк атың деп,
Кыдырбаган жериң жок.
Быйыл отуз беште жашы деп,
Акун кандын төрүндө.
Көп олтуруп дак болуп,
Куудай болгон чачың деп.
Кара чачың ак болуп,
Кан атаңдын төрүндө.
Көп олтуруп дак болуп,
Эр көрүнсө алынган.
Ал мени деп жалынган,

Менин төрөм Семетей.
Периште минген мойнуна,
Эл кыдырган эскинин.
Пей нике жатса койнуна,
Касиеттүү төрөмдүн.
Кырсык болот жолуна,
Тоспо менин жолумду.
Кармабагын колумду,
Башыңды ачтым бара бер.
Мен берейин жообуңду,
Чыңкожо менен Толтойдун.
Сүйгөнүңө тийе бер,
Акун кан десе кайыным.
Менин төрөм Семетей,
Айчүрөк десе зайыбым.
Төрөмдөн келген азапты,
Мен тозоюн тозокту.
Деп ошентип Чачыкей,
Колун силкип даңкылдап.
Баса берди балкылдап,
Чачыкей баса бергенде.
Шайтаны кармап Айчүрөк,
Күйбөгөн жери күл болуп.
Ичи каран түн болуп,
Тозо басып жолунан.
Токто эже, токто деп,
Кармай калып колунан.
Токтоп эже тура тур,
Жооп берем уга тур.
Мен да көнсөм кемдике,
Сен көнбөйсүң теңдикке.
Семетейди талашып,
Эми салыштыкпы өмдүккө.
Үч күнү десем тойбойсуң,
Акылдайсың болбойсуң.
Астыңан келип олтуруп,
Ыраазычылык сурасам.
Ыргыштайсың койбойсуң,
Аягында Чачыкей.
Сен эмине ойлойсуң,
Үч өлүп жерде калсам да.
Чачыкей сендик алым бар,
Түпкү жайым айтайын.
Билбесең мындай жайым бар,
Кече кабылан султан Семей.
Жетим калып Манастан,
Каракандын шаарына.
Энекеси көтөрүп,
Тентип кеткен Таластан.
Ошол Букар шаарында,
Качып барып чоңоюп.
Катарга кирип торолуп,
Жетисинде жетилип.
Сегизинде серпилип,
Он жашына келгенде.
Жалындап күйгөн от болуп,
Күлдүү Букар шаарында.
Тентеги андай жок болуп,
Он эки жашка келгенде.
Каяша айтар жок болуп,
Кан көтөрүп Букарга.
Кабылан султан токтолуп,
Аким болуп турганда.
Кара булуң токойго,
Туйгун салып барганда.
Сары таздан кеп угуп,
Заадиң кыргыз деп угуп.
Ушул таздан кеп угуп,
Урааның кыргыз деп угуп.
Кабылан Манас атаң деп,
Каныкей сенин апаң деп.
Кең-Кол, Талас жериң деп,
Келбери кыргыз элиң деп.
Абыке, Көбөш агаң деп,
Каныкей менен Семетей.
Кадырыңды биле албай,

Каракандын шаарына.
Тентиткен эки арам деп,
Ысмайыл сенин тайың деп.
Акун кан сенин кайның деп,
Айчүрөк сенин зайыбың деп.
Кандыгын таштап Букарга,
Кайрылып Талас келгин деп.
Каракандын иниси,
Иниси эмей кимиси.
Шатемирдин сен кызын,
Эрке бала жээн деп.
Эр албаган бир кызын,
Ээрчитип бергин деп.
Бала султан Семетей,
Менин эрим дейсиңби.
Ушинтип бокту жейсиңби,
Кебез байлап,  ат алып.
Куда болуп барган ким,
Келиним Чачыкей деп атанып.
Кайын ата жүзүн көрдүңбү,
Же кайын ага жүзүн көрдүңбү.
Ат бастырып Таластан,
Айылыңа куда келдиби.
Жолоочу барган балага,
Жолдон ээрчий келесиң.
Жолбун катын сен туруп,
Жол талашып көбөсүң.
Ээрчип келип Букардан,
Эрке катын болосуң.
Айткан кепти билбейсиң,
Адамсың деп кишини.
Бир көзүңө илбейсиң,
Мен өз жайымды айтайын.
Айтып туруп кайтайын,
Ак жылкыдан боз болуп.
Кабылан султан Манаска,
Акыреттик дос болуп.
Менин атам Акун кан,
Мединенин белинде.
Бери ойногон жеринде,
Уу кылдырып келе атса,
Ак кайы жуушап башымда.
Сур марал эмизип турган
кашымда,
Сыр бешикке бөлөнүп,
Ак түнтөгө жөлөнүп.
Мени айланып учар куш кылган,
Алла Таала кудурет.
Атам Акун канга туш кылган,
Аттан түшүп жүгүрүп.
Чымындай жандан түңүлүп,
Кан атам жакын келгенде.
Кайберен кайып болуптур,
Чыркырап бейбак калыптыр.
Кыз да болсо туяк деп,
Кудурет берген чунак деп.
Дүрүйөдөн суп көйнөп,
Бооруна басып өңөрүп.
Кан атамдын таалайы,
Кайыптан бала төрөлүп.
Узун бою бас болуп,
Сакалы ылдый жаш болуп.
Чийки бээнин казысын,
Тиши менен ордуруп.
Тили менен сордуруп,
Үч күнү туура жол басып.
Үйүнө алып келиптир,
Башка адамга билгизбей.
Ак көрпө жайыл байбиче,
Аманат деп бериптир.
Бооруна токум тарттырып,
Жыл он эки ай көтөртүп.
Карыганда байбичем,
Каныш таап салды деп.
Калкка кабар салыптыр,
Алтымыш бээни союптур.

Атымды Чүрөк коюптур,
Кырдырып бээни союптур,
Кыз Айчүрөк коюптур.
Билген адам айтчу экен,
Беринин кызы Чүрөк деп.
Бет алган жагы дүмөк деп,
Билбегендер айтчу экен.
Кан Акундун чүрөк деп,
Карыганча бул кызын.
Эч ким албай жүрөт деп,
Кандын баары кеп кылган.
Кайсы дөөгө тийет деп,
Башка жайым айтайын.
Баарысын саага сүрөттөп,
Кечээ кабылан Манас кайын атам.
Байгамбар баспас Бээжинге,
Барып казат кылам деп.
Баркырап күйгөн тозоктон,
Жанымды азат кылам деп,
Топон суу баспас чоң Бээжин.
Жортуп казат кылам деп,
Созулуп күйгөн тозоктон.
Жанымды азат кылам деп,
Бээжинге казат кыларда.
Ажал жетип, күн бүтсө,
Ат башы менен эр башы.
Кайда калбайт бир башы,
Жалгыз уулум Семетей.
Антташканым Акунга,
Сөйкө салып келсем деп.
Кең Үргөнчкө барам деп,
Келин жүзүн көрөм деп.
Кебез байлап ат алып,
Келиним Чүрөк атанып.
Алманбет, Чубак кашында,
Карыя Бакай башында.
Кырк чоросу жанында,
Ошол кезде Семетей.
Алты айлык жарым жашында,
Кабылан султан кайын атам.
Пилериктүү сур аттан,
Минилбеген кур аттан.
Жалаң өңдөш болсун деп,
Жалы кара кула аттан.
Эжигейдей сары аттан,
Элден тандап кара аттан.
Сары таман чоң аттан,
Тогуз жүздү айдатып.
Ак куланын башына,
Токумдай кебез байлатып.
Токсон кызыл нар айдап,
Чом жасатып бүктөтүп.
Алтын менен күмүш тон,
Тогуз миң шаңшуур жүктөтүп.
Куда болуп мал айдап,
Куйрук ашап, май чайнап.
Арбакка атап мал союп,
Ак сары башыл кой союп.
Оомийин деп кол жайып,
Кудалашып ант кылып.
Куранды ичке жат кылып,
Он беш күн конок болушуп.
Ордосун атып жатышып,
Кайтар чагы болду деп,
Кан Акун эли дүркүрөп.
Канга келип кеңешип,
Кабылан султан Манаска.
Кандай кийит берсек деп,
Акыл сурап күркүрөп.
Кийиттин башын нар кылып,
Алты миң дилде зар кылып.
Кундуз ичик дейилда,
Аягы кокон кымкаптан.
Кийиттин санын миң кылып,
Баарысын өңдөш бир кылып.
Алып келди жетелеп.

Ак куланы баш кылып,
Падыша Манас дардайып.
Кулдук уруп жүгүнгөн,
Менин атам Акунга.
Улук боюн бас кылып,
Ошол Чүрөк мен элем.
Эркелетип эже деп,
Намыс кылбай, ар кылбай.
Астыңа келсем кагасың,
Сени шайтан азгырып.
Уул үйлөмөк урматтан,
Кыз чыгармак кызматтан.
Жалгыз уулум туякка,
Сөйкө салып келгенде.
Келиндин жүзүн көрсөм деп,
Көрүндүгүм берсем деп.
Баатыр Манас бүгүлүп,
Ордунан туруп жүгүнүп.
Сары ала серке алдырып,
Көзүнүн наары тийет деп.
Көптү көргөн карысы,
Садагага чаптырып.
Карала торпок алдырып,
Кескилетип ийгизип.
Тер кийимин чечкизип,
Кайырчыга бергизип.
Эшендери ээрчишип,
Башында селде даңкайып.
Ак көрпө жайыл энекем,
Көтөрүп келген балпайып.
Кабылан султан кайын атам,
Кел байбиче мындай деп.
Орун берип кыңайып,
Оң тизеге миңгизип.
Саамайым сылап муңайып,
Алдына алып олтуруп.
Маңдайымдан сылаган,
Аман жүрсө Чүрөгүм.
Жалгызыма жолдош деп,
Ошондо мени сынаган.
Келинимди көрдүм деп,
Бакай кандын көк тулпар.
Алманбеттин сары ала,
Кан Чубактын көк ала.
Үч тулпарды баш кылып,
Тогуз жорго бердим деп.
Менин атам Акунга,
Куда болгон жери бар.
Ушундай менин жүйөөм,
Сеники эмес меники.
Семетей аттуу күйөөм бар,
Ошондо үч жаштагы кезимде.
Түш көргөндөй эсимде,
Кабагы бийик өңү сур.
Калгайыңкы сур киши,
Кара чаар жолборстой.
Карап турсам бул киши,
Ажыдаардай сүрү бар.
Адамдан башка шум киши,
Ошол Манас кайын атам.
Эжекелеп өзүңө,
Эркелесем болбойсуң.
Сенин эми эле шоруң кайнатам,
Мындан ары барбасам.
Карасуунун боюна,
Кечип өтөр жолуна.
Алтын чабак мен болуп,
Суу түбүнөн жылтылдап.
Суктандырып кылтылдап,
Бир көрүнөм көзүнө.
Сыр көргөзөм өзүнө,
Анда мени албайбы.
Сен өңдөнгөн жамандар,
Ошондо жолдо калбайбы.
Анда мени албаса,
Андан ары барбасам.

Кара-Буура, Күркүрөө,
Как ошонун оюнда.
Куш салуучу жолунда,
Ак була болуп созулуп.
Үзүктөй болуп үзүлүп,
Үч жерден тозуп төрөмө.
Жолугамын кезигип,
Анда бир көрүнөм көзүнө.
Сыр көрсөтүп өзүнө,
Анда мени албайбы.
Сен өңдөнгөн арамды,
Салбар кылып салбайбы.
Салбар болуп калган соң,
Кементай кийип далкылдап.
Байталга минип шалкылдап,
Төрүмө басып өтө албай.
Төркүнүнө барбайбы,
Анда мени албаса.
Жандан учуп шыпылдап,
Жагалмайдай капылдап.
Ак куу болуп кубулуп,
Жанынан өтсөм бурулуп.
Көзү түшө калбайбы,
Арстан төрөм кабылан.
Ат аябай чаппайбы,
Ала-Көлдүн жээгинен.
Издеп келип таппайбы,
Анда мени албайбы.
Ак шумкарын салбайбы,
Сендей көпкөн шерменде,
Төрөсүнөн айрылып.
Дөөрүк катын болбойбу,
Так ошондо карап тур.
Алтын боосун тытпасам,
Асманды көздөй сызбасам.
Күмүш боосун тытпасам,
Күндү көздөй сызбасам.
Айчүрөк болбой өлөйүн,
Так ошону кылбасам.
Сеники эмес меники,
Семетей сенин жээниң деп.
Жээниңди алып кетпесем,
Түбүңө чогуу жетбесем.
Атам Акун кан болсун эрим деп,
Аен Акун кан кызымын.
Бербеймин саага жолумду,
Угаарсың менден сонунду.
Кайнатармын шоруңду,
Кана берчи колуңду.
Деп ошентип Айчүрөк,
Жакасынан бир силкип.
«Түү» деп бетке түкүрүп,
Маңдайынан сылады.
Андай-мындай дегенче,
Ачып көздү жумганча.
Эки таноо кыпчылып,
Ээрди кетип кубарып.
Чачыкей чалкасынан кулады,
Айчүрөк кетти кубулуп.
Асманга чыгып бурулуп,
Чачыкей жатат  дем албай.
Чалкасынан жыгылып,
Сегиз келин, сегиз кыз.
Кандай укмуш болду деп,
Заманасы куурулуп.
Чыгып кетер бекен деп,
Жаны өпкөдөн суурулуп.
Сегизи турат селейип,
Бир-бирин тиктей элейип.
Жеңеке башың көтөрчү,
Эмине болуп кеттиң деп.
Жанында турган балакет,
Жаңкы кыз кайда кетти деп.
Эмине болсо каран күн,
Ошол түпкө жетти деп.
Жебирейил өзү го,

Желмогуздун бири го.
Азырейил өзү го,
Алуучунун бири го.
Адамзат мындай болобу,
Ага кыянат айткан оңобу.
Элдүү жерде тилиң бас,
Эмгектүү жерде оозуң бас.
Каныбыздын канышы,
Бак ичине барганда.
Балакет даарып кетти деп,
Ушундан башка айтпагын.
Айтып коюп бирибиз,
Азапка чогу калбайлык.
Оозубуздан чыкпасын,
Кабылан султан укпасын.
Угуп коюп кокустан,
Чачыбызды жулбасын.
Кызды таап келгин деп,
Кылгылыкты кылбасын.
Кызын кайдан табабыз,
Баарыбызды кырбасын.
Бирөө колдон алды эле,
Бирөө буттан алды эле.
Жибек кемсел үстүнө,
Алып келип салды эле.
Кой дегенге болобу,
Кошоматкөй оңобу.
Баары бирдей буркурап,
Кан Семетей ордого.
Көтөрүп келди чуркурап,
Бектин зайыбы канышка.
Бери тийип кетти деп,
Баатырга кабар берди эле,
Канчоросу кашында.
Күлчоросу жанында,
Меккедеги беш эшен.
Баарысы келип жабыла,
Кабылан үйгө келди эле.
Жаткан экен булкунуп,
Чачын жулуп жулунуп.
Оң колунда үч жигит,
Сол колунда үч жигит.
Жаткан экен алышып,
Кармап колу карышып.
Оозуна келген бок сөздү,
Сүйлөп атат жок сөздү.
Кабылан султан кайран эр,
Ыңгыранып ыйланып.
Кабагын бүркөп кыйланып,
Аю талпак күрзүгө.
Көчүгүн коюп олтуруп,
Эмине болуп кетти деп.
Кандай бала тийди деп,
Он биринде жол кошкон.
Он экиде бой кошкон,
Алла Таала кудурет.
Өзү буйруп баш кошкон,
Кабагын бүркөп саланып.
Эмиңер болсо кылгын деп,
Эшендерге наалынып.
Эшендердин баарысы,
Кыркалаша турушуп.
Кырк бирден дуба урушуп,
Каныштын жанын койгун деп.
Эшендер жатат муюшуп,
Кан эшени кашында.
Жибектен селде башында,
Пал китебин алдырып,
Жайып коюп астына,
Китебин жанып мындай деп,
Кан эшен айтат мындай деп,
Бери тийип канышка,
Бекитип кетти тил байлап,
Алты күнү окуса.
Айыгат экен канышың,
Кырк чилтендин жолунда.

Он кара боз ат байлап,
Ошондон болот себеп деп.
Капа болуп султаным,
Кайгырбагын эбеп жеп.
Алты күндө сакайып,
Канышың турар какайып.
Ошол сөздү укканда,
Эшенден бул сөз чыкканда.
Кабылан султан Семетей,
Эр Канчоро, Күлчоро.
Эки бирдей султаным,
Элде кара сур болсо.
Четинен бөлүп айдагын,
Молдолорго жол кылып.
Кермеге тизип байлагын,
Болгун балдар кечикпей.
Орундагын жайлагын,
Деп ошентип Семетей.
Эки чоро атказып,
Жылкыда кара боз болсо.
Четинен бөлүп айдатып,
Эшендердин жолу деп.
Кермеге он ат байлатып,
Аттарды көрүп кермеден.
Кырк бир чыбык колго алып,
Кырк чилтен деп дем салып.
Молдолор кирди дембе-дем,
Сууга салып чыбыкты.
Шыпылдата чапкылап,
Чыркыратып жеңеңди.
Жин-шайтанын каккылап,
Эшендер жатат тепекте.
Селделери сепектеп,
Алты күнгө толгончо.
Эшендер жатат кармашып,
Жан аябай эшендер.
Чачыкей менен арбашып,
Муну мындай таштайлык.
Беринин кызы карабет,
Мелтиреген шуркуя.
Чүрөктөн кана кабар баштайлык,
Каныштын үнүн уга албай.
Кабагы бүркөө султаның,
Жанына чыдап тура албай.
Ыңгыранып ыйланып,
Каныкейдин ордого.
Кабылан барды кыйланып,
Ордунан туруп байбиче.
Олпок салып астына,
Олтур султан олтур деп.
Самоор чайын кайнатып,
Ар тамагын жайнатып.
Жая кесип, жал коюп,
Мис табакка бал коюп.
Байбиче минтип турганда,
Астына чайын сунганда.
Чымчып даам жеген жок,
Күнү-түнү сегиз күн.
Чырым этип уйку алган жок,
Төрт күндөн бери уктабай.
Төрөдө дарман калган жок,
Ошондон бери кабылан,
Оозуна даам алган жок.
Анда туруп Каныкей,
Ээ боз карчыга болпоңум.
Боз ала туйгун чолпонум,
Жакамда кымчап кундузум.
Маңдайда чолпон жылдызым,
Тулпардан калган туягым,
Туйгундан калган чунагым.
Башымдагы баанайым,
Маңдайга бүткөн таалайым.
Эмине мынча кайгырдың,
Бир канчык үчүн жаныңды,
Мынча эмине кор гылдың.
Саа кытайдан сулуу келбейби,

Кыргыздан сулуу келбейби.
Өзү эле келип тийбейби,
Ондон сулуу келбейби.
Саага солдон сулуу келбейби,
Сулуу кыз элде бар болсо.
Суратпай өзү бербейби,
Сулуу таппай каламдеп.
Калба балам санаага,
Бул өңдөнгөн канчыктын.
Миңи сенден садага,
Ачкыл жандуу кыз накыш.
Атасынан бабасы,
Тукуму жинди түгөнгүр.
Кемериңди чечкиндеп,
Чечинип тамак ичкиндеп.
Алача моюн жез көөкөр,
Экини катар алдырып.
Алтындаган кесеси,
Арактан баса куйду эле.
Мына балам ичкиңдеп ,
Кабыланга сунду эле.
Ачкыл жандуу чунагың,
Эки көөкөр аракты.
Катары менен урду эле,
Суусуну канып турду эле.
Алтындаган керебет,
Алты жаздык, үч мамык.
Чыканакка коюлуп,
Чырым этип чоюлуп.
Чырым этип уйку алып,
Чыканактап тынч алып.
Арыстанын жатып калды эле,
Алп уйкуну салды эле.
Уйкуга жаңы жеткенде,
Көзу илинип кеткенде.
Беринин кызы Айчүрөк,
Мелтиреген кара бет.
Ич көйнөгу этинде,
Суп дамбалы бутунда.
Маңдайында саамайы,
Тал-тал болуп бөлүнүп.
Жарыгы күндөй көрүнүп,
Ай тийгендей кылайып.
Арыстаныңдын койнуна,
Жылып кирди булайып.
Капырай кандай сонун деп,
Же өңүмбү, түшүмбү.
Короздой болгон мойнуна,
Мен артайын колум деп.
Уйкусунан ойгонсо,
Оң жагына толгонсо.
Жыпардай жыты буркурап,
Жылуусу кетпей төшөктөн.
Жыландай сойлоп карматпай,
Кайып болуп чыркырап.
Өңүм эмес түшүм деп,
Түшүмдө көргөн ишим деп.
Кайра жатты тынч алып,
Кабылан жатты уйку алып.
Кайра көзү илинсе,
Кайта кирди койнуна.
Колостой болгон көк жалдын,
Билегин айтып мойнуна.
Бери карап жаткын деп,
Беренди тартат бооруна.
Кармайын десе кучактап,
Карабет кирбейт колуна.
Улутунуп үшкүрөт,
Улук жанга күч келет.
Улам кайта уктаса,
Койнуна кирди үч келип.
Таң атканча түш көрүп,
Алек болду Семетей.
Түшүндө укмуш иш көрүп,
Чыканактай тынч албай.
Таң атканча Семетей,

Чырым этип уйку албай.
Түшүндө кызга кабылат,
Ашык болуп абыдан.
Улутунуп жиберсе,
От аралаш көк түтүн.
Оозунан чыгып буркурап,
Көргөндү жутуп ийчүдөй.
Көзүнөн жалын шыркырап,
Калайманды баштаптыр.
Жанакы кыздын дартынан,
Кара жанын султаның.
Тим эле кылга байлап таштап,
Уктабай таңды аткарып.
Улутунуп үшкүрүп,
Сууга басып барыптыр.
Султаның даарат алыптыр,
Азанын айтып бакылдап.
Намазын окуп такылдап,
Жаңкы кыз кетпей эсинен.
Аттай туйлап жүрөгү,
Алып учат дакылдап.
Караса көзгө илинбей,
Кайда кеткен дайны жок.
Карабет кеткен билинбей,
Эгер дайыны билинсе.
Бугудан чылбыр булкунтуп,
Буурул атын жулкунтуп.
Учканы турат кидирбей,
Ашык болуп бул кызга.
Ыраазы болбой турмушка,
Акылы калбай кенедей.
Эрдик менен шердикти,
Эр Семетей көк жалга.
Берген кудай ченебей,
Тамак ичпей, аш ичпей.
Атасы өлгөн немедей,
Чачыкейдей сулууну.
Тушарына теңебей,
Дагы эки күн Семетей.
Оозуна даам таткан жок,
Төшөгүнө жаткан жок.
Алты күнү болгондо,
Кадимкидей какайып.
Себеп болуп эшенден,
Канышы турду сакайып.
Серпилбеген кайран эр,
Эркечтен ыйык көтөрүп.
Алты семиз бээ союп,
Түлөөсүн түштө өткөрүп.
Элдин баарын таратып,
Эшендерди кетирип.
Эр Күлчоро, Канчоро,
Кошомат кылат урматтап.
Эшенин үйгө жеткирип,
Аңгычакты болгон жок.
Уясына кылкылдап,
Күн да батты кеч кирип.
Эрке катын Чачыкей,
Алты күнү талыптыр.
Акылынан тайыптыр,
Баштагыдай түрү жок.
Эркелиги калыптыр,
Беренин калган сагынып.
Эртелеп төшөк салыптыр,
Шам аласын жандырып.
Тамак-ашка кам кылып,
Канына даяр белендеп.
Каймакка жууруп нан кылып,
Жез казанды астырып.
Эртелеп этти салдырып,
Кабылан султан төрөмдүн.
Кабагын бүркөө болуптур,
Өңүнөн азып калыптыр.
Санаага башын салган деп,
Муруту сацлап калган деп.
Самоорго чайын кайнатып,

Дасторкон салып астына.
Тамак-ашын жайнатып,
Канчоросу кашында.
Күлчоросу жанында,
Туурунда каркылдап.
Алтындаган эргүүлү,
Узун боодо жаркылдап.
Ак шумкары табында,
Ала-Көлгө барам деп.
Алты күн болду зериктим,
Эртең ак шумкарды салам деп.
Эр Күлчоро, Канчоро,
Эрте туруп келгин деп.
Айтканымды уккун деп,
Ашык кылбай, кем кылбай.
Эрте барып салабыз,
Шумкардын жемин бергин деп.
Эр Күлчоро кабылан,
Шумкарды үндөп тойгузуп.
Тууруна жайлап конгузуп,
Жайланышып олтуруп.
Төрөнүн зайыбы Чачыкей,
Тамак танып алгыңдеп .
Эрте уйкуң кангынгын деп,
Жая кесип, жал коюп.
Дастарконго нан коюп,
Төрөлөр иччүү шараптар.
Жакданга каткан арактан,
Алты көөкөр чыгарып.
Көөкөрдү көрүп кызышып,
Чоролор турат кубанып.
Алып келип Чачыкей,
Чоң чыныга куйду эле.
Чоюлжуган карабет,
Төрөсүнө сунду эле.
Аракты кармап колуна,
Айнектей көзү алайып.
Адамдан түрү бир башка,
Арстандай болуп даланып.
Ичи жалын өрт болуп,
Суусуну канбай султаның.
Алты чыны удаа ичип,
Андан калган аракты.
Эки чоро жуда ичип,
Тамактанып жайланып.
Кант татытып чайланып,
Дасторконун жыйнатып.
Омийиндеп кол жайып,
Чоролор эшик тартышып.
Жай жайына кайтышып,
Эрмек менен Сергекке.
Эрте туруп жайла деп,
Тай буурулга жем берип.
Мамыга токуп байла деп,
Баатырлар жарлык айтышып.
Эрке катын Чычыкей ,
Кана төрөм жаткың деп.
Кан уйкуга баткын деп,
Чыбыктай болуп буралып.
Астына келип муңайып,
Маазысын тартып бутунан.
Бүчүлүгүн чыгарып,
Арак ичкен кызымтал.
Алты жаздык үч мымык,
Алтындаган керебет.
Төрөңүз ала салды куланып,
Шашкан жеңең турабы.
Шам аласын өчүрүп,
Көшөгөсүн түшүрүп.
Жибек көйнөк этинде,
Жыпарын сыйпап бетине.
Буруксуган карабет,
Төшөккө кирди чечинип.
Ошол кезде Семетей,
Уйкуга көөнү бөлүнүп.
Баякы кыздын элеси,

Көзүнө жакын көрүнүп.
Эти тийсе этине,
Тай эжеси Чачыкей.
Тикенектей көрүнүп,
Тескери карап толгонуп.
Кабылан кантип калган деп,
Кандай укмуш болгон деп.
Карабет ичтен ойлонуп,
Айланайын төрөм деп.
Алты күнү уктатпай,
Өзүмдөн айып көрөм деп.
Моюнунан кучактап,
Ийининен бек жыттап.
Пери карап жаткын деп,
Тамашага баткын деп.
Бир кучактап кан төрөм,
Тамагымдан жытта деп.
Анан кийин укта деп,
Төрөңдү койбой оюна.
Эрке катын Чачыкей,
Билегин артып мойнуна.
Тарт колуңду тарткын деп,
Уйкум жаман келиптир.
Менден алыс жаткын деп,
Кармап турат шайтаным.
Жаман болуп каласың,
Менин шайтанымды байкагын.
Ченин ийнен тай эже,
Кесириңди чайкагын.
Эми бузсаң уйкумду,
Майып болуп каласың.
Ушул саага айтканым,
Деп ошентип султаның.
Уйкуга көзү бара албай,
Же уктап тынчтык ала албай.
Түшүндө көргөн бейбакты,
Көзү илинсе Семетей.
Дүйнөдөн издеп таба албай,
Өзүнөн өзү жээлигип.
Торгою качан сайрайт деп,
Качан таңы атат деп.
Куш салууга ээлигип,
Санаасы санга бөлүнүп.
Жанында жаткан канышы,
Көзүнө душман көрүнүп.
Башкы таок чакырып,
Зоор убак болгондо.
Койнундакы канышы,
Кандыбы уйкуң төрөм деп.
Кандай десең султаным,
Сенин айтканыңа көнөм деп.
Уйкуң качып өң азып,
Мен үчүн мынча кыйланган.
Мен саага кылып берем деп,
Уйкуң канча султаным.
Пери карап жаткын деп,
Пелине колун артканда.
Пери карай тартканда,
Каары келип кабылан.
Кагып ийди как жаака,
Түртүп ийди ары жака.
Келберсиген карабет.
Керебеттин үстүнөн,
Кулады жерге жыгылып.
Кучактап алып жаздыгын,
Кудайга үнү угулуп.
Эшикте турган сакчылар,
Дагы кудай урду деп.
Касиреттү арамдын,
Шайтаны кармап калды деп.
Бир бирине дуу кылып,
Султаның жатат үшкүрүп.
Чачыкей жатат эчкирип,
Аңгычакты болгон жок.
Таңкы таок чакырып,
Жел аргы чөптү жапырып.

Асмандагы жылдызды,
Батышты көздөй суюлтуп.
Таң кубалап сапырып,
Камыштын башы шоодурап.
Карача торгой чулдурап,
Жерге жарык киргенде,
Таранчы талга конду деп.
Бала султан Семетей,
Азан маалы болду деп.
Ыңгыранып ыйланып,
Керебеттин үстүнөн.
Жерге түштү кыйланып,
Басып чыкты дааратка.
Бала каздай байпайып,
Бадыша төрөң далкайып.
Тайбуурул турат жайланып,
Сыр мамыда байланып.
Маралдай болуп даңкайып,
Маңдайынан бир жыттап.
Соорусунан үч сылап,
Төрөң дааратка басты залкайып.
Жанында жакын кашат бар,
Кашатынын түбүндө.
Кайнар булак башат бар,
Ошол башатка басып барды эле.
Боюна даарат алды эле,
Башына масты тартты эле,
Бала султан кайран эр.
Баркырап азан айтты эле,
Аңгыраган азаны.
Алкымына Беш-Таштын,
Ашбай, ташпай угулуп.
Азандын үнүн уккан соң,
Эр Күлчоро,  Канчоро.
Төшөктөн туруп бүлүнүп,
Шашып киймин кийинип.
Эки чоро кабылан,
Дааратка чуркап жүгүрүп.
Шашып даарат алышып,\
Кабыландын алдына.
Чоролор келди бүгүлүп,
Шай колдогон кайран эр.
Башына селде чалынып,
Жаратканга жалынып,
Канчоросу кашында.
Күлчоросу жанында,
Намаз басты камынып.
Эки чоро ээрчишип,
Мечитке келип киришип.
Эшени менен көрүшүп,
Эртеңки жума намаздан.
Меситке барып окумак,
Адат болгон Манастын.
Намаз маалы болгондо.
Мечитке коом толгондо,
Жай намазын салышып.
Башына селде чалышып,
Сап-сап болуп турушуп.
Кулактарын кагышып,
Намазын окуп бүтүрүп.
Тесмелерин алышып,
Оозу-мурду күбүрөп.
Ичинен сүгүт айтышып.
Бата кылып кол жайып,
Жай-жайына кайтышып.
Оң жагында Күлчоро,
Найза кармап колуна.
Ортосунда Семетей,
Сол жагында Канчоро.
Кылыч кармап колуна,
Баатырлар келе жатканда.
Кан ордосун кайтарган,
Алтымыштай баатыр бар.
Жоо дегенде жатпаган,
Жөлөп душман батпаган.
Баарысы бирдей баатырлар,

Башын ийип бүгүлүп,
Баатыр жакын келгенде.
Эки колу боорунда,
Салам берип жүгүнүп.
Как этип карга коно албайт,
Бей жооп менде келе албайт.
Көргөн адам буларды,
Өз жанынан түңүлүп.
Туура басып өтө албай,
Душмандын көтү күйүнүп.
Кан Семетей каркы бар,
Каныңдын мындай баркы бар.
Бей жооп келген бенденин,
Канын төкмө салты бар.
Үлгүсүн кылып Манастын,
Далайга кеткен даңкы бар.
Ордосун аскер кайтармак,
Атадан калган салты бар.
Башына душман келбеген,
Кармап тайын жебеген.
Мен мыктымын дей берген,
Көрө албаган көй душман.
Көтүнө бокту жей берген,
Кабылан султан кайран эр.
Чоролорго кеп айтып.
Эрмек менен Сергекти,
Буурулду току деп айтып.
Эки чоро Семетей,
Ак ордого келди эле.
Оолжуган Чачыкей,
Ордодон чыкты жүгүрүп.
Самоорун коюп бүлүнүп,
Капырай кандай болот деп.
Кара жандан түңүлүп,
Эки чоро султанды.
Эшик ачып кийирип,
Өңүн тиктеп тура албай.
Өрт болуп ичи күйүнүп,
Самоорун ылдам кайнатып.
Тамак-ашын жайнатып,
Бал чайкаган кымыздан.
Баса куюп сундуруп,
Маш болуп калган кара бет.
Суусундарын кандырып,
Кан жайлоонун кымызы.
Кара нарга артылып,
Ашмачысы даярдап.
Арагы жатат тартылып,
Тамактанып жайланып.
Дасторконду жыйдырып,
Оомийин деп кол жайып.
Ордунан туруп султаның,
Саадагын белге байланып.
Эр Күлчоро, Канчоро,
Атыңды токуп жайла деп.
Эки чанач кымызды,
Канжыгага байла деп.
Канчорого кеп айтып,
Ак тайганды алып кел,
А да калды зеригип.
Алып келип тамак бер,
Даяр турган Канчоро.
Коноктон тарткан талкан бар,
Торк элекке элетип.
Ашмачы эки келинге,
Уйдун сүтүн бышыртып.
Кам-каймакка көөлөтүп,
Мис табакка салдырып.
Ак тайганды тоютуп,
Эр Канчоро кандырып.
Каргысын алып тайгандын,
Белине чоро чалынып.
Каманды көрсө кайсаган,
Жолборсту көрсө жойпогон.
Атадан калган мурас деп,
Куу тайганга жалынып.

Агытып койсо ак тайган,
Талаага чыгып дардактап.
Булугуп калган жаныбар,
Оюн салып тайрактап.
Ак телки менен сыр телки,
Даяр кылган аттарды.
Кермеге байлап жайдактап,
Эки чоро токунуп.
Эки чанач кымызды,
Алып келип чоролор.
Канжыгагы бөктөрүп,
Бөктөрүнчөк үстүнө.
Добулбасты көмкөрүп,
Жарактарын шайланып.
Даяр болду чоролор,
Жанына кылыч байланып.
Эрмек менен Сергери,
Эки чоро зейдеги.
Күңгүрүскөй булгаары,
Көк шал менен ойдурган.
Чеберлерге шыйыткан,
Четине ноко кыйыткан.
Жибек менен тиктирип,
Жик билгизбей шырыткан.
Тердикке өңдөш желдиги,
Басмайылы баары алтын.
Сүзмөлөрү сары алтын,
Көмөлдүрүк сом алтын.
Куюшканы чылк алтын,
Накыштатып ойдурган.
Кошконунун үстүнө,
Чынудай алтын койдурган.
Алдыңкы кашы нарк алтын,
Арткы кашы баары алтын.
Алтын ээр ай маңдай,
Маңдайына ойдуруп.
Көөхар таштан салдырган,
Караңгыда шам күйүп.
Карасаң чырак жангандай,
Манастан калган ак каңкы.
Тай буурулга чак каңкы,
Булгаары тердик токушту.
Буурул атка токуду,
Аю тери көрпөчө,
Алып келип чоролор.
Алты бүктөп салынып,
Басмайылын тартышып.
Төш олоңун бош тартып,
Чап олоңун бек тартып.
Эңкейишке кирер деп,
Куюшканын кыскартып.
Көкүлүн көккө сүйүшүп,
Куйругун үч ачалап түйүшүп,
Ак олпок тонду бөктөрүп.
Добулбасты көмкөрүп,
Токуп койгон даярдап.
Кармап турат Сергеги,
Кашында турат Эрмеги.
Маралдай башты көтөрүп,
Тээп тиштеп ийчүдөй.
Тегеренип ойноктоп,
Арыстай болгон жаныбыр.
Жерди чапчып сойлоктоп,
Сеңселтип жалын тарасаң.
Семизинен жараган,
Жат кишини көргөндө.
Жеп ийчүдөй көрүнүп,
Чекеси менен караган.
Эрмек менен Сергектен,
Эр Семетей көк жалдан.
Андан башка адамзат,
Ченине жакын келе албай.
Жат кишилер жадаган,
Кабылан көк жал Семетей.
Белине кемер курчанып,
Бедерлүү жүзүн нур чалып,

Ак келтесин асынып.
Нар кескенди байланып,
Куш салуута ашыгып.
Куран мойнок ак мээлей,
Колуна кийип шашылып.
Ак шумкарды кондуруп,
Узун боонун эргүүлүн.
Тетигинен чыгарып,
Кемерине чалынып.
Келберсиген кайран эр,
Кудуретке жалынып.
Короздой болуп койкоюп,
Тийген айдай чолпоюп.
Колунда бар ак шумкар,
Эшикке чыкты болкоюп.
Эшик ачып чыгарып,
Эрке катын Чачыкей.
Кошо чыкты чойкоюп,
Имерилип жүгүрүп.
Эмине шумдук болот деп,
Чымындай жандан түңүлүп.
Чачыкейдин колуна,
Чылбырды берди Сериги.
Эки колу боорунда,
Кашында турат Эрмеги.
Эр Семетей көк жалды,
Колтуктап атка атказып.
Чылбырын салып мойнуна,
Канаты турат даттанып.
Жакамдагы кундузум,
Төбөмдөгү жылдызым.
Башымдагы баргегим,
Маңдайымда айнегим.
Айланайын төрөм деп,
Төрөм үчүн жанам деп.
Курмандыкка берем деп,
Күлдүү кыргыз элимдин.
Күлүстөнү төрөм деп,
Күлө багып сүйлөсөң.
Күн тийгенлдей көрөм деп,
Казак менен кыргыздын.
Каркырасы төрөм деп,
Кабагын бүркөп сүйлөсөң.
Кар жаагандай көрөм деп,
Алты күн жаттым талыдым.
Азапты тарттым наалыдым,
Алты күндүн ичинде.
Азап менен өткөрдүм,
Аз өмүрдүн жарымын.
Кечээки түнү түш көрдүм,
Түшүмдө укмуш иш көрдүм.
Ушул турган Таластын,
Башынан ылдый сел жүрдү.
Ачгы өөдө өрт күйдү,
Атаң салган мунара.
Кыбыла көздөй кулады,
Кыйрап жерге урады.
Колуңдагы ак шумкар,
Алтын боосун тытыптыр.
Айды карап сызыптыр,
Күмүш боосун тытыптыр.
Күндү карап сызыптыр,
Жылдызга дайрып чыгыптыр.
Уялаш үнүн угуптур,
Атаңдан калган ак тайган.
Каргысын жара чайнаган,
Үйрү марал күмүш так.
Үч кайтара айланган,
Асманды карап каңшылап.
Ичин тартып кыңшылап,
Мөңгүгө барып улуду.
Жаман көрүп бадышам,
Жалган дебе мунумду.
Жалынып айтам султаным,
Жалган эмес чынымлы.
Самооруң алтын жез эмес,

Бүгүн талаага барар кез эмес.
Көк жалым төрөм ойлончу,
Көргөнүм оңой түш эмес.
Күндө шумкар аласың,
Күндө колуң талып.
Айда шумкар саласың,
Арыстаным колуң талытып.
Береним кетпе аттан түш,
Бейбагыңды наалытып.
Керектүүм аттан түшкүн деп,
Кемериңди чечкин деп.
Менин сөзүм уккун деп,
Көңүлүңө туткун деп.
Канчорого тапшырып,
Бир кишини чаптырып.
Сары ала серке алдырып,
Садаганы кактырып.
Уйдан торпок алдыргын,
Кескилетип талатып.
Жетим менен жесирге,
Тер кийимин бердирген.
Ак боз бээни алдырып,
Кабылан көк жал атаңдан.
Эртең жума бешимде,
Күмбөсүн барып тайыткын.
Келер жума болгондо,
Кереметтүү түш көрдүм.
Султаным анан шумкар агыткын,
Деп ошентип карабет.
Керене жоолук колунда,
Көзүн аарчып буркурап.
Чылбырын салып мойнуна,
Чыңырып ыйлап солкулдап.
Анда туруп Семетей,
Канышына кеп айтып.
Кеп айтканда деп айтып,
Какшабагын чылбырды.
Келе бери колума,
Катын чылбыр кармаса.
Кырсык болот жолума,
Апта күнү сен талып.
Жакшы болгон экенсиң,
Эл кыдырып жин көрчү.
Бакшы болгон экенсиң,
Түшүң түш келбесин, туш келсин.
Көргөнүңдүн баарысы,
Өз башыңа кез келсин.
Деп ошентип кабылан,
Оң көзүнөн от чыгып.
Сол көзүнөн чок чыгып,
Жалыны жайнап көзүнөн.
Жакасын жарып түк чыгып,
Үстүндөгү кайбаты.
Каралөккө жүк чыгып,
Кашка тиши кычырап.
Кабыландын өзүндөй,
Кара көзү чачырап.
Калайманды баштады,
Жанында турган канышын.
Канышы эмес баарысын,
Тим эле жутуп ийе таштады.
Кайта жаачу булуттай,
Каарланып айланып.
Канжарын жанга байланып,
Каарына чыдабай.
Кара көздөн от жанып,
Кара жаак чоң камчы.
Капшыра кармап имерди,
Кайкалата долуну.
Капталга тартып жиберди,
Калдыркан шайы көйнөгү.
Капшытынан сөгүлүп,
Каны жерге төгүлүп.
Бүлдүркөндөй көйнөгү,
Бүгүшүнөн сөгүлүп.
Бүлкүлдөп каны төгүлүп,

Этине камчы тийгенде.
Энеке деп жалынды,
Кудайга үнү угулду.\
Жанында турган сыр мамы,
Кучактап барып жыгылды.
Ачуусу келген кайран эр,
Астындакы буурулду.
Басып-басып алды эле,
Камчысына чыдабай.
Кара болот ooздук,
Капшыра тиштеп булкунуп.
Эти ачышып Тайбуурул,
Эри өлгөндөй жулкунуп.
Жаадай болгон буурулду,
Жалаңдатып сойлотуп.
Ак шумкары колунда,
Ак тайганын ээрчитип.
Жүрүп кетти ойнотуп,
Кабылан жөнөй бергенде.
Карааны тоодой көрүнүп,
Сегиз келин, сегиз кыз.
Колтугунан жөлөшүп,
Каныштын башын көтөрүп.
Көзүнүн жашын сүртүшүп,
Анда каныш кеп айтат.
Ала көөдөн Семетей,
Айылыңды көрбө деп айтат.
Тайбуурул келсин сөөгүң жок,
Чоролор келсин өзүң жок.
Канкорунан айрылып,
Калың элиң боздосун.
Боздомок турсун тоздосун,
Эгерде эки болбо деп.
Эси жок канкор оңбо деп,
Каргап калды Чачыкей.
Карабай кетти Семетей,
Кан чоро деп бакырып.
Эмине болуп калдың деп,
Эки шайтан акмак.
Күлчоролоп бактырып,
Кабылан жөнөй бергенде.
Эр Канчоро, Күлчоро,
Эки чоро жайланып.
Белине кылыч байланып,
Чоролор атка мингенде.
Жаңыдан жолго киргенде,
Чоролор жөнөп кетет деп.
Кеп укпай кетсе кокустан,
Түбүнө чогу жетет деп.
Жоолугун алып булгалап,
Эки чоро султаным.
Алдыңкы жерге тура тур,
Арыз айтамын уга тур.
Деп ошентип Чачыкей,
Ак ордого кирди эле.
Алтымыш жактан
кырк сандык,
Ашыгып оозун ачты эле.
Жалаң шаңшур алтындан,
Алты жамбы алды эле.
Кытай торгун көк жоолук,
Жамбыны ороп сыртынан.
Алып чыкты Чачыкей,
Табактай кылып көтөрүп.
Тизеси жерге бүгүлүп,
Кунан аттай жүгүнүп.
Канлай күндү көрөт деп,
Тирүүлөй жандан түңүлүп.
Токто балдар токто деп,
Чачыкей келип күйүнүп.
Энедей болгон чунакты,
Же чоролор таштап кете албай.
Каран күн болор бекенбиз,
Касиеттүү султанга.
Жакын жерден жете албай,
Тулпарлар оозун бурушту.

Кебин болсо айткын деп,
Туйгундар токтоп турушту.
Көзүнөн жашын арталбай,
Мурдунун суусун тарта албай.
Өпкөсү көөп желигип,
Сүйлөй албай ээлигип.
Эки көзгө жаш алып,
Эчкирип ыйлап болоктоп.
Эси кеткен Чачыкей,
Чоролорго эр эркеп.
Ошондо ыйлап шолоктоп,
Саймалуу саадак кең чалбар.
Садага болуп кетейин,
Санаамды айтам жаш балдар.
Чарыштуу калпак кең чалбар,
Жыга чаап өзүмдү.
Сырттап кетти төрөңөр,
Сырымы айтам жаш балдар.
Тогуз койдун терисин,
Томугуңдан тон кылдым.
Эки чоро кабылан,
Силерди тоодой кылдым,
сом кылдым.
Алты койдун терисин,
Ашыгыңдан тон кылдым.
Эки чоро кабылан,
Силерди ак көтөргүс сом кылдым.
Каргадайдан асырап,
Кан уулу менен тең кылдым.
Эки чоро султаным,
Силерди кай жериңерден
кем кылдым.
Суусардан бөрктү кийгиздим,
Сулуудан тандап сүйгүздүм.
Кичинеңден чоңойтуп,
Кимдин тилин тийгиздим.
Беренелүү болсун деп,
Белиңе саадак буугуздум.
Жүрөгү майлуу болсун деп,
Силерге качкан жоону куугуздум.
Саймалуу топу ак калпак,
Жарагы артык күлүстөн.
Жаман көрбөй сөзүмдү ук,
Сөз айтайын бир иштен.
Кечеги көргөн түшүмдү,
Түшүмдө көргөн ишимди.
Айтканымды белгиле,
Аман алып келгиле.
Эр Семетей кишимди,
Кара-Суунун боюнда.
Кечүүнүн туура жолунда,
Май чабак жатса алдырба.
Кайырмакты салдырба,
Ак була жатса алдырба.
Ак ууга шумкар салдырба,
Ак шумкарды качырып.
Азапка мени калтырба,
Тозок отко жандырба.
Айтканым ушул унутпа,
Ала-Көлгө барам деп.
Ак шумкарды салам деп,
Жеңеңерди курутпа.
Жээлигип төрөм болбоду,
Ак шайтан жолун торгоду.
Канча айтсам төрөм болбоду,
Кырсыктуу балаа торгоду.
Качан болсо бул канкор,
Оолукканын койбоду.
Каркырамды сындырып.
Канышын урду дедирип,
Оңбосун төрөм оңбоду.
Айтканым ушул билип ал,
Айланайын жаш балдар.
Айткан кебим унутпай,
Мен бейбакты курутпай.
Жүрөгүңө түйүп ал,

Бүгүн төрөңдү кудай урбасын.
Атадан калган ак шумкар,
Качырып жаны тынбасын.
Эки чоро Семетей,
Шумкардын табын билбецт деп.
Табына жетип салбайт деп.
Элиңер шылдың кылбасын,
Айланайын Канчоро.
Айтканым ушул өзүңө.
Аман-эсен төрөмдү,
Алып келип сен экөөң.
Кечинле көрсөт көзүмө,
Ак шумкар издеп табам деп.
Көйкапка чейин барам деп,
Атыңар чарчап арыбасын.
Арт жагын балдар ойлочу,
Азапка башың калбасын.
Деп ошентип Чачыкей,
Кылтай торгун көк жашыл.
Жибектен кылган суп жоолук,
Көзүн сыйпап болоктоп.
Жеңеңиз ыйлап шолоктоп,
Арманын айтып турду эле.
Колундагы жамбысын,
Чоролорго сунду эле.
Бул эминең жеңе деп,
Күлчоро кандай шум эле.
Жеткире сүйлөп түбүнө,
Ошондо сөздү урду эле.
Аныңды өзүң алыңыз,
Казынаңа салыңыз.
Башы болгон адамды,
Малы жок деп ким айтат.
Түбү болгон жигити,
Дүйнөсү жок деп ким айтат.
Өзү болгон жигитти,
Төөсү жок деп ким айтат.
Ар намыстуу жигитти,
Алтыны жок деп ким айтат.
Бул кылганың жеңеке,
Уят болот сиздики.
Ушул турган элимдин,
Ал түгүл урунган малы биздики.
Андай болбойт жеңеке,
Айып болот сиздики.
Абам көк жал барында,
Ааламдын малы биздики.
Ойлоп көрчу жеңеке,
Олдоксон болот сиздики.
Керек болсо дүнүйө,
Ойрон абам барында.
Оогандын малы биздики,
Капа болбо жеңеке.
Каадасыз болот сиздики,
Кайран баштын барында.
Ал түгүл калмактын малы биздики,
Бизге бара бергениң.
Кырсык болот сиздики,
Кыргыз эмес ал түгүл.
Кытайдын малы биздики,
Полот жеңе макул деп.
Ушундай болот акыл деп,
Жалгыз абам сизге эмес.
Бизге да болот жакын деп,
Капа болуп кам жебей.
Жата бергин жеңе деп,
Ак була жатса алдырбай.
Ак кууга шумкар салдырбай,
Аман-эсен кечинде.
Төрөңдү алып келем деп,
Алып келип жеңеке.
Колуңузга берем деп,
Көп кечигип калдык деп.
Көк жал капа болот деп,
Бура  тартып булт коюп.
Чоролор кетти кылт коюп,

Канчоронун мингени.
Кан Көбөштүн Суртелки,
Күлчоронун мингени.
Абыкенин Актелки,
Эки чоро элбиреп.
Этектери делбиреп,
Этине келген буудандар.
Учкан куш менен жарышып,
Бурап койгон тизгинди.
Тарта албай колу карышып,
Эригип калган чоролор.
Ооздук менен алышып,
Кабылан кайда кетти деп.
Карап көрсө чоролор,
Кең Таластын боюнда.
Кулан корук оюнда,
Бара жатат балкайып.
Жоргону ашчуу жолунда,
Барааны тоодой заңкайып.
Эки чоро жарышып,
Бирде чыгып Актелки,
Бирде чыгып Суртелки.
Үзөңгүлөр кагышып,
Аны муну дегенче.
Ачып көздү жумганча,
Абасына барышып.
Эр Күлчоро кеп айтат,
Кайсы жакка барабыз.
Айланайын абаке,
Кайда шумкар салабыз.
Анда туруп кайран эр,
Чорону карап арсайып.
Күлүстөн төрө Семетей,
Күмүштөй тиши кашкайып.
Ийни кетип шалкайып,
Арыстандай төшү далкайып.
Колундакы ак шумкар,
Колостой болуп кайкайып.
Саймалуу жаргак, кең чалбар,
Садага болуп кетейин.
Кеп уккула жаш балдар,
Бүгүн Нылданын жолун басабыз.
Жоргонун белин ашабыз,
Нылданын бөйрөк сазы бар.
Сазында толгон казы бар,
Азыр барып салабыз.
Ак шумкарга тептирип,
Аңгемеге канабыз.
Кербенчи жолго конду деп,
Келгендин маалы болду деп.
Жаканын чөбү толду деп,
Жайнап жаткан келгинге.
Салуучу маалы болду деп,
Жекендүү көлдүн жээгине.
Жейрендинин кара суу,
Аңыр казы аралаш.
Жыш ургандай толду эле,
Жүргүлө балдар жүргүлө.
Нылдыга азыр жетели,
Сазында аңыр каз болсо.
Шумкарды сала кетели,
Кабылан мындай дегенде.
Эки чоро эр неме,
Кана абаке жүргүн деп.
Карышкырдай жалактап,
Жайбырлата бастырып.
Кылычтары шарактап,
Астынан бирөө кезиксе.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай.
Алгысы келет карактап,
Астындакы буурулду.
Ойноктотуп ойнотуп,
Арыстаның келет залактап.
Аңгычакты болгон жок,
Нылдыга жакын келди эле.

Каз жатканын кабылан,
Анык байкап көрдү эле.
Эр Күлчоро, Канчоро,
Атыңдын башын тарткын деп.
Канжыгаңды чечкин деп,
Добулбасты алгын деп.
Туурасынан качырып,
Заң дедире салгын деп.
Колундагы шумкардын,
Томогосун алды эле.
Көп салынып маш болгон,
Көрө коюп далкайып.
Чечип ийип Ак шумкар,
Канатын күүлөп кайкайып.
Казды көздөй тап коюп,
Колунан кетти шып коюп.
Көтөрүлүп жөндөнүп,
Көрбөй калган өңдөнүп,
Тегеренип жаркылдап.
Жылдызга чыкты баркылдап,
Кана чоро учур деп.
Кана чоро качыр деп,
Кабылан айтып турганда.
Эминеден аянсын,
Эки чоро качырып.
Добулбасты колго алып,
Даң дедире бир салып.
Каздын баарын учуруп,
Аңыр казы аралаш.
Туш-туш жакка чачылып,
Асмандакы Ак шумкар.
Жылдыз учкан немедей,
Тикесинен сайылып.
Тийип чыкса Ак шумкар,
Бир жеринде каз жатат.
Бир жеринде аңыры,
Оозунан кан челип,
Канаттары жайылып.
Атып чыкты асмандап,
Кайта тийет сайылып.
Аңыр казы аралаш,
Түшүп жатат жабылып.
Бали шумкар бали деп,
Эки чоро жалынып.
Ак шумкарды таптаган,
Абасына багынып.
Жерде коруп калганын,
Чалып жүрөт ак тайган.
Бөйрөк сазда оюнду,
Салып жүрөт Ак тайган.
Бөлүнүп бирден учканын,
Тээп жүрөт Ак шумкар.
Болду балдар, болду деп,
Ак тайганды карма деп.
Ашык чуркап койбосун,
Кармап алып байла деп.
Кабылан төрө бакырып,
Меелейин көтөрүп.
Ак шумкар деп чакырып ,
Арстандын үнү чыкканда,
Ээсинин үнүн укканда.
Колуна конду жарк этип,
Алтындаган чагарак.
Чолок боодо шарк этип,
Колуна конуп колжоктоп.
Меелейдеги этине,
Эки чокуп бир чокуп.
Мойнун созуп колжоктоп,
Тосмочолоп шумкарын.
Каргылатып жайганды,
Өзөн суунун боюна.
Кабыландар түшүшүп,
Канжыгада чаначты.
Эр чоролор чечишип,
Бал чайкаган кымыздан.
Баса куюп ичишип,

Ойноктогон тулпарлар.
Оздугун чыгарып,
Орой –орой чалдырып.
Жетелеп суудан сугарып,
Каздарын терип жайланып.
Канжыгага байланып,
Жолго кирди аттанып.
Жоргонун белин ашышып,
Кара арчаны басышып.
Андан шилтеп илдирип,
Мындан шилтеп илдирип.
Канжыганы чоролор,
Каз өрдөкө билдирип.
Анда туруп кабылан,
Кана балдар эмесе.
Капканы көздөй баралы,
Капкадан аркар табалы.
Аркар менен кулжага,
Ак тайганды салалы.
Алты күн болду жебедим,
Аркардын этин сагындым.
Чачыкей сыркоо болгону,
Мылтык атбай куш салбай.
Бир балакетке кабылдым,
Деп ошентип семетей.
Капканы көздөй бет алып,
Ак шумкарды айлантып.
Ак тайганды жойлотуп,
Ана муну дегенче.
Ачып көздү жумганча,
Кирип келди капкага.
Ойноктошуп тулпарын,
Үндөп алып шумкарын.
Ак тайганды карматып,
Кармап алып байлатып.
Кан чорого коштотуп,
Капканы кара жашындап.
Кул жалар жатат даңкайып,
Мүйүз дөрү каркайып.
Аркары жатат топтошуп,
Жайылган койго окшошуп.
Күл эшеним күл чоро,
Сен ары жагынан айлангын.
Жыт алдырбай келгин деп,
Көрөйүн болсоң мерген деп.
Өңү түн таап аткын деп,
Ата албасан жаткын деп.
Күпүлдөшүп кан чоро,
Сен бер жагынан тоскун деп.
Бетиңе келсе аткын деп,
Жаныңа жакын келгенде.
Ак тайгандан каргысын,
Анан кийин тарткындеп.
Акылын айтып балдарга,
Өзү атууга бош эмес.
Ак шумкар бар колунда,
Жаадай буурул ат менен.
Жагалмай учуруп,
Кап каны чыкты жолуна.
Ар жагынан күл чоро,
Айланып жетип өңүткө.
Өңүткө келип өңкөйүп,
Өйдө башын көтөрбөй.
Эңкейгенден эңкейип,
Айры белес ача таш.
Алачыктай караташ,
Арта салып сыр бараң.
Атадан калган мүлк ошол,
Айтбай койсок болобу.
Айта берсе түгөнбөйт,
Сыр барыңдын жомогу.
Сыр бараңдын жонунда,
Арапча жазган каты бар.
Накышдатып ойдурган,
Алтындан канап койдурган.
Алманбет деген аты бар,

Кароолун туура келтирип.
Чыныдай алтын орноткон,
Кароолунун үстүндө.
Көөкардан салган ташы бар,
Он экиде Күл чоро.
Балада болсо куу жолтой,
Алыбеттүү арбайып.
Теминген бүркүт далылу,
Көз ирмебей калжайып.
Как өпкөнүн тушу деп,
Өлчөлүү жери ушу деп.
Машадан жалын чыкканда,
Колтугуна кан жайып.
Түтүн менен аралаш,
Алачыктай сур кулжа.
Куланып кетти дардайып,
Эр Күл чоро кабылан.
Чын мергенчи будагы,
Колтугунан ок көзөп.
Коз голбой кулжа сулады,
Бараӊын таштап жиберип.
Кулжага чороӊ чурады,
Ак жепкенин үстүнө.
Алып келип бөктөрүп,
Алманбет тин кыраны.
Канжыганы кан кылып,
Төрөӊдүн көөнүн жам кылып.
Кара таштын урчукта,
Кайкы белес тумшукта.
Кан чоро жүрөт бакырып,
Кыз-күйөдөй кудуруп.
Аркарлардын чандырын,
Кызыл канга жуудуруп.
Ак тайганга чалдырып,
Чандырынан жардырып.
Кан чоро чыкты бир жонго,
Беш аркарды алдырып.
Күл чоро турат бир жондо,
Кабылан турат туу жондо.
Оо шыралга, балдар шыралга,
Мен дагы мында кубанып.
Баарысын көрүп турамын,
Ак тайгандай кыраанга.
Ак шумкар менен Ак тайган,
Атамдан калган муратым.
Эрмек экен куу жанга,
Ушул Ак тайганды бакпаган.
Кебек берип таптаган,
Кантип кылыч чаппайын.
Абыке, Көбөш урганга,
Оо болсун аба болсун деп.
Эки чоро кыйкырып,
Абасы минтип турганда.
Аркарларын бөктөрүп,
Кабылан тууган Канчоро.
Атка жүктөп артынып,
Улуу суунун боюна.
Алып келип түшүрүп,
Камбыл турган чоролор.
Алеки салам дегинче,
Баарысын союп бүтүп.
Экиден төрт куржун,
Ыраӊы жашыл көк куржун.
Аты куржун дебесе,
Атандык эмес лөк куржун.
Карчыга менен учадан,
Карын май менен төшүнөн.
Куржунга бөлө салышып,
Анча-мынча этинен.
Ак тайганга чалдырып,
Карга-кузгун жесин деп.
Калгандарын калтырып,
Жан казанын асышып.
Жалынын жабаа жагышып,
Карын майын аралаш.
Бортошолоп салышып,

Эки чоро чечинип.
Этти ылдам бышырып,
Тулпарлардын баарысын.
Ээрин алып жайдактап,
Тизгиндерин каңтарып.
Буттарынан баймактап,
Арамзаада куу бейил.
Өзү шыктуу кербез кул,
Камбардын уулу Канчоро.
Камбылдыгын карап тур,
Канжыгада чалынуу.
Эки көөкөр арак бар,
Бал чайкалган кымыз бар.
Төрөлөр иччүү шарап бар,
Көөкөрүн келди көтөрүп.
Сырдаган саптуу жан аяк,
Ак кайыңдын нурунан.
Аралатып алдырган,
Усталарга жардырган.
Устадан уста тандатып,
Кыргы менен кырдырган.
Сары сыр менен сырдаган,
Жан аягын төрөңдүн.
Жамакчылар ырдаган,
Сабына күмүш саптаган.
Сыртын булгаары менен каптаган,
Чагарагы сары алтын.
Жээгинин баары алтын,
Жан аяктын сыртынан.
Оюп шуру чөктүргөн,
Берметтен сирке төктүргөн.
Желини карыш бээ берип,
Жакасы алтын тон берип.
Салбырынга жүрсөм деп,
Элсиз жерге консом деп.
Салтанаттуу кайран эр,
Алдыра жүргөн эмеспи.
Кол канжыга таракка,
Канчорого байлатып.
Алдыра жүргөн эмеспи,
Көөкөрдөгү арактан.
Жан аякка куюшуп,
Абасына сунушуп.
Суусап калган кабылан,
Алтыны тымбай удаа ичип.
Андан калган аракты,
Эки чоро жудаа ичип.
Эт бышты деп Канчоро,
Бор кайнатып чыгарып.
Ат сууту канды деп,
Эр Күлчоро кабылан.
Жетелеп суудан сугарып,
Бетегеси, шыбагы.
Берметтей болуп баш алып,
Кара башыл ыраңы.
Аткарды отко жиберип,
Тамакка келип олтуруп.
Кайсап жулкуп жутушуп,
Жай тамагын ичишип.
Бал чайкаган кымыздан,
Суусундукка жутушуп.
Тамактанып бүтүшүп,
Бешим намаз окушуп.
Беренелүү буурулду,
Алып келип токушуп.
Аттарды токуп жайланып,
Жарактарын байланып.
Кабыландар аттанып,
Алкымды көдөй бет алып.
Кара сууну бойлошуп,
Ээн жерде эки кул.
Эңише кетет ойношуп,
Кара сууну жээктеп.
Ак шумкарды учуруп.
Ак тацганды жойлотуп,
Корозу учат коңгурап.

Жээгиндеги камыштан,
Бостеги учат шыңгырап.
Учканын тебет Ак шумкар,
Жатканын тиштейт Ак тайган.
Кара-Буура, Чаткалга,
Катары менен жайылат,
Астынан учкан оң болсо.
Тээп өтөт Ак шумкар,
Тикесинен сайылып.
Жар айлана куш салып,
Жаргак таман саналып.
Көрүнгөн жерге куш салып,
Көрпө таман саналып.
Көк жалыңдын шумкарын,
Көргөн адам кубанып.
Күркүрөдөн кайрылып,
Кайра тартып келатса.
Ак куржун жатат булайып,
Улуу жолдун боюнда.
Оозунан куржундун,
Табактай була чубалып.
Эки бута бир бута,
Кабылан келет астында.
Эр Күлчоро, Канчоро,
Абасынын артында.
Көрө коюп Семетей,
Катыны эркек туугандай.
Калмактан жылкы куугандай,
Эки чоро кулунум.
Бастыр балдар, бастыр деп,
Мен көргөндү көрдүңбү.
Астыңда олжо жатыр деп,
Канжыгалуу сеңселип.
Эки чоро баатыр деп,
Кербенчи келип конгонбу.
Керектүү жолуң болгонбу,
Базарчы келип конгонбу.
Сенин байыркы жолуң болгонбу,
Шаарчы келип конгонбу.
Шай колдогон чоролор,
Самаган жолуң болгонбу.
Кадимкидей ак олпок,
Каныкей энең иштесе.
Экөөңө болот чак олпок,
Аттан түшө калгын деп,
Ак куржунду алгын деп.
Айланайын Күлчоро,
Атыңа арта салгын деп.
Олжону баатыр табуучу,
Ооруктa жаткан алучу.
Баатыры олжо табычу,
Балалары алучу,
Ырас болот аба деп.
Эр Күлчоро, Канчоро,
Баякынын сөзү деп.
Бир-бирине көз кысып,
Балакеттин өзү деп.
Аттан түшө калышып,
Ак куржунду алышып.
Ак телкинин үстүнө,
Көтөрүп барып салышып.
Айтып коюп табыштап,
Кете берди кабылан.
Сен Канчоро бара бер,
Абакемдин артынан.
Аштыкка тыгып таш кылып,
Таш менен оозун бастырып.
Бекитейин абыдан,
Күлчоро мындай дегенде.
Ушул кебиң акыл деп,
Укмуш болот макул деп.
Кете берди Канчоро,
Абасына жан чоро.
Эр Семетей кабылан,
Алтыным акты дебегин.
Эки чоро барында,

Ажалдан кайгы жебегин.
Күмүшү кетсе чачылып,
Күйүнүп кайда дебегин.
Күлчоронун барында,
Бастыра бергин кенебей.
Куржундакы буланы,
Олжо ордуна теңебей.
Күмүш тактын чатында,
Өзөндүн жээк сазына.
Олуяттын чоң Бакай,
Олуя заада зор Бакай.
Жазкысын бээни туудурган,
Чаначка кымыз буудурган.
Жарым аркан бийиги,
Кара суунун боюнда.
Кашатка ыштап ойдурган,
Алты сабаа, кырк чанач.
Ышка байлап койдурган.
Ыш ышталып бүткөнчө,
Кызматчынын барына.
Күнүнө кысыр сойдурган,
Сары коло жез казык.
Кере кулач кез казык,
Жергелете кактырган.
Желесин чоёо тарттырган,
Бакайдын кылган бул ишин.
Бадышаң Манас жактырган,
Байтал бээнин кулунун.
Жыбырата байлаган,
Субайларын бөлдүрүп.
Суусамырга айдаган,
Сабадакы кымызы.
Шакардай болуп кайнаган,
Он сабаага толгондо.
Кымызы ачып болгондо,
Жылкыдан тандап сойдурган.
Үлүш берип той кылган,
Олууяттын кан Бакай.
Жетпегенге жең болуп,
Тойбогонду тойдурган.
Ошол Бакайдан калган ыштыкка,
Кабылан чоро келди эле.
Өзу кандай эр неме,
Ак телкинин үстүнөн.
Чоң куржунду алды эле,
Өзу камбыл мыкты эле.
Шамдагайы ушундай,
Ак куржунду ыштыкка.
Тээп туруп тыкты эле,
Алачыктай кара таш.
Алып келип бастырып,
Жат атаңдын көрү деп.
Таш менен оозун таш кылып,
Абасынын артынан.
Күлчоро кетти басытрып,
Кан Акундун чүрөгү.
Аттай туйлап жүрөгү,
Аттанып кеткен бастырып.
Чүрөктү чоро билеби,
Акун кандын Айчүрөк.
Капырай кандай болгон деп,
Бу кан чычкан Күлчоро.
Мени кайдан билип калган деп,
Жети оозуна келип алып.
Жети кайра дем салып,
Алты оозуна келме алып.
Аят окупи дем салып,
Өзү балбан шуркуя.
Ташты тээп идерип,
Алачыктай кара таш.
Ыргыта тээп жиберип,
Жандап учуп кыпылдап.
Жагалмайдай шыпылдап,
Жерендүүнүн оюнда,
Кара суунун боюнда.
Кан Семетей бенденин,

Бара турган жолунда.
Кайберен иччүү башатка,
Кайнар була кашатка.
Кечүүнүн туура көзүндө,
Келер жолдун өзүндө.
Ак каңылтыр май чабак,
Жаткан экен жыйылдап.
Кумурускадай быкылдап,
Ошондо Чүрөк барды эле.
Чабак менен аралаш,
Ыргып түшүп култулдап.
Суу түбүндө жылтылдап,
Эр Семетей көк жалдын.
Жолун тосуп калды эле,
Эки чоро султаның.
Жакын кирип барды эле,
Чачыкей айткан кеби бар.
Ошол жерден теги бар,
Эки чоро кеп кылып.
Акылдашып сүйлөшүп,
Ошол жерден шек кылып.
Ээрдин тиштеп көз кысып,
Эр Канчоро кеп айтып.
Айланайын Күлчоро,
Кара суугa барчы деп,
Барып кечүү чалчы деп.
Ордою болуп жүрбөсүн,
Же кордою болуп жүрбөсүн.
Тартмасы болуп жүрбөсүн,
Баткакка барып жыгылып.
Жатмасы болуп жүрбөсүн,
Барып чалып келгин деп.
Кечүүсү болсо кечкин деп,
Жаман болсо кечүүсү.
Кайта бери тарткын деп,
Канчоро айтат мындай кеп.
Ушу кебин макул деп,
Уга турган акыл деп.
Эр Күлчоро кабылан,
Ак телкини чуратып.
Артынан чаңын буратып,
Кара суунун башатка.
Кайнар булак кашатка,
Кечүүнүн туура көзүндө.
Кечер жердин өзүндө,
Ак каңылтыр май чабак.
Аралашып быкылдап,
Тилингени билинбей.
Балыр менен аралаш,
Жайнап жатат былкылдап.
Балыктын берки четинде,
Суу түбүнөн жылт этип.
Алда нече кылт этип,
Алтындай болуп жаркырап.
Ыргып чыгат култ этип,
Кайта түшөт чулт этип,
Капырай кандай укмуш деп.
Чачыкей айткан ушу деп,
Астындакы Ак телки.
Сандан ары бир салып,
Качырып кирди түйүлтүп.
Кашаттын кумун куюлтуп,
Балырдын баарын агызып.
Балвктын баарын качырып,
Кара балчык тартма деп.
Ат жыгылып жатма деп,
О Канчоро абаке.
Өөдө карай тарткын деп,
Кайра тартып култ койду,
Абасын көздөй булт койду.
Кашат менен сыдырып,
Кара сууну кыдырып.
Кашаттын кууш жеринен,
Кара суунун жээгинен.
Ак телкини сүрүлтүп,
Кабылан чоро турабы.

Аттатып өттү түйүлтүп,
Канчоро менен Семейтей.
Барысы өттү башаттан,
Кара суунун кашаттан.
Тулпарлар оозун бурушту,
Таласты бойлоп жүрүштү.
Эчкинин тоосун этектеп,
Өзөндү бойлоп жээктеп,
Кең өзөндү бойлотуп.
Куу  тайганды жойлотуп,
Коё берип шумкарды.
Тегеретип ойнотуп,
Тайган жүрөт учуруп.
Шумкар тээп түшүрүп,
Качса алат Ак тайган.
Учса тебет Ак шумкар,
Тепсе жерден учурбайт.
Тебишке болгон маш шумкар,
Кабылан султан Семетей.
Болду балдар болду деп,
Кыржунуңар толду деп.
Карма тайган карма деп,
Каргысын салып байла деп,
Бүгүн катуу чуркап койду деп.
Бузулуп калат Ак тайган,
Аркар менен куушуп.
Катуу чуркап койду деп,
Кечке кыстап кетти деп.
Кетер убак жетти деп,
Ак шумкарын чакырып.
Үндп алып колуна,
Түшө турган болду эле.
Кабылан төрөң жолуна,
Эки чоро теңешип.
Акылдашып кеңешип,
Абыкеме барсак деп.
Шумкарын сурап алсак деп,
Кабылан тууган Канчоро.
Күлчорого мындай деп,
Ак куржундун түбүндө.
Сактап койгон арак бар,
Жол боюна түшсөк деп.
Жарымын чогу жуткузуп,
Калганын бөлүп ичсек деп.
Арак берип аалытып,
Сөзгө кармап саалытып.
Ала көөдөн баатырын,
Ак көңүлүн карматып.
Шумкарын сурап алалык,
Айылга кете бергин деп.
Абамды жолго салалы,
Балакеттүү ак куусу.
Жолдон чыгып калабы,
Жоболоңдуу куу болуп.
Бизди бир балага салабы,
Чачыкейдин айтканын.
Баарысын көрдүм келе атып,
Же айтканым менин чалабы.
Балакетти баштабай,
Аман үйго баралы,
Канчоро айтат мындай деп.
Эр Күлчоро макул деп,
Бул айтканың акыл деп.
Кана эмесе Канчоро,
Абакемди чакыр деп.
Көлөкөлүү майданга,
Көк имберге түшөлүк.
Түшүп туруп Канчоро,
Анан кийин ичелик.
Күлчоро мындай дегенде,
Эр Канчоро кыйкырып.
Абакелеп чакырып,
Атыңдын оозун бургун деп.
Азыраак сабыр кылган деп,
Эки чоро жарышып.
Шыбыраша сүйлөшүп,

Шаңкылдаша күлүшүп.
Абасына барышып,
Эр Канчоро кеп айтат.
Азыраак арак калды эле,
Жутабызбы деп айтат.
Кабылан султан кайран эр,
Ойлогон ичте дарты бар.
Оңурая тиктесе,
Шер көздөнүп каркы бар.
Капа болгон кезинде,
Канча болсо арактан.
Иче берме салты бар,
Эр кишинин жолдошу.
Аракта мындай баркы бар,
Улутунуп жиберсе.
От аралаш көк түтүн,
Оозунан чыгып буркурап.
Көзүнөн чыккан ызгаары,
Көөрүктө оттой шыркырап.
Күлүмсүрөп арсайып,
Күмүштөй тиши кашкайып.
Кана арагың болсо куйгун деп,
Атчан ичем сунгун деп.
Камбыл чоро кабылан,
Суусунуңду абаке.
Кандырайын абыдан,
Деп ошентип Канчоро.
Көөкөрдөкү арактан,
Жан аякка жайната,
Эр Канчоро куйду эле.
Күлчоросу сунду эле,
Эңсеп турган эр неме.
Дем албай тартып ийди эле,
Жана чоро куйду эле.
Жана бирди сунду эле,
Жана тартып ийди эле.
Дагы чоро куйду эле,
Дагы бирди сунду эле.
Үч жан аяк аракты,
Удаа тартып ийди эле.
Эми балдар болду деп,
Суусунум канды деп.
Болду балдар болот деп,
Башка арагың жок болсо.
Силерге калбай калат деп,
Насыбай деген зан талак.
Кумары кармап анталап,
Чакчасы сары алтындан.
Ал чакчанын бетинде,
Атасы Манас көк жалдын.
Сүрөтү бар тартылган,
Төкөр уста бөлөкбай.
Өнөрү жандан артылган,
Чакчаны кармап колуна.
Далайга тиктеп турду эле,
Улутунуп үшкүрүп.
Алаканга куйду эле,
Таңдайына урду эле.
Алая карап кайран эр,
Кумары канып турду эле.
Абамдан арткан арак деп,
Жана чоро куйду эле.
Күлчорого сунду эле,
Мен ичейин артканын.
Деп ошентип Күлчоро,
Кайта Канчоро сунду эле.
Канчоро карап турабы,
Жутуп ийди көтөрүп.
Кайта куйса толгон жок,
Калган экен бөксөрүп.
Аны Күлчоро жутту көтөрүп,
Алып барып көөкөрүн.
Ак куржунга табыштап,
Суртелкиге аттанып.
Эр Канчоро сөз баштап,
Кайран чоро каркы бар.

Бетке чабар, көзгө айтма,
Чубакты тарткан салты бар.
Атасы Чубак эр эле,
Ааламды бузган шер эле.
Кече Бээжинге казат кылганда,
Кошомат кылып бүжүрөп.
Коркуп калбай Манастан,
Бээжиндин жолун чалам деп.
Мен дагы бирге барам деп,
Кан Алманбет беренди.
Калмактан келген арам деп,
Бээжиндин жолун талашкан.
Ошол Бээжин казатта,
Өрт каптаган азапта.
Кытайдын көбүн жайлаган,
Бээжинге сүрүп айдаган.
Кыргын көрүп Чубактан,
Кытайдын шору кайнаган.
Нескарасын баш кылып,
Он сегиз дөөсүн байлаган.
Ошондой Чубак эр эле,
Жумуру баштуу бендеден.
Туура айтып бетке айткан,
Чубактай болбойт деги эле.
Канчоро жайын сурасаң,
Кабылан Чубак баласы.
Кайран Чубак көк жалдын,
Боюнан чыккан сарасы.
Канчоронун эрдигин,
Ушул жерден карачы.
Айланайын аба деп,
Айтпаса билбейт экенсиң.
Акыл-эсиң кана деп,
Колуң менен чоңойткон,
Мен да сенин балаң деп.
Айда шумкар аласың,
Абаке колуң талбайбы.
Ар качан өзүң саласың,
Күндө шумкар аласың.
Көк жалым колуң талбайбы,
Күбүлдөп өзүң саласың.
Бердим шумкар алгын деп,
Мыына шумкар салгын деп.
Эркелетсе не болот,
Биздей жетим баласын.
Жетимдигин билгизбей,
Басып койсо болбойбу.
Балдарынын санаасын,
Алманбет менен Чубактай.
Атаң көк жал Манастай,
Эркелетип бакбасаң.
Анан бизди кайдан табасың,
Эр Канчоро кабылан.
Арак ичкен кызымтал,
Абасынан тайманбай.
Канчоронун бул сөзү,
Жүрөккө тийип сайгандай.
Көп ойлонгон капасы,
Жүрөгүндө муң калбай.
Күлүп ийди кашкайып,
Кабылан төрө аймаңдай.
Ыраазы болуп сөзүнө,
Ыракмат айтып өзүнө.
Айланайын кулунум,
Эки чоро туйгуну.
Кандан тилин тарпаган,
Кабылан чоро булбулум.
Аргымак жыйдым, ат жыйдым,
Эки чором минсин деп.
Үрпүян жыйдым, бул жыйдым.
Каныкей менен Чачыкей,
Ошол экөө кийсин деп.
Ак олпок тонду кийгиздим,
Кажыбай жоого тийсин деп.
Качкан жоону куудурдум,
Жүрөгү майлуу болсун деп.

Асырап багып алп кылдым,
Кармашканын сойсун деп.
Калайман салып душманга,
Кашайта көзүн ойсун деп.
Каныкейдин эмчегин,
Мен да эмдим, сен эмдиң.
Энекемдин эмчегин,
Эки чоро тең эмдиң.
Өзүм менен тең кылдым,
Эки чоро султаным.
Кай жериңден кем кылдым,
Буурулду бердим мингиздим.
Буулумду бердим кийгиздим,
Суусардан бөрктү кийгиздим.
Сулуудан тандап сүйгүздүм,
Кара саат Канчоро.
Сен калп эле жанды күйгүздүм,
Качан шумкар бербейм деп.
Катуу тилим тийгиздим,
Мына шумкар алгын деп.
Мына шумкар салгын деп,
Шумкар салып сен экөөң.
Кечикпей эрте келгин деп,
Арак ичкен масыраак.
Ар нерсе түшүп оюна,
Наалып кетип азыраак.
Мегин чоро, мегин деп,
Мээлейин колдон чыгарып.
Канчорого берди эле,
Жанында турган Күлчоро.
Жалаңдаган шум чоро,
Агадан болот урмат деп.
Иниден болот кызмат деп,
Боосунан кармап калды эле.
Баланын шагы сынат деп,
Эр Канчоро кабылан.
Күлчорого берди эле,
Шумкарды сурап алышып.
Эки чоро жарашып,
Ак шумкарды саксак деп.
Алдырып үйгө кайтсак деп,
Ээлендирип бууданын.
Алдап алып шумкарын,
Көрдүңбү чоролордун кууларын.
Тамандатып талпынтып,
Алдап алып шумкарды.
Энеси эркек туугандай,
Эр тиштен жылкы куугандай.
Тулпарларын зыргытып,
Асманга чаңын ыргытып.
Карачы эки чоро кумбарды,
Арт жагында Семетей.
Баса кийип барбайып,
Башында суусар тебетей.
Буурул атты булкунтуп,
Бугудан чылбыр жулкунтуп.
Булчуңга тартып жиберсе,
Ала качып аркырап.
Артынан чаңы баркырап,
Ташка тийсе туягы.
Дары койгон эмедей,
От чачылып жаркырап.
Аягында даңканы,
Таан учкан эмедей.
Найза бою зыркырап,
Кунан чабып, тай чабып.
Астынан кеткен чоролор,
Жандап өттү дыркырап.
Пашын жерге чуркурап,
Туягын жерге мылгытып.
Эки ачынган союлгур,
Үстүңдөкү төрөңдү.
Тебетейден ыргытып,
Аны мына дегенче.
Чай кайнатым болгончо,
Ала-Көлдүн жээгине.

Кабылан султан кайран эр,
Жетип кана келди зыргытып.
Ала-Көлдүн жээгинде,
Тай чабым жерде сазы бар.
Ал сазынын үстүндө,
Аңыр менен казы бар.
Карап турса тим эле,
Илбээсиндин баары бар.
Ала-Көлдүн үстүндө,
Кыл куйругу кылкылдап.
Кызыл башы былкылдап,
Тилингени билинбей.
Саңга толуп быкылдап,
Кайнап жатат жыкылдап.
Кайырмасы каркылдап,
Аңыр казы аңкылдап.
Канаты менен куйругун,
Суугa салып шарпылдап,
Кара казы каңкылдап.
Карап турса кабылан,
Куу, чуу үн чыгат.
Куунун үнү бек чыгат,
Куунун учкан табышы.
Кулак мээсин жеп чыгат,
Бурулуп үстүн караса.
Үзүктөй болгон бирок куу,
Бооруна күмүш чаптаган.
Сыртына алтын каптаган,
Үлпүлдөгөн чоң ак куу.
Болот тумщук жез канат,
Болжолу жок зор ак куу.
Үстү менен куулдап,
Канат куйрук шуулдап.
Үстү менен айланып,
Ала-Көлдүн жээгине.
Жекен менен аралаш,
Барып конду жайланып.
Капырай кандай сонун деп,
Карачы башка боорум деп.
Өмүрүмдө Таластан,
Мындай кууну көрбөдүм.
Кайдан келип калган деп,
Кайра тартып кылт коюп.
Кабылан султан кайран эр,
Кабакка кирди жылт коюп.
Кайрылып артын караса,
Чоролор алыс калыптыр.
Абамдай бизди көрбөйт деп,
Алактаган ак шайтан.
Жакшы жойлоп бербейт деп,
Ак шумкар менен урушуп.
Үндөсөк колго келбейт деп,
Алдырып канды көп чокуп.
Муну кудай уруп салыптыр,
Шумкары жакшы ала албай.
Жай бастырып алыптыр,
Аны көрүп кабылан.
Шал тийгендей шалкайган,
Шайтан баскан эки ит.
Жай бастырып залкайган,
Күн да батып кетти деп.
Кенебеген эки кул,
Кечигип түпкө жетти деп.
О бастыр, чоро бастыр деп,
Балакет сени баскыр деп.
Буларды кара басып калганбы,
Жерге кирип кеткир деп.
Бакыргандан бакырып,
Кыйкыргандан кыйкырып.
Бар караган кайран эр,
Тебетейин булгалап.
Канчоролоп чакырып,
Батыраак алып келгин деп.
Салбасаң кара жерге кир,
Шумкарды маага бергин деп.
Кабылан турат бакырып,

Канчоролоп чакырып.
Кыйкырыгын укканда,
Баркырап үнү чыкканда.
Кудай муну урган го,
Чачыкей айткан баяке.
Куусун көрүп турганго,
Балакет дагы болгон го.
Бат барбасак болбойт деп,
Капа болуп калат деп.
Ак шайтаны кармаса,
Азапка бизди салат деп.
Кашайта көздү оёт деп,
Каары келсе сойот деп.
Эки чоро кабылан,
Олбуп-солбуп теминип.
Буудандарын булкунтуп,
Жетип келди демигип.
Ала качып жулкунуп,
Аттары кандай ээлигип.
Жерди оё бастырып,
Кабылан турат ошондо.
Жеп ийчүдөй көрүнүп,
Баш ооруган немедей.
Балдар бастыраның жаман деп,
Эртеден бери изденип.
Эки чоро кулум,
Мен ак курну кайдан табам деп.
Мен билгенди билдиңби,
Тетиги курну көрдүңбү.
Куудан башка куу экен,
Канаты алтын буу экен.
Башка куудан чоң экен,
Баш жагында кашаттан.
Томогосун алып көр,
Алыстыгы болбосо.
Шилтегенге оң экен,
Көрө коюп Күлчоро.
Макул аба макул деп.

## АЙЧҮРӨК АК ШУМКАРДЫ АЛА КАЧКАНЫ

Капырай кандай сонун деп,
Бул Таластагы куу эмес.
Кайдан келип конду деп,
Алып берсе шумкарың.
Айланайын абаке,
Менин жолум болду деп.
Кайра тартып кылт коюп,
Кашатты көздөй жылт коюп.
Кара суунун башаттан,
Кабылан чоро турабы.
Качырып чыгып кашаттан,
Ак куруга көзүн салды эле.
Көрө коюп Күлчоро,
Аң-таң болуп калды эле.
Болот тумшук, жез канат,
Куудан башка чоң ак куу.
Бotoдой мойну койкоюп,
Боруму башка бул ак куу.
Куудан башка үн чыгып,
Какылдап оттоп калыптыр.
Суга башын салыптыр,
Суу түбүндө балырды.
Чубалтып сууруп алыптыр,
Кызыктырып шумкарды.
Канаты менен көл сабап,
Куйругу менен жер сабап.
Жүнүн чачып силкинип,
Жекенди желпип койкоктоп.
Канатын күүлөп желпинип,
Каздай болуп байпактап.
Эр Күлчоро кабылан,
Кайра тартып шумкарды.

Жан башына салды эле,
Томогосун алды эле.
Көрө коюп жылмайып,
Мээлинге жата калды эле.
Кайра тартып талпынтып,
Тамандатып дайрытып.
Томогосун катты эле,
Айланайын аба деп.
Кулак салчы мага деп,
Желге жүнү сары экен.
Уя баскан куу экен,
Чүрбөсү мунун бар экен.
Куудан башка куу экен,
Канаты алтын буу экен.
Канаттуу куш дебесек,
Мунун касиети бар экен.
Уялуу куугa салбайлы,
Балакетке калбайлы.
Мындай куусун көрбөдүм,
Кең-Кол менен Таластын.
Таалайыңа туш болуп,
Ушул Талас жериңе.
Келдиби деп ойлоймун,
Арбагы колдоп Манастын.
Кум талаанын чөлүндө,
Куу ингендин белинде.
Кабарчысы Калдайдын,
Куу өрдөгү бар деген.
Жез канаттуу куу өрдөк,
Кабарчысы бу өрдөк.
Душманга жолу тар деген,
Ошондой болуп жүрбөсүн.
Таалайыңа келбесин,
Ушуга шумкар салбайлы.
Бир балаага калбайлы,
Койгун аба кетели.
Айылга эрте жетели,
Кан Бакайга баралык.
Касиеттүү жан эле,
Сары таз менен Бакайга.
Барып акыл салалы,
Салба десе салбайлык.
Таалайга каршы болбойлук,
Сал десе Бакай, Сары таз.
Ак шумкарды абаке,
Тап этине келтирип.
Анан кайра келелик,
Тилимди алсаң абаке.
Ошентип шумкар салалык,
Күлчоро мындай дегенде.
Кабылан султан кайран эр,
Бир кыялы кармаса.
Баладан жумшак элпек эр,
Бир кыялы кармаса.
Сууга сийген тентек эр,
Кабылан көзү чачырап.
Кашка тиши качырап,
Кандуу эти бозоруп.
Жаадай болгон буурулду,
Такымдан ары бир салып.
Күлчорого түз келип,
Уялуу куугa салбайм деп.
Уруп кеткен кызталак,
Убалына калбайм деп.
Балалуу куугa салбайм деп,
Балаа баскан акымак.
Балакетке калбайм деп,
Каргышы болот салбайм деп.
Каргышына калбайм деп,
Бакай менен Сары таз.
Абакеме барсак деп,
Акыл салып көрсөк деп.
Абам Бакай сал десе,
Анан бирсүгүнү келсек деп.
Ажалдан алып калуучу,
Андай олуя болсо абакең.

Ажалдан алып не калбайт,
Менин атам Манасты.
Манас менен кошо өлүп,
Башынан акыл адашты.
Өзөлөнө келгенде,
Мен өз атамды өлтүрдүм.
Башын кесип Жакыптын,
Жай жерине келтирдим.
Кана менин өлгөнүм,
Кан абам деп өкүрүп.
Кана сенин көмгөнүң.
Найзамдын учун шай кылдым,
Абыке менен Көбөштү.
Катары менен жай кылдым,
Кырдын баарын жай кылдым.
Кычыгыма тийгенде,
Кырк чорону жай кылдым.
Кана маага каргыш тийгени,
Кана Семейтей жерге киргени.
Кара Кочкор боюнда,
Куу дөбөнү шай кылдым.
Куун эмес кызталак,
Сенин кубарыңды жай кылдым.
Мени тамаша кылгың келеби,
Шайтаным кармап келгенде.
Таластын суусун сай кылдым,
Чачырап кеткен элимдин.
Баарысын жыйнап бай кылдым,
Баласың чором билип ал.
Сенин мадээриңди жай кылдым,
Кудайдан каргыш болбосо.
Куудан каргыш тийеби,
Ак сары башыл экен деп.
Ак шумкар аны билеби,
Кумуштуу куу экен деп.
Ушундай жинге тийеби,
Деп ошентип Семетей.
Кондуруп турган чоронун,
Жулуп алып колунан.
Имере тартып бастырып,
Чыгайын деп оңунан.
Аңгычакты күн батып,
Кут чабыты болгон кез.
Өзөндү бойлоп жел жүрүп,
Чөп желпинип канган кез.
Касиеттүү Таластын,
Теректери шуулдап.
Тебелди учуруп,
Жел аргысы зуулдап.
Баса кийип балкайып,
Бадыша төрөң залкайып.
Тартып алып талпынтып,
Тамандатып даайратып.
Чабыттап калган экен деп,
Кыска кармап кыпыйтып.
Чолок боосун бекемдеп,
Айланайын шумкарым.
Алып берер бекен деп,
Кыз такыя дөбөчөк.
Куuга туура келиптир,
Бет алар жерин өлтүрүп.
Томогосун шыпырып,
Көрө коюп Ак шушкар.
Мээлейге жатты жымыйып,
Боортоктоп кымыйып.
Эр Семетей көк жалың,
Колундагы шумкарды.
Ылдыйлатып олтуруп,
Үзөнгүгө келтирип.
Кайра тартып имерди,
Таманга түртүп жиберди.
Адис болгон Ак шумкар,
Колунан кетти шып этип.
Жер каймактап жып этип,
Ирмеп-ирмеп жаныбар.
Кым-кым этип кым этип,

Чолок боо жерде шыпырып.
Шыбактын башы шырп этпей,
Чөптүн башы былк этпей.
Кыргыйектей кыпылдап,
Жагалмайдай шыпылдап.
Кызыктырып Айчүрөк,
Куу жекенге корголоп.
Учпай турат кукулдап,
Балакетти салат деп.
Учбай туруп алат деп,
Добулбасты колго алып.
Буурулду санга бир салып,
Астындакы Тайбуурул.
Жаадай учуп закымдап,
Жарым бута, бир бута.
Ак шумкарга жакындап,
Эр Семетей бакырып.
Эки чоро кыйкыр деп,
Добулбасты бир салып.
Жакын кирип барганда,
Куу жекенге корголоп.
Учпай туруп алганда,
Атып чыкты жаркырап.
Абакеңдин шумкары,
Асманга кетти зыркырап.
Кудай уруп салат деп,
Куу жекенге корголоп.
Учбай жатып алат деп,
Ийниндеки ак келте.
Жулуп алып аткылап,
Тоо көчүрүп Семетей.
Добулбасты каккылап,
Ок жаңылып кетер деп.
Окус болом бекер деп,
Көлдөн учуп жөнөдү.
Канатын суугa чапкылап,
Алача моюн чоң ак куу.
Бири учуп, бир конуп,
Көлдөгү өрдөк ызычу.
Аңыр, өрдөк аңкылдап,
Кара каздар каң кылдап.
Көлдөн учуп жөнөдү,
Канатын сууга чапкылап.
Алача моюн чоң ак куу,
Бири учуп, бир конуп.
Көлдөгү өрдөк ызы-чуу,
Аңыр, өрдөк аңкылдап.
Кара каздар каңкылдап,
Көлдүн үстү чуу болуп.
Анын көркөмдүүсү куу болуп,
Үстүндө турган ак шумкар.
Оң чалгынын кымпыйтып,
Сол чалгынын жымпыйтып.
Жебеден мурун жетти эле,
Оң мүрүүгө тепти эле.
Тээп ийип Ак шумкар,
Асмандап атып кетти эле.
Тепкенде жүнү чачылып,
Көтөрүп уча албай.
Көлдү көздөй салаңдап,
Канаты сынып калгандай.
Кайрылып келип Ак шумкар,
Асмандан илди бөктөрүп.
Алып түштү көтөрүп,
Бирде үстүнө суу чыгып.
Атчан көлгө качырып,
Алаканын бир салып.
Өлүп кетер бекен деп,
Ак шумкарым тумчугуп.
Камчыланып теминип,
Кабылан султан демигип.
Шашканынан байкабай,
Кара баткак сормону.
Кайран эрдин тулпары,
Кара баткак тартмага.
Кар жиликтен орноду,

Аттан түшө жүгүрүп.
Айласы кетип бүлүнүп,
Каныма бешмант кыл торго.
Ийнинен чечип ыргытып,
Кепичи жок маазычан.
Тебетей жок топучан,
Тизесинен суу болуп.
Кемсели жок көйнөкчөн,
Жетемин деп жете албай.
Жетип кармап ала албай,
Мүчүгөндөн мүчүтүп.
Тереңди көздөй Айчүрөк,
Ак шумкарды чумкутуп.
Өксүткөндөн өксүтүп,
Жаза-буза карматып.
Эмчегинин суу кылып.
Төрөңдүн ичин уу кылып,
Чолок боонун түбүнөн.
Капшыра кармап тартты эле,
Киши экенин Ак шумкар.
Билип алып жаныбар,
Чыркырап кайра качты эле.
Колтугуна басты эле,
Алачыктай чоң ак куу.
Абакеңдин шумкарын,
Асманга алып учту эле.
Кушу алып кеттиби,
Же куусу алып кеттиби.
Түбүмө чогу жеттиби,
Капырай кандай сонун деп.
Кандай укмуш болду деп,
Өтүгүнө суу толуп.
Белчесинен суу болуп,
Ала байрак ак топу.
Колуна кармап чакырып,
Ак шумкар деп бакырып.
Асманды карап алайып,
Семетей калды кыйкырып.
Ак шумкар деп чакырып,
Асманга туман уютуп.
Тумшукка туман тургузуп,
Ала канчык шыбыргак.
Шыпылдата ургузуп,
Адаштырып Айчүрөк.
Алып кетти шумкарды,
Асмандан жамгыр куйгузуп,
Кай кеткен дайнын биле албай.
Кабылан көк жал кайгырып,
Өрттөнүп ичи от болуп.
Атасы өлгөн эмедей,
Ак шумкардын айрылып.
Издөөгө жок белгиси,
Чорону келбейт көргүсү.
Жан көрүнбөй көзүнө,
Төрөңдүн келип өлгүсү.
Тебетейи бир жерде,
Кепичи калган бир жерде.
Кийими жатат чачылып,
Тиги жерде, бул жерде.
Кийимин сыгып кийинип,
Кабагы таштай түйүлүп.
Ак шумкардан айрылып,
Өрт болуп ичи күйүнүп,
Кайда кеткен дайыны жок.
Ак шумкардан түңүлүп.
Кемерин белге курчанып,
Ак келтесин асынып.
Кызыл өңү сур чалып,
Каны калбай бетинде.
Каарланып кумсарып,
Күүгүмдө туман көздөнүп.
Ээрдин тиштеп кезенип,
Капаланып камсыгып.
Тайбуурулга аттанып,
Күпүлдөгөн Күлчоро.
Күл эшеним Канчоро,

Келгин балдар бери деп.
Кеп айтайын эми деп,
Билгениңди чоролор.
Жашырбай айтып бергин деп,
Эки чоро Чачыкей.
Азыр айтып берейин,
Силердин кебиңерди белгилеп.
Экөөң барып жеңеңден,
Жообун алып келгин деп.
Эгер айтып бербесең,
Жообун алып келбесең.
Ажалың менин колумда,
Үчөөң бирдей өлдүң деп.
Көп айтпайбын силерге,
Көргүлдүктү көрдүң деп.
Бакшы болгон жеңеңер,
Бүгүн төрөм барба деп.
Кууга кушуң салба деп,
Менин сөзүм карма деп.
Кууга салып кушуңду,
Балакетке калба деп.
Башта бакшы болбогон,
Бакшы болуп калыптыр.
Баарысынан көзү ачык.
Жакшы болуп калыптыр,
Алтын боосун тытат деп.
Ак шумкарды салбагын,
Айды карай сызат деп.
Күмүштөн боосун тытыптыр,
Күн чыгыш көздөй сызат деп.
Чачыкей айткан кеби бар,
Бир шек урган жери бар.
Кара мүртөс ит эле,
Катуу айтпай жай айтып.
Өзүнө акыл сала айтып,
Эки чоро барып кел.
Барып жообун алып кел,
Мен каламын талаада.
Калбай силер балаага,
Чачыкей жалгыз өзү эмес.
Канчоро менен Күлчоро,
Силер да каласыңар жалаага.
Дагы айтар кебим бар,
Канчоро менен Күлчоро.
Сен экөөңдөн шегим бар,
Шумкарыңды салба деп.
Балакетке калба деп,
Эми эле сенин айткан жериң бар.
Качан айттым аба деп,
Эки чоро кызталак.
Кантип табар эбиң бар,
Бар чоролор барып кел.
Ак шумкар дайнын таап кел,
Айтып берсин шумкарды.
Арытпасын тулпарды,
Айтып берсе шумкарым.
Арытбаса тулпарым,
Артылта камчы чаппайын.
Астына күнү албайын,
Үйрүлтө камчы чаппайын.
Үстүнө катын албайын,
Качан болсо каныштын.
Айткан тилин алайын,
Барба деген жагына.
Башымды кессе барбайын,
Айткан кебин өлгөнчө.
Көңүлүмө кармайын,
Андан кийин Чачыкей.
Агызып ийсе алтыным,
Назарымды салбайын.
Эркелик кылып Чачыкей,
Айтпай койсо шумкарды.
Арытам десе тулпарды,
Кылбаганды кылып кел,
Таманына туз салып.
Согончогун тилип кел,

Чачын кесип чултуптуп.
Мурдун кесип мултуйтуп,
Элге кылып шерменде.
Эки бетин тултуйтуп,
Кементайды кийгизип.
Кер байталга мингизип,
Төркүнүнө жеткизип.
Каныкейдин колуна,
Кара бет деп берип кел.
Так ошондой кылбасаң,
Тирүү келбей кызталак.
Эки чоро өлүп кел,
Айтканымдай жайлап кел.
Аркага колун байлап кел,
Көрбөгөнүн көр кылып.
Жебегенин бок кылып,
Жергеде мындай жок кылып.
Урулуу элге кеп кылып,
Төркүнүн көздөй айдап кел.
Эгер муну кылбасаң,
Эки чоро кызталак.
Кепиниңди камдап кел,
Түндөп барып кайтып кел.
Ак шумкар дайынын билбесең,
Аңгеме жок сөзүмө.
Эки чоро кызталак,
Сен экөөң ыйманыңды айтып кел.
Арамың ушул эмеспи,
Бүгүн таап алган талаадан.
Ак була кайда тапкын деп,
Ак куугa шумкар салба деп.
Жана чором айтың деп,
Ак шумкар дайынын таппасаң.
Чоролор башың чаптым деп,
Азыр барып чоролор.
Аныгын билип келгин деп,
Аныгын билип келбесең.
Анан чором өлдүң деп,
Ак шумкар дайынын айтпасаң.
Эки чоро Чачыкей,
Сен үчөөң көргүлүктү көрдүң деп.
Азыр экөөң баргын деп,
Аныгын айтып келгин деп,
Тараза жылдыз батканда.
Таң кашкайып атканда,
Кечикбей жообун бергин деп.
Аныгын айтып келбесең,
Ачык жообун бербесең.
Эки чоро, Чачыкей,
Силердин көрбөсөм.
Айтканымды кыламын,
Кылып жаным тынамын.
Ажалым жетип өлбөсөм,
Туубай туна чөгөйүн.
Семетей болбой өлөйүн,
Айтканыма чоролор.
Көнбөй койчу көрөйүн,
Жети ороййду сыдырып.
Ак шумкардын дартынан,
Жердин баарын кыдырып.
Жет кайтка чейин барбасам,
Ак шумкарды таппасам.
Таба албасам шумкарды,
Талкалап баарын чаппасам.
Ак шумкардын дартынан,
Ааламга жаңжал салбасам.
Каным менин  Ак шумкар,
Атадан калган муратым.
Жаным менин  Ак шумкар,
Алты оройду сыдырып.
Ат өлчү жерге кыдырып,
Ак шумкардын дартынан.
Бээжинге чейин барбасам,
Кытайга жаңжал салбасам.
Ак шумкардын дартынан,
Ажыдаар менен арбашам.

Адамдын алпы Коңурбай,
Так эле ошону менен кармашам.
Эки чоро кызталак,
Бачым барып, бачым кел.
Келип жообун бачым бер,
Эки чоро, Чачыкей.
Жутуп ийип чайнасам,
Айтканыма болбосоң.
Жеп ийемин каргасам,
Деп ошентип Семетей.
Колундакы сыр найза,
Жерге карай сайды эле.
Жаадай болгон буурулду,
Аса байлап салды эле.
Ээрин алып жайдактап,
Бир бутунан баймактап.
Кабыланы баштанып,
Ак каңкыны жазданып.
Ичине жибек иштеген,
Тышына нооту тыштаган.
Аю тери көрпөчө,
Алты бүктөп салынып.
Каарланып кайран эр,
Ак жолборстой чалынып.
Жакасынан бир жыттап,
Ак олпок тонду жамынып.
Атасы Манас көк жалдын,
Арбагына жалынып.
Балдарды салып балаага,
Бадыша султан кайран эр.
Жатып алды талаага,
Чочутуп турат тил угуп.
Чоролор калып жалаага,
Айтканыңыз акыл деп.
Полот авам макул деп,
Андан башка кеби жок.
Айта турган эби жок,
Сөзүнө жооп кайтарбай.
Башка жооп айта албай,
Эки чоро кеңешип.
Бир бирине кеп айтат,
Башыбызга чөп үйүп.
Балакет болду деп айтат,
Куш салабыз деп жүрүп.
Кудай бизди атты деп,
Атбаганда кантти деп.
Качып кеткен шумкарын,
Катыны кайдан тапты деп.
Капшакка кетип караң күн,
Бизди карабасты деп.
Шумкардын дайынын таппасак,
Анда кандай айла болот деп.
Каарланса бу канкор,
Катыны эмес тим эле.
Бизди да кошо соёт деп,
Буудандарын булкунтуп.
Ордону көздөй жулкунтуп,
Күүгүм кире күн бата.
Элдин асты дым жата,
Ордого кирип келди эле.
Эки чоро түн ката,
Эр Семетей көк жалдын.
Эшигинин астынан,
Эки чырак шам жанып.
Кан ордосун кайтарган,
Кароолчу турат шаңданып.
Кырка турат барысы,
Кылыч, мылтык колго алып.
Чоросу бар төрө жок,
Кандай укмуш болгон деп.
Сакчылар турат таң калып,
Эрмек менен Сергеги.
Жүгүрүп келип ат алып,
Даяр турган камданып.
Кандын зайыбы Чачыкей,
Менин төрөм Семетей.

Ачууланып кетти деп,
Алдырып ийсе шумкарын.
Абыдан түпкө жетти деп,
Аман төрөм келбесе.
Жетбегенде жетти деп,
Санаасы тынчып жай албай.
Оозуна даам наар албай,
Айласы кетип Чачыкей.
Алда кандай болот деп,
Алапайын таба албай.
Эрте төрөм келсе деп,
Үйдү аман көрсө деп.
Баа бединин бат айтып,
Күрпөңдөн тандап сойдуруп.
Дөбөгө кароол койдуруп,
Багылаң козу ширин баш.
Бор кайнатып бышыртып,
Табакка жасап түшүртүп.
Даңканына чай коюп,
Дасторконго нан коюп.
Кертип-кертип жал коюп,
Каймак менен бал коюп.
Төрөсү келбей кечигип,
Төшөккө жатпай чечинип.
Ат табышы келгенде,
Аны жеңең билгенде.
Ыргып туруп эшиктен,
Көзүн салып караса.
Эшикке жакын тешиктен,
Чоролор турат арстан жок.
Чочуп кетти Чачыкей,
Башында акыл калган жок.
Анык кудай уруптур,
Ак шумкар жок, тайган жок.
Деп ошентип Чачыкей,
Билеги кетип сабынан.
Жүрөгү кетип кабынан,
Анык кудай урду деп.
Ушундай болмок эле деп,
Сыр тактанын үстүнө.
Алты жаздык, үч мамык,
Тартып койгон көшөгө.
Салып койгон төшөккө,
Оозуна жүрөк тыгылды.
Чачыкей барып сыгылды,
Эрмек менен Сергеги.
Эшик ачып жүгүрүп,
Эки чоро баатырды.
Ак ордого кийирип,
Ак шумкарга алдырып.
Абыдан баткан олжого,
Алты куржун үч сумбал.
Эрмек менен Сергеги,
Араң аттан көтөрүп.
Алып кирди ордого,
Чоролордун куржунун.
Оордугун болжобо,
Чоролор кирип келди эле.
Башында шамы жанылуу,
Тактада төшөк салынуу.
Жеңеңиз жатат булайып,
Көшөгөсү тартылып.
Көркөмү жандан артылып,
Дасторкону жайылуу.
Чачтай кылып туураткан.
Табакта эти салынуу,
Дасканда чайы кайнаган.
Тасмага белен жайнаган,
Күлчоро кандай шум эле.
Кенебеген кул эле,
Жеңебиз жатып алыптыр.
Тынч уйкуга барыптыр,
Ачта акыл табылбайт.
Токто акыл кутулбайт,
Тамактанып алалык.
Анан кепти салалык,

Күлчоро мындай дегенде.
Бу дагы бир кишиче бар чоро,
Аю талпак күрзүгө.
Чоролор барып олтуруп,
Ал күрзүнүн үстүндө.
Бал чайкаган кымыздан,
Баса куюп ичишип.
Тамактанып кичине,
Чачыкей жатат дым тартбай.
Көшөгөнүн ичинде,
Күлчоро кандай эрем.
Кир Канчоро киргин деп,
Көшөгөнүн ичине.
Канчоро туруп ордунан,
Тургун жеңе туруңуз.
Кеп айтайын кичине,
Жаласына биз калдык.
Жеңе сенин түшүңө,
Ак була жатса алба деп.
Ак кууга кушуң салба деп,
Же айтбай койбой кишиге.
Эртеден кечке куш салдык,
Ак була жатса алба деп.
Ак кууга кушуң салба деп,
Жаласына биз калдык.
Ак шумкардан айрылып,
Астыңызга биз келдик.
Жеңе көргөн түшүңдүн,
Касиеттин биз көрдүк.
Ак шумкарды салам деп,
Куу алдырып алам деп.
Абакем калды талаада,
Кууга кушуң салба деп.
Кулдарың калды жалаага,
Жеке жеңе сен эмес.
Биз да калдык балаага,
Билгенин айтып берсин деп.
Жиберди бизди арага,
Жакшы эле кылдык аракет.
Жеңе бүгүнкү берген бараңа,
Жакшы эле айтсак болбоду.
Салам деп төрөң оңбоду,
Бир неме деп кеп айтсак.
Бизди турат соргону,
Абакем мындай кеп айтты.
Кеп айтканда көп айтты,
Ак шумкардын дайынын.
Аныгын айтсын деп айтты,
Айтып берсин шумкар деп.
Арытбасын тулпар деп,
Айтып берсе шумкарды.
Арытбаса тулпарды,
Үйрүлтө камчы чаппайм деп.
Үстүнө катын албайм деп,
Артылта камчы чаппайм деп.
Астына катын албайм деп,
Канышамдан жоопсуз.
Башка жакка барбайм деп,
Өз  оозунан ант берди.
Ошентип бизди жиберди,
Жакшылап уккун жеңеке.
Жалган эмес мунумду,
Жалага бизди калтырбай.
Жалган айтпай жеңеке,
Айтып бергин чыныңды.
Ацтпасаң мейлиң Чачыкей,
Өз убалың өзүңө.
Биз билебиз сырыңды,
Канчоро мындай дегенде.
Какшык сөзүн көргөндө,
Төрөнүн зайыбы Чачыкей.
Төшөктөн туруп кеп айтып,
Түбү жаман тексиз кул.
Сен эмине дейсиң деп айтып,
Байы чоңдун кулу чоң.
Мунун кулдарынын баары чоң,

Мен келгенде жатчу элең.
Ирегеде куур тон,
Чыныңды айтып бергин деп.
Сен сырыңды айтып бергин деп,
Баштан аяк жашырбай.
Барыңды айтып бергин деп,
Чык эшикке Канчоро.
Сен эмине дейсиң келжиреп,
Мен кошо бирге бардымбы.
Корозго кушун салдымбы,
Колунда кушун качырып.
Анын кокуюна калдымбы,
Мен артыңардан бардымбы.
Ак куугa кушун салдымбы,
Ак шумкарын качырып.
Азабына калдымбы,
Мен өзүңөр менен бардымбы.
Өрдөккө кушун салдымбы,
Өрдөккө салып качырып.
Мен өрттөнгөн доого калдымбы,
Сапарга бирге бардымбы.
Чардакка кушум салдымбы,
Чардакка салып качырып.
Мен чатагына калдымбы,
Катын ишин билет деп.
Эркек кушун билет деп,
Кайдан дайнын билем деп.
Качып кеткен кушуңу,
Кай бетиң менен Канчоро.
Уялбай айттың ушуну,
Өзүңөр салып жоготуп.
Качырып ийген куш менен,
Менин кандай ишим бар.
Үйдө калган катынды,
Айтып бер деп дөөрүгөн.
Кайдан тапкан күчүң бар,
Талаада калды төрөм деп.
Жалаага калды чороң деп,
Чык эшикке Канчоро.
Көп сүйлөбөй келжиреп,
Чык эшикке чыккын деп.
Сенин сөзүң уктум деп,
Кеткин какмар кеткин деп.
Жерге кирип кеткир деп,
Айткан сөзүң бут барак.
Чучугума жетти деп,
Күндө шумкар аласың.
Күндө кечке саласың,
Айтып бергин шумкар деп.
Маа коёсуң саласын,
Бу кайсы кылган зордугуң,
Бу кайсы кылган кордугуң.
Калжыраган жетесиз,
Кайдан тапкан чоңдугуң.
Сен эмине деп келдиң деп,
Эшикке чык ит чоро.
Эми менден өлдүң деп,
Албарсты мени басат деп.
Албарстыдан шайтан качат деп,
Жаздыгынын астына.
Коюп жүргөн ак албарс,
Кармаса колго чак албарс.
Сабына күмүш саптаган,
Кабына алтын каптаган.
Эки миздүү бөрү тил,
Бухаралык уста таптаган.
Кармаса колдо жылт эткен,
Кабында жатып кыл кескен.
Тартуу кылып келгенде,
Акысына нар берген.
Алтын, күмүш зар берген,
Желини карыш бээ берген.
Эки өркөчү баладай,
Тогуз каймал төө берген.
Кармай алып сабынан,
Сууруп алып кабынан.

Каны кайнап, ич күйүп,
Шилекейи чачылып.
Саямын деп Чачыкей,
Канчоро кулду качырып.
Кабылан тууган Күлчоро,
Тура калып ордунан.
Кой Чачыкей койгун деп,
Кармай калды колунан.
Эр Канчоро кабылан,
Ээрдин тиштеп тамшанып.
Эки бети кумсарып,
Эшикке чыкты кычырап.
Эки көздөн от жанып,
Эки көзүн оём деп.
Кандай дейсиң Күлчоро,
Канчыкты азыр соём деп,
Канжар сууруп качырып.
Карачы кылган ишин деп,
Таманын тилип туз салып.
Талкалайын  тишин деп,
Айтбай турган көтүбү.
Бүтүрөйүн ишин деп,
Канчоро турат күүлөнүп.
Каны кайнап бузулуп,
Каарданып сүйлөнүп.
Жанына келип Күлчоро,
Жалаңдаган эр чоро.
Бир биринен кем эмес,
Экөө бирдей тең чоро.
Кой Канчоро аба деп,
Ачууңду берчи мага деп.
Оң колуңдун ачуусун,
Сол колуң менен карма деп.
Анын аты зайып деп,
Зайыптын иши майып деп.
Келжиреген эмеге,
Өчөшпөйлүк Канчоро.
Өзүнөн кетсин айып деп,
Өлгөнү турат көрдүңбү.
Өзүн шайтан сайып деп,
Казанга тийсе көө болот.
Байы чоңдун бары чоң,
Кан катыны дөө болот.
Астына келип турганда,
Айтбай койсо Чачыкей.
Эртең өз башына көө болот,
Андан көрө Канчоро.
Кан Бакайга баралы,
Барып акыл салалы.
Иштин жөнүн айталы,
Акылдашып кайталы.
Абам табат акылды,
Акылдашып көрөлүк.
Кандай десе Бакайдын,
Акылына көнөлүк.
Анан кайта келелик,
Бакай менен Каныкей.
Арага салып айттырып,
Акылдашып көрөлүк.
Атпай койсо Чачыкей,
Каныкей, Бакай көзүнчө.
Азабын колго берелик,
Кашайта көзүн оёлук.
Карсылдата соёлук,
Абамдан кордук көргөнчө.
Айтканын кылбай өлгөнчө.
Чачын кесип мултуйтуп,
Эл ичине шерменде.
Эки бетин тултуйтуп,
Эр Семетей абамдын.
Айтканындай кылалык,
Каныкей менен Бакайга.
Күбөлөп туруп уралык,
Басып алып тепкилеп.
Башында чачын жулалык,
Айтбаса мейли шумкарын.

Ошондой кылып тыналык,
Катының айтпай койду деп.
Анан абакеме баралык,
Кылыгын айтып берелик.
Ага абам болбосо.
Өлгүн десе өлөлүк,
Салганы болсо кудайдын.
Анан кийин көрөлүк,
Жүр эмесе Канчоро.
Бакай хандын астына,
Эрте барып келелик.
Эр Күлчоро мындай деп,
Канчоро туруп макул деп.
Кылычтары кыңгырап,
Айбалталар шыңгырап.
Бара жатат чоролор,
Бакайды көздөй зыңгырап.
Бура тартып булкунтуп,
Буудандарын жулкунтуп.
Атырылтып түйүлтүп,
Жал куйругун сүйүлтүп.
Жагалмайдай учуруп,
Жаадай белин ийилтип.
Үч кошойдун башына,
Чай кайнатып болгончо.
Жетип келди чоролор,
Кан Бакайдын сазына.
Чоңунан көрүп зордукту,
Чоролор келген ашыга.
Ошондо бейшембинин күнү эле,
Жуманын кадыр түнү эле.
Адат болгон Бакайга,
Уктабай таңды аткарып.
Башына селде чалынып,
Теспеси юар колунда.
Кудуретке жалынып,
Таң атканча Бакайдын.
Үйүнө чырак жагылып,
Эр Семетей чоросун.
Бир жумача көрбөгөн,
Абасы калган сагынып.
Эки чоро кабылан,
Аттарын байлап мамыга.
Ассалоому алейкум,
Амансыңбы аба деп.
Кирип келди алдына,
Алик алып хан Бакай.
Кел балдарым келгин деп,
Орун алып отур деп.
Ак көрпө жайыл байбиче,
Төшөгүндөн тургун деп.
Балдарың келди көргүн деп,
Суусап келген балдарга.
Суусунуң болсо бергин деп,
Катуу жумуш иш менен.
Караңгыда келгенин,
Хан Бакай турат белгилеп.
Катуу жумуш болбосо,
Караңгыда чоролор.
Эмине үчүн келди деп,
Тамактанып жайланып.
Анан кебиңер болсо салгын деп,
Абасы айтат мындай деп.
Байбиче жаткан бактада,
Сырдап койгон тактада.
Чукуранып ойгонуп,
Бери карап толгонуп.
Алачыктай байбиче,
Балдарын көрүп кубанып.
Көйнөгүн салып мойнуна,
Тактадан түштү куланып.
Алманбет, Чубак келгендей,
Ак көрпө жайыл байбиче.
Экөөнүн жүзүн көргөндөй,
Бир кезекте байбиче.
Болоту сынып кетилген,

Алманбет менен Чубакты.
Казатта шейит кечирген,
Абыке, Көбөш кордугу.
Алы күнчө кете элек,
Байбиченин эсинен.
Жолборстон калган күчүк деп,
Тулпардан калган туяк деп.
Балпа басып байбиче,
Балдардын өөп бетинен.
Касиети кете элек,
Карыя Бакай абаңды.
Арактай болуп кымызы,
Кайнап турат сабада.
Байбичеге куйдуруп,
Балдарына сундуруп.
Суусундарын кандырып,
Акырын айтып жай таштап.
Абакең Бакай кеп баштап,
Караңгыда келишиң.
Кана балдар айткыла,
Кандайча келген жумушуң.
Анча-мынча иш эмес,
Астыма келип турушуң.
Айтчы балдар сөзүң деп,
Мен угайын өзүм деп.
Абасы мындай дегенде,
Эр Канчоро кеп айтат.
Акыл сурап абаке,
Астыңа келдик деп айтат.
Атын токуп белендеп,
Ак шумкар салып келем деп.
Канкор уулуң Семетей,
Катынын уруп аттанды.
Биз артынан жөнөй берерде,
Келиниң келип даттанды.
Талаада олжо табаарсың,
Олжо таап алам деп.
Балакетке каларсың,
Ал була жатса алдырба,
Ала көөдөн төрөмдү.
Ак ккуга кушун салдырба,
Аман-эсен кечинде.
Төрөмдү алып келгин деп,
Ккуга салса куш качат.
Аттары арып, өңү азат,
Келиниң мындай кеп айткан.
Ак ккуга шумкар салсаңар,
Бир балакет болот деп айткан.
Айтканындай куш салып,
Ак олпок таптык талаадан.
Ккуга салып куш качып,
Кутулбай келдик жалаадан.
Акыл таап абаке,
Бизди куткарбасаң балаадан.
Ала-Көлдүн жээгинен,
Кечке кыстап кеткенде.
Күн дигердеп өткөндө,
Ак шумкарды учуруп.
Ак ккуга салып качырып,
Калайманды баштады.
Карап турсак жанында,
Канкор уулуң Семетей.
Бизди жутуп ийе таштады,
Эки чоро чапкын деп,
Чачыкей менен кеңешип.
Шумкардын дайынын тапкын деп,
Эрте келип шумкардын.
Жообун айтып бергин деп,
Анык дайынын айтпаса.
Эки чоро, Чачыкей,
Ажалдан мурун өлдүң деп.
Айылга келип аш ичбей,
Жатып алды талаага.
Жиберип бизди арага,
Сурасак айтпай Ччаыкей.
Оозунан жаман кеп чыгып,

Бизди салды балаага.
Кой жеген бөрү коңулда,
Абаке кулдары калдык жалаага.
Ушул үчүн абаке,
Акылды сизден сурайбыз.
Семетей менен Чачыкей,
Кандай болот кордугу.
Бизди талаадан таап алса да,
Мунун кимисине чыдайбыз.
Келиниңиз Чачыкей,
Кайта барып сурайбыз.
Айткан кепке көнбөсө,
Аныгын айтып бербесе.
Аманат жанга бир өлүм,
Айтты койду дебеңиз.
Биз ошону сойбой тынбайбыз,
Канчоро мындай дегенде,
Кабылан Бакай карыя.
Калк атасы олуя,
Бир шумдуктун болгонун.
Абакең Бакай билди эле,
Билгенинин белгиси.
Башын чайкап күлдү эле,
Уламадан кеп уккан.
Урулуу элден көп уккан,
Акун хандын Чүрөгү.
Ак куу болуп кубулуп,
Учуп жүрөт деп уккан.
Ошол карабет келип калганго,
Ак шумкарын алган го.
Чоролорун азапка,
Чоң баатыры салганго.
Айласы кетип бул экөө,
Чачыкейге барганго.
Анысы шегин билген го,
Ичине шумдук киргенго.
Катындык кылып келжиреп,
Сырын айтбай койгон го.
Ак шумкар чындап жоголсо,
Анан бир балакет болгонго.
Карыя Бакай муну ойлоп,
Ойлонгон оюн чын ойлоп.
Качып кетсе ак шумкар,
Кагылайын жаш балдар.
Көйкапка кетти дейсиңби,
Көбүрөөк кайгы жейсиңби.
Же Бээжинге кетти дейсиңби,
Бекерге кайгы жейсиңби.
Ак шумкар качса табылаар,
Абийириңер жабылаар.
Андай болсо кулунум,
Азыр атка мингиле.
Аялдабай кулунум,
Кайта жолго киргиле,
Сарыхан менен Жамгырчы.
Ал экөөнө баргыла,
Абакем Бакай айтты деп.
Барып акыл салгыла,
Сарыхан зайбы Буудайбек,
Ал дагы Бухарлыктын кызы эле.
Айткан кеби түз эле,
Каныкейдин сиңдиси,
Чачыкейдин эжеси.
Ургаачыга ургаачы,
Шыктуу болор жери бар,
Эли бирге төркүндөш.
Ыктуу болор жери бар,
Каныкей менен Буудайбек,
Кандай айтса эби бар.
Касиеттүү хан Бакай,
Баарысын айтып белгилеп,
Буудайбекти калтырбай,
Аны да ала келгин деп.
Абасы Бакай айтканда,
Эки чоро кидирбей,
Эшикке чыкты илинбей.

Кайрылып туруп кеп айтып,
Кан абаке деп айтып.
Кечикпей эрте келиңиз,
Эрте келип бериңиз.
Эки чоро аттанып,
Кетелек деп эми биз.
Султандар боюн теңешип,
Абакемки акыл деп,
Эки чоро кеңешип.
Ат аябай жол басып,
Эки баатыр түн катып.
Какырата таш басып,
Уйку кетип, өң азып.
Сарыхандын айылы,
Хан жайлактын төшүндө.
Айылга жакын келгенде,
Торгою сайрап таң атып.
Ошол кезде Сарыхан,
Жаңыдан турган намазга.
Басып чыккан дааратка,
Эки чоро кабылан.
Салам берип ханына,
Чоролор келди жанына.
Эр Канчоро кеп айтып,
Касиеттүү каныбыз.
Сөзгө кулак салыңыз,
Кече күнү кечинде.
Кечки дигер мезгилде,
Ак шумкарды учуруп.
Ала-Көлдүн жээгинен,
Алып  жүрүп Семетей.
Ак куугa салып качырып,
Бизди салды балаага.
Өзү калды талаада,
Чачыкейден шек кылып.
Жиберген бизди арага,
Арачы болуп кеп айтсак.
Жакщы сөзгө келген жок,
Кор болорун билген жок.
Жайга келип сүйлөшүп,
Жакшы жооп берген жок.
Жибек эмес жүн экен,
Жиндиге чалыш күн экен.
Ала көөдөн кем экен,
Акылы кыска неме экен.
Өз оюнда Чачыкей,
Семетей менен тең экен.
Кайдагы кушун табам деп,
Качырып жүргөн абаң деп.
Эшикке чык эки кул,
Калжыраган арам деп.
Канжарылып качырып,
Каракчылар саям деп.
Өчөшкөн менен болбодук,
Акылы кыска аял деп,
Жооп бербей койгон соң.
Бакайга бардык аттанып,
Ушундай укмуш болду деп,
Кан Бакайга даттандык,
Карыя Бакай жиберди.
Сарыхан менен Жамгырчы,
Каныкейдин ордого.
Алып кел деп силерди,
Өзүм да эрте барам деп,
Аманат айткан сөзү ушул.
Сарыханга салам деп,
Каныкей менен Буудайбек,
Кеңешке экөөн алам деп.
Ушундай балдар акыл деп,
Аялга аял жакын деп.
Сарыхан менен Жамгырчы,
Аялы менен чакыр деп.
Айтканы ушул Бакайдын,
Астыңа келдик абаке.
Абамдын сөзүн макул деп,
Кептин жөнү ушундай,

Абаке атың токун деп.
Сарыхан менен Жамгырчы,
Аттарын шашып токунуп.
Бакайды көздөй жөнөштү,
Чоролорго кошулуп.
Эки чоро Сарыхан,
Жамгырчысы жанында.
Тоонун башын күн чалып,
Келди Бакай ханына.
Даяр турган чоролор,
Ат алышты жабыла.
Бары келип чогулуп,
Бакай хандын алдына.
Эки чоро көк жалдар,
Аттарын байлап мамыга.
Каныкейдин ак ордо,
Түндүгүн тартып Күлчоро.
Кирип келди шып этип,
Кыргыйек жүндүү, кыз үндүү.
Күлүп ийип шыңк этип.
Айланайын энеке,
Эмчегиңден берчи деп.
Төшүнөн жыттап эркелеп,
Эшикке келди кан Бакай.
Төшөгүңдөн турчу деп,
Туруп кебин укчу деп.
Эшикке басып чыкчы деп,
Чочуп кетип Чачыкей.
Эл тура элек жатканда,
Эмине үчүн келди деп.
Келгенинин маанисин,
Айтчы балам белгилеп.
Анда туруп Күлчоро,
Каныкейге кеп айтат.
Салып жүрүп Ак шумкар,
Качырып ийдик деп айтып.
Тур энеке турган деп,
Кийимиң эп кийгин деп.
Менин айткан кебимди,
Жүрөгүңө түйгүн деп.
Эшикке басып чыккын деп,
Калганын анан уккун деп.
Күлчоро айтып мындай кеп,
Кыраакы энең Каныкей.
Бир балакет болгонун,
Керээтинде билди деп.
Билип энең күлдү деп,
Ак тактаныны үстүнөн.
Аю тери күрзүдөн,
Каныкей турду кийинип.
Кандай укмуш болгонун,
Жаны калбай күйүнүп,
Күлчорого кеп айтып.
Эшикте чоро бар болсо,
Айланайын жарыгым.
Жылкыга жибер деп айтып,
Ылдам чаап барсын деп.
Кысыр эмген семизден,
Тандап бир тай алсын деп,
Алып келип сойсун деп,
Касиеттүү жан эле,
Көптөн бери келе элек.
Карыя Бакай жесин деп,
Амыр кылып Чачыкей.
Кысыр этти алдырып,
Аю тери күрсүдөн.
Алты кабат бүктөтүп,
Кан Бакайдын алдына.
Кабат-кабат салдырып,
Арбагына Манастын.
Ататып тайын чалдырып,
Даңканына чай коюп.
Тамак ашын жай коюп,
Кайран энең Чачыкей.
Арбакка атап тай союп,
Кан Бакай клип калды деп.

Калк дүркүрөп чогулуп,
Күн шашыке болгондо.
Эки жүздөй жан болуп,
Ал Бакайдын үстүндө.
Жамгырчы, Сарыхан болуп,
Каныкейдин ордого.
Чайкоорун болбой турушуп,
Кайнаган чайдан куюшуп.
Катарлай кымыз сунушуп,
Тамактанып болушуп.
Дасторконун жыйышып,
Бата кылып, кол жайып.
Элдин баары дүркүрөп,
Эшик тартып чыгышып.
Ак шумкардын качканын,
Ошол жерден угушуп.
Оозубуз ашка жеткенде,
Тумшук ташка тийеби.
Кандай укмуш болот деп,
Калктын баары муюшуп.
Касиеттүу кан Бакай,
Сарыхан менен Жамгырчы.
Каныкей менен Буудайбек,
Күлчоро менен Канчоро.
Баарыңар мындай келгиле,
Айылга жакын кашатка.
Кайнар булат башатта,
Тегерек тартып олтуруп.
Жанына киши келтирбей,
Башкаларын калтырып.
Бакай менен Каныкей,
Алты жыл мурун билишкен.
Акун кандын Чүрөгүн,
Ак куу болуп учат деп.
Ал Чүрөктүн дүмөгүн,
Акырын айтып кеп баштап.
Каныкей туруп кеп баштап,
Уйкунун даамын таткандыр.
Төрөнүн зайыбы Чачыкей,
Төшөгүндө жаткандыр.
Аялга аял жакын деп,
Айтканы болот акыл деп.
Сарыхан, Бакай келди деп,
Билген жообуң бергин деп.
Каныкей эжең айтты деп,
Билгени болсо жашырбай,
Анык жерин айтсын деп.
Капа кылбай төрөсүн,
Күлчоро менен Канчоро.
Балдардын көөнүн ачсын деп,
Артыңардан Күлчоро.
Анан кийин барсын деп,
Ичинен ойлоп Каныкей.
Айтып берсе Чачыкей,
Баласы деп атанын.
Арбак конуп калсын деп,
Жамгырчынын Айганыш.
Сарыхандын Буудайбек,
Азыр экөөң баргын деп.
Төшөгүнөн тургузуп,
Барып акыл салгын деп.
Бакай атаң баш болуп,
Эл зарыгып калды деп.
Айтып берсин шумкар деп,
Каныкей айтат мындай деп.
Айганыш менен Буудайбек,
Бири жеңе, бири эже.
Семетейдин ордого,
Жанаша басып келди эле.
Эшик баккан эки кыз,
Эшик ача берди эле.
Чачыкейдин үстүнө,
Эңкейип булар кирди эле.
Арага булар келгенин,
Чачыкей бейбак билди эле.
Уктагансып карабет,

Сыр алдырбай турду эле.
Сарыхандын катыны,
Эжеси болот Буудайбек.
Башыңды көтөр кулунум,
Төшөгүңдөн тургун деп.
Эшикке толгон жан келди,
Сарыхан менен Жамгырчы.
Каныкей, Бакай кан келди,
Ак шумкарын качырып.
Талаада жатса Семетей,
Айылына батпай эл толуп,
Капа болсо Каныкей.
Падышаң жатса  талаада,
Бакай хан келсе арага.
Билгениңди айтпасаң,
Бирөөнүн тили тийбейби.
Бакай менен Каныкей,
Сени каргаса жутуп ийбейби.
Түзү качып, түн каткан,
Каны суюк жаш балдар.
Жанакы чоролор жаны күйбөйбү,
Айтып берсең шумкарын.
Касиет конот өзүңө,
Касиеттүү каныш деп.
Калктын баары баш ийип,
Карабайбы көзүңө.
Бир туугансып Буудайбек,
Билгенин айтып мындай деп.
Билип туруп жашырып,
Көрүнбөгүн элге жек.
Кесирленген жарабайт,
Кеңешке келип турабыз.
Ойлоп көргүн кулунум,
Кетип калба селге деп,
Аяр энең Каныкей.
Катындардын үстүнө,
Сен да кошо баргын деп.
Акырын айтып көргүн деп,
Айтканыңа көнөр деп.
Билгенин айтып берер деп,
Айтканыңа көнбөсө.
Билген ишиң кылгын деп,
Каныкей мындай дегенде.
Аялдардын артынан,
Кошо кирди Күлчоро.
Кокус айтпай койсо деп,
Шайтаны кармап бул чоро.
Айланайын жеңе деп,
Абакеме кор кылбай.
Айтчы сырың эми деп,
Эки катын, Күлчоро.
Чачыкейге сабылып,
Айтып бергин эми деп.
Астында турат жалынып,
Абийир болот сиздики.
Ак шумкар калса табылып,
Кече шумкар салышып.
Канчоро менен экөөбүз,
Балакетке кабылып.
Айтып берсең жеңеке,
Абийир калат жабыдып.
Айтпай койсо шумкарды,
Шайтаны кармап Күлчоро.
Урганы турат камынып,
Кара баскан Чачыкей.
Канчалык айтса болбоду,
Аны кара шайтан торгоду.
Сен эмине дейсиң Күлчоро,
Эшикке чыккын Күлчоро.
Мээң барбы башыңда,
Саага берген жообум бул чоро.
Күндө шумкар аласың,
Өзүң көйрөңүрөөк баласың.
Айда шумкар саласың,
Акылдаган баласың,
Салып жүрүп качырып.

Жалаасын мага жабасың,
Жообун өзүң бересиң.
Жоготуп ийип шумкарды,
Аны менден көрөсүң.
Түндө бузуп уйкумду,
Тузум урган эки кул.
Эмине мынча көбөсүң,
Түнү менен эл жыйып.
Бакайың алып келесиң,
Сен Бакайды алып келгендей.
Менин кылып койгон күнөөм жок,
Ак шумкар дайынын айткын деп.
Каныкей, Бакай баарыңар,
Айта турган жүйөөң жок.
Катын ишин билбейби,
Эркек кушун билбейби.
Билбесем кантип айтамын,
Айтып бер деп зордуктап.
Бакайың мени тилдейби,
Кайдан дайынын билемин.
Качырып ийген шумкарын,
Арырбай кантип коёмун.
Арам терлүү тулпарын,
Тапса тапсын шумкарын.
Таппаса жатсын талаада,
Каныкей менен Бакай деп.
Айганыш менен Буудайбек,
Баарысын салып арага.
Бул эмине деген кордук,
Өзү жатып алып талаага.
Талаада кушу жоголсо,
Мен каламбы жалаага.
Калжырабай ит чоро,
Чык жанымдан садага.
Чачыкей мындай дегенде,
Кишиден жаман укпаган.
Өлүп кетсе кишиге,
Оозунан жаман чыкпаган.
Ошондой кепти уккан соң,
Таманынан дүркүрөп.
Төбөсүнө барды эле,
Төбөсүнөн дүркүрөп.
Таманына келди эле,
Өрөпкүп ичи өрт болуп.
Өзү кандай эр неме,
Бирде туруп кызарып.
Бирде туруп кумсарып,
Каарданып чоронун.
Кандуу бети бозоруп,
Кармай калып сойсом деп.
Кашайта көзүн ойсом деп,
Каалгадай кашка тиш.
Кычырата бек чайнап,
Кайра чыкта эшикке.
Кан ичмеси бек кармап,
Карыя Бакай абам деп.
Ээ Каныкей энем деп,
Айткан сөзү сөөгүмдөн.
Өтүп кетти жаман деп,
Чык жанымдан садага.
Эки какмар арам деп,
Эне болуп кетсе да.
Эми эмчегин жара чабам деп,
Айтпай койду дебегин.
Эсебин азыр табам деп,
Бакай менен Каныкей.
Эшиктен угуп кулагы,
Чачыкейдин сөзүнө.
Капа болгон бу дагы,
Эркелетсе билбесе.
Эмине карап турасың,
Эки чоро кул десе.
Алманбет менен Чубактын,
Алып калган керээзин.
Силерди уялбай туруп тилдесе,
Каныкей турат сойгун деп.

Кашайта көзүн ойгун деп,
Кан Бакай турат ошондо.
Койгун балам, койгун деп,
Кой дегенге болбоду.
Койсо чороң оңбоду,
Үстүндөкү күрмөсүн.
Топчулугун чыгарып,
Жулуп алып ыргытып.
Жанындакы Канчоро,
Жайылы кармап ал чоро.
Эми кылчу болсоң кылгын деп,
Жай жерине жеткирип.
Кылып жанды тындыр деп,
Күлчородон Канчоро.
Андан бетер күйүнүп,
Кабыландай Күлчоро.
Кара жаак чоң камчы,
Бүктөй кармап жүгүрүп.
Өрт болуп ичи күйүнүп,
Көргөн киши чорону.
Өз жанынан түңүлүп,
Канчык сени соём деп,
Ордого келди түйүлүп.
Үнүн угуп чоронун,
Каалгасын кулпулап.
Сураса сырын айтпбаган,
Суук тилин тартпаган.
Каңкоруңдун катыны,
Үйдө жатат бүлүнүп.
Чымындай жандан түңүлүп,
Каалганы тарткылап.
Мойнуна шайтан үйүлүп,
Ач эшикти, ачкын деп.
Өрттөп ийем үйүңдү,
Ачбасаң ачпай жаткын деп.
Белиндеки айбалта,
Чапканы болгон жай балта.
Кармай калып сабынан,
Тартып алып кабынан.
Каң дедире бир салып,
Каалгасын талкалап.
Азыр шейит кечирип,
Сенин каныңды ичем аркалап.
Ким экен менден куткарып,
Сени алып калчу калкалап.
Оозунан от чыгып,
Кирип келди эшиктен.
Эр Күлчоро чалкалап,
Тура калып Чачыкей.
Мойнуна бото салынып,
Эми айтайын сырым деп.
Мен айтайын чыным деп,
Башта болгон чоң катын.
Азыр чоросуна багынып,
Мууну кетип солкулдап.
Күлчорого жалынып,
Каарына мас болуп.
Бүткөн бою  таш болуп,
Жалынганга болбоду.
Жанакы чороң оңбоду,
Айганыш менен Буудайбек.
Тура калды оордунан,
Кагылайын кантет деп.
Кармай калды колунан,
Колун булкуп жиберсе.
Коёндой ыргып Буудайбек,
Чалкасынан жыгылып.
Башы жатат бирөөнүн,
Керегеге тыгылып.
Катындар качты дыркырап,
Карабет бейбак оңбо деп.
Маа десе союп жесин деп,
Качып чыкты чыркырап.
Олоңдой болгон кара чач,
Аркалык менен аралаш.
Орой кармап имерип,

Ополдой болгон чоң катын.
Жерге чаап жиберип,
Камчысын кармап имерип.
Май куйруктун балык эт,
Шакылдатып жиберип.
Чыдабай жеңең чыркырап,
Чымындай жаны зыркырап.
Эми айтайын сырым деп,
Астында жатат жалынып.
Ботолуу төөдөй буркурап,
Чарана жуткан көзүңдү.
Чарк токтогон ирк үндүү,
Сурунайдын найы үндүү.
Үйрүнөн азган тай үндүү.
Көйнөгү кетти сөгүлүп,
Көбүктөп каны төгүлүп.
Дамбалы кетти сөгүлүп,
Чачырап каны төгүлүп.
Кара сандын балык эт,
Жик жигинен бөлүнүп.
Жан соогалап жалынып,
Көзүнө ажал көрүнүп.
Кээде таныp эсинен,
Ыйласа үнү чыга албай.
Эшикте турган Каныкей,
Канча кылса бир тууган.
Үнүн угуп чыдабай,
Өз убалың өзүңө.
Ушуну көрдүң тил албай,
Кирип келди байбиче.
Эшикке чыдап тура албай,
Койгун балам, койгун деп.
Болду балам, болду деп,
Каныкей айтат чорого.
Сооп кылдың кулунум,
Соогатка жанын койгун деп.
Байбиче мындай дегенде,
Чычкан алган мышыктай.
Басып жаткан уйпалап,
Бейбактын жанын куйкалап.
Камчысын таштап жиберип,
Тура калды Күлчоро.
Байбичеден ийменип,
Айланайын эне деп.
Азыр жаны колумда,
Айтып берсин эми деп.
Айтпай койсо синдиңди,
Эми союп жеймин деп.
Эмине болсо көрдүм деп,
Айттыра албай мен барсам.
Ок ток Семетейден өлдүм деп,
Чачыкейдин кылыгын.
Эжеке көзүң менен көрдүң деп,
Эгер айтып бербесе.
Чачын кесип чулпуйтуп,
Мурдун кесип мултуйтуп.
Элге кылып шерменде,
Эки бетин тултуйтуп.
Таманын тилип туз салып,
Кементайды кийгизип.
Кер качырга мингизип,
Канкор уулуң Семетей.
Айтканындай жайлаймын,
Аркага колун байлаймын.
Карап тургун энеке,
Бүгүн төркүнүн көздөй айдаймын.
Так ошону кылбасам,
Жети атам каапыр болсун деп.
Тирүү жүрбөй Күлчоро,
Жерден ары кирсин деп.
Эшикке чыкты болкоюп,
Эр Күлчоро далкайып.
Арачачы киргизбей,
Канчоро турган кайтарып.
Күлчорого кубанып,
Ачуусу тарап арсайып.

Ыраазы болуп ошондо,
Күмүштөй тиши кашкайып.
Чоролор баса бергенде,
Сегиз келин, сегиз кыз.
Ордого чуркап киришип,
Чачыкейди көрүшүп.
Селдейе тартып турушуп,
Кайран энең Каныкей.
Тургула балдар тургуз деп,
Тургузуп бетин жуугуз деп.
Чачыкей жатат суналып,
Жер кучактап куланып.
Бүткөн бою кан болуп,
Камчыга калган ууланып.
Көйнөгү канга жуурулуп,
Көрүп туруп кыздардын.
Тим эле заңы бурулуп,
Тур жеңеке тургун деп.
Колтугунан жөлөшүп,
Көтөрүп өөдө тургузуп.
Бети-колун жуугузуп,
Жараланган жерине.
Кытайдын кырма даарыдан,
Кырып келип салгызып.
Кебез коюп сыртынан,
Жибек менен таңгызып.
Сарыхан менен Бакайды
Эки чоро чунакты,
Чакырып үйгө алгызып.
Каныкей турат кеп баштап,
Чачыкей сиңдим деп баштап.
Таза жүрүп сен талып,
Эмине болду саага деп.
Көрүп жүргөн түшүң бар,
Же билип жүргөн ишиң бар.
Билип жүрүп айтпаган,
Саага ушул жорук чала деп.
Кордук көрүп балдардан,
Душманга болдуң таба деп.
Эркелик кылып тил албай,
Сенин тапкан байдаң кана деп.
Кайын атаң Манас барында,
Калк бийлеген чагында.
Куда болуп тай союп,
Кулдук уруп кой союп.
Барып келген Үргөнчкө,
Акун кан деген кайны бар.
Айчүрөк аттуу зайыбы бар,
Ак куу болот деп угам.
Чүрөктүн мындай дайыны бар,
Ошол карабет мында келген го.
Астыңа келип көргөн го,
Ал теңдикке көнгөн го.
Сен көнбөсөң теңдикке,
Акмактының билген го,
Жинди кылып талытып.
Түшүңо сенин кирген го,
Ал беринин кызы деп угам.
Ак шумкарын алган го,
Алып кетип калган го.
Ак шумкардан айрылып,
Азапка сени салган го.
Шумкарды алып кеткен го,
Түбүңө сенин жеткен го.
Эми айткан сөзгө көнөсүң,
Көнбөйм десең ушерден.
Дагы кордук көрөсүң,
Арачалар алым жок.
Сен Семетейден өлөсүң,
Дагы айтайын Чачыкей.
Атасы Манас шер эле,
Катынга назар салбаган.
Кара мүртөс эр эле,
Он төрттөгү кезимде.
Мени Бухардан көрүп жактырып,
Куда түшүп алам деп.

Ак тайганды бактырып,
Алтындан карга  тартырып.
Ак тайганы шок чыгып,
Тайгандан андай жок чыгып.
Жара чайнап каргысын,
Сөксөөлдүн чогуна.
Куйругун чаап алыптыр,
Эки эли жери учунан.
Сары ала болуп калыптыр,
Тарак менен тарадым.
Тилим менен жаладым,
Ошол кезде бадышам.
Күйөөлөп келип калган деп,
Эркелетип олтуруп.
Куйругун көрүп алган деп,
Күйпүл күчүк кылдың деп.
Балакетти салган деп,
Колумдан кармап имерип.
Коржойгон узун бут менен,
Колтукка тээп жиберип.
Катары менен кабыргам,
Кыйрап чыгып кеткен деп.
Керегенин түбүнө.
Жабыштыра тепкен деп,
Оозума тыгылып.
Дем алдырбай өпкөм деп,
Жаздыкты коюп мойнума.
Кайын атаң Манас кабылан,
Ак тайгандын айынан.
Жатпай кеткен койнума,
Мен дагы алты ай салбыр
болгонмун.
Кыз кезимде Каныкей,
Салбар атка конгонмун.
Доосун бирге доолашып,
Жоосун бирге жоолашып.
Алты айдан кийин төрөмө,
Араң катын болгонмун.
Ошол атасын тарткан салты бар,
Тайган менен шумкардын.
Билсең мындай баркы бар,
Менин арстаным Манас өлбөгөн.
Азабың бейбак көрбөгөн,
Менин султаным Манас өлбөгөн.
Түйшүгүң бейбак өлбөй кал,
Акун кандын Чүрөгүн.
Жалгыз уулуң чунакка,
Өзүң алып бербедиң.
Атакелеп өкүртүп,
Анан төрөм өлбөдүң.
Менин көк жалым төрөм
өлбөй кал,
Ошентип алып берсе Чүрөктү.
Мен көрбөйт элем дүмөктү,
Анан Чачыкей кайда,  мен кайда.
Азабың тартып үшүнтип,
Мен калбас элем бейпайда.
Акундун кызы Айчүрөк,
Ак кушум ала качкан го.
Сенин абийириңди ачкан го,
Жаман сөзгө күйүгүп.
Жанына жаман баткан го,
Айчүрөк көнсө кемдикке.
Чачыкей көнбөс теңдикке,
Сени кара баскан го.
Айтып бергин шумкар деп,
Арып багып тулпар деп.
Кайгырып ыйлап болкулдап,
Каныкей турат солкулдап.
Каныкей мындай дегенде,
Айтайын эже айтайын.
Айтбаганда кантейин,
Бая күнү бакчада.
Ушу сегиз кыз бар жанымда,
Көйкөлгөн шибер майданда.
Тамаша кылып олтурсак,

Ошол жерден түш келди.
Кайдан чыкты билбеймин,
Бир мелтиреген кыз келди.
Башайы көйнөк шоодурап,
Маралдай көзү жоодурап.
Өзүнүн сулуулугу сулуу экен,
Менден он жаш улуу экен.
Кыялы башка көрүнүп,
Кыздан башка шум экен.
Кыздан башка түрү бар,
Желмогуздай сүрү бар.
Акун кан болот атам деп,
Айчүрөк менин атым деп.
Ошондой менин жүйөөм деп.
Семетей болот күйөөм деп,
Айчүрөк көнсө кемдикке.
Мен көнгөнүм жок теңдикке,
Эжекелеп көп айтты.
Колумдан кармап жалынып,
Үч кайтара бек айтты,
Алат бекен жесирин.
Албайт бекен жесирин,
Төрөң менен сүйлөшүп.
Жооп бергин деп айтты,
Менин төрөм Семетей.
Сендей тентиген кызды
албайт деп,
Алмак турсун Семетей.
Жаныңа жакын барбайт деп,
Эр албаган эски деп.
Эл кыдырган кески деп,
Андан жаман кеп айттым.
Башыңды ачтым бара бер,
Албайт сени деп айттым.
Мен ошентип айтканда,
Өңун бузуп сурданып.
Ант ичкендей кубарып,
Ак тум алып кетем деп.
Түбүңө сенин жетем деп,
Мен ошону кылбасам.
Ата тийип калайын,
Убада болсун беем деп.
Кармай калып жакамдан,
Тү деп бетке түкүрүп.
Жанымдан кетти кубулуп,
Ошол жерде мен талып.
Калыптырмын жыгылып,
Алты күнү жатыпмын.
Кудайга үнүм угулуп,
Оңбогон төрөм оңбоду.
Салбагын десем болбоду,
Ала көөдөн уулуңдун.
Ак шайтан жолун торгоду,
Кеткенинен келбесин.
Келип үйүн көрбөсүн,
Барганынан келбесин.
Базар үйүн көрбөсүн.
Тил албай шумкар качырып,
Өзү жатып алып талаага.
Балдарын салып арага,
Иттерине талатып.
Куларына талатып,
Мени салып балаага,
Эрден эшик жакын деп.
Илгеркинин кеби эле,
Кылмышсыз мени боздотуп.
Оңбогон канкор деги эле,
Арытбай кантип койомун.
Арам тер баскан тулпарын,
Артынан барып таап алсын.
Ошол Айчүрөк алды шумкарын.
Колунан келсе бу канкор,
Оогандын элин чаап алсын.
Опсолоң канкор онбосун,
Шумкарын ошол жерден
таап алсын.

Чачыкей турат солкулдап.
Төрөсүн каргап болкулдап,
Чачыкей мындай дегенде.
Бала тапан Күлчоро,
Балакеттүү бул чоро.
Бали жеңе бали деп,
Абийир болот сиздики.
Намыс болот биздики,
Иттерине талатып.
Кулдарына сабатып,
Деп айтканың Чачыкей.
Тилиңе тишиң күбө деп,
Ушундай болот жүйө деп.
Ушул бүгүн Семетей,
Чачыкей саага күйө деп.
Эртең күйө болбойт деп,
Келип жатса койнуңа.
Эр Семетей оңбойт деп,
Ит талабайт жакшыны.
Ким талабайт бакшыны,
Кетече кийип жаркылдап.
Кер жорго минип шалкылдап,
Келдиң эле Чачыкей.
Буулумду кийип жаркылап,
Буурулду минип шалкылдап.
Келдиң эле Чачыкей,
Кементай кийип жалтылдап.
Кер эшек миинп далпылдап,
Эми сен кетесиң Чачыкей.
Ак шумкарды таппаса,
Айчүрөктү албаса.
Кайрылып үйгө келеби,
Карабет жүзүң көрөбү.
Сендей итке кор кылбай,
Кең Үргөнчкө баш кылып.
Алып кетем төрөмдү,
Так ошону кылбасам.
Алманбеттен туулбай,
Андан көрө өлөйүн.
Туулбай туна чөгөйүн,
Ак шумкарды таппасам.
Айчүрөктү албасам,
Акырет кетккен Манастын.
Ак батасы бар экен,
Арбагына чет болуп.
Кайра келип Таласты,
Канткенде тирүү көрөйүн.
Эр Күлчоро мындай деп,
Эшикке чыкты баарысы.
Каныкей менен Буудайбек,
Сарыхан, Бакай карысы.
Ак шумкар дайынын таптык деп,
Абийирди жаптык деп.
Баабедин деп бакырып,
Карыя Бакай баш болуп.
Манастап ураан чакырып,
Жылкысын айдап чаңдатып.
Семизинен тандатып,
Үч боз бээни алдырып.
Арыстан көк жал Манастын,
Алманбет менен Чубактын.
Арбагына ататып,
Алып келип чалдырып.
Алты кулак жез казан,
Алып келип астырып.
Жарым бээнин этинен,
Бөлө-бөлө салдырып.
Эр Күлчоро, Канчоро,
Акылдашып ал чоро.
Ашмачыны чакырып,
Ошол жерден тапшырып.
Аракты кечке тарттырып,
Отуз көөкөр, кырк көөкөр.
Мойнуңарга тактым деп,
Аз болуп калды арак деп.
Айтпагыла бокту жеп,

Бөлөк казан аскын деп.
Жая менен учадан,
Казы менен картадан.
Жал аралаш салгын деп,
Жакщылап туруп бышырып.
Сергитип алып койгун деп,
Айтканымдай кылбасаң.
Айтты койду дебегин,
Ашмачы сени сойдум деп.
Канчоро мындай дегенде,
Ашмачылар бүлүнүп.
Чымындай жандан түңүлүп,
Бири казанга, бир суу.
Чакасын кармап жүгүрүп,
Эр Күлчоро бакырып.
Эрмек менен Сергекти,
Бачым кел деп чакырып.
Эки чоро илинбей,
Жетип келди кидирбей.
Атыңарды алгын деп,
Азыр токуй салгын деп.
Кеткени кырктай күн болду,
Тулпарларга баргын деп.
Же Үч-Кошойдун башында,
Же Бакайдын кара ташында.
Жу Түз ашуунун боюнда,
Же Суук төрдүн оозунда.
Камчыдан жоон жалалып,
Аягы кучак сан алып.
Жылаңач түлөп болгондур,
Сыртына тартып калгандыр.
Кара эти туура толгондур,
Азыр барып, азыр кел.
Аттарды айдап бачым кел,
Айдап келип салбудын.
Ноктолорун каткын деп,
Кермесин чоё тарткын деп.
Айтканымдай жайла деп,
Кермеге тизип байла деп.
Бачым барып бачым кел,
Көп кечигип калба деп.
Амыр кылды Күлчоро,
Айда чором, айда деп.
Аран турган чоролор,
Биз дагы кошо барсак деп.
Атка бар десе сүйүнүп,
Эки чоро жарашып.
Аттарды көздөй түйүлүп,
Сарыхан, Бакай үстүнө.
Эл чогулуп үйүлүп,
Эр Күлчоро, Канчоро.
Тамак даяр болду деп,
Сакалдуудан баш кылып.
Окшош-окшош он үйгө,
Бөлө-бөлө кийирип.
Дасторконун салышып,
Колдоруна суу куюп.
Тамак-ашын беришип,
Тамактанып алган соң.
Дасторконун жыйышып,
Эки чоро кабылан.
Батасын сурап Бакайдан,
Тизесин бүгүп муюшуп.
Касиеттүү кан Бакай,
Оомийин деп кол жайып.
Калыктын баары чуркурап,
Баары колун тең жайып.
Ободо жылдыз оң болсун,
Ооганга барсаң жол болсун.
Астыңан чыккан душманың,
Аягыңа кор болсун.
Төбөңдө жылдыз оң болсун,
Төрт түлүгүң тең болсун.
Төбөлөшкөн душманың,
Төрүңө өтпөй кем болсун.
Кайыптан болсун жолдошуң,

Кабылан Манас көк жалдын.
Кан Алманбет, Чубактын,
Арбактары колдосун.
Деп ошентип кан Бакай,
Оомийин деп кол жайып.
Эки чоро балага.
Батасын берди барбайып.
Баарысы бата беришип,
Эшикке чыкты эл тарап.
Сарыхан менен Бакайдан,
Башкалары тең тарап.
Сарыхан, Бакай, Жамгырчы,
Эки чоро, Каныкей.
Ээн жерге барышып,
Кандай кылсак болот деп.
Бакайга акыл салышып,
Анда Бакай кеп айтат.
Тилиңди алса Семетей,
Алып келгин деп айтат.
Семетейге сен экөөң,
Аттанып азыр баргын деп.
Каныкей, Бакай айтты деп,
Атказып алып келгин деп.
Экөө болсо бир ага,
Акылдуу болсо ини-ага.
Акылдашып көргүн деп,
Эки чоро кулунум.
Айтканыма көнсүн деп.
Дайны бар шумкар жоголбойт,
Кеңешпесе жол болбойт.
Карынын кебин капка сал,
Тил алган киши кор болбойт.
Үйүнө үч күн жатсын деп,
Капа болду канышы.
Камчы тийип жонуна,
Капасы тарап кетпейби.
Төрөсү жатса койнуна,
Өтө эркелик кылам деп.
Төгүлдү сорпо мойнуна,
Сабырлык кылып кулунум.
Салгыла ишти оңуна,
Ички сырын айттырып.
Алып алсын колуна,
Анан түшө берсин жолуна.
Кечээ кабылан Манас баш болуп,
Мен дагы кошо барганда.
Куда болуп Акундан,
Актык кийип алганда.
Ошол күндө Айчүрөк,
Үч жаштагы бала эле.
Бала да болсо Чүрөктүн,
Беренеси бар эле.
Акундун кеби чын болсо,
Бери заада жан эле.
Кабылан Манас кайның деп,
Ушундай сенин дайының деп.
Эл ичинен уккандыр,
Же энесинен уккандыр.
Бойго жеткен жаш болсо,
Болуп турган мас болсо.
Семетей издеп чыккандыр,
Чачыкейге таарынып.
Шумкарды ала качкандыр,
Эр болсо издеп келер деп.
Келип жүзүм көрөр деп,
Эр болбосо Семетей.
Ошол бойдон калар деп,
Эр экени чын болсо.
Үргөнчтөн мени табар деп,
Антын ойлоп атанын.
Арбагына чет болбой,
Анан мени алар деп.
Же сулуулук деген өрт болот,
Суктанган адам көп болот,
Тийсе кызын алам деп.
Тийбесе кордук кылам деп,

Элин койбой кырсам деп.
Жоо жакадан алганда,
Бөрү этектен алганда.
Айласы кетип кысылып,
Анан Чүрөк келбесин.
Чачыкей муну билбесин,
Билсе да айтпай койбосун.
Аял деген акылсыз,
Душманчылык кылбасын.
Барбай койсо Семетей,
Ант, арбакты оодарып.
Кан Акундун Чүрөгү,
Эрке тийип тынбасын.
Арбакты сыйлап, антты ойлоп.
Келген болсо Айчүрөк,
Аныгын сурап билгиле.
Элден жыйнап ат алып,
Эр Семетей атанып.
Күйө болуп жүргүлө,
Каныкейди баш кылып.
Ташты эриткен аш кылып,
Аттын санын миң кылып.
Барыбыз бирдей баралык,
Кан Акундун Чүрөгүн.
Балдар, каадабыз менен алалык,
Эгер андай болбой Айчүрөк.
Ок жаадырган асмандан,
Кордук көрүп душмандан.
Кара жанын калкалап,
Элин жатса талкалап.
Качып келип жүрбөсүн,
Бизди медер кылып аркалап.
Ошондой болсо кокустан,
Элден жыйнап кол алып.
Эрден жыйнап чогу алып,
Жоо-жарагын шайланып.
Азык-түлүк мол алып,
Анан кийин баргыла.
Кармашкан жоосун талкалап,
Анан Чүрөк алгыла.
Каныкей, Бакай айтты деп,
Акылдашып көргүлө.
Макул десе Семетей,
Анда үйгө келгиле.
Атасын тарткан куу жолтой,
Кара мүртөс неме эле.
Келбейм десе Семетей,
Билгеним айттым кантейин.
Балдар анда өзүңөр билгиле,
Кетемин десе Семетей.
Ак болотум капшыр дейм,
Атаңар Манас, Алманбет.
Чубак менен Сыргактын,
Арбагына тапшырдым.
Кабылан Манас барында,
Мен Үргөнчкө көп бардым.
Бир барбадым көп бардым,
Жол эсебин айтайын.
Жол корбөгөн баласың,
Жортормон элдин тукуму.
Жобобой балдар ук муну.
Суу көрбөгөн жаш балдар,
Султанымдын тукуму.
Суу маанисин айтайын,
Сумсайбай балдар ук муну.
Эл көрбөгөн баласың,
Эренимдин тукуму.
Эр Алманбет, кан Чубак,
Беренимдин тукуму.
Эл маанисин айтайын,
Эсиңе алып ук муну.
Мындан ары барганда,
Бузур-бузур жер келер.
Бука сийдик жол келер,
Андан ары барганда.
Аркайган ашуу бел келер,

Ашуусу бийик тоо келер.
Агыны катуу суу келер,
Айгайлаган чуу келер.
Андан ары сен барсаң,
Адыр-адыр бел келер.
Как этип карга учпаган,
Мээ кайнаган чөл келер.
Бок кайнаган сасык бар,
Мээ кайнаган ысык бар.
Андан ары барсаңар,
Айтылуу Үргөнч кызык бар.
Үстүндө көбүк буусу бар,
Киргин болгон кезеги.
Үргөнч деген суусу бар,
Ошол Үргөнчкө жакын калаасы.
Ат чабым жерде арасы,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Эл бийлеген төрөсү,
Ага ининин баласы.
Эли ооган мусулман,
Кан Акункан кайны бар.
Алуучу Чүрөк зайыбы бар,
Билип алгын чоролор.
Анан мына ушундай дайыны бар,
Жоругун айтып кан Бакай.
Жолду каттап мамындай,
Жерди каттап хан Бакай.
Жеткире айтып мамындай,
Султаның Бакай жаңылбай.
Сууну каттап мамындай,
Билген эрге маани ошол.
Айкылга дыйкан даана ошол,
Жел кайык жылкы мингенге.
Он беш күндүк жол ошол,
Ойронум Манас баш болуп.
Ошону көргөн мен ошол,
Аманат кылып тапшырып.
Семетейге кат жазып,
Карыя Бакай көп ойлоп.
Каныкей Бакай ат жазып,
Жортсоңор жолуң болсун деп.
Атаң Манас арбагы,
Башыңа келип консун деп.
Каттап шырып колуна,
Аманат деп кудайга.
Алманбет менен Манастын,
Арбагына тапшырып.
Оомийин деп кол жайып,
Кан Бакай түштү жолуна.
Кош эмесе аба деп,
Эки чоро муну айтат.
Кошомат кылбай туура айтат,
Кара мүртөс баландын.
Астына барып көрөлүк,
Айтканыңдын баарысын.
Астына барып төгөлүк,
Тилиңди алса балаңыз.
Үйүнө алып келелик,
Тил албаса кантебиз,
Амырына көнөлүк.
Кыл дегенин кылалык,
Артынан жүрүп уулуңдун.
Курман болуп өлөлүк,
Намыс үчүн, ар үчүн.
Кашык канды төгөлүк,
Арбак чындап колдосо.
Ак шумкар таап берелик,
Султандын жанын тындырып.
Жанакы сулуусун алып келелик,
Колунан кармап кош айтып.
Эки чоро кабылан,
Колтуктап атка атказып.
Кош Каныкей балам деп,
Кан Бакай кетти аттанып.
Эки чоро кеп айтып,
Эмчегин ээмп эркелеп.

Энеке байлак деп айтып,
Эрендер элдин  четинде.
Эр жигит жоонун бетинде,
Кабылан Манас, Алманбет.
Казатта кандай болду эле,
Энеке бардыр эсиңде.
Жоокерлер элдин четинде,
Жолборстор жоонун бетинде.
Кайда кетти эр Сыргак,
Калдайды бузган кезинде.
Найза кармап топ бузган,
Шейит болуп казатта.
Алманбет, Чубак окко учкан,
Энеке барбы эсиңде.
Ажалы жеткен өлбөйбү,
Ак салганын көрбөйбү.
Келсе келип каларбыз,
Келбесек кетип каларбыз.
Арбак колдоп жол берсе,
Кең Үргөнчкө барарбыз.
Ажал жетип өлбөсөк,
Аман кайта келербиз.
Келип жүзүң көрөрбүз,
Каныкей эне бата бер.
Капа болбой жата бер,
Чоролор мындай дегенде.
Каныкей айтат мындай кеп,
Кагылайын чолпондор.
Кептин түбү мындай деп,
Ат башы менен эр башы.
Ажал жетип күн бүтсө,
Кайда калбайт бир башы.
Бак тиштесең бек тиште,
Айтканымды сындачы.
Ар немени көп айтып,
Алманбет Манас деп айтып.
Балдар мени капа кылбачы,
Жанакы менин уулум Семетей.
Айтса кепке көнбөгөн,
Атасын тарткан жери бар.
Өз оюна келгенди,
Өлүп кетсе бербеген.
Ажал менен азапты,
Бир чымындай көрбөгөн.
Бу жалганда калабы,
Ажалы жетип өлбөгөн.
Ажал жетип күн бүтсө,
Бооруна тартып кара жер.
Тардык кылып адамды,
Батырбай койбойт казган көр.
Ак жолуңар ачылсын,
Батамды бердим бара бер.
Каныкей мындай дегенде,
Балдарга бата бергенде.
Эки чоро шайланып,
Жай жарагын байланып.
Жоо кийимин камданып,
Күүгүм кирип күн бата.
Элдин асты дым жата,
Эрмек менен Сергеги.
Аттарды келген айдатып,
Ар шайманын белендеп.
Кермеге тизип байлашып,
Ашмачынын баарысы.
Тамагын турган белендеп,
Даяр кылып жайлашып.
Ак чатырын бүктөтүп,
Ак борчуктун үстүнө.
Арта сала жүктөтүп,
Көк чатырын бүктөтүп.
Азык менен түлүктү,
Көтөрүп барып жүктөтүп.
Төрт күпсерде арак бар,
Төрөлөр иччү шарап бар.
Аны кошо арттырып,
Аркан менен тарттырып.

Ок даарысын бастырып,
Болгун бачым, болгун деп.
Чоролорду шаштырып,
Бышкан эттин баарысын.
Ак куржунга салдырып,
Канжыгага чалдырып.
Жоо жарагын кийинип,
Манастын туусун көтөрүп.
Эки чоро кабылан,
Атка минди түйүлүп.
Сайбуудандын баарысын,
Мойнуна тумар877 тактырган.
Аягынын барына,
Болоттон такка кактырган.
Өңдөштүрүп барына,
Манаттан жабуу жаптырган.
Куйругунун баарысын,
Үч ачылап түйгүзүп.
Көкүлүн көккө сүйгүзүп,
Нөкөрү түйгөн ак нокто.
Он төрт атка чак нокто,
Моюнуна түргүзүп.
Ободо жылдыз оң тартып,
Атка минип чоролор.
Абасын көздөй жол тартып,
Асынганы Алмабаш.
Алты семиз бээ алып,
Айдаганы өн төрт ат.
Баабедин деп бакырып,
Манастап ураан чакырып.
Эки чоро кабылан,
Аттарды кууп бара атат.
Ак каңкыны жазданып,
Аса күтүп Семетей.
Кыбыланы баштанып,
Чыканактап уйку албай.
Эки түнү, бир күнү,
Эр Семетей наар албай.
Жанындагы Тайбуурул,
Жерден үзүп чөп чалбай.
Эки бутун солбубай,
Айбанда болсо жаныбар.
Жол тартарын билеби,
Ичин тартат мамындай.
Абакеңдин бууданы,
Семетейге кошулуп.
Аса тарткан бу дагы,
Ал аңгыча болбоду.
Аса күткөн Тайбуурул,
Ат табышын алыптыр.
Улутунуп кошкуруп,
Окуранып бышкырып.
Жерди чапчып калыптыр,
Манас, Манас, Манас деп.
Келе жатат чоролор,
Анда санда бакырып.
Кээде абакелеп чакырып,
Ажалдан жанын албай.
Аттарды айдап сапырып,
Бакырып үнү чыкканда.
Бадыша төрөң укканда,
Чоронун үнү чыкканда.
Жолборстун үнүн укканда,
Айдын жарык түнү деп.
Абакелеп кыйкырган,
Ак жолтой чором үнү деп.
Каңкыдан башын көтөрүп,
Карса-карса жөтөлүп.
Ак олпок тонду жамынып,
Карап турат кабылан.
Арбактарга жалынып,
Жанындакы Тайбуурул.
Туягын жерге мылгытып,
Чарадай болгон боз чалма.
Чапчып алып ыргытып,
Оздугун каккылап.

Жерди тээп чапкылап,
Кажагайлап булкунуп.
Жерди чапчып жулкунуп,
Ат табышы келгенде.
Тегеренип токтобой,
Жерден бир чөп оттобой.
Ошол кезде байкасаң,
Таңга жакын болгон кез.
Суюлуп жылдыз калган кез,
Эки чоро кабылан.
Алты атка кош тартып,
Айдаганы Сайбуудан.
Эки атка жалаң ак артып,
Алтын түркүк кош чатыр.
Азык-түлүк мол тартып,
Эрмек менен Сергеги.
Эки чоро кабылан,
Айдап кирип келди эле.
Ийни кетип шалкайып,
Сыр найзасын таянып.
Астында турган далкайып,
Абакесин көрдү эле.
Көрүп салам берди эле,
Ак олпок тонуң кийинчи.
Айланайын абаке,
Ак шумкар таптык сүйүнчү.
Учурган кушуң табылды,
Уятың минтип жабылды.
Ак шумкарың табылды,
Абийириң минтип жабылды.
Абакем амир кылган соң,
Чачыкей эмес энемден.
Кантип аяйм жанымды,
Ачууланып коёт деп,
Абакем бизди соёт деп.
Айланайын көк жалым,
Алты атка жүктөп ок алып.
Азык-түлүк мол алып,
Абаке кылып келдик камыңды.
Биз келдик аба камынып,
Калган экен Чачыкей.
Канышың камчы сагынып,
Айласы кетип Чачыкей.
Айчүрөк алып кетти деп,
Айтып берди жалынып.
Өлөргө көзү жеткен соң,
Астыбызга багынып.
Акун хан экен кайының,
Айчүрөк экен зайыбың.
Ушу убакка билбеген,
Баатыр ушу экен сенин айыбың.
Кең Үргөнчкө кайыныңыз,
Керектүү Чүрөк зайыбыңыз.
Ушу күнгө зайбыңбы,
Төрөм билбей жүргөн айыбыңыз.
Угуп келдик абыдан,
Каныкей менен Бакайдан.
Ушундай экен дайыныңыз,
Карыя Бакай кеп айтты.
Катка жазып бек айтты,
Кайрылып келип абакем.
Кайта-кайта көп айтты,
Тилимди алса Семетей.
Кайта келсин деп айтты,
Кайта келип Семетей.
Катынга сырын алдырбай,
Үйүнө үч күн түнөсүн.
Эркелеткен өңдөнүп,
Алдап-соолап бүлөөсүн.
Таарынчысын таркатып,
Жазып койсун мүдөөсүн.
Алдап сырын айттырып,
Мойнуна коюп күнөөсүн.
Анан жашырбай айтып бербейби,
Уккан көргөн жүйөөсүн.
Кан Акундун Чүрөгү,

Жайы менен келгенби.
Же жайы кетип келгенби,
Же бөрү этектен алганда,
Жэ жоо жакадан алганда.
Батарына жер таппай,
Киререрине көр таппай.
Же тиерине эр таппай,
Шайы кетип келгенби.
Абыдан дайынын билсин деп,
Атышарга жоо болсо,
Айтышарга доо болсо.
Калкынан жыйнап кол алып,
Кара курттан мол алып.
Анан кийин барсын деп,
Эгер андай болбосо.
Доолашкан доосу болбосо,
Жоолашкан жоосу болбосо.
Каныкейди баш кылып,
Каадабыз менен барсак деп.
Абакем такай муну айтат,
Анан Чүрөк алсак деп.
Аманат кылып тапшырып,
Абакем Бакай айтты деп,
Айланайын абаке.
Мынакй жазган катты деп,
Баралык десең үй мына.
Кетебиз десең жол мына,
Бадышам төрөм сен мына.
Мен эминеден коркомун,
Баш алгын десең мен мына.
Эр Күлчоро мындай деп,
Аттан түшүп жүгүрүп.
Эрмек менен Сергеги,
Эмине дээр экен деп.
Карап турат бүлүнүп,
Камбыл тууган Канчоро.
Алача мойнок жез көөкөр,
Колуна кармап жүгүрүп.
Талаада эки конду деп,
Кайдан тамак жеди деп.
Абакем ачка болду деп,
Жая кесип, жал коюп.
Кесип-кесип дан коюп,
Алтындаган жан аяк.
Арактан баса куйду эле,
Абасына сунду эле.
Суусап турган кайран эр,
Суу жуткандай урду эле.
Бир көөкөрдү бүт ичип,
Суусуну канып турду эле.
Ыраазы болуп чорого,
Ыракмат айтып ошондо.
Кабылан сөздү урду эле,
Оо кагылайын Күлчоро.
Оң канатым сен чоро,
Алмамды тарткан эр чоро.
Айткан кебим чын чоро,
Каным бирге Канчоро.
Кабыланым сен чоро,
Аа кара жаным садага.
Силер чоро эмессиңер төрөсүң,
Жоого салчу бөрүсүң.
Кандай десем кулунум,
Айтканыма көнөсүң.
Бар дегенге барасың,
Барысын кылып келесиң.
Чап дегенди чабасың,
Тап дегенди табасың.
Аман жүрсөң сен экөөң,
Алманбет менен Чубактай.
Ааламга жаңжал саласың,
Эки чоро туйгунум,
Айланайын баласың.
Айтканымдай кылбасаң,
Абаңды кайдан багасың.
Ажалдан качып жалтансаң,

Айчүрөк кантип аласың,
Айлансам болот кудайга.
Тилим, тишим бир майга,
Олпоктой түймөм кадама.
Ок өтпөгөн жадама,
Эки чоро балага.
Ойрон башым садага,
Керектүү тонум бадана.
Келтенин огу жадама,
Тогуз кабат торгой көз.
Топчусу алтын кадама,
Томуктай болгон балдарга.
Менин тоодой башым садага,
Жүрөктө черим калган жок.
Эки чоро султаным,
Силердин астыңа кетсем
арман жок,
Алжыган Бакай айтты деп.
Айылга кантип барайын,
Арам өлгөн канчыктын.
Кантип жүзүн көрөйүн,
Камчы тицген катындын.
Касиет качкан капырдын,
Койнуна барып жатканча.
Семетей болбой өлөйүн,
Артынан кошо барбасам.
Акшумкар издеп таппасам,
Ак шумкарым жок болсо.
Акундун шаарын чаппасам,
Казыз кылып жилигин.
Кара жерге какпасам,
Эсебин минтип таппасам.
Элинин баарын чаппасам,
Койдой башын кеспесем.
Коёндой кардын эшбесем,
Туулбай туна чөгөйүн.
Шумкар үчүн Үргөнчкө,
Бар шайтаным төгөйүн.
Ак шумкарды жоготуп,
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
Катып койгон жер болсо,
Камдап койгон эр болсо.
Балдар кармашкан көтүн көрөйүн,
Кайран башым барында.
Колумдан шумкар алдырып,
Кордукка кинтип көнөйүн.
Кабылан султан мындай деп,
Жолго минчү чоң тору ат.
Жортуулга минчү Буурул ат,
Жай жүргөнгө чоң тору ат.
Сайышка минчү Буурул ат,
Арча тору бууданды.
Алып келип току деп,
Болгун балдар болгун деп.
Башка кепти койгун деп,
Тургун балдар турган деп.
Арагың болсо куйгун деп,
Ат куйругун түйгүн деп.
Ок өтпөс тонун кийгин деп,
Эрмек менен Сергекти.
Ушул жерден кайтсын деп,
Каныкей менен Бакайды.
Капа болбой жатсын деп,
Сарыхан менен Жамгырчы.
Баарына салам айтсын деп,
Эки көөкөр аракты.
Бөлө-бөлө ичишип,
Тамактанып жайланып.
Таң атышты күтүшүп,
Даярданып камданып.
Жарактарын байланып,
Аңгычакты болгон жок.
Жерге нуру төгүлүп,
Жетиген батып айланып.

## СЕМЕТЕЙ АК ШУМКАРДЫ ИЗДЕГЕН ЖЕРИ

Тараза жылдыз батканда,
Таң кашкайып атканда.
Мечитке азан айтканда,
Тоо көрүнүп оркоюп.
Жетиген батып тоңкоюп,
Өзөндөкү токойдон.
Булбулу сайрап таш жарып,
Бакасы чардап баш жарып.
Ак келтесин дүрмөттөп,
Бадыша төрөң кашкайып.
Жоого барса саната,
Атадан калган адаты.
Тоону көздөй бир атып,
Тоо жаңырып дүңгүрөп.
Ойду көздөй бир атып,
Ой жарылып күңгүрөп.
Үч-Кошойдун башына,
Ашбай, шашпай угулуп.
Эл уйкудан ойгонуп,
Оозуна жүрөк тыгылып.
Эмине болуп кетти деп,
Элдин баарын чуу кылып.
Намазын окуп наалынып,
Атасы Манас көк жалдын.
Арбагына жалынып,
Эки чоро кабылан.
Аттарын токуп камынып,
Саадагы алтын жез менен.
Сандыргалу Семекең,
Ак шумкардын артынан.
Айчүрөктүн дартынан,
Жоголгон шумкар артынан.
Жорукту чүрөк дартынан,
Сапар тартар кези экен.

Орто Кең-Кол жайлаган,
Он төрт атын байлаган.
Атыша чыгып жоо келсе,
Астына салып айдаган,
Атасынан бабасы.
Атышканын жайлаган,
Күрүчүн күздүк айдаган.
Күлүктөрдүн барысын,
Күрмөкө жемдеп байлаган.
Күндө жарак шайлаган,
Күрөшкөнүн чайнаган.
Күчөнгөнүн жайлаган,
Арпасын жаздык айдаган.
Аттарынын баарысын,
Ар качан жемге байлаган.
Айында жарак  шайлан,
Алышканын байлаган.
Атасынан баласы,
Айыгышканын чайнаган.
Астына келген душманды,
Ак келте менен жайлаган.
Ташкенди бузуп кент кылган,
Такашканын мерт кылган.
Орошон он төрт ат алып,
Карыганда Бакайдан.
Кагазга жазган бат аалып,
Ошол жерден кабылан.
Ооганды коздөй аттанып,
Айдаганы сай күлүк,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Асынганы ак келте,
Артыңганы ок дары.
Жол эсептеп олтуруп,
Жолду катка толтуруп.

Суу эсептеп олтуруп,
Сууну катка толтуруп.
Күндү эсептеп олтуруп,
Күнүн катка толтуруп,
Аттары жолдо таң ашып.
Таң ашкан сайын жарашып,
Дабаан ашып, таш басып.
Ашуу ашып суу кечип,
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Мээ кайнаган чөл жүрүп.
Так тогуз күн болгондо.
Муздак төрдүн оозуна,
Кечке кыстап кеткенде.
Күн бешимден өткөндө,
Атка жайлуу жерлеген.
Өөрү болуп кетим деп,
Жан кыйнамак бекер деп.
Бүгүн конуп алам деп,
Чырым этип тынч алып.
Бүгүн алп уйкуну салам деп,
Аттын барын жайлатып.
Керме тартып байлатып,
Коштун баарын түшүртүп.
Кош чатырды тиктирип,
Аю тери көрпөчө.
Астына бүктөп салышып,
Жан казанды асышып.
Жалынын жабаа жагышып,
Жая менен чучуктан,
Чүйгүнөн салышып.
Жез чайдооско чай коюп.
Конгон жерде бээ союп,
Арак ичип ысышып,
Аңгеме салып кызышып.
Туурап этке чон тоюп,
Жай олтуруп эс алып,
Алда кандай болду деп.
Ак шумкардан кеп салып,
Алып кеткен шумкарды.
Айчүрөк кандай деп салып.
Асманга жылдыз толгондо,
Түн жарымы болгондо.
Каңгыларын жазданып,
Кыбыланы баштанып.
Орунун жайлап алышты,
Алп уйкуну салышты.
Коңуругу коркурап,
Чоордой болуп чоркурап,
Муздак төрдүн башынан.
Таңга маал болгондо,
Жел аргысы зыркырап,
Асманда жылдыз бириндеп,
Суу ылдай шамал дирилдеп.
Таңдык муздак жели урганда.
Чулдурап торгой турганда.
Сай буудандын баарысы,
Сууту канып болгондо,
Кетенчиктеп күнүшүп.
Керме менен урушуп.
Окуранып кошкуруп,
Оё чапчып жер казып,
Оңурандап бышкырып.
Тегернип булкунуп,
Керменин башка жагында,
Абакеңдин бууданы.
Жерди чапчып жулкунуп,
Табыш салып турганда.
Кабылан султан ойгонуп,
Эр Күлчоро, Канчоро.
Тан агарып калды деп,
Ат сууту канды деп.
Тургун балдар, тургун деп.
Тулпарларды агыт деп,
Абасы ацтып турганда.
Эки чоро турушуп,

Ноктолорун алышып,
Тулпарларды агытып,
Коё берсе оттобой.
Чыйрыгып калган сайбууда,
Оюн салып жарышып.
Кара кыя бетеге.
Кайсап-куйсап чалышып.
Бир-бирине чунаңдап,
Карс дедире кабышып,
Баш көтөрбөй буудандар,
Баары чөпкө жабышып.
Бири кетип ойноктоп.
Бири кетип сойлоктоп,
Кайтып үйүрүн табышып.
Орой чалып оттошуп.
Сууга барып топтошуп.
Оюн салып дыр койсо.
Тоо кийикке окшошуп,
Бири-бири куш уруп,
Жушаар маалыв болгондо,
Кермеге келип токтошуп.
Баарысы тулпар жез канат,
Батыш менен чыгыштын.
Баарысын бирдей көргөн ат.
Баштаганы Камбар боз,
Башынан бери көнгөн ат,
Айта берсе түгөнбөс.
Аттардын созү бир санат.
Атка кошуп агытпай,
Алып калган Буурул ат.
Жибектен аркан чыйратма,
Узуну отуз кулачтан,
Ак телки менен Сур телки,
Ардактуусу Тайбуурул.
Маансин айтам бир баштан.
Жолборсуң жолго чыкканда.
Жоо каббарын укканда.
Качан болсо Семетей,
Жанында жакын Тайбуурул,
Ак телки менен Сур телки.
Аркандалуу мына бу,
Кайнардан барып каптырып,
Жетелеп чөптөн чалдырып.
Кайра келип буудандар,
Арканга байлап тапшырып,
Качан болсо эки кул,
Баатырдан башка санаты,
Башынан калган адаты,
Жанында болсо Тайбуурул,
Абакеңдин канаты.
Эрте туруп Семетей,
Багымдатын окушуп,
Кайта кирген чатырга,
Кабылан төрөң далкайып,
Уктап жатат чатырга.
Тамак ашын белендеп,
Уктап уйку канды деп,
Түшкө жакын болду деп
Туруп тамак ичкин деп.
Канчоро айтат баатырга.
Макул чором, макул деп.
Чатырдан турду балкайып,
Жемге тойгон шумкардай,
Көкүрөгү далкайып.
Аю тери көрпөчө.
Алты бүктөп Күлчоро,
Абасына салды эле.
Көк жалын келип олтуруп,
Бала каздай балпайып.
Талаага көнгөн Канчоро,
Тамак-ашка маш болуп,
Төрөсүнүн астына,
Даярдап тамак-аш коюп,
Даңканына чай коюп,
Тамак-ашын жай коюп.
Дасторконуну белендеп,

Колдоруна суу куюп,
Кабыл турган Канчоро,
Күп серди келди көтөрүп,
Күп сердеки аракты,
Көөкөргө куюп көмкөрүп,
Баса куюп сунду эле,
Абасына арактан,
Чоросунуну бул ишин.
Абасы жакшы жараткан,
Казы менен карта жеп.
Жая менен жал жешип,
Аракты бойго атартып,
Чайын ичип, дан жешип.
Тамак-ашын жацй жешип.
Түшкө жакын болгондо,
Тулпарлар жуушап турганда.
Эр Семетей кеп айтып.
Эки чоро кулунум.
Бүгүн ууга чыгалык,
Маа Буурулду току деп.
Бүгүн Тайбуурулду минсин деп.
Тан ашырып салам деп.
Он чакты күнү минилбей,
Көбөң болуп калды деп,
Терин алып суутуп.
Эртең коштоп алгын деп,
Мен эрте түндөн кетем деп.
Карыя Бакай абамдын.
Каттагы сөзү чын боло,
Ак инектинн белине,
Шашке ченде жетсем деп,
Жер арытып жол чалбай.
Ит агытып куш салбай,
Он беш күн болду зериктим.
Ошондой балдар эриктим.
Аркардын этин сагындым,
Жүрөлүк балдар, жээликтим.
Аттарыңа мингин деп.
Алмабаш менен сырбараң,
Асынып балдар алгын деп.
Мерген болсоң чоролор,
Бүгүн аркардын башын
жаргын деп.
Абасы айтса бүлүп.
Жеңилдеп киймин кийинип,
Ноктолорун алышып.
Аттарды көздөй жүгүрүп.
Эр Күлчоро кабылан,
Булгаары тердик токумду,
Куюшканын узартып.
Буурул атка токуду.
Канчоро токуп Сур телки,
Күлчоро токуп Актелки,
Атың даяр болду деп.
Кел абаке мингин деп,
Жүрсөк мына жүргүн деп.
Бугудай болгон буурулду,
Бура тартып жетелеп.
Айланайын жарыктык,
Аттансаңчы бачым деп,
Абасына эркелеп,
Колтуктап атка атказып,
Абасынын артынан.
Мылтыктарын асынып,
Чоролор кошо аттанып,
Асынганы Ак келте,
Айдалыда жаркылдап,
Жанындакы чоролор,
Кылычы кында шаркылдап.
Бала шумкар өңдөнүп,
Балдарына кеп баштап,
Бадыша төрөң калкылдап.
Бөксөгө түшүп баралык.
Бөлүнүп аркар карайлык,
Адырга тушуп баралык.
Жайылып аркар карайлык,

Аркар болсо аталык.
Ангемеге баталык.
Экиден-үчтөн аталык.
Эрте түндөн мен кетип,
Эртерек келип жаталык,
Жана балдар жүргүн деп,
Арсак таштан өтүшүп,
Агын суудан кечишип.
Келе жатат жер чалып,
Аркардан башка атпа деп,
Кереги тийээр кокустан,
Ок дарыңды сакта деп.
Атышарга жоо болсо,
Ак келтеде дүрмөт жок,
Талаада калып жатпа деп,
Эчкиси зоодо үйүлүп,
Качып жатат туш-тушка.
Текеси таштан түйүлүп.
Ээн жердин кийигин,
Чоролор корүп сүйүнүп.
Ок чыгартпай бирине.
Ойрон абам оңбо деп
Балдардын чич күйүнүп,
Адырга тушу келишип.
Аңдышып аркар өңүшүп,
Бөксөгө түшүп келишип,
Бөлүнүп аркар өңүшүп.
Астынан качып сайылып.
Аркары жатат жайып.
Кулжасы жатат даңкайып,
Курсактары чалкайып,
Бала өңөргөн бешиктей.
Башында мүйүз каркайып,
Алмашты асынып.
Аяктай ташка жашынып,
Сыр бараңды асынып,
Сарттандардын баарысы.
Чымчыктай ташка жашынып.
Мылтыктарын бетке алып,
Заң дедире бир салып,
Эр Семетей үч атып,
Канчоросу эки атып.
Күлчоросу төрт атып.
Беш аркарды сулатып,
Беттен ылдый кулатып.
Эр Семетей экини.
Күлчоросу экини.
Канчоросу бирди атып,
Семизин тандап бөктөрүп,
Калганы калып калсын деп.
Канаттуунун насиби,
Карга кузгун жесиндеп.
Мерген атса жору жейт,
Андан болбойт кесир деп.
Берендер карасаң,
Беш аркарды жай кылып.
Колтук ташып аттанып,
Кошту көздөй кайрылып.
Аркардын этин сагынган,
Абаңдын көөнүн жалгылып.
Алып келип түшүрүп,
Коштун барын май кылып.
Камбыл тууган Канчоро.
Тамак-ашка кам кылып,
Эр Күлчоро атанып.
Чачылып кеткен сайбуудан
Баарысын аңдап бакырып,
Кошту коздөй сапырып,
Айдап келип кермеге,
Ноктолоорун каттырып,
Үртүктөрүн жаптырып,
Аттардын башын жайлашып.
Кермеге тизип байлашып.
Эки телки Буурулдун,
Ээрин алып жайдактап,
Таш жагына керменин.

Тайбуурулду баймактап,
Аю тери көрпөчө,
Абасынын астына,
Алып келип салышып,
Аңгемени кылышып,
Аракка суусун канышып,
Аркардын майлуу этинен,
Чачтай кылып туурашып,
Чыкты жаба куюшуп,
Ал, ал дешип алышып.
Аркардын этин сагынган,
Аябай кумар канышып.
Жиликтерин чагышып,
Чучуктарын кагышып,
Үйдөгүдөй талаада.
Баатырлар жанды багышып,
Далайдан бери эриккен.
Аңгемеге батышты.
Ак каңкыны жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Кабыландар жатышты.
Төрөсү чатыр ичинде,
Коңуругу коркурап,
Чоролор жататат тышында,
Жер аргы чөпту ыргапты,
Ар жаркырап асманда,
Сергитип жанды жырагтып,
Аркыраган жел аргы,
Аттардын терин кургатып,
Зоор маалы болгондо.
Чоролор туруп ойгонуп.
Абакем эрте кетмек деп.
Кермедеки Сайбуудан.
Эки телки, Тайбуурул.
Агытып андан башкасын,
Алып калып минет деп,
Арча тору  кашкасын,
Чылбырын кармап откозуп,
Талаага барып олтуруп.
Таскардын чөпкө толтуруп,
Кашатта суудан каптырып,
Кара кыяк ырандын.
Баш-башынан чалдырып.
Кийиктен башка жебеген,
Киши келет дебеген,
Тогуз төбө жарак баш,
Токсон уруу чөбу бак,
Эрикпей чоро олтуруп,
Арча тору буудандын.
Чөйчөгүн чөпкө толтуруп,
Таңга жакын калганда,
Жетиген тоонун башына,
Тоңкоюп кирип барганда,
Арча тору бууданды,
Алып клип жетелеп,
Аса байлап кермеге,
Эрте кетсе абакем,
Калбайын деп жемеге.
Канчоро минтип турганда,
Кабылан султан ойгонуп,
Он жагына толгонуп,
Алып желеп жүрөгү,
Ак шумкарын ойлонуп.
Каңкыдан баын көтөруп,
Карса-карса жөтөлүп,
Эр Канчоро камбылың,
Аркан байлап буурулду,
Ак телкини чедерлеп,
Чатырдан төрөң унчугуп,
Аттарыңды Канчоро,
Суугандыр отко жибер деп,
Чон тору атты току деп,
Оюнан кетпей ак шумкар,
Ордунан турду күйүгүп,
Чатырдан чыгып Семетей,
Ок өтпөс тонун кийинип,

Жай-жарагын шайланып,
Жалантып кылыч байланып.
Сыр найзасын колго алып,
Ат токутуп даярдап,
Аттанууга камданып,
Жарактарын шайланып,
Артымдан эрте келгиле,
Тамактанып жайланып,
Деп ошентип Семетей,
Астындагы чоң тору ат,
Бура тартып ойнотуп,
Жолго кирди сойлотуп,
Чоролордон бөлүнүп,
Капчыгай менен бир болуп,
Карааны тоодой көрүнүп.
Астындакы чоң тору ат,
Шайбыр басып эргиштеп,
Айбандан башка бул тору ат.
Желип кетсе жейрендеп,
Элик сындуу эрбеңдей,
Жүрүп кетсе түлкүдөй,
Же жоргосу билинбей,
Же шайбыры билинбей,
Тулпарлыгын карачы,
Айдын караңгысында,
Туягы ташка илинбей,
Көрүнгөн жерде көрүнүп.
Көрүнбөсө чоң тору ат,
Көк түтүн болуп бөлүнүп,
Таң бүлтөйүп сөгүлүп,
Таңдын арка жагынан.
Жарыгы жерге төгүлүп,
Камыштын башы шоодурап,
Каракач торгой чулдурап.
Жылдыз батып жымырап,
Жандын баары кыбырап,
Уясынан куш учуп,
Баласына жем ташып,
Намаз маалы жакындап,
Абадан жарык таң атып.
Бара жаткан жолунда,
Агын суунун боюнда,
Аттан түшө калды эле.
Азанын айтып аңгырап,
Намазын окуп алды эле,
Каранын окуп арбакка,
Кудайга наалым кылды эле.
Намазын окуп аттынп.
Аңгычакты карасаң,
Тоо тоонун башын күн чалып,
Жел аргы тарап закымдап,
Бөкөйдүн бөксө жол менен,
Келе жатат алкымдап,
Улуу шашке болгондо,
Бакайдын айткан жерине,
Ак ийнектин белине,
Кирип келди жакындап,
Айры белес ач кайкаң.
Алакандай көк тайпаң,
Белеске чыгып барды эле,
Берениң карап калды эле,
Андан ары караса.
Тоо түгөнүп уч болуп,
Жер мунарык түз болуп,
Мунарык тартып бурч болуп,
Аң таң болуп турду эле,
Жогор жагын караса.
Абай кылып караса,
Айырмачтай кайканда.
Айры белес тайпаңда,
Жаткан уйдай караташ,
Жанында жакын мамы таш,
Көрө коюп эр неме.
Жанына жакын келди эле,
Карап байкап олтурса,
Кагазын алып окуса,

Бакайдын жазган каты бар.
Караташтын бетинде,
Окуусун оюп салдырган.
Алманбет, Манас аты бар,
Ошол катты көргөндө,
Оң бөйрөгү олкулдап,
Сол бөйрөгү солкулдап,
Болоттон катуу желмогуз,
Болбой ыйлап болкулдап,
Кара ташты кучактап,
Кабылан турат солкулдап.
Эки тоонун урунат,
Көк сеңирдей атам деп,
Эки суунун куюлуп,
Көк иримдей атам деп,
Кара таштын бетинде,
Атың турат изиң жок,
Алманбет,  Чубак кишиң жок.
Ителгидей кара көз,
Ирмебей көзгө жаш алып,
Чөнтөгүно кол салып.
Жолт олугун алып колуна,
Бетин арчып Семетей,
Куран окуп кол жайып,
Арбактардын жолуна.
Кашаттын туура башында,
Атасы Манас көк жалдын,
Көчүгүн коюп олтурчу,
Көмүркөйдөй ташына,
Көчүгүн коюп олтуруп,
Көк жал Манас атам деп,
Көңүлүнө толтуруп.
Айнектин оозу кирдейт деп,
Алыскы жолго жүрбөйт деп.
Ак супа менен орогон.
Алыскы жолго жорогон.
Кабарын уккан көп душман,
Айдыңынан кологон,
Алты атар огуун сологон,
Атышкан душман кологон.
Боосун чечпей мойнунан,
Болжолу жок чоң дүрбу,
Сууруп алып койнунан,
Жакут таштан жардырган,
Айнегинин четине,
Тегерете салдырган,
Кармап турса колуна,
Адамдын мээрин кандырган.
Кабыландын дүрбүсү,
Караңгыны шам кылган.
Кетмен ооз чоң дүрбү,
Керек болсо оң дүрбү,
Чыгырыгын имерип.
Чындап көзгө жиберип,
Ондоп колго бек кармап,
Кылтылдатпай бек кармап.
Алты күндүк жерлерди,
Алты бута келтирген,
Жети күндүк жерлерди,
Жети бута келтирген.
Айнегин козгө толтурса,
Арыстаның карап олтурса,
Калдайып жаткан калың бак,
Алма аралаш жийде шак,
Акун кандын шаары окшойт,
Аны көрүп олтуруп,
Көңүлүнө толтуруп,
Андан ары караса.
Ак асаба туу жатат,
Асман жарган чуу жатата,
Көк асаба туу жатат,
Көк жарыган чуу жатат,
Аны көрүп кабылан,
Оң өйрөгү олк этип,
Сол бөйрөгү солк этип.
Акун кандын шаарын,

Камап жаткан кези го,
Алыс жактан жоо жетип,
Деп ошентип Семетей,
Дагы байкап караса,
Чымчык учпас кең сайдан.
Чымылдак тартып жез найдан,
Суу акпаган кен сайдан,
Сурунай тат жез найдан,
Кербенчи баспас кең сайдан,
Кериней тартат жез найдан,
Чууну чууга урдуруп,
Сурунай кулак тундуруп,
Кепти кепке урдуруп,
Кериней кулак тундуруп.
Алкым жакта ак желек.
Анын колу бир бөлөк.
Жээк жакта төрт желек,
Жер жайнаган кол жатат,
Ар кайсыссы ар бөлөк,
Каралыгы кундуздай,
Карап турса акетай,
Кан жанын оту жылдыздай,
Атыша турган жообу деп,
Атактуу Толтой зорбу деп,
Аң-таң болуп турду эле,
Андан бери дүрбүсүн,
Аңырайта сунду эле.
Кабылан султан кайран эр.
Үргөнчтү көрүп турду эле,
Ошол күндө Үргөнчтүн,
Тоосунда кары бар,
Токоюнда чары бар,
Кабары катуу Үргөнчтө,
Ар сонундун баары бар,
Сыдыра чыккан талы бар,
Сыйда токой багы бар.
Чык этип керки тийбеген,
Бей даарат пенде кирбеген,
Чытырман болгон жаны бар,
Жылкычылар барбаган,
Акун кандан бээй жооп,
Укурук кыйып албаган.
Кайыңга тууп куштары,
Камынып турат учканы,
Терекке тууп куштары,
Теминип турат учканы,
Алкым жагын караса,
Кумунда кулан ойногон,
Суусунда кундуз сойлогон,
Көргөн киши Үргөнчтү,
Жерлесем деп ойлогон,
Адырмак келип сайылып,
Аркары койдой жайылып,
Будурмак келип сайылып,
Бугусу малдай жайылып,
Эчкиси таштай үйүлүп,
Элиги зоодо түйүлүп.
Түлкүсү жүрөт сүйрөңдөп,
Доңузу жүрөт түйрөңдөп,
Жыргап жаткан Үргөнчтүн,
Жыланы сойлоп ийреңдеп.
Күкүгү таңда таңшыган,
Булбулу талда таңшыган.
Эр Күлчоро жаңкы шер,
Суугa келип токтоду.
Алдындагы чоң Үргөнч,
Чылбыр салса бойлогус.
Кечемин деп Үргөнчтөн,
Чыдап адам ойлогус.
Адырын түлкү жойлогус,
Кешикдеп дайрадан.
Теке эмес адам ойлогус,
Жаш балаты карагай.
Шарга барып урунуп,
Шарга келип тийгенде.
Баладай чалма журулуп,

Карагай агып, сал агып.
Үйдөй болгон кара таш,
Күңгүрөнүп дагы агып.
Бетине келген адамдын,
Тебетейин учуруп.
Катуу кирип алыптыр,
Кан жыттанып калыптыр.
Кан терин билбей Күлчоро,
Кандай кылсам деп ойлоп.
Кайра ойлонуп толгонуп,
Кудай алсын мени деп.
Семетей менен Канчоро,
Кыйынсынып келдим деп.
Деп Күлчоро ойлонду,
Мына ошондо өйүздөн.
Кабар тийди чүрөккө,
Сакчы койгон сары кыз.
Кабарчы койгон кара кыз,
Кайра чуркай калды эле.
Катуу бүлүк салды эле.
Айлананйын эже!
Кудурет бизге барген бейм,
Түшүңүз туура келген бейм.
Кызыл буурул ат минген,
Кызыл чийкил жаш бала.
Өйүзгө келип токтоду,
Семетей жездем болбосун.
Кудайм бизге бербесин,
Айкөлүң келип жүрбөсүн.
Мына ошондо жеңекең,
Жабыраган кара бет.
Жабырабай жагынбас,
Эбиреген кара бет.
Эбиребей жагың бас,
Деп жеңекең ойлонуп.
Кынама кийип буралып,
Кыл торго кийип кубанып.
Мурунуку күнү түнүндө,
Айчүрөк жатып түш көргөн.
Көргөн бир түшүн айтып,
Карагар кабылан.
Калаанын ичин жойлогон,
Караган иттер үрбөгөн.
Кызыл чаар кабылан,
Шаардын ичин олойлогон.
Көргөн иттер үрбөгөн,
Асмандан учуп Буудайык.
Акчынарга конуптур,
Асабайлап бууданды,
Адамдан башка сүрү бар.
Алп мүнөздү түрү бар,
Түшүндө муну көрүптүр.
Чочуп мындан ойгонуп,
Калаймандын кашына.
Чыкыртып чүрак алыптыр,
Түшүн айта салыптыр.
Мына ошондо калайман,
Жараткан тилек бериптир.
Карагар кабылан,
Кааланын ичин жойлогон.
А караган иттер үрбөсө,
Ал канчоро кайниң турбайбы.
Кызыл чаар кабылан,
Көчөнүн үгүн жойлосо.
Көргөн иттер үрбөсө,
Ал гүлчоро кайниң эмеспи.
Кызыл чаар кабылан,
Ал гүл чоро кайниң эмеспи.
Асмандан учкан буудайын,
Ак чынарга түнөсө.
Ак шумкар колдо эмееби,
Мамыга буудан байланса.
Бурул ат келет турбайбы,
Алп мүнөздү жездекем.
Айкөлдүн улу эр семең,
Арстаным келет турбайбы.

Түшүм тура келгенби,
Кудай тилек бергенби.
Деп жеңекең ойлонуп,
Акыл ойлоп толгонуп.
Сөклөсүн салынат,
Кынама торго кын торго.
Кытай торго көк жашыл,
Кыр уру кийим кийинген.
Көргөндүн көзүн талдырган,
Көрсөң жеңең ушундай.
Эшике чыгып келди эми,
Ак дүрбү алып караса.
Арыстан кулдун өзү ошо,
Алманбеттин Күлчоро.
Келип калган кези ошо,
Тамайлай жеңең көрдү эми.
Талыкпай сынап гүлдү эми,
Бай-бай чоро эр экен.
Кай жеринде ким экен,
Атын калмак дебесе.
Смашта кыз калбай,
Тик болчу шер экен.
Кең колдо сенин азабың,
Келди сенин кезегиң.
Келтирди кудай эсебин,
Баатыр чоро шер болсо.
Бугуту менен таш кечү,
Өгуз-ашу бет кечү.
Кемирилген акжарга,
Басып чыгып бараттың.
Баатыр болгон чородон,
Байкап кабар алайын.
Баатыр болсо гүлчоро,
Кечип чыгып үргөчтөн.
Келип мага беттешер,
Жүрөгү тайкы кулболсо.
Жүдөйтко мени көргөндө,
Деп жеңең басты ошо.
Баскан сайын чүрөккө,
Алты жигит жүгүрүп.
Мамык салып келатат,
Жүргөн сайын чүрөккө.
Алты келин жүгүрүп,
Төшөк салып келатат.
Бети айдай бейталай,
Белгүлү бейбак ушундай.
Сөкүлөсү жарк этип,
Караган адам ташшанып.
Жазы маңдай жарык жүз,
Шайтаны бар долунун.
Салтанатын көрүңүз,
Карды көргөн этин көр.
Канды көргөн бетин көр,
Жыпарды көр жытын көр.
Жыйчунду көр тишин көр,
Жылгынды көр чалып көр.
Комуз үндү кой көздү,
Кош болгон бейбак түрүн көр.
Айды карай бергенде,
Айды булут алгандай.
Күндү карай бергенде,
Күндү булут алгандай.
Перинин кызы бей талай.
Мунун билгичтиги бир далай,
Сенин жеңең Айчүрөк.
Себкили жок кой көздү,
Сексен келин алыптыр.
Сексен жигит алыптыр,
Алты кулач кыл аркан,
Тереке басып барышат.
Селкинчегин салышат.
Ойноп аткан кези экен,
Жеңекең менен серпилип.
Жөнөп калды көпчүлүк,
Өйүздө турган Гүлчоро.
Кызды көргөн түгөнгүр,

Кылга жанын аябай.
Каалгадай кашка тиш,
Каршы терши чайнады.
Кайра жандан Гүлчоро,
Кылча кечип таштады.
Мына ошондо Гүлчоро,
Алдындагы буурулду.
Такымга тартып имерип,
Сууга кирди чуратып.
Кирген жерде жоголуп,
Сүрдө түшүп оңолуп.
Барган жерде жоголуп,
Бара түшүп оңолуп.
Акчалмалап ылайлап,
Аккан чоро кудайлап.
Көк чалмалап ылайлап,
Жүрө түшүп оңолуп.
Алдөшө минген ат,
Акырын басып маталып.
Ак болоттон дат алып,
Жүрө түшүп маталып.
Көк болоттон даталып,
Ооздуктан кызыл тил.
Карыш чыгып булалап,
Жама жайы жабылып.
Бут атымдай барганча,
Жүрө албады Буурул ат.
Оңолуп Буурул алган соң,
Кайык болуп шыркырап.
Сүзүп алды Буурул ат,
Оң ийинде ак келте.
Анда-санда жаркылап,
Арыстан чоро баркырап.
Колжоюп агып кал келип,
Үйдөй болгон кара таш.
Күңүрөнүп да кечип,
Күлүстөн чоро сүйлөнүп.
Абай менен абулат,
Акчалма менен мабулап,
Агыны катуу шар келсе.
Жалын төшөйт Буурул ат,
Асабалуу жар келсе.
Аттап өттү Буурул ат,
Суудан чыкты суурулуп.
Суу жыландай чуурулуп,
Алдына минген Буурул ат.
Көк тердиктин этеги,
Бурчактап суусу шар чолоп.
Акырын басып жорголоп,
Кылычы белен ылактай.
Ай балта жанда шаңгырап,
Нөкөрү бутта чойкоюп.
Оң далыда ак келте,
Ай тийгендей болкоюп.
Келинди көрсо керилген,
Керели кечке сүйлөшкөн,
Кызды көрсө кынаган.
Кыябы манап суналган,
Сокон терген кыз болсо,
Солкулдап ойноп келе атат.
Ышкын терген кыз болсо,
Ылкылдап ойноп келе атат.
Сексен келин, сексен кыз,
Оронпой тээп алыптыр.
Оюн салып салыптыр,
Мына ушу карата.
Буудандын оозун бурду эле,
Бара бир тартып жүрдү эми.
Алдынан чыкты буралып,
Сегиз келин, сегиз кыз.
Кызыл буурул ат минген,
Кызыл чийкил жаш бала.
Атындын оозун бура тур,
Сөз айтты уга тур.
Адамсың деп менсинбей,
Өтө берди теңсинбей.

Чүрөкту карай бет алып,
Бура тартты эр неме.
Мына ошондо айчүрөк,
Кеп баштады иликпей.
Кызыл буурул ат минген,
Кызыл чийкил жаш жигит.
Кайсы жактан келесиң,
Ата-тегиң ким болот.
Элиңде кандай каның бар,
Калкыңда кандай бегиң бар.
Калкыңда бегиң бар болсо.
Кан элемин дебей ант,
Элиңде каның бар болсо.
Бек болгонмун дебей ант,
Мына ошондо Күлчоро.
Бала тапан турсунбу,
Соз баштады кидирбей.
Тегимди сурап нетесиз,
Тексиз адам дейсиңби.
Элимди сурап нетесиз,
Элсииз адам дейсиңби.
Сексен келин, сексен кыз,
Оюн баштап алыпсың.
Оолжуйсуң кудача,
Өзүңдүн жайың ким болот.
Анда Чүрөк кеп баштап,
Кеп баштаса деп баштап.
Ачылып алган кашка күң,
Жакыктуудан башка күң.
Жылкы болсо дулдулго,
Соз жакыны булбулго,
Менин жайым сурасаң,
Кан акундун карымын.
Кашка таамал сарымын,
Керүүгө казан асамын,
Кербен жолун тозомун.
Жолго казан асамын,
Жолоочу жолун тозомун.
Буурулду минип буратып,
Бура тартып чуратып.
Кай жерден келе жатасыз,
Деп жеңекең сурады.
Анда чоро кеп айтат,
Менин жайым сурасаң.
Учурганым Ак шумкар,
Урушаарым Чыңкожо.
Улугум менин Семетей,
Качырганым Ак щумкар.
Кармашарым сурасаң,
Бакыштын уулу Эр Толтой.
Баатырым менин Семетей,
Жерибизди сурасаң.
Жылгындуу Кен-Кол, чоң Талас,
Элибизди сурасаң.
Кадимки кыргыз ак калпак,
Атыбызды сурасаң.
Арыстан тууган эр Манас,
Өзүмдүн жайым сурасаң.
Азиз кандын Алманбет,
Элкин болбой так болуп.
Энеден жалгыз жат болуп,
Издеп келип ал кирген.
«слиом»дын динине,
Эч ким милдет кылбастан.
Каалап бир келген диниңди,
Калыйба султан бириңди.
Белсе бир келген диниңди,
Мекеде султан бириңди.
Мен ошонун кулуну,
Айланайын абамдын.
Артында жүрсөм эшимин,
Алдында жүрсө абамдын.
Асабалуу шеримин,
Артыңан издеп биз келдик.
Аманаты жеке эсенби,
Элин аман жатабы.

Ажыбай менен Түмөнбай,
Абаң эсен жатабы,
Калкындын болгон кары.
Кан акун аман жатабы,
Келе жеңе колунду.
Деп Күлчоро жанкы шер,
Колун сунду кылайып.
Чоюлган кулду менсинбей,
Созулуп Чүрөк теңсинбей.
Ай-ай мырза кеп айтат,
Токто мырза тура тур.
Жооп айтайын уга тур,
Алдыңа минген Буурул ат.
Кыдыр минген жал экен,
Байың акмак болбосо.
Сен өңдөнгөн чородо,
Миндирбөөчү мал экен.
Калкыбыз аман жатышат,
Калык башкарган падыша.
Карыбыз аман жатышат,
Бирөөнүн атын мингенсип.
Бөрүн  тоонун кийгенсип,
Мактанасын эй мырза.
Жолочу болсоң жол мына,
Базарчы болсоң мал мына.
Байкап сүйлө чырагым,
Сен өңдөнгөн чорону.
Байлап күтүп алуучу,
Малайлыкка салуучу.
Байың Чүрөк мен мына,
Анда чоро күйду эми,
Ай-ай жеңе тура тур.
Соз айтайын уга тур,
Менин жайым айтайын.
Камактан келген дин үчүң,
Бир атым бар Күлчоро.
Бир атым бар Кулчоро,
Кулда болсо кутурам.
Семетейдин аркасы,
Сен өңдөнгөн бей таалай.
Далайына жутунам,
Керек болсо келе атат.
Көч такымда абакем,
Келе жеңе колуңду.
Деп Күлчоро жаңкы шер,
Колдон кармай алды эми.
Атынан алып түшүрүп,
Мына ошондо эр Семең.
Эр болбой кодөс болобу,
Кулга колу тийди деп.
Кулча көөнү кетти деп,
Канчоролор чакырып.
Ат  току деп кыйкырып,
Айкөл түштү ордунан.
Арча тору жучунак,
Айкөл минген чоң тору ат.
Абакеңдин Ак телки,
Арыстан алды коштошуп.
Абайлабай карабай,
Өлөмүн деп самабай.
Кесир эттүү кысталак,
Кечили чалып кайтпайт деп.
Келип атты бердим деп,
Эркелеп ээп аччачар.
Эминени көрдү деп,
Каарланып назданып,
Кайран чоро айынан.
Кабылан Семең атtанып,
Кыргыздан чыккан сай күлүк.
Шыгырата айдады,
Өйүз-бөйүз жарлардан.
Аттатып келип эр эмең,
Бута бою аңдардан.
Буудалбастан чур атып,
Бууданды минип баратып.
Бурyжутуп чуратып,

Айкөл келип назданып.
Каарланып күркөнүп,
Кан Манастай сүйлөнүп.
Айбаттанып күүлөнүп,
Айкөл Семең сүйлөнүп.
Ачып көзду жумганча,
Алдыдагы Үргөнчкө.
Айкөл келип жоктоду,
Кечү издеп карабай.
Кечемин деп самабай,
Кечүүнүн жолун карабай,
Сууга кирди чуратып.
Агымы катуу чоң Үргөнч,
Эр экенин билеби.
Манастын уулу Семеңдин,
Шер экенин билеби.
Кирген жерде чоң Үргөнч,
Аша коюп ашуулап.
Акчамалап жабуулап,
Көч жакында Канчоро.
Мен кантемин дедиби,
Менден жаның артыкпы.
Киргин чочко деди эми,
Кыргыздардын сай күлүк.
Башкы күчү таш күчү,
Канчоро кирди кубалап.
Он төрт ат агып келатат,
Аны менен жанаша.
Канчоро агып келе атат,
Манастын уулу эр Семең.
Бута атымдай барганда,
Алдына минген Ак телки.
Баса албады буралып,
Жандай салып тору атты.
Ыргып минди эр Семең,
Он эки кулач сыр найза.
Сууруп алды эр Семең,
Кана дайра алга деп.
Жерге туштап жиберип,
Оң колтуктун түбүнө.
Оңдой коюп эр неме,
Туруп берди болкоюп.
Алалбасаң чоң дайра,
Энеңди эми алгын деп.
Айланайын абаке,
Кармай көргүн мени.
Канчоро келип өкүрүп,
Ошондо Семең күлдү эми.
Кудай алсын сени деп,
Кузгун ойсун көзүңдү
Өйүздөгү келин-кыз,
Элге шылдың болдук деп.
Алдына минген Канчоро,
Кан Көбөштүн Көк телки.
Анжыян Кашкар арасын,
Алты жүз аттан бир чыктык.
Көтөр чочко башыңды,
Турпандын ичин басканда.
Кара шаар кабылган,
Качпай кирип барганда.
Кара чайлу сепилдеп,
Канча жолу секирдик.
Эми көтөр башыңды,
Деп кабылан кыйкырды.
Мына ошондо Сур телки,
Кайыктай болуп шыркырап.
Каздай моюн көтөрүп,
Каргыралуу төрөсүн,
Көтөрүп алып жөнөдү.
Он төрт күлүк бууданды,
Бир колу менен токтотту.
Бир колу менен эр Семең,
Канчорону токтотту.
Шай колдогон жанкы шер,
Он эки кулач сыр найза.
Суурп алды жаңыдан,

Абакемдин Көк чолок.
Башта-башта деп,
Баштабасаң Көк чолок.
Башынды азыр алам деп,
Эр Семең үндү салганда.
Абакеңдин Көк чолок,
Мындан мурун келиптир.
Айкөл Манас келгенде,
Кечкен экен Көк чолок.
Турумун баарысын,
Көргөн экен Көкчолок.
Аттардын түштү алдына,
Кыл куда болуп мал айдап.
Куйрук ашап, май чайнап,
Келген экен абакең.
Көргөн буудан эмеспи,
Кычтартып кыялап.
Кечип чыкты чоң суудан,
Суудан чыкты суурулуп.
Сур жолборстой түрдөнүп,
Тоо тору минип күүлдөнүп.
Тоо шумкардай үндөнүп,
Каары кыйын заары күч.
Катылган адам калбай түз,
Бет айбаты Семеңдин.
Беш миң эрдик көрүнүп,
Арты жагы Семеңдин.
Алты миң эрдей көрүнүп,
Кирбиги кайнап чок болуп.
Кишиде мындай жок болуп,
Себили сексен төрт болуп.
Серп алганы өрт болуп,
Айбаты кыйын заары күч.
Алдына келген кишини,
Абайлабай кылат түз.
Үргөнчтөн кечип алышты,
Секини көздөй салышты.
Чоң тор ат минип эр Семең,
Чокулган тобу карата.
Жөнөп калды эр немең,
Мына ошондо калайык.
Келиндин баары таң калып,
Капырай кандай неме деп.
Баатырдын түрүн көргөндө,
Жүрөгү чыгып кабынан.
Жүдөп аткан андан көп,
Ээси чыгып бир канча.
Качып аткан андан көп,
Адамсыңбы дебестен.
Өтө берди Чүрөктөн,
Ошондо жеңең кеп баштап.
Акырын сүйлөп бек таштап,
Тору атчан мырза тура тур.
Соз айтайын уга тур,
Каарланып келчүдөй.
Касташканың мында жок,
Ачууланып келчүдөй.
Алганыңча мында жок,
Абайлап баатыр тура тур.
Деп жеңекең кеп айтап,
Жакшыны көрмөк фарыз деп.
Жаманды көрмөк карыз деп,
Айкөлдөн калган туяк деп.
Арыстандын чырак деп,
Биз да сизди укканбыз.
Кең Үргөнчтө кайним деп,
Керилген бейбак зайыбым деп.
Кайра Талас келгенде,
Кара ат минип кайгалап.
Качанан жезде келип,
Балдыз, жеңе кудагый.
Уккан экен кабарың,
Ушу убакка бир келбей.
Уют экен жездеме,
Деп Айчүрөк басынды.
Алтындай сөздөр ачылды,

Мына ошондо эр Семең.
Белди айлана бергиче,
Беш адыр карың тал бекен.
Беринин кызы бейтаалай,
Белчү чүрөк бар бекен.
Бар болсо уксун жообумду,
Ак шукар ала качкандай,
Акылсыз чүрөк экенсиң.
Бирок сени алып кетемин,
Шумкарды бергин кетемин.
Мен да сени уккамын,
Кан Акундун кары деп.
Кашка таман сары деп,
Туйгун кандын шаарында.
Туттан калар эски деп,
Журт куруткан кески деп.
Деп эр Семең басылды,
Ошондо чүрөк асылды.
Атадан артык туулган,
Айкөлүм сен мени угуп  тур.
Кең Үргөнчтө кайным деп,
Керилген Чүрөк зайыбым деп.
Атакемдин төрүндө,
Ак жуунуп үлпүлдөп.
Алтас кийим буралтып,
Ак шайы кийим кубанып.
Алгачтап ойноп жүргөндө,
Ат бастырып келбедиң.
Келмек түгүл эр Семең,
Салам кат жазып ийбедиң.
Атакемдин үйүндө,
Арбагын сыйлап Манастын.
Күтүп жүргөн менденби,
Издеп келип албаган.
Айкөлүм төрөм сенденби,
Же болбосо менденби,
Бел куда болгон атабыз.
Беш жылы мурун камынып,
Берište кудай жар болуп.
Белгү баатыр байкагын,
Бериптир кудай тилекти.
Бирок перинин кызы Айчүрөк,
Белгилүү топто жок экен.
Анда Семең күлдү эми,
Ай –ай Чүрөк тура тур.
Жооп ацтамын уга тур,
Башка балдыз эжесиң.
Какшаган гана чүрөк өзүңсүн,
Тентип бардым Букарга.
Тең туугандын айынан,
Кылып бир бардым Букарга,
Кара жандын айынан.
Жетим калып жетилдим,
Жети өзөн Талас жериме.
Жетилип келдим элиме,
Куда болуп мал айдап.
Келген экен атабыз,
Ал убакта биз болсо.
Бешиктеги балабыз,
Кең ооганда кайның деп.
Перинин кызы зайыбың деп,
Алдейлеп багып өстүргөн.
Абакем айтып койбосо,
Арасы алыс экен деп.
Атымды атап койбосмун,
Абайлап чүрөк тыңдачы.
Акылың бар сындачы,
Атакем сен болсоң.
Арадан алдым мен бирди,
Акерде билсем ошондо.
Албайт белем мен сени,
Аны үчүн капа болбогун.
Айкөлүн Семең келген соң,
Орундайт Чүрөк тилегиң.
Оттой бир туйлап жүрөгүм,
Ойлочу чүрөк сен эми.

Ойротту бузуп мол салган,
Обсуз жердин элимин.
Элиме кыстоо келгенде,
Жарай бир турган шеримин.
Ичим бир кызып баратат,
Алпкелчи чүрөк билегиң.
Деп Семетей күлгөндө,
Ай тийгендей көрүнүп.
Караган жандын баары,
Кубанычта күлүшүп.
Асты чоро жүгүрүп,
Ат алмак болду түйүлүп.
Ошо убакта Күлчоро,
Кемерин салып мойнуна.
Манастын уулу Семеңдин,
Басып келди жолуна.
Айланайын абаке,
Кесемин десең баш мына.
Чукуйм десең көз мына,
Кытайдан келген кул мына.
Кечип атты берем деп,
Канчалык кылдым далалат.
Семетейдин иниси,
Эр Күлчоро келди деп.
Кече албай Үргөнчтөн,
Кайтып абасына кетти деп.
Өйүздөгү келин-кыз,
Жалпы шылдың кылбайбы.
Намыс үчүн, ар үчүн,
Кечип бир чыктым Үргөнчтөн.
Кетпесин намыс бекер деп,
Иштеген ишим сиз үчүн.
Деп Күлчоро басылды,
Карап турган келин-кыз.
Чоронун өңүн көргөндө,
Ата жалган дүнүйө.
Кандай сонуну уул экен,
Кайраттуу тууган кул экен.
Эр жигиттин жанында,
Кыдырылуу тууган кул экен.
Деп келин-кыз көрүштү,
Кебин угуп эришти.
Атынан алып түшүрүп,
Ак чатырга киргизип.
Айкөлүн жатып калды ошо,
Кең Үргөнчтүн боюнда.
Баатыр жатат кашынып,
Алты күнү эр Семең.
Эс алып мында жатыптыр,
Күүгүм кире күн бата.
Ак атанга бүктөтүп,
Айкөлүң жүрө уруп.
Арбууданга эр Семең,
Алты балбан алдырып.
Арт жагына эки кул,
Абайлагын эми деп.
Айкөл көчүп жөнөдү,
Он төрт күлүк бууданды.
Он эки балбан жетелеп,
Алты балбан бууданды.
Араң келип жетелеп,
Алтын үскүй боорбускей.
Арыстан Семең отурат,
Кан Акундун Айчүрөк.
Кабыландын жанында,
Бир убакта эр Семең.
Чыкырып алды кулдарын,
Айланайын чырак деп.
Алдына минген буура ат,
Араң келет жетелеп,
Өз колуңа алгыла.
Абайлап көзүн салгыла,
Байкап бир изин билдирбей.
Мурун алып баргыла,
Деп Семетей айткан.
Абанын сөзүн макул деп,

Сиздиги болсун акыл деп.
Күлчоро туруп ордунан,
Ар бууднага барды эми,
Өз колуна алды эми,
Ар буудандын артынан.
Кан Акундун Айчүрөк,
Беш миң кара мал айдап.
Беш жүз качыр төө айдап,
Изин алып жашырып.
Элдин алдын жаткыза,
Козго менен албарып.
Кең Үргөнчтүн боюнан,
Келди Чүрөк жазгырып.
Кан Акундун чоң сарай,
Кабыланды эми деп.
Үргөнчтүн четин билүүчү,
Куюн боз минген куу Тынай.
Мына ушуга билгизип,
Аскерлердин бирине.
Асыл жеңең билгизбей,
Биринчи эшик дарбаза.
Алтымыш жорго, он качыр,
Араң тартты эшикти.
Экинчи эшик дарбаза,
Отуз жорго, беш качыр,
Араң тартты эшикти.
Айкөлду алып киргизди,
Тундугу кайың тунугу.
Аман болсо алымсын,
Кең колдуктун уулугу.
Муну мындай таштайлы,
Чыңкожо менен Толтойдон,
Ушундан кабар баштайлы.

## ЧЫНКОЖО, ТОЛТОЙДУН ЧАТАГЫ

Алтымыш күнгө толду,
Бүгүн берер күнү болду деп.
Алты айдан бери зордукту,
Жээдигер салды кордукту.
Токтулуу козу жедирбей,
Жалдуу байтал мингизбей.
Шыкайдын уулу Чыңкожо,
Текирждендей кара ат менен.
Тегеретип булкунтуп,
Жебенин огу шуулдап.
Барандын огу дуулдап,
Жээдигер келет жер жайнап.
Мына ошондо Ажыбай,
Кан Акунга келди эми.
Айланайын аба деп,
Эр жигит менен сулуу кыз.
Эл үчүн кетбей коёбу,
Бересизби Чүрөктү.
Же болбосо бекбакты,
Эмине алып жүрөбүз.
Деп Ажыбай басылды,
Ошондо туруп кан Акун.
Айланайын чырактар,
Билген киши Чүрөктү.
Перинин кызы бей эле,
Билбеген киши Чүрөктү.
Карыганда кара бет,
Эр албай жүрөт деги эле.
Кече арыстан Манас барында,
Бел куда болдум ошондо.
Алтын аял мен алдым,
Андан перзент көрбөдүм.
Жетимиш аял мен алдым,
Сындан перзент көрбөдүм.
Мединанын белинде,
Уу кылдырып келе атсам.

Ак марал турат кашымда,
Кудай айдап кылтыктап.
Балтыр бешик бала экен,
Кыз да болсо туяк деп.
Ич этимден суб көйнөк,
Айырышып көтөрүп.
Алты күнү жөө басып,
Айылыма басып келгенмин.
Байбичемдин боюна,
Тертик тарттырып.
Он эки айга толгондо,
Белин бекем бууду деп.
Ханышам бийкеч тууду деп,
Алтымыш бээни сойгонмун.
Атын Чүрөк койгонмун,
Жетимиш бээни сойгонмун,
Атын жен жетпесе
Чүрөк койгонмун.
Алтымышка чыкканча,
Абайлатбай адамга.
Абдан сонун баккамын,
Өзүнө өргө бөлгөнмүн.
Төмөнкү шаары алгын деп,
Атайлап ага бергенмин.
Барамын десе бир ооз сөз,
Барбайын десе бир ооз сөз,
Акырын басып баргыла.
Аңгемени салгыла,
Атыңдын оозун буруп тур.
Айтамын сөздү угуп тур.
Атаң айтты кандай деп,
Ар создy айтып көргүлө,
Аргасыз жалган дүнүйө.
Эгерде болбойм деп айтса,
Анан байлап бергиле.
Алтымыш күндөн бер жакка,
Ат боройду салдырды.
Камдап койгон шери бар,
Кайнатылуу шору бар.
Качпай тура саюучу,
Кашынып келген эри бар.
Деп Акун кан айтканда,
Эки бирдей иниси.
Атына минип алды эми,
Токто клыып турбастан.
Толгонуша калышты,
Тобокел эми баатыр деп.
Кан Акундун Чүрөккө,
Беттешкени жанкы экөө.
Ошону көздөй салышты,
Эки күлүк ат менен.
Эртеден жүрүп отуруп,
Шашкеде араң барышты.
Биринчи эшик чон калаа,
Өтүп бир булар барышты.
Астына чоро түйүлүп,
Атын алды жүгүрүп.
Агаларын келди деп,
Айчүрөк укту кабарды.
Үйгө кирсин мында деп,
Ордунан турду кылгыйып.
Кеңири уктум кабарды,
Келсе душман ушунда.
Жазасын колго берсем деп,
Деп жеңекең ойлонуп.
Келгин аба, келгин деп,
Ордунан турду буралып.
Ошондо Ажыбай мырза,
Кеп башташты.
Айланайын Айчүрөк,
Камдап келген шер барбы?
Кай жерге чейин бардыңыз,
Алтымыш күнү жүрдүңүз.
Ат бородой дуу кылдырып,
Айланып учтуң сыдырып.
Айланайын чырагым,

Айта турган сөзүбүз.
Алаамат түшүп айылга,
Айлды чаап алам деп.
Аргасыз бизди камады,
Камдап койгон дөө болсо.
Кайраты артык шер болсо,
Канакей Чүрөк айтсаңчы.
Анда жеңең күлдү эми,
Айланайын абаке.
Ар сөздүн жөнүн билбейсиң,
Алыстан учуп мен келсем.
Ээрчитип келген эмедей,
Эми эле кошо жүр дейсиң.
Күйөө келсе кыз даяр,
Барбайт деген эмине.
Ак кыянын белине,
Арыстан Толтой дөө келсин.
Шыгайдын уулу Чыңкожо,
Чыңаган кызыл темирдей.
Багыштын уулу эр Толтой,
Барктуу баатыр ушулар.
Келбей койсон ошо жерге,
Айылыңда жүрбө бастырып.
Барбай койсом ошол жерге,
Атам Акун кан болсун эрим деп.
Келбей калсаң кыяга,
Энеңен эми алгын деп.
Алдап бир жазып беремин,
Ала көөдөн Толтойду.
Алдап бир мында чакырып,
Атын алып баш кесип.
Кыз алуучу сенби деп,
Кызыгына батамын.
Жээдигердин Толтойдон,
Жексен кылып саламын.
Деп жеңекең ойлонуп,
Аягына ат жазып.
Айчүрөк деп кат жазып,
Агасына берди эми.
Бүгүн бармак болду деп,
Кайра жолго салышты.
Алтымыш жорго ат тандап,
Алты келин, алты кыз.
Алдына кошуп дагы айдап,
Ак кыянын белине.
Ала желек көтөрүп,
Ажыбай келип турду эми.
Шыгайдын уулу Чыңкожо,
Ичи бузук чыр кожо.
Текирмендей кара ат менен,
Тегеренип жулкунуп.
Жамгырды көр, элди көр,
Жайнап бир келет селди көр
Жебенин огу шуулдап,
Бараңдын огу дуулап.
Катынына кашында,
Казанына башында.
Мен мыктымын дегендин,
Эси кетип кыйбылдап.
Найзакери алдында,
Мылтыктуусу бетинде.
Жоон өпкө күрсүлдөп,
Коён жүрөк түрсүлдөп.
Канчалары келе атат,
Алкым колду бир атып.
Алкым колду токтотуп,
Же колду бир атып.
Жек колду токтотуп,
Чыңкожо менен Төлөгү.
Ары жактан басты кылайып,
Ошондо Толтой кеп айтат.
Ай абаке деп айтат,
Амалдуу түлкү Ажыбай.
Ар нерсени айтуулар,
Арабыз болсун мындай.
Баз жойбу сөзүн дагы айтар,

Байкап бир аба сүйлөгүн
Алаңказар Чыңкожо,
Ала барман кеп айтар.
Акылдаган неме эми,
Абдан бир жол бышыктап.
Ачык алып жообун,
Азыр кайта кеткиле.
Бербейбиз десе ошонун,
Бербей койчу сенби деп.
Беттен бир уруп салалы,
Белгилүү баатыр кана деп.
Ооганды чаап алалык,
Ойрон салып элине,
Кан Акундун Чүрөктү.
Тал түшто тартып алалы,
Бачым барып тез кел деп.
Агасын жумшап тиерге,
Толтоюң калды токтолуп.
Тоодогу каман окшонуп,
Тобунан чыгып Чыңкожо,
Тоодон бир келген чочкодой,
Токтолбоду оштонуп.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Атынан түшүп келишип.
Ал жаны калбай көрүшүп,
Саламатпы бектер деп.
Салм айтты бүгүлүп,
Ошондо кожо кеп айтат.
Беремин дейсиң бербейсиң,
Ал кан Акундун Чүрөктү.
Ала бир келсең болбойбу,
Ат сооруга Чүрөктү.
Сала бир келсең болбойбу,
Ошондо туруп Ажыбай.
Ашкере чечен ушундай,
Абайлап баатыр туруңуз.
Адам деп сизге келген соң,
Сабыр бир этип туруңуз.
Кан Акундун Чүрөктү,
Эми баатыр аласың.
Алты миң жорго ат айда,
Алкара менен Сур коён.
Тотудай кебез байлагын,
Токсон күлүк айдагын.
Бүгүнкү күнү кечинде,
Ак кыянын белине.
Алты келин, сексен кыз,
Алдырып мында келесиң.
Ажыбай атым өчсүн дейм,
Байгамбар урсун бата урсун.
Башынан айткан ант урсун.
Кудай урсун,кут урсун,
Курбулук айткан ант урсун.
Эгерде ушул антыман,
Танып бир калсам кокустан.
Талаңга түшсүн малыбыз,
Чабылсын бүтүн айылыбыз.
Мына ушул менин айтканым,
Деп Ажыбай басылды.
Ошондо туруп Чыңкожо,
Түмөндүн уулу Ажыбай.
Түркүм бир укмуш сөзүм бар,
Түндө эле бере коём деп.
Түгөнбөй турган сөзүң бар,
Кан Акундун Айчүрөк.
Карып бир калган күнүңдү,
Канчалык каалап биз келсек.
Качырасың бербейсиң,
Бере бир турган сен болсоң.
Кан Акун сындуу кан келсин,
Кайраты ашкан жан келсин.
Беттешип мага сүйлөшүп,
Бир колуна кан Акун.
Куран алып кул болуп,
Кулдук уруп маа келсин.
Бир колуна каныңар,

Ак нан алып акарып.
Алдыга келсе жарашып,
Мына ошондо ишенип.
Алтымыш жорго ат айдайм,
Алтын күмүш дагы алып.
Алдыңа барам бүгүлүп.
Же болбосо Чыңкожо,
Айылыңа барам бүгүн мен.
Аскерди топтоп салганмын,
Айсулуу чүрөк кызыңды.
Азыр тартып аламын,
Аламаты Үргөнчкө.
Азыртан баштап саламын,
Кылгылыкты кыламын.
Кылыктуу чүрөк бейбакты,
Калыңсыз тартып аламын.
Эр бүлөөңдү кырамын,
Эчен бир кишен дөөм бар.
Таш коргонуң бузамын,
Там коргонуң жыгамын.
Кан Акундай каныңдын,
Кайсалатып чабамын.
Муну укканда Түмөнбай,
Ордунан ыргып турду эми.
Шыгайдын уулу Чыңкожо,
Бирок ичи бузук чыр кожо.
Сөз айтайын уга  тур,
Кан Акун сындуу каныбыз.
Касиеттүү жаныбыз,
Ал токсон бешке барыптыр.
Сакалында кара жок,
Абай бак болуп карыптыр.
Айкөлүң Манас баатырдын,
Алдына ханым барбаптыр.
Ара бир жолдо аргынга,
Азиз агам келе албайт.
Абайлап кожо сүйлөңүз,
Ара жолдо адашты.
Азыр жазап алгандай,
Аңарңдап коцбойсуң.
Сен эминени ойлойсуң,
Кожо бир кожо деп койсо.
Кожоңдой алып болбойсуң,
Кылыгын ашкан эр болсон,
Кылымды билген шер болсоң,
Кыргызда неге жүрбөйсүң
Кызыталак качкын кул.
Семетейдей башын тозуп
Бир жүргөн тогуз кул,
Кыз бербеймин кылып ал.
Арамзаада аркын кул,
Арга бүлүк салгыдай.
Ашкере баатыр эр белен,
Айылыңда эркек жоксунуп.
Аңырып калчу мен бекем,
Мыкты болсоң «аркын» кул.
Мындай чыгып чабышчы,
Мына ошондо Чыңкожо.
Күйбөгөнү күл болуп,
Ичи каран түн болуп.
Эмине дейсиң Түмөнбай,
Түмөн түгөл сан жеткис.
Түгөтөйүн шоруңду,
Тилин тартып Түмөнбай.
Сенин эр экениң билинди,
Ширетилген темирдей.
Көк экениң билинди,
Калың Үргөнч элиңе.
Дөө экениң билинди,
Кайнатайын шоруңду.
Казайын зындан оруңду,
Кара жаак ай балта.
Кармай алып сабынан,
Шыгайдын уулу Чыңкожо.
Айкөл Манас баатырдан,
Кагуу жеп кошо калбаса.

Башка адам муну айтпаган,
Намысы келип башына.
Кожо турду каарданып,
Мына ошондо Түмөнбай.
Кынынан суурул жол болот,
Кармап алып сабынан.
Кабылан бала Түмөнбай,
Качырып сала берди эми.
Жанында турган агасы,
Колдон кармай алды эми.
Арам өлгөн кысталак,
Алтай камап олтурду.
Анда кайда жүрдүн деп,
Жети ай камап олтурду.
Мында кайда жүрдүң деп,
Жанындагы инисин.
Кара жаак чоң камчы,
Кармап туруп сабынан.
Салып-салып жиберди,
Анан кожо кантет деп.
Жанында турган Төлөгү,
Кармап калды кожонун.
Ордунан мында бурулуп,
Кайра басып Түмөнбай.
Аттарды карап жөнөдү,
Ажыбай байкуш кеп айтат.
Айкожо баатырым,
Аламан экен акылың.
Атактуу адам болгон соң,
Арада бир акмакка.
Кабылып бир сенин калышың,
Ишенбесең мынакей.
Кан Акундун долун катын,
Окуп билиңиз.
Канчалык айтсам ишенбей,
Катыгүн киши экенсиз.
Ойлочу кожо кабылан,
Өзөктөн чыккан өртү.
Өчүрө албай жадайсың,
Өздөн чыккан тең тууган.
Жаман да болсо кантесиң,
Басыр албай жадайсың.
Бүгүнкү күнү кечинде,
Ай ааламды жыйнатып.
Алып келесиң Чүрөктү,
Ошондо кожо кеп айтат.
Болду, болду Ажыбай.
Дөөрүбө алжыбай,
Билүчү бала тиги экен.
Билбес акмак сен экен,
Деп Чыңкожо чыйралып.
Араң турат кыйналып,
Кагазды окуп түшүп.
Ичинен кожо күлдү эми,
Эми баатыр Ажыбай.
Бачымыраак келсин деп,
Баналап карап олтурат.
Байкагын баатыр мени деп,
Бүгүн макул деп коюп.
Кача турган сен болсоң,
Кайнатамын шоруңду.
Казамын сенин оруңду,
Ушундай болсун баатыр деп.
Кол кармашып силкишип,
Кайра тартып Ажыбай.
Атына минди ушундай,
Ашкере чечен уул экен.
Атагы артык кул экен,
Булбул чечен Ажыбай.
Мункайып кепти баштады ай,
Айланайын Түмөнбай.
Кенедейден бер жакка,
Кошо бир келген тирегим.
Кожо менен урушуп,
Козголду окшойт эр белгиң.
Ойлочу баатыр Түмөнбай,

Ушу бир турган Айчүрөк.
Кожо менен Толтойго,
Ыраа бир көрчү жан беле.
Атадай болгон Акун кан,
Алдына барчу жан беле.
Абайлап укчу сөзүмдү,
Эр бүлөөнү кырганда.
Катын бала ыйласа,
Эл эмнени көрүүчү.
Эр жигит менен сулуу кыз,
Элине курман эмеспи.
Эл үчүн эриң туулат,
Эсепсиз жеткай жоо менен.
Элди кырып не пайда,
Андан көрө Чүрөктү.
Астыртан кармап берели,
Ага-тууган жалпы журт.
Айдай болгон Чүрөктү,
Ак кыянын белинде берелик.
Болдук бүгүн деп,
Атасына айталы.
Андан кийин кожого,
Атынды баштап тарткын деп.
Салык кылып салалы,
Асмандан учса Чыңкожо.
Ай ааламды албайбы,
Алакандай Үргончко,
Аламанды салбайбы.
Менин айткан акылым,
Жакса бир баатыр макул де.
Эгерде жакпай бир калса,
Жарабайт аба мунуң де.
Экөөбуз билип Үргөнчтү,\
Ээледик эле эчен жыл.
Бу кудайдын иши экен,
Камалап жатса  айбынды.
Кандай жигит ойлобойт,
Башында турган намысты.
Ошондо бала кеп баштап,
Эй Ажыке деп баштайт.
Эр жигит эл үчүн туулат,
Качан бир келсе элиңе.
Кайнаган каран жоо ушул,
Өтүп бир кетти кожонун.
Бүгүнкү айткан создөрү,
Сөзү түгүл кожонун.
Абайлап карап олтурсам,
Өтүп барат коздөрү.
Кан Акун келсе алдына,
Калайык келсе кашына.
Кагылайын кожо деп,
Баш ийсек барат кашына.
Андан көрө абаке,
Бууданды байлап токусаң.
Буурул сакал кожого,
Буйдалбай кирип кол салам.
Эркек болуп Үргөнчтө,
Түрү басып жүргөнчө.
Каккылашып сайышып,
Кан майданга чыкканмын.
Катындан бетер жатканча,
Кара ниет кожонун.
Кашынна карап тургуча,
Таш коргонду бекитип.
Каса салып миң-минден,
Аскерди топ-топ салалы.
Алышып жатып кожонун,
Армансыз анан калалы.
Алтындай болгон чүрөктү,
Анан бир аба берели.
Бул акылга канбасан,
Да бир айтар акылым.
Кече кабылан манас батырдын,
Адамдан артык акылы.
Куда бир болу кеткенде,
Билесиңго абаке.

Ары бир барса он төрт күн,
Бери келсе он төрт күн.
Аттардан тандап мингизип,
Ара жолго салалы.
Ат акыгы артык таласа,
Айкөлдүн уулу Семеңе.
Өзүңдөн кеткен качкын деп,
Жээдигердин Толтой деп.
Алмак болду зайбыңды,
Ашкере айтып катказган.
Үргөнчтөгү кайының деп,
Жиберели баатырга.
Акылы артык даанышман,
Адамда мындай болбойт деп.
Угуп бир жүрөм абыдан,
Арыстан Семең келсе ошо.
Жазасынан берсек дейм,
Кыз алуучу сенби деп.
Өпкөгө коюп тепсин деп,
Жазасын берип ошондо.
Кан Акундун алдына,
Шилилилеп айдап келсин деп.
Сулуу кыз саган теңби деп,
Сууурп алып жой болот.
Суурдай башын кессин деп,
Султан болдуң бизге деп.
Сулатсак кантет эми деп,
Суута бир салып керсек деп.
Толтой менне кожону,
Мына ушундай кылсак дейм.
Анда туруп Ажыбай,
Ашкере деген капырай.
Ай бир баатыр сөзүңдөн,
Абайлабай кеп айтып.
Ай ааламды чапчудай,
Андан көрө чырагым.
Экөөбүздүн сөздөрдү.
Кан Акунга айталы,
Макул десе сеникин,
Макул болуп калалы.
Жана туруп ушуну,
Калыкка айта салалы.
Теңшерип туруп калайык,
Эп келди баатыр түмөнкү.
Деп бир айтса калайык,
Анда мен уят болцп калайын.
Жүргүнгө баатыр эми деп,
Эгитип алып инисин.
Кан Акундун калаага,
Кайра тартып алышты.
Чуу коюп жүрүп отуруп,
Түштө кирип барышты.
Алтымыш чоро жүгүрүп,
Аттарын алып түйүлүп.
Алтынчы эшикке каалга,
Ачып бир кирип келишти.
Макта отурган Акунуң,
Ордунан ыргып турду ошо.
Келгиле балдар мындай деп,
Орунун камдап койду ошо.
Ойрон төрө Ажыбай,
Оң жагына отурду.
Сол жагына Түмөнбай,
Түрөөнүп келип олтурат.
Ажыбай туруп ордунан,
Оо айланайын калын журт.
Менин айткан сөзүмдү ук,
Багыштын уулу Толтойго.
Айдан артык Чүрөктү,
Бермек болдум бүгүн мен.
Ак кыяныны белине бармак,
Бияктан алты келин, сегиз кыз.
Анда туруп Түмөнбай,
Тура калып түкөтай.
Эй жалпы отурган калайык,
Жар айтамын баарың ук,

Эр бүлөөңдүн баарысы.
Эрекемин десең баатырлар,
Жоого аттансын эрте чык.
Эртеңден баштап Толтойго,
Эрешип эр өлөт.
Эген бир түрдүү шер өлөт,
Алтындан артык Чүрөктү.
Кантип кармап бересиң,
Айкөлүң Манас баласы.
Эгерде калса кокустан,
Айлаңды таппай жүрбөгүн.
Алчу жарым кайда деп,
Балакетти салбасын.
Баш көтөргөн улуктун,
Башын кесип салбасын.
Падыша жок, баатыр жок.
Калкым караан албасын,
Ушу отурган калың журт.
Үйүңө эрте кайт,
Соот, чопкут калканды.
Чогултуп алып кайра тарт,
Эртең менен болгондо.
Атыңар минип жабылып,
Алдыңкы келчү Толтойдун.
Жолун кара кашынып,
Мына бир менин айтканым.
Угуп бир алгын барыңар,
Ажыбай туруп ордунан.
Ата бир журтум уктуңар,
Түмөнбайдын кабарын.
Беребиз десең бербейм дейт,
О калайык калың журт.
Менин бир сөзүм канды анын,
Ачык айта салгыла.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Таразалап сөздөрүн.
Ортого айтып салгыла,
Мында турган калың журт.
Ажыбай сөзү акыл деп,
Тиги Түмөнбай жаман карабос.
Аныкы такыр кабыр дейт,
Элдин сөзүн укканда.
Ажыбай иниси Түмөнбай,
Шердин сөзүн укканда.
Кан Акун турду ордун,
Айлансам кантет Түмөнбай.
Ашкере сенин өзүңөн,
Алтыным чүрөк сулууну.
Атагын айтып беремин,
Алтымыш катын мен алдым.
Андан бир бала көрбөдүм,
Жетимиш катын бир алдым.
Мындан да перзент көрбөдүм,
Кечөө ак инектин белинде.
Уу кылдырып келатсам,
Ак марал турат кашында.
Алтын бешик бала экен,
Алдыман турат кезигип.
Атайылап багып алсын деп,
Нурдан бир берсе керек деп.
Кыз деле болсо туяк деп,
Ич этимден суб көйнөк.
Айрып бир ийип көтөрүп,
Алты күнү жөө басып.
Жан адамга билгизбей,
Байбичемдин боюна.
Токумду тура тарттырып,
Тогуз айга толгондо.
Толгоосу келди эми деп,
Тогуз күнү тургузуп.
Толгоосу катуу болду деп,
Тоюна токсон сойгонмун.
Тоту куш Чүрөк койгонмун,
Алтымыш бээни сойгонмун.
Атын бир Чүрөк койгонмун,
Жетимиш бээни сойгонмун.

Жел жетпес Чүрөк койгонмун,
Алты жашка чыкканда.
Атайылап кийиз жасатып,
Ак учукка суб манат.
Анжияндан алдырып,
Өргө бир жасап бергенмин.
Айкөлүм Манас арыстан,
Айткан сөзү бар эле.
Ак кула менен мең кылып,
Алдыма айдап келгенде.
Алманбеттин сары ала,
Эр Чубактын Көк ала.
Эр Сыргактын Көк теке,
Ажыбайдын Карт күрөң.
Көрүндүккө бергенде,
Байгамбар барбас чоң Бээжин.
Барып казат кылам деп,
Жалгызымдын чырак деп.
Жанында жүрчү бурак деп,
Эки жашар чагында.
Айкөлүм Мнас көргөндө,
Айткан сөзү бар болчу.
Ажалым жетим мен өлсөм,
Арбагымды сыйла деп.
Артымда калды Семетей,
Ар жалгызды сыйла деп.
Каңгайдан барып мен өлсөм,
Кадырымды сыйлагын.
Каралдым Семей жаш калды,
Кайрылып келбейт эми деп.
Кагып бир кетсе быякка,
Канышын берип бирөөгө.
Каранга мени таштаба,
Деп айкөлүм айтканда.
Арбагын сыйлап мен жүрөм,
Алдыңкы өткөн асылды.
Айчүрөккө баргыла,
Камдап келдик эриңди.
Камынгын деген шону,
Алтымыш күнү учуптур.
Ай ааламды сызыптыр,
Алдына барып келгиле.
Деп Акун кан жумшады,
Эки бирдей иниси.
Ордунан ыргып турушуп,
Ошо айткан жүрүшүп.
Атка минип жарышып,
Бей таалайдын ордого.
Жарышкан бойдон барышып,
Он эки чоро түйүлүп.
Атарын алды жүгүрүп,
Аттарды байлап салышып.
Таазим бир кылып жүгүнүп,
Атактуу баатыр төрөлөр.
Азыр мында тургула,
Айтып бир чыксын Чүрөккө.
Анан басып кириңиз,
Деп чоролор айтканда.
Эшикте турду жаңкы экөө,
Эки чоро жүгүрүп.
Кирип келди түйүлүп,
Улукту каныша Айчүрөк.
Эки агаң келди эшикке,
Кирсинби сиздин үстүгө.
Анда туруп бей таалай,
Күлүп койду бир далай,
Келсин мында эми деп.
Айта салды беризат,
Эки агасы керилип.
Үстүнө кирди Чүрөктүн,
Ажыбай баатыр кеп баштап.
Айланайын Айчүрөк,
Камдап бир келдик эриңди.
Кабылан Толтой шериңди,
Бачым барып, тез болгун.
Багыштын уулу эр Толтой,

Күйөөнүзгө кез болгун.
Сексен келин, сексен кыз,
Селкилерди алыңыз.
Сейил күтүп ошо жер,
Кыя чыгып барыңыз.
Менин сөзүм ушу деп,
Ажыбай айтып токтоду.
Түмөнбай кепти баштады,
Күндөн бир артык чырагым.
Күүгүм бир болду кабагым,
Күнүлүк жүрсөң абаңа.
Кубат бир болчу чырагым,
Үстүндө тийген күндөйүм.
Үшкүрөт абаң күндөн күн,
Калың Үргөнч ичине калгадан.
Тийген антдандым,
Айым бир укчу сөзүмдү.
Абыдан жашып турамын,
Атакең куда болуптур.
Айкөл бир Манас шер менен,
Арбагын сыйлайм деп айтат.
Алдыңкы өткөн Манастын,
Каракчы кыз берини.
Каалабаган ишкедени,
Калааны чаап алат.
Кашыңа турган Ажыбай,
Калжырап сөздү көп айтат.
Менин бир тилим алсаңыз,
Бейли бузук Толтойго.
Барбай мында калсаңыз,
Калыстап өзүң ойлогун.
Качпаймын ушул уруштан,
Кайран башым өлбөсө.
Кана эми анты чырагым,
Канчалык жерге сен учтуң.
Камдап бир келген шер барбы,
Намысты алчу эр барбы.
Толтой менен кожонун,
Томкоро салчу дөө барбы.
Тоголотуп түшүрүп,
Тобун бузган эр барбы.
Мына ошондо жеңекең,
Айланайын аба деп.
Алтын үский ак мамык,
Отургузуп алды ошо.
Алама көкөр арактан,
Алтыны сууруп алды эми.
Агаларын Айчүрөк,
Урушканын билди эми.
Билип эми күлдү эми,
Кыя кесип, жал коюп.
Кертип-кертип нан коюп,
Аракка кошуп бал коюп.
Аракты берип алытып,
Кымызды берип кызытып.
Арманымды айтам деп,
Алып чыкты эшикке.
Алтын кыйма бобускей,
Отургузуп алды эми.
Ат айдаган малайга,
Көзүн кысып койду эми.
Тиги айкөл жаткан сарайга,
Ай агалар эми деп.
Арманын жеңең баштады,
Мекедеги кан кожом.
Мындан бата алдым деп,
Мединада ак эшен.
Андан да бата алганмын,
Буудайык кандын Музбурчак.
Муну да барып көрдүм деп,
Он эки кандын канчасын.
Сынап бир чыктым мынчасын,
Анжыян, кашкар, түп Бээжин.
Ат бороду сыдырдым,
Арманы жок кыдырдым.
Деп жеңекең айтканча,

Аким жаткан сарайга.
Араба кирип келди эми,
Коңуроону урганда.
Биринчи эшик дарбаза,
Алтымыш жорго, он качыр.
Араң тартты эшикти,
Экинчи эшик дарбаза.
Элүү жорго, беш качыр,
Араң тартты эшигин.
Үчүнчү эшик дарбаза,
Аттарынан түшүшүп.
Кыраандагы чатырдан,
Кылактап басып бей таалай.
Айдыңдан учкан ак куудай,
Акырын басып үндөнүп.
Жүргүлө эми аба деп,
Ээрчитип алып түрдөнүп.
Эркин өскөн Оогандын,
Эрке кызы түрдөнүп.
Эргитип алып агасын,
Караган адам сүрдөнүп.
Келишимдүү чоң сарай,
Сырткы коргон бир дубал.
Ичи коргон миң дубал,
Нокто сокуп но кылган.
Токуз болгон жерине,
Карагайдан но кылган.
Кара бетим бердим деп,
Канча дөөдөн док кылган.
Атматы менен жатсын деп,
Токсон миңи бир келсе.
Бир бурчуна батсын деп,
Токсон айчыктап жасаткан.
Калаймандан күч келсе,
Кагылышта керек деп.
Кан Акун өзү жасаткан,
Кыштарын майга сугарган.
Караган адам таң калган,
Кандай жайга келдик деп.
Берки экөө келет таң калып,
Кыргыздан чыккан сай күлүк.
Он төрт күлүк ат турат,
Кай бирлерин карасаң.
Какан соору кабкан бел,
Кай бирлерин карасаң.
Кулагы бар кыйгактай,
Как чокусу кумгандай.
Да бир жүрүп карасаң,
Ыргай моюн жез билек.
Камыш кулак сом туяк,
Байлоодо жатып семирген.
Мамынын башын кемирген,
Жат кишини көргөндө.
Чекеси менен караган,
Жеп ийчүдөй самаган.
Эн биринчи алдыда,
Жалпы кызыл, жалпы көк.
Ошол эки ат бир турат,
Экиден кийин байкасаң.
Манас минчү Камбарбоз,
Акылайдын ар кызыл.
Ошо эки буудан бир турат,
Төрттөн кийин издесең.
Төрт катындын төрт аты,
Төртөө турат байланып.
Каныкейдин мына бу,
Кара кашка аргымак.
Айкөлүңдүн чоң тору ат,
Эки күлүк бир турат.
Андан кийин байланып,
Арча тору ту чунак.
Жамгырчынын жайдак сур,
Көнө турат байланып.
Тогуз болгон жеринде,
Сары таздын тулпары.
Жалгыз турат байланып,

Абакендин Көк чолок.
Айкөлүңдүн ар кызыл,
Мына булар турат байланып.
Он беш болгон жеринде,
Экөөнүн аты бош турат.
Капырай кандай сонун деп,
Тууган деген курусун.
Башында келген урушуп,
Эми экөө тим эле.
Этек жеңин кармашып,
Жанындагы Чүрөктү.
Колдон кармап алды эми,
Айланайын Айчүрөк.
Жазатылып жаткызып,
Манжу минчү аттарбы.
Же замбирегин тарткызып,
Орус минчү аттарбы.
Же жебирейил өзүбү,
Же жибингүнүн малыбы.
Кандай келген ма бу аттар,
Кагылайын антип.
Аташкан күйөөң тиякта,
Андып жүрүп кара бет.
Бирдемең барбы тиякта,
Болжошкон күйөөң тиякта.
Бозуп жүрүп карабет,
Болгонуң барго тиякта.
Деп Ажыбай айтканда,
Акырын күлүп шыңк этип.
Жеңекең кепти баштады,
Ай аба тура тур!
Соз айтайын уга тур,
Көрөм бирге болбосо.
Колтукташа турбасам,
Айылым бирге болбосо.
Акылдаша турбасам,
Сен ад келдиң, мен келдим.
Бул эшикти мен көрдүм,
Катын эмес, кыз эмес.
Карарып жүргөн бейбакты,
Кайсы көргө кир дейсиң.
Кайсы жол менен жүр дейсиң,
Деп жеңекең калышпайт.
Дагы эле Чүрөк чын айтпайт,
Бешинчи эшик дарбаза.
Ушулар кирип келишти,
Текери болот тике жез.
Телмериген Ак шумкар,
Кабылан Манас баатырга.
Арпанын башы жайыктан,
Ак жумуртка кыйыктан.
Кулалы чайкап куш кылган,
Кудурет муну айкөлгө.
Куш үчүн алда туш кылган,
Тегереги сексен кез.
Баатырдан калган Ак шумкар,
Илбээсинге жетпеген.
Тепкени эсен кетпеген,
Болот тырмак үнүнө.
Көк октой жинден артпаган,
Талпынып койсо темине.
Бетин келген кишинин,
Тебетейин учурат.
Өйүздөгү терекке,
Жел болот от дуулдап.
Алп карагуш зымырык,
Кайдан келип калган деп.
Берки экөө жүрөт таң калып,
Шумкарды көрүп булар.
Бул эмине сонун деп,
Күбүрөшүп калышты.
Андан өтө бергенде,
Алтын мамы жез акыр.
Айкөлүңдүн буурул ат,
Аса байлап коюптур.
Айбандан болсо буурул ат,

Алдынан киши көргөндө.
Алдындагы мамынын,
Быркырата кемирип.
Буурулдун түрүн көргөндө,
Бул эмине укмуш деп.
Алдындагы Чүрөктү,
Айланайын чырагым.
Айта турган сөз болсо,
Алдабай эле айтсың.
Анда чүрөк кеп айтат,
Абайлай аба сүйлөңүз.
Ушу турган бууданды,
Мен билет деп сүйлөйсүң.
Деп гана коюп жеңекең,
Ар жакта  турган ак ордо.
Акырын абсып жөнөдү,
Эшик алып эки кыз.
Эңгиреп карап отурду ошо,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Алдагы кирип келишти,
Абайлап мына караса.
Айылдан мында келгени,
Сексен келин, сексен кыз.
Серепчилеп толуптур,
Жүктүн эки бурчунда.
Эки чоочун бала бар,
Андан бөлөк баарысы.
Өзүбүздүн элден деп,
Адис экен Ажыбай.
Абдан таанып турду эми ай,
Бир убакта Айчүрөк.
Тубардан кылган көшөгө,
Тура жыйып келди эми.
Эрин көрүп эркелеп,
Эки көздөн жаш чыгып.
Эркелеп ыйлап ийди эми ай,
Акемден калган айжыркын.
Аты жакшы күн жаркын,
Утурп бир баатыр угуп тур.
Башыңды көтөр кеп айтам,
Ишенгениң кайның кайыныңа ишенсең.
Табылбай сенин дайының,
Ак-Кыянын белине.
Камдап келди эримди,
Кадимки Толтой дөөңдү.
Ажыраштым эсен бол,
Оо дүйнөдөн көрөмбү.
Же бу дүйнөдөн көрөмбү,
Босого басып жоо келсе.
Болушарың жаныңда,
Эки бирдей бөбөгүң.
Андан башка айылыңан,
Калың кыргыз калкыңан.
Караан болор адам жок,
Кайнагаң келди кашыңа.
Кабылан көтөр башыңды,
Белгилүү жердин тукуму.
Береним уккун сөзүмдү,
Атактуу жердин тукуму.
Айкөлүм уккун сөзүмдү,
Кашыңа келди карачы.
Кайнагалар чогулуп,
Капалуу болуп кашыңда.
Канышың турат көрдүңбү,
Качан Чүрөк барат деп.
Кайнагаң турат кашынып,
Эртерек баргын бүгүн деп.
Эр Толтойго кез бол деп,
Эки бирдей кайнагаң.
Эртеден бери болбостон,
Эгерде барбай сен койсоң.
Эми эле байлап берем деп,
Эр Ажыбай күүлөнөт.
Эмине кылар айламды,
Таба албай келдим алдыңа.

Камынайын эмесе,
Качанга карап турайын.
Кагылайын эки уул,
Калдыңар менден айрылып.
Камынып келди мобу экөө,
Кайтсак экен эрте деп.
Ордунан туруп Күлчоро,
Ай-ай жеңеке кантет.
Ойготпочу абамды,
Багыштын уулу Толтойбу.
Ал окшогон эменин,
Аркы атасы Багышты.
Ала жүргөн колубуз,
Береги турган Толтойго.
Сала жүргөн колубуз,
Береги Толтой дейсиңби.
Бээжиндин малы биздики,
Ушу Толтой дейсиңби.
Улуу кытай манжуунун,
Башы болот биздики.
Манастын уулу Семетей,
Жердин жайын укканда.
Калың кыргыз ак колбак,
Элдин жайын укканда.
Жатып жатып ойгонуп,
Оодарылып койгондо.
Алтын үрзү керебет,
Үч ийилип үч токтоп.
Арыстан турду жаңыдан,
Ак туйгундай түрдөнүп.
Мекеден келген ак тобу,
Кийгизип өтүк Канчоро.
Көкала көрбө суусур бөрк,
Кийгизип өттү Күлчоро.
Сур кожутту жамынып,
Айкөл турду камынып.
Мына ошондо Түмөнбай,
Айланайын Ажыбай.
Сайрайм, сайрайм дечү элең,
Сайрачы баатыр эми сен.
Такшыймын топту дечү элең,
Такшый турган кезигиң.
Алган жүргөн жезденин,
Өзү белем мына бу.
Самап жүргөн айкөлдүн,
Салтанаты белем дейм.
Мына ошондо Ажыбай,
Элдүү жерде тилиң бас.
Эшиктүү жерде оозуң бас,
Айтайын эми баатыр деп.
Ажыбай кепти баштады,
Асылдан калган туяк деп.
Айкөлдөн калган чырак деп,
Алдыңа келдик жаңыдан.
Сооттон калган кыяк деп,
Султандан калган туяк деп.
Найзага тагар желек деп,
Айкөлдөн калган белек деп.
Катындын тилин сен алсаң,
Казыр башты кезиңиз.
Кабылан Манас баласы,
Таразалап көрүңүз.
Арыстан келди деп айтса,
Алдыңа келбей коюучу.
Алданган акмак биз эмес,
Айкөлдү келди деп айтса.
Андан бетер кылуучу,
Арада акмак мен эмес.
Калыстап баатыр көрүңүз,
Каталык бизден кетпесе.
Канчалык болот адамдын,
Асты үстүнөн кеткенге.
Кайраттуу адам тең болот,
Каталык кетсе кечирмек.
Кан заада баатыр кең болот,
Эр немең келди деп айтса.

Эр бүлөнү эргитип,
Эки күн мурун келбесем.
Эркек болуп Үргөнчтө,
Жүрбөй эле агалай.
Ак боз бээни алдырып,
Айкөл жезде баатырды.
Ак кийизге салдырып,
Асмандатып көтөрчү.
Агаң эле Ажыбай,
Аялдын тилин сен алсаң.
Азыр алгын башымды,
Алдыңа келдим билип.
Аманбы жезде эсенби,
Ал келчи эми колуңду.
Деп Ажыбай ордунан,
Айкөлдү көздөй басты ошо.
Экөө бирдей кол берип,
Кой кармаган эмедей.
Колун кармап экөөнүн,
Козголбогон арыстан.
Көзүн кысып экөөнө,
Эшикти көздөй жөнөдү.
Эргитип чыгып эшикке,
Эки кулга кеп баштап.
Гүлөшөн менин Күлчором,
Күбүлдөшүп Канчором.
Энеден элем мен жалгыз,
Кашынарга жалым жок.
Чыйбанарга куйрук жок,
Эки чоро чырагым.
Кыймылдашкын мен үчүн,
Багыштын уулу Толтойдун.
Эшектей кардын эмип кел,
Койдой башын кесип кел.
Кимиң барсан аның бар,
Бир кишилик алың бар.
Аттарыңа көз болуп,
Бирөөң мында калыңар.
Бирөөң барып кыйга,
Толтойдон кабар алыңар.
Баатыр мындай дегенде,
Кемерин салып мойнуна.
Манастын уулу Семеңдин,
Басып келип жолуна.
Айланайын абаке,
Агадан болсо амир деп.
Менден болот кадыр деп,
Эр Күлчоро кеп баштайт.
Бар десеңер барайын,
Барбай кантип калайын.
Ушу турган Толтойго,
Бир беттешпей калайын.
Буурулду берчи минемин,
Булунду берчи кийемин.
Кызыталак Толтойго,
Качырып ага тийемин.
Жанында турган Канчоро,
Канчором барса деп эле.
Камбылыраак дечү эле,
Мындан мурун Күлчоро.
Жоого чыгып бара элек,
Семетейден бөлүнүп.
Эки жака барбаган,
Кара шаар камбылды.
Кабылан Семең чапканда,
Канча жолу Канчоро.
Түшкөн экен чабуулга,
Мындан мурун Канчоро.
Жеткайдан жылкы алганда,
Жедигердин Толтойду.
Асты үстүнөн сайганда,
Шыгайдын уулу Чыңкожо.
Ушу кул качып барганда,
Артынан кууп эр Семең.
Айылына чейин барганда,
Бакай менен Төлөгү.

Ортого тушуп калганда,
Канчоронун камбылын.
Кабылан байкап калыптыр,
Бирок он экиде Күлчоро.
Ойду омуруп чуу салып,
Жеткайга кирип барганда.
Жетилип калса Күлчоро,
Жегидей экен жоосун.
Эр Семең сынап алыптыр,
Барса барсын эми деп.
Канчоро айта салганы,
Макул болсун эми деп.
Башын ийди баатырың,
Мамыдагы бууданды.
Үстүндөгү ак куржун,
Ал келгени бегинде деп.
Айчүрөкко кеп айтты,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Ак боз бээни алдырып,
Жоого барчу бала деп.
Кара торпок алдырып,
Кескилетип жиберип.
Сарала серке алдырып,
Садагасын чаптырып.
Он эки уруу тондордон,
Кайырчыга бердирип.
Айкөлүң Семең балага,
Атадан калган ак олпок.
Жакасы каухар, жеңи алтын,
Желбегей тартып бержеми.
Алманбеттин бадана,
Алтайдын кызы Бурулча.
Алты айда араң жасаган,
Улуу кытай элинин.
Уздарына жасаткан,
Муну кийди жаңыдан.
Мындан кийин улана,
Эр Сыргактын көк чопкут.
Келишимдүү сур чопкут,
Он эки олпок он чопкут.
Ойрон чоро кийди эми,
Бул олпоктун артынан.
Айкөлүңдүн ак олпок,
Ошо сенин жеңең Каныкей.
Он төртүндө келгенде,
Орто Кең-Кол Таласта.
Ойронуң Манас арыстан,
Салбар кылып канышты.
Алты айга чейин барбаптыр,
Арыстаным Манас бир күнү.
Кайыптын кызы бир Быскал,
Катындыкка алам деп.
Кырк чоросун эрчитип,
Жылкысын тийип алганда.
Артынан кууп кыз Сайкал,
Азыр атып алганда.
Айкөл Манас ойлонуп,
Кайра тартып келе атып.
Канышка түшүп калганда,
Алып келип канышың.
Айкөлүңө жапканда,
Келтирип тигип коюптур.
Ургаачынын узу экен,
Олпоктун түрүн байкагын.
Чымчык чаар чырма көз,
Чын бадана торгой көз.
Окко салса ок өтпөйт,
Чокко салса чок өтпөйт.
Милте коюп тиктирген,
Туура эмес жерин сөктүргөн.
Болот өкөн жиберип,
Ортосуна төктүргөн.
Шөкүндүн кушун алдырган,
Торго элекке салдырган.
Арасына канышың,
Аламандап салдырган.

Ичин тубар ичтеген,
Сыртынын кой барысын.
Жалаң алтын чаптаган,
Так ушундай жасаган.
Олпокту кийди Күлчоро,
Жазайылды салынып.
Жараткан алда кудайдын,
Бир өзүнө жалынып.
Белине кемер курчанып,
Берметтей бети нур чалып.
Каныкей кылган кандагай,
Тартып койсо кандагай.
Була болуп чоюлуп,
Кандагай кийип кашынып.
Кабыландай чамынып,
Жоо дегенде сүйүнгөн.
Катыны эркек туугандай,
Калмактан жылкы куугандай.
Атадан калган ак келте,
Арыстан алып берди эми.
Колунда турган ак келте,
Жаткызып атса замбирек.
Бачымдап атса барденке,
Отуруп атса очогор.
Айлантып атса алты атар,
Башы Урум менен Кытайдан.
Түшүрүп алган ак келте,
Бир тартаканда ичинен.
Жетимиштей ок чыгат,
Огу жылдызга кетет зыркырап.
Ак келтени алды эми,
Он далыга салды эми.
Эр Күлчоро балага,
Куп жарашып калды эми.
Мындан кийин кулуна,
Айкөлүңдүн сыр найза.
Үч карагай устунду,
Улап келип жасаган.
Үч маргалаң, Коконду,
Сурап келип жасаган.
Туташ жерин сырдаган,
Туташ жерин кырдаган.
Кыштын күнү болгондо,
Төө жүнүнөн каптаган.
Жайдын күнү болгондо,
Кол жылышма болот деп.
Чарайна менен чаптаган,
Кош карагай тактырган.
Жушман жакка бастырган,
Тийген жерин кабылдап.
Өлүп гана кетсин деп,
Адамдын көз майына сугарган.
Он эки кулач сур найза,
Карылык ыкка салды ошо.
Мына бу чоро алды ошо,
Андан кийин чорого.
Атадан калган ай балта,
Чокунун жон жагына.
Жоон алтын кырдаган,
Муну жомокчулар ырдаган.
Каңырайга саптаган.
Кандик уста таптаган,
Көрүкүнө чыдабай.
Көк өгүздөр союлган,
Көмүрүүнө чыдабай.
Аргын менен кыргыздан,
Алман болуп токулган.
Бүтүн текке терисин,
Бүлгүргөгө жумшаган.
Эшик төрдөй ай балта,
Кулуна берди эр Семең.
Эр Күлчоро байланып,
Жоо жарагын шайланып.
Качырып алчу жолборстой,
Кайран чоро кашынып.
Кабыстан чыккан жолборстой,

Кыраан чоро камданып.
Уядан учкан шумкардай,
Улутунуп шаңданып.
Уядан уччу барчындай,
Эр Күлчоро камданып.
Мына ошондо эр эмең,
Айкөл Манас баатырдын.
Ач албастын алды эми,
Кармарынан кол корккон.
Карарынан көз корккон,
Учун кайкы келтирген.
Чаранын колго толтурган,
Кылганын кудай чың кылган.
Кырк кереге темирди,
Кыйын уста кынаган.
Душманды көздөй шилтесе,
Раканы бою узарган.
Кайра кынга киргенде,
Жети кездей кыскарган.
Кабылан Манас баатырың,
Мединанын белинен.
Уу кылдырып келатса,
Ара жолдон табылган.
Эр Күлчоро байланып,
Эригип турган шумкардай.
Эрте кетсем экен деп,
Ашыгып турат Күлчоро.
Абдан бир жетип Толтойго,
Беттешерим бекен деп.
Белгилүү чоро ойлонуп,
Беркки жакта абасы.
Батасын эми бермекке,
Басып келип кашына.
Кан Манастын калганы,
Бир калганды баласа.
Эки жүз нарга токтогон,
Кечөө ойон Манас төрөсү.
Ойротту чаап алганда,
Олжого адам алганда.
Кытайды чаап алганда,
Картууга кызын алганда.
Алтарышту кытайдын,
Арасында айкөлүң.
Аламан чабул ичинде,
Арада кийген калганы.
Ичинин баарын Каныкей.
Жалаң тубар иштеген,
Сыртынын баарысын.
Жалаң каухар чаптаган,
Айкаштырып бүчүсүн.
Чалып чоро алды ошо,
Белине кемер курчанып.
Күнчүлүк бети нур чалып,
Алтындан кемер курчанып.
Айчылык бети нур чалып,
Жалаң кылыч байланып.
Жал алуучу эмедей,
Жанга жакын каранып.
Бощум куштай түр салып,
Болжолу жок эр неме.
Жөнөмөк болуп калганы,
Анда Семең кеп айтат.
Алып келгин Буурул деп айтат,
Атадан калган ал Буудан.
Айбандан башка сыны бар,
Адамдын бары минеби.
Ар буудандай бууданды,
Жетимиш тумар токуму.
Оттой көзү жайначу,
Качкан кулан чокуму.
Ар бууданча токуму,
Алдына минген буурул ат.
Кумда туулуп, чөлдө өскөн,
Кулан менен бирге өскөн.
Энеси кайып желдеген,
Атасын киши билбеген.

Темир тоонун арасы,
Желкайыптын баласы.
Калбыры өпкө жез канат,
Кайыптан бүткөн буурул ат.
Аркар аяк жез билек,
Айдандан сыны бар бөлөк.
Кашка тиши кададай,
Кара көзү айнектей.
Кууса жоого жеткендей,
Кең соорусу даңкайып.
Өйүз-бүйүз аралдай,
Туура тарткан жалдары.
Үйгө тартуучу үзүктөй,
Кашка жилик каккандай.
Жото жилик тим эле,
Уютуп койгон залкардай.
Жүнү тайкы кундуздай,
Чат калагы тим эле.
Чаткалдуунун белиндей,
Таноолору буурулдун.
Капчыгайдын оозундай,
Караган адам таң калып.
Кай жеринде жүнү бар,
Келишимдүү эмедей.
Келишимдүү сөөкүчү,
Калп менен коюп койгондой.
Ар бир сөөгү буурулду,
Бугудай моюн толгоп,
Буудандыгы буурулдун.
Бүтүн элге билинген,
Канкей кылган сыртынан.
Көк ноотудан жабылуу,
Жетимиш теке терисин.
Үндү кылган кандагай,
Үркүттөп үкү токуму.
Үч убактан буурулга,
Күрүчтөн күрмөк бакулу.
Атадан калган ак каңкы,
Алдыңкы кашы кырк алтын.
Арткы кашы чыңк алтын,
Басмайылы бүт алтын.
Куюшканы сом алтын,
Көмөлдүрүк чылк алтын.
Он эки тердик он желдик,
Ойрон чоро токуму.
Отко барчу бала деп.
Кандай неме болду деп,
Караанын көрүп калсак деп.
Канчасы жүрөт таң калып,
Кандай да болсо эр экен.
Кабыландай шер экен,
Деп калайык чуулдап.
Карап турат жардыкты,
Бура басып эр эмең.
Булбулум Чүрөк бери кел деп,
Чыкырып алып кашына.
Дарбазаңды ачкын деп,
Алып чыгып балага.
Батаны эми беремин,
Баардыгы уксун кабарды.
Чалгынга киши жиберди,
Макул төрөм эми деп,
Алтын эшик калаага.
Ачкычын алып ачтырып,
Сексен келин, сексен кыз.
Сербилип кошо жөнөдү,
Бул калаанын ичинен.
Кабар укбай калбады,
Кан Манастын баласы.
Кабыландын өзү деп,
Кабарын угуп чоң Үргөнч.
Кайраттанып калышты,
Калаанын сыртына.
Кайнап адам толду эми,
Кандай укмуш болот деп.
Коркогу жаны чыкты эми,

Манастын уулу эр Семең.
Батаа берди кулунуна,
Аттангын чором жол болсун.
Абада жылдыз оң болсун,
Баргын чором кар жакка.
Табыштырдым жана арбакка,
Атыңдын оозун буруп тур.
Сөз айтамын угуп тур,
Жаңга өлгөн жалгыз ат.
Жаш бала минип баратат,
Алдырып ийсе жаман ат.
Алдам өзүң саламат,
Жаңга өлгөн жалгыз тон.
Жаш бала кийип баратат,
Алдырып ийсе жаш ат.
Алды бир кудай саламат,
Алдыңа келген жоо болсо.
Арбак бир берсин жардамды,
Бет алышкан жоо болсо.
Берен атам эр Манас,
Берендер берсин жардамды.
Кайгырып турат балаңыз,
Кан манас корго баланды.
Бетиңе келсе душманың,
Берен бир атаң Алманбет.
Берипте болсун жаныңда,
Азирет аалы байгамбар.
Шер жаныңда бар болсун,
Колдогун Манас бүгүн сен.
Кароолго барат кулунуң,
Босого басып жоо келсе.
Борсоңдоп күлүп туруучу,
Атамдан калган мурасым.
Абакем Бакай мында жок.
Кереге басып жоо келсе,
Кенебей күлүп туруучу.
Керезим абам мында жок,
Калың бир кара калкым жок.
Кандай бир болом билбеймин,
Куш аламын деп келип.
Куугунга түшүп турамын,
Кудайдын кылган ишине.
Тобокел деп чыдаймын,
Эки чоро карааным.
Андан бөлөк адам жок,
Айланы кандай кыламын.
Атагы артык Таластан,
Канткенде кабар аламын.
Деп арыстан наалыды,
Жалгыздыгын ойлонуп.
Жашып ийди Семетей,
Ак боз бээни эр неме.
Куйрук менен жалынан,
Карыш жерге тийгизбей.
Кан Семең кармап турду ошо,
Келе бери чырак деп.
Кылычын сурап алды ошол,
Арбак кудай жолу деп.
Айкөл чалып ийди эми,
Темир таман үзөнгү.
Эр Күлчоро кабылан,
Теппей ыргып минди эле.
Бута атым барып Күлчоро,
Атынан ыргып түштү эми.
Үч жыгылып бүгүлүп,
Семетей менен калың эл.
Карап турду чубуруп,
Кайра атына минди эми.
Желип жорто келди эми,
Айланайын аба деп.
Аба эмес тим эле,
Ата болуп калдың деп.
Сөз айтамын азыраак,
Кайгырбагын мен үчүн.
Кара буурул тай үчүн,
Ажал жетип мен өлсөм.

Сөөгүмдү аба ала көр,
Артып барып Таласка.
Айкөл атам Манастын,
Коргонуна коё көр,
Ардактап минип жүргү эми.
Абакенин Ак телки,
Курандыкка бере көр.
Кайгырба абам менден сен,
Көчбөй тура турармын.
Катын чалыш Толтойдун,
Кара көзүн оёрмун.
Кадимкидей жаркырап,
Кайра мында келермин.
Кайыр кош тууган аман бол,
Деп Күлчоро Семеңдин.
Тамагынан үч жыттап,
Алкымынан үч жыттап.
Атына минип бастырып,
Арыстан өңдөш аттанып.
Калың элдин ичинен,
Кайра артын карабай.
Качан бир эми көрөм деп,
Кан Толтойду бет алып.
Эр Күлчоро жумарбек.
Жанып келе жатты эми,
Арбуудан сындуу ат минип.
Жалаң зоот кийинип,
Жаңыдан учкан барчындай.
Жаш бала келет шаңданып,
Жараткан берсе тилекти.
Жээдигердин Толтоюн,
Жесем экен бүгүн деп.
Жетип алып сайышып,
Жеңемди алчу сенби деп.
Жеткайдан келген эрби деп,
Жетип бир сайып мен алсам.
Желмогуз Толтой сенби деп,
Деп Күлчоро ойлонуп.
Бир аз жүрдү толгонуп,
Кызыл-Кыя бурчукта.
Мында турду бир далай,
Кыз мазарында
Муну да турду Күлчоро,
Келбеди деп зеригип.
Кечиктим деп эригип,
Ак кыянын белине.
Арыстан Манас баласы,
Ала туу байрак окшонуп.
Артында намыс канча деп,
Абайлап чоро келе атат.
Алачыктай терекке,
Аса байлап буудандын.
Алманбеттин Күлчоро,
Аябастан уктады.
Мында мындай таштайлы,
Чыңкожо менен Толтойдон.
Ушундан кабар баштайлы,
Бир убакта Чыңкожо.
Айылына барды мактанып,
Келбей жүргөн сулуу кыз.
Келмек болду бүгүн деп,
Самап жүргөн сулуу кыз.
Салтанаттуу той менен,
Самаган жерге келет деп.
Кан Акундун Айчүрөк,
Кандай да болсо бүгүн дейм.
Ак-Кыяда болот деп,
Айтайын досум бүгүн мен.
Арада болгон сонунду,
Ала бир бургун ак дөбө.
Арага чыгып бардык биз,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Аңгемесин уктук биз,
Акундун кызы Чүрөктүн.
Айланасын уктук биз,
Ай баатыр Толтой угуп тур.

Басташам деген душманды,
Башын кыя чабамын.
Бардыкты билип турасың,
Эми мындай кылалы.
Эки кошчу бала алгын,
Эки күлүк ат алгын.
Алтын күмүш зер алгын,
Ак-Кыяда Чүрөктү
Жеңкетайың ушу деп,
Аябай акча бул алгын.
Анда Толтой мындай дейт,
Кече күнү түш көрдүм.
Түшүмдө жаман иш көрдүм,
Кара чаар кабылан.
Капталдан кууп алыптыр,
Көсө куйрук, көк даңкы.
Көтүмөн кууп алыптыр,
Алты баштуу ажыдаар.
Артыман түшүп алыптыр,
Бул эмине болуучу.
Бул түшүмдү жоручу,
Өпкө колком баары ооруйт.
Өлүчү жердин баары ооруйт,
Кабыргамдын балык эт.
Кыя тартып дагы ооруйт,
Алты ай камап олтурдук.
Мында бербей Чүрөктү,
Бүгүн келе койсун деп.
Айтак жерде колум бар,
Эр Манастын жесирин.
Алабыз дейбиз жерин,
Досум тийбесин бизге кесири.
Бүгүн деген жеринде,
Казып койгон ору бар.
Же кайнатылуу шору бар,
Камдап бир келген эри бар.
Ме кайып койгон шери бар,
Кыз үчүн кыргын таппайлы.
Кылымды аман сактайлы,
Кыя тартып биз өтүп.
Кысылбай элим калбайлы,
Кызыл тору кыз алып.
Атын Айчүрөк коюп мактайбы,
Кечөө кабылан Манас баатырды.
Каркыранын сазында,
Кан Көкөтөй ашында.
Калайыктын кашында,
Жардай кула атмын.
Жалама зоот тон кийип.
Кырк чоросун ээрчитип,
Кыдырата бастырып.
Кылымды бузуп жаркылдап,
Ак чапаны жалтылдап.
Кабыр менен мусулман,
Ортосунда шаңкылдап.
Тогуздагы баламын,
Тобун көрбүм Манастын.
Адашкан эрди Манасы,
Акылдын дыйкан абасы.
Абакем Бакай карысы,
Алманбет Чубак чоросу.
Ааламды билчү чоңдору,
Атына минип камынып.
Манас келе жатат деп,
Барысы турду жабылып.
Карасам Манас баатырды,
Ажыдаардын сүрү бар.
Бир өзүнүн бетинде,
Беш миң эрдин түрү бар.
Кечилдин каны Коңурбай,
Сайышмак болду деп уктум.
Кандай болор экен деп,
Кан атам бакыш ыйлады.
Кабыр ай кандай укмуш деп,
Кабарды карап мен калдым.
Бир убакта байкасам,

Манас менен Коңурбай.
Бет алыша калыптыр,
Кабыр менен мусулман.
Казганактап калыптыр,
Качпай булар сайышып.
Мокумдары канды окшойт,
Бешим болуп келгенде.
Кара атынан калганы,
Кан Манас сайып алганда.
Карап турган калайык,
Каткырып күлүп калганда.
Канчалык баатыр Коңурбай,
Сынып мында калганда.
Каңкор Манас кеп баштап,
Айланайын калайык.
Бир тукумдун айынан,
Тукумсуз кетип баратам.
Башаңды мага бергин деп,
Чылбырын салып мойнуна.
Баатырың ыйлап келгенде,
Карыганда кан Кошой.
Кошой бата бергенде,
Батадан бүткөн Семетей.
Кечөө сен качып келгенде,
Артыңан кууп келгенде.
Арага түшүп калайык,
Койдуруп аны койгондо.
Корум болгон сур жылкы,
Четинен тийип кеткенде.
Жетпейбиз деп калганда,
Жетилбей жүрүп минтет деп.
Жек көрүп тилдеп калганда,
Билесиңго досум сен.
Манастын уулу Семетей,
Байкоостон келип калбасын.
Байлап бир бизди албасын,
Баатыр болсоң келгин деп.
Балакетти салбасын,
Баарыңды бирдей соём деп.
Башты кесип салбасын,
Бар десеңер барайын.
Бирок бир балаага калбайын,
Баарынан кыйын иш ушул.
Элдин калсак убалга,
Эмине күндү көрмөкчү.
Айылда калган жаш бала,
Катындын баары ыйласа.
Кандай күн болот ойлочу,
Менин тилим сен алсаң.
Досчулукка санасаң,
Эр албаган эскиге.
Эрегишип этебиз,
Кара ниет бетбакка.
Көп сүйлөшүп нетели,
Кайра жеткайды,
Көздөй кетели.
Менин сөзүм кандай деп,
Баатыр Толтой басылды.
Анда Чыңкожо баатыр кеп айтат,
Багыштын уулу эр Толтой.
Алың жетпей жүргөн соң,
Алты айдан бери арбашып.
Аламын деп Чүрөктү,
Айылыңан эмне келесиң.
Сен барбасаң мен барам,
Селкилдеген Чүрөктү.
Сексен жорго ат алам,
Мен бир эрке Толтой экенсиң.
Ээн жерде жүргөндө,
Зерги Толтой экенсиң.
Барамын дейсиң барбайсың,
Антты шертиң өзүң ал.
Айчүрөктү мен алып,
Таласты көздөй барамын.
Келерки жылы күзүндө,
Келип сени чабамын.

Деп Чыңкожо күүлөнүп,
Каарданып сүйлөнүп.
Кара ниет Чыңкожо,
Катуу айта салганы.
Жанында турган агасы,
Төлөк деген абасы.
Ошондо Төлөк кеп баштайт,
Айланайын Толтоюм.
Досуң бир айтып атпайбы,
Барып бир келчи бүгүн деп.
Аганын сөзүн кыя албай,
Арага жокто кыла албай.
Кара торпок алдырып,
Кескилетип жиберип.
Сарала серке алдырып,
Садагасын чалдырып.
Сообурсуна коёндун,
Алты чебкен бөктөрүп.
Добулбасын кам көрүп,
Кайран Толтой баттанып.
Жолго чыгыт бастырып,
Жалгамак болуп калды ошо.
Бири бар эр Толтой,
Барба Толтой барда деп.
Балакетке калба деп,
Жүрбө Толтой жүрбө деп.
Бул эминени сонун деп,
Бүгүн мен бир кызыктын.
Арасында боломун,
Же болбосо бүгүн мен.
Бир балааны көрөмүн,
Эмине болсо көрдүк деп.
Ажал жетсе өлдүк деп,
Кароолго чыгып барайын.
Кандай экен Акундун,
Амалын сынап алайын.
Белге чыгып барайын,
Бекинип жаткан жоо болсо.
Беттешип ага калайын,
Жондун баарын чалайын.
Жолуман душман көрүнсө,
Жоолашып ага калайын.
Жолдун баарын карайын,
Жоболоңдуу Акундун.
Жоокерлерин табайын,
Ары чети  Үргөчкө.
Ошого чейин барайын,
Кызыл мазар, ак ташты.
Ашып Толтой отуруп,
Ай ааламдын баарысын.
Басып Толтой отуруп,
Түндүн көбү ооганда.
Элдин алды жатканда,
Жылдыздын баары жымыңдап.
Жылма толуп алганда,
Эр Толтой келди бастырып.
Эң эле кыйын шаштырып,
Коңгуроолош чоң Үргөч.
Кандай сенин алың деп,
Кан Манастын Семетей.
Канкор келип калдыбы,
Арам өлгөн ар буудан.
Келип калса бу жерге,
Кетмен туяк тал эле.
Келишимдүү мал эле,
Кайыптан тууган казанат.
Калбыр өпкө мал эле,
Төрт карыштай туягы.
Төбөңдөн урган ар буудан,
Келген экен мында деп.
Изин Толтой тапты эми,
Изине түшүп жаңыдан.
Имерилип калды эми,
Чоң Үргөнчтүн боюнан.
Кайкы кара куш белден,
Казатка минген буурулдун.

Изин таап алды эми,
Артына түшүп отуруп.
Алдына минген буудандын,
Абдан терге толтуруп.
Алып учкан Сур коён,
Арандай оозун ачыптыр.
Ачып көздү жумганча,
Алып келип калыптыр.
Аким жаткан сарайга,
Изине түшүп эр Толтой.
Эки айланып турду эми,
Ал аңгыча болбостон.
Таң сөгүлүп кылайып,
Чолпон жылдыз көрүндү.
Торгой сайрап чулдурап,
Боз куурай башы кыбырап.
Болжоп келген жездекең,
Жөнөп калды буратып.
Жаңырактын жалгыз жол,
Жалгыз аттын кулан тон.
Жайма көкүл сур аттын,
Жарышып Толттой келатат.
Аларга бир чыгып барайын,
Акундун кызы Айчүрөк.
Кароолчусу бар болсо,
Кармап алып сабайын.
Уктап аткан кыз болсо,
Уй балдырып өтөйүн.
Урутөкүн бар болсо,
Уруш кыла кетейин.
Атаганат дүнүйө,
Алдыман бирөө жолукса.
Ашкере баатыр эр болуп,
Атагы чыккан шер болуп.
Ат үстүнөн сайышсам,
Арманым жок мен калсам.
Бирөөнүн атын мен алсам,
Же бирөөгө ат мен берип.
Азиз жандан айрылсам,
Деп жездекең ойлонуп.
Ананкыга болбоду,
Эр Күлчоро жаңкы шер.
Келбеди деп зеригип,
Кезиктим деп эригип.
Алачыктай жерине,
Аса байлап буурулду.
Аянбастан уктады,
Ат чабым жерден даңыртын.
Суркоёндун каңыртын,
Адамдан эстүү буурул ат.
Биле койду дабышын,
Ак олпоктун этнгтн.
Акырын тиштеп бек тартып,
Тура калып шекшип,
Ат ордундай кара жер.
Олуп таштап ыргытып,
Тура албады буурул ат.
Мына ошондо Күлчоро,
Ордунан ыргып турду ошо.
Арам алган буурул ат,
Бирдемени көрдү деп.
Кара көзүм кашайып,
Уктап калдым беле деп.
Кере кулач ак дүрбү,
Кетмен ооз чоң дүрбү.
Сууруп алып койнунан,
Байтырмар чалыш кабы бар.
Алтындан кылган сабы бар,
Он сегиз сайлуу, он таштуу.
Ойронуңдун турнабай,
Оңдоп карап калды эми.
Оң көзүнө салды эми,
Байкап карап турганда,
Толтойду көрө койду ошо.
Токтолуп чоро турду эми,
Баатыр экен шер экен,

Бальан экен, дөө экен.
Он эки мүчө тең экен,
Оң далысы кең экен.
Бирок тобосу жок ит экен,
Актап кызмат иштесе.
Эрдиги Толтойдун,
Бир адамга бар экен.
Иши арам, кор кыял,
Короңдогон неме экен.
Алдына минген Суркоён,
Айбандан күлүк мал экен.
Астыңкы эр менен үстүнкү эр,
Чологураак шылкы экен.
Каражолтой мал экен,
Кагайын деп кага албай.
Качканга күлүк бара албай,
Семетей менен Канчоро.
Кыйынсынып келдим деп,
Атаганат дүнүйө.
Өлүп калса Күлчоро,
Ит териси эмеспи.
Өлбөй калса Күлчоро,
Жоо бөрүсү эмеспи.
Сүйсө кудай ага берер,
Сүйсө кудай маа берер.
А да жаңгыз мен жаңгыз,
Арыстан Манас колдосо.
Деп Күлчоро ойлонуп,
Качыруучу жолборстой.
Кайран чоро камданып,
Бет алып чоро жанданып.
Берен бала камданып,
Безилдеген Толтойдун.
Беттешип башын мен алсам,
Берен абам баатырга.
Тартуу кылып мен барсам,
Сур коёндой бууданды.
Сурабай кармап мен алсам,
Кыз алуучу сенби деп.
Кыз Айчүрөк теңби деп,
Кылайын буга кызыкты.
Көрсөтөйүн бузукту.
Кандай да болсо Толтойго,
Качырып найза салайын.
Кана эмесе бу жерде,
Каңгырап карап турбайын.
Камынды чоро ошондо,
Айкөлдөн калган ак келте.
Жаткызып атса замбирек,
Айланып атса алты атар.
Отуруп атса очогор,
Башы Урум менен Кытайдан.
Түшүрүп алган ак келте,
Бир тартканда ичинен.
Жетимиштей ок чыгат,
Огу жылдызга кетет чыркырап.
Сүмбү менен сүмбүлөп,
Сүргү менен койгулап.
Таркы менен тартыкылап,
Тазалап ичин арткылап.
Куржун көзү дарыны,
Кулак отко куйду эми.
Айба бактай кызыл таш,
Кытай оттук узун баш.
Милтесине өткөзөт,
Алдындагы Суркоён.
Калагынын башы деп,
Куюшкандын башы деп.
Кур дегизе бир салып,
Баабедин деп бакырып.
Манастап ураан чакырып,
Семетейлеп кыйкырып.
Канчоролоп бакырып,
Үйдө калган Бакайды.
Жүргүн бери аба деп,
Журтун чоро чакырып.

Бир убакта эр Толтой,
Жер жарылып кеттиби.
Жар урап кеттиби,
Же тоо жарылып өттүбү.
Капырай кандай сонукай,
Деп жездекең ойлонуп.
Атынын оозун жыйды эми,
Абайлап карап турду эми.
Толтойдун түрүн айтайын,
Көзү көлдүн ордундай.
Көрүнгөндү соргудай,
Ар мурутун бир кылып.
Ай балтанын сабындай,
Кабагы бийик өңү сур.
Калкайыңкы сур жигит,
Каарданып камданып.
Кадимкидей камданып,
Абайласа ошондо.
Манас, Манас деп чыгат,
Билсең Толтой жездеңдин.
Он кулагын жеп чыгат,
Манас булбу дечү эле.
Алат болду десеңчи,
Аркын кулдун көп сөзү.
Калат болду десеңчи,
Төбөлдөп жездекең.
Тосуп турду ошондо,
Жүрө бергин дегенсип.
Алдындагы Суркоён,
Ооздукту тиштеп көз жайнап.
Алың жетпей дегенсип,
Айбанда болсо чоң бурат.
Тура албады жарыктык,
Жанакы көргөн бир киши.
Абайлагы ошондо,
Кайнап келет миң киши.
Кол берени кошакмат,
Кошо келет жанында.
Жан бергени жөлөкмат,
Жөлөп келет жанында,
Жылаңач кыдыр моюна.
Минип келет баланын.
Арусу экен чоронун.
Алтымыш кез сур жылан,
Алдын баштап баратат.
Алты жолборс баланы,
Тегеректеп калыптыр.
Жана байкап карасаң,
Он жагында жыйырмасы.
Ойроттту бузган жыласы,
Сол жагында жыйырмасы.
Калдайды бузган жыласы,
Алманбеттин Чубагы,
Ажыбайы Сыргагы.
Камбар менен Мажиги.
Кара тегин Ажиги.
Манастын кырк чоро,
Ойрондор кошо жарышып.
Жардай кула ат минген,
Сакалы садак кабындай.
Айкөл Манас келатат,
Сол жагында секиде.
Сары ала сындуу ат минген,
Сары мата тон кийген.
Алтын айдар чок бел боо,
Азизкандын Алманбет.
Айланайын чырагым,
Абайлап абдан сайгын деп.
Арыстан олиаң келатат,
Оң жагында бетинде.
Акбалтанын Чубагы,
Арыстан чоро бу дагы.
Атматың менен кызталак,
Көмөлөтө коюмдеп.
Көкжал Чубак келетат,
Улак кандын сыргагы.

Укмушту баатыр будагы,
Аркын кандын Ажыбай.
Азаматтын бурагы,
Аламандап жарышып.
Жанагы карыган бир киши,
Ал эми байкап карачы.
Жайнап келет миң киши,
Жездең эми көрдү ошо.
Кыяр экен эр Толтой,
Кыя тарта салды ошо.
Жинди суу дария,
Аттанып алып качты ошо.
Артына түшүп Күлчоро,
Арманда барат жеталбай.
Качпа жезде качпагың,
Каргадай болгон баладан.
Катын толтой качпа деп,
Деп Гүлчоро кайран эр.
Артына түшүп алды эми,
Ала көлдөн толтойдун,
Алдына минген бурул ат.
Эң уулусу маникер,
Андан кийин алкара.
Андан кийин сур коён,
Эң кенжеси тай бурул.
Төртө бир эненин баласы,
Алтымыш адыр кырк чыбыр.
Ашып алды бурул ат,
Ак ойдогу талаа менен.
качып алды сур коён,
Намызын бербей талашып.
Ак жидеш жол менен,
Айбандан күлүк чоң сур ат.
Кетип барат талашып,
Таң агара куган эр.
Уулу шашке болгончо,
Жеткизбеди кызарып.
Арам өлгөн бурул ат,
Аркын менен кыргызда.
Кадай чуркар элең деп,
Олбул-солбул теминип.
Оң-тетире камчы уруп,
Манастан уран чакырып.
Баабедин деп бакырып,
Жеркен жаба сыр жебе,
Жети тартып келетат,
Айландырба сыр жебе,
Алты тартып кел атат.
Алдына минген буурул ат,
Акыр аяк жез билек.
Айбандан түрү бир бөлөк,
Жетимиш тумар буурулдуң.
Көкүлүндө чабылып,
Эңкейишке келгенде.
Эликтей бутту сайылып,
Өр таяна бергенде,
Тажибектей куйругу,
Такымына чапкылап,
Соорусуна ак көбүк.
Омуроого чачылып,
Кызыл буурул төө бурчак.
Куткарып ийдм буурулдун,
Кай жеринде кеми бар.
Жылтыр кара жүнү бар,
Кутултуп ийчү буурулда.
Кай жеринин мүнү бар,
Таластан буурул келгенде,
Алты күнү Үргөнчтө.
Байланып калган жери бар,
Сасык тер басып аз оолак.
Шашып калган жери бар,
Же болбосо коёнду,
Жарым саат илибей.
Баса турган жери бар,
Байланбаса ар буудан.
Бая эле жетмек жөнү бар,

Таманы жаңы кызыптыр.
Таманында даңканы,
Таан учкан эмедей,
Эр Күлчоро баланын.
Төбөсүндө жайылып,
Бугудай моюнун толгоюн,
Бута бою жарлардан,
Буйдалбастан чуракан.
Аркардай арыш алалбай,
Араң келет буурул ат.
Арымы кызып калыптыр,
Басканына мал жеткис.
Башкача арыш алыптыр,
Жети жаны бар экен.
Кайыптан тууган мал экен,
Кай жеринде ким экен,
Алеки саатын ичинде.
Алыстагы Толтойго,
Алып келди буурул ат.
Кайран жездең кылчайып,
Артын карап келатып,
Абдан шашып калыптыр.
Атаганат дүнүйө,
Жетмек болду эми деп.
Жездеңдин жаны чыкты эми,
Жети кадам калганда,
Желкайыптын Суркоён.
Жеңилгенин билди эми.
Эр Күлчоро жаш бала,
Жилин колун эместей.
Атакем Манас колу деп,
Алакөөдөн Толтойдун.
Ажалы болсун эми деп,
Он эки кулак сыр найза,
Ойон чоро сундуруп.
Как жүрөктүн башы деп,
Чарайна менен чобкуттун,
Турган жери тигил деп.
Тайып тийсе кысталак,
Тартып алып найзасын.
Таамайлап бек сайды,
Сайган жерде жеп салды.
Ики кокуй белим деп,
Кабыргамды жедиң деп.
Кудайга койдум сени деп,
Ит экенсиң акмак деп,
Айтып жатат тырмышып.
Үзөнгүдөн бут тайып,
Куюшканга тырмышып.
Айбан да болсо Суркоён,
Үстүндөгү Толтойду,
Алып келет жаныма,
Сол жагына жыгылса.
Жалын тиштеп буурул ат,
Он жагына жыгылса,
Жалын төшөйт Суркоён.
Оозу катуу буурул ат,
Күлчорого ээ бербей,
Алдына кире берди ошо.
Эми келип кат үчүн.
Кайсынысы саят деп,
Артын Толтой караса,
Ар жагында адам жок.
Адам түгүл кадам жок,
Атынын оозун бурду ошо.
Ак-Сайды коздөй салды ошо.
Эр Күлчоро жаш бала,
Атынын оозун барганда,
Абайлап карап турганда,
Анда-санда карааны.
Эр Толтойдун бараны,
Ат чабым жерде Толтойдун.
Кетип барат карааны,
Айланайын Тайбуурул,
Жанакындай чурка деп,
Шаңданып калган шумкардай,

Жанагы чоро шаттанып.
Сербеп алчу шумкардай,
Эр Күлчоро камданып.
Эми жетип илүүчү,
Ак шумкардай камданып.
Ала барчын бүркүттөй,
Арыстан чоро шаңданып.
Алдына минип буурул ат,
Айбан да болсо жаныбар,
Эртелегин эр тилейт.
Өзү менен тең тилейт,
Он эки чылбыр он тизгин,
Тили менен жалмалап.
Үстүндөгү баланы,
Каргадай кылып ыргытып.
Алдындагы кыяны,
Ашканынча буурул ат.
Алакандай коёндун,
Арышын буурул коёбу,
Артынан жете келди эми,
Алты түгөй кабырга.
Быркырата койду эми,
Алынан түшпөй эр Толтой.
Араң кетип баратат,
Мына ошондо Күлчоро.
Эми жетип алам деп,
Эңкейиштен чабам деп.
Жаңы жетип алам деп,
Кармарынын кол корккон.
Кан Манастын сулпукор,
Кабылан бала алды ошол,
Кара ниет Толтойду,
Как башка салмак болду ошол,
Кандай экен баатыр деп,
Кармамак болгон кезинде,
Балалык кылып жаңкы шер.
Чылбыр менен тизгинди,
Коё берип салыптыр.
Чылбырдын бары буурулдун,
Толорсук менен эки бут.
Бүтүн тушап салыптыр,
Эми жетип чабарда.
Арам өлгөн буурул ат,
Оңкосунан кетти эми.
Толтой кетти кутулуп,
Тобун карай жутунуп.
Токтой турсун бул экөө,
Тобунан кеткен эр үчүн.
Толгонуп Семең калыптыр,
Багымдат маал кезинде.
Байкап баатыр көрүптүр,
Айланайын Күлчоро.
Эрдигиңе сагаң деп,
Бек ыраазы болуптур.
Эр Күлчоро өкүрүп.
Бутундагы буурулдун,
Чылбыр менен тизгинди.
Кесип чоро алды ошо,
Ата бир канат дүнүйө.
Эки жетип алалбай,
Же болбосо менденби.
Же Толтой баатыр шерденби,
Калыстык кылар адам жок.
Карап бирөө турсачы,
Канчалык айтсам болобу.
Ишенээр бекен мага деп,
Өз башын өзү койгулап.
Өксөп ыйлап алды эми,
Кайра минип атына.
Калкын карай бет алып,
Кайран чоро жүрдү ошо,
Кандай кылсам деп ойлоп,
Кайгырып келип Күлчоро.
Кашатка жакын келгенде,
Аяктай болгон кызыл эт.
Жаткан экен кылайып,

Муну чоро алды эми.
Ак эшен берген ак жоолук,
Агаң түйүп алды эми.
Кайра байлап каңтарып.
Канжыгага тапшырып,
Байлап чоро алганда,
Боз дөбөнүн белинде.
Көк ала көрпө суусар бөрк,
Көк жал чоро дагы алып.
Семетейге берейин,
Бажаңыз берди муну деп.
Абама сунуп таштайын,
Абдан берди белекти деп.
Мунун менен
Чүрөккө бере салайын,
Деп Күлчоро кызыл эт,
Канжыгадан көрсөтүп,
Кандай экен жоосун деп,
Кайра айланып сайышсак.
Бетме-бетке туш келип,
Жан аябай кармашып.
Жатар күнүм болобу,
Жээдигердин Толтолдун.
Келтирсе кудай кезегин,
Каңтарсам экен челегин.
Кызыталак Толтойду,
Балалык кылып койдум деп,
Баарын ойлоп Күлчоро.
Бардыкту алып мойнуна,
Бала келет бастырып.
Барчын куштай балкайып,
Бастырып чоро отуруп,
Байкабай дагы калыптыр.
Пашаасына келгенин,
Дарбазасынын оозуна,
Бала келди бастыра,
Эшикти кулдар ачышып.
Эр Күлчоро келди деп,
Элдин баары сүйүнүп,
Эн мурун жетип Айчүрөк.
Атын алып жүгүрүп,
Амансыңбы уул деп.
Ак бетинен бир сүйүп,
Абасына карата.
Алып жөнөп калды эми,
Эки келин сегиз кыз.
Ээрчип кошо алды эми,
Жоого барган бала деп,
Багыштын уулу Толтойго.
Жоого барып келди деп,
Жолборс сүрү бар экен.
Жоболоңду кул экен,
Жайдарым тууган уул экен,
Жаракөрү жарашса.
Жаш бала да эр экен,
Кай жеринде кем экен,
Деп айтышып эчендер.
Таң калышып келатат,
Тааныбаган элдери,
Табына келген шумкардай,
Таптаган экен баланы,
Деп айтышып келин-кыз.
Том жанышып келатат.
Анда бала Күлчоро,
Абасынын үстүнө.
Акырын басып келди эми,
Салам айтып ага,
Таарынганын билди эми,
Айланайын абаке,
Эки сайып Толтойду.
Ала албаган менденби,
Же болбосо абаке ай,
Оң колумду катыгүн.
Ойнок кылган сенденби,
Деп Күлчоро басылды.
Ошондо Семең кеп баштап,

Эр качырган өзүңдөн,
Эптеп айткан сөзүңөн.
Жоо качырган өзүңөн,
Жадыраган көзүңөн.
Айлансын абам озүңөн,
Эки чылбыр бир тизгин.
Беремин сенин колуңа,
Кайда айдаса абакең.
Басып берсең жолуңа.
Басбай койсо ошондо,
Кабыр өтсүн жолуңда.
Эр Семен чоронун,
Оң бетинен сүйдү эми.
Мында мындай таштайлы,
Багыштын уулу Толтойдон.
Ушундан кабар баштайлы,
Толтой барат улулуп.
О десе кетип караган,
Эси ооган абыдан,
Алдына минген Суркоён.
Алдап барат Толтойду,
Адырма кыя бел менен.
Кетип барат Суркоён,
Жээдигердин Толтою,
Жер менен сексен болгондой.
Жейрендей күлүк сур коён,
Жээдигерге Толтойду.
Жеткизмек болду жаңыдан,
Толтой үйдөн чыкканда.
Шыгайдын уулу Чыңкожр,
Жүргөн жери чыр кожо.
Уктап кожо жатканда,
Укмуш кирет түшүнө.
Уйку соодон бир нерсе,
Кара чаар кабылан.
Капталынан качырып,
Көсө куйрук көн даңкы.
Көч жагынан чамынат,
Чочуп кожо ойлонуп.
Оң жагына толгонуп,
Оң эле жаман ишпи деп.
Кожо турду зоңкоюп,
Кырк жигитин ойготуп.
Кырылгыр тургун эми деп,
Келишимдүү чоң кара ат.
Келтиргин мага ылдам деп,
Келишимдүү караны.
Кырк чоросу жетелеп,
Кийими тонун кийди эми.
Келип атка минди эми,
Келтирсе кудай кезегин.
Кекенген жоонун эсебин,
Толтойду издеп табайын.
Тобунан жалгыз жиберип,
Тозокко салып салдымбы.
Деп Чыңкожо ойлонуп,
Чочугансып оңдонуп.
Кайкы кара кум белди,
Ашып келет Чыңкожо.
Ара жолду кыдырып,
Басып келет Чыңкожо.
Качан Толтой көрөм деп,
Шашып келет Чыңкожо.
Түндөн бери жаталбай,
Түгөндү кошо аргасы.
Түбү түшкөн Жээдигер,
Кететго деймин айласы.
Кандай кылсам деп ойлоп,
Кайран кожо турду эми.
Не кыларын биле албай,
Тике кетти айласы.
Ажыбайдын айылына,
Азыр түшүп мен барсам.
Алдап туруп Ажыбай,
Азабымды бербесин,
Арамзаада Түмөнбай.

Арам кыял ит экен,
Анда барып болбойт деп.
Ара жолду аңтарып,
Арманда болду Чыңкожо.
Аны менен тура албай,
Адырма кыя боз дөбө.
Агада барды Чыңкожо,
Аңкыча байкап караса.
Таң агарып сөгүлүрп,
Торгойлор сайрап жабырап.
Топ куурай башы кыбырап,
Эмне болсо болду деп.
Элди карай Чыңкожо,
Жөнөп калды аттанып.
Мына ошол мезгилде,
Турнабай салып Чыңкожо.
Тумшукта турду муңайып,
Суркоён минип чуратып.
Толтойдун качкан талаада,
Томуктай болгон Күлчоро.
Жетпей жүрөт жанаша,
Кандай болоор экен деп.
Каргадай болгон баладан,
Кайран Толтой качты деп.
Кайра тартып жайышып,
Канаар бекен моокуну.
Катындан бетер кыталак,
Качып келет алдына.
Кара басып Толтойду,
Калды бекен бүгүн деп.
Кан ичип калган чочко деп,
Капталдан жетип бир сайган.
Кан баласы тиги деп,
Карады кожо бир далай.
Эки сайып алалбай,
Эр Күлчоро кеткенде.
Ээси эңгиреп эр Толтой,
Элин көздөй кеткенде.
Каргадай болгон кысталак,
Кан Аламанбет баласы.
Кан майдан болгон кокустан,
Кайра тартчу кул эмес.
Толтой эмес катыгүң,
Топту бузчу ушул деп,
Толгонуп уруш биз салсак.
Тоголотуп эчендин,
Томкоро сайчу кул экен.
Ушул кулдун айынан,
Тобуман келдим бөлүнүп.
Турактуу Кең-Кол, чон Талас,
Жеримди таштап мен келдим.
Токто бир балам тура тур,
Келтирсе сенин кезегиң.
Кезигермин өлбөсөм,
Кең-Колуң сенин кайда деп,
Кетирермин эсебин.
Төрөңдү баштап сойбосом,
Төбөңдөн урган Күлчоро.
Төкбөсөм сенин каныңды,
Төрөңдүн башын албасам.
Дөгүрсүгөн Күлчоро,
Кең Үргөнчтүн боюна.
Тындым кылат салбасам,
Чыңкожо болбой өлөсүң.
Деп кожо күлөнүп,
Толтойду карап сүйлөнүп.
Бир аз турду жөлөнүп,
Мына ошондо эр Толтой.
Алдынан чыкты чаң болуп,
Башы көзү Толтойдун.
Кызыл ала кан болуп,
Кыйкырып анда Чыңкожо.
Досум Толтой барсыңбы,
Деп кыйкырды эки ирээт.
Анда туруп эр Толтой,
Эмине дейсиң Чыңкожо.

Ичи арам чыр кожо,
Суулуга суктантып коюп өзүмдү.
Тууганыңа болушуп
Сулаттың менин өзүмдү,
Кысыталак кагын кул.
Тозуп жүргөн тозгун деп,
Тилдеди Толтой ушинтип,
Андан кийин Толтойду.
Ак чатырга алып кирип,
Акимдери сураса.
Мына бу Толтой кеп айтат,
Кара жанын жеп айтат.
Манастын уулу Семетей,
Баатыр сайды деп айтат.
Эки кулун ээрчитиа,
Эр Семетей кезигип.
Эртеден бери сайып,
Өлөрүмдө качтым деп,
Өлөрман биздин Жээдигер.
Артымдан бириң барбай деп,
Арманын айтты эр Толтой.
Азыр гана басылды,
Анда туруп Чынкожо,
Ай-ай баатыр тура тур.
Ушул Семетей сайган кол эмес,
Ойлоптур баатыр мамуну.
Манастын уулу Семетей,
Арбуудан болсо мингени.
Ак келте болсо алганы,
Аколпок болсо кийгени.
Сыр найза болсо алганы,
Сырттан Семең ал баатыр.
Сырдашып турчу эр эмес,
Сыртыңан өтүң албайбы.
Сыр найза менен бир сайса,
Сен окшогон Толтоюм.
Ошол эле жерде калбайбы,
Асмандан учуп качпасаң.
Артыңан кантип калды экен,
Андан көрө сен Толтой.
Арбактуу туган Манасты,
Арбагынан качтым де.
Атымдын оозун буралбай,
Абдан жаман шаштым де.
Манастын уулу Семеңди,
Сен окшогон Толтойюм.
Сереңдеген эшенин,
Алдына чыгып качырып.
Арыстан Семей кол салса,
Анда аман кутулуп.
Айланып мында келбейсиң,
Аймагы көп Жеедигер.
Айлыңды түрү көрбөйсүң,
Сен өңдөгөн неменин.
Он чактысын коюбу,
Артыңан кууган бул жолу.
Ардактуу тууган Алмакдын,
Арсыз уулу турбайбы.
Он экиде жаш бала,
Ал ойдологон мас бала.
Ошо Күлчоро чунак  турбайбы,
Балалык кылып сайыптыр.
Он үчтөгү Күлчоро,
Кокустан келип ал калса,
Көргөзмөк экен сонунду.
Айтайын эми угуп  тур,
Ак-Кыянын белинде.
Кыз-күйөөдөй куушуп,
Кызыл канга жуушуп.
Кызыл буурул ат менен,
Артыңа түшүп алганда.
Айнектүү алтын ак дүрбү,
Абдан карап мен турдум.
Артыңан кууп Күлчоро,
Ак дөбөдөн жеткенде,
Карчыгаңдын балык эт,

Кыя сайып өткөндө,
Суркоёндун үстүнөн.
Оодарылып кеткенде,
Оозу катуу ар буудан.
Алдыңа түшүп кеткенде,
Оңолуп атка мингениң.
Артыңа карай кылчактап,
Жана илгерилеп жүргөнүң.
Эч адам жлок жаныңда,
Элиңди коздой бет алып.
Эми Толтой кеп айттың,
Оозун жыйып ала албай,
Ойрон бала Күлчоро.
Ат чабымдай Ак-дөбө,
Алыс кетип калганда.
Артыңа түшүп жаңкы кул,
Ашкере куугун салганда.
Айланып кайтып жеткенде,
Аламын башын эми деп.
Адырдан кууп аркырап,
Арыстандай жаш бала.
Ач албарс алып колуна,
Алмак болгон башыңды.
Эңкейиштен жетсем деп,
Эңип сени кетсем деп.
Бурулуштан жетсем деп,
Бугуп илип кетсем деп.
Буурул менен Күлчоро,
Бугутуудан жеткенде.
Ар буудандын үстүнөн,
Оңкосунан кеткенде.
Ошо жерде кутулуп,
Сен кеттиң баатыр жутулуп.
Эр Күлчоро жаш бала,
Ошол жерле жутунуп.
Куткарып ийдим сени деп,
Кутурган Толтой сени деп,
Кудайы кезиң келтирсе,
Кехигермин сени деп.
Ойдологон ал чунак,
Ошо жерде калганда.
Оңбогон бада эмеспи,
Сени түкүл ал чунак.
Менден кайра тартпаган,
Кече кең оболдун боюнда.
Келип тийип Күлчоро,
Кара атты кармап алганда.
Кантээр экен булар деп,
Кабарчы салсам бербеди.
Кара ниет кулдарын.
Канкору эмне тыйбайт деп,
Кулдарын мынча сыйлайт деп.
Кулдарынча көрбөйбү,
Кутуруп кулдар тийишсе.
Кулунда кармап алайын,
Кулдары түгүл канкорго.
Качырып найза салайын,
Деп ойлонуп ичинен.
Ашуунун жолун чалгамын,
Аркы жагы сыр көлмө.
Ошого чейин баргаммын,
Кара-буура, Чаткалдан.
Кан Манастын сайкүлүк,
Тегиз тийип алгамын.
Эр Семеңдин көп жылкы,
Кошуу менен алгамын.
Кандай экен баатыр деп,
Кабар тийип ошондо.
Кан абам Бакай келиптир,
Кайда болсо тууган деп,
Калыстык айты баарыгы.
Анда туруп кеп айттым,
Эмне үчүн кыйбайт деп.
Кудайдан бетер Семетей,
Калмак кулун тыйбайт деп.
Элирген күлүк кара атты,

Канчоро кармап минди деп.
Аламан баатыр Күлчоро,
Жоор кылып ийди деп.
Кандар менен кас болуп,
Каршыман маган туш болуп,
Кандай кылсам деп ойлоп.
Акылды шондо көп ойлоп,
Айылыма кайта баргаммын.
Аскерди курап алганмын.
Манастын уулу Семетей,
Бөлүнгөн киши өлбөйт деп,
Калкыңа келген чагымда.
Бетимен менен туш болуп,
Береним Толтой калганда.
Беш айдан бери ала албай,
Бериштелүү Чүрөктү.
Беремин деп турганда,
Береним түштүң кайгыга.
Кан Акундун чүрөктү,
Алты айдан бери ала албай,
Арада бузук көп болуп.
Арманым бар бир далай,
Кудай сени албайт деп,
Кытайдын кызыл даарысын.
Кызытып келип таңды эми,
Калмактын кара даарысын.
Кайнатып келип салды эми,
Уунун жайын билемин.
Кокустан кетип каабылдап,
Кайнабасын шоруң деп.
Калбайлык баатыр бул жара,
Кайра айланса иринге.
Кат ажалың жеткениң,
Кайрылбай Толтой кеткениң.
Деп Чыңкожо кеп айтып,
Дарылап келди Толтойду.
Ак чайырга жаткызып,
Алты балбан жигитке.
Айландыра кайтартып,
Толтоюң жатат толукшуп.
Тоо кулаган немедей,
Оодарылып күрсүнүп.
Оңой эмес оорусу,
Ошентип жатсын Толтою.
Мына мындай таштайлы,
Кечеки кеткен Күлчоро.
Ушундан кабар баштайлы,
Эр Күлчоро баатырың.
Адамдан артык жабыры,
Ар буудан менен келгенде.
Агасы мунун Семетей,
Алдыртан алып чакырып.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Эки бирдей агатай.
Кеңеше турган кебим бар,
Айта турган сөзүм бар.
Кара ниет душманды,
Кандай кылып алабыз.
Кара ат менен Чыңкожо,
Асмандап учуп чыкпайбы.
Артынан калың жээдигер,
Алды менен чыкпайбы.
Найза жеген Толтою,
Ар үчүн кегин куубайбы.
Ала көөдөн Толтой жооң,
Артыңа түшүп келбейби.
Акылды кандай кылабыз,
Акмакты кандай кылабыз.
Ар буудан менен Күлчоро,
Азыр намыс бир алды.
Арты кандай болорун,
Агалар сизден сураймын.
Айланайын Күлчором,
Алачыктай Толтойду.
Ала-сала бул сайды,
Жоонун мизин майтарды.

Жоо баатыры Толтойду,
Күлчором сайып кайтарды.
Буудандын оозун жыялык,
Буладыр менен Ак-кыяга.
Күнүгө барып туралы,
Ар дайым түнкү кароолго.
Күлчоро менен Канчоро,
Өзүм да баштап алайын.
Жанымдагы балдарга,
Жанаша басып барайын.
Сайыштын жайы мындай деп,
Салгылашкан эр болсо.
Санаасын берип колуна,
Үйрөнө элек балдарга.
Жол көргөзүп салайын,
Жоболоңдуу душмандын.
Жолуна өзүм барайын,
Деп Семетей айтканда.
Күлчоро туруп ордунан,
Айланайын абаке,
Сөз бериңиз мага деп.
Чыңкожо менен Толтойду,
Иши онбос Толтойдун.
Эмне мынча кеңештиң,
Ушул ишти мен кылдым,
Мен болбосо абаке.
Агаңыз сенин Чыңкожо,
Жүргөн жери чыр кожо.
Күлүк кара ат Күлчоро,
Жайлоодон кармап минди деп.
Кулун колу тийди деп,
Кутурган кыргүн деп.
Агаң менен бас болдуң,
Айлансын кулуң Күлчоро.
Тууганың менен касташып,
Кебез жоон оюңда,
Кен Кашкардын боюнда.
Кеткен болчу Чыңкожо,
Толтой менен кожонун.
Жолун тосуп жаяйын,
Кароолго өзүм барайын.
Кагылайын абаке,
Хан сарайда жата бер.
Калмак кулуң өлбөсө,
Алып беерм колуңа.
Салгылаштан урушта,
Мен мыктымын дегендин.
Күчүн сынап көрөлү,
Кара ат минип калдайып.
Кожо учуп жөнөсө.
Анын жайын маа койгун,
Деп Күлчоро басылды.
Ошондо Семең кеп баштап,
Азыраак сүйлөп кеп таштап.
Күлчоро менен Канчоро,
Алты күлүк ат менен.
Ар дайым барып кароолго,
Абайлап карап турушсун.
Эртең менен болгондо,
Таң сөгүлүп атканда.
Тараза жылдыз батканда,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Экөөңөр карап тургула,
Асман менен Айчүрөк.
А дагы учуп турулсун,
Аңдыган душман бизде көп.
Абайлап баарың жүрүңөр,
Кароолдон кайткан кезекте.
Эки чоро чырагым,
Эрте мында келгиле.
Айдап алып сайкүлук,
Кан Акундун шаарына.
Аралап балдар киргиле,
Манастын уулу Семетей.
Күйөнүн аты дегиле,
Арча тору чоң тору ат.

Абакемдин Көк чолок,
Ак кебезден байлагын.
Атакемдин ордого,
Тартуу кылып айдагын,
Күндүзү турган кароолго.
Түмөнбайды алайын,
Өзүм чыгып барайын,
Ажыбайды алыңар.
Ай ааламда сонун иши,
Айта муну салыңар.
Келишимдүү сайкүлүк,
Келтирип кулдар айдасые.
Тотудай кебез байласын,
Тобу менен айдасын,
Ар бууранды Күлчоро.
Алды менен айдасын,
Атама барсын ат айдап.
Ат айдаса бат айдап,
Аскерин берсин мага дейм.
Артымда турган душманга,
Абдан  кыргын саламын.
Аланказар Толтойдун,
Айылына чейин барамын,
Армансыз жайып урушам.
Ай менен күндөр өтсө да,
Жыл айланып кетсе да.
Башгыштын уулу Толтойдун,
Башын кесип аламын.
Баатыр болсоң келгин деп,
Басташып эми барамын.
Баякы өткөн кегимди,
Баштайын эми Толтойдон.
Баарына жакса бул сөзүм,
Эртең буудан айдалсын.
Эр Күлчоро, Канчоро,
Эртең эрте келиңер.
Элирген күлүк бууданды,
Элигине ацдагын.
Эң сонун экен деп,
Элдин көзү тийбесин.
Жабуунун баары жабылсын,
Жалпы журтка таанылсын.
Деп эр Семең айтканда,
Макул деп кулдар калышты.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Алар кетип калышты.
Ошондо Семең кулдарын,
Кашына алды чакырып.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Кете берген акырын.
Аттарың алып келгин деп,
Айтамын сөздү эми деп.
Кыргыздан чыккан сайкүлүк,
Кыдыр ата жемелеп.
Кызыл буурул тообурчак,
Алды менен төтөлөп.
Алтымыш жабуу жабылып,
Адамдан эстүу буурулду.
Кулдары алып келди эми,
Атына минип эр Семең.
Айбаты ашкан эр немең.
Жалды кызыл,жалды көк.
Абакенин Ак телки,
Эр Көбөштүн Көк телки.
Төрт ат менен сен экөөң,
Төрт айланып чыккыла.
Төбөңдөн урган жоо болсо,
Төгүп канын тим койбой.
Көк бөрү кылып алгыла,
Азыр өзүм бастырып.
Адырга чыгып барайын.
Арам өскөн кожонун,
Кошуна чейин барайын.
Коломолуу кол болсо,
Коркпой найза салайын.
Ким экенин билейин,

Кишисинген кожонун.
Чатырына кирейин,
Уктап аткан жеринен.
Уйбалдырып кетейин,
Деп эр Семең бастырып.
Жалаң кылыч колго алып,
Жан алуучу эмедей,
Жалгыз жөнөйт эр Семең.
Эки кул жөнөп олтуруп,
Адырма кыя бел менен.
Арыстан кулдар келатат,
Эч адам көзгө көрүнбөй.
Будурдан буурул куушуп,
Бура тартып эки кул.
Бук болуп кулдар турушуп,
Ат үстүнөн эки эр.
Оодарышып жулкушуп,
Бута коюп атышып.
Эриккенден эки кул,
Жөө түшүшүп алышып.
Күрөштү мыктап салышып,
Эр Семең барат чур атып.
Ар буудан менен Семетей,
Ак-Кыянын белине.
Арыстан келип токтоду,
Алдына минген буурул ат.
Бугудан кылган чоң чылбыр,
Булкуп таштап ыргытып.
Үстүндөгү Семеңди,
Каргадай квлып ыргытып.
Кайра тартып эр неме.
Караңгы түндүн ичинде,
Кашына келип Толтойдун.
Кароолчусун карады,
Каршыдан кийин таба албай.
Кабылан бала Семетей,
Кайра тартты айылына.
Арыстан Семең келгенде,
Алты чоро түйүлүп.
Атын алды жүгүрүп,
Сарайга кайтып келди ошо.
Самаган жоонун жайларын,
Көрүп келдим эми деп.
Санаасын Семең басты ошо,
Эртең менен эрте Семең.
Айнеги алтын ак дүрбү,
Айкөлүң алып караса.
Кандай болуп атат деп,
Жээдигерди көрдү ошо.
Кыбыраган адам жок,
Жалпы жатат былк этпей.
Арыстан Семең күлдү ошо,
Айланайын Күлчоро.
Айбатыңын өзүнөн,
Жоонун мизин бул жолу.
Эр Күлчоро кайтарды,
Жээдигерге жеткизип.
Жемин илген шумкардай,
Ушул сапар Толтойго.
Кеткис кылып дарт салдың,
Кароолчусу дагы жок.
Катындан жаман болуптур,
Же болбосо Жээдигер.
Ат сооруга салганго,
Эртеңден баштай бу жерден.
Качканы баатыр калганго,
Аттарды алып чыккыла.
Артына кебез байлаган,
Атакем менин кан Акун.
Шаарын кодөй айдагын,
Экөөңөр тең баргыла.
Акылга дыйкан Ажыбай,
Аны да кошуп алгыла.
Ар бууданды минейин,
Түмөнбайды ээрчитип.
Кароолго Семең аттанды,

Арыстандын сөзүнө.
Макул болду баарысы,
Аттарына минишип.
Айкөлдүн сөзү акыл деп,
Баарысы жүрдү жабылып.
Атына минип камына,
Баары жүрдү жабыла.
Айткан сөзгө барысы,
Жалпы тур камына.
Манастын уулу Семейге,
Кулдук уруп жабыла.
Кермедеги сай күлүк,
Кулдары чече салышып.
Кубанышып эки кул,
Каткырышып калышып.
Кан Акунга барганда,
Кимибиз жооп айтабыз.
Деп эки кул кеңешип,
Келишимдүү сай күлүк.
Кулдар айдап алышты,
Ажыбайды эки кул.
Алдыга салып алышты,
Кан күйөөнүн аты деп.
Кабар айтып кыйкырып,
Калаага кирип барышты.
Кан Манастын уулу деп,
Кан күйөөсү ушу деп,
Жар чакырып дүң салып.
Жарышып кулдар келатат,
Мына ошондо кан Акун.
Кырк увазир жанында,
Алдынан тозуп алды эми.
Айланайын балдар деп,
Аты жөнүн кайсы деп.
Кимдин тууган чунак деп,
Кулдарды сурап кирди эми.
Кубанып канын күлдү эми,
Аттарын сурап билди эми.
Абдан көнү тында эми,
Элин баары таң калып.
Бул эмине сонун деп,
Баатыр деген Толтойго.
Буткулга жатып калган го,
Манастын уулу деп айтат.
Баатыр келип калганго,
Баатыр сыган Толтойго.
Башына кайгы салганго,
Сулуу кыз алчу сенби деп.
Айчүрөк сага теңби деп,
Акимсиңген Толтойдун.
Айласы кетип калдыбы,
Чыңкожо менен Толтойдун.
Азабын колго берет деп,
Калкынын баары кубанып.
Элинин бары дүрбөшүп,
Манастын уулу күйөө деп.
Бирин бири жүргүн деп,
Баш багып үйдөн чыкбаган.
Байбичелер жээлигип,
Алты айдан бери Толтойдун.
Азабы өттү эле деп,
Арамзаада Чыңкожо.
Жондон түшпөй койду деп,
Кудай айдап эр Семең.
Кайдан келип калды деп,
Калктын баары сүйүнүп.
Канчасы жүрөт элинин,
Атына миинп элирип.
Эркиндик бизге тийди деп,
Эрдемсиген Толтойду.
Эми урушса жеңдик деп,
Жети айдан бери Толтойдун.
Желиккенин көрүүчү деп,
Желмогузду өлтүрүп.
Жеткилең Семей эртең деп,
Жалпы журту кубанып.

Кече Толтой камаган,
Жалдуу байтал мингизбей.
Токтулуу куйрук жедирбей,
Жети айдан бери зордукту.
Жээдигер салган кордукту,
Бүгүн кабар айтылып.
Эртең менен жүргүн деп,
Элдин баары сүйүнүп.
Кудай бизге берди деп,
Кудурет колдойт эми деп,
Семетей балам келди деп.
Кан Акун жатат кубанып,
Эй Күлчоро, Канчоро.
Айланайын балдарым,
Алманбет менен Чубактан.
Арта тууган арыстаным.
Аттарыңды алгыла,
Абаңды көздөй баргыла.
Аскер түгүл балдарым,
Башымды берем мен сага.
Семеңе айта баргыла,
Душманына кор кылбай.
Зайбын эми алсын деп,
Кече Толтой алам дегенде.
Алты айга чейин ыйладым,
Арбактуу Манас баатырдын.
Арбагын бир аз сыйладым,
Калкымдын жыргап калганы.
Кудайдын мага бергени,
Тилегим туура келгени.
Канча адам алса өзү алсын,
Кимди кандай кылам деп,
Менден буйрук албасын.
Айта барыган Семеңе,
Айбаты артык немеге,
Аябаймын Семеңен.
Алышынча кол алсын,
Ат аябай мол алсын.
Артына тууну көтөрчү,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Экөөнү кошуп дагы алсын.
Деп Акун кан айтты эми,
Кече кабылан Манас барында.
Куда болуп экөөбүз,
Акинектин белинде.
Айтышып келген сөзүм бар,
Алышып келген колум бар.
Оозуман берген антым бар,
Айтаын эми сөзүм бар.
Арыстан Манас бир келди,
Бээжинге бармак болдум деп,
Токумдай кебез байланып.
Тоодой болгон Ак кула,
Алдына салып айдатып.
Ак кула менен миң болуп,
Өңкөй кула ат болуп.
Алманбет, Чубак баш болуп,
Ажыбай, Сыргак жанында.
Жалгызымдын жары деп,
Жалганда кудай кошкун деп,
Ала келчи келин көрөм деп.
Ошондо менин байбичем,
Көрүндүгүн бергин деп,
Ошондо Манас кеп айтат.
Алманбеттин Сары ала,
Эр Чубактын Көк ала.
Эр Сыргактын Көк телки,
Ажыбайдын Карт күрөң.
Көрүндүккө берели деп,
Төрө Манас айтканда.
Кемпирим келди көтөрүп,
Оң тизеге арыстан.
Олтургузуп алды ошо,
Он саамайын бир сылап.
Бойго жетип сен балам,
Чоңойгончо жүрсөм мен,

Саламат кайтсам Бээжинден.
Самагандай кыламын,
Айланайын кан Акун.
Өңгө жаман, өлүм ак,
Ажал жетип окко учсам.
Жетимсинте көрбөгүн,
Жетилип Семең чоңойсо.
Келип издеп алар деп,
Кече Манас айтканда.
Бээжинге сапар тартканда,
Беттешип сага кетейин.
Бел куда болдук экөөбүз,
Өлүп калсам кокустан.
Айтылган антка бек болуп,
Арбагымды сыйла деп.
Аткан кеби бар эле,
Арбагы үчүн Манастын.
Арам кулга бербейм деп,
Айлым менен талаштым.
Айла колдон кеткенде,
Ага-иниге жараштым.
Барса-койсо мейли деп,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Экөөңөр эле билгин деп,
Бийликти бере салгамын.
Арбагына Манастын,
Алты ай ыйлап зардадым.
Алты шаңшур эр Манас,
Көрүндүккө бергенде.
Алты күн жатып арыстан,
Айланып кайтып кеткенде.
Салам айтып коштошуп,
Акинектин белине.
Айкөлүң менен барганда,
Арттында бизден элге деп.
Айта бизди жүргүн деп,
Ала Тоодой кара таш.
Айкөлүн Манас көтөрүп,
Белги кылып койгон жер.
Айланайын жалгызым,
Айланып мында келгенде.
Атамдын ташы экен деп,
Атакем койгон экен деп.
Көрүп балам эстесин,
Кайындап мында келгенде.
Бир белгини көрсүн деп,
Ташка чыгып барганда.
Текеректи көрсүн деп,
Тегиз байкап билсин деп.
Кара ташта каты бар,
Кабылан Манас баатырдын.
Жазып койгон аты бар,
Аты түгүл Манасты.
Белгисинин баары бар,
Белине чыгып карасаң.
Бетегелүү жери бар,
Ак инектин белинде.
Так ушундай кеби бар,
Деп кан Акун басылды.
Алманбет менен Чубактай,
Арыстан Манас чунактай.
Аламда бенде болобу,
Алышып ала келалбай,
Аламандап көп кытай.
Айлын карай качканда,
Айбатынан Манастын.
Алп дөөсү шашганда,
Артынан ээрчип мен жүрдүм.
Бээжинди кошо чапканда,
Берениң Манас кабылан.
Беттешип жоодон кайтбаган,
Бетине келсе душманы.
Беттеп андан тартпаган,
Белгилүү баатыр ал эле.
Бээжинге чейин жол салган,
Берендердин тукуму.

Белгилүү күнү келдиңер,
Бети кара душманга.
Барабыз деп жүрдүңөр,
Багыштын уулу Толтойго.
Барсак деп балам дегдедиң,
Баарсың жоого шашпагын.
Бардактын алгын эсебин,
Жараган күлүк ат болсо.
Жаратып элден жыйнагын,
Келишимдүү тон болсо.
Келтирип тигип бергендир,
Каныкей-каныш кынаптап.
Алты күнү эс алып,
Аттарыңды таптагын.
Аңдышкан душман болбосун,
Абайлап кароол койгула.
Айланайын Күлчоро,
Аттарыңа сак болгун.
Аламын десе абакең,
Алтымыш үңкүр казынам.
Аябай элге беремин,
Айланайын Семеним.
Аянып кантип калайын,
Кайра тартып Бээжинден,
Кан Манас жоодон кайтканда.
Ошондон бери байкасам,
Бир топ заман болуптур.
Ээрчитип жүргөн эр Манас,
Жана учкан кожонун.
Абакемдин уулу деп,
Кагылыштын ичинде.
Кагылайын Семеме,
Карандашып берер деп.
Калмак-кыргыз урушса,
Каралдыма керек деп.
Канчада болсо тууган деп,
Канча жылы окутуп.
Кан Манас киши кылды деп,
Ош тузкордон кордукту.
Алты ай тарттым зордукту,
Бир күнү кошо келиптир.
Калалуу шаар капкама,
Куда болсок сиз менен.
Кудайдын кылган иши деп,
Кутургандай көзү бар.
Куугун кулдун өзү бар,
Кудай сени урду деп.
Куураган кожо жогол деп,
Кууп чыктым тактыман.
Уялбай кантип келдиң деп,
Уяты жок Чыңкожо.
Келиниңди бергин деп,
Келип мага кирдиң деп.
Урушуп жооп кайтардым,
Кожону минтип майтардым.
Бир сапары кайтардым,
Кожо кетти урушуп.
Кыламын сага шашпа деп,
Кожо кетти коюлуп.
Соёмун сени эми деп,
Баатыр кожо барыптыр.
Баарына кабар салыптыр,
Башын кесип Акундун.
Шаарын чаап алам деп,
Кожонун угуп кабарын.
Козголуп элим калганда,
Элдин баарын чогултуп.
Эр бүлөөмдү жыйнадым,
Жараткан кудай колдо деп.
Жасаган ишти оңдо деп,
Шаарымдын бекитип.
Кабка коюп сыртына,
Чепти бекем салдырдым.
Чебердетип сепилин,
Элимди жоодон сактайм деп.
Эл үчүн кызмат кылганмын.

Бекемдеп дубал тургузуп,
Беттешчү эми келгин деп.
Бетин тозуп жатканмын,
Бети кара кожого.
Бербеймин деп айтканмын,
Бир күнү туруп карасам.
Таң агарып таң келет,
Таңдын карасам.
Жер жайнаган кол келет,
Колду баштап башында.
Шыгайдын уулу Чыңкожо,
Ичи бузук чыр кожо.
Кара ат менен калдайып,
Жолду баштап алыптыр.
Жоболоңдуу кысталак,
Өзү келет бөлүнүп.
Кара ат менен Чыңкожо,
Алды жактан көрүнүп.
Айылдын келди четине,
Айланып кошо бир учуп.
Айлыңды бир күн чабам деп,
Айдай сулуу Чүрөктү.
Тартып кармап алам деп,
Такыялуу кызыңа.
Тал түштө жоолук салам деп,
Муну айтып Чыңкожо.
Алты айдан бери дүмөктү,
Чыңкожо менен Толтою.
Элиме салды дүмөктү,
Айланайын эки кул.
Семеңе айтып баргыла,
Атанын сөзу ушу деп.
Аттарын алып чыккыла,
Деп Акун кан айтканда.
Алты увазир жүгүрүп,
Аттарды алды түйүлүп.
Атына кулдар минишип,
Кош бол ата эми деп.
Койдой кармап соёбуз,
Кортондогон кожону.
Кожосу менен койбостон,
Толтоюн кошо соёрбуз.
Тындым кылып коёрбуз,
Алакандай Жеткайды.
Айылына чейин бараарбыз,
Алаң казар Толтойдун.
Айлын чаап аларбыз,
Саламат койсо табийгат.
Сактаса кудай өлүмдөн,
Салгылашып көрөрбүз.
Самаганга биз жетсек,
Сапырып жоону жеңербиз.
Кайгырбай ата тура тур,
Капаланбай жата бер.
Деп эки кул коштошуп,
Абасын карай бет алып.
Кулдары жөнөп келатат,
Аттарын айдап алдыга.
Абакеме барсак биз,
Кабарды айта салсак биз.
Кечигип эмне болду деп,
Кеип абам аткандыр.
Жалгыз кароол кайтарып,
Абамдын ичи толгондур.
Деп эки кул сүйлөшүп,
Эртеден бери Акун кан.
Абдан конок кылды деп,
Өздөрүнө кубанып.
Эки кул келет чуратып,
Аттарынын чаңдары.
Асманга чыгып буркурап,
Азаматтар келатат.
Ар кимиси сүйлөшүп,
Аарк ичкен мас ыраң.
Бирок акылдуу балдар эмеспи,
Сырын адам билбеген.

Сыпакөйлүү баатырлар,
Зыңгыраган дилдедей.
Сыр билдирбей келатат,
Ошондо бала Күлчоро.
Эй абаке канчоро,
Менин айтаар кеңешим.
Кеңешке макул дейсизби,
Ушул турган Толтойду.
Бүгүн барып абама,
Кеңешип абдан куралы.
Кекенип кеткен кожого,
Кекти эми алалы,
Мен үчүн абам кыйланды.
Кыйналмак түгүл абакем,
Мончоктоп жашын тыйбады.
Кең-Колду өрдөп жатканда,
Ары басып алты түн,
Кожонун бардык айылына.
Кең Кашкардын ар жагы,
Кебез тоонун оюна,
Келип түшүп отурдук.
Жылкын суунун боюна,
Балалык кылдык экөөбүз,
Бардык кожо айылына.
Барсак кожо бар экен,
Жамгырчы каны жанында,
Шыгай келди жаныма.
Саламаттык жалпыга,
Абакемдин каты бар.
Бардыгынын аты бар,
Атаман калган алман деп.
Алманыман калган деп,
Эски алмандын үстүнө.
Алман эми алам деп,
Баргын деди экөөбүз.
Барганыбыз оң болбой,
Баатыр кожо тим койбой.
Кагазды окуп күүлөндү,
Каарданып сүйлөндү.
Манастын уулу Семетей,
Алман мендей алгыдай.
Ашкере баатыр эрби деп,
Эр Семетей ал болсо,
Мында өзү келсин деп.
Алман бербей Семеңе,
Тентип жүргөн эмеңе.
Арамзаада калмак деп,
Кыйынсып мага келип,
Алман алып кеткин деп.
Аламандап Чыңкожо,
Айра башын чапканы.
Кайра тартпай ошондо,
Качырып кирип барганда.
Чоюнбаш менен ккожону,
Чокуга салып калганда.
Атасы Шыгай бакырып,
Кудай алсын сени деп,
Кожону карай качырып.
Коё бергин мени деп,
Кожону көздөй бет алып.
Сен дагы кирип калганда,
Жамгырчы Шыгай болбосо.
Тамаша болмок элек го,
Кайра тартып айылга.
Бет алып жөнөп калганда,
Белестен көрүп жылкысын,
Көңүлүм түшүп калганда.
Жылкыга бардык бастырып,
Жан алчудай шаштырып
Жылкысын чогултуп,
Кымызына тойдук биз,
Кызып мында алдык биз.
Жылкысын тийип алсак деп,
Жылкынын келип жанына.
Бир аз турдук камына,
Кандай кылсак деп ойлоп.

Эй Ажыбай кулак сал,
Күлүк кара ат барбы деп,
Куларынан сурадык,
Жан кысталак кыйынго.
Жабыла туруп баарысы,
Кармагын кара ат деп айттым.
Кармап булар келишти,
Алты семиз бээ алдым,
Аябай турган кожого.
Асемдикти мен салдым,
Токуп минип мен алдым.
Кең-Колду көздөй бет алдым,
Келчи эми кожо деп,
Кекенип алып мен кайттым.
Үч күндөн кийин айылга,
Келип түшүп калыштык,
Эртең менен Семеңе.
Акырын басып мен бардым,
Келдиңерби чырак деп,
Келгин мындай жакын деп.
Кебиң болсо башта деп,
Кебетең кетти бузулуп.
Кекеткен душман барбы деп,
Кеп баштадым отуруп.
Келип кайткан жеримен,
Кожодон жедим таякты.
Кой десе болбой кожо,
Камчы салдым баягы,
Деп абама айтканда.
Күлүп койду арсаңдап,
Күмүштөй тиши кашкаңдап,
Ачуусу келип Күлчөнүн,
Абайлап өзүм отурам.
Абакем кепти баштады,
Каары келе баштады,
Ак сакалдуу кожону.
Айланып эмне чабасың,
Арам өлгөн доңуз деп,
Кырып ийе таштады,
Ал аңгыча болбостон,
Адашкан эрдин карысы.
Акылга дыйкан баарысы,
Абакем Бакай келиптир.
Айланайын Семем деп,
Ачуу шайтан акыл дос,
Акылыңа акыл кошо,
Сол колуңдун ачуусу,
Оң колуңа карма деп,
Кожого өзүң жибердиң.
Кой десе болбой бу жерден,
Эр Манастан башкадан.
Кагуу жеп көнбөгөн.
Кара мүртөс ит эле,
Кагазыңды алгандыр,
Кан болуп мага калат деп,
Каарын төгө салгандыр.
Кагылайын Күлчором,
Чыдай албай кожого.
Жооп айта салгандыр,
Калмак кул мындан,
Кеткин жогол,
Деп кожо бакырса,
Бала карап турабы?
Качырып кирип баргандыр,
Баатыр сынган немеге.
Айбалта камдап калганда,
Шыгай менен Жамгырчы.
Ажыратып алгандыр,
Кербез кожо болуучу.
Кеткин деген сөзүнө,
Айланайын Күлчоро.
Терикkенсип калганда,
Баланы кайта минтесиң,
Кылган ишиң болбойт деп.
Абакем болсо муну айтты,
Анда Каныш энекем.

Бир жагынан чыкты эми,
Айланайын Семетей.
Атаң Манас арыстан,
Алманбет менен Чубакка,
Артык тууган чунакка.
Алтын күндө агызса,
Арданып карап койбогон,
Күмүшүн күндө агызса.
Күйбөлүп атаң койбогон,
Алманбет Чубак экөөнө,
Сен деп тили жибиген.
Тийбей түгүл баатырың,
Катуу сөз айтып койбогон.
Коймок түгүл арыстаным.
Экөөнөн мурун аш ичпей,
Экөөнөн мурун атакең.
Үстүнө жаңы тон кийбей,
Айланайын алма деп,
Атынан Манас айтпастан.
Ардактап минтип туруучу.
Арада кеңеш кеп болсо,
«Алмамды» мурун чакыр деп.
Алды менен чакырчу,
Тасын көргөн немедей,
Алманбет, Чубак эки дөө,
Эркелеп мында келүүчү.
Атаңдай болгун чырагым,
Жаман тууган курусун.
Кылганы сага кас болот,
Манастын уулу жетим деп,
Жетилип келип Кең-Колго.
Ээлегенин көрчү деп,
Тууганың айтып аткандыр,
Канчалык сага кас ойлоп.
Орун казып аткандыр,
Сен тартсаң да тууганга.
Ичи бузук Чыңкожо,
Душман болуп жаткандыр.
Кара жанга күч келсе,
Кагылышар иш келсе.
Эки кулуң карандап,
Биринчи кудай жардамы.
Экинчилик иш болсо,
Айланайын Күлчором.
Бетине келсе душманды,
Беттеп айдап алат деп.
Артылып камчы салба деп,
Күлчоро менен Канчоро.
Сен деп бала какпа деп,
Кагылайын энекем,
Акылга дыйкан киши экен,
Эненин сөзү акыл деп.
Отуруп калды ордуна,
Абакем Семең былк этпей.
Андан кийин экөөбүз,
Кара атты кармап миндик биз.
Кана кожо кылчы деп,
Капаланбай жүрдүк биз.
Кара атты алып кетти деп,
Кабар тийип кожого.
Шыгайдын уулу Чыңкожо,
Кара атымды алгыдай,
Кан Манастын уулуна.
Кайсы колун чаптым мен,
Терезебиз тең тууган.
Семетейден Чыңкожо,
Эмнесинде кем тууган.
Таталдын белин ашайын,
Таргайлап басайын.
Жеткилең тууган Манастын,
Жерине чейин барайын.
Берсе кудай тилекти,
Беттешип анан кайтайын.
Жайлоодо малы көрүнсө,
Жалпы жыйып алайын.
Жоо экен деп кеп айтса,

Жоюп салып кайтайын.
Деп Чыңкожо келиптир,
Алты күндөн кийин биз.
Ат жоголду деп уктук,
Жайлоодон атты алыптыр.
Жайлогунун баарысын,
Шайтан кожо барыптыр.
Жылкыны жолго салыптыр,
Он төрт буудан ат алып,
Кожо кайра тартыптыр.
Бууданды жолго салыптыр,
Буруксутуп мал айдап.
Мал айдаса, бат айдап,
Баатыр кожо барыптыр.
Мактангансып калыптыр,
Манастын улуу тобордун.
Малын алып келдим деп,
Аттарды минип алганда.
Абакем угуп кабарды,
Ар бууданды токунуп.
Артынан кууп жетем деп,
Арамзаада кожонун.
Азыр башын кесем деп,
Кесмек түгүл кожодон.
Элимди алып келем деп,
Экөөбүз кожо аттанып.
Барсак экен ылдам деп,
Бастырып калдык шаттанып,
Абакем Бакай алдына.
Акырын келдик бастырып,
Батаңды бизге бергин деп,
Баатыр Семең айтканда.
Бакай укту кабарды,
Каткырып күлүп калганы.
Атынан алып түшүрүп,
Ай туяк ак боз бээ союп.
А түнү конуп абама,
Акылы артык ага.
Барганыңар болбойт деп,
Барганда жаңжал болот деп.
Басташып жүргөн немедей,
Кууп барыш болбогон.
Ага эмеспи Чыңкожо,
Агалыгын кылбасын.
Таарынгансып мен алсам,
Артыман кууп келет деп.
Атын алып мен бир.
Адаштырып ийчүдөй,
Аңыраңдап келет деп.
Манастын уулу Семетей,
Баатыр болгон экен деп,
Бир кулунча көрбөйбү.
Кара атты минди Күлчоро,
Кандай өлү кетпедим.
Деп Чыңкожо таарынса,
Эмине жооп айтасың.
Аз күнү миинп олтурсун,
Ал келип атты бербесе.
Артынан өзүм барайын,
Аргын кулдун өзүнө.
Аңгемени салайын,
Атты кошо мен алып.
Айылды карай чабайын,
Азыр коё тургула.
Деп абакем айтканда,
Макул болдук баарыбыз.
Алтымыш күнгө толгончо,
Ардактап миндим кара атты.
Кара атты алып абакем,
Айылына барды кожонун.
Аттарын бергин эми деп,
Арманын айтып Чыңкожо.
Абакеме келиптир,
Айта баргын жан ага.
Ала көөдөн балаңа,
Бир кулундай көрбөдү.

Көрмөк  тургай Семетей,
Душмандан бетер четтеди.
Кулун колу тийдиби,
Күлүк кара ат Күлчоро.
Жайлоодон кармап миндиби,
Бөлүнгөн киши өлөбү.
Көрөйүн көзүнө,
Бир түшөрмүн эсине.
Деп Чыңкожо калыптыр,
Экөөң бирдей тууган деп.
Абакем кайра кайтыптыр,
Ушул иштин баарысы.
Менин кылган иштерим,
Кантип анан абама.
Жанымдан артык ага,
Жан дилим менен кызмат.
Кылбаймынбы абама,
Кылыгы артык жан болсо.
Кылчайбай жигит кирбейби,
Намыс үчүн кожодон.
Кутуларбыз бул жолу,
Ошентип кожо  таарынып.
Айылдан качкан наалынып,
Артынан кууп барганда.
Алаңказар кожонун,
Эмне бөлүп алганда.
Толтойго кире качканча,
Токтобой куудук кожону.
Ошондо кожо кек сактап,
Калганын эми байкадым.
Кагылайын Ажыбай,
Кажыбас кайран балбан ай.
Кожону союп мен алсам,
Көрөрсүң далай тамаша.
Көрсөтсө кожо караанын,
Көрүнөрмүн көзүнө.
Деп Күлчоро кеп айтып,
Келип түштү сарайга.
Келбетти артык эки кул,
Келсе Семең үйдө жок.
Кетиптир жалгыз кароолго,
Байым мында жок болсо.
Балдар карап турабы?
Алдына чыгып Айчүрөк,
Айланайын балдар деп.
Абаңар үйдөн аттанып,
Азыр гана кетти деп.
Аттарды алып мамыга,
Алды-алдына байлады.
Кыргыздардын сай күлүк,
Кыдырата жайнады.
Кулдардын атын байлатып,
Ботодой көзүн жайнатып.
Боз кептердей керилип,
Бозумун күткөн кептерден.
Бой салбай жеңең эринип,
Үйгө мырза киргин деп.
Эки бирдей кайнисин,
Кайран жеңең ээрчитип.
Атакем эмне деп айтты,
Айтчы мырза кебиң деп.
Акырын сүйлөп бек таштап,
Айчүрөк жеңең кеп баштап.
Анда туруп Күлчоро,
Атаңызга бардык биз.
Алдыга кебез байлатып,
Арчалуу күлүк ат менен.
Он төрт буудан айдатып,
Кан күйөөсү абамдын.
Аттары ушу байка деп,
Алдыбыздан тозду деп.
Абдан көп конок болдук биз,
Атаңыз жакшы киши экен.
Ыраазы болуп келдик биз,
Абакеме барамын.
Атынын жайы мындай деп,

Абдан мактап саламын.
Беринин кызы жеңекең,
Тамак-ашын берди эми.
Кыя кесип, жал коюп,
Аракка кошуп бал коюп.
Кертип-кертип нан коюп,
Тамакка кулдар тоюшуп.
Кайра атка минишип,
Ак-кыяга бет алып.
Жарышкан бойдон кетишти,
Экөө тең барат жарышып.
Үзөңгү бутта кагышып,
Сыр алдырбай бирине.
Закымдап учуп буудандар,
Шамалдан бүткөн жаныбар.
Учкан куш менен жанаша,
Учурбай атат эки кул.
Көлдөн өрдөк учканча,
Жаа атышып жарыша.
Адис мерген экөө тең,
Атканы жаза кетпеген.
Ал эки сааттын ичинде,
Ак-Кыянын белине.
Арыстандай эки кул,
Азыр келип токтоду.
Абакем кайда болду деп,
Айлананы карашып.
Абайлап карайт эки кул,
Аңдыган душман барбы деп.
Атынан түшө калышып,
Асты жагын карашып.
Арыстандай жаланып,
Туура жагын каранып.
Туйгун куштай каранып,
Бет маңдайын каранып.
Ителги куштай таранып,
Илгери жакын каранып.
Ак шумкардай таранып,
Абакеси булардын.
Алдынан чыккан арсылан,
Азамат эрдин жүрүшү,
Ар кандай болот эмеспи.
Салам берди эки кул,
Саламатта абаке.
Жүрөсүңбү бу жерде,
Кан атаңа бардык биз.
Салам айтып калдык биз,
Алдына киши барбаган.
Ардактуу тууган кан экен,
Алдейлеп элин өстүргөн.
Ак сакалдуу чал экен,
Атанын жөнүн айталык.
Сай күлүк айдап бардык биз,
Кан Манастын уулу деп,
Кан күйөөсү ушу деп.
Кабары чыккан жезденин,
Катышып сизге келди деп.
Калкына жардык салдык биз,
Кабар айтып кыйкырып.
Калаага кирип бардык биз,
Калкынын баары кубанып.
Каршыман чыкты чубашып,
Кан күйөөнүн аттары.
Кандай сонун мал дешет,
Капырай кандай сонун иш.
Кайдан келип калды деп,
Аттарды көрүп таң болуп.
Айбандан мындай болобу,
Акарат айтса Манаска.
Тукумунда оңобу?
Тулпары мындай болгон соң,
Туйгуну кандай болду деп.
Аттары мындай болгон соң,
Адамы кандай болду деп.
Тулпары мындай болгондо,
Баатыры кандай болду экен.

Кулдары мындай болгон соң,
Төрөсү кандай болду экен.
Элинин баары жүгүнүп,
Таазим кылып жүгүнүп.
Биз барабыз былк этпей,
Ажыбай адис шум белем.
Акылдуу тууган кул белем,
Алты киши чаптырып.
Кан Акун кабар салыптыр,
Кырк увазир ээрчитип.
Калаанын орто чининен,
Кан Акун келип калыптыр.
Салам айткыла балдар деп,
Ажыбай кепти баштады.
Кайнатасы ушул деп,
Кан Ажыбай айтканда.
Аттан ыргып түштүк биз,
Эки колду тең сунуп.
Салам айтып калдык биз,
Каршыман кабыл ал алып,
Кагылайын балдар деп.
Көзүно аз жаш алып,
Алманбет менен Чубактын,
Артынан калган туяк деп.
Арыстаным Манас уулуна,
Карандашаар чунак деп.
Алыстан келдик ат айдап,
Үргөнчкө кирдик мал айдап.
Уулу Манас балдары
Урматыңа ыраазы,
Салам айтып кол берген.
Сылыктуу өскөн эки кул.
Сымбатыңа ыраазы,
Айланайын балдар деп,
Атаңыз колду бек кармап.
Абийирлүү жан экен,
Абдан бизди сыйлады,
Аябаймын Семемен.
Алтын-күмүш зарымды,
Керек десе Семеме.
Берем дейт чымын жанымды,
Аскер алса өзү алсын.
Канча керек болгончо,
Ат алам десе мен берем.
Арада күлүк бууданды,
Аяп кантип калайын..
Арыстан жалгыз уулуман,
Бел куда болуп табышкан.
Берекелүү Семеме,
Элимден канча каалаauthor
Ала берсин четинен,
Кароолго киши койгонго.
Ажыбай баатыр билсин деп,
Караңгыда жол тозсоң.
Түмөнбайым болсун деп,
Менин айткан кеңешим.
Ушуну менен бүтсүн деп,
Атаңдын сөзү ушул кеп.
Деп эки кул басылды,
Атынан түшүп Семетей.
Ар бууданды оттотуп,
Ак-Кыянын белинде.
Бир азыраак токтолуп,
Күлчоро менен Канчоро.
Кароолго кулдар калышып,
Семетей менен Түмөнбай,
Кайра тартып ал экөө.
Айылды карай жарышып,
Күүгүм кире сарайга.
Семетей келди бастырып,
Бир азыраак ою бар
Эч кимге айтпайт жашырып,
Кулдарына кубанып.
Кылган ишим оңбу деп,
Жараткан өзү оңдогун.
Бир кудайым колдогун,

Атын алып алты кул,
Ак мамыга байлады.
Алдынан чыгып Ажыбай,
Амансызбы баатыр деп,
Амандаша калганы.
Эшигин алып кийирип,
Ак түнтөнүн үстүнө.
Арыстан жездең отуруп,
Айылдын ичи кандай деп,
Ажыбайдан кеп сурап.
Аман-эсен жатабы,
Ага-тууган элиң деп.
Элдин жайын бир сурап,
Эл бийлөөчү кан Акун.
Шердин жайын бир сурап,
Тамакка абдан тойду эми.
Эки бирдей кайнага,
Ээрчитип Семең алды эми.
Элиңдин жайын айткын деп,
Эшикке Семең чыкты эми.
Кермедеги сайкүлүк,
Аралап Семең басты ошо.
Арыбагын буудан деп,
Ак жолтой көкүм тууган деп.
Абакемдин көк чолок,
Эркелетип эр немең.
Жабууларын алдырып.
Тазалатып эттерин,
Жабууларын жаптырып.
Үркүтпөй үкү тактырып,
Туягы кантип калды деп.
Туяктарын тазалап,
Буудандын баарын эр Семең.
Бир башынан ирээттеп.
Беттешип калсам жоо менен,
Белгилүү атым ушу деп.
Атасы Манас минүүчү,
Келишимдүү чоң тору ат.
Мамыга жалгыз байлатып,
Буудандарын эр немең.
Арыбаган сай күлүк,
Алды-алдына байлатып.
Алтымыш жабуу жабылып,
Алчактаган сай күлүк.
Адети менен жайлатып,
Кермедеги сай күлүк.
Кермедеги аттарды,
Келиштирип байлатып.
Эр Семең жүрөт кашынып,
Качкан Толтой катынга.
Касташып эми жеңем деп,
Кабылан Семең ойлонуп.
Башка келсе көз тартат,
Басташып эми көрөм деп,
Батасын алып Акундун.
Барамын жоого эртең деп,
Баатыр болсо Чыңкожо.
Басып учуп келсин деп,
Толтой менен кожолук.
Жасагандыр мени деп.
Аттарынын баарына,
Күрүч менен күрмөктөп.
Аралаш жемин берип,
Суусуна буудандын,
Уцдун сүтүн кул берип.
Байлоодо турат элирип,
Коё берсе сай күлүк,
Сарайдан бийик жер келсе,
Кете турган секирип.
Буудан турат элирип,
Аттарын Семең жайлатып.
Жайгаштырып байлатып,
Кайра басып эр немең.
Шумкарга келди кайрылып,
Атамдан калган ак шумкар.
Арбактуу тууган куш элең,

Аска болуп калды деп,
Көөкөрдөй болгон кызыл эт.
Колуна алып кондуруп.
Козголбой эр немең,
Бир азыраак отуруп.
Бир топко чейин шумкарын,
Жемге абдан тойдуруп.
Ак шумкарды Семетей,
Колуна кармап кеп айтып.
Коргошундай салмактуу,
Коркпогон жоодон эр немең.
Ажыке бери келгин деп,
Атаман калган ак шумкар.
Абайлап жүрүп көрүңүз,
Атакем Манас алп шер.
Алда неге жыл чалып,
Анын да кеткен кумары.
Алиги күнгө тарабай,
Колумдагы ак шумкар.
Кайра туурга конгону,
Аргын-кыргыз көп элди.
Алдына өзүм келгеним,
Он эки жылга толгону.
Арбууданды мингеним,
Ак олпок болуп кийгеним.
Аким болуп кыргызга,
Атанын тагын мингеним.
Он эки жылдан бер жакка,
Колумдан шумкар түшпөдү.
Түшмөк түгүл ак шумкар,
Жан адамга бербедим.
Жанымдагы эки кул,
Буга да ыраа көрбөдүм.
Көрмөк түгүл шумкарды,
Өзүмдөн бөлөк бир адам.
Жем жедирип көрбөдү,
Колуман дайым түшүрбөй.
Алып жүрөм Ак шумкар,
Канаттуунун зору экен.
Текерин карап көрүңүз,
Отуз тогуз түлөдү.
Текери болот теки жез,
Тепкени эсен кетпеген.
Өзүм чыкчып бир күнү,
Жекенди көлдү жээктеп.
Желип чыгып келатам,
Кайнардуунун жээгинде.
Бир өрдөк турат байкасам,
Тегереги сеңиз кез.
Текеле шумдук көрүнөт,
Томогосун мен алдым.
Токто кылбай жутунат,
Томолгон немедей.
Өрдөк турат кенебей,
Суу үстүндө секирип.
Ушуну алса Ак шумкар,
Кечилдин каны Коңурдун.
Куу өрдөгүн алат деп,
Кудай өзүң колдо деп.
Жаратканым бир Алла,
Жан кылып мени жаратсаң.
Өрдөктү колго тийгиз деп,
Бабедин деп бакырып.
Манастан уран чыкырып,
Кыска боо менен шумкарды.
Коё бере салганым,
Арт жагынан чуратып.
Өзүм кирип барганым,
Жеткен жерде Ак шумкар.
Жетип өрдөк илгени,
А дагы шумбай өрдөкпү.
Сууга кире качканы,
Суу ортолоп каркылдап.
Өрдөк сүзүп калганы,
Айланайын Ак шумкар.
Абайлап ала көргүн деп,

Кубанчысы эң кыйын.
Курусун жаным тура албай,
Суугa кирмек болгондо.
Кийим тонду чечкенде,
Айланайын Ак шумкар,
Боорун жара тээптир.
Сүрөп чыкты сыр атка,
Көтөрүп туруп буурулга.
Өлгөндө арта салгамын,
Айылга келдим бастырып.
Аксакалдуу карыдан,
Алдым үйгө чакырып.
Өрдөктү салып казанга,
Эки кулду чакырып.
Жаныма алдым жана да,
Бир өрдөктүн этине.
Кадимкидей тойдук биз,
Канией алып тим эле.
Казысына бир бирден,
Этке кошуп жедик биз.
Эми ойлоймун шумкарды,
Эгерде кудай жол берсе.
Бээжинди көздөй бет алсам,
Беттешип кытай мен калсам.
Коңурбайдын өрдөккө,
Талаштыра мен салсам.
Таалайда жазуу чын болсо,
Атанын кунун мен алсам.
Арыстандай калмактын,
Башын кесип байланып.
Таласка карай жол чалсам,
Деген оюм менде бар.
Айланайын Ажыке,
Эртең эрте аттанып.
Кароолго экөөбүз баралы,
Балдар келип эс алып.
Бир азыраак жатышсын,
Биз баргандан мурдараак.
Түмөнбайдай агага,
Аскердин жайын айталы.
Адамы канча болду экен,
Абдан эсеп алалы.
Жөнө жолдун белине,
Жортуу чыгып баралы.
Жоо көрүнсө ошерден,
Жоболоңдуу душманды.
Жолума курман кылайын,
Жоо баатырың Толтойду.
Жолукса канын чагайын,
Жоолашып көрчү кана деп.
Жээдигердин Толтоюн,
Жолун тозуп жатайын.
Деп эр Семең кеп айтып,
Шумкарын туурга кондуруп.
Ажыбайга сөз айтып,
Үйгө кайтып келди эми.
Душманым көп, тууган аз,
Башка түшсө көрдүк деп.
Ажал жетсе өлдүк деп,
Жараткандын буйругун.
Жазса кудай көрдүк деп,
Баатыр Семең ойлонуп.
Бала жолборс кайран эр,
Батышта кароол кулуна.
Байкап карап отурат,
Багымдат болуп калды деп.
Баатыр туруп ордунан,
Беш убагын жазбаган.
Бейсиз даам татпаган,
Бериштелүү кайран эр.
Багымдатын окуду,
Эрте турган экен деп.
Ат кайтарган кароолчу,
Арыстанды көрүштү.
Аралап элдин ичинде,
Арасында Семетей.

Азандан бүгүн турду деп,
Азамат бала бул чунак.
Бирдемени билди деп,
Аскерлер калды дүрбөшүп.
Арыстан баатыр эр Семең,
Же бирдемени билди деп.
Ала көөдөн Толтойго,
Айкырып Семең тийеби.
Алдагандай иш болуп,
Арада уруш болобу.
Аскерлер жүрөт ушинтип,
Арыстандай эр Семең.
Мунаранын башына,
Чыгып барды эр немең.
Айнеги алтын ак дүрбү,
Арстан алып колуна.
Ондоп карап отуруп,
Оң көзүнө салды ошо.
Оңдонуп карап калды ошо,
Бетине алып турнабай.
Беттеп Семең калды эми,
Бети кара душманды.
Беттеп Семең калганы,
Берендерим кайда деп.
Чоролорун карады,
Чоросун көрүп чоюлуп.
Бир аз турду а жерде,
Жээдигерди караса.
Тоболоңду тозу бар,
Тоодой болгон Толтойдун.
Айгып калган кези бар,
Атына минип Жээдигер.
Камынып эми калыптыр,
Кайда болсо бир өлүм.
Өлүшөм деп калыптыр,
Жээдигер жүрөт камданып.
Чатырларын бүктөшүп,
Чабалдарын ортого.
Толтой алып жүр дешип,
Жээктен көчүп чыгышты.
Жер гүлү баатыр Семетей,
Жээдигерди байкады.
Жан кирип калган экен деп,
Жоосун көрүп жаңкы шер.
Кан ичмеси кармады,
Каары келип жездеңдин,
Каардана баштады.
Катындай болуп сен Толтой,
Каргадай болгон баладан.
Качпадыңбы кече эле,
Кайра атка мингени.
Эркексинип сен Толтой,
Эми мага келчи деп.
Кудайым берсе тилекти,
Кубалаша көрөрбүз.
Деп Семетей ойлонуп,
Акыл ойноп толгонуп.
Абийирдүү азамат,
Акырын түштү толгонуп.
Барчын куштай талпынып,
Бала жолборс жаңкы шер.
Басып түшүп келди эми,
Ажыбай ага мындай кыл.
Менин айткан кеңешим,
Түмөнбай баатыр не дейсиң.
Азыр аскер чогулсун,
Аламан бирөө болбосун.
Ар кндай болот бул уруш,
Биз сарайдан көчөлүк.
Кудай деп үйдү жөнөтүп,
Ак-кыянын белине.
Чатырымды тигемин,
Ак чатыр бүктөлсүн.
Азаматым эки кул,
Алар да келет бу жерге.
Абайлап алар тургандыр,

Аламан кожо баатырдын.
Амалын байкап билгендир,
Айланайын эки кул.
Амалдарын көргөндүр,
Алышам деген душмандын.
Азабын колго бергендир,
Ак-кыядан кезиксе.
Аянып калчу эр беле,
Араң жүрөт жаңкы экөө.
Алдыман душман барбы деп,
Араң турат балдарым.
Аскердин алгын эсебин,
Азыр келет эки кул.
Аларды кошуп аламын,
Алланын жазган жазуусу.
Алдыман душман кезиксе,
Айлантып байлап аламын.
Атама айткын кабарды,
Азыр уруш саламын.
Алдакандай замана,
Аттардын баарын суутам.
Алаң казар кожонун,
Амалдарын билемин.
Айылына чейин киремин,
Айта турган сөздөрүм.
Абдан айта берейин,
Ар бууданды токунам.
Алдына өзүм жол баштап,
Арт жагымда эки кул.
Алар келип кол баштап,
Амалы артык кожо.
Абдан уруш мен салам,
Атаканат дүнүйө.
Абакем мында болбоду,
Айткан сөзүм токтоду.
Деп Семетей басылып,
Күндүн мурду жаңыдан.
Айылга тийген сакчы бар,
Короодогу адамдар
Кожолошуп чогулду,
Кимдин жайын айтайын.
Эл эсебин Ажыбай,
Сарайдагы адамдын.
Жалпы эсебин алганы,
Мергенчиси канча деп.
Мергендерин жыйнады,
Найзакери канча деп.
Найзакерин жыйнады,
Баатырлары канча деп.
Баатырларды жыйнады,
Көсөмдөрү мынча деп.
Жыйырма төрт миң адам,
Ажыбай мындай чогултуп.
Жыйырма төрт миң адамга,
Куюн боз минген Кутунай.
Үргөнчтүн четин билүүчү,
Оңой эмес чоң Тынай.
Аскерге башчы ушу деп,
Ажыбай айтып кабарды.
Эми мен баатыр барайын,
Кан Акун сындуу атага,
Кабар айта салайын.
Канча аадм барды экен,
Калтырбай баарын ээрчитип.
Мен да Ак-Кыяга барайын,
Элдин ичин бүлүнтпөй.
Эрлерин алып ээрчитип,
Элден мурда келебиз.
Эсен болгун жезде деп,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Азыр жаңы аттанып,
Айылын карай бет алып.
Белгилүү шаары Үргөнчтүн,
Берен кулдар аттанып.
Берекелүү элинен,
Бермек болду аскер деп.

Берки эки кул ишенген,
Күлчоро менен Канчоро.
Турнабай салып олтурат,
Туйгундай болгон эки кул.
Туура жакт отуруп,
Тушунан кирип барсакпы.
Туурасынан качырып,
Толтойго найза сайсакпы?
Капшытынан кирсекпи,
Кара ниет кожого.
Качырып найза салсакпы?
Бет маңдай кирип барсакпы?
Бети кара кожого,
Беттеп найза салсакпы?
Тим эле кирип барсакпы?
Тентип жүргөн кожого,
Тик барып уруш салсакпы?
Кандай кылсак деп ойлоп,
Андай кирип барганда.
Аламандын ичине,
Экөөбүз түшүп калабыз.
Абадан амир болбосо,
Канткенде жоого барабыз.
Аныбыз биздин болбойт деп,
Ал кылыгыбыз оңбойт деп.
Андан көрө Жээдигер,
Кайсы жерге конорун.
Абдан байкап кетелик,
Алыбызга келгенче.
Аламалын билелик,
Жээдигердин Толтойюн.
Кандай жерге конорун,
Абдан көрүп кетелик.
Ал түнү кирсек кокустан,
Кароолчусун көмөлүк.
Деп эки кул кеңешип,
Келе жаткан душмандын.
Жайы кандай болот деп,
Жадырап-жайнап күлүшүп.
Жаман Толтой кандай деп,
Жоо самаган эки кул.
Жоону көрүп кубанып,
Катыны эркек туугандай.
Калмактан жылкы куугандай,
Энеси эркек туугандай.
Бээжинден жылкы куугандай,
Карап турат кубанып.
Кайда барар экен деп,
Эркексинип Толтоюм.
Эми келе жатпайбы,
Бир айдан бери найза жеп,
Бүгүн араң багыш кул.
Баш көтөргөн экен деп,
Басташам деп биз менен.
Баатыр жезде келет деп,
Бардар турат карашып.
Бастырганы Толтойдун,
Балдар көрүп отурат.
Не кыларын биле албай,
Бир айдан бери эки кул.
Жүргөн болчу чер болуп,
Ичи абдан бук болуп.
Бетине адам таба албай,
Беттешип кулга келе албай.
Ээн жерде эки кул,
Бир душманды таба албай.
Бүгүн кандай сонун иш,
Бүгүнкүдөй душмандын.
Бетинен карап туралы,
Көрүнө жерге чыгалы,
Көрсүн бизди Чыңкожо.
Көйрөң Толтой баатыры,
Көксөөсү сууган кабыры.
Деп ойлошуп эки кул,
Атына минип алышып.
А жерден кулдар чабышып,

Ак-Кыянын тумшукка.
Арыстан балдар барышып,
Алдындагы душманды.
Турнабай менен карашып,
Ал аңгыча болбоду.
Ак-мунардын тоосунан,
Жетип келип Жээдигер.
Жер жайнап келип конду эми.
Жергүлү журту Толтойдун,
Бер жакта  турган эки кул.
Көп экенин көрдү эми,
Абайлап байкап көрдү эми.
Абдан көөнү тынды эми,
Эмине болсо болсун деп.
Эки кул туруп күлдү эми,
Жатып мында алышты.
Жакындап бизге калышты,
Азыр кайра баралы.
Абама кабар салалы,
Алаңказар Толтоюң.
Келе жатат мында деп,
Аскерди курап алалы.
Тамак ичип тоюнуп,
Кайра мында салалы.
Деп Канчоро айтканда,
Күлчоро бала кеп сүйлөп.
Эй абаке деп сүйлөйт,
Багыштын уулу Толтойдун.
Иши кара жолтойдун,
Ишин көрүп турайын.
Ичинде кандай дуба бар,
Ич майын байкап угайын.
Атыңызга миниңиз,
Абамды беттеп жүрүңүз.
Ар кылбайлык абаке,
Кыргыдан келдик үчөөбүз.
Кудайдан ажал бир келсе,
Кучакташып бир жерге,
Үчөөбүз чогу өлөлүк.
Айланайын абама,
Акылы артык агама,
Тим эле курман болуп кетели.
Баргын аба кармакка,
Мен кеттим Толтой жоо жакка.
Деп Күлчоро аттанып,
Кайран бала шаттанып.
Кагылайын абама,
Кандай ишти болсо да.
Кайра  тартпай аткарып,
Берейинчи кашына.
Бура тартып Канчоро,
Айылды карай салганы.
Алдындагы Көктелки,
Катуулап камчы салганы.
Качан жетем эми деп,
Камынып чоро калганы,
Капшыттагы сарайга.
Чоро кирип барганы,
Чоро келди чуратып.
Сарайда Семең отурган,
Турнабайын бир карап.
Туйгундай болгон арсылан,
Туура жагын бир карап.
Тууганым экен экөө деп,
Ичинен Семең бек самап.
Айлансын абаң Күлчором,
Ал жерде жалгыз калганы.
Алдыма жоону тозом деп,
Атанып жалгыз барганы.
Айланы кандай кылайын,
Аттардын баарын жыяйын.
Канчоро келди көрүнөт.
Кабарды мындан угайын,
Кандай жоонун жайы деп.
Муну да сынап алайын.
Деп Семетей ойлонуп,

Боз туйгундай толгонуп.
Боруму сонун арыстан,
Басып келди толгонуп.
Баласын көрүп кыналып,
Абасын көрүп Канчоро.
Салам айтты уялып,
Абаке жоону көрдүк биз.
Абдан сонун кубанып,
Алдыңызга келдик биз.
Алакөөдөн кожодон,
Атын алсак кандай деп.
Уруксат сурап келдик биз,
Аскерин берсе алалык.
Бербесе да тим эле,
Экөөбүз жалгыз барабыз.
Уруксатың сен берсең,
Азыр да чабуул салабыз.
Батаңызды берсеңиз,
Бастырып жоонун жайларын.
Бир азыраак көрсөңүз,
Көрүп алып душманды.
Мына кайтып келсеңиз,
Деп Канчоро айтканда.
Баатыр Семең күлдү эми,
Жоонун жайын байкадым.
Жоо баатыры Толтойдун,
Чамасы канча экенин.
Жалпы түрүн көргөнмүн,
Азыр буудан чечилет.
Аттардын баары айдалат,
Азаматтын баарысы.
Ак-Кыянын тоосуна,
Жалпы баары барышат.
Жагалмайдай нечендер,
Жоонун тагдырын.
Чече турган берендер,
Кандай болсо душманды.
Жеңе турган көсөмдөр,
Деп Семетей кеп айтып.
Кийми тонун кийди эми,
Чоң сарайдан Семетей.
Жөнөмөк болуп калды эми,
Барабан үнү баш жарып.
Арбууданды токунуп,
Арыстандын баласы.
Азиз жандан чочунуп,
Ак чатырды бүктөтүп.
Ак атаңга жүктөтүп,
Көк чатырды бүктөтүп.
Көк атаңга жүктөтүп,
Мекеден келген кызыл туу.
Бээжинге барган узун туу.
Карагерге жүктөтүп,
Кайран Семең жүктөтүп.
Бет алдына эр немең,
Береккелүү шер немең.
Беш миңдейин алдына,
Салып айдап алды эми,
Кыргыздардын сай күлүк.
Кыдырата айдады,
Кыл куйруктун баарысын.
Жараштырып айдады,
Манастын уулу Семетей.
Баатыр келет бастырып,
Арт жагында Канчоро.
А да келет шашатырып,
Абаке бүгүн баштайлы.
Кан майдандуу чогушту,
Деп Канчоро айтканда.
Семетей абаң кеп айтат,
Эй Канчоро деп айтат.
Балалыгың башыңан,
Көбүрөөк го деп айтат.
Жоонун жайын айтайын,
Азыр көчүп барабыз.
Ак чатырды тигебиз,

Кожо көрсүн караанын.
Ким экенин таанысын,
Ажыбай кеткен атама.
Акылдашып ал келет,
Аскери бар жанында.
Самаганың урушпу,
Шашпай баатыр коё тур.
Деп Семетей бөлүнүп,
Кутынайга кеп айтып.
Айчүрөк экөөң темине,
Ак-Кыяга баргыла.
Үйдү тигип салгыла,
Аскерлерин ирээттеп.
Жай баш кылып алгыла,
Сай күлүктүн баарысын.
Кермеге байлап салгыла,
Кан чором экөөбүз.
Койгуул чалып келели,
Кайра тартып кабылан.
Кабшат менен желгени,
Карагайлуу жылгада.
Каргадай болгон кысталак,
Кароол тартып отурат.
Ошону көздөй бастырып,
Семең барат чуратып.
Алдындагы арбуудан,
Алыстатпай туягын.
Айбан да болсо буурул ат,
Жоого баатыр барарын.
Билип келет буурул ат,
Кыяда бала Күлчоро.
Жоосун аңдып отурат,
Карап бала олтурса.
Кароолго Толтой коюптур,
Алты жигит бир жерде.
Кароол карап отурат.
Каскактуу найза, сыр желек,
Кайран бала Күлчоро.
Капшыт менен желди эми,
Кароолчуну бет алып.
Кабылан чоро жүрдү эми,
Асты менен желди эми.
Адис экен Күлчоро,
Сыр бараңды октоду.
Бута атымдай жерин,
Бутага чоро токтотуп.
Бута аткан эмедей,
Атмак болду токтотуп.
Ак бараңдан ок кетти,
Алтымыш дүрмөт бир кетти.
Тоо жарылып жер көчүп,
Томкорулуп жок болду.
Тоо кулаган немедей,
Тобу менен жок болду.
Токтоп туруп жанына,
Тобо кылып жалына.
Басып барды жанына,
Баатыр чоро камына.
Алты бирдей ат турат,
Көк туусуна караса.
Жанагы турган алты адам,
Көмүр болуп калыптыр.
Көрсө кожо муну деп,
Дөбөгө бала чогултуп.
Алты бирдей ат айдап,
Кайра тартып калганы.
Канчоро келип калат деп,
Карап мени табалбай.
Кайда кетип калды деп,
Капа болуп калат деп.
Канчоро кайтып келгенче,
Ак-Кыядан бер жагы.
Ак-Дөбөдө болом деп,
Айткан сөзүң кана деп.
Көптүгүн кандай бала деп,
Капа болуп калар деп.

Аттарды айдап чуратып,
Чоро кетип баратат.
Ак-Дөбөнү бет алып,
Арыстандай Күлчоро.
Аттарды коштоп алыптыр,
Абайлап ай арыстан.
Кайра жолго салыптыр,
Семетей менен Канчоро.
Кайда кетти Күлчоро,
Же болбосо ал чунак.
Өңүткө кирип кеткенбейм,
Өчөшкөн Толтой жоо менен.
Өлүшүп чоро жатпасын,
Деп ойлонуп ал экөө.
Каптал менен желишип,
Кан бала Семетей.
Катуу издеп калганы,
Кайгуул чалып келатып.
Катыүгүн кандай иш болот,
Чором кайда кетти деп.
Кейип келет Семетей,
Өз алдынча бир канча.
Эрип келет Семетей,
Зээни кейип азыраак.
Кейий түштү Семетей,
Жана жүрүп олтуруп.
Туура жагын караса,
Туйгун куш учат жанаша.
Асты жагын караса,
Ак шумкар учат жанаша,
Алты бирдей ат айдап.
Ат айдаса бат айдап,
Алманбеттин кулуну.
Арыстан чоро келе атат,
Атасын көргөн немедей.
Наалып ийди Семетей,
Айланайын Күлчором.
Айлансын абаң өзүңө,
Жоого жалгыз барганың.
Мындан кийин болбосун,
Душманың көп тууган аз.
Ишиңди кудай оңдосун,
Жараткан өзү колдосун.
Бали баатыр өзүңөн,
Баатырдык кылып ат алган.
Балбылдаган көзүңөн,
Кагылсын абаң өзүңөн.
Жоого барган өзүңөн,
Жоодураган көзүңөн.
Жоболоңдуу душмндын,
Жоругун айтчы эми деп.
Кантип жетип сен бардың,
Кароолчусун сен алдың.
Кандай экен душманың,
Кабарын мага сен айтчы.
Кайсы жерде жатышат,
Канча адам болгудай.
Бая качкан кулжа жолукпай,
Келгениңе кубанам.
Арамзаада Толтойго,
Беттешип бала калды деп.
Издеп келе жатканмын,
Айтчы чором сөзүңдү.
Тирүү көрдүм көзүңдү,
Деп Семетей басылды.
Каткырып күлүп Күлчоро,
Кабылан бала кеп баштайт.
Таң агара сөгүлө,
Кароол карап отурдук.
Канчоро абам жанымда,
Бир убакта карасам.
Жээдигер кайнап көчүптүр,
Жер союлуп кетиптир.
Кабыр, укмуш ишби деп,
Бир аз турдум чочулап.
Бир убакта байкасам,

Жер жарылып чуу келет.
Чуунун алдын байкасам,
Жээдигердин Толтою.
Жер жайнаган кол келет,
Жети сан элин ээрчитип.
Жеткилең кожо да келет,
А жерде жүрдүм таңданып.
Бир топко чейин таң болуп,
Ачуум келип маң болуп.
Абама айткам баргын деп,
Айылга кабар салгын деп.
Айланып жоого барам деп,
Аттанып кеттим бу жерден.
Алдымдагы Сур телки,
Аябай камчы мен бастым.
Айланасын бир карап,
Айлына чейин бардым мен.
Кыяда карап отурсам,
Бир топ адам жанында.
Толтой келет бастырып,
Тобу менен бир топ жан.
Кароолго койду шаштырып,
Кайра тартып ал кетти.
Айылын карай бастырып,
Артыман аңдып отуруп.
Жете бардым кароолго,
Бута коё баштадым.
Сыр бараңды октодум,
Атакемдин алмабаш.
Алыска тийет айныбас,
Абдан мээлеп мен туруп.
Танабын тартып ийгенде,
Алты бирдей коргошун.
А дегенде бир кетти,
Чаң тополоң бир болуп.
Кароолдо карап отурган,
Каршымда душман ант урган.
Кара жер менен бир болуп,
Каңтарылып топурак.
Асманга чыкты жел болуп,
Акырын басып бардым мен.
Аттарын чечип алдым мен,
Абасы менен кожосу.
Абайлап таанып алсын деп,
Адамдай кайра тургузуп.
Бутакка барып мингизип,
Бура тартып бастырдым.
Бугумдан бүгүн абаке,
Бир азыраак арылды.
Айтайын сизге дегеним,
Кечиирп койгун жан ага.
Кулуңдун кылгни ишине,
Капа болбой жүрө бер.
Кантип кулуң отурат,
Капталга келип бакырса.
Каршыман душман жоо келсе,
Кантип чыдап отурам.
Кайра тартпай бардым мен,
Кароолчусун сулатып.
Кайра мында келдим мен,
Кантерин билбей калсын деп.
Кожосу менен Толтою,
Коркуп колоп калсын деп.
Корккондуктун белгиси,
Кароолчуну алдык деп.
Калкы билип калсын деп,
Канбыз элдин дегендин.
Кайгы түшүп калсын деп,
Менин оюм бул эле.
Деп Күлчоро басылды,
Ошондо Семең кеп айтат.
Эй Күлчоро деп айтат,
Баласыңго жашыраак.
Баланы айтат масыраак,
Дегеним элден уккамын.
Аман-эсен келгениң,

Абаңа кудай бергени,
Ажыбай келип Кыяга.
Азыр чогу баралы,
Аттардын баарын чалдырып.
Бетеге менен туланга,
Текши тоюп болгон соң.
Айылга чыгып баралы,
Сайкүлүктү суутуп.
Таптап абдан багалы,
Талыкпаган бууданды.
Таң атканча бир жүрүп,
Кароолдон көздү албайлы.
Үчөөбүз бирге жаталы,
Үч-Дөбө менен мазарлуу.
Үчөөбүз беттеп алалы,
Аскерди теңдеп бөлөлү.
Экөөң алгын аскерди,
Өзүм жалгыз боломун.
Деп Семетей айтканда,
Макул болду беркы экөө.
Башка салса көрөлү,
Кагылайын абакем.
Кучакташып бир жатып,
Бир чуңкурга өлөлү.
Бири-бирибиз өзүнчө,
Көздүн кырын салалы.
Ошондо Семең айтканы,
Кимда-кимиң болбосун.
Көзүңдү менден айырба,
Шыгайдын уулу кожо менен.
Өзүм жалгыз атышам,
Бута коюп жатышам.
Булут минген кожого,
Бура тартып атышам.
Буйруса кудай тилекти,
Буурулду минип мен өзүм.
Чоң тору атты алайын,
Үчөөбүз бирдей эр жаңкыз.
Куданын салган жазуусун,
Көрөт адам миң жалгыз.
Эми мында түшүп,
Маселеттин бүтүрүп.
Атына Семең мингени,
Олжодон түшкөн малдардын.
Куйрук-жалын кыркышып,
Жышана ушул болсун деп.
Ырым кылып арыстан,
Айбаты артык жаралган.
Алты күлүк ат айдап,
Айылга келди жатарда.
Келсе Семең айылга,
Үйдү тигип салыптыр.
Качан Семем келет,
Кабарды мындан ала албай.
Калган экен күтүнүп,
Кароолго ажың барыптыр.
Качан баатыр келет деп,
Кароолдон көзүн айрыбай.
Кан Ажыбай канетсин,
Карап мында калыптыр.
Кана эмине болду деп,
Түмөнбай баатыр баржактап.
Тынчы кетип атыптыр,
Манастын уулу Семетей.
Баатыр келди бастырып,
Алдынан чыкты Ажыбай.
Ат көлүгүн аманбы?
Айланып кайда кеттиң деп,
Эмдигиче келбейт деп.
Эмне болуп калды деп,
Эсибиз жаман чыкканы.
Атынан алып түшүрүп,
Ак чатырга кийирип.
Буурулдан алып түшүрүп,
Көк чатырга кийирип.
Буруксуган арыстан,

Бура басып сүйүнүп.
Бугудай моюн толгон,
Буурулду байлап эки кул.
Кошо кирди жүгүрүп,
Үйгө Семең киргенде.
Камчысы менен колбагын,
Жеңекең алды түйүлүп.
Балкамуздай керилип,
Беринин кызы бей таалай.
Басарынан эринип,
Кичилик кылып Семеңе.
Таазим менен жүгүнүп,
Таң эртең үйдөн аттантып.
Талаадан жолуң болдубу?
Тамашалуу Толтойдун,
Талаасына барыңыз.
Инилерин ээрчитип,
Эмине деп акыл салдыңыз.
Күндүн мурда жайыла,
Үйдөн чыктың аттана.
Эки иниңди ээрчитип,
Бажаңа барып келдиңби?
Бабыргандай Толтойдун.
Бастырып жүрүп отуруп,
Жер чатырын көрүп келдиңби?
Же болбосо төрөбүз.
Агаңызга бардыңбы,
Амандашып калдыңбы?
Алы-жайың кандай деп,
Алын сурап жаттыңбы?
Эмине мынча кечиктиң,
Эрмектешип жоо менен.
Же эсендешип жаттыңбы?
Согатка жылкы алдыңбы?
Жеңе менен кыздарга,
Же жеңетайды таптыңбы?
Атына минип бастырып,
Айлананы чалдыңыз.
Амалы барбы жоонун деп,
Астыртан байкап алдыңбы?
Деп жеңекең кеп айтып.
Кериле басып түрдөнүп,
Кептер куштай үндөнүп.
Кебездей болуп керилип,
Жооп күтүп Семеңен.
Отурат жеңең эринип,
Ошондо Манас баласы.
Айбаты артык карачы,
Асты чүрөк тура тур.
Жооп айтайын уга тур,
Перинин кызы Айчүрөк.
Билесиң элдин баарысын,
Билбесеңиз мен сага.
Таанытайын жалбасын,
Адырда калган малым жок.
Бу Үргөнчтүн ичине,
Салып койгон шаарым жок.
Таласта болот калаабыз,
Кең-Колдо болот угуп тур.
Керилген калың элибиз,
Кароолго чором барыптыр.
Кайда кетти чунак деп,
Кабарын мунун ала албай.
Кай кеткенин биле албай,
Караанын көзгө иле албай.
Кайда кетти чунак деп,
Кабаланып баратсам.
Каршыман чором табылып,
Абийирим минтип жабылып.
Бетимен чором табылып,
Уятым минтип жабылып.
Толтойго кирип бардыбы?
Тоодой болгон Жээдигер,
Тегеректеп калдыбы?
Деп ойлонуп баратсам,
Теки кудай бергени.

Кабшытына Күлчоро,
Бет алыша түмөнү.
Берендерим эки кул,
Менин бактым эмеспи.
Күлчором жоого барыптыр,
Күчөп жөнөп отуруп.
Кароолчусун атыптыр,
Алты бирдей кароолун.
Атып чором союптур,
Бала баатыр Күлчоро.
Тындым кылып коюптур,
Ошонун алты аты бар.
Жеңкетайга берүүчү,
Олжодон түшкөн малы бар.
Деп Семетей айтканда,
Каткырышып калышты.
Кандай жоону аттың деп,
Таң калышып калышты.
Бала да болсо эр экен.
Кай жеринде кем экен,
Кантип чыдап ал барды.
Кароолчусун өлтүрүп,
Кандай сонун аталды.
Жигит экен чоро деп,
Элинин баары кубанды.
Азаматтын жигити,
Ушундай болсун эми деп.
Батасын берип эл калды,
Баатыр чоро кабары.
Жалпы элге тарады,
Кайсы бала болду деп,
Канча адам карады.
Бир көрсөк деп келин-кыз,
Эчендери самады.
Чоронун кетти кабары,
Жалпы журтка жайылып.
Жалпы эли калды Акундун,
Эрдигине кубанып.
Бала болсо багы бар,
Бу бактысына ишенген.
Бала экенсиң азамат.
Баатыр жигит аталат,
Деп айтышып Акундун.
Элинин ичи кубанат,
Семең айтып болгон соң.
Садагасы болсун деп,
Сарала серке калдырып.
Садагасын чаптырып,
Алты шаңшур он дилде.
Кайырчыга бердирип,
Ак боз бээни союшуп.
Арбагына Манастын,
Алдындагы баланы,
Адамдар көрүп таң болуп.
Келишимдүү келин-кыз,
Келбеттүү жигит экен деп.
Кеткиси келбейт жанынан,
Чоронун калбайт соңунан.
Барып үйгө киргенде,
Семетей, Чүрөк отурат.
Ажыбайдан Семетей,
Кеп сурады жакындап,
Кана ажым сүйлөчү.
Атакем эмне деп айтты,
Элинен канча шер келди.
Менменсиген эр келди,
Калкыңан канча шер келди.
Калк бийлеп эл билчү,
Кадырмандан ким келди?
Деп Семетей сурады,
Ошондо Ажың кеп айтат.
Элибиздин ханына,
Эртең менен барганбыз.
Аскер сурайт улуң деп,
Кабарын айта салганбыз.
Хан атаңыз хан Акун,

Аскер керек дегенди абдан
укту эми.
Увазирин чакырып,
Элин жытып алды эми.
Кана элим не дейсиң,
Менин тилим алсаңар.
Манастын уулу Семетей,
Баатыр менен биригип.
Жоо талашып бергиле,
Жоболоңду Толтойдун.
Өтбөдү беле азабы,
Келтирсе кудай дегеним.
Чыңкожонун кезегин,
Кезеги келсе душманга.
Кененбей элим турабы?
Кекенелик душманга,
Өчүбүздү алалы.
Кырк увазир эрчитип,
Өзүм барсам белем деп.
Өрөнү менен Үргөчтүн,
Өзүм чалсам беле деп.
Аскерлерди эрчитип,
Манастын уулу Семетей.
Жардам болсом беле деп,
Кан атаңыз мол берип.
Аскери менен жанаша,
Тамак ашын бүт берип.
Алдыма аскер тийген соң,
А жерде карап турамбы.
Мен да жөнөп калгамын,
Жөнөп андан отуруп.
Ээлигин санасам,
Кырк сегиз миң адам бар.
Аскерлердин ичинде,
Асмандап учкан канаттуу,
Ата турган мерген бар.
Адаштырып душмандын,
Көзүн байлап дубалап.
Көрсөтпөй кармап алуучу,
Аламкөйүм дагы бар.
Арасында элимдин,
Жоонун айласын билүүчү.
Акылмандар дагы бар.
Элимдин ичинде,
Эң мыктынын баары бар,
Кара ташты дубалап,
Күн жайлоочу жайчы бар.
Күндүз түнү тынчыбай,
Эл кыдырган бакшы бар.
Элди бийлеп топ бузчу,
Эскертип журт алган.
Элимдин келди карысы,
Эртең менне атакең,
Увазирин ээрчитип.
Келмек болду абакем,
Акылы артык Үргөнчкө.
Даанышман тууган атакең,
Кан Акун өзү келем дейт.
Келип конуп кетем дейт,
Жер чегине келемин,
Жерди көрүп кетемин.
Деп атаңыз калды деп,
Ажыбай айтты кабарды.
Семең угуп отуруп,
Кабарга эми канды эми.
Муну мындай таштайлы,
Жээдигерди Толтойдон,
Ушундан кабар баштайлы,
Толтой ооруп жатканы,
Бир ай болуп калганы.
Бир айдан бери Жээдигер,
Былк этпей мында жатканы.
Бир айдан кийин Толтоюң,
Ичи бузук жолтоюң.
Атына минди сакайып,
Кудай алсын Жээдигер.

Катын болот белемсиң,
Бир ай болду жатканым.
Бириң чалгын барбадың,
Бир мен өлсөм Жээдигер.
Аялдан жаман белең деп,
Акимдерин кекетип,
Алды мында чакырып.
Шыгайдын уулу кожону,
Төлөктүн уулу Төлөбай.
Калчанын уулу Кадырбай,
Жуманын уулу эр Сыргак.
Кудай алсын силерди,
Кузгун ойсун көзүңдү.
Жаман эрдин мүнөзү,
Жата берет экен деп.
Азыр барың аттангын,
Чатырдын баары бүгүлсүн.
Жалпы журт көчүп кашаттан,
Талаага барып тигилсин.
Ак-адырма жээгине,
Айыл конуп отурсун.
Манастын уулу Семетей,
Баатыр менен урушам,
Бет алышып тик туруп.
Бет маңдайлаш урушам,
Туу түбүнө турушам.
Намыс үчүн, ар үчүн,
Көчпөй жатып урушам.
Кан Манастын уулуна,
Алым жетсе алышам.
Алты ай жатып салышам,
А да кандын баласы,
Мен да кандын баласы.
Эминемди кем тууган,
Манастын уулу тоборду.
Башын кесип байланып,
Анан элге кайтамын.
Эр башында экиден,
Жараган күлүк ат болсун.
Жана силер угуп тур,
Кароолго адам койгула.
Ара күндүк көк-Дөбө,
Ошого чейин баргыла.
Манастын уулу Семетей,
Эмне кылып атты экен.
Элин байкап кайткыла,
Эртең эрте көчкүлө.
Тышка чыгып конолу,
Акыры башта бир өлүм.
Эркекпиз деп жүргөнчө,
Элди кайра көргөнчө.
А жерде тирүү жүргөнчө,
Элди кайта көргөнчө.
Айланып элди көргөнчө,
Алганың сенин кана деп,
Күбүр болуп жүргөнчө.
Ушерде жатып өлөйүн,
Туу түбүндө турамын.
Жалгыз өзүм клаганча,
Жатып уруш саламын.
Жээдигердин Толтою,
Жерге кирсин жан болбой,
Качып кайра кетти деп.
Катын алам деген эр,
Катындыктын белгисин.
Кайран Толтой кийди деп,
Калкы шылдың кылбайбы.
Калкы түгүл Акундун,
Жалпы шылдың кылбайбы.
Жан жок экен анда деп,
Элдин сөзүн укканча.
Эртең эрте аттанам,
Эрлердин алып бир тобун.
Өзүм барып жол чалам,
Өзөндүн баарын аңтарам.
Кароолго киши коёмун,

Кайра жолду мен карап.
Ары жагы Үргөнчкө,
А жерге чейин барамын.
Аланказар Манастын уулуна,
Айылына чейин барбасам.
Атасы Манас шер болсо,
Атамдын дагы кеги бар,
Аны да мындан алайын.
Ат көнөч кеткен кегимди,
Семетейден алайын.
Атакем Багыш баатырды,
Арыстан Манас асылды.
Аламын деп кайындап,
Жеткайдан бардым мал айдап.
Жеткилең жорго ат айдап,
Жезде келген экен деп.
Тозуп мени алышты,
Тогуз күнү мен жатып.
Толгонуп кайра кайтканда,
Манастын уулу Семетей.
Тентип жүргөн ал шаарда.
Темиркандын шаарына,
Тентип барган ал эле,
Кара кандын шаарына,
Качып барган ал эле.
Кайдан киши ал болуп,
Бирок арбактуу кудай жар болуп.
Арыстан Манас арбагы,
Колдоптур кулду бар болуп.
Балада болсо Семетей,
А да бактысы бар бала экен.
Басташып бир аз көрөйүн,
Бүгүндөн баштап аттанам.
Манастын уулу Семеңе,
Бастырып барып кол салам.
Эми барың барыңар,
Эртең эрте туруңар.
Элдин баарын эрчитип,
Талаага барып конуңар.
Деп эр Толтой басылды,
Шыгайдын уулу Чыңкожо.
Баатыр кожо кеп сүйлөйт,
Досум Толтой угуп тур.
Мен айтаын билгенди,
Кароолдо карап жүргөндү.
Кан Манастын баласы,
Амалын анын карачы.
Ак-Кыяда кароолчу,
Атынан түшпөй отурат.
Эки кулу жанында,
Уруш салар кашына.
Камы бүтпөй атканбы?
Же болбосо Семетей,
Акыл ойлоп жатканго.
Абакеси Бакай жок,
Же ошону күтүп атканго.
Айылдын ичин кандайын,
Акырын сынап атканго.
Толтой менен Чыңкожо,
Эмине акылы бар экен.
Билейин деп жатканго,
Билими артык кысталак.
Билсин эми мени деп,
Күч сынашып жатпайбы?
Аскерди мындан көчүрсөк,
Аламан болуп жүрбөсүн.
Адырга койсок кароолчу,
Адис мерген Күлчоро.
Атып бизди кетпесин,
Аскерди курап алалы.
Мылтыктуусун бетине,
Найзакерин четине.
Акылдуусун алдында,
Амалдуусу жанында.
Чоюн баш алган баатыры,
Чогулушуп ичинде.

Каскакты мыкты баатырлар,
Кашатка чейин коёлу,
Адис мерген жаа тартчуу.
Аны да кошуп алалы,
Анын жоого баралы.
Аскердин баарын бөлөлу,
Менин койгон кеңешим.
Эртеңден баштап чабуулга,
Даярдана көрөлү.
Даана душман билинди,
Атыша эми көрөлү.
Деп Чыңкожо айтканда,
Макул болду баарысы.
Аксакалдуу карысы,
Аким, кандын баары.
Эп болду кожо сөзүнө,
Эмитен баштап душманга,
Эрегишип кермекке.
Эртең менен Жээдигер,
Жер жарыла көчүшүп.
Айткан жерге конушту,
Аламан баатыр эр Толтой.
Аскери менне келгени,
Атышамын эми деп.
Абдан ишин бекиди,
Кароолго Толтой баргany.
Алты жигит ал коюп,
Айылын карай салганы,
Элин алып чогултуп.
Мунарада эр Толтой,
Эртеден бери сайрады.
Эми элим угуп тур,
Эртеден бери тынчыңды.
Эрмек болдуң калайык,
Менин айтар кеңешим.
Ак сакалдар не дейсиң,
Биринчи менин милдетим,
Жалпы журтум не дейсиң.
Туу түбүнө турайын,
Манастын уулу Семетей.
Баатыр менен атышам,
Жээдигердин Толтою.
Жетип мында келди деп,
Кыз аламын деп жүрүп.
Кабастан кулга кезигип,
Найза жеп алып кетти деп.
Катын алам деп келип,
Капаска башы түштү деп.
Кантерин билбей бул Толтой,
Каңгырып элге кетти деп.
Калкына шылдыңболбойбу,
Кана журтум не дейсиң.
Атадан алтоо бар болсо,
Бешиң мында калыңар.
Атадан жетиң бар болсо,
Алтооң мына калыңар.
Атадан сегиз бар болсо,
Жетиң мына калыңар.
Бирөөң элге кайтыңар,
Энеден үчөөн бар болсо.
Экөөң мында калгыла.
Душманга калган эрлерге,
Катын менен баласын.
Көзүңдүн кырын салгыла,
Кор кылбай жакшы баккыла,
Энеден төртөөң бар болсо.
Жалгыз элге баргыла,
Манастын уулу Семетей.
Баатыр душман болду де,
Душманын жеңсе эр Толтой.
Элине анан барат де.
Эрдемсиген жоо менен,
Эң мурун кыргын салат де.
Ээн талаа чөл менен.
Ээн жерде жатат де,
Эрегишип душманга.

Эми кыргын салат де.
Энеден жалгыз туулса,
Эр жаңгыз болуп аталса.
Мунуң да элге баргыла,
Артта калган кемпир-чал.
Эптеп көзүң салгыла,
Эр бүлө барсаң айылга.
Ыйлатпай жакшы баккыла,
Согушта өлгөн атанын,
Артында калган балдарын.
Айтайын элим дегеним,
Мына ушул кеңешим.
Көпчүлүк журтум не дейсиң,
Эми сенин айыңдан.
Алдыдагы бир балаң,
Курман болуп кетейин.
Кетпегенде нетейин,
Азыркы койгон кеңешим.
Ата журтум не дейсиң,
Намыс үчүн, ар үчүн.
Ажыдар менен арбашам,
Арыстан Манас уулуна.
Аралашып жол чалам,
Бетине келсе душманым,
Беттеп найза мен салам.
Капталдын жолун тозомун,
Калмактын өттү азабы.
Капшытынан соёмун,
Кан майдандын ичинде.
Кандайд да болсо Манастын,
Чоролорун соёрмун.
Аскерди азыр бөлөмүн,
Элге кетчү канча деп.
Эсебин алып коёмун,
Андан кийин киремин.
Алакөөдөн Семетей,
Атына чейин тийемин.
Чыңкожо учат асманга,
Жер жайнаган кол менен.
Жер үстү менен жүрөмүн,
Жеткилең баатыр Семетей.
Эр экенин билемин,
Айбаттуу болсо Семетей.
Атасы Манас баатырдай,
Дөө экенин билемин,
Ал окшогон жетимдин.
Азабын колго беремин,
Акимсиңген баатырдын.
Алдына өзүм келемин,
Алышчу баатыр кана деп.
Найзамды сунуп көрөмүн,
Качпай туура атышам.
Кан Манастын уулунун,
Канын суудай агызам.
Эдин баарын бөлгөнчө,
Төлөк менен Кадырбай.
Эл эсебин алгыла,
Эсени мында калуучу.
Эн мурун тактап алгыла,
Андан кийин өзүң бил,
Айылга аман барчуну.
Ата-эне, тууганга,
Аманат калды балдар деп.
Армансыз кайта келдик деп,
Айылга айта барчуну.
Элиме кайтып кетчүнү,
Эң мурун аскер бөлгүлө.
Кийин калган адамдын,
Батасын алып калалы.
Элге барчу адамды,
Эң мурун сылап конок кыл.
Кийимин бүтүн бергиле,
Аттарын тыңдап көргүлө.
Айылдын ичи күлбөсүн,
Кыз алабыз деп барып,
Кыйрысын урган немедей.

Кылчактап мобу байкушу,
Кырчаңгы минип келди деп,
Көргөндөр шылдың кылбасын.
Көтөрүм болгон жоксуңбу,
Көкжал төрөң Толтоюң.
Көп айдан бери жатышып,
Көркөмдүү сулуу алам деп.
Көргөндөр болот айраң деп,
Көрсөтпөй сулуу алуучу,
Көк жалың төрөң кайда деп.
Көргөндөр сурайт эмеспи,
Суроосуна мындай де.
Бардык Толтой эр менен,
Пардашалуу шер менен.
Алты айдан бери камадык,
Айчүрөктү бергин деп.
Жээдигер карап турсунбу,
Акундун малын таладык.
Жети ай салдык зордукту,
Жээдигер салды кордукту.
Келишимдүү ат миндик,
Келиштирип тон кийдик.
Ажаратып буудан ат миндик,
Жараштырып тон кийдик.
Жаасы катуу Толтойдун,
Жардымына биз жүрдүк.
Келдик эми кайта деп,
Элиме айта баргыла.
Ага-тууган жалпыга,
Менден салам айткыла.
Аз күндө келет баатыр деп,
Айылга кабар айткыла.
Элим жатсын кайгысыз,
Эсенин тилеп биздердин.
Калкым жатсын кайгысыз,
Аманын тилеп биздердин.
Менин айткан элиме,
Ушул болсун саламым.
Айта элге баргыла,
Аманын тилеп жаткыла,
Азиз башым өлбөсө,
Барабыз биз да айылга.
Самат койсо табийгат,
Сактаса өлүм ажалдан.
Самаганга биз жетип,
Барар күнүм болобу.
Деп эр Толтой ойлонуп,
Карчыга куштай толгонуп.
Чыңкожо элдин эсебин,
Тегиз алып койчу деп.
Айылга барчу элдерди,
Мени менен жүргүн деп.
Алдынан душман чыгабы,
Арамдык бирөө кылабы.
Алдыман тозуп ал алып,
Айылыма жеткизбей.
Элимди мында кырабы?
Деп эр Толтой ойлонуп,
Суркоёнду токунуп.
Сур чепкен кийип отуруп,
Соорусуна сур аттын.
Сегиз чепкен бөктөрүп,
Тобулбасын көтөрүп.
Толтой атка минди ошо,
Отуз миң адам жер жайнап,
Эми жөнөп калды ошо.
Жездең барат жол баштап,
Жер жайнаган жээдигер.
Жөнөп барат эл жайнап,
Кутулганы сүйүнүп.
Кудай бизге берди деп,
Кудурет өзү колдоду.
Баатыр Толтой төрөбүз,
Падышалык кылды деп.
Элинин бир топ ыраазы,
Жарымы калды наразы.

Кайран Толтой келатат,
Карагайлуу жылгада.
Кайсы жол менен барсам деп.
Тиги капталга чейин барайын,
Элимди мындан ашырып.
Ээн жолго салайын,
Эки иттин бири көрбөсүн.
Деп эр Толтой токтолуп,
Кыядагы элдерин.
Кабакка кирди жоголуп,
Кабас менен кодулап.
Кайран жездең келатат,
Кай жеримде душманым.
Турат экен согаалап.
Аман-эсен ашырсам,
Андан кийин аскерди.
Эки бөлүп мен алсам,
Эки кул менен сайышып.
Ээн талаа чөл менен,
Кетип барат Толтоюң.
Кетмендей болгон топурак,
Арт жагында бөлүнүп.
Айбаттуу Толтой келатат,
Артында элин ээрчитип.
Ала белден кайкыга,
Арыстан Толтой токтоду.
Асты жагын бир карап,
Адам таба ал албай.
Өзу жалгыз бастырып,
Өзөндү чалды шашпастан.
Эли жетип болгон соң,
Эми жөнөйт жаңыдан.
Эмгегине ишенген,
Бу да баатыр экен табылган.
Өз элине кан экен,
Жамандап айткан болобу,
Тигинде пенде оңобу.
Эпчил тууган кул экен,
Эченди көргөн шум экен.
Элин баккан журт билчү,
Эпчил жайы бар экен.
Өз элине дегенде,
Өкүмдүгү бар экен.
Элин бүтүн чогултту,
Эң мурун өзү бастырып.
Кайкакка чыкты шашатырып,
Чубаттуу менен бастыра.
Чокуга чыкты шаштыра,
Аркы жагын караса.
Абдан кызык тамаша,
Ара күндүк жер ошо,
Манастын уулу Семетей.
Жаткан шаарын караса,
Кыяда турат айылы.
Кыз алуучу жездеңдин,
Көңүлү жаман айныды,
Элинин баарын узатып.
Эмне кылсам деп ойлоп,
Кайран Толтой токтолуп.
Кабалындай октонуп.
Семетейдин айылын,
Көрүп турат чок болуп.
Көңүл кетти бөлүнө,
Көрүп турат көзүнө.
Көрсө турат айылы,
Эр Семеңдин кайыны.
Эртеден бери эр Толтой,
Эрмек болуп карады.
Көргөндө көзү кайнады,
Көрсөтсөм сага сонунду.
Деп эр Толтой кайтканы,
Кечеги койгон кароолчу.
Алардан кабар алайын,
Деп ойлонуп Толтойюң,
Капталдай жездең желгени.
Кантээрин билбей маң болуп,

Кайран Толтой келатат.
Карагайлуу көлмөдө,
Кароолчудан кабар жок.
Катуулай кирип барганда,
Уктап жаткан экен деп.
Уялтайын муну деп,
Уктамыш болуп жөн эле,
Жатат го деп ойлонуп.
Жездең келди толгонуп,
Жерден чапчып алчудай,
Жердин түзүн чыгарып.
Жетип мында келгени,
Карагайга сүйөнүп,
Уктагансып бирөө бар.
Түртүп Толтой өткөндө,
Тоголонду мобулар.
Капырай кандай сонун иш,
Кудай ай тобоо бул эмине.
Кат ажалы жетиптир.
Өлүп булар кетиптир,
Өчөшкөн жоодон жеткенби.
Же кудайдан ажал жеткенби,
Же шайтан даарып кеткенби.
Деп эр Толтой турду эми,
Ары жагын караса.
Үйдөй болгон бир тешик,
Ачылып калган жанаша,
Бул эминеси болду деп.
Толтой түшүп караса,
Тоодой болгон тобурак.
Жерди оюп кетиптир,
Келтенин огу белем деп.
Келүүчү келип калганго,
Келип мында түшкөндө.
Амалдуу кулдун бирөөсү,
Асты менен жетиптир.
Абайлабай буларга,
Атып муну кетиптир.
Атаканат дүнүйө,
Ошондо өзүм болсомчу.
Кароолго келип койгондо.
Карап кулдар отурса,
Байкабадым аны да.
Кандай шайтан келди экен,
Кабастан минтип атыптыр.
Кайсы кулу болду экен,
Каргадай болгон кысталак.
Күлчоро калмак келгенго,
Келип атып кеткенго.
Көрсөм шондо балаңды,
Кыйбат белем кызыкты.
Көрсөтпөйт белем балага,
Көрсөтүүчү оюнду.
Аттиң дүйнө кантейин,
Кем кылдыңго багымды.
Аттары кайда болду экен,
Абдан карайынчы деп.
Арыстан жездең обдулат.
Карагайдын арасын,
Калтырбай издеп арытат.
Кайда байлап койду деп,
Кайран жездең отурат.
Капталдан кайкы бел кетет,
Белдин жонун караса.
Бир топ аттын изи бар,
Ат коштогон түру бар,
Келген экен кысталак.
Кытай кулдун өзү деп,
Келип ала кетиптир,
Кермедеги малын деп.
Күйбөгөнү күл болуп,
Ичи каран түн болуп.
Жонго чыгып барды эми,
Жолун таап алды эми.
Аттардын түшүп изине,
Жездең келе жатты эми.

Кайкаңдан ашып жол кетти,
Ак-кыянын белине.
Тушма-туштап бул келди,
Бадалдуунун белинен,
Баатыр Толтой из көрдү,
Изин байкап караса.
Кемегедей казылат,
Келишимдүү буудандын.
Изи жатат жаркырап,
Жаңы эле баскан изи бар.
Тайбуурулдун туягы.
Таамайлап тийген жери бар,
Жездең турду токтолуп.
Бир аз турду ойлонуп,
Бир аз дагы мен жүрсөм.
Кароолчу кармап алабы,
Же канына кабар салабы.
Алты карыш туягы,
Буурул ат келген турбайбы.
Буурулду минип Семетей,
Буулугуп калган белем деп.
Арбуудан минип Семетей,
Арада душман жоо таппай.
Адышып жүрөм белем деп,
Арада турат кароолчу.
Көрүп мени албасын,
Кетейинчи мындан деп,
Сур коёндун оозун.
Бура Толтой салганы,
Бугутунун капталын.
Бир чалайын эми деп,
Ошону көздөй бастырып.
Жездең кетип калганы.
Бута моюн боз тумшук,
Жездең келет чурата.
Арт жагында даңканы,
Асманга чыга буркурап.
Асты жакын карабай,
Өлөмүн деп самабай.
Коргошундай салмакту,
Кортоңдогон Толтоюң.
Келе жатат ар жакта,
Толтой келет толукшуп.
Тоо көчкөн эмедей,
Жылып келет болукшуп.
Кайкаңдын жолун чалдым деп,
Кайда болсо бардым деп,
Суутуп атты коёюун.
Бута бою ак жарга,
Кели Толтой токтоду.
Келсе душман келгендир,
Абайлап жездең келатат.
Азыраак эси чыгыптыр,
Астындагы коёндун.
Оозун жыйбай жездекең,
Келген иши бул экен.
Бугутунун белинде,
Кече кечке Күлчоро.
Келип кеткен эмесби,
Жаңыдан кеткен бастырып.
Айылдан кабар угулуп,
Кан Акун келе жатат деп.
Тосуп аны алабыз,
Кароолду коё турсун деп.
Кан абасы айткандан,
Эт бышымдан мурдараак.
Чоро кеткен айылга,
Эми келди жездекең.
Кароол карап отурган,
Калмак кулдун ташына.
Аттын оозун жыйнады,
Аттын үнү барбы деп.
Атынан түшүп жездекең,
Жата калып тыңшады.
Таңшады табыш билинбейт,
Кай кеткени көрүнбөйт.

Келсе мейли эми деп,
Атына минип бастыра.
Ташка келди шашыла,
Таамай келди кашына.
Талыкбаган сур коён,
Таштап минсе жаныбар.
Топ бузучу табы бар,
Толтой тарткан буксурна.
Бура тартып жездекең,
Бир аз карап отуруп,
Атынан түшүп эр Толтой.
Эс алып баатыр отуруп,
Келип кеткен белем деп,
Тулпардын көрүп туягын.
Чочуп жездең кеткени,
Толтой турду ордунан.
Так түйүлүп секирип,
Аңдып карап турбасын.
Амалдуу кулдар мени эми,
Алдап кармап албасын.
Суртелкинин изи экен,
Из деген кулдун өзү экен.
Мында туруп болбойт деп,
Бу жүрүшүм оңбойт деп.
Атына оңбоп мингени,
Айылына карай бет алып.
Толтой жөнөп кеткени,
Толтой барды элине.
Элинин ичин бийлеген,
Чыңкожо, Төлөк шерине.
Барса баары жабыла,
Тура келди кашына.
Чыңкожо баатыр кеп айтып,
Жол болсун баатыр сүйлөчү.
Кандай сонун иш көрдүң,
Калкыңды белден ашырып.
Кай жерге чейин бардыңыз,
Кабарды кандай алдыңыз.
Кечеки кеткен кароолчу,
Бар бекен баатыр баарысы.
Кайдан кайра тарттыңыз,
Кан Акундун калпадан.
Кандай кабар алдыңыз,
Жер арытып бардыңыз
Жер сонунун чалдыңыз,
Жергеси калың агадан.
Эмине кабар алдыңыз,
Элиңди аман ашырып.
Эсен кайра тарттыңбы?
Эл эсебин алдыңбы?
Душманың канча бар экен,
Душманыңа бардыңбы?
Карагайлуу көлмөгө,
Жетип кайра сен келдиң.
Жээдигердин бир тобун,
Жерине баатыр жибердиң.
Жекеге чыгып сайышчу,
Жетим кулдар кайда экен.
Жер сууну такыр койбойт деп,
Жер жаңыртып аткандыр.
Жерине чейин сен бардың,
Кайгыл чалып бир чети.
Кабарчыга сен бардың,
Кана эми сүйлө деп.
Чыңкожо эми басылды,
Ошондо атынан түштү Толтою.
Алты жигит ат алды.
Кайкаңдан ары мен бардым,
Кара сууну мен чалдым.
Кабарчысы барбы деп,
Канча жерге мен бардым.
Туура сууну мен чалдым,
Туурада адам барбы деп.
Турдум бир аз мен карап,
Белестен ары бардым мен.
Белден ары эңкейип,

Манастын улуу тобордун.
Айылыныны четине,
Бастырып жүрүп отуруп.
Барып келдим элине,
Элимдин мындан баштадым,
Намыс үчүн Чыңкожо.
Мен атымдын оозун бурбадым,
Аярдап карап турбадым.
Алдымдан бирөө чакырса,
Айланаайын дебедим,
Эмине болсо көрдүк деп.
Ажалым жетсе өлдүм деп,
Турнабай салып отуруп.
Туура сууга мен бардым,
Элимди мурун түшүрүп,
Эң мурун барып жол чалдым.
Алдымдан киши барбыды,
Артымдагы элиме.
Аман өтүп кетсе деп,
А жерде жүрдүм далайга.
Ашуудан ашып кеткенче,
Аядым элди жооман,
Алар кетти кутулуп.
Кайра тарттым ошерден,
Каптал менен желгеммин,
Кайда жатат душманым.
Кабардаша киргенмин,
Карагайлуу сыр көлмө.
Карап бир бардым душманды,
Кайда келип кеткенин.
Байкабадым жаңкыны,
Кароолчунун баары жок.
Өзү түгүл аты жок,
Эмине укмуш болду деп,
Эки жагын карасам.
Сыр баарңдын огу бар,
Абайлап байкап карасам.
Бая кытай келиптир,
Байкостон мурун метиптир.
Баш көтөрбөй алтонун,
Атып башын кетиптир.
Кыя менен бастырсам,
Ак телкинин изи бар.
Аттарды коштоп ал кеткен,
Дакалап тийген изи бар.
Таалайы каткан калмактын,
Так ушундай иши бар.
Кароолчу мен көрүп,
Каарланып аттандым.
Калмак кул мага кезиксе,
Канын суудай чачмакка.
Кайра  тарттпай ошого,
Качырып найза салмакка.
Капталдан издеп чыкмакмын,
Кандай бир болуп кезиксем
Кантип чыдап калайын,
Кабарды айтып жатамго.
Каңтарылган кара таш,
Кайра бардым аралап.
Эт бышым мурун кетитир,
Калмак кулдун изи бар.
Мурун кетип калыптыр,
Жана байкап отурсам.
Кокту менен келатсам,
Арбуудандын изи бар.
Арыстан Манас баласы,
Адашып кайда кетти экен.
Жаңдан баскан изи бар,
Тайбуурулдай бууданды.
Же таптап жаткан кези бар,
Же болбосо Семетей.
Күтүп аткан иши бар,
Сүйлөчү кожом угайын.
Эл эсебин алдыңыз,
Канча болду калайык.
Айтчы досум угайын,

Эртең элди эс алдыр.
Бирсүгүнү согушту,
Баштайлы досум урушту,
Деп эр Толтой басылды.
Эсени мынча экен деп,
Кеп сүйлөдү Чыңкожо.
Отуз миң адам сен алып,
Алиги калмак кулду.
Бет алып сен киргин досум,
Жана элүү миң менен.
Төлөк менен Төлөбай,
Жардам болсун сага дейм.
Жана алтымыш миң кол менен,
Калчанын уулу Кадырбай.
Жуманын уулу эр Сыргак,
Калча баатыр өзү мен.
Канчоро адис кул эле,
Камбылараак шум эле.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Өзүнчө чыкса урушка.
Төлөк менен Төлөбай,
Экөөнү карап бет алсын.
Беттешем деген душманга,
Бет алып ашып бу барсын.
Асман менен учайын,
Бирок амалдуу Чүрөк көрөргө.
Күз булутун байлайын,
Жай булутун айдайын.
Жандай салып мен учуп,
Жайлоонун тоосун басайын.
Жетим өскөн Семетей,
Желмогузду мен алып.
Асмандан жатып атышып,
Айласын өзүм табайын.
Амалын анын кетирип,
Атып алып Семетей.
Айланып анан түшөйүн,
Алп баатыр болсо да,
Алдаймын андай дөөлөрдү.
Ал жагын мага сен бергин,
Аламан уруш ичинде.
Досуңду сынап сен көргүн,
Тобосун бир жол келтирем.
Тобордну жалгыз ма бергин,
Деп Чыңкожо басылды.
Муну мындай таштайлы,
Манастын уулу Семейден.
Эми кабар баштайлы,
Элимдин ичи мындайбы.
Эмине болсо барайын,
Элимдин ичи тыштарын,
Эр Манастын уулуна.
Эрлерим кандай баатыр деп.
Ээн алып чакырып,
Эн мурун өзүм сурайын.
Эмне деп жооп ал айтат,
Өзүм сурап угайын.
Деп кан Акун ойлонуп,
Кан эмеспи Үргөнчкө,
Келмек болду толгонуп.
Тобу менен увазир,
Топтоп алды толгонуп.
Тогуз миң адам болушту,
Кан күйөөгө барат деп.
Кабар айтып коюшту,
Манастын уулу эр Семең.
Акылдуу тууган кул белем,
Ар нерсени ойлоду.
Кан Акун келет деген соң,
Алды баатыр жанына,
Эки кулун чакырып.
Эми Семең баштады,
Эки бирдей бөбөгүм.
Бөбөгүм силер мен үчүн,
Күн-түнү тыным ала албай.
Күчөп бир жолдо жүрөсүң,

Кароолдон карап талбайсын,
Кайда барсак чогубуз.
Калып менден бир жакка,
Кете элексиң экөөң тең.
Менин айтаар кеңешим,
Эки кулум не дейсиң.
Азырт келет кан Акун,
Арыстандар не дейсиң.
А дегенде салам деп,
Атаке журтуң аманбы?
Амандашып алалы,
Келип мында калыпсыз.
Келишиңиз эң жакшы,
Келбетти жигит атышат.
Келип тийген жоо менен,
Келсе душман мында деп.
Келип күтүп жатабыз,
Деп айткыла экөөңөр.
Мен аттанып кетейин,
Жалгыз өзүм жол чалып.
Жоо чегинсе барайын,
Жоболоңдуу душманды.
Жолун тосуп жатайын,
Жолуман душман көрүнсө.
Жолтоо кылбай атайын,
Келип түшүп жатайын.
Келип калса кароолчу,
Келтире мылтык атайын.
Кысыталак Толтойдун,
Кызыгына барайын.
Кызып кирип мен ошо,
Кырааңа чейин барамын.
Кызыл буурул ат менен,
Кыраандан жолду тозомун.
Келгенле менин сөзүмдү,
Келиштире айткыла.
Келбесе экөөң бастырып,
Келип кабар айткыла.
Келтиргин бери буурулду,
Деп Семетей кашынып.
Бала төрө, арыстан,
Бастырмак болду жол чала.
Басташкан душман бар болсо,
Баатырдан көрөр тамаша.
Кийимин тонун кийди ошо,
Акк елтени асынып.
Азиз жандан чочунуп,
Ар бууданды Гүлчоро.
Ак каңкыны токутуп,
Арыстан атка мингени.
Абайлап артын карабай,
Айкөлдүн уулу эр Семең.
Арыстандай айбаттуу,
Ак жолборстой кайраттуу.
Ак кыя менен жарыша,
Арыстандын кулуну.
Адырма кыя бел менен,
Кетип барат жанаша.
Баатыр келет чуратып,
Баштагыдан катуулап.
Уламдан улам жакындап,
Кыз мазардын белине.
Кылыгы артык эр Семең,
Келип токтоп отурат.
Келсе душман келди деп,
Келип кетип калдыбы,
Келбесе мында жээдигер.
Кайда кетип калды деп,
Арыстан Манас баласы.
Азоолок турду ойлонуп,
Акыл ойлоп толгонуп.
Бала жолборс кайран эр,
Бир далай турду токтолуп.
Буудандан түшүп келди эми,
Айнеги алтые ак дүрбү.
Айкөлдүн уулу Семетей,

Алып карап отуруп.
Чыгырыгын ашырып,
Он сегиз сайлуу, он таштуу.
Ойронуңдун турнабай,
Оңдоп карап отурат.
Бир убакта караса,
Будурдан бугу көрүнөт.
Капчыгайды аралап,
Бир топ адам кетиптир.
Кетмек түгүл ал адам,
Ашууну ашып кетиптир.
Кудай муну урган го,
Кожо менен Толтоюң.
Кетип мында калганбы?
Деп арыстан ойлоно,
Кара тоонун бетине.
Калтырбай салып турнабай,
Канкор карап келди эми.
Туура жагын караса,
Тумшуктун ары жагында.
Туура белдин оюнда,
Туура токсон миндей бар.
Тууну тигип салыптыр,
Турмушуң кандай ким билет.
Туура кылыч байланып,
Туурадан тозуп калыптыр.
Туура сууда эл барбыз,
Туура карап калды эми.
Туйгандай болгон эр Семең,
Эрдиги ашкан эр немең.
Эрдемсиген душмандын,
Эминесин аяйын.
Атыма минип алайын,
Атасы багыш болсо да.
Адашпай найза саяйын,
Деп арсылан ойлонуп.
Ак шумкар куштай толгонуп,
Атына миинп бастыра.
Азыр жоону табам деп,
Келе жатат кашына.
Кайгаңга келип караса,
Бир тулпардын изи бар.
Бир далай карап турду ошо,
Багыштын уулу Толтоюң.
Келип мында кетиптир,
Калган экен душманым.
Кеткенине тулпардын,
Кеткен жерде туягы.
Кемегедей оюлуп,
Кеткен тура Толтоюум.
Кана эми эмне кылайын,
Артынан бир топ карайын.
Адыр менен барайын,
Алдыман эми кезиксе.
Амалын бир аз таңытып,
Анан кайта калайын.
Адырма дөбө бел менен,
Арыстан бала жөнөдү.
Мына ошондо эр Семең,
Мындан ары бастырып.
Медийналуу бел менен,
Бетегелүү жер менен.
Адырмалуу бел менен,
Акылдаган Толтойдун.
Келип кеткен жер менен,
Келишимдүү буудандын.
Кетире чап жая менен,
Келбеттүү жездең Семетей.
Келе атканын карачы,
Кейип алып бир далай.
Келет жездең карачы,
Күлчором мында турганда.
Келсе Толтой душманы,
Келипсиз баатыр рас деп,
Келип найза сунбайбы?
Кеттиң менден неге деп,

Келди сенин кезиң деп.
Кетбеген жезде кутулуп,
Келсең кайра кетпе деп.
Келбейт беле Гүлчоро,
Бекер алган экенмин.
Кароолдогу баланы,
Деп арыстан кайгыра.
Келе жатат чуратып,
Кетмен туяк буурул ат.
Келе жатат чурата,
Келдим кандай жерге деп.
Кеп салып койбой арыстан,
Кете берди чурата.
Келип тийди көрүнөт,
Кең капчыгай жолуна.
Келди бекен Толтой деп,
Келишимдүү ак жарга.
Бууданды байлай салганы,
Бута атчу немедей,
Бугуп Семең калганы.
Бадалдан калтар алчудай,
Барчын болду Семетей.
Басынып мында жатабы,
Же бакырып душман сыртыман.
Басып кирип алабы?
Жээдигердин айылы,
Ат чабым жерде калды деп,
Адашкан душман барбы деп.
Алаңказар Толтоюм,
Адашып мында келдиби?
Же жараткан кудай бердиби.
Жаман Толтой келдиби,
Сур коёндун изи деп.
Сур аттын изин көрдү эми,
Көрүп карап турду эми.
Сур коён малдын асылы,
Ашкан кулу мал белем,
Аты сонун көрүнөт.
Толтой кандай жан экен.
Арамга кеткен Суркоён,
Ашкан буудан мал беле.
Арамзаада мал экен,
Туягы тийген жерлери.
Коломтодой бар экен,
Калкын билип отурган.
Касиети бар белем,
Кара жолтой мал белем.
Казатка минген коёндо,
Каралыгы бар экен.
Атаканат дүнүйө,
Кандай күлүк мал экен.
Ар буудандай бар экен,
Арыш ичи жаман Толтойдун.
Арбак кудай жар болсо,
Алат экен Толтойду.
Деп эр Семең айбаттуу,
Изин көрүп айбанды.
Изине туура келтирип,
Буурул менен коёндун.
Туягын билди ал байкап,
Тынардай болгон эр Семең.
Бир топко турду таңыркап,
Бир далай элин алыптыр.
Багыштын уулу Толтой кул,
Элин көздөй салыптыр.
Кийин керек болот деп,
Кийиши артык иш болсо.
Келгиле элден кийин деп,
Кетирген го Толтой деп,
Келип карап мен турам.
Эр эле болсоң келчи деп,
Келип мага Толтоюм,
Кезигишип көрчү деп.
Келтирет сенин кезегиң,
Келдим Толтой айылыңа.
Кожо экөөң биригип,

Келип найза сунчу деп.
Кербез Манас баласы,
Кечке чейин отурду.
Келесоо болсо Толтой кул,
Кечке атка минет деп.
Күүгүмдө алдап мен кармап,
Айылга алып барбасам.
Кыз алуучу сенби деп,
Тамашаны салбасам.
Таң атканча уктабай,
Талдагы күкүк болосуң.
Токсон күн,  үч ай сен камап,
Тотукуштай Чүрөккө.
Толтоюм эми келесиң,
Токтобой айткын сырыңды.
Токто жезде эми деп,
Бир бет алсам кудай ай.
Бир топтон беир арманда,
Болуп жүрөа алла ай.
Деп арыстан олтурду,
Айбан да болсо буурул ат.
Туйгуну өзү бу жерде,
Толгонуп карап турганын.
Байкап турат буурул ат,
Байкуш төрөм не болот.
Башында кыйын иши бар,
Байлап алып Толтойду.
Кетебизби эми деп,
Ооздук тиштеп, көз жайнап.
Ат ордундай кара жер,
Олуп таштап ыргытып.
Эр тилегин тең тилеп,
Буурул ат кандай мал экен.
Ырыска тууган ал экен,
Будурдагы кыяны.
Кырс эттирбей буурул ат,
Ак олпоктун этегин.
Акырын бир аз жалмалап,
Арыстан Манас баласы.
Аңдып мында отурат,
Аңгыча бешим болду эми.
Беш убагын жазбаган,
Бериштелүү кабылан.
Бейсиз даам татпаган,
Бешим окуп алды эми.
Намаз шамга чейин мен,
Кароол карап турам деп.
Канкор жатат бу жерде,
Арбууданды Семетей.
Ооздугун алганы,
Бош агытып кабылан.
Кароолго жөө барганы,
Кан Манастын баласы.
Кылыгы артык арыстан,
Кылган ишин карачы.
Ак келтени таянып,
Ак жолборстой жаланып.
Ак-Дөбөнүн суу талда,
Арыстан Манас баласы.
Адырда турат карачы,
Арман кылып Семетей.
Айткан сөзүн карачы,
Аргымак миндим бир далай.
Атабыз Манас баатырдын,
Арбагы кеткен бир далай.
Аталаштан жараткан,
Экини неге аяды ай.
Тообурчак миндим бир далай,
Топту бузуп жол салып.
Тоодой кара ат минген,
Бээжиндеги калкага.
Айланайын атакем,
Беш миллион кол алып.
Беттешип кытай ал кырып,
Бээжинди чаап алганың.
Бел куда болгон кан Акун,

Бешиктеги чагымда.
Берен Манас атакем,
Бешимди бир далай.
Беш устаган жаткан,
Берекелүү жан ата.
Бир кызматын көрбөдүң,
Бир жалгызым эле деп.
Бир кудайдан тиледиң,
Кудайдын мага салганы.
Көтөрөт пенде калганы,
Көк жал атам эр Манас.
Энеден экөө болбодук,
Эр жаңгыз болдум атадан.
Арбактуу Манас арыстан,
Жалгыз уулуң колдо деп.
Жашып турат Семетей,
Жалгыз болдум уядан.
Жараткан кудай бар алла,
Жардам болор бекен деп.
Намаз шамга чейин эр,
Кароолдон көзүн айрыбай.
Кабылан карап отурду,
Ай жаныбар буурул ай.
Коё берсе ал жүрөт,
Басып кетип калбастан.
Аркан бою узабайт,
Айланып басып Семеңден.
Жанында турат буурул ат,
Жалпы элге Семетей.
Жатат эми берилип,
Кан Акундун элдери.
Батасын берип Семеңе,
Балам миңди жаша деп.
Жаткан кези эмеспи,
Жаалы катуу арыстан.
Жатарга чейин күтөм деп,
Жатып алды арыстан.
Жата берсин кароолдо,
Жанагы келчү кан Акун.
Келе элек эми сөзүнө,
Келмек болуп кан Акун.
Калаадан чыкты ат менен,
Алтымыш адам жанында.
Кан келе жатат деп,
Кабар тийди бер жакка.
Калкынын баарын атына,
Мингиздирип алганы.
Бетине кызыл туу алып,
Алдына түшүп эки кул.
Бет алып канды тозмокко,
Беттеп жөнөп калышты.
Кан Акундун алдына,
Жалпы журту бүгүлүп.
Салам айтып жүгүнүп,
Эки кул келди жүгүрүп.
Сак саламат турсузбу,
Кан атабыз хан Акун.
Элиң эсен жатабы?
Элиңдеги кемпир-чал,
Теңиң эсен жатабы?
Өсө турган жаш тилек,
Балдар эсен жатабы?
Эсендешип келгин деп,
Эр уулуң өзү жумшады.
Эң мурун сизди көрбөйм дейт,
Эрегишкен душмандын.
Эр Семең башын кеспесем,
Эр Толтой менен кожону.
Эрегишкен ошону,
Эми жайлап болгондо.
Атама өзүм барам дейт,
Арбууданды жетелеп.
Арбагы тирүү Манастын,
Арбагын ата сыйладың.
Арбууданын ал минип,
Айылдан кеткен аттана.

Жол чалып келем кечке деп,
Кетти эле уулуң талаага.
Атасы мунун кан Акун,
Абийирлүү Семеңе.
Абдан болду ыраазы,
Айланайын Күлчором.
Абакең эмне деп атат,
Аскери аз болдубу?
Айылдан жалгыз ал кетсе,
Же адашкан эми болду.
Аттанып жалгыз жүргөндөй,
Абаңдын иши оңбу дейм.
Өзү жалгыз кеткен,
Уятыраак Ажыбай.
Сен да акылдуу элең бир далай.
Эсиңди кудай алдыбы.
Эр жалгыз бала ал экен,
Эң мурун өзү аттанса.
Капаланбай ал кантет,
Эки кулуң мында кал,
Менден салам айт десе.
Эсер бекен мени деп,
Эң мурун жалгыз ал кетсе.
Эрчий турган эл жок деп,
Эң шордуу бала болду деп.
Аттанып өзү баратса,
Атасы Манас баатырдай.
Ашкан Семем эр беле,
Аңдыган душман Чыңкожо.
Аяна турган эр беле,
Эки бөрү бир болсо.
Бир бөрүнү коёбу,
Жесе жемге тоёбу.
Күлчоро балам мындай кыл,
Аскердин баарын саа бердим.
Өлтүрүп койсоң куну жок,
Сатып ийсең булу жок.
Сенден башка күнү жок,
Айтчы балам Күлчоро,
Абакең эмне тапшырды.
Атама айткын муну деп,
Айткан сөзү болбосун.
Кылган ишин жалгыздын.
Кудайым эми оңдосун,
Ошондо бала Күлчоро.
Айланайын атаке,
Абакем кетти бастырып.
Айылда бирөо ээрчисе,
Барбагыла баарың деп,
Барганың менен болбойт деп.
Өзүм жалгыз барамын,
Өчөшкөн душман бар болсо.
Өзүм чаап аламын,
Атакеме айтаарым.
Деп абакем айткан,
Аскер жетет эми деп.
Бардык жагым шай болду.
Барганда мындай иш этсин,
Батасын берип мал союп.
Манастын сыйлап арбагын,
Дүйшөмбү күнү кол салам.
Атама айткын муну деп,
Балаңыздын аманат,
Айткан сөзү ушу деп.
Эки кул айтты билгенин,
Эми кан Акун падыша.
Элинин түрүн көрдү эми,
Ээрчитип Семең алганын.
Кубанып каның кетти эми.
Кулдар атка мингени,
Күүгүм кирип калды деп.
Кайгуулга кеткен абакем,
Кандай күндү көрдү деп.
Абасынын артынан,
Арыстандай эки кул.
Издеп жөнөп келатат,

Изин буурул табышты.
Илгерилеп калышты,
Имерилип эки кул.
Ишимди кудай оңдо деп,
Илгертен бери Манасты.
Изине тиктеп салбаган,
Издеп киши барбаган.
Илими ашкан эр экен,
Арбактуу Манас шер бекен.
Арслан атам чоң Манас,
Арыстан тууган эр экен,
Арбуудан менен абакем,
Кай жерде жүрөт болду экен.
Кагылайын жалгыз шер,
Кайгуулдан келип кезигип.
Кожо келди бекен дейм.
Кожосун кошо ээрчитип,
Толтойго келип жетпесин.
Тоодой болгон ал доңуз,
Бир четинен качырып,
Найза салып абама.
Бир топ адам ал болуп,
Бөйрөгүнөн кирбесин.
Бастырчы аба бачымдан,
Бала баатыр Күлчоро.
Балтыр эти толо элек,
Баатырлыгы болгон менен.
Балада болсо ойлонуп,
Барчынын шумкар издөөчү.
Бадалдан качкан түлкүнү,
Баатыр барчын илүүчү.
Бара келди эми деп,
Балдар келет бастыра.
Барсак экен ылдам деп,
Бадалдуу беттин жанына.
Бабасы баатыр эмесе,
Бадалдан издеп таба албай.
Балдар жүрөт эмеспи,
Баатыр абам кайда деп.
Бастырып чыкса ак жолтой,
Бадалдуу кырааң жер менен.
Башына чыкты карашып,
Барсыңбы аба мында деп.
Бадалдан өттү таба албай,
Жана жөнөп отуруп.
Адырдан тапты туягын.
Арбуудан менен Семетей,
Аттана турган убагы.
Келди балдар жанына,
Кечтен бери таба албай.
Кеттик такыр бейбайга.
Сур коёндун изи бар,
Суру бузук Толтойдун.
Келип кеткен изи бар,
Изине түшүп коёндун.
Издеген аттын изи бар,
Баятан бери таба албай,
Жатканбыз сизди абаке.
Сайышып жоо менен калдыбы?
Эмне күндү көрдү деп,
Эсибиз жаман чыкканы.
Эбегейсиз душманга,
Эзилишип калды деп.
Душманы көп кандай иш,
Кайсы жерде болду деп.
Катуу издеп калганбыз,
Кабарды сизден ала албай.
Кай кеткенин биле албай,
Каңгырап карап калганбыз.
Кандай экен душманың,
Кайда болдуң эртеден.
Келет десек келбедиң,
Келмек түгүл абаке.
Бир кабарды бербедиң,
Кебиңизди айтыңыз.
Келдик сизди биз издеп.

Тууганыңды көрдүңбү,
Тумшугу катуу Чыңкожо.
Жоо экенин билдиңби?
Кароолдоп карап отурдум,
Кагылайын Күлчоро.
Күлөшөнүм сен элең,
Күбүлдөшүп Канчоро.
Айланайын балдарым,
Абаңдын сөзүн карагын.
Жаманы болсо алып сал,
Жакшысын тандап угуп ал.
Менин айтаар акылым,
Жээдигерди байкадым.
Жетиги мунун эр Толтой,
Желпинип тууну камдады.
Жатып мында албайм деп,
Даярдана баштады,
Бүгүн мында калгыла,
Өзүм жалгыз мен барып.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Абдан элди мыктайын.
Кара мылтык карс этсе,
Кайра кача турган.
Канчасы элде бар экен,
Кабырын өзүм алайын.
Чолок мылтык чорт этсе,
Чокко түшкөн эми деп.
Чогулуп жата калчудан,
Чогумда канча бар экен.
Чоколдорду байкайын,
Байкап болуп алган соң.
Баштайлы анан урушту,
Кан майдан болчу жумушту.
Канча түрдү эр жаткан,
Кан майдан кырылып.
Кан менен бектер дагы өткөн,
Ааламды жалгыз ээлейм деп,
Азирети аалы шер өткөн.
Атагы ашкан ааламдан,
Он сегиз миң калайык.
Кабыр менен мусулман,
Как ушундай канча өткөн.
Кан атабыз эр Манас,
Кан майдандан ал өткөн.
Катуулап жатат жээдигер,
Кабарды карап мен турдум.
Жүгүн баары чечилди,
Эр башына экиден.
Атарын байкап отурдум,
Амалы канча барго деп.
Астыртан бугуп мен турдум,
Тегирмендей булкунтуп.
Кожо чыкты бир кезде,
Коржоңдоп Толтой төрөсү.
Атына минди а кезде,
Аттардын баарын суутту.
Ок дарыны камдады,
Белеске беш миң адамды.
Беттеп бизге таштады,
Мунун көрдүм Толтойдун.
Жана карап мен турсам,
Жабыла карап кожону.
Бир адалй эл таң болду,
Мунусу мыкты белем деп.
Кожонун кылган ишине,
Бир далайы таңданды.
Кайран кожо ансайын,
Көтөрүлүп мактанды.
Кожо менен Толтойдун,
Өз алдынча тим эле.
Койгудай эмес чамасы,
Кобшолуп эми калыптыр.
Толтойдун ушу кабары,
Экөөң мында кал жалгыз.
Тобокелге салалы,
Эртең менен Толтойго.

Качырып найза салалы,
Качпай жоого биз кирип.
Канын суудай төгөлү,
Деп Семетей кеп айтат.
Кан Акун жайын айтчы,
Кан атабыз кетти.
Эмне келдим мында дейт,
Эки кул сага тапшырган.
Ишим кандай болду эми,
Кан баатыр Канчоро.
Сүйлөчү баатыр угайын,
Угуп алып аттанып.
Элге чыгып барайын,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Кайнагага барайын,
Кандай алың ага деп.
Анын да жайын байкайын,
Ошондо бала Канчоро.
Кербез кулдун сөзү бул,
Кан атакем Акун кан.
Келди бизге аттанып,
Скесен миң адам баарыбыз.
Салам бердик жабыла,
Келе жаткан кайын атаң.
Кырк увазир жанында,
Аттан түшүп бүгүлдүк.
Кан Акунга жүгүндүк,
Кан Манастын баласы,
Кагылайын Семетей.
Каным кайда жүрөт деп,
Каралдым болот ошо деп.
Кайда бүгүн кеткен деп,
Ажыбайдан сурады.
Кан атаңыз бир карап,
Кабар алсам экен деп.
Кан Акун сизди күтүптүр,
Кайда кетти жалгыз деп.
Ажыбайды каарыды,
Каарымак түгүл тим эле,
Каардана баштады.
Сексен миң колдун атасы,
Серке улактай Семетей.
Сексениң калып ал кеткен,
Кандай сенин иштериң.
Көптүгүн ажым не дейин,
Токсон миңдин эркесе.
Үргөнчкө келген Семетей,
Атанын сыйлап арбагын.
Арыстан журтум карагын,
Жардамды элим аябай.
Жалгыз шердин уулуна,
Көрсөткүлө калайык.
Колуңан келген жардамың,
Жеңип алса душманын.
Элине чейин ал барат,
Жээдигердин малдарын.
Жергеси менен ал алат,
Жети ай көргөн кордугуң.
Элим чыгат жаркырап,
Эми журтум айтаарым.
Атайын муну айтайын,
Айтып алып кайтайын.
Эч кимиң тышка кетпейсиң,
Семетей менен Ажыбай.
Өл деген жерге өлөсүң,
Чөк деген жерге чөгөсүң,
Кайда айдаса барасың.
Бирок тартынбай,
Кызмат кыласың.
Кан майдандын ичинде,
Эрдигиңер билинсин.
Эми ушул кыскача,
Баласын көрүп Манастын.
Кайтайын дедим эми деп.
Кан Акун айтты кабарды,
Батамды бердим уулума,

Жанымдан артык Семетей.
Жалпы журт эми кубанды,
Жакшы көрөт туура деп,
Жалгыз кыздын күйөөсү,
Жандан артык эмеспи.
Жакшы болсо баласы,
Аттанып чыкса ак жолтой,
Азамат эрдин жүрүшү.
Кандай да болсо экөөңөр,
Эми мында калгыла,
Эрте элге барайын.
Камынып элди четинен,
Чабуулду өзүм салайын.
Жалпы журт элге ушул жол,
Эмгекти актап салалы.
Анан барып кан акун,
Мактоосуна ат алып.
Кең-Колду көздөй кайталы,
Деп Семетей аттанып.
Бир далай жерге жол чала,
Кулдар келди жарыша.
Абасы менен эки кул,
Келди белдин четине.
Бая кароол караган,
Кара таштын бетине.
Кара бел менен кара таш,
Кароолдо кулдар калышты.
Капталдай Семең бастырып,
Караңгыда арыстан.
Кара чаар жолборстой,
Кайран Семең шаңданып.
Каардана сүйлөнүп,
Эртең уруш баштайм деп.
Келе жатат аттанып,
Күүгүм кире эл жата.
Келди колдун четине,
Келди баатыр дегенде.
Ажыбай турду кашына,
Айткан сөзгө жараша.
Бет алдына Семетей,
Басып келди жанаша.
Алтымыш чоро түйүлүп,
Атын алып жүгүрүп.
Ак чатырга кийирип,
Арыстан эмне айтат деп,
Элин чети бир тобу,
Эшикте жүрөт кобурап,
Кандай жардык айтат деп,
Калкты эми айдайбыз.
Кан майданды согушка,
Дешип жли сүйлөшөт.
Өз алдынча жабыла,
Үйгө кирди эр неме.
Кенебеген шер неме.
Кан Акундун Айчүрөк.
Тамак-ашын дайындап,
Алаша көөкөр арак бар.
Бухардан келген шарап бар.
Андан алып алтыны,
Кыя кесип жал коюп,
Арак менен бал коюп.
Кертип-кертип нан коюп,
Кымызга балды чайкатып.
Арыстан качан келет деп.
Зарыктырып карматып,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Агаларын чакырып.
Асты кепти бул баштап,
Ажым кандай элиңиз.
Аман-эсен жаттыбы?
Эли журтуң теп тегиз,
Эртең менен бастырдым,
Атакемден уялып.
Ат менен жөнөп отурдум,
Айылынын четине.
Акырын бардым бастыра.

Абайлайын эми деп,
Атыман түштүм мен жана,
Акырын карап отурдум,
Айылынын жанында.
Туусун камдап жатышат,
Туура суунун боюнда.
Турдум муну мен карап,
Бири да бери баспады.
Басканда кылат мен элем,
Башын кесип байлана.
Келет элем жайлана,
Келип мында айтарым.
Тамак-ашты ичели,
Анан ишке чыгалы.
Айта турган жумуш бар,
Экөөңөргө айтамын.
Айтып анан бүтүрсөк,
Аттанып эми кайтамын.
Кайта чыгып барамын,
Кагылайын балдардын.
Жанында өзүм болбосом,
Чабуул жасап ийеби,
Жээдигердин Толтою,
Жетип эми калды дейм.
Элинин баарын ал камдап,
Эрегишип атпайбы,
Арак ичип азыраак,
Кымызды ичти басыраак.
Кырк келин, кырк кыз.
Кашында жүрөт жабырап,
Тамакка мыктап тоюшту.
Анан элдин баарысын,
Эшикке Семең чакырып.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Эки бирдей агалар.
Айткан менин кеңешим,
Элдин баарын эртең менен.
Таң азандан ойгонгун,
Шаштырба элдин бирин да.
Шаштырып койсоң кокустан,
Каласың элдин каарына.
Кабар айтам жалпыга,
Калкыңды абдан бышылап.
Кайтып келгин мен жакка,
Деп Семетей айтканда.
Эп болот баатыр эмесе,
Сиздикин кимдер жек көрөт.
Макулдашып алган соң,
Баатыр кетти чатырга.
Сенин жеңең Айчүрөк,
Акырын басып толгонуп.
Ак куудай болгон бей таалай,
Кынама кийип жарк этип,
Кыз-келинин ээрчитип,
Кылыктуу жеңең чоюлуп,
Үйо Семең келди эми.
Азыраак уктап алайын,
Эс алган соң аттанып,
Балдарыма барайын.
Деп арыстан толгонуп,
Уйкуга көзү кетти эми.
Атлас шайы төшөгү,
Алтын үскүй бобускей.
Айкөлүңдүн керебет,
Арыстан уктап жаткан.
Тубардан кылган көшөгө,
Туура тартып жеңекең.
Кошо уктап калды эми,
Кожо менен келин-кыз.
Кошо үйгө тарады,
Эшигинде эки адам.
Эртели кеч кайтарчу,
Кароолчусу кайтарып.
Кан Манастын баласы,
Уктап жатат толукшуп.
Эки кул отур кеңеше,

Эми мында болбойлу.
Эрдемсиген Толтойдун,
Эрте экөөбүз бастыра.
Эң четине баралы,
Элди не деп атат.
Эптеп кабар алалы,
Экиден күлүк ат менен.
Эң мурун барып жаталы,
Эңкейиште кезиксе.
Эсебин таап душмандын.
Эли менен аралаш,
Эптеп мында келели.
Эй хан чоро не дейсиң,
Эс алып абам жаткандыр.
Эсин элден чыгарып,
Эми барсак болобу.
Эмне дейсиң абаке.
Менин айткан кеңешим.
Милдети бизде эмеспи,
Минип жүрө беребиз.
Миң жылкынын бууданын,
Эки күндөн бер жакка.
Абакемди уйку көрбөдү,
Атынан такыр түшпөдү.
Аттаналык эми деп,
Ач кайкыңдын белинен.
Эки кулу кеңешти,
Эмне болсо мейли деп.
Эсирип жүргөн кожо,
Эсен кеткен Толтойго.
Ээн жерде салышып,
Эби келсе душмандын,
Эңип алып кетели.
Элди карай бет алып,
Эми кирип кетели.
Эп болот сенин сөзүн деп,
Эр Канчоро сүйлөдү.
Ээн талаа жол менен,
Эрлер келип жол баштап.
Эрсиңби Толтой сени деп,
Эр Күлчоро кеп баштап.
Ээ абаке Канчоро,
Эрмин деген Толтойго.
Эртең калсак урушат,
Эң мурун өзүм чыгайын.
Эсебин таап Толтойдун,
Эсин бир топ чыгарып,
Эми киши болдуңбу.
Эсенби жезде айыгып,
Эл ичинде болдуңбу?
Эки айдан бери сен ооруп,
Эмне кесел болдуң деп.
Элинен Толтой чыгаарда,
Эң мурун айта салайын.
Эп болсо абакең ээшип,
Эр Толтой менен сайышып.
Эрмек болуп алышып,
Эркин бир канып кумардан.
Ээн талаа белеспи,
Эң мурун тууну саялы.
Эптеп кармап тургун деп,
Эки адам кошуп жанында.
Эр элемин деп калат,
Эр болсоң чыда ушуга.
Эч адамга бербестен,
Элиңдин туусу ушу деп,
Эрлерин бөлүп экөөбүз.
Эл четинде бололук,
Эми келчи кана деп.
Эр Толтойду тозолук.
Эмки айтар бир сөзүм,
Эбирей берет экенсиң.
Эптеп сөздү көбөйтүп,
Эритип ийет дебесең.
Эр Түмөнбай мен алсам,
Эр Ажыбай агага.

Эр Семетей абага,
Эмки сөздү мен айтсам.
Эртең менен барганда.
Эбиребе баатыр деп,
Эл ичинде абаке.
Эмне болду сага деп,
Эл ичинде какпасаң.
Тууну кармайт Ажыбай,
Туу менен кошо эл алып.
Эсен болсок абаке,
Экиге бөлүп тең алып.
Экиден бөлүп тулпарды,
Эки бөлүп алалы.
Жетисин алгын сиз бөлүп,
Калганын алам мен чечип.
Дешип кулдар кеңешип,
Каныкей кылган күл азык.
Бир азыраак бул кулдар,
Куржундан алып чечишип.
Күл азык жеп күлүшүп,
Колоттун чыгып башына.
Атынан түшө жарыша,
Арыстан кулдар жанаша.
Айланайын энекем,
Арыстандай дем берген.
Алтын киши экен го,
Абаке жесең күл азык.
Абдан таттуу көрүнөт.
Аман барсак душмандын,
Айта жүрөт элек деп.
Арыстан бала Күлчоро,
Ак куржунду чечти эми,
Алып келип тамагын.
Абасы мунун Канчоро,
Агасына берди эми.
Абаке байкап карачы,
Арыстан Манас аялы.
Акылдуусун карачы,
Атасындай ардактап.
Энесиндей эркелеп,
Эмне кылып бакпады.
Эс тартканга Каныкей,
Эмне үчүн жанды аяйбыз,
Эрегишкен жоо турса.
Эртеден иштеп жумушун,
Абабызга жагалы.
Арыстан Манас баласы,
Абийирдүү жигиттин.
Атагы кетет карачы,
Абамдын жоосун биз алсак.
Абдан калаар кубанып,
Артымдагы эки ини.
Аталаштан артык деп,
Айткан сөзү эсимде.
Абайлачы Канчоро,
Арыстандай айбаттуу.
Манастын уулу Семетей,
Арсыландай кайраттуу.
Арт жагымда экөөң деп,
Артымда ээрчип жүргүн деп.
Алты айчылык Бээжинге,
Ала барам силерди.
Деп абакем көп айтчу,
Кулагыңда бар бекен.
Ак шумкар ала качкан,
Артынан издеп жатканда.
Абакем Бакай нени айтты,
Ала баргын аскер деп.
Үч кайтара бек айтты.
Аскер албай абакем,
Абекем айтып жатканы.
Эң эле көп аскерим,
Элү миң болсо аскери.
Эки Чором койбойт деп,
Эл алган жок абакем.
Акылы артык кан Бакай,

Ак-жолтой адам ал экен.
Арыстан Бакай абамда,
Касиети бар экен.
Айчүрөк келип куш алса,
Ал жөн алган жок деди.
Аз дегенде отуз миңи.
Аскер алчы чырак деп,
Абдан какшап ал айтты.
Албады го Семетей,
Аганын айткан тилине.
Аскерди эмне кыламын,
Аскер менен келиптир.
Чаап алчудай Семетей,
Деп Акун кан айтат деп,
Жүз миңда болсо эки кул.
Жалгыз татыйт жолдо деп,
Айтап абам аттанды,
Айтчы гана Канчоро.
Ушу сөзүң жалган деп,
Эмне үчүн экөөбүз.
Аянып мында турабыз,
Азыр барып айылга.
Эртең уруш салабыз,
Сынап абам жатканын.
Билбей чоро жатасың,
Билген болсоң Канчоро.
Кана уруш салганың,
Аттанып барып экөөбүз.
Айылга баралы,
Эмне кылы жээдигер.
Жатканын байкайлы,
Дешип кулдар кеңешип.
Атына минип жарыша,
Аким чалыш эки кул.
Келе жатат жарыша,
Келип кулдар токтоду,
Кароолчунун жанына.
Анан чыга болбостон,
Аттанып калды Жээдигер.
Жер майышкан кол менен,
Жер жайнаган жэээдигер.
Келе жатат жол менен.
Толтой жөнөп келе атат,
Токсон миңдей кол менен.
Тобуңбу бузам эми деп,
Толтойдун көрдү караанын.
Токтошуп билди көрүнөт,
Эрлериң турат элирип.
Эмне кылсак экен деп,
Эки чоро жээлигип.
Балдар турат ээлигип,
Башташа турган душманга.
Кеткидей балдар тим койсо,
Бет-бетинен бир тийип.
Лаачын тийген таандай,
Кеткидей кулдар бир тийип.
Кандай барар экен деп,
Карады кулдар тим тура,
Келсе душман эми биз.
Кетели айыл жакка деп,
Толтойдун колун айтайын.
Тобунан бир аз байкайын,
Тоодой кара ат минип.
Кожо жолду баштады,
Коломолуу калың кол.
Кокту менен басканы,
Найзакери алдында,
Акылдуусу бетинде.
Барабан үнү баш жарат,
Катынын кашында.
Казынын башында,
Мен мыктымын дегендин.
Эчендин көтү кыбылдап,
Коён жүрөк түрсүлдөк.
Жоон өпкө күрсүлдөк.
Ортого Толтой алганы,

Чоюн баш чапчу мыктыны.
Кылычтуусу четинде.
Мылтыктуусу бетинде,
Алды менен сабоолоп.
Отуз миңдей адам менен,
Багыштын уулу эр Толтой.
Баатыр жөнөп калды эми.
Муну менен чаадалаш,
Төлөктүн уулу Төлөбай,
Он алты миң кол менен.
Буда жөнөп калганы,
Мунун артың карасаң.
Элүү миңдей эл менен,
Калчасы келет жол баштап.
Кадырбай элдин артында.
Келе жатат кол баштап,
Бир жак чети аскердин.
Ак-Дөбөгө толду эми.
Бир жагы араң а жерден,
Эми көчтү сандала.
Кимдин жайын ким билет,
Таң агара таң келет.
Таңда байкап отурса,
Жеткайлап ураан чакырат,
Күрсүлдөп мылтык атылат.
Жамгырды көр, селди көр,
Жайнап келет элди көр.
Жебенин огу шуулдайт,
Бараңдын огу дуулдайт.
Канжан жаны көр атты көр,
Кайнаган аскер жоону көр.
Адамдын козү көрүнбөйт,
Топурак каптап чаң болду.
Ортосунда Чыңкожо түндүн,
Көбү жанда сексен миндей өзү эле,
Кырк чоросу жанында.
Кызыталак аргындын,
Уруш салар чагында.
Тегеренте булкунта,
Тегирмендей жулкунта.
Кара ат менен Чыңкожо,
Асманга чыкты айланып.
Алда нечен жайланып,
Күз булутун Чыңкожо,
Жай булутка айдады.
Каарданып Чыңкожо,
Каары жаман кармады.
Кандай эми кылам деп.
Кайран кожо жөнөдү,
Бир убакта эр Толтой.
Аскерди Төлөк баштады,
Кэи күлүк ат менен.
Кайран жезде Толтоюң,
Камарып карап шашпады.
Калкын бир алдында,
Жарым саатка эр Толтой.
Арт жагынан көрүнөт,
Азыр уруш салам деп.
Ала көөдөн эр неме,
Келе жатат чурата.
Колдо байкап менден ук,
Менден уксаң бейлеп ук.
Сайрап турган торгойду.
Таманга атып алчуудан,
Ийинден чыккан суурдун.
Мурдун жара атчудан,
Беш минди Толтой алыптыр.
Бетине салып алганы,
Берен Толтой кол баштап.
Беттеп жөнөп келатат,
Берки жакта эки кул.
Мелтиреп карап отурат,
Эр Толтойдун колун көр.
Көптүгү жандан башкача,
Көп экен деп эки кул,
Камаарап карап койбоду.

Кайра тартпай ал экөө,
Каткырып күлүп отурат.
Кудайым эми бердиби.
Кутулуп кеткен эр Толтой,
Кайра колго тийдиби.
Кайраты ашып Толтойдун,
Кайрылып бизге келдиби.
Капталда карап турушат,
Кайра балдар бастырбай.
Кайсы жол менен барарын,
Карап билип алалы.
Караңгыда биз келсек,
Кайгуулду мында чалалы.
Кайда эми барасың,
Качпагын кожо шашпа деп.
Кабылан бала Күлчоро,
Кайраттанып отурат.
Качырып кирсем кантет деп,
Кара чаар жолборстой.
Комдонушат эки кул.
Толтойдун эли бет ала,
Ак-Дөбөгө таяна.
Алды барып калды эми,
Амалы канча эки кул.
Айылды карай салды эми,
Ат оозун кулдар жыйбастан.
Абасы мунун Семетей,
Арыстанга барды эми.
Ажыбай эрте туруптур,
Ак дүрбү алып Ажакең.
Айланасын көрүптүр.
Айлананын баарын,
Душман келе жатканын.
Ажыбай баатыр билиптир,
Айласы кетип Ажыбай.
Алыптыр жанга чакырып,
Түмөнбайдай инисин.
Аскердин баарын тургузуп,
Тамак-ашын ичкин деп.
Ажыбай айткан жардыкка,
Элинин баары көнүптүр.
Эң эле жаман урушго,
Эмне да болсо өлдүң деп.
Эрлери атка миниптир,
Он төрт буудан акырда.
Ойон Тынай кайтарат,
Буудандын баарын сугарып.
Күрүч менен күрмөктүн,
Алты кочуш жем берип.
Аткан экен ал чунак,
Буурулду мамы байлаптыр.
Буудандардын баарысын,
Бир топ мында байлаптыр.
Келди кулдар кашына,
Ат байлоочу мамыга.
Абакем кандай жатат деп,
Сурады эшик алдынан.
Абакеңиз ак сакал.
Азыр уйкуда жатат деп,
Ат кайтарган бир жигит.
Айтты кулга түшүнтө,
Атын алып мамыга.
Байлады белең бекемдеп,
Бала да болсо Күлчоро.
Коё турчу баатыр деп,
Ажыбай келди жанына.
Алиги кулдун кашына,
Салам айтып Күлчоро.
Кирмек болду чатырга,
Коё баатыр тура тур.
Кеңешим бар уга тур,
Келе атат душман эми деп.
Келе атканын мен көргөм,
Келсин абаң уйкуда.
Уялып үйгө кире албай,
Элдин баарын камдадым.

Бачым ойгот абаңды,
Ак-Дөбөгө бет алып.
Келди душман деди деп,
Ошондо бала Күлчоро.
Айгай укса шашпаган,
Алты сан элди бир айдап.
Жоо келсе баатыр шашпаган,
Душманга колтук ачпаган.
Ай Ажыбай ак сакал,
Атка мминсин калайык.
Барабан тартсын манастап,
Элди атка мингизгин.
Экиге бөлүп аскерди,
Жарымын мага тийгизген.
Абамды азыр ойготом,
Үйгө кирип келди эми.
Тубардан кылган көшөгө,
Туура жыйды Күлчоро.
Атылас шайы төшөктүн,
Бардык бала жанына.
Барса абасы болукшуп,
Уктап жатат арыстан.
Айбаты артык арсылан,
Ак олпокту башына.
Жаздана кошо уктаган,
Сенин жеңең Айчүрөк.
Колун артып мойнуна,
Кошо жатат койнунда.
Эмчегине жокуру,
Ак эти чыгып булайып.
Таң аткандай чүрөктүн,
Бети айдай жаркырап.
Бетинен көзү уяла,
Бала баатыр Күлчоро.
Пери экенин билди эми.
Ич көйнөгү чүрөктүн,
Айме-шайы ак жибек.
Кубулугу түрү ошо,
Чоро байкап бир далай.
Чочутсам кантет бей таалай,
Абакем жаман көрөт го.
Эмнеси болсо абама,
Барайынчы эми деп.
Басып келди кашына,
Байынын келди башына.
Келсе абасы керилип.
Уктап жатат эринип,
Ойготоюн деп турат.
Уятын ойлоп Күлчоро,
Бир турду абайлап.
Какырынып түкүрүп,
Өтө берди чүрөктөн.
Жеңекең билип калды эми.
Кулдар келген белем деп,
Кубулжуган бей таалай.
Оодарылып кетти эми.
Этимди көргөн экен деп,
Он эки мамык он жаздык.
Чумкуп жеңең кетти эми.
Ошондо бала Күлчоро,
Ал олпоктун этегин.
Акырын кармап бош тарта,
Турчу аба аба деп,
Кулуң сүйлөп баштады.
Туруңуз аба эртерек,
Душманың келе жатпайбы.
Таласта жаткан чагыңдан,
Жатасың аба кенебей.
Ойлочу аба душман көп,
Элин жыйнап келе атат.
Эл ичинде Чыңкожо,
Шерин жайнап келе атат.
Ак-Дөбө менен кыз мазар,
Аскер кайнап толушту.
Абаке качан турат деп,
Аскерлеридин барсыс,

Күтүп сизди эшикте.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Кайнагаң карап отурат.
Катыгүн аба не дейин,
Катыныңдын койнунда.
Козголбой кантип уктайсың,
Коңуругуң таш жарат.
Койдой жайнап душманың,
Колтугуңан согом деп,
Коломолдоп келе атса.
Бул эмине кылышың,
Барбасаң аба жооп бер.
Уруксат бергин элдерге,
Өзүбүз эми барабыз.
Деп күлчоро айтканда,
Арыстан укту кабарды.
Жоонун жайын уккан соң,
Жатып алып ойлонуп.
Уйкудан турду толгонуп.
Ордунан турду жаңкы шер,
Оңдо кудай ишти деп.
Колун суна салганы,
Кол дааратын алганы.
Бутун сууга салганы,
Бут дааратын алганы.
Эртең менен багымдат,
Эрте окуп алганы.
Жараткан эми колдо деп,
Жасаган ишти оңдо деп.
Олпоктун баарын эр Семең,
Ак куржундан алдырып,
Ак олпокту кийди эми.
Он эки олпок он чопкут,
Ойрон Семең кийгени.
Эки кулга Семетей,
Каныкей кылган көк олпок.
Эр Күлчоро кийгин деп,
Күлчоро баатыр кийгени.
Келишимдүү сур олпок,
Канчоро кийди кынаптап.
Аскердин баарын экөөңөр,
Экиге бөлүп алгыла.
Аттардын баарын алгыла,
Арбуудундан башкасын.
Тегиздеп бөлө байлата,
Кермедеги сай күлүк.
Келди кулдар жанына,
Алты алтыдан ат алды.
Чоң тору ат менен кара ат,
Семетейге бу калды.
Кериней сурнай тартылат,
Манас, Манас деп.
Ураан салып калың эл,
Жоону көздөй баратат.
Барабан үнү баш жарат,
Келтенин үнү таш жарат.
Келатканда адамдан,
Кайсы экени билинбейт.
Экиге бөлдү Семетей,
Кырк миң адам Гүлчоро.
Алкымды бара тозсун деп,
Алдына чыгып Толтойдун.
Амандаша келсин деп,
Ортодо болсун Канчоро.
Жана кырк миң кол менен,
Алты акимин Канчоро.
Айдап сүрүп сорсун деп,
Өзум жалгыз боломун.
Боз дөбөнүн үстүндө,
Туу кармасын Ажыбай.
Түмөнбай сында агатай,
Түмөн колду Толтойго.
Гүлчоро бала бет алат,
Сиз ошонун жанында.
Жардам болуп бериңиз,
Кана эми аттангын.

Деп Семетей арыстан,
Каардана баштады.
Кырып кирчү жолборстой,
Кабылан бала Семетей.
Карачы түрүн баатырдын,
Бет айбаты тим эле.
Бешмиң эрдей бар болуп,
Арткы жагы баатырдын.
Ак эшен кыдыр жар болуп,
Ачып көзүң көргүн деп.
Арбакту Манас бар болуп,
Алдына минген бурул ат.
Айбандан башка мал болуп,
Жалаң кылыч байлана.
Жан алучу эмедей,
Кыны жок албарс байланып.
Кыш булуттай айланып,
Жалаң албар байланып.
Жай булуттай айланып,
Калканынын сыртынан.
жалаң Семең арыстан,
кызыл –жолук таңыптыр.
Кан майданга арыстан,
Катулап эми калганы.
Кары кыйын зары күч,
Катылган адам калбайт түк.
Кар жаагандай каардана,
Кабагын түйдү каардана.
Кана эми аттан деп,
Арбуданга Семетей.
Арыстан минген кезинде,
Колдун бары Семетей.
Коржондогон кайран эр,
Мылтык тусун бетине.
Найза керин четине,
Акылдусун ичине.
Коло-молдоп кол келип,
Колдун алдын баштаган.
Кан Манастын баласы,
Кабыландай кайратту.
Арыстандан эки эсе,
Ажыдардай обтартып.
Азыр барын соором деп,
Арсландай Семетей.
Адырга келди бастыра,
Арбуданды камчылап.
Тууну тикти бекемдеп,
Тумшугу каткан душманга.
Туруш дамын эми деп,
Тор атка жүктөп ок-дары.
Тынайды алып жанына,
Боз дөбөнү бет ала.
Кан Манастын кулуну,
Бир кудайга жалына.
Жөнөп калды кашына,
Боз дөбөгө Семетей.
Келди эми жаңыдан,
Келсе душман келиптир.
Көрдү арыстан баарысын,
Көркөмдөгөн душмандын.
Көрсөтсөм эми сагам деп,
Көк жал Манас баласы.
Көрүп жоону отурат,
Каарына Семетей.
Канкор күлдү бир далай,
Кана кожо келчи деп.
Карап турат арсылан,
Кан Манастын баласы.
Каткырып күлөт жанагы,
Кандай сонун уруштеп.
Качпагың эми Чыңкожо,
Кайра тартпай эмидеп.
Кабылан баатыр Семетей,
Кабталда карап отурат.
Кара ат менен калдайып,
Кайран кожо келетат.

Кар борондой айланып,
Кар боронду булутту.
Бетине алып алыптыр,
Бети кара Чыңкожо.
Беттеп эми калыптыр,
Жек колду бир атып.
Жек колду токтотту,
Алкым колду бир атып.
Алкым колду токтотту,
Башкы-колду бир ата.
Башкы колду токтотту,
Кара ат менен Чыңкожо.
Кайра тарта булуттан,
Кожо түшүп келатат.
Келди кожо кашына,
Алты акимин Чынкожо.
Чакырып алды жанына,
Кеп баштады кашына.
Келди Толтой жанына,
Келдиңерби баатырлар.
Кеп айтамын баарыңа,
Келсең элдин кашына.
Кеп уккун мендей кожодон,
Келген мында чоңдором.
Мен айтайын жаңыдан,
Келе жаткан Семетей,
Кан Манастын улунан.
Жер майыша эл келди,
Эл ичинде эки кул.
Андан башка таласстан,
Адам келбей калганго.
Кайда барса баштаган,
Кайратту элдин карысы.
Кан абакем Бакай жок,
Кантейин алла жараткан.
Кармаша турган душманда,
Кан Бакай абам бар болсо.
Кандайда болсо жолугуп,
Айтат элем эки  ооз кеп.
Калмак менен ойгуттун,
Кайсынысын мактайын.
Эки кулдун шогунан,
Элимден көчүп мен келдим.
Эки кулдун азабы,
Өтбөдү беле тийерде.
Келтирди эми кезегин,
Кекендим эле бир далай.
Келсе эми душман ушу деп,
Кеп салчу белем бир далай.
Кекенип элим эми биз,
Кек алабыз мамындай.
Биринчи менин айтарым,
Душман болсо келди эми.
Кандай жоону алабыз,
Кай жерине киребиз.
Кана балдар сүйлөчү,
Жоону кандай алабыз.
Жоо баатыры берендер,
Жобурата сүйлөчү.
Жоболоңду эки кул,
Жортулга келет эмеби.
Жоо алыша киргенде,
Жолашармын мен өзүм.
Жалгыз учуп барайын,
Жалгыз өзүм атыша.
Жатайын эми ошорде,
Манастын улу Семетей.
Жактын өзүм табайын,
Жайкаштырам өлбөсөм.
Жалаң кылыч байланып,
Жатпайбы баатыр Семетей.
Жан алчудай камынып,
Жата бербей душманга.
Кирели эми жабыла,
 Келсе мейли эми дейм.
Кебимди уксаң барыңар,

Каргадай болгон Күлчоро.
Капталга Толтой чыгарба,
Үчөнүн башын кошпогун.
Коштошуп эми мен кеттим,
Кошкула досум эмидеп.
Кожо угуп калганы,
Кожо угуп келатат.
Көрдү кулдар кожону,
Келе жаткан экендеп.
Адегенде Чыңкожо,
Алды менен учту эми.
Ар жерин байкап билди эми,
Арсыз кожо күлдү эми.
Мекеден келчү кызыл туу,
Бежинге барган узун ту.
Белестен кожо байкады,
Байланып элдин турганын.
Баатыр Манас баласы.
Башташа турган эр беле,
Байландым эми Толтойго.
Барайын учуп текидеп,
Баатыр кожо айланып.
Туунун келди үстүнө,
Булут минген кожого.
Бура кармап турнабай,
Бул баатыр отур былк этбей.
Канчоронун үстүнө,
Келди кожо учуп бир.
Канчоро үндү салды эми,
Канкор кожо угуп тур.
Кан болом деп сен жүрдүң,
Кана келип Толтойго.
Кан болуп байкуш жүргөнүң,
Андан көрө биз менен.
Түбүбүз бирге туугансың,
Кетип чогу Таласка,
Келгин кожо бери жакка.
Деп бир бала кыйкырды,
Ошондо кожо күүлөнөт.
Өз алдынча сүйлөнөт,
Каның менен Канчоро.
Кашайтармын шашпа эми,
Келесиңби кысталак.
Таластан кылган ишиңби,
Шайтан чоро сениби.
Деп бир кожо айлана,
Туун чыкты башына.
Сыярат кылды көрүнөт,
Белгүү кожо чоң тууга.
Туу четин бир карап,
Айланып учту жана да.
Күлчорону карата,
Кожо учуп келе атат.
Ошондо бала Канчоро,
Кысыталак туучу кор.
Кудайга сени койдук биз,
Карма колдо жайла деп,
Арбактуу Манас бар болсоң.
Ак эшен Кыдыр жар болсоң,
Атакем Манас чын болсоң.
Туучу кор барат карма деп.
Кармап алып атаке.
Арбакында байла деп,
Акбараң менен бир атып.
Арсыз аргын кулду деп.
Арыстандай Канчоро,
А жерде калды өкүрүп.
Ак бараң менен бир ата,
Качбагын аргын эми деп.
Канчоро калды жана да.
Бир убакта Чыңкожо,
Канчородон өткөн соң.
Бала баатыр Күлчоро,
Келди учуп үстүнө.
Келип турду бир далай,
Керектүү бала ушу деп.

Көргөндө бала Күлчоро,
Көргөзөйүн сага деп.
Көк келтеге ок сала,
Алманбеттин алмабаш,
Абдан салды коргошун,
Качбагын аргын эми деп.
Кара аттын жалы белем деп.
Кайраттуу бала Күлчоро,
Кайра тартып алганда.
Капчыгайдай кара таш,
Асманга чыкты бурк этип.
Абайласаң Чыңкожо,
Аткан экен коргошун.
Кандай эми кылам деп.
Кожо чочуп калганы,
Кара чаар жолборстой.
Камбыл бала белем деп,
Кайра уча сабалап,
Келди Толтой жанына.
Кана досум сүйлөчү,
Кандай жайга бардыңыз.
Кара ниет бала,
Кандай кабар салдыңыз.
Ошондо кожо кеп сүйлөйт,
Кеп айтайын азыраак.
Байкагын баатыр басыраак.
Манастын уулу Семетей,
Баатыр мында отурат,
Байкап карап сен барчы,
Бая күнү сен айттың.
Кара жаның деп айттың,
Барчы Манас уулуна.
Баатыр болсоң Толтоюм,
Барчы Семең жанына,
Баарын билип мен келдим.
Баатыр болдук эми биз,
Башын кесип Семетей.
Алып келейин алдыңа.
Тетиреги кысталак,
Күлчородой баланы.
Күлчоро келсе кокустан,
Көргөзөт далай тамаша.
Жибербей кулду кармагын,
Кармабак түгүл баланын.
Каршы жаның узабай,
Кармаша бергин ушундай.
Кара тумшук эр ошол,
Кармаша турган шер ошол.
Кантейин кудай салган соң.
Канкорго өзүм баратам,
Үч кайтара бек айтам.
Бек айтканда нени айтам,
Алкымдагы Күлчоро.
Жибере көрбө байына,
Байына алдап барайын.
Амалымды барганда,
Ар түрдүү кылып салайын.
Амандашып Семеңе,
Эми өзүм баратам.
Капшыттагы кан чычкыр,
Кара тумшук эр эле.
Ошондон менин коомум бар,
Козголбогон шер эле,
Чечекейге атуучу,
Желмогуздун бири эле.
Жетип мага келтирбе,
Желпинип түшуп соңунан.
Желмогузду эптегин,
Эң эле кыйын калмакты.
Эптеп колдон бошотпо,
Эми менин айтаарым.
Эсиңде болсун Толтоюм.
Кош болгун досум не дейин,
Деп Чыңкожо аттана.
Атына минди шаттана,
Акимин баарысы калды бу жерде.

Баатыр белем Күлчоро,
Чыңкожо коркуп айтат деп.
Козголушту баарысы,
Жер жарылып чуу толуп.
Эмне уруш болот деп.
Эчендер жатат маң болуп,
Элдин баары таң болуп.
Атына Толтой минди ошо,
Алкымды көздөй бет ала.
Арыстандай Күлчоро,
Ошону көздөп келе атат.
Ак тулпар минип эр Толтой,
Абийири кеткен жездекең.
Келди эми жакындап.
Сур тулпардай ат минип.
Сур олпок сындуу тону бар,
Жээдигердин Толтойго,
Жер майышкан эли бар.
Жээке келип токтоду.
Жеткайлап ураан чакыра.
Толтой келди жанына,
Жоболоңдуу Күлчоро.
Эмне кылар экен деп.
Карады элдин баарына,
Кабылан бала Күлчоро.
Турду белем ойлоно,
Келчи эми Толтой деп.
Келбети артык Күлчоро,
Тар капчыгай бели деп.
Толтойдун келчү жери деп.
Тосуп бала Күлчоро,
Тобуңду бузам эми деп.
Токтоп бир аз турганда,
Толтой келди бастыра,
Бакыштап ураан чакыра,
Жеке-жеке деп.
Толтой үндү салганы,
Кысыталак калмагым.
Кашайтайын көзүңдү,
Сыртыңан алам өтүңдү.
Ошондо бала Күлчоро,
Айланайын Түмөнбай,
Абакемдин Көкчолок.
Алды менен минейин,
Алакөөдөн Толтойго,
Эми баатыр кирейин.
Жараткан юерсе жардамды,
Жара сайып Толтойду.
Өтөйүн эми кудурет,
Шашпа баатыр Түмөнбай,
Деп Күлчоро кенебей.
Эрди артык жаралган,
Эр бала турду былк этпей.
Атына минди Күлчоро,
Арбактуу Манас атаке.
Арбагыңда колдо деп.
Арыстан бала Күлчоро
Атына минди жаңыдан,
Айбаты артык калмак кул.
Бабедин деп бакыра.
Манас, Манас, Манас деп,
Бала баатыр Күлчоро,
Качыр сала бергени.
Кандай укмуш бала деп,
Жээдигер көрүп жүдөдү.
Алдынан минген Көк тулпар,
Чуу ичинде көп жүрүп.
Көнгөн экен жаныбар,
Көргөндө элдин сүрөөнүн.
Билчү белем жаныбар,
Айбандан башка түрү бар.
Абайлачы көк чолок,
Так ушундай сүрү бар.
Тандап минген Күлчоро,
Табына келген шумкардай.
Толтой менен Күлчоро,

Бет алышмак болду эми.
Бут атымдай эки дөө.
Келе жатат качырып,
Ошондо бала Күлчоро.
Кысыталак эр Толтой,
Качтың беле кыядан.
Катын жезде аманбы,
Амандашып алайын.
Андан кийин Толтоюм.
Акыр заман салайын,
Толтой келет качырып.
Шашпа бала Күлчоро,
Мага берген кезек деп.
Баатыр белем Күлчоро,
Басташып сага тургудай.
Каарданып ийгени,
Кармаша эми киргени.
Чылбыр менен тизгиндин.
Кармаган жери тиги деп.
Тайып тийсе кысталак.
Табарсыктын түбүн деп.
Тоодой болгон Толтойду.
Бересиңби жараткан,
Беттешкен душман сенби деп.
Берен бала Күлчоро,
Берки жактан качырып.
Бет маңдайдан эр Толтой,
Беттеп кирди качырып.
Толтой барат чурата,
Тоболоң болду бир далай.
Айтайын эми балам сага,
Качпа бала тура тур.
Как жүрөктүн башы деп,
Как өпкөнүн чети деп.
Кайып тийсе кысталак,
Акыректин алды деп.
Толтой келет качырып,
Топту бузчу эми деп.
Экөөнүн тең тулпары,
Кулагын алган жапыра,
Кулаңдай болгон жаныбар.
Жат кишини карата.
Сапырылып келе атат,
Баатырлар жете келди эми.
Жүз жанбай найза сунду эми.
Экөөнүн тең тулпары,
Чөгөлөп түшүп оңолду.
Чөгөлөп тулпар түшкөндө,
Жоого адис эр Толтой.
Найзанын учун бек тарта.
Көтөрө берди колтугун,
Коюп кетти Күлчоро.
Колтугунун түбү деп.
Копшоп туруп сыр найза,
Чоро сууруп алганда.
Экөөнүн сырткы олпогу,
Сыр найзалар тийгенде.
Бытчыт болду быркырап,
Кыраан бала Күлчоро.
Ыргыта коюп өткөнү.
Тоодой болгон эр Толтой,
Оңкосунан кеткени.
Ошондо карап отурган,
Обсуз бала Канчоро.
Качырып жоого киргин деп.
Аскерге жардык берди эми.
Алдыдагы душманга,
Айбатта жүрдү эми,
Ашкере баатыр Күлчоро.
Ооп барып оңолуп,
Атына бала минди эми.
Кайра бала тартканча,
Камбыл Толтой атына.
Кайра минип келгени,
Калктын баары чуудалап.
Каламаш эми түшкөнү,

Жердин баары чаң боло,
Жер майышып калганда.
Кылычтын үнү акылдап,
Мылтыктын үнү бакылдап.
Найзанын куш деп киргени,
Жебенин огу мөндүрдөй.
Бет бетинче тийгени,
Чоюн баш үнү чакылдап.
Калканга тийип жарк этип,
Кан майдан болду шундай.
Кайран бала Күлчоро.
Качабы жоодон баатырың,
Айбаттуу тууган эр белем.
Атына минди жаңыдан.
Ак телкидей бууданын,
Азамат эрге жарашат,
Ар кандай уруш аталат.
Кан майданга арыстан,
Кирди эми жаңыдан.
Киргенде Толтой кайда деп.
Кууп жүрөт арыстан,
Бая Толтой менен сайышып,
Кайра бала тартканда.
Кашында болчу жеңекең,
Акылы артык бей таалай
Амалдуу күңдүн бири экен.
Торгой болуп сабылып.
Жеңең учуп кашынып,
Кайран Толтой жаңыдан.
Сур коёнду карма деп,
Бачымыраак току деп.
Бала кетти кайрадан,
Ат которуп мингенче,
Артынан кайра жетем деп.
Толтой келет өкүрүп,
Топту бусчу сур атты.
Жездең минди токунуп,
Жер үстүнөн Толтойду.
Бала баатыр Күлчоро,
Койгудай эмес элирип.
Толтой келет чурата,
Келишимдүү сур коён.
Келди жездең миниптир,
Эр Күлчоро артынан.
Эселек жездең жүрүптүр,
Эр Кулчоро жетти эми.
Жебелүү күлүк Ак телки,
Кеткенде бала минди эми.
Жездең кайра тартты деп.
Жээк менен келди ошо,
Жети жүздөй эл менен.
Жетип чоро калышты,
Жездекеңдин элине.
Бала баатыр шаңдана,
Бала келет жакындап.
Арт жагында Толтойдун,
Аскерине Күлчоро.
Кошулуп алды такымда.
Жетип келип Күлчоро,
Бир адамдан сурады.
Кайда бара жатат деп,
Кайдан билем нары бар.
Өзүм билбей жүрөм деп.
Ошондо бала кайран эр.
Жа бирөөнө келди эми,
Толтой баатыр кайда деп.
Билмексен болуп желди эми.
Астыда кетип баратат.
Аскери менен чогу деп,
Айта салды кабарды.
Арыстан өттү бир далай,
Аралаша эл менен.
Кыядан жетип Толтойго,
Кылчайып артын карабайт.
Ким болду деп самабайт,
Кайдан табам эми деп.

Күлчоро жака карабайт,
Карамак түгүл жездекең.
Кетип барат чурата,
Айбан да болсо Суркоён.
Биле койду көрүнөт,
Ооздугун кемире.
Баспай тура калганда,
Арт жагында эр чоро.
Жетип келди чурата,
Качпай Толтой токто деп.
Качканың менен мен сени,
Кутулбаймын эми деп.
Кубанып жете келди эми.
Куба түшкөн артына,
Келди чоро жакындап.
Эр Толтойдун жанына,
Кайра тартпай эки дөө.
Күнү-түнү алты күн,
Качпай экөө урушуп.
Качырышып бир-бирин,
Камчы менен урушуп.
Чоюн баш менен салышып,
Чокунун мээлеп атышып.
Чоюн баш деле болбойт деп,
Кара жаак ай балта.
Кармай алып сабынан,
Кабылан бала Күлчоро.
Каң дегизе бир сала,
Кайдан жетти билбеди.
Коюп кетти Толтойду.
Чоку менен башынын,
Калкан турган жайына.
Толтой калды көрүнөт,
Эси ооп эндиреп.
Атынан кетти делдиреп,
Жанында бар Төлөбай.
Жетелеп алып жөнөдү,
Качып калды эр Толтой.
Караңгыда карматпай,
Кетти Толтой кутулуп.
Кеткени менен Күлчоро,
Келген жоонун баарысын.
Бет бети менен тим койбой,
Карышкыр койго тийгендей.
Кырып кирип бараттат,
Кайда Толтой кайда деп.
Качпа жезде качпа деп,
Жата берсин Күлчоро.
Эми айтайлы Канчоро.
Кандай жүрөт урушта,
Кабарын айтам дуруста.
Кабылан бала Канчоро,
Кандай ойлоп жатасың.
Кабарын айтат азыраак.
Калча менен Кадырбай,
Алтымыш миң колу бар.
Жуманын уулу Сыргакты,
Отуз беш  миң колу да бар.
Бала чоро аттана,
Бая Күлчоро Толтой сайышта.
Кирген болчу Канчоро,
Бет алып жоого аттана.
Баатыр кирди бакырып,
Бу да Манастап ууран чакырып.
Келди жоого Канчоро,
Бетине келди жаңыдан.
Калча менен Кадырбай,
Каргадай кылып Канчоро.
Сайып аттан түшүрүп,
Суй жыгылды көрүнөт.
Душмандардын баарысын,
Туйгун чоро турбайбы.
Душманын тозуп а жерде,
Досум эмне болду деп.
Кайран Толтой найза жеп.
Качып жүргөн убагы,

Убагы келди эми деп.
Канчоро баатыр ат минип,
Капталдан душман таба албай,
Карап чоро турганда,
Калчанын уулу Кадырбай,
Чорону карай бет ала,
Келе жатат камына.
Кадырбай менен Канчоро,
Кагышка кирди тайманбай.
Кайра тарткан жок экөө тең,
Келди жакын жанына.
Көрдү чоро камына,
Камбыл бала Канчоро.
Жоо бөрүсү эсемпи,
Жоолашам деген душманга.
Жорто турган эмеспи,
Бетине келген душманын.
Жоболоңду кулуңа,
Тогуз найза бир тийди.
Тоготуп баатыр койбоду,
Жоо экен деп ойлобой.
Жоо баатыры Канчоро,
Тогузун кагып түшүрө.
Алдыга салып төрөсүн,
Андан алган кезеги.
Арыстандай эки кул,
Ала турган жеми бар.
Астынан айдап Канчоро,
Алды жоону бетине.
Туруштук бере албады.
Жээдигердин мыктсы,
Найзакердин ыктуусу.
Калча баатыр чыдабай.
Кача турган эми деп.
Кала турган болду эми.
Кайда башта бир өлүм,
Кайда барат элем деп.
Бетине келген душманын,
Бегилүү баатыр Канчоро.
Безилдетип кубалап,
Бетинен бирдей жоктор деп.
Тилдеп келет Канчоро,
Каночро келет качырып.
Канчаларын жаралап,
Качпагыла жээдигер.
Кайра тарт деп бакырып,
Кабалындай Канчоро.
Жүрөт жоону жабырып,
Берен чороо сулатты.
Канчоро жатсын ушинтип,
Күлчоро жатат сайышып.
Манастын уулу Семетей,
Баатырдан айтам кабарды.
Ар буудан минип Семетей.
Арыстан карап отурду,
Шыгайдын уулу Чыңкожо.
Ичи бузук чыр кожо,
Бетин туман алганын.
Беттеп Семең баатырга,
Эми жетип калганы.
Сыр бараң менен Чыңкожо,
Манастын уулу Семеңди.
Алтымыш жолу аткылап,
Абацлап эми Семетей.
Ак-дөбөдө отурат,
Айланайын буурул ат,
Койдой болгон коргоошун.
Капталдан келип тийерде,
Ордун сала жалт берип.
Ак келтенин Семетей,
Анда-санда бир атып.
Арыстан турат бук болуп,
Арам өлгөн буурул ат,
Асманга учуп чыга албайт.
Жэ болбосо буурул ат.
Жете турган жер болсо,

Жетип бир жол сайышып.
Калсам боло кудурет,
Деп Семетей наалынып.
Балдар кандай жатат деп.
Айчүрөктөн кеп угуп,
Кулдардын кылган ишине.
Кубанды Семең кичине,
Эр Семең барат кайгырып.
Атаганат дүнүйө,
Акылды кандай кыламын.
Ала көөдөн кожону,
Айласын кандай кыламын.
Амалым такыр кетти деп,
Арманын айтты Семетей.
Аким баатыр муну айтып,
Отурду бир топ кенебей,
Асмандан түшкөн коргошун.
Ок экен деп теңебей,
Обсуз баатыр Семетей.
Арманда болуп арыстан,
А жерде кошо жанында.
Куу Тынай бар кашында,
Кор болдум сага кожо деп.
Арсыландай Семетей,
Абдан капа болду ошо.
Аны коё туралы,
Арыстандай эки кул.
Келели эми жанына.
Каргай найза майыша,
Качпай кулдар сайыша.
Чоюн баш тийип Толтойго,
Тобуна барган жаралап.
Карышкырдай Күлчоро,
Кирди жоого аралап.
Каршыга келген кишини,
Каңтара сайып эр бала.
Качпа Толтой кайда деп,
Каракчыда кайсалап.
Омурого кан болуп,
Таң агара сөгүлө.
Чоро чыкты уруштан,
Эл эсебин алам деп,
Он эки күнгө толду деп.
Айланайын абакем,
Эмне күндө жүрөт деп.
Айнектүү дүрбу алганы,
Абасын көрүп андан соң.
Арыстан чоро камына,
Атына минди жабыла.
Агасы мунун Канчоро,
Алган жоону жабырып.
Күлчорону карата,
Жоону айдап сапырып.
Калча менен Кадырбай,
Калгандай кулга тең болбой.
Кайран Жуманын Сыргагы,
Найза жеген чородон,
Качып жүрөт жолобой.
Бетине келсе Канчоро,
Беш жүзүн айдап алганы.
Бирин койбой арыстан,
Азууга салып чайнады.
Арыстан бала Күлчоро,
Алты миңдей жээдигер.
Аралашып калды эми.
Алдынан тоскон Төлөбай,
Ыргыта коюп өткөнү.
Эр Толтойго жеткени,
Жетип сайып Толтойду,
Аралап жоого кирди эми.
Манас, Манас, Манастан,
Баатыр чоро келатат.
Бетине келсе Күлчоро,
Беш миңди айдап арыстан.
Берен чоро эмеспи,
Бербейт жоого намысын.

Беш миңин бирдей айдады,
Азуугa салып Күлчоро.
Айдады белем талкалап.
Соттуу менен согушуп,
Калкандуу менен кагышып,
Найзалуу менен сайышып.
Мылтыктуу менен атышып,
Чоюн баш чапчуу баатырдын.
Калкандарын кыйрата,
Кабаты менен экини.
Ыргыта сайып ал коюп,
Качпагыла жээдигер.
Катын Толтой кайда деп,
Канчорону бет ала,
Камап айдап душманын.
Кабылан бала Күлчоро,
Капталдан кууп жаралап.
Канчаларын талкалап,
Кан Манастын чуу тарта.
Түмөнбай мырза жанында,
Эрдигине кубанып.
Эрип жүрөт Түмөнбай,
Эмине шумдук болот деп.
Ээси эңгиреп жээдигер,
Эмне болот эми деп.
Ээси кетти бир далай,
Эсебин элдин алгыла.
Жыйырма беш күн болуптур,
Кан майдандуу согушка.
Коктунун баары кан болуп,
Колоттун баары чаң болуп.
Капталдан айдап Күлчоро,
Жогору карай бет алып.
Канчоро байкуш кан этет,
Күлчорого жетем деп.
Кайдан качкан жоо болсо,
Кармап жүрөт Канчоро.
Капшытын жоонун,
Сөгүлтө айдап жүрөт жаңкы шер,
Эртең менен Канчоро.
Алкымда жүрөт бакырып,
Күлчоролоп чакырып.
Тууган деген кысталак,
Кыйын болот эмеспи.
Кандай аба аманбы,
Келчи колдон кармашып.
Кучакташып өбүшүп,
Кулдар калды каткыра.
Кулдар мындай кеңешти,
Элдин алды бекен дейм.
Ажыбай баатыр эсебин,
Ажыкем келди белем дейм.
Туу карматып биз коюп,
Бир кумардан кадык биз.
Эмне мында турабыз,
Эмне уруш салабыз.
Кулдар мине атына,
Кирди жоого камына.
Бетинен душман даай албай,
Безилдеп качкан убагы.
Качканын Толтой кубалап,
Айдап кирген убагы.
Кайра бириң качпа деп,
Камады элин Толтоюң.
Камбыл кулдар кубанат,
Жоонун кайра качпасын.
Жоо  баатыр Толтой деп,
Айланайын Күлчоро,
Мага бергин эми деп.
Канчоро баатыр сурады,
Макул аба деди эми,
Бетине келчүү душманга.
Кирди кулдар камына,
Каршы чыккан эр Толтой.
Камынды кулга карата,
Кабылан бала Канчоро.

Карады элдин чамасын.
Качырып кирди Манастап,
Качпагын Толтой эми деп.
Кайран чоро арыстан,
Кайсы жерде бу чунак.
Кан майдандан калышкан,
Качырып барат жоосуна.
Толтой менен Канчоро,
Бетине адам карабай.
Айбаттуу белем Канчоро,
Толтой экөө беттешти.
Жеткен жерде Канчоро,
Жетип сайып түшүрдү.
Жеткилең чоро баатырың,
Желпилдеген туу менен.
Жеткилең бала Күлчоро,
Желдей учуп жөнөдү.
Баатыр келет жарыша,
Баабедин деп бакырып.
Манастап ураан чакырат,
Баатыр келди чамына.
Жээдигердин бир тобун,
Шилдей тийип айдады.
Бет маңдай келди Калча кул,
Калканын тозо беришип.
Кабырбай менен Сыргакты,
Катары менен бир коюп.
Калың элди Күлчоро,
Айдап алды сайгылап.
Абайлап бала карабай,
Өлөмүн деп самабай.
Эки жагын карабай,
Эр Күлчоро арыстан.
Келе жатат катуулап,
Жалаң кылыч колго алып,
Жанына келген душманын.
Жамгыр жааган эмедей,
Жабырата чапкылап.
Бала да болсо Күлчоро,
Айдап келди коктуга.
Бет маңдайын караса,
Беш миңдей адам жаа менен.
Бетинен жаанын октору,
Олбокко келип бир тийип,
Алманбеттин алмабаш.
Алиги бала Күлчоро,
Алды эми колуна.
Козголбогон эр неме,
Жаа тартуучу мыктысын.
Мээлеп тартып ийгенде,
Беш коргошун бир кетип.
Беш алтоону сулата,
Жабыла качып жээдигер.
Жайла жолго салганда,
Алдынан тосуп Канчоро.
Артынан тушуп Күлчоро.
Алды жоону кубалап.
Кылычтын үнү шаркырап,
Ай балта үнү шаңгырап.
Найза менен Күлчоро,
Экини катар ыргыта.
Төлөк менен Төлөбай,
Калча менен Кадырбай.
Канчоро аба айда деп.
Толтой менен Сыргагын.
Жалгыз мага ташта деп,
Күлчоро жүрөт күжүлдөп.
Күчөнгөн душман качпа деп.
Акылыңдан шашпа деп,
Алдына түшкөн алтымыш,
Алты саат урушта,
Арыстан бала караса.
Адам чыкпай калыптыр,
Айланып бала Күлчоро.
Ошондо бала Күлчоро,
Айланып карап баарысын.

Адашкан душман барбы деп,
Актелкидей буудандын.
Көкүрөгү тим эле,
Көрчү байкап ушунун.
Алтындан алты күн,
Он эки күнү жүгүргөн.
Толтой менен Күлчоро,
Он эки күнү алышып.
Атынан түшпөй карышып,
Артынан калбай Толтойдун,
Арыстан бала Күлчоро.
Жүргөн экен салышып,
Көпчүлүгүн бөлүштү.
Жыйырма сегиз күн деди,
Элдин алмак болушту.
Эсеби канча калганын,
Бетинен кеткен адам жок,
Белестен адам карасаң.
Колу сынып кокуйлап,
Копбой аткан андан көп.
Бели сынып безилдеп,
Тура албаган андан көп.
Жамбашына ок тийип,
Жата албаган мындан көп.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү мындан көп.
Эр мурутун шылыйтып,
Эл өлүгү мындан көп.
Белестен чыгып карачы,
Найза тийип жүрөккө.
Малынганлар бар экен,
Айбалта тийип башына.
Жарылгандар бар экен,
Чоюн баш тийип башына.
Чокулгандар андан көп,
Ак албарс тийип мойнуна.
Алкынгандар мындан көп,
Ай балта тийип башына.
Айылгандар дагы бар,
Чоюнбай тийип мурдуна.
Былчыйып жүргөн дагы бар,
Сыр найза тийип этине.
Булчуюп жүргөн анда бар,
Бууданынан айрылып.
Бурада басып жөө качкан,
Азаматтар дагы бар.
Куюшканы үзүлүп,
Шалаңдаган анда бар.
Басмайылы үзүлүп,
Бастыра албай кайсалап.
Атынан түшүп кыяда,
Алаңдаган андан көп.
Элдин өлгөн ичинен,
Эсебин кулдар сурады.
Эсебин жыйган Ажыбай,
Айтты бизден мынча жок.
Алган жоодон жогол он эки миң,
Элден жок болду.
Толтой кирди бакыра,
Аскерин жыя чакыра.
Алды Толтой түрүсүн,
Жээдигердин кашына.
Кечеки келген адамдан.
Жыйырма төрт миң,
Жок болуп өлгөнү менен жарадар.
Ичинде мунун бир болуп,
Кайраттана баштады,
Кайра согуш башталды.
Ала белде абакем,
Айласы кандай болду экен.
Айчүрөк жеңем келсе экен.
Кабар алып ошондон,
Кайда экенин билели.
Дешип кулдар кеңешип,
Келди жоонун бетине,
Эр Күлчоро кеп айтаи.

Эмне уруш салалы,
Эмине болсо мейли деп.
Эки кул мындан аттанды
Согуш сонун белем деп,
Өз алдынча шаттанды.
Беттен адам даай албай,
Белгилүү кулдар келе атат.
Бетегелүү түз менен.
Берендер келет жарыша,
Бетбак Толтой качпа деп.
Белсенип жоодон шашпа деп,
Бетинде калың душманын.
Жоо экен деп самабай,
Киши ордуна теңебей.
Кишиби ушул Толтой деп.
Камарабайт,  кенебейт.
Кайда кожо болду деп.
Кандай жайда абакем,
Каба болду белем деп.
Кабарын угуп биле албай,
Капата болду эки кул.
Кан Акундун Айчүрөк,
Келди кулдун жанына.
Ошондо балдар кеп сурайт,
Абакем канлай деп сурайт.\
Арыстандай эки кул,
Айбатыңа экөөңө.
Каражаным айлансын,
Кагылайын экөөң тең.
Кабарды менден сурадын.
Абакең жатат атыша,
Чыңкожо экөө кайрылып.
Абаң жаман кайгырды,
Бук болуп абаң а жерде.
Отурат бир аз атыша,
Балдар билди кабарды.
Айткыла менден деп айткан,
Абакең силер салам деп.
Атына минип эки кул,
Алкымды карай жөнөдү.
Адырдан ашып келатса,
Адардын баары чаң болгон.
Адамзаттын өлүгү,
Аскалуу тоодой бар болгон.
Арсыландай эки кул,
Азыр келди бастыра.
Айыгышкан жоосуна.
Келди кулдар бастырып,
Кекенген жоонун кашына.
Балдардын түрү ушундай,
Барчын учуп уядан,
Бадалдан көргөн түрдөнүп.
Балдар карап турабы,
Барабан тартып кең сайдын.
Манастан ураан чон сайдан,
Жээдигер жатат бет ала.
Жамгырдай кылып ок ата,
Ойон эки кул кирди.
Орто жоого бет ала,
Толтой менен Күлчоро.
Чоюн менен чабышып,
Кабылан бала Канчоро.
Калган алтоон бет алып,
Канчоро кетти салышып.
Кайра болду кан согуш,
Караңгы түндүн ичинде.
Караңгыда эки кул,
Кара чаар жолборстой,
Кайра кулдар жойлоду.
Бетин миңди салышып,
Бирин тирүү койбостон.
Берен балдар сулатып.
Таң сөгүлө чаң болуп,
Таң атканда караса.
Топ тобу менен жыгылган,
Тоодой өлүк бар болуп.

Куюшканы үзүлүп,
Шалактаган андан көп.
Айланайын жалгызым,
Кай жерде өлүп калды деп.
Алаңдаган андан көп,
Буту сынып буралып,
Буркургаан андан көп.
Бул ушу билген деп.
Буйгутта калса жашынып,
Бул бир укмуш болду деп.
Жемелеген андан көп,
Жылгадан чыкты он-он беш.
Коктуга өлгөн өлүккө,
Кошулуп жаткан андан бар.
Коржоюп туруп келишип,
Кол кармашып көрүшүп.
Калкта мындай нечен бар,
Капа да болуп ошерде.
Кайгыр ыйлап канча адам,
Калганынын буту-колу жок.
Кагылайын мени да,
Кошо ала кеткин деп.
Көпбой аткан андан көп,
Көк жал бала Күлчоро.
Көк телки менен Канчоро,
Келди эми айылга.
Келип минди ат алып,
Кетти кулдар аттана.
Бала да болсо бул экөө,
Басташкан жоону жеңчүдөй.
Кан агып суудай болгон кез.
Күлчоро сайып өткөн кез.
Канчоро башын кескен кез,
Качпай кулдар урушуп.
Кан майдандуу согушта,
Кан аралап жүргөн кез.
Абасы мунун семетей.
Арада жатат атыша,
Арманда болду арыстан.
Ардактуу Манас баласы,
Ачуусу келди абыдан.
Айласы кетип абыдан,
Арбуудан учуп чыга албай.
Армандуу болуп каламы,
Атаганат дүнүйө,
Эмне кылам кожого.
Аткан менен ок жетпейт,
Айласын кандай кыламын.
Ат үстүнөн сайышсак,
Албайт белем кожону.
Деп Семетей кайгырып,
Арыстан аттан түштү эми.
Ак олпокту чечти эми.
Катынга барчу эмедей,
Кара чапан желбегей.
Кызга барчу эмедей,
Кызыл чапан желбегей.
Кыяга тушап буурулду,
Отурду жездең кенебей.
Асмандагы кожону,
Адам сынтып теңебей
Мына ошондо арыстан,
Армандуу болуп абыдан.
Асмандан кожо байкады,
Айланып учуп калганы.
Асмандатып ок ата,
Кожо жөнөп калганда.
Атынын келди жанына,
Айкөлдүн уулу жездекең.
Атына минип жол тарта,
Асманга карай Семетей.
Ок чыгарды жанаша,
Келди кожо башына.
Кийгенин көрдү абайлап,
Кыраакы кожо карады.
Семетейдин караанын,

Байкады кожо абыдан.
Ак олпок кийбей отурган,
Арыстандын чамасын.
Берет экен кудай деп,
Берки кожо камынды.
Абдан карап бек таанып,
Чыр бараңга ок салды.
Он алты дүрмөт бош салды,
Оң колтуктун түбү деп.
Өпкө менен колконун,
Турган жери ушу деп.
Тартып кожо алганда,
Он алтысы бир кетти.
Ордун салып арбуудан,
Ордуна жыла ал берди.
Оң колтукка коргошун,
Аяктай болгон кызыл эт.
Ала учуп ал кетти,
Колун өйдө көтөрүп.
Атамын деп Семетей,
Аталбай калды жармаша,
Ак келтенин замогун.
Арыстан кармап аталбайт,
Колтугу ысып баратат.
Кокуй жезде эмне деп,
Куу Тынай келди жанына.
Түшө калып атынан,
Келди чуркап жанына.
Асмандан тийди мага деп,
Арыстан отур жанында.
Башын салып ар буудан,
Ботосу өлгөн ингендей.
Боздоп турат буурул ат,
Ак олпокту куу Тынай.
Акырын алып жапты эми,
Айласы канса Семетей.
Арыстан туруп ордунан,
Атына араң минди эми,
Ок жаңылып калганын.
Ойрон кожо билди эми.
Бетине туман алды эми,
Бештен удаа ок атып.
Манастын уулу Семеңдин,
Артына түшүп алды эми,
Ок жаңылып калганын.
Ойон кожо билди эми.
Башынан туман арттырбай,
Жамгыр кылып куйду эми.
Жаан жагаан эмедей,
Ак олпоко тийди эми.
Анын чыга болбостон,
Айчүрөк учуп келди эми.
Айланайын төрөм деп,
Ардагы чочуп кетти эми.
Атынан алып түшүрүп,
Канынын баарын Айчүрөк.
Кана кандай экен деп,
Соруп Чүрөк тазалап.
Ак жибек менен таңды эми.
Алты уру даары койду эми.
Абайлап жеңең билгизбей,
Атына алып мингизип.
Кулдарын карай кыялап,
Арыстан качып калды эми.
Арбуудан менен Семетей.
Ак-Дөбөдө келе атат,
Алдыма келсин эки кул.
Чакыргын мында ылдам деп,
Арыстан мындай дегенде.
Артындагы куу Тынай,
Айылды карай салды эми.
Абайлабай чурата,
Ажыбайга барды эми.
Айкөл жезде Семетей,
Азыраак ок жаңылып.
Кулдарым келсин мында деп,

Куу Тынайдан кеп угуп.
Атка минип Ажыбай,
Акылдашар чунак ай.
Алкымдагы балдарга,
Ажыбай эми аттанды.
Канчорого келди эми,
Кайда бала Күлчоро.
Бери келгин баатыр мында деп,
Берен абаң Семетей.
Ок жаңылды деп уктум,
Экөөң бирдей баргыла.
Мен турайын урушта,
Деп Ажыбай айтканда.
Ат которуп миништи,
Тон которуп кийишти.
Жан адамга билгизбей,
Жалгыз жол менен эки дөө.
Жандай салып киришти,
Мына ошондо эки кул.
Жетип мында келишти,
Жеткенде өөп бетинен.
Абасы менен көрүштү,
Эмине болду аба деп.
Эси чыгып кетишти,
Эмне себеп ок тийди.
Же кийиминди тештиби?
Же келип сага тийдиби,
Башка жериң аманбы?
Айлансын сенден эки кул.
Абаке эмне сонун деп,
Абасына келди эми.
Келип салам берди эми,
Келгенде баатыр Семетей.
Кеп сүйлөдү мамындай.
Келбетиңе эки кул,
Кеттиң аба садага.
Келдиңер эми жаныма,
Кызматыңа экөөңдүн.
Жаным курман садага,
Эрдтгтңер билинди.
Айдап коштоп экөөң тең,
Жээдигерди чогулттуң.
Тоодой кылып өлүгүн.
Ыраазымын экөөңө,
Менин сидер барымда.
Бээжинге барам дечү элем,
Алдыма минген буурул ат.
Асманга балдар жете албайт,
Акеңдин кетти амалы.
Ат үстүнөн сайышпай,
Кожонун өттү амалы.
Силерге айтар кеңешим,
Айланайын балдарым.
Жакбайт аба мунуң деп,
Жаман көрөр бекенсиң.
Урушту эми тыялы,
Асмандагы кожого.
Алалы мында чакырып,
Айчүрөктү берели.
Он төрт атты берели,
Өзүбүз элге кетели.
Менин сөзүм кандай деп,
Семетейдин сөзүнө.
Күлчоро бала кеп айтат.
Эй абаке Семетей,
Ойноп айткан сөзүңбү.
Чындап айткан сөзүңбү,
Чындап айтсаң Семетей.
Соолутуңбу тилекти,
Кожодон коркуп сен турсаң.
Коё берчи мени эми,
Айдай болгон буурул ат.
Аны кантип кыямын,
Күндөй болгон Айчүрөк.
Муну кантип кыямын,
Колуң барбай сен турсаң.

Кожонун берип азабын,
Мен барайын жаңыдан.
Келе бери келтени,
Келтирейин кезегин.
Келсе кожо эсебин,
Багыштын уулу Толтойго.
Тирүү туруп абаке,
Кулдарың бербейт аттарын.
Кууракан жоого биз бердик,
Курман болду нечени.
Курушуп ичи эки жаап,
Жээдигер качат эмеспи.
Атыңызды бериңиз,
Кулуңдун билип амалын.
Эртең келип абаке,
Агаңды алып кетиңиз.
Буурул минди токунуп.
Буруксуган бачагар.
Буудан минди бурулуп,
Кете бер аба эми деп,
Куу Тынайды ээрчитип.
Курган бала Күлчоро,
Келди белем бастыра,
Келип токтоп ал турду.
Келбеттүү бала Күлчоро,
Ак дүрбүнү көзүнө.
Абдан мыктап байлады,
Абасына боору ачып.
Калган экен Күлчоро,
Кайран бала шаңданып.
Бетине туман алган кул,
Семетейди кубалап,
Артына түшүп Чыңкожо.
Абайлабай жабыстап,
Ылдый түшүп келиптир.
Келип кулдар сүйлөшүп,
Кеткенин эми билиптир.
Наалат айтып кожого,
Бала турат бу жерде.
Көргөндөн кийин Чыңкожо,
Кудай алсын Толтой деп.
Кудайга сени койдум деп,
Куткazбай эки кулду деп.
Айтпадым беле канча мен,
Армансыз жоом Семетей.
Эгерде кулдар келбесе,
Кетпейт белем талкалап.
Келди кулдар кашына,
Кеңешип эми алдыго.
Каргадай болгон кысталак,
Кароолго ошо калды го.
Катуулап өөдө учайын,
Катуу берген эле деп.
Кожо кайра тартканда,
Көч жакында Күлчоро.
Күн батыштан булутту,
Шамал менен айдады.
Шыбыркак бороон салды эми,
Булуттун баарын ачты эми,
Алманбеттин жай ташын.
Колуна кармап күндү ача,
Көзүн салып караса.
Кожонун көрдү караанын,
Каргадай болуп айланат.
Айласы кетип Чыңкожо,
Асмандап эми баратат.
Ошондо баатыр Күлчоро,
Ак келтени алды эми.
Алды ичин тазалап,
Абдан артып алды эми.
Алтымыш окту салды эми,
Ок менен кожо антташа.
Жетбей койсо сени урсун,
Тийбей койсо мени урсун.
Жараткан Алла бир кудай,
Жаңылта көрбө эми деп,

Атакем Манас чын болсоң.
Арбакында колдогун,
Алдымда турат тузугор,
Ушуну кожо мээлегин,
Жазып баатыр мен калсам,
Акыретке барганда.
Жакаңдан колум кетпейт деп,
Жалгыз уулуң Семетей.
Жан адам колу тийбеген,
Иниңдин колу тийди го.
Колдо Манас эми деп,
Мээледи белем Күлчоро.
Тартып ийди замогун,
Алтымыш дүрмөт бир кетти.
Жетип тийди кожого,
Көкүрөгүн  талкалап.
Көөдөнүнө коргошун,
Кирди эми чалкалап.
Эси ооп Чыңкожо,
Уча албады калкылдап,
Көрсөтө аттым беле деп.
Жана тартып жиберди,
Коргошун жетип кожоңо.
Эгинен тийип чокудан,
Чын кандай болду көрүнө.
Көк ала көрпө, суусар бөрк,
Кетти баштан жарк этип,
Көргөндө чоро Манастан.
Атынан жерге түштү эми.
Арбагына Манастын,
Абдан болду ыраазы.
Атам Манас баатырдын,
Бириси мага келдиби.
Белгилүү душман кожону,
Башын кесип алайын.
Байланып алып абама,
Башы мына эми деп.
Инисине берейин,
Деп Күлчоро ойлонуп.
Келсин эми кожо деп,
Отурат бала толгонуп.
Мына ошондо Күлчоро,
Турнабай салып караса.
Эмне болду экен деп,
Арт жагында аскерди.
Не болду деп самаса,
Калың жоого Семетей.
Кан абаң барган бастыра,
Душманына Семетей.
Кирди эми жаңыдан,
Толтойду сайып түшүрө.
Сол колу менен Семетей,
Кан согуштун ичинде.
Каарданып бакырып,
Кан абакең Семетей.
Жоодо жүрөт жабыра,
Кирген жерин жоготуп.
Кан агызып кыйратып,
Чоң тору ат менен Семетей.
Алышып адам келе албай,
Мунусу кайда жүргөн деп.
Жээдигер эми таң болуп,
Жебелүү күлүк ат менен.
Жездең жоону жабыра,
Кетти кул отуруп.
Кең адырлуу бел менен,
Кере күндүк жер экен.
Кенебеген эр неме,
Кайра тартты таң ата.
Арыстан Манас баласы,
Арада да бала ат айдап.
Айланып жоодон арсылан,
Келди эми бастыра.
Кереметтүү эр Семең,
Келип түшүп отурду.
Калың элдин жанына,

Кабар айтып Айчүрөк.
Келди Семең жанына,
Айланайын төрөбүз.
Сүйүнчү баатыр, сүйүнчү,
Кароолду карап турду бейм.
Каргадай иниң кысталак,
Кожону атты асмандан.
Кой эми баатыр баралы,
Деп жеңекең учканда.
А жерде жалгыз Канчоро,
Жоону тозуп калганы.
Арыктан Семең жөнөдү,
Кулун карай бастыра.
Күлчорону бет алып,
Келди баатыр кашына.
Кеп айтат бала Күлчоро,
Кел атат аба тозуп ал.
Агаңдын минип атына,
Абаке эми туура тарт.
Күлүк кара ат минип,
Артыман чогу келерсиң.
Алдыга эми барайын,
Аман бекен Канчоро.
Андан да кабар алайын,
Деп Күлчоро аттана.
Жөнөмөк болду шаттана,
Мына ошондо Семетей.
Өлгөнүн билди Чыңкожо,
Түбү бирге болгон соң.
Болбойт экен дүнүйө,
Жашып ыйлап Семетей.
Султан тура калганда,
Сурданып бала Күлчоро.
Эми аба эмне деп,
Көзүңөн жашың кылгырат.
Көздөп атып алам деп,
Кожо саган жармашкан.
Көрүп алып асмандан,
Каңтара сага ок аткан.
Атмак түгүл абаке,
Атып сени алам деп.
Артыңа түшүп дагы алган,
Алмак түгүл Чыңкожо.
Колтугуңа ок аткан,
Кайгырып байлайсың.
Кара жаның кыйнайсың,
Кыйбай турган агаңды.
Эмне үчүн тыйбайсың,
Эки көздө жашыңды.
Эмне үчүн тыйбайсың,
Тууганың экен Чыңкожо.
Абаке ошону үчүн ыйлайсың,
Кайра тартпай сени атса.
Кайгырып теги ыйлайсың,
Калып алып келиңиз.
Абакеңди баатыр деп,
Кайра атка минди эми.
Каргашалуу Толтойдун,
Кара таандай элине.
Кабылан чоро жүрдөмү,
Кайра тартып келе атса.
Каранын элдин байкады,
Каны андан кеткенде,
Кайра жетип жээдигер.
Каптал менен салыптыр,
Кайран чоро баланы.
Тегеректеп калыптыр,
Каның кайда кетти деп.
Канчоронун качыптыр,
Канчоро жатат сайышып.
Кан майдандуу урушта,
Канчорого жардамдаш.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Карачайлуу сыр найза.
Качпай булар сайышып,
Алты бөрү бир тайдын.

Жесе тарпын коёбу,
Алты мыкты бир болсо.
Бир мыктыны коёбу,
Эр Канчоро баланы.
Алды белем жекелеп.
Бир жакын аттан жабырса,
Бир жагы келет качырып.
Бала да болсо Канчоро,
Эки күнү жалгыз эр.
Чыдады белем сайышып,
Бир убакта канетсин.
Кайра тартып Канчоро,
Качып калды бурулуп.
Артына түшүп Жээдигер,
Кулду карма эми деп.
Кууп келет элирип,
Артына түшкөн Жээдигер.
Калчанын уулу Кадырбай,
Кара тумшук капырай.
Алты күлүк ат менен,
Канчоро качып келатат.
Көч жагында Кадырбай,
Кадамын улам узатпай.
Кашкая кууп келатат,
Солунан минип оңунан.
Адис бала Канчоро,
Алты бирдей акимин.
Бири жетип сая албай,
Көт жагында келе атат.
Көргөндө муну Ажыбай,
Бир жагынан качырып.
Кирди бу да жабырып,
Ажыбай Толтой беттешип.
Капшытынан Түмөнбай,
Буда кирди эптешип.
Көчөнүн калды четине,
Элдин баары дүрбөшүп.
Бакка чыккан андан көп.
Мына ошондо Күлчоро,
Адырдан салып караса.
Канчоро барат жанаша,
Кайра тартпай Канчоро.
Калааны көздөй баратат,
Тууган деген курусун.
Туура жол менен барганча,
Өлтүрүп кулду койгудай.
Бура тарта салды эми,
Бут бою ак жардан.
Бута аткандай түйүлтүп,
Буракандап чоң аккан.
Бура сууну кечирип,
Бетине келген эмени.
Берен сабап баратат,
Абаке бери тарткын деп.
Атыңдын башын буруңуз,
Арам күйөө Толтойду.
Алдыма өзүм салам деп,
Арбуудан менен Күлчоро.
Жетип чоро келди эми,
Жеткенде сүрүп Толтойду.
Жаңкы чоро тийди эми.
Кайра тартып Канчоро,
Калган башөөн сүрдү эми.
Калча менен беттешип,
Камбыл бала эмеспи.
Калчасы менен Кадырбай,
Кайра айдады капырай.
Карагай найза кагышып,
Каары келип калыптыр.
Калча деген акимин,
Канчоро сайып түшүрүп.
Кармай алып сулпукор,
Казыр башын кести эми.
Карагерди жетелеп,
Кан Ажыбай сен ал деп.
Кармата берип Канчоро,

Калганын башын байланып.
Кабар тийди аңгыча,
Кайран кожо өлдү деп.
Жээдигер жүрөт сүйлөшүп,
Жеткилең кожо ал өлсө.
Кантип адам чак келет,
Асмандап учкан Чыңкожо.
Атып чоро түшүрсө,
Адам даап барабы.
Бетине киши келеби,
Безилдеген чорого.
Миллион адам түтөбү,
Аттын оозун буралы.
Ат  менен кошо жан багып,
Айылды көздөй сызалы.
Дешип эми кеңешип,
Жээдигер минтип айтканын.
Эр Толтой эми билди эми,
Элин жыйып келди эми.
Элине Толтой сүйлөдү,
Эми сага айтаарым.
Ажал жетсе кудайдан,
Айылда жатсаң өлөсүң.
Кача турган болсоңор,
Кайра тартып мен азыр.
Калкым сени кырамын,
Бир ай эми урушам.
Анан кайтам элиме,
Деп эр Толтой аттанды.
Желдей сызган Сур коён.
Жебелүү күлүк мал менен,
Жеткилең бала Күлчоро.
Жейрендерден кайтара,
Жетти Толтой балага.
Жер менен көктү бүлөнө,
Жекелөөчү эмедей.
Желдей учуп аттары,
Жети күнү сайышып.
Жээктин баары тим эле,
Жердей болду казылып.
Жээкке элдин өлүгү,
Жер майлады чогулуп.
Он беш күнгө толгондо,
Артын Толтой байкаса.
Абайлап элин караса,
Эки-экиден кобурап.
Элдин көбү качыптыр,
Эмне шумдук ушу деп.
Эси чыгып эр Толтой,
Элин карай салганы.
Элди жыйнап өкүрүп,
Эси кетти эр Толтой.
Ээн талаа чөл менен,
Элин жыйнап келе атат.
Атаңдын көрү жээдигер,
Эми эмине дедиңер.
Эки-экиден сүйлөшүп,
Качсаңар акмак болдуңар.
Кан Манастын баласы,
Каргадай калмак жанагы.
Карма эми кулду деп,
Кара жолдун боюнда.
Канчоро менен Кадырбай,
Кармашты абдан салышты.
Кана мени алгын деп,
Качпай тура беришип.
Кадырбайды Канчоро,
Кайра тартып сайганда.
Как жүрөктүн башы деп.
Кара өпкөнүн кашы деп,
Качырып найза сайганда.
Кадырбай кетти куланып,
Кара чаар жолборс бейм.
Канчоро кармап кылычын,
Кадырбайдын как башын.
Канчоро бала кести эми.

Кара сурга байланып,
Кан Ажыбай алгын деп.
Калган элин кубалап,
Кайра тартып беттесе.
Каргадай сайып бул алып,
Кантерин билбей Жээдигер.
Качып калды жайылып,
Туусу калды жыгылып.
Жээдигер кетти жабыла,
Сай-сайга кирди камына.
Канчоро барат жол менен,
Канчаларын сулатып.
Кара таандай жээдигер,
Качып кетип баратат.
Артына түшүп эр чоро,
Ашкере кууп баратат.
Мына ошондо эр Толтой,
Төлөк менен Төлөбай.
Бул үчөө менен урушуп,
Буурул ат менен Күлчоро.
Бугутуда Толтойду.
Буткулда жатты бир күнү,
Тымбай булар урушуп.
Караңгыда согушуп,
Кармап алам кулду деп.
Калкынын барын киргин деп,
Каарданып бакыра.
Толтой жүрөт чакыра,
Карматпай бала Күлчоро.
Карагай найза өңөрүп,
Кайраттанып көгөрүп.
Каршысынан Төлөбай,
Көрдү чоро караанын.
Качпа баатыр эми деп,
Качырып сала берди эми.
Кайра тартпай Күлчоро,
Каршы кирип келди эми.
Калмак ээрдин башы деп,
Как табарсыктын кашы деп.
Кабылан бала найзаны,
Качырып сунуп калды эми.
Кармашмак болуп эки дөө,
Качырып кирди элине.
Кармашка ыктуу Күлчоро,
Калканды тозо берди эми.
Как найза менен Күлчоро,
Кармап муштап өттү эми.
Каргадай кылып эр кулуң,
Кармап сайып алды эми.
Кайра сууруп алганда,
Атынан кетти Төлөбай.
Үстөмөндөп жыгылып,
Сулпукор сууруп Күлчоро.
Башын кесип байланып,
Кула жээрде күлүк ат.
Жетеке бала коштошуп,
Жетип мындан топ бузуп.
Жээдигердин көргөнү,
Жанынан кетти түңүлүп.
Бир жагы минтип атканда,
Канетсин Толтой бей байда.
Кайра тартып жездекең,
Качып калды бел аша.
Кабыландай Күлчоро,
Карма кулду качпагын.
Катындай Толтой качпагын,
Деп Күлчоро бакырып.
Артындагы Жээдигер,
Айдады чоро сапырып.
Алты миңдей жээдигер,
Арыстан бала Күлчоро.
Алдыга салды жабырып,
Адырдан адам кутказбай.
Арсыландай эки кулду,
Жоонун кетти айласы.
Кермедеги аттарын,

Келип айдап баратат.
Чатырын кулдар бүктөтө,
Сары атаңга жүктөтө.
Салгылашып баратат,
Сары талаа бел менен.
Санаада болуп эр Толтой,
Саргайып кетип баратат.
Самаганга жетчүдөй,
Салабаттуу кишидей.
Самаганым ушу деп,
Сары изине чөп салып.
Сары алтындай Күлчоро,
Сары белде Толтойду.
Сабап кууп келе атат,
Сегиз миңдей жээдигер.
Сер көлүнүн белинде,
Ары эңкейип баратат.
Алар кайсы болду деп,
Айбатты артык Күлчоро.
Абайлап көзүн салды эми,
Абасы мунун Канчоро.
Абдан таанып алды эми.
Күлчоро көрдү караанын,
Билди эми бар анын.
Жетейин эми ага деп,
Жергилүү баатыр самады.
Жебелүү күлүк арбуудан,
Жер майтара чурата.
Жетти Толтой баатырга,
Беттешип чоро сайышып.
Беш миңдей жээдигерди,
Жоготту чоро ушерден.
Сойлотту белем кысталак,
Сойгон койдун канындай.
Кандар акты шыркырап,
Азаматтын бир далай.
Кетти белем чыркырап,
Мына ошондо Канчоро.
Капталдан талаа, түз менен,
Жуманын уулу Сыргак кул.
Мына ушул экөө менен,
Канчоро жатат атышып.
Кандар агып тим эле,
Кара жерди май кылып.
Кабылан бала Канчоро,
Кирди белем Сыргакка.
Жеке баатыр эми деп,
Желпинип учуп жөнөдү.
Атына минип а дагы,
Качырып бала калганы.
Карагай найза майышып,
Кармалашып сайышып.
Бура тарта беришип,
Бугудай эрлер челишип.
Кайра тарта беришип,
Кабыландай баатырлар.
Как малашып эңишип.
Качпай тура беришип,
Как жүрөктүн тушу деп.
Как найза менен челишип,
Как ушундай сайышып.
Канчоро менен Сыргак алышып,
Кара тоонун түбүндө.
Кармашты мыкты салышкан,
Кармалашып алышкан.
Кара тоодо бул экөө,
Канча бир күнү сайышкан.
Кантерин билбей жээдигер,
Кайра тартып бараткан.
Кадектүү бала Канчоро,
Көк телкиге камчы уруп.
Көк темирлүү чоң найза,
Көк жал чоро көтөрүп.
Эрди артык бир далай,
Бу да намыска тууган чунак ай.
Буудан менен бура ата,

Кирди чоро чурата.
Барганда чоро артынан,
Качканы кетти кутулуп.
Кайрат кылам дегендин,
Каны суудай жутулуп.
Кан баласы эмеспи,
Качпа Сырак баатыр деп.
Канчоро кирди кубалап,
Кайра жетип артынан,
Кармай алып атынан.
Кармашка ченеп жасаган,
Кара жаак айбалта.
Как дедире бир салды,
Сууруп алып жой болот.
Сурданып бала Канчоро,
Кайда баатыр барасың.
Кармадым эми сени деп,
Шилтеп өтө бергенде.
Башы кетти кесилип,
Башында турган жээдигер.
Кашты белем дыркырап,
Атына алып коштотуп.
Арыстандай Канчоро,
Жөнөдү жана толукшуп.
Качкан жоонун артынан,
Кайран чоро келе атат.
Баякы кеткен Күлчоро,
Баатыр эмне болду экен.
Байкайлычы кабарды,
Багыштын уулу Толтойго.
Арбуудан менен арыта,
Кирди чоро жорута.
Сегиз миңдей эл менен,
Шыгайдын уулу кожонун.
Кырк жигитин ээрчитип,
Кетип барат эр Толтой.
Жетип чоро келди эми,
Каршы-терши сулата.
Кармаган колдо сулпукор,
Катары менен алтыны.
Кармаган бойдон бир жолу,
Катар шилтеп баратат.
Караңгыда ким билет,
Кайда Толтой баатыр деп.
Кармашка чыккын эми деп,
Кайран чоро кыйкырат.
Каткырып күлүп баратат,
Карышкырдай ал чунак.
Каршысынан адамдын,
Калтырбады караанын.
Ошондо Толтой токтоду,
Акылы артык Күлчоро.
Арбуудан менен артынан,
Алманбеттин кулуну.
Алдамчы Толтой кана деп,
Алтымыш миңдей жээдигер.
Абайлап чоро караса,
Алты жүздөй калыптыр.
Сур коёндун туягы,
Сурданып бала Күлчоро.
Эми таап алды эми,
Кармаймын деп Толтойду.
Каршы чыгып барды эми,
Кырк жигитти Күлчоро.
Кыдырата сулатып,
Кыраан бала умтулуп.
Кыраакы Толтой токто деп,
Кыйсүбөнүн этине.
Келтире найза урду эми,
Кыяр Толтой жалт берип.
Кыя тарта берди эми,
Таң агара сөгүлүп.
Тар жолго келди чурата,
Тарткын атын башын деп.
Таранып алган шумкардай,
Тартынбай айдап жээдигер.

Таруудайдан талкандап,
Тынардай болгон кысталак.
Тобу менен Толтойду,
Тоо жыккандай уратып.
Түнү согуш ичинде,
Тоодой болгон Толтойду.
Тогуз сайып урата,
Томуктай бала Күлчоро.
Тоодой Толтой баатырды,
Тоболоңун тозтоопту.
Жалгыз качып жездекең,
Келе жатат чурата.
Артында кууп ат менен,
Арыстан бала келе атат.
Мына ошондо Айчүрөк,
Сексен келин, сексен кыз,
Алдына койгон тозгузуп,
Айрөөк жезде, айрөөк деп.
Каргадай болгон баладан,
Кайран Толтой качты деп.
Катар тура калышып,
Кыщдар шылдың кылганда.
Кайра тартып эр Толтой,
Качырышып калганда.
Алты күнү сайышып,
Найзанын баары кыйрады.
Ай балтаны алышып,
Аябай мыктап чабышып.
Ай балтанын саптары,
Таруудайдан талкандап.
Атынан түшө калышып,
Алты күнү бул экөө.
Күрөштү мыктап салышып,
Булар минтип атканда.
Алты күлүк ат менен,
Арыстан Семең келаткан.
Чыңкожонун кара атын,
Арыстан минген жактыра.
Желип койбойт чоң кара ат,
Алты күнү талаада.
Арыстан келет ат баспай,
Касташкан душман бар болсо.
Калкадай баатыр талаада,
Он эки күнгө толгондо.
Жетип Семең келди эми,
Желмогуз Толтой жанына.
Күрөшүп мында турасың,
Кармашың калбай чырагым.
Карма башын кескин деп,
Кара болот сулпукар.
Кармай алып сабынан,
Канкор тартып ийгенде.
Карман Толтой сулады,
Карап турган Суркоён.
Кадимкидей ыйлады,
Качканды кууп отуруп.
Жеткайга кирип барышты,
Жер жаңырып элди алып.
Желекти сайып салышты,
Жети күндүн ичинде.
Кайра тартты эр Семең,
Жетимиш төөгө жүк жүктөп.
Жети миң жылкы айдатып,
Эр Күлчоро, Канчоро.
Экөө мында келиптир,
Кабар айткан жээдигер.
Башын эми бериптир,
Баатыр Семең ушинтип.
Душманын эми жеңиптир.
Арыстан Семең жетти эми,
Артынан түшүп душмандын.
Айылына кирип келишти,
Айбаты кыйын эр неме.
Арыстан уулу эр Семең,
Арамзаада Толтойдун.
Ичи бузук жолтондун,

Имере кармап айылынан.
Үрү менен мал алып,
Ат аябай мол алып.
Ар нерседен мол алып,
Алты күнгө толгондо.
Айлым Семең аттана,
Кайра тартып камына.
Качкан жоосун куткарбай,
Кан майдан согуш ичинде.
Канча түрдүү дүнүйө,
Карык болду баргандар.
Желини карыш бээ алып,
Желбилдеген төө алып.
Кармап буудан ат алып,
Каныттары Семеңдин.
Карык болуп калышты,
Каткырышып күлүшүп.
Кандай сонун жезде деп,
Катындары сүйүнүп.
Алты айдан бери камаган,
Арсыз Толтой өлдү деп.
Аланказар Чыңкожо,
Асманда окко учту деп.
Арбактуу Манас балдары,
Абийир алып келди деп.
Ата журтту майданда,
Арыстандай алышып.
Ал эки кулу жеңди деп,
Арбагы тирүү Манастын.
Арбагы конгон экен деп,
Айланып баары жабыла.
Алдынан чыкты Семеңдин,
Атына минип жарышып.
Алдына келген кишиге,
Алтын, күмүш зер берип.
Жанына келген кишиге,
Жамы туяк бул берип.
Жеңке тайга эр Семең,
Жетик тууган эр немең.
Жеткайдан аман келдим деп,
Жалпы журт эли билсин.
Жоомарттыгым уксун деп,
Жамырата күмүштөн.
Жарды менен жалчыга,
Жалпы кедей атына.
Аябай берип дүнүйө.

## СЕМЕТЕЙДИН АЙЧҮРӨККӨ ҮЙЛӨНҮШҮ

Арыстан келди бастыра.
Акундун келди шаарына,
Кан күйөөсү ушу деп.
Келин менен кыздарга,
Келбети артык уздарга.
Жеңке тайың ушу деп,
Жетимиш нарга бул берип.
Жеткайдан уулум келди деп,
Жеткирип элим алсын деп.
Кан Акун ачып казынасын,
Калкына чача баштады.
Жезде келди аман деп,
Жергилүү журту каранып.
Калың Үргөнч элине,
Кан Акун кабар салганы.
Калыктан адам калбасын,
Кан Манастын Семетей.
Кан күйөө тою болот деп,
Кимде-ким кабар уккандар.
Алтымыш күнү оюн де,
Жетимиш күнү тою де.
Деп кан Акун салды жардыкты,
Баатыр Семең төрөнү.
Ак кийизге салышып.

Көтөрүп муну алышып,
Он эки канат ак ордо.
Көтөрүшүп барышып,
Көк жал Семең баланы.
Күйөөсү ушул болом деп,
Күчү кыйын душманды.
Каарданып жеңди деп,
Кайраттуу жезде сизге.
Калктан бата берилип,
Алам деп келген душмандын,
Азабын колго берди деп.
Арыстандай алышып,
Арбактуу балдар жеңди деп.
Арсыз душман Толтойду,
Амалдуу кулдар жеңди деп.
Айланайын Күлчоро,
Артык бала экен деп.
Семетейдин багына,
Бүтүп берген экен деп.
Кошо жүргөн кошо айтып,
Көрүп жүргөн адамдар.
Чорону мактап көп айтып,
Чогулган элдин баары айтып.
Чородой болсо азамат,
Атадан артык белем деп.
Алманбеттин Күлчоро,
Аман болсун бала деп,
Айылына аман келгендер.
Чорону мактап жатышат,
Жоболоңдуу баланын.
Жоругун эми жактырат.
Эми минтип турганда,
Кан Акун сындуу кан экен.
Касиеттүу чал экен,
Кан Манас менен кудалаш.
Башынан сөзү бар экен,
Башташкан жоосун жеңди деп.
Балдарым эсен келди деп,
Урушкан жоосун жеңди деп.
Уландар эсен келди деп,
Урматтуу уулум Семетей,
Улугум менин келди деп.
Уулуман аяп не кылам,
Улуу журтум келсин деп.
Урматтап сыйлап Семеңди,
Угулсун элге даңкы деп.
Улуу журтка баркы деп,
Ушуну айтып кан Акун.
Ажыбай, Түмөн инисин,
Алдырып келип жанына.
Атасы айтып акылды,
Ай ааламды чакырды.
Айчүрөк менен Калыйман,
Алдына келди Акундун.
Айланайын эки кыз,
Атанын сөзүн уккула.
Ардактаган эки кыз,
А дегенде жараткан.
Асмандан бизге күн берген,
Ардактап сыйлап жараткан.
Алтын таажы так берген,
Ааламга кеткен Манастын.
Арбагы кыйын кишида,
Алты айчылык Бээжинге.
Алманбет, Манас шер кирген,
Алты сан Бээжин калаага.
Азизкандын Алманбет,
Арыстан Чубак эр эле.
Ак инектин белинде,
Атакең Манас келгенде.
Ала барып Манас шер,
Алдыма жылкы айдаткан,
Арыстан жаткан ак сарай,
Ал атакең Манас салдырган.
Айлансын атаң Акун кан,
Албарып муну кийгизкин.

Алманбет Чубак уулуна,
Арыстан уулум Семейге.
Алтындан кылган ак чепкен,
Атакең берди деп айткын.
Алы кыйын шерлер деп,
Арсызды жеңип кайтты де.
Алты күнү эс алсын,
Атасынын сөзү ушу де.
Алты күнү тамаша,
Алам десе элимен.
Алты сан кара мал алсын,
Алтымыш үңкүр казына.
Алтын күмүш, зер алсын,
Айткан сөзү ушу де.
Алтынга айым элиме,
Ардактап сыйлап баланы,
Айылына кеткин эми де.
Айткан сөзүм токтосун,
Алтымыш чүрөк жарыгым.
Аманат сөзү ушу де,
Акун кан сөзү токтоду.
Акундун кызы Айчүрөк,
Адамдан башка неме экен.
Акылга дыйкан кен экен,
Перинин кызы бей таалай.
Бели кындай, бети айдай,
Мелтиреген бей таалай.
Мунун да билгичтиги бир далай,
Алтын үскүй бобускөй.
Акы эки кыз отурат,
Алтымыш жигит кайтарып.
Ак сарай карай жол салып,
Алдындагы буудандар.
Алып жетип барганда,
Ак сарай оозу ачылып.
Ак үйгө карай кашынып,
Акырын басып теңселе.
Акундун сулуу кыздарды,
Ак үйгө кирди керилип.
Булар да кеп айтуудан эринип,
Келди чүрөк мында деп.
Керебетте Семеңе,
Келип кулдар кеп айтып.
Кеткени мунун эки күн.
Эми эле араң келди деп.
Эригип калган эр Семең,
Тербилбеген эр немең.
Жатып, жатып ойгонуп,
Чай кайнатым болгондо.
Арсылан түрдүү толгонуп,
Ак шумкар куштай ойлонуп,
Айбаттуу баатыр эр Семең.
Азыр турду эр неме,
Алты келин, сегиз кыз.
Ак ордого киришти,
Амансызбы жезде деп,
Амандашып көрүштү,
Жакшы жезде турдуңбу.
Эрикпей жезде болдуңбу,
Эч ким келбей койду деп.
Же жезде капалатып азыраак,
Кантериң билбей жаттыңбы.
Кан Акундун Чүрөктүн,
Кайда барып келгенин.
Кай жерде эмне жүргөнүн,
Айтайын сизге түшүнтө.
Атакем биздин кан Акун,
Алдырып бизди алышты.
Ал жайын сурап сиздердин,
Кубанышып калышты.
Куткарган жоожон баатыр,
Рахмат айтып калышты.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Абалар анда бар экен.
Айласын кандай кылабыз,
Айкөлдүн уулу Семеңе.

Айлына качан жөнөтүп,
Акылды кандай кылалы.
Акмакты бүтүн тыялы,
Ааламга кеткен той кылып.
Айлананы жыялы,
Аким бала Семеңди.
Атагын бир элге чыгарып,
Айылына анан салалы.
Атакем минтип айтышты,
Арсыландай жезде капа
болбо азырак.
Азыр келип эжекем деп
Калыйман айтканда,
Баатыр семең кеп айтат.
Басташкан душман жеңилип,
Бакты консо башыңа.
Баардык адам тууганың,
Бала болсо Күлчоро.
Баатырым ушу сенсиң деп,
Баарынан артык көрөмүн.
Бала да болсо Күлчоро,
Бактысы артык эреним.
Жеңекең келсе эшикке,
Желпинип учат демилген.
Жети айлык Бээжинге,
Жеткизет абаң өлбөсөң.
Эмесе мындай кылалы,
Бууданды алып байлантып.
Сугарып суута кандырып,
Күрүч менен күрмөктү.
Он эки кочуш жем бергин,
Бүгүн сыртка чыгалы.
Бууданды сунай азырак,
Бөкөн кууп алалы.
Бир кумардан каналы,
Буудандарды биз бүгүн.
Суутуп балдар алалы,
Ат үстүнөн жаа тартып.
Кумардан балдар каналы,
Курусун жандын барында.
Кубанып балдар жыргайлы,
Күчтүү душман бар болсо.
Күрөшүп аны алалы,
Аман болсо Бээжинге.
Келерки жылы жайында,
Калмактан жылкы алалы.
Кан Коңурбай кытайдын,
Канын бир суудай чачалы.
Кандай дейсиң кебимди,
Деп Семетей айтканда.
Араң турган эки кул,
Аттарды алып сыгарып.
Аралата байлатып,
Аргымак сындуу буудандар.
Арыстандар токунуп,
Акылы артык эки кул.
Ар бууданды токуду,
Айбандан башка түрү бар.
Аркар менен бөкөндү,
Ар буудан кандай мал экен.
Артык туулган жылкыдан,
Касиеттүү мал экен.
Ээрин чоро алдырып,
Эркелетип бууданды.
Эртеден бери карматып.
Эки жолу бууданды,
Тазалатып Күлчоро.
Эң ичине жабуунун,
Ак шайы менен алтас.
Алды менен жабтырып,
Ар буудaнга Күлчоро.
Алтымыш жабуу жаптырып,
Ардактап буудан бакылып.
Ар нерсеге ылайык,
Ар буудандай тулпарга.
Алиги кулдар жанына,

Келди бир аз камынып.
Келишимдүү бууданды,
Күрүчтөн кошуп жем берип.
Азыраак байлап дем берип,
Абайлап балдар турушуп.
Аргымактын баарысын,
Асалап кулдар текшерип.
Жабууларын алдырып,
Жаңылатып жаптырып.
Сай күлүктүн баарысын,
Ак мамыга байлатып.
Арпадан кошуп жем берип,
Азыраак кулдар байкашып.
Аттарды бизден бөлүшүп,
Ар нерсе бар оюнда.
Акылдашып көнүшүп,
Отуруп алды мамыга.
Опсуз балдар ушулар,
Ойлонуп бир топ турушту.
Он күндөн кийин кетсек деп.
Элибизге жетсек деп.
Эркин ойноп Таласта.
Эми кайра кетсек деп.
Эми эле ылдам кетсек деп.
Эшикте кулдар отурса,
Эр Семең алды чакырып.
Эркелетип кулдарды,
Эрлерге кепти баштады.
Буудандарды байладым.
Буруксутуп аттарды,
Сууну көздөй айдадым.
Аттарга жемди бергенмин,
Абаке сага келгенмин.
Бууданга жемди бергенмин,
Улугум сага келгенмин.
Уруксат берсең абаке,
Урсаттаймын сени мен деле.
Улуу журт элден камың жок,
Бирок аба дагы эле.
Элге кетер санааң жок,
Атаңызга кеп айтсаң.
Кетели элге эми деп,
Кечирим сурап сен айтсаң.
Кең-Колду көздөй биз кайтсак,
Керилип элиң жаткандыр,
Эми болсо экен деп.
Энекем капа болгондур,
Эшиктен ойлоп отурдум.
Эртеден бери ойлосом,
Эрмектешип урушкан.
Эрлерди сайып биз алдык,
Эрте кайтсак экен деп.
Эмгектүү кулдар сурадык.
Эми сизге айтканым,
Эсиңе эми алсаңыз.
Эстедим эми ойлосоң,
Эмики сөздү сүйлөңүз.
Эмесе балдар кулак сал,
Эртеден атка минели.
Эрме тоонун адырын,
Эрте кезип баралы.
Эрмеке эми каналы,
Деп Семетей айтканда.
Жеңекең Чүрөк келди эми,
Эй Семетей баатыр кулак сал.
Айтайын деген сөзүм бар,
Атакеме бардым мен.
Айылдан кабар алдым мен,
Атайын барып агага.
Айтып кабар салдым мен,
Эртерек жүрөр эли ар.
Алты айдан бери кетпеди,
Азабын кулдар көрдү деп.
Атама муну айтканмын,
Атакем сага айтканы.
Ардактап сиздей асылга,

Ардактуу кийим беришти.
Эки кулуң кийсин деп,
Эстеп муну жүрсүн деп.
Белек берди баатырлар,
Бек бекитип силерге.
Белегим ушул болот деп,
Бергени ушул көк чепкен.
Куларыңа бергени,
Ушу баатыр эми деп.
Кулдар кийип көрүшүп,
Кубанды бир аз эрлериң.
Кулдар айтты ал келип,
Атына минип Семетей.
Ак олпок кийип арыстан,
Аттанды бир аз алыска.
Айланып балдар жарыша,
Алты мин адам жанында.
Ак шумкар колдо Семеңдин,
Адырдан аркар атышып.
Адис мерген Күлчоро,
Белесте турган текеден.
Бешти атып алуучу.
Кырда турган эчкиден,
Ойго кире бергиче.
Онду атып алуучу,
Обсуз мерген турбайбы.
Буга көңүл бурбайбы,
Атыма миндим эми деп.
Артыман кулдар тергин деп,
Айтып койгон элдери.
Аңгеме кыла жүрсүн деп,
Адис бала Күлчоро.
Айбаттуу Семең жанында,
Ак келте огу тоо жарып.
Алмабаш огу коо жарып,
Аттын оозун бурбастан,
Адис мерген ушулар.
Артынан эргип отуруп,
Аркар, кулжа, бөкөнгө.
Карык болду баргандар,
Атка артышып алышып,
Айылга кайра жөнөштү.
Кимиси кыйын атты деп,
Келгендер сурап жатышат,
Эриккендер кеп айтат.
Семетей менен Күлчоро,
Эр Канчоро бул үчөө.
Жигит экен ушулар,
Атканы жаза кетпеген.
Арыстан белем Күлчоро,
Кандай сонун уул экен.
Кайраттуу элдин баласы,
Ушундай болот экен деп.
Бали жигит Күлчоро,
Эр азамат уул экен.
Эрди артык ок анын,
Айтканы жаза кетпеген.
Адамдар мындай бар бекен,
Арбактуу Алмаң баласы.
Абийирдүү эр экен,
Эминеси кем экен.
Узун жаша бала деп.
Улуунун баары кубанды,
Урматына Семеңдин,
Улуктар келди кашына.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Агалары келди эми,
Атканын көрүп булардын.
Атынан түшүп кайнаган,
Арыстан жолборс териси.
Калтар менен сүлөөсүн,
Терилерин алдырып.
Тегиз карап баарысын,
Кулдарына бердирип.
Талаадан түшкөн ал жоону
Табылса баатыр албаган,

Таалайы артык Семеңе.
Таасирлүү баатыр эмеге,
Келип түшүп чатырга.
Эс алууга арыстан,
Отурду эми жаңыдан.
Кыя кесип жал коюп,
Кесип, кесип нан коюп,
Арак менен бал коюп.
Ар түрдүү тамак дан коюп,
Дүнүйөсүн жайната.
Дөлүнүн ишин караса,
Тамагын берип отуруп.
Эртеңден баштап төрөбүз,
Элге кабар берелди.
Эл келет оюн болот деп,
Жеңелер айтып кетишти.
Жетимиш күндүк оюн бар,
Жете турган сонун бар.
Алтымыш күндүк оюн бар.
Ар нерселик сонун бар,
Айылдан сонун тамаша.
Айтайын ушу кабарды,
Тамакка балдар тоюшуп.
Тамашлап отуруп,
Таң атканча тамаша,
Оюн-күлкү салышты.
Тар таң атып болгондо,
Элдин алды толгондо.
Эртең менен болгондо,
Эрмекке кулдар турушту.
Бүгүнкү болор тамаша,
Кан Акундун Айчүрөк.
Кабар берип элине.
Кан Манастын Семетей.
Кетмек болуп камына,
Оюн болду отуз күн.
Эркетай Чүрөк экен деп,
Элдер кепти сүйлөдү.
Алтын күмүш чачылды,
Казына оозу ачылды.
Каптан алтын чачылды,
Кандай экен Чүрөк деп.
Көрбөгөн адам шашылды,
Көргөн жигит таңданды.
Далай жигит таң калды,
Кынама кийип чоюлуп.
Кыл торго кийип чубала,
Кыйланы билген жеңекең.
Кыйлага даңкы угулду.
Кыйшык байлап аттырып,
Кыйладан бери чаптырып.
Күлүк байлап чаптырып,
Күндөлүк жыргал шат кылып.
Байлатып буудан чабылып,
Бардыктын баары жаңырык.
Баатыр Манас уулу деп,
Басташкан душман жеңилди.
Баатырдыгы билинип,
Өчөшкөн душман жеңилип.
Өрттөй эрдик билинип,
Каармадыгын билинип.
Кан майдан согуш ичинде,
Кабыландыгы билинип.
Үйүлүп күмүш чачылып,
Үркүттөй буудан тартылып,
Үргөнчтүн эми камынып.
Майдандан чыккан  баатырлар,
Калк ичине билинди.
Кан Манастын балдары,
Эр экен деп угулуп.
Эркектин баары сүйүнүп,
Бала да болсо багы бар.
Бу да бактысына ишенген,
Баатыр Семең күч алган.
Эми оюн салып,
Женке тайлар берилип.

Олжого кулдар башар күн,
Жеңке тайды алар күн.
Күйө-кыз бирге жатар күн,
Оюндар болуп бүтүлдү.
Олжолор такыр түшүлдү,
Ким-ким да болсо ушерде.
Күчтүүлүгү билинди,
Алтымыш күнгө тамаша.
Алар өттү жанаша,
Кетели эми элге деп.
Кереметтүу эр неме,
Болду токсон күн.
Оюну болду отуз күн,
Адамдан ашкан той болду.
Ашкере сонун иш болду,
Кан Акун айтып аларды.
Кантерин билбей ал антты,
Кетсе мейли эми деп,
Узутамын уулумду.
Ураматтуу Семең ушуну,
Ажыбай менен Түмөнбай.
Атына минип алышып,
Алты миң нарга бул жүктөп.
Олжодон түшкөн деп жүктөп
Жетимиш нарга бул жүктөп,
Бул Толтойдон түшкөн деп жүктөп.
Эртең менен мал айдап,
Эчен күлүк ат айдап.
Эрчитип алып Ажыбай,
Алып барды баатыр Семеңди.
Атасынын үйүнө,
Келип түшүп отурду.
Кебелбеген эр неме,
Атасы мунун кан Акун.
Айланайын балам деп,
Атакең Манас баатырдан,
Арта тууган эр немем.
Аламын десең мен сага,
Ала кеткен менде дүнүйө.
Деп кан Акун айтканда,
Анда Семең кеп айтат,
Эй атаке деп айтат.
Атам Манас өлгөндө,
Мен Букарга кеткенде.
Жетим жүрүп жетилдим,
Алганда сенин дүнүйөң.
Эмне уба болмокчу,
Атамдан калган казына.
Алтымыш үңкүр менде бар,
Алсаңыз алып келейин.
Же болбосо атаке,
Олжодон түшкөн дүнүйө.
Жарым бүчү албаймын,
Айткан сөзүм ушул мен.
Антыман асты кайтпаймын,
Толтойдон түшкөн экен деп.
Муну балаң албасын,
Деп семетей айтты эми.
Элиңе бергин таратып,
Эчтеке албайт деген соң.
Элим жарлык салды эми,
Эчтеке албайт кан Акун.
Эли берди тарата,
Элдин баары кубанды.
Эр Манастын уулу деп,
Жоомарт бала экен деп.
Чогулган эли кеп кылып,
Кетишти тарап жай-жайга,
Келди Семең басытрып.
Кереметтүү чүрөккө,
Бууданды байлап мамыга.
Бурулуп Семең кеп айтат,
Ата барып Айчүрөк.
Жөнөйбүз элге эми деп,
Кабар айтып келиңиз.
Ата барып мен айтып,

Артылган мүлүктү.
Албашын деп.
Элине берди тарата,
Эки күн эсти алалы.
Элди чогу биз коюп,
Эрте айылга баралы.
Энекем эмне болду экен,
Эрмегим эмне болду деп.
Эси да чыгып аткандыр,
Эмне кыларын ал билбей.
Эртеден бери жол карап,
Эмне күндө Семем деп.
Энекен Каныш жаткандыр,
Эп келсе сизге Айчүрөк.
Эрте туруп кеңешип,
Элиме кетсем экен деп.
Эки кул алды тынымды,
Семеңдин сөзү куп дешип.
Бала комуздай керилип,
Кайран жеңең Айчүрөк.
Атасына барды эми,
Ата эмине айтат деп.
Кабарды Чүрөк салды эми,
Кантерин билбей кан Акун.
Элин жыйып алды эми,
Эми кетет уулум деп.
Эки миң нарга сеп жүктөп,
Эр Семең кетет эми деп.
Алтымыш нарга сеп жүктөп,
Арыстан эми кетет деп.
Атына минип кан Акун.
Алтымыш жигит жанында,
Аттанды Семең камына.
Кермедеги сай күлүк,
Келиштирип айдады.
Чыңкожо, Толтой башында,
Чоң тору атка арттырып.
Чоюлуп Семең бастырып,
Кермеден күлүк ат алып.
Келди Семең аттанып,
Байланып буудан аттарды.
Баатыр кетмек болду эми,
Баштап алдын жолуна.
Баягы эки кулу жүрдү эми,
Кан Акун сындуу кан жүрдү.
Каланын чыкты сыртына,
Кош балам эми деп.
Коштошуп алып кан Акун,
Колунан өөп Чүрөктүн.
Кагылайын каралдым,
Кантейин жазуу ушу деп.
Кан Манастын арбагын,
Карыган атаң актады.
Канетейин душмандан,
Ажыратып сени алды.
Деп атасы коштошуп,
Каланы карай бет алды.

## СЕМЕТЕЙДИН АЙЧҮРӨКТҮ АЛЫП, ТАЛАСКА КЕЛИШИ

Калаага түшүп калганы,
Алтымыш адам эл менен.
Ажыбай эргип баратты,
Алдына минген Чүрөктүн.
Асемдүү сонун боз жорго,
Кундуз бөрк кийген Чүрөккө.
Ак элечек салынып,
Алты келин, сегиз кыз.
Айчүрөк менен кошула,
Кел атышат жанында.
Үргөнчкө келип токтоду,
Үргөнчтөн кечип алышты.
Ак инектин белине,
Арыстан Семең жол арта.

Келип түшүп отурду.
Кандай сонун жер экен,
Менин жерим болсочу,
Жазды күздү консомчу.
Ак шумкар салып ушерде,
Алтай конуп толсомчу,
Оюм менен болсомчу.
Бугусун атып жесемчи,
Буруксуган ак инек.
Бу дагы менен жери бейим,
Бирок калың кыргыз консочу.
Ою менен болсочу,
Атаганат дүнүйө.
Жер экенсиң ак инек,
Баякында келгенде.
Байкабай кеткен экем деп,
Баатыр айтып бул кепти.
Бала жолборс токтоду,
Эс алышып калың эл.
Эки күнү жатышты,
Эректешип кумарын,
Агалары канышты.
Кетмек болуп кайрадан,
Элиң аман кеткин деп,
Эсен аман жеткин деп.
Эсен болсо саламат,
Бакай менен Каныкей.
Каныңа салам сен айткын,
Кайыр кош эми саламат.
Коштошуп алып калың эл,
Кетти кайра калаага.
Келе берди эр Семең,
Керектүү Чүрөк жанында.
Эриксе кулан атышып,
Эрикпесе жатышып.
Сагынса кулан атышып,
Сагынбаса жайышып.
Эрип калса эки кул,
Ат үстүнөн алышып.
Оодарышып калышып,
Оомалуу эки кул.
Ойну минтип канышып,
Он төрт күнгө толгондо.
Керилип талан ашуу бел,
Кулдар ашып келишти.
Кадимки талаа берилди,
Кадектүү баатыр эрлери.
Келип түшүп калышты,
Кең-Колдун оозун бет ала.
Кимден кабар айттырсын,
Кел атабыз биз мында.
Камынсын энем ал анда,
Бакай менен Жамгырчы.
Сары таз баатыр караса,
Салам айтып уулуңуз.
Кат жазып киши жибердим,
Деп эр Семең жиберген
Кабар тийген алты күн.
Кармап алып энекең,
Акылы артык кен экен.
Белден алып бир отуз,
Баа бедингe мал союп.
Арбагына Манастын,
Алтымыш жандык.
Ал союптур энекең,
Ак өргө бөтөн көтөрүп.
Чатырды тигип салыптыр,
Түндү кайып тунугу.
Аман болсо кел атса,
Кең-Колдуктун улугу.
Кереметтүү энекең,
Билип мурун тозуптур.
Токсон бээни союптур,
Тобу менен коюптур.
Төрөнүн баарын чакырып,
Төрө Манас баласы.

Төрөнү тозуп туруп тур,
Байлатып бел алыптыр.
Баатырдан калган  туяк деп,
Балам Семем келет деп.
Башын кесип душмандын,
Майдан уулум келсе деп.
Кекенишкен душманды,
Көсөм уулум жеңди деп.
Эбин тапкан Чүрөккө,
Эми Семең жетти деп.
Ак шумкар алган Чүрөктү,
Ал дүмөктүү күндө туулган.
Арыстан бала Семетей,
Алып келсе жолтой деп.
Айылына кабар салганы,
Ак сакалдуу карыга.
Абакем Бакай карыга.
Айттырып энең алдырып,
Сары таз менен Жамгырчы.
Кандарын кошо алдырды.
Кабар берип элине,
Жолуна киши чаптырды.
Жобондуу баатырды,
Жалпы журту күттү эми.
Качан келер экен деп.
Калкы күткөн убагы,
Эртеси бешим кезинде.
Келип түшүп калышты,
Кадимки Талас жерине.
Семең келди деп угуп,
Абаң Бакай келди эми.
Алдынан чыгып Семетей,
Атынан түшүп бүгүлүп.
Салам айтып жүгүрүп,
Сак саламат жүрдүңбү.
Саламат эсен барсыңбы?
Айланайын абаке,
Азабыңды мен тартып.
Араң улуу келди деп,
Атынан алып абаңды.
Алики эки кул кошо,
Амандашып көрүштү.
Айлансын балдар силерден,
Абаңдын иши курусун.
Аман-эсен келдиңби,
Алдынан чыккан душманды.
Айыгышып согушуп,
Азабын колго бердиңби,
Балдарым эсен келдиңби.
Басташам деген душманды,
Баш бактырбай аткылап.
Батасын алып Акундун,
Баатырларым келдиңби,
Жолдоруң болуп кулунум.
Жолуңдан душман жолукса,
Жоолашып аны жеңдиңби.
Жоомарт эле кан Акун,
Атанын түрүн көрбүңбү.
Айланайын Семетей,
Сен бүгүн аман-эсен келдиңби.
Өчөшкөн жоон жеңдиңби,
Аларман душман жолукса,
Өчөшүп аны жеңдиңби.
Өкүмүнө көндүкпү,
Алты ай жатып Үргөнчкө.
Же катындарың билдиби,
Кетпеймин деп Үргөнчтөн.
Же эсиңе албай биякты,
Эмдигиче жүрдүңбү.
Кан Акундун шаарында,
Кайындап балаң жатканы.
Каныш менен Бакайдын,
Ичкени тамак болбочу,
Кеселдүү кыйын иш болду.
Алты ай уулум жаткыдай,
Сага кандай иш болду.

Сага келген душмандын,
Же ашкере баатыр эр беле.
Согуш болсо үч айча,
Соот кийип согушкан.
Сонун баатыр эр белем,
Амалдуу кожо эр эле.
Кара ат минип кармашкан,
Кеткен кожо жармаша.
Ошону ойлоп мен жаттым,
Эки кулга ишенип.
Эрдик көрсөт душманда,
Деген ой менен оюмда.
Артыңан издеп барсам деп,
Айылга кабар салсам деп.
Арыстандай Семетей,
Айбатты жоону жеңет деп.
Арсыландай эки кул,
Намызды алып берет деп.
Жардам берсе кан Акун,
Жанагы балдар жеңет деп.
Жанаша келсе душманга,
Жамгыр жааган эмедей.
Жалгыз кирсе Күлчором,
Сан миң колго түтөт деп.
Санаасы артык Канчоро,
Санаалашы Гүлчоро.
Кан Манастап чуу тартып,
Канча миң жоого бет келсе.
Кайра тартпай кирет деп,
Кабарың көпкө угулду,
Кагылсын балдар силерден.
Карыганда абаң укту эми,
Жетилип балдар бу сапар.
Жеткенде жоону жеңди деп,
Жээдигерди эки кул.
Жерине чейин кууду деп,
Жээдигердин элине.
Жетип кулдар түштү деп,
Жети күн болду укканым.
Угуп мындан чыккамын,
Аманын тилеп силердин.
Алладан сурап жатканмын,
Кана Чүрөк келиним.
Көрөлү эми балдар деп,
Көрмөккө Чүрөк сулууга.
Көргөмдүү абаң келди эми,
Кудай берсе тилекти.
Куп жарашкан киши экен,
Кана балам сүйлөчү.
Эмне көрдүң,  не билдиң,
Абаңдын сурар кезеги.
Анда баатыр Семетей,
Менин абам көргөнүм.
Аттын оозун бурганда,
Батаа алып өзүңдөн.
Тиги Үргөнчтү көздөй барганда,
Өзүңүз айткан жол менен.
Он төрт күлүк ат менен,
Күнү-түнү жол тартып.
Күчөп балдар мол тартып,
Кара таштын белине.
Ак инектин жээгине,
Он төрт күнгө толгондо.
Барып конок болдук биз,
Аттардын баарын чалдырып.
Абдан эсти алдык биз,
Турнабай салып жол карап.
Туура жакты чалдык биз,
Үргөнчтүн боюн көрдүм мен.
Келиниңди көрдүм мен,
Келип түшүп келдим мен.
Келсем Чүрөк бар экен,
Муну менен таанышып.
Айылды карай жол тарттык,
Айылды карай бардык биз.
Сарайга байлап бууданды,

Санап мында калдык биз.
Санаасы башка душманга,
Билгизбей кайтты келиниң,
Бир күнү кабар угулуп.
Толмойду сайып Күлчоро,
Топко кабар билинди.
Эртеси угуп кан Акун,
Энеси эркек туугандай.
Элдери анын сүйүндү,
Байлатып буудан башына.
Кебезден тоту атыма,
Ат ала баргын эми деп,
Эки инимди жибердим.
Элинин ичин байкадым,
Эл бийлеген кайнага.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Аларды колго алганмын.
Арамзаада кожого,
Анан чабуул баштадым.
Толтой менен кожонун,
Башын ала келгенмин.
Көрсөтөйүн сага деп,
Эки күлүк бууданды
Кошо ала келдим мен,
Мына ушинтип абаке,
Эрегишкен душманды.
Эр балдарың жеңишти,
Эр Манастын балдары.
Эми келди жар болуп,
Эр Толтой менен кожону.
Эми жеңип келдик биз,
Эми бир той берсек биз.
Эмине дейсиз сиз эми?
Эр Семең айтып мындай кеп,
Эрлерге кабар берели,
Эбин таап тон берип,
Анан жеңиштүү элге берели.
Калкына кабар берели,
Канчалары элирип,
Кан Манастын уулунун.
Тою болот эми деп,
Тогуз миң адам жанында,
Сары таз келди кашына.
Сегиз миң адам жанында.
Жамгырчы келди жанына,
Бир канча күнү той бермек.
Берекелүү эр Семең,
Берилди эми той алды.
Кармап белден союлду,
Желетеп нардан бул болду,
Жетим менен жесирге.
Жеткилең тууган бул болду
Алтын, күмүш чачылды,
Алсын келей, кулдар деп.
Ай ааламга чачылды,
Буттап күмүш артылды.
Мусапырлар артынды
Балдардын баары элине.
Бу сапар жолу чачылды.
Алгандардын баарысы
Абдан болду кубаныч,
Атына минип Семетей,
Ак шумкарды колго алып,
Ала көлгө барам деп
Ак шумкарым салам деп.
Жекендүү көлгө барам деп,
Көк шумкарым салам деп.
Балырлуу көлгө барам деп.
Бала шумкар салам деп,
Бардык эли жол берип.
Башташып тан тамаша,
Баракелде баатыр деп,
Баары жатат кубанып,
Баатыр Семең бастыра.
Балдырын алып колуна,
Барып келе жатышат.

Баякы тамашалуу калкына,
Бакайга айтып кеңешин.
Бастыра ары жөнөдү,
Жекендүү көлдүн жээгине.
Жетип Семең токтоду,
Куш салуучу жерим деп.
Кубатым менин кеним деп,
Кушумду салып бул сапар.
Кумардан такыр чыкпасам.
Кудурет берсе тилекти,
Кытайга барып кол салсам.
Кылымды бузуп олжо алсам,
Калмакка барып кол салсам.
Кангайдан барып олжо алсам.
Кандай санды иш болсо,
Карап труул не пайда.
Кандай да болсо аттынп,
Деп Семетей ойлонуп.
Келди көлдүн жээгине,
Келип түшүп отурду.
Куш салуучу жерине.
Кубанып Семең ичинен,
Кудурет Алла жалга деп.
Кудайым ишти ондо деп.
Түпкүр, түпкүр, түпкүр жер,
Ит жиберип жойлотуп.
Жерди караан жекенге,
Кушту таштап ойнотуп.
Агытып коюп тайганын,
Ыргытып коюп шумкарын.
Энеси эркек туугандай,
Эсенкандын жылкысын.
Эки кулу куугандай,
Катыны эркек туугандай.
Бу сабар балдар тим эле.
Калмактан жылкы куугандай.
Каткырышып күлүшө,
Камынып балдар жөнөдү.
Андан ары арышты
Адырдан аркар атышты,
Арыстна кулдар жушуп.
Будурдан бугу куушуп.
Буруксутуп ат менен.
Бугуну тозуп айдашып,
Маралды кулдар кармашып,
Эригип калган мобулар.
Эрмекке минтип жайланат.
Тоодон бир эчки айдашып,
Жейренди кууп кармашып.
Жебени кере тарттырып,
Жеткилең балдар эрчишип.
Азырдан аркар кубалап.
Аркар атып алышып,
Абдан көөнү канышып,
Бөкөн атып алышып.
Бөксө жолго салышып,
Кулжаны кууп атышып.
Кутурлаг кулдар жатышып,
Кумары каныл балдардын,
Кум чөлдө бир аз жатышып,
Кечинде кайтты айылга.
Келген жолго салшыып.
Келбеттүү кулдар жарышып,
Келип калды эр Семең.
Кең-Колдун оозун бет ала,
Айылга келди жатарда,
Алты чоро камына,
Атын алды жабыла.
Арыстан Манас баласы,
Акыл эсин карачы.
Аттарын байлап мамыга,
Арсылан Семең жанында.
Эки кул бар кашында,
Эрчит эки инисин.
Үйүнө келди жаңыдан,
Жеңекең Чүрөк жанына.

Кеди Семең кашына,
Келбеттүү Чүрөк ушунда.
Ак ордосу маңкайып,
Ай тийгендей чалкайып.
Акими менен кулуна,
Алдына тамак жайната.
Арак менен бал коюп,
Кыя кесип жал коюп,
Карта менен нан коюп.
Карасаң жеңең бей таалай,
Канча тамак жайнатты.
Бир бээнин этин бүт коюп,
Берип турат тамагын.
Беринин кызы чоюлуп,
Бей таалай жеңең ойлоно.
Аттанып баатыр чыктыңыз,
Ала көлдү аттандың.
Ак шумкар салып не алдың,
Ак тайганды токойго.
Аралатып жойлоттуң,
Арыстан алды деп уктум.
Аңгемесин көп уктум,
Той берип таса биякта.
Тотудай буурул ат минип,
Тоо аралап кеттиңиз.
Тоодон турна алдырып,
Тойду таштай бердиңиз.
Деп жеңекең какшыктап,
Анда Семең кеп айтты,
Алты ай жатып айылыңда.
Айлана тышка чыкпадым.
Айылыма келип бастырдым,
Эми жоого аттанам.

## КОҢУРБАЙГА КАРШЫ САЛГЫЛАШУУ

Үч айдан кийин барамын,
Калмактан жылкы аламын.
Кангайга чабуул саламын,
Кандай да болсо душманга.
Атамдын кегин аламын,
Алты айчалык Бээжинге.
Аламанды саламын,
Алманбет, Чубак баатырдын.
Кунун барып аламын,
Кутурган калмак эл менен.
Куугунду минтип саламын,
Кубалашып Кытайга.
Кайгуулду минтип саламын,
Кытайдын каны Коңурбай.
Кутурган калмак доңуз ай,
Куугунду мындай салбасам.
Кутурган калмак чыккын деп.
Жылкысын тийип албасам,
Деп Семетей басылды.
Эртеси Семең арыстан,
Айбаты артык арсылан.
Чыңкожо, Толтой башы деп,
Көмдүрүп элге көргөзүп.
Эригип ойноп арыстан,
Эрлерин камдай баштады.
Эрегешип калмакка,
Эми атам деп атканда.
Эки-үч ай камынды,
Буудандын баарын байлады.
Аргымактын баарысын,
Арыстан бала камдатты.
Абакеси Бакайды,
Алды Семең чакырта.
Айбаттуу аба акжолтой,
Сен аттанып чыксаң сан колдой
Айта турган кеңешим,

Абаке буга не дейсиң.
Аттансам деймин Кытайга,
Аксакал аба не дейсиң.
Арам өлгөн Кытайдын,
Айылын чаап албасак.
Атакем Манас баатырдын,
Арбагына сыйынып.
Алдыңкы турган жумада,
Ардактуу Манас колдо деп.
Алты айчылык Кытайга,
Артында уулуң кол салса.
Айтамын сизге нени деп,
Атайын айткан кеңешим.
Акылман аба не дейсиң,
Артында калган баласы.
Арбакты сыйлайт карачы,
Алманбет, Чубак балдары.
Араң турат аттана,
Абдан кумар канча дейм.
Арамзаада калмактан,
Аскер чаап алсак дейм.
Абаке сизге кандай кеп,
Ошондо абаң кеп айтат.
Жаңыдан келдиң алыстан,
Бир жылда эки жоо чабыш.
Болобу балам жарабас,
Барсак бара салалы.
Кытайдын колун алалы,
Үч ай араң болду го,
Душмандан аман келгениң,
Дуушар болду аттанмак.
Тыңшанын айлын биз чапмак,
Тумшугу катуу душманга.
Туурадан барып кол салмак,
Түнү менен жол басып.
Түйшүгү ашкан манжууга,
Турбай эми кол салыш.
Силерге балдар эп келсе,
Мага деле болот эп эми.
Барбаса болбой калды эми,
Балдарым минтип турганда.
Баралы эми душманга,
Басташып жүргөн урганга.
Берсе кудай тилекти,
Деп абакең айтканда.
Баатырлар эми камына,
Баштамак болду абаң да.
Бара келди эми деп,
Балдар калды бармакка.
Эртеси шашке болгондо
Эми жыйып эр Семең,
Элим эмине дейсиңер.
Эрегишкен калмакка,
Эми барам аттанып.
Эр Коңурбай манжууга,
Жөнөймүн бүгүн чамданып.
Жол чаламын азыраак.
Жер чегине барсам дейм,
Желмогуз баатыр болсо да.
Жергесин чалып кайтсам дейм,
Жалпы журт берсе батасын.
Каркыра менен ченинин,
Ортосун көрүп келсем деп
Алым келсе манжууга.
Аралап карап барсам дейм,
Атагы чыккан Кытайга.
Айбыкпай найза сайсам дейм,
Аттанамын эл журтум.
Атанын кунун куумакка,
Эргектеп мени тууганда.
Алтымыш ак боз бээ алып,
Арыстан Манас баатырдын,
Арбагына чалдырып.
Жетимиш ак боз бээ алып.
Жеткилең Манас төрөнүн,
Желдеттери эмеспи.

Кырк чорого мал артып,
Кыямат кеткен баатырдын,
Кылыгын мал арнап,
Кылы жаккан кырк желдет.
Кытайды бузган эрлери,
Кылымга чыккан дайыны.
Кыргыздын артык айылы,
Ааламга чыккан дайыны.
Ардактуу баатыр ушулар,
Артылып чыккан кылычын.
Атасы Манас баатыры,
Арбакка атап мал сойду,
Алдымда ишим оңдо деп.
Айкөлдүн жалгыз кулуну,
Алла таала кудайдын.
Бир өзүнө жалына,
Билими артык кез эмес.
Бир топ күн жүргөн ойлонуп,
Бүгүн жеймин милекке.
Деп Семетей ойлонуп,
Арыстандан тууган эр немең.
Азыраак турду ойлонуп,
Ата журт элдин баарысы.
Акылга дыйкан карысы.
Жалпы журттун баарысы.
Жабалактап карысы,
Жалпы келген элине.
Жаңжуңга кетет деп угуп,
Жабырт келген эмеспи.
Жайдарым жеңең тамагын,
Жалпы журт ичкен эмеспи,
Жалпы бата берилип,
Жаңжуңду бузуп келгин деп,
Жай-жайына кетишип,
Жайалдын уулу эр Семең.
Жабдыктарын камдады,
Жанында турган Айчүрөк.
Жалгыз кепти баштады,
Айлансын жаным садага.
Айып көрбө төрөбүз,
Азыр асманда жылдыз,
Оң эместей көрүнөт,
Азыр барар кезиң боло элек.
Төбөдө жылдыз оң эмес,
Түп Бээжин барар кез эмес.
Барбагын баатыр барбагын,
Жүрбөгүн баатыр сен эми,
Жүгүндүн баарын түшүргүн.
Жүзү кара душманга,
Болбой баатыр барарсың,
Башыңа кыйын иш түшсө,
Байкап анан каларсың.
Балдарыңдын баары жаш,
Балапандай жаш канат.
Башынан мурун угамын,
Байлоочу бар деп Кытайдын.
Башыңа келет далай иш,
Байкагын баатыр ар жагын.
Аялдык кылдым дебесең,
Акмак бир катын экен деп.
Акелер жаман көрбөсөң,
Атыңа баатыр минбегин.
Акундун кызы Айчүрөк,
Айтканына бир сапар.
Алып койчу арыстаным.
Абайла сөздүн аягын,
Ар кандай сөздү мен айттым.
Ал дагы кыйын ойлочу,
Азыр сабыр токтотуп,
Айылыңдын ичин оңдочу.
Атакем Манас баатырдан.
Арта тууган беренин.
Айланып учуп артыңдан,
Азабыңды көрөрмүн.
Акыреттик эле деп,
Алчы бир баатыр кеңешим.

Арбуудан минип жол тарта,
Алыска барар кеп эмес.
Алганың минтип ыйласа,
Азамат иши бул эмес.
Арабызда душман бар,
Арыстан кылчу иш эмес.
Арзып баатыр каларсың,
Айтсам тилим болбойсуң.
Моюнуңду толгойсуң,
Тобокел деп аттанып,
Тозокту төрөм ойлорсуң,
Тобел түбү жол кайып.
Тоготпой баатыр кетерсиң,
Тоодой болгон манжуудан,
Толгон азап көрөрсүң,
Тоодон өтүп жол басып.
Токтотуп кулдар жөө ашып,
Токточу бир аз эс алып.
Туралы мында сен дейсиң,
Деп жеңекең кеп айтат.
Эй төрөм Семетей,
Барбагын баатыр быйыл сен.
Басташа турган жоонуңа,
Баладай көрбө Бээжинди,
Бээжиндик кытай кечилди.
Кесирчү катуу кеп кирди баатыр,
Чылбырыңа сүйрөлөм.
Чымындай жаным өлбөсө,
Чыгарбаймын мен сени.
Тетиги тукуму катуу,
Душманың билинсе боло эсиңе.
Мен эмине деп айтып турамын,
Акылың бар өзүң бил.
Аялдын сөзү дебегин,
Ардактуу менин жолдошум,
Сак болсун деген кеңешим.
Санаган тилек жектелип,
Санаага ошондо түшөрмүн.
Байбак айтты эле деп,
Бээжинде эстеп жүрөрсүң.
Берeним Манас баласы,
Бейбактын сөзүн эстерсиң.
Беттешип душман калганда,
Берки балдар айтканда,
Берки адыр мойноктон,
Жылкысын тийип аларсың,
Жыргап жатып каларсың,
Жыласы катуу манжууга,
Жылдап кабар саларсың.
Алакандай мусулман,
Акими атам эр экен.
Айлана элди жыйыптыр,
Сан жетпеген кол менен,
Бээжинге атаң кириптир.
Беш киши барып Бээжинге,
Беттешпей анан келиптир.
Берендин уулу Семетей.
Берки баатыр көрүптүр,
Же калкыңа кабар салган соң.
Канча тирүү эл алгын,
Айбалта чапчу шер алгын.
Анан Бээжин аттангын,
Армансыз жатып шайышып.
Анан Бээжин сен баргын,
Же болбосо төрөбүз,
Жетпейт кумар таркабайт.
Жекелик кылым тарабайт,
Жергегине бараарсың,
Жетип кубалап деп.
Кулжага баатыр барарсың,
Кулжасын атып кызыгып,
Көлүңө чейин барарсың.
Көркөмү артык талчөнү,
Ошого чейин барарсың.
Койгун баатыр тил алгын.
Кошомат кылар кулдарың,

Кетирбеймин мен сени.
Кетпейсиз баатыр сиз эми,
Кеткениң менен мен бейбак.
Кетирбейт экен кудайым,
Келбеттүү арыстан Семетей.
Келгин мында Айчүрөк,
Кеп айтайын эми ук.
Кеткеним ушул Таластан,
Келчи Чүрөк өбөйүн.
Кербездик кылба сен бүгүн,
Келемин жаным өлбөсөм.
Кеткендей кайта келбейт деп,
Кеп укту белең сен деле.
Барамын десем барамын,
Балдарым аман барында.
Бээжинге чейин барамын,
Баатыр манжу Коңурдун.
Башын кесип аламын,
Баладан бетер тим эле,
Бардыкты айтып ыйлайсың,
Башымды билчү эмедей.
Баятан бери тыйбайсың,
Барсам барам мен өзүм,
Башкасын эмне кыласың.
Баякы өткөн Бээжинди,
Эмнесин каалайсың,
Калмакты жакын көргөнсүп.
Катындын сөзүн сүйлөйсүң,
Болду баатыр эми деп.
Балдары күлдү жанында,
Каары катуу кабылан.
Каардана абыдан,
Атасы башка душмандан.
Арыстан мындай укпаган,
Кармагын бери катынды.
Кара жаак чоң камчы,
Кармай алып сабынан.
Кармады катын колунан,
Ороло кармап ак эмчек.
Ойоң Семең сүйлөдү,
Ойлочу эми канча айтчу.
Ойлобойсуң,  сүйбөйсүң,
Бээжинге барчу жолумду.
Билбечүдөй сүйлөйсүң,
Деп Семетей арыстан,
Эки саат Чүрөктү,
Эси оогончо сабады.
Энеси келди Каныкей,
Эми болду доңуз деп.
Энеси тилдеп урушуп,
Эки кул коркуп каарынан.
Эшикке чыга качышты,
Эшикке эмне кетти деп,
Эки кулун жекиди.
Эрмеги канган эмедей,
Эрине чыкты эшикке.
Эркелетип Каныкей,
Эчтеме болбой эми деп.
Энеси кетти үйүнө,
Ошондо жеңең каргады.
Барса жолуң болбосун,
Жолуңду душман торгосун.
Жүрсө жолуң болбосун,
Барганда душман сага кас.
Бары сени бир болуп,
Ишиңди кудай оңдобой.
Арбуудан жок өзүң бар,
Азабын тартып келе көр.
Артыңан ээрчип эки иниң,
Абакелеп келе көр.
Жолуңда капа көп болсун,
Жолго алсаң ишиң оңбосун.
Жолдошторуң баарысы,
Жоору аттай жоргосун.
Жоготуп ийип бууданың,
Жолуңду душман токтотсун.

Жоо баатыры кайда деп,
Жолуңда жооң көп болсун.
Арбуудан минбей ат албай,
Азабың көргүн душмандын.
Деп жеңекең көп сөздү,
Айтып атат жок сөздү.
Баатыр Манас баласы,
Бастырмак болду карачы.
Айкөлдүн жалгыз баласы,
Аттанмак болду карачы.
Алла Таала кудайдын,
Бир өзүнө жалынып.
Жазаймын салып,
Жараткан Алла кудайдын.
Ал өзүнө жалына,
Он төрт күлүк ат алып.
Алтымыштай качырга,
Ок дарысын тарттырып.
Жетимиштей качырга,
Гүл азыгын арттырып.
Аттанып чыкты камына,
Бир далайга жалынып.
Баатыр Бакай абасы,
Баштай турган агасы,
Эмилдин уулу Эркек бар.
Эрендин уулу Сергек бар,
Жана эр Күлчоро, Канчоро.
Алты баатыр биригип,
Жоо четине баралы.
Жоболоңдуу манжууга,
Бар бузукту салалы.
Каркыра, Текес,  Кыяска,
Ошондон өтүп алалы.
Ак кулжанын тоосуна,
Андан өтүп жол чала.
Куу өрдөктөн капталы,
Арсылан бала Семетей.
Ар буудан минип кайран шер.
Ак шумкар колго кондуруп,
Абаке эми бастыр деп,
Арсылан чыкты айылдан.
Атына минип жаңыдан,
Арбактуу Манас колдо деп.
Артыңда жалгыз уулуңа,
Абайлап карап көз сала.
Үзөнгүгө бут сала,
Үйдөн чыкты эми ошо.
Үлгүрү кыйын эр немең,
Узун боолу кең далы.
Үргөнчтөн келдим айылга,
Үч ай араң жүрдүм мен.
Үч айчылык Кытайга,
Үйрү менен жылкы алып.
Үйүнө чейин кубалап,
Бир кумардан каналы.
Берсе кудай тилекти,
Бет бакты сайып алалы.
Берекесин түшүрүп,
Бээжинге колду салалы.
Беркисин коюп Кытайга,
Бээжинине баралы.
Бери Текес, Кыяска,
Бер жагынан баралы,
Бери келчи аба кеп башта.
Бериштелүү киши элең,
Берeним атам Манаска.
Берендердин бири элең,
Береги турган эки уулуң.
Берки турган төрт уулуң,
Акылың болсо айта жүр.
Деп Семетей айтканда,
Берен абаң кеп айтат.
Эй Семетей балам ай,
Барабыз кытай жоого биз.
Басташып сайып душманды,
Бала да болсо багың бар.

Деги кай жеринен кеми бар,
Эртең эрте көрөбүз,
Ысык-Көлдүн адырын.
Ак шумкар салып азыраак
Эс алалы анда биз,
Көк шумкар салып анда биз.
Көрсөтөлү кызыкты,
Көрсөк сонун жерлер бар.
Керемет эми балам таанып ал,
Көркөмү артык эр Манас.
Алманбет, Чубак, эр Сыргак,
Агаңдын ашкан жолу бар.
Аманат жаны барында,
Алты айчалык Бээжинге.
Абакең Бакай төрөнүн,
Аралаган чагы бар.
Адырлуу кыя жер келет,
Ашуу-ашуу бел келет.
Аманат жаңга чоң Бээжин,
Артыкчылык күч келет.
Алсак кытай жылкысын,
Алышта кыйын эп керек.
Аламын деп биз Бээжинди,
Алышар далай иш келет.
Адырма далай чөл келет,
Арбуудан менен Көк чолок.
Ат башына күч келет,
Азаматым эки кул.
Арылап сайып күч кирсе,
Амалдуу кытай зулумга.
Арбуудандай ат керек,
Алдыңа кыйын күн түшсө,
Ардактуу балдар эп керек,
Аламандап көп кытай.
Ат аябай көп келет,
Сан түмөндөп көч келет.
Санжыргалуу арыстан,
Сан миллион эл келет.
Сайыша турган эр келет,
Санасыз жаткан кытайга.
Самап кирип барарбыз,
Салгылашып каларбыз.
Санаганым басылып,
Кумардан минтип канарбыз.
Абийир алып душмандан,
Атанын кегин аларбыз.
Арыстандай кармашып,
Айбаттуу кытай эл менен.
Аламанды саларбыз,
Ар убакта айтканым.
Абаңдын тилин сен алгын,
Армансыз болуп кытайга.
Аттын оозун жыйбайлы,
Не болом деп турбайлы.
Деп абакең кеп сүйлөйт,
Мына ошондо эр Семең.
Эй абаке токточу,
Эл камы үчүн аттандык.
Элим жатат ордунда.
Жолун көрүп алалы,
Эмдиги жылы кудайым.
Берсе ушул тилекти,
Он эки канды алалы.
Анан Бээжин калаага,
Айбаттуу чабыш салалы.
Акылым жакса баарыңа,
Азыр мында жаталы.
Айтканың эмне дебестен,
Алдыңкы адыр белеске.
Арсыландар түнөдү,
Эртеси шашке кезинде.
Жекенде сазы өрдөгөн,
Жергилүү сонун Ысык-Көл.
Желе балдар бастырып,
Жетип мында келишти.
Өзөнү толук каз болуп,

Өрдөгү сонун аз болуп.
Кандай сонун жер экен,
Көркөмдүү адыр бел экен.
Ээлеп кыргыз жол салган,
Эрмектүү адыр бел белем.
Эбин таап калмактан,
Кантип атам алды экен.
Кана Ысык-Көл эми,
Куусун көрө коюшуп.
Көк шумкарды колуна,
Көргөзүп Семең ыргыта.
Көрчү сонун Ысык-Көл,
Келди Семең бастыра.
Келбеттүү көлдүн жанына,
Кереметтүү жер экен.
Келишимдүү эл белем,
Тесеси телки бербеген.
Адырын аркар ээлеген,
Эчки тоодо түйүлгөн.
Ээлиги зоодо үйүлгөн,
Барчыны шаңшып зоосунан.
Шумкары эргип коосунан,
Өрдөгү ойноп көлүнөн.
Өрүштө малы семирген,
Көл үстүндө ак куусу,
Көркөмү артык көрүнгөн,
Адырда чөбү малга жай.
Айланайын Ысык-Көл,
Касиеттүү жер экен.
Каалап келип кол салган,
Каны кандай неме экен.
Ырысы артык жер беле,
Чөбү сонун адамга.
Ар түрдүү дары бар беле,
Ардактуу сонун Ысык-Көл.
Жердебей турган жер беле,
Эл дебей турган эл беле.
Күңгөй, тескей арасы,
Чалкыган көлүн карачы.
Тобургачы бир сонун,
Тоодогу гүлүн карачы.
Бетегесин байкачы,
Бейиштин гүлү бар экен.
Бейиштен артык Ысык-Көл,
Элине кеми бар экен.
Деп Семетей берилип,
Колундагы шумкарын.
Коё берип талпынтып,
Атаганат дүнүйө ай,
Артык экен Ысык-Көл.
Ааламга даңкы чыгуучу,
Асылы ашкан кен экен.
Бу да кайып эткен жараткан.
Касиеттүү жер белем,
Калп айтпаса ушуга.
Атакем Манас келди бейм,
Анан агышка алып берди бейм.
Мунун да жайын укчу элем,
Угуп бир аз жүрчү элем.
Улуу көлдүн кабарын,
Улуулардан уккамын.
Угуп алып чыккамын,
Кары көл деп уккамын.
Карыдан сурадым,
Тоолорунун ичинде.
Алтын булак бар экен,
Артындагы адамга.
Дарылыгы бар болот,
Далай сонун кең болор.
Суусуну артык суу болот,
Суусары сонун жер болот.
Сүлөөсүн,  түлкү адыры,
Сүйлөшө турган жер экен.
Гүл менен суу ааламга,
Дары болчу жер экен.
Суусуна эми киринип,

Гүлүнө жыты берилип.
Эс алуучу жер ушу,
Деп Семетей жаратып,
Эсине алып арыстан.
Кокуй көлдүн оозуна,
Келди Семең бастыра.
Келип шилеп отурат,
Колундагы шумкарын.
Конду Семең бир ташка,
Жер болбосоң коё кал.
Деги жаман тамшана,
Эртеси эрте аттана.
Улуу шашке чамада,
Кызыл-Кыя адырга.
Келди Семең камына,
Абакең Бакай карысы.
Алтындан артык,
Адашкан эрдин дары.
Көсөм абаң карысы,
Көсөлүү элдин дарысы.
Көрсөң кандай жер экен,
Кызыл-Кыя кыргыздын.
Илгертен бери кенчи экен,
Кызыгып келет эки кул.
Кытайдын көрсөк элин деп,
Аш берген жерин көрсөк деп.
Атабыз Манас баатырдын,
Алышкан жери ушул жер деп.
Аны да сынап өтсөк деп,
Кызыл-Кыя белине.
Келди кулдар жарыша,
Кайгуул чала алдына.
Алда кандай шумдук бар,
Абайлайлы алды деп.
Алдыңкы кайкаң белине,
Адырга балдар токтолуп,
Азыраак мында отурса.
Артынан жетип агасы,
Айкөл Манас баласы.
Арбуудан минип чурата,
Аргымак минип бурата.
Адырдан балдар жарыша,
Арыстандар турганда.
Асмандан ак куу айланып,
Алдына келип конду эми.
Абайласаң жеңекең,
Артынан жеңең учуптур.
Арыстан кетти таарынып,
Артынан жете барайын.
Айткан менин каргышым,
Арыстандан сурап алайын.
Айланып элге барайын,
Атасындай ардактуу.
Айкөлдөй бала салмактуу,
Алты арыштуу кытайга.
Араласын эми деп,
Кынама кийип чоюлуп.
Кыл торго кийип бурала,
Кылыктуу жеңең кынама.
Келди жеңең кашына,
Келип түшүп отурат.
Келбеттүү Семең жанына,
Абаке Бакай эми деп.
Келиниң келди жүгүнө,
Кетсе менден кеткендир.
Кечиргин аба күнөөмдү,
Кагылайын абаке.
Катындык кылып кеп айттым,
Канча сөздү мен айттым.
Ургаачылык мен кылып,
Уялбай далай кеп айттым.
Улуунун билбей кадырын,
Ургаачылык кеп айттым.
Уулуңа далай кеп айттым,
Урматына карабай.
Улугум менин Семетей,

Ушу баарына далай кеп айтып.
Улуу менен кичүүдөн
Уруксат сурап алмакка
Улууга тийип каргышым,
Кайтарып бүгүн алмакка.
Аялдык менен мен деле,
Айта бердим көп кепти.
Артыңан кууп мен келдим.
Айбымды сурап алмакка
Абаке кандай дейсиңер,
Аялдын сөзү дедиңер.
Аттанып үйдөн кеттиңер,
Ошону үчүн мен учуп.
Артыңдан кошо келгенмин,
Батасын алып Бакайдын
Бата айланып жата албай,
Келдим аба кашыңа.
Келиниң тилейт кечиргин,
Келип түштү жаныңа,
Кечиргин аба камына.
Кетейин кайта элге мен,
Келиниң келди артыңа.
Деп жеңекең айтканда,
Кечтим Айчүрөк күнөөңдү.
Кете бер эми элге деп,
Кенен Семең айтканда.
Кеткин балам элге эми,
Кудайым ишиң оңдосун.
Жараткан бизди колдосун,
Жадырап жайнап экөөңөр.
Жаз гүлүндөй болгула.
Жайнап ойноп тургула,
Кайра айланып калмактын.
Кабылан Семең сен аман,
Кадимкидей көрүшүп.
Каткырышып күлгүлө,
Калмакты чаап олжо алып.
Кадимкидей жол чалып,
Келерди кудай оңдосун.
Кеткин балам сен эми,
Канышка салам айтып кой,
Кан болуп элди билгенге.
Сары таз менен Жамгырчы,
Элди билип жүргөнгө.
Жалпы элге салам айт,
Жайдарым элдин эрлери,
Казатка кетип баратат,
Качан кайтат ким билет.
Кудайым өзү бир билет.
Дешип бата беришип.
Кетейин эми Чүрөк деп,
Кулдар кошо кеп айтса,
Бүгүн мында консун деп.
Болбой абаң кондуруп,
Таң сөгүлүп атканда.
Тараза жылдыз батканда.
Таң суусуна жеңекең,
Тазаланып алды эми.
Тапшырдым алла бири деп.
Тал чыбыктай буралып,
Тоту куштай кыналып.
Токсон түрлүү толгонуп,
Баргын эми баатыр деп.
Бадышалуу жабыр деп,
Тапшырып алла арбакка,
Жеңекең кетип жатканда.
Келип кулдар жанына,
Кетесизби  эми деп.
Эркелетип кулдарын,
Эрмектешип отура,
Эр Чубак Алма баласы.
Эрегишкен душмандын,
Эсебин тапчу уулдары.
Эр Семең барат жол баштап,
Эр жигит сиздей уланды.
Эрегише жоо сайып,

Эрмектүү кудай колдосун.
Эр Манастын кулуну.
Эгерде башка күн түшсө.
Эр жигит башы  түн болот.
Эрдиги ата элине
Эр деп атап буу конот
Кошкула эми садага.
Деп жеңекең айлана
Ак куу болуп толгонуп,
Ар нерсени ойлонуп
Аман келер бекен деп,
Асмандап учту толгонуп.
Жолго түштү жанкылар,
Жолумду кудай оңдо деп.
Алла таала жараткан
Арбактар эми колдо деп
Жараткан ишти оңдо деп,
Жасаган кудай колдо деп.
Жарыша баатыр келишти.
Каркыранын сазына,
Карандай талаа казына,
Өзөндүү булак сазына
Көркөмү сонун каркыра,
Тоо тоонун белин басышып.
Ула бастын тоосуна
Эс алышып жатышып
Эгерде кандай иш болот.
Эр башы менен ат башы,
Кыйынчылык күн болот,
Далай ашуу бел болот.
Деп Семетей арыстан,
Акылга дыйкан абыдан.
Каркырадан калмактан,
Бир жүз буудан ат алып,
Бириктирип жат алып,
Кошту таштап айылга,
Жөнөп жүрө отура,
Иленин башын ашышып.
Үч коңузда барышка,
Ошо чейин барышып,
Орто көлмө текестин,
Боюнда балдар жатышып.
Ойноп мылтык атышып,
Обосуз жалган дүнүйө,
Аттарды таштап эки кул,
Адырда теке атышып.
Адырмалуу талаага,
Алар кетип калышып.
Абайлабай карабай,
Артында душман бар го деп,
Арсылан балдар самабай.
Артына такыр карабай,
Адам бар деп самабай.
Адырдан өтө беришип,
Андан Кырымдын уулу Мурадыл,
Кыйкырып жаткан кезеги.
Кайкаңдап туруп караса,
Канча түрлүү мал жатат.
Кайраты артык адамдан,
Кабыландай караган,
Кайдан келген эме деп,
Карап  турду далайга.
Калмактын каны мына бу,
Жоо четинде жатуучу.
Жоболоңдуу душманга,
Жоолашам деп баруучу.
Аңдып карап турайын,,
Аттарын алып булардын.
Абдан шылдың кылайын.
Кечке балдар урушуп,
Текесин атып текестен,
Текши күүгүм болгондо,
Телмире кайра тартышты.
Текшилеп элдин баарысы,
Эл ордуна толгондо.

Аттарды адам албайт деп,
Адырга таштап салышты.
Аябай балдар чарчаган,
Эс алышып жатышты.
Мына элдин алды жатарда,
Мурадыл келди бастыра,
Буудандардын жанына.
Кандай буудан мал экен,
Уурдап муну алайын.
Текестин башы кара зоо,
Ошого барып багайын.
Оолжуган душмандын,
Эсин минтип алайын.
Эселек бурут жатсын деп,
Аттарын алып жаңыдан,
Кете берди абыдан.
Эртең менен болгондо,
Эрте тура калышып,
Малдар кайда кетти деп,
Кулдар көзүн жалышып.
Бүгүн эмне болду деп,
Буудандар кайда кетти деп,
Буруксуган буудандан,
Айрылып калган белек деп,
Аттарга көзүн салышса,
Айласы кетип таба албай,
Амалы кетип турганда.
Абакеңдин Көкчолок,
Арбуудан экөө жаныбар,
Жылкынын ичин билиптир,
Коого айдап киргенде,
Кыя менен кылт коё,
Келип чатыр жанына,
Жуушап жатып алыптыр.
Калган буудан аттар жок,
Айласы кетип калыптыр.
Арбуудан минип эр Семең,
Айлананы чалганы,
Алты күнү ат издеп,
Аттарды таппай калганы.
Айланасы чатырда,
Кулдар жөө калганы.
Курусун иш болбойт деп,
Кайра айланып айылга,
Барганыбыз болбойт деп.
Каркырада жүз буудан,
Кайра бириң баргын деп,
Ат алып мында жеткин деп,
Арсылан бала Күлчоро,
Айланып кайра келгиле.
Аттарды айдап арыстан,
Текеске эми келгени,
Текести ашып түшүшүп,
Кундуз-жылдыз жери деп,
Кундузду кулдар атышып,
Кубанышып жатышып.
Отуруп чаап кундуздай,
Отуздайды чабышты,
Оролу катуу кытайга,
Ат алдырып ийдик деп,
Ачуусу келип калышты.
Артып жүктүн баарысын,
Андан өтүп жөнөдү,
Аламалуу бел менен,
Алты күнү жол басып,
Арыстандар жол тарта,
Ээн талаа жер менен,
Эрегишип келатат,
Эрме чөлдүү бел менен,
Эки күнү толгондо,
Эрме кашат белине,
Эс алышты кичине.
Эки жума жол жүрө,
Аламак Күнгөй тоосуна,
Көчүнүн кумдуу чөлүндө,
Көк жалдар келет кош арта.

Көгү деген жер ушул,
Томуктай кара тоосу жок,
Тердиктей болгон дөбө жок.
Тексиз талаа жер экен,
Аңынан башка жоосу жок.
Аттарына кайгыра,
Арыстан барат намыска.
Аламак күнгөй оң тескей,
Арсылан Семең тай алды.
Алдыдагы токойго,
Абдан көзүн салышып.
Армансыз кулдар калышып,
Атып алып кулжаны,
Байланып башын алсак деп,
Баятан оттоп отурган.
Баягы кулжа көрсөк деп,
Көрүп мээлеп атышып,
Көркөмдүү кулжа деп угам.
Көрсөтпөй атып алалы,
Кандай кылып кулжаны,
Кайсы жолдон тосолу.
Капталдан жолун чалалы,
Кантер экен бул доңуз,
Кабарды анан салалы,
Капталдан көрсөң качыра,
Кадимки Эрмек, Сергектер,
Үчөөбүз жолду тозолу.
Бир кудайга тиленип,
Биз туралы бийерде.
Деп Семетей айтканда,
Макул кулдар болушту.
Бастырып кирип эки кул,
Токойдун ичин чаң сала,
Тобу менен жайыла,
Алды менен жан тына,
Алты жүздөй көрүп,
Телки чыкты бөлүнүп,
Текиз оттоп көрүп,
Мунун артын карасаң,
Мурду менен жер түрүп.
Каман чыкты чамынып,
Караган адам таң калып,
Кандай не болду деп,
Кадимки малдай жыла,
Каман чочко ар түрдүү,
Аларда чыкты жамына.
Бир убакта байкасаң,
Жолборс чыкты чамына.
Каары катуу камына,
Толуп жандык көп келет,
Эчки, теке,зоо кийик,
Адамдан башка тоо кийик,
Ар түрдүү башка түрү бар,
Айбанда мындай сүрү бар.
Атаганат жалганай,
Киши кийик, тоо кийик,
Келип чыкты жайгашып,
Келбеттүү кулжа кайда деп,
Келди Семең кашына.
Бара жатса алдында,
Жолборс менен арыстан,
Ар түрдүү жандар ийилип.
Ар неме кыйын иштерди,
Бу кул жанын амалын,
Байкасаң кандай кыламын.
Баатыр Манас баласы,
Барып тозуп отурат,
Барчын Семең ак ташта,
Бала баатыр Күлчоро,
Батыштын жолун оргосо.
Бадышалуу эки кул,
Баарынын изин чала бер,
Мына бүгүн карасаң,
Маңдай жагы бетинде,
Баякы бала Канчоро,
Бу багы тилеп отурат.

Бүткүл жолдун жээгинде,
Эмилдин эргек баласы,
Эрендин сергек баласы,
Безилдете кубалап,
Бугутунун оозунан,
Бургуштап кулжа көрүнө,
Бурулуп жөнөп калышты.
Буткулдай алды кубалап,
Буудан минди ойлонуп,
Бута атымдай эки кул,
Бура түшүп артына,
Кулжаны келет кубалап,
Кутурган кулжа жаныбар,
Амалы артык адамдан,
Алтымыш кулжа сөгүлө,
Аламак көздөй бет алса,
Арыстан бала Күлчоро,
Алмабаш менен бурата,
Алдыны чоро сулата,
Атып жатат чубата.
Амалдуу кулжа жөнөдү,
Арыстан көздөй бурула.
Артына түшүп Күлчоро,
Ата чыкты урата.
Адырдан аша кеткиче,
Алтымыш кулжа союлуп,
Ак кулжа жалгыз бет ала,
Айкөлдү көздөй келатат.
Амалдуу чоро Канчоро,
А дагы карап отурат.
Алкым жактан алайын,
А дагы түштү артына.
Алды белем кубалап,
Арсылан Манас баласы,
Ак келте колдо арыстан,
А дагы жолдо олтурат.
Бута атымдай ак кулжа,
Бура чуркап келатат.
Бу кулжанын амалын,
Байкачы баатыр каарынан,
Бала да болсо эр неме,
Баадигер алла колдо деп,
Жаратканга жалына.
Кулжага келе жатпайбы,
Күмүш така алтын мык,
Аягында жарк этип,
Ар түрдүү амал ойлоно,
Аскадан мурун секирип,
Амалдуу кулжа келди эми.
Кулжанын сынын байкасам,
Көз айнек колдон бураган,
Көркөмү башка ак кулжа,
Көрчү эми карaанын,
Келбети ашкан кулжанын,
Кулундай сыны бар экен.
Эки көздүн үстүнөн,
Жакуттан айнек салдырган.
Мүйүзүнүн үстүндө,
Бурап алтын орноткон.
Күмүш менен алтындан,
Эки кабат салынган.
Азиз кандын Алмаңа,
Адис болгон ак кулжа.
Күрмөсүн күмүш кармаган,
Бадана соот бурулга,
Бу кулжага жасаган.
Бүтүн соот кийиптир,
Бутуна чейин бир мыскал,
Бир канча кийим жасаган.
Бир миң кулжа бөлүнө,
Бир зоодон ашып.
Бир эмектин кара тоо,
Бура тартып Семетей.
Бута атымдай кулжага,
Бугуп баатыр келди эми.
Буурулдан түшүп эр неме,

Бүтүн ташка артына,
Ак зоодон тосуп арыстан.
Ак келтеге кол артып,
Арслан карап отурат,
Абакем антын алса деп,
Армандуу болбой бу сапар,
Ак кулжа атып олжо алат.
Айылга аман келсе деп
Айлына жетип элге биз,
Атанын даңкы билинсе.
Алты сан манжу кытайга
Алып жоосун тыңсаса,
Азаматтын белгиси.
Аташкан бет алып,
Айылына кол салып.
Амалын жаап эл алып,
Аттана чыгып жол чалып.
Ала тоодой олжо алып,
Беттешкен жоодон кайтпаган.
Берендин болот белгиси,
Бериштелүү арыстан.
Бээжинди көздөй келатат,
Бере кулжа жанындай
Бет ала кирип келди эми.
Берекеси ашкан эр.
Бериштеси ашкан эр.
Бетине ала калды эми.
Бети келген кулжаны
Тартып баатыр алды да.
Дуба менен ак кулжа
Жата чалып жалт берип,
Мүйүздүн четин жырдыра.
Өтө берди ак кулжа.
Оңолуп кулжа алгыча
Он эки атып Семетей
Оо Манастап качыра,
Атына минди жабыла
Баатыр Манас баласы,
Башташкан жоосун карачы
Эр Манас деп чуу тарта,
Атына минди камына
Балдары кошо жабыла,
Баабедин деп каардана,
Баарысы алды кубалай,
Баягы адыр бел менен.
Коңурбай деп кыйкырат,
Эсенкан деп чакыра.
Эки адыр бел менен,
Эми кулжа келатат
Эңкейиште эр Семең
Алдына минген буурулдун,
Эликтей буту сайыла
Өр таяна бергенде,
Тал куйругу жайыла.
Башынан туман арттырбай,
Балдар кууп келатат.
Бадалдуу тоонун башынан,
Бала күңгөй кашынан.
Балдардын атын коёбу,
Буудандай жылкы болобу,
Бура тартып Семетей,
Бу дагы кууп келе атат.
Жалгыз атым чубама,
Жаламалуу ыйтаймын,
Жадакер белем Семетей,
Жайылы кармап алыптыр.
Жаман кулжа сеничи,
Жайыңдан таап албасам,
Жалтанбай кирип Бээжинге,
Сени кармап албасам.
Семетей атым курусун,
Кулжага жетпей калышым.
Кудай мени алышын,
Деп эр Семең катуулап,
Ак кулжанын артында,
Бута атымдай жакындап,

Буудан белем буурул ат,
Бута бою жарлардан,
Буйдалбай кетет буурул ат.
Бура тартып чуу койсо,
Бу жаныбар мал белем.
Буудан экен буурул ат,
Бу кулжаны кутказбай,
Буурул келет жакындап.
Тай мингендей болкушуп,
Бала жолборс Семетей,
Баса түшүп артына,
Баатыр келет жарыша.
Буурул ат кандай мал экен,
Бугудай моюн толгон,
Бута атымдай аңдарды,
Бутун салып койбогон.
Аркардай моюн толгон,
Аңгекке бою жарларды.
Ал жар экен деп койбогон,
Жаныбар кандай мал экен,
Жел кайыптын малы экен.
Жетик тууган буурул ат,
Жеп ийчүдөй сүрү бар.
Жебенин огу кулжага,
Күн жаагандай шырылдап.
Күрсө коюп добулбас,
Күчөп Семең келатат.
Күчү кыйын буурул ат,
Күчтү бекем алыптыр,
Беркилерден ар буудан.
Күнчүлүк кетип калыптыр
Каары жок артында,
Кулдар келет койгулап,
Күлүктүн түштү башына.
Күнчүлүк кеткен буурул ат
Көрчү эми каарынын,
Күчөп ыйлап эки кул,
Кудацдан тилеп келатат.
Күлүк эле сур коён,
Күчүн көрбөй калдык деп,
Кулдар келет арманда
Куугандын бары кулжага
Кусадар болду ушунча
Куураган дүйнө не дейин
Деп Күлчоро арманда,
Эки күлүк ат  менен.
Эки кул келет артында,
Эңкейиште ак кулжа
Эмне болду артым деп
Эр Манастап чуу тарта,
Эр неме келет артында
Ойго түшүп алды эми.
Ойрон болгон чоң кулжа
Оңолуп жөнөп алды эми,
Оңунан түшүп солуна
Ойондун уулу Семетей
Оңдурбай атып келатат,
Оңолуп кулжа алгыча
Ойроттоп ураан салгыла
Адырмага баргыча
Оюна түшүп кулжанын
Эми кетип атканда
Обу жок бала Семетей
Аркан бою ак ташка
Арыстан жетип калды эми
Алты атып сыр жебе
Айкөл үнду салды эми,
Айкырыкты Семетей
Абдан катуу салды ошо
Амалы кетип ак кулжа
Айласы кетип жаныбар
Араң жөнөп калды эми,
Күндүк көзүн жиберип,
Күндү байлап ак кулжа,
Күчүмдөтүп жөнөдү.
Кудай өзүң колдо деп,

Коржоңдогон арыстан,
Кошо келет жанаша.
Койдой болгон коргошун,
Кошо барып кулжанын,
Комокуна бир тийди.
Коргошун деп самабай,
Ок экен деп карабай,
Орто белдин жолунда,
Орто айрыктын башында,
Оңой белем ак кулжа.
Кетип барат жанаша,
Ай жаныбар буурул ат,
Намысын бербей талаша.
Орто белде буурул ат,
Бута атымдай баратат.
Буурул менен кулжанын,
Бул кылыгы салтанат,
Баяндайын жомогун.
Бура белдин оюна,
Бу кулжа жетти жаңыдан.
Бута атымдан көбүрөөк,
Баатыр келет жаа тарта.
Бу кулжаны байкагын,
Булутту беттен алыптыр,
Артына түмөн тим эле,
Адаштыра салыптыр.
Арбуудан кандай мал эле,
Анык кайып ал эле.
Артына жаза баспастан,
Арсылан бала Семетей,
Абдан калган нөкөрүп,
Келе жатат талаада,
Бура белдин талаасын.
Буурул менен кулжанын,
Чуркаганын карачы.
Ат ордундай кара жер,
Алыс учуп асманга,
Ара белдин жонуна,
Ак кулжа келет кыйкырып.
Кашын калмак кашын деп,
Бурканыңды кыйратат,
Атаңды туйлатат.
Арсыз бурут келатат.
Алты хан кытай камын деп,
Алиги кулжа кыйкырат.
Эсенкан деп бакырат.
Бээжинди бүтүн чакырып,
Коңурбайлап кыйкырат
Көрчү кулжа шайтанын,
Көр самайт бурут жоо деген.
Келатамын мен качып
Кийменби кутулта,
Ким билет тилим жааган деп
Келатат менин артымда
Кадимки Манас уулу деп.
Кулжа келет ушинтип
Кыр бир түрдүү амалын
Салып келет ак кулжа
Бурут-бурут деп
Ацытп келет ак кулжа
Алдындагы талаадан,
Кунан чабыш, тай чабыш,
Узап алды ак кулжа.
Кантерин билбей Семетей
Катуулап келет артында,
Кандай да болсо жетем деп,
Кан баласы ойлоно
Карчыга куштай толгоно
Кара ниет ак кулжа
Каарынын беттеп Семетей,
Канкор атып келатат.
Карчыгадай коргошунун,
Капталына жабышып.
Буту жаман оркусуп.
Бутум ойнок секирде
Артыман качан жетет деп,

Атып кетер бекен деп.
Куу өрдөктүн көлүнө
Жетпей калар бекен деп.
Жайманы кетип бу кулжа
Шаанисини кетип келатат
Шайтан жолун азгырса
Шашат адам баласы,
Шашпа кулжа сени деп.
Шай колдогон Семетей,
Шер неме кууп келатат.
Сени кулжа эми деп,
Сенделип калган элең деп,
Семетей көрүп караанын,
Сейилде жүргөн эмедей.
Селдейе келе жаткнды,
Семең билип келатат.
Жетимиш уруу тил билген,
Желмогуз кулжа белем ай.
Алтымыш уруу тил билген,
Амалкөй кулжа белем ай,
Ала моюн ак белдик,
Алдында кулжа келатат.
Акетай кандай ак кулжа,
Арышын алды азайтып,
Арыштап келет бу кулжа,
Артынан түшкөн арыстан,
Алты күн болсо дагы ары.
Армансыз кулжа ошону,
Арсылан кармап алчудай,
Ара моюн талаасын,
Ашып келет бу кулжа.
Амалы кетип шум кулжа,
Качып келе жатпайбы.
Кандай жолдо абам деп,
Артындагы эки кул,
Алар да атты койгулап.
Абакем эми качан деп,
Атып алар экен деп.
Арт жагында балдары,
Абайлап карап келишет.
Алдындагы ак кулжа,
Ак кыянын белинде.
Качан жетип алам деп,
Кайберен экен ак кулжа.
Каңкайдап ураан чакыра,
Келе жатат талаада.
Медийнанын белинде,
Пери ойночу жеринде.
Береке таштын түбүндө,
Бериштелүү абакең.
Берсең кудай бергин деп,
Бетине алып мылтыгын,
Беттеп жатат абакең.
Беркилер тоого чыкканда,
Балдар кууп кулжаны,
Бир кумардан кансын деп,
Бир нече күнү жол жүрүп.
Келген экен абакең,
Аттын мойну тердесин.
Кулжаны алып келсин деп,
Алдыман келсе ак кулжа.
Атайын кудай берсе деп.
Абакең Бакай жарыктык,
Алладан тилеп жатыптыр
Айнектүү дүрбү колго алып.
Арбак кудай колдо деп.
Абаң көрдү кулжаны.
Айбалталап казыптыр
Алачыктай кара таш
Жаны абаң берен эр.
Үңкүр жасап алыптыр,
Үйдөй ташты бетине.
Белги кылып алыптыр,
Бере көр деп кулжаны
Кудайдан тилеп калыптыр,
Кууралнт кулжа келатат.

Көчүп кууп Семетей
Көт жагында келатат
Көрсотуп эми кулжаны,
Көк жал абаң тигилди
Көзөмөлдөп Семетей,
Кош өрө түшкөн кезеги
Көк жалдар калып артында.
Көсөмүң жалгыз көрүндү.
Көк ала сакал абакең
Көрбөй кулжа келатат,
Көп күндөн бери чуркаган.
Кайдан билипсиң жаныбар,
Алдымда адам жокко деп.
Жыт албай келет бу кулжа,
Кытайдын ушу шум кулжа.
Чымыр кайып чуркаса,
Чыныдай таштар быркырап.
Ашуу ашып чуркаса,
Аяктай таштар быркырап.
Күүлөнүп кулжа чуркаса,
Күрөктөй таштар учуруп.
Катуулап кулжа чуркаса,
Казандай таштар бузулду.
Илебине кулжанын,
Адам чыдап тура албайт
Алтымыш уруу тил билер,
Атым кулжа дебесе.
Адамча сүйлөй бул кулжа.
Эсенн кандап үн салар.
Коңурбайлап кеп салар,
Камын калмак камын деп.
Качанкы өткөн буруттун,
Кайра келди балдары,
Кабарын айтып кулжага.
Аркардай арыш алыптыр
Арам өлгөн чоң кулжа,
Айбандан башка бул кулжа.
Абдан чуркап калыптыр.
Айкөлдүн уулу арыстан,
Ак келтени колго алып,
Аябай атып келетат.
Астына минген буурулду,
Олбуй, солбуй камчы уруп,
Оң тетири теминип,
Кара бөрү бүлдүрсүн,
Чапса кулак тундурсун.
Кармай калып имерип,
Кара буурул тоо бурчак,
Кан Семетей камчы уруп.
Кан Манастап ураанын,
Кайра антын кыйкырып.
Кара болду камчы менен,
Тай буурулду камчылап.
Кан Семетей келатат,
Арты жагын байкаса
Эки чоро эки ат менен,
Арт жагында келатат.
Абакең Бакай кайда деп,
Арыстан Семең ойлонду.
Атадан калган ак келте,
Сүмбү менен сүмбүлөп,
Сүргү менен койгулап,
Тартип менен тарткылап,
Тазалап ичин арткылап.
Болотунан ак даки,
Алты сыйра тазалап,
Алла колдо мени деп.
Алтымыш окту бош тартып,
Арт жагында кулжанын,
Арыстан кууп келатат.
Коңурбайдын ак кулжа.
Көрүнгөнгө көрүнөт.
Уйдай болгон коргошун,
Сол жагында бир түшүп.
Койдой болгон коргошун,
Оң жагында бир түшүп.

Ойрон Семең жаңкы шер,
Көзөмөлдөп алды эми.
Калмактардын кулжасын,
Көт жагынан айрылбай,
Көздөп түшүп алды эми,
Берсе кудай тилекти.
Бээжинге барып атамын,
Барган жерде байыңды,
Барып тартып албасам.
Ишенгениң сур калмак,
Ошону кошо соёмун.
Орто Бээжин, чет Бээжин,
Ойрон кылып келемин.
Алманбет, Манас баатырдын,
Кунун кууп келемин.
Кутулуп кетчү сен эмес,
Кутказып ийчү мен эмес.
Аталбай койчу биз эмес,
Атып ийчү сен эмес.
Артыңа кошо Бээжинге,
Азыр да кошо барам деп,
Арбууданды койгулап,
Айкөлүңдүн баласы,
Алладан сурап келатат.
Коңурбайдын чоң кулжа,
Бетине туман алыптыр,
Эр Семетей баатырга,
Жеткизбей кулжа келатат,
Ак кыянын белинен,
Ашып кулжа келатат.
Ойго кирип кутулду
Узагандан узарар,
Абакең Бакай жарыктык,
Дүрбү менен көрдү эми.
Кудай бере көргүн деп,
Сүбөтү көйнөк этинде.
Суу дамбалы бутунда,
Көк чыпыкты хан Бакай,
Он эки окту бош салып,
Ойрон карап турду эми.
Астымда душман жокко деп,
Артын карап турганда.
Абакеңдин  алдына,
Эми кулжа келди эми.
Алмакем аткан жери деп,
Жазы маңдай бетине,
Тартып абаң ийди эле.
Кулжа кетти куланып,
Кулжаны абаң атканда,
Семетей жете келди эми.
Бетинен өөп абаңдын,
Какырык менен шилекей
Кайран Семең сорду эми.
Кагылсын сенден уулуң деп,
Кабылан айтып турду эми.
Качан келет кулдар деп,
Абакең менен эр Семең,
А күнү конуп калды эми.
Кулжаны союп экөөлөп,
Таш казанга эт салып,
Түптүү чынар теректи,
Түбү менен омкоро.
Түгөнгүр балаң Семетей,
Түйшүгү кыйын немедей,
Бир теректи бир жакка,
Берениң тамак жасады.
Берки абаң тим эле,
Аттарды коюп чалдырып,
Арбуудан менен Көк чолок,
Бетеге менен тулаңга,
Белден болгон ыраңга,
Бери жагын оттото,
Берки абаң жүрөт ошентип.
Анда Семең кеп айтат,
Аттарды коё туруңуз,
Кулжанын эти бышыптыр.

Келиңиз аба мында деп,
Кенебеген эр неме,
Абасын алды чакырып,
Берки ташта отурду.
Белен тамак ичишип,
Каткырышып күлүшүп.
Бири арыстан, бири шер,
Бири жешип отурат.
Кулжанын тең этин го
Семең салып таштаптыр.
Тең этине берки экөө,
Абдан тоюп алыптыр.
Алдындагы белеске,
Экөө чыгып барышты.
Эс алмак болуп тушуна,
Эрлер уктап калышты.
Эрте туруп абакең,
Аттарга көзүн салды ошо.
Алдыда уктап жатканга,
Арсылан бала шумкарга,
Атыңа минип жолго чык.
Артта балдар али жок,
Эмне болуп калды деп,
Абакең Бакай айтканда,
Арсылан туруп ордунан,
Ак кулжанын этинен,
Алар тамактанып атканда,
Алдыңкы кайкаң белестен,
Алиги кулдар көрүндү.
Көргөндө берки экөөнү,
Абдан балдар сүйүндү.
Келгиле эми мында деп,
Кол булгалап Семең үн сала,
Колуна алган ак шумкар,
Бала баатыр Күлчоро эр,
Кош артында келатат.
Канчоро сындуу мобу эр,
Кулдар келди бастыра.
Кубулжуган бачагар,
Кеп сүйлөйт бала талаша.
Кимиң аттың кулжаны,
Көрөлү эми ошонун,
Кандай өрмү бар экен.
Каңкайындын кужасын,
Кандай үздөр сокту экен.
Алиги Бээжин кийген соотун,
Эти канып жасаган.
Кепти тигип алдырып,
Кең майданда жараган.
Бээжинди бузган атагы,
Мекеге кеткен чатагы.
Мээлеп кулжа кутказбас,
Бу кудайдын амалы.
Меке менен Бээжинге,
Кеткен кулжа атагы.
Келгиле муну көрөлү,
Терисин ченеп бөлөлү.
Абаман алып соогатты,
Анан мындан кетели.
Абайлап сынап кулжаны,
Алган этин жешели.
Аман-эсен кытайдан,
Кайтып Талас кетели.
Айтасың сөздүн далайын,
Алты айчылык Бээжинге,
Жөнөчүдөй жолуң бар.
Эми үч күн жүргөндө,
Көрүнөт сага куу өрдөк.
Көлүнүн үстү бүт өрдөк,
Көрөрсүң балам ошону.
Андан ары барганда,
Алты күндүк жол келет.
Күбүлдөктүн Гүлдайра,
Тал мазардын тал чоку,
Так ушундай жер келет.
Бийиктеп устун орноткон,

Мунара жасап Эсенкан,
Койгон жери дагы бар.
Алп каракуш зымырык,
Ар түрдүүнүн баары бар.
Аман болсоң көрөрсүң,
Далай-далай иши бар.
Ичи бузук кытайдын,
Адам өткүс чеби бар.
Азайып кетпей көбөйөт,
Эчен балбан эри бар.
Салгылашчу кытайдын,
Сен окшогон эри бар.
Жоо күсөгөн эри бар,
Жоолашып кытай эл менен,
Алманбет, Манас эр өткөн.
Атанын кенин ойлонуп,
Баратабыз бүгүн мен.
Абийир берсе кудайым,
Аларбыз балам душманды.
Тал чокуга чыгарбыз,
Талааны карап турарбыз.
Табыйгат койсо саламат,
Таласка анан барарбыз,
Тамаша күлкү саларбыз.
Тал чокунун ар жагын
Гүлөшөндүн Гүл токой,
Киши кийик анда бар.
Амалды тирүү кетиргиз,
Ажыдарлар дагы бар.
Сенин атаң Алманбет,
Эр Сыргак жанда барында,
Калмакка чабуул салганда.
Канча душман болсо да,
Капаланбай барганда.
Тилин байлап салганда.
Тегиз өтүп мусулман,
Бээжинден олжо алганда.
Сексен жылга болжоптур,
Берен Алма айкөлүм,
Бети жок душман ишине,
Ушунтип амал кылыптыр.
Айласы кетип кытайлар,
Не кыларын билбеген,
Жан өткөзбөс токойду,
Жалгыз Алмам алдаган,
Ал жадигер дуба окуган.
Жаман кожо кантейин,
Асмандатып кожону,
Алып барбайт белек Бээжинге.
Ошентип Алма турганда,
Бээжинге салдык чоң чабуул,
Берен Алма жанымда.
Бу токойдон өткөн соң,
Ак мейкин талаа түз келет.
Ара күндүк жол келет,
Ак кайыңдын четинде.
Алмакемдин энеси,
Алтын айдын күмбөзү,
Сенин мында чон энең,
Ушу бала эсте сен,
Шашылыш болсо кокустан,
Куран окуп өтө кет.
Жана жөнөт отурсаң,
Ошону менен жанаша,
Кара кыя сом таш бар.
Кара жолдун бетинде,
Адыр жаккы четинде.
Жылкыга кетчү жолу бар,
Алкым жаккы бетинде,
Бээжинге кирчү чоң жол бар.
Ал жолдун ичин байкасаң,
Качыр менен төөлөрдүн,
Кара жолдо изи бар.
Кумурускадай кайнаган,
Кулжа менен аркардай,
Кургак жер бар ар кандай.

Ошо жолдун оң жагы,
Ойрот элдин бери жагы,
Шайкы талаа дечү эле.
Шайкыры көп кытайды,
Арыстан Манас эр неме,
Алманбет, Чубак жеңди эле.
Атаганат дүнүйө,
Арманым көп ичимде.
Ойротту буздук талкалап,
Эчендерди калкалап.
Тыңшаны буздук талкалап.
Тың чыккан балдар чалкалап,
Манжууну буздук талкалап,
Баатырлар чыкты калкалап.
Ошо талаа бетинде,
Эрлердин башы жатпайбы.
Адамдын каны тим эле,
Кол арыктай акпайбы?
Көрчү бүгүн манжуга,
Араң келдик четине.
Абайлап балдар ойлогун,
Алың жетсе койбогун.
Аттарды эс алдырып,
Тамашалап ойногун.
Табыш бербей өрдөктү,
Басар жерин ойлогун.
Менин айткан сөздөрүм,
Балдарым толук уккула.
Угуп алып чоролор,
Бүгүн ууга чыккыла.
Кулжаны атып сулаттык,
Кудурет берип жардамды.
Кудайдын жоосу болбосо,
Ак кулжа кайдан жыгылсын.
Мойногун бөлүп эми сен,
Ат башына алгыла.
Деп абакең айтканда,
Беркилер кирди бөлүп.
Буурулга деп экини,
Бөлөк алып коюшуп.
Он төрт аткан Күлчоро,
Он төрт чылбыр бөлүшүп.
Көк чолок менен аттарга,
Чылбырды текши жеткирди.
Чыдамдуу кулдар чыйратып,
Жүгөн өрүп киришти.
Басмайыл жасап териден,
Балдар жатат бүчө алып,
Баатыр жатат  тынч алып.
Балада болсо Күлчоро,
Балбылдап күйгөн өрт экен.
Башына минип бактысы
Басташа турган жоо болсо,
Барчын куштай эр экен.
Бала баатыр кеп сүйлөйт.
Баарын уккун деп сүйлөйт.
Эми эмне дейсиңер,
Жүргүлө сыртка баралы,
Мергенчи киши көрөлү.
Кулан атып бөлөлү,
Кубалап душман жоо чыкса,
Кайра тартпай кир эми.
Деп Күлчоро айтканда,
Баарысы макул табышты,
Аттанып кулдар калышты.
Алыс эмес жакындан,
Алты кулан атышты.
Атка артып алышып,
Чатырга кайра барышты.
Тамак жасап жаңкылар,
Тамашалап отурат.
Эртеси жөнөп жол тарта,
Күнү-түнү үч күндө,
Келди Семең жакындап.
Куу өрдөктүн көлүнө,
Көл эмес го түгөнгүр,

Көрсөң сонун нечен бар.
Кайырмасы каркылдап,
Кыл куйругу кыпылдап,
Санга толуп ыкылдап.
Бөйөт-бөйөт сазы бар,
Жекеден учкан казы бар.
Алкара менен буурулга,
Күнү түндүк көл экен.
Кандай экен байкачы,
Каякта болду өрдөк деп,
Кайран кулдар таңданды.
Өрдөгү көлдү бербестен,
Өрдөп учса тим эле,
Күндүн көзү бербеген,
Ээлеп турган куу сонор.
Эпчилдигин эми көр,
Акырын көр, казын көр.
Алтыдан учкан сезин көр,
Ак куусун көр, түрүн көр.
Анда-санда сайраган,
Алмадай булбул үнүн көр.
Чыбыгын кара, талын көр,
Чыбыгын көр, сазын көр.
Чүрөк соно ала баш,
Канаттуунун канча бар,
Кана аба кайда деп,
Кабылан бала Семетей,
Кан баласы эместей.
Арбуудандын үстүндө,
Айкөлдүн уулу Семетей.
Аралаш карап турушат,
А көлдөн барып учурса,
Буу көлгө келет учушуп.
Көтөрүлүп учканга,
Көк жал бала Күлчоро,
Кере жаак сыр жебе,
Кетирбей атып келатат.
Кантерин билбей канаты,
Айласы кетип келатат.
Амалды кулдар салды эми,
Алды артына карабай,
Адам бар деп санабай.
Туш тушуна карабай,
Туйгун куштун колунда,
Тура жак менен Семетей,
Кетип барат арыстан.
Келсе бир шилтеп калсам деп,
Баатырдын ошол оюнда,
Барчын шумкар колунда.
Батырып барат жолунда,
Жебенин огу чуу тарта,
Кулдар кирди жабыла.
Кубалап куунун артына,
Кайырма ашып алышып.
Кандай экен жүрү деп,
Атканга көзүн салышып.
Атканы мунун эмес деп,
Абакем атып жатыша,
Али кулдар жарыша.
Белсенип учкан куу болсо,
Берки экөө атып келатат.
Эртеден бери кечкиге,
Адис мерген беле шай,
Ар кими аткан токсондон.
Анда бала Күлчоро,
Жалгыз тоскон тосмодон,
Жаа менен атып түшүргөн.
Учуп жүргөн ак куудан,
Жүз элүү жатат алдында.
Түгөнгүр кандай бала экен,
Өрдөктөн аткан бир канча.
Өкүмү кыйын шум бала,
Өчөшкөн тирүү калбаган.
Эрдиги жандан башкача,
Эми бир байкап караса,
Эр Күлчоро жаш бала.

Ошондо келди кан Бакай,
Айлансын жаным Күлчоро.
Алмадан калган белегим,
Арта тууган эреним.
Айтайын сага эми ук,
Ак крууну атып олжого.
Алайын деген экенсиң,
Атканыр канча деп.
Атаганат жаш бала,
Санайын деген экенсиң.
Айлык азык сонордон,
Алайын баатыр дегенсиң.
Азаматым Күлчоро,
Алдыңда турган кара кол,
Атакең Алмам айтты эле,
Турнабай салып көрдү эле.
Үстүндө туман уюган,
Өрдөктөр учпай турбайбы.
Өчөшүп канча сен аттың,
Бири да калбай турбайбы.
Эми ошого баралы,
Өрдөктү көрүп алалы.
Коңурбайдын сонорун,
Амалын эми алалы.
Деп абакең айтканда,
Атына минип жаш бала,
Абакең менен жанаша,
Жөнөп калды камышка.
Аралап кирип барышты,
Абакең айткан топ камыш,
Кулдар карап ары жагын,
Мылтыгын октоп баарысы.
Ак шумкардын томого,
Арыстан бала койду эми.
Көзүн чач ак шумкар
Көтөрүлүп алды эми,
Канат менен куйругун,
Силкип шумкар алды эми.
Тегиз көзүн салды эми.
Текири болот, теки алтын,
Текин эмес ак шумкар,
Тегерете бир карап,
Коңуроосу шалдырап.
Шумкар үнүн салганда,
Көл үстүндө өрдөктөр,
Суута кирип жок болду.
Карап турган беркилер,
Бул эмине укмуш деп,
Бир азыраак токтолду.
Биригип барган эки кул,
Биринчи өрдөк жоголсо.
Баарысы кирди суута деп,
Ошондо карап турушса.
Кечетен бери эмне чуу,
Өрдөк атып алышкан.
Өзүбүздүн элди деп,
Кабарына албастыр.
Кайнар көлдүн оозунда,
Куу сонор оюн баштаптыр.
Баятан бери ар жакта,
Мылтыкты карап туруптур.
Өз тукумун бүт алып,
Өрдө карап турганда,
Белесте баатыр Семетей,
Шумкарын алып колуна,
Томогосун тартканда,
Жодураган ак шумкар,
Коңгуроосун какканда.
Кокуй укмуш буудайык,
Кайдан келип калды деп,
Канаттуу учпай калганда,
Көлгө кире качканда,
Көрчү өрдөк өнөрүн.
Суу түбүнө жатты эми,
Күүгүм болсун сени деп,
Бу дагы ойлоп жатты эми.

Буудайык кайдан келди деп,
Бурут белем кандай деп.
Бир далай ойлоп ал турат,
Суу түбүндө ойношуп.
Өрдөк чүрөк суудa ойноп,
Эгерде келсе байкоостон.
Шумкардын үнүн укбаса,
Алдырып алмак элек деп,
Абакең айта салганы.
Азыраак байкап биз туруп,
Учуруп аны азыраак,
Коё бербей шумкарды.
Жаман кылган белек деп,
Жана эле мында биз келбей.
Каталык кеткен экен деп,
Эми турнабай менен көрөлү,
Тири укмуштуу эмени.
Айнеги алтын ак дүрбү,
Алманын калган бул дүрбү.
Он сегиз сайлуу он таштуу,
Ойрон Семең турнабай,
Оңдоп карап кан Бакай,
Атыңан түшүп бери кел деп,
Арсланды чакырды.
Басып келди жанына,
Берчи аба мага деп,
Берки бала карады.
Капырай кандай бул укмуш,
Куу сонор мындай болобу.
Ак шумкар менен барабар,
Өрдөк да мындай болобу.
Өрттөп кан калмак оңобу,
Канаттуу да өрдөктөй,
Капырай зору болобу.
Кайдан билсин Семетей,
Өрдөктүн мындай экенин.
Өзөндөн карап турганга,
Өзүнө өзү ишенбей,
Кулдардын баары карачы,
Көкүрүндүк өрдөгү,
Ушундай баатыр болобу.
Ошондо сынын карачы,
Боорун күмүш чаптаган,
Канатынын баарысын,
Жалаң алтын каптаган,
Жалалугу түрү бар.
Жер үстүндө дубанын,
Баарысын билет куу сонор,
Ошону үчүн ал мага,
Алдырбай кеткен эмеспи.
Ааламга даңкы угулган,
Куу өрдөк ушу экен деп,
Кудай алсын муну деп.
Куткарбай кармап өрдөктү,
Алыш керек эми деп.
Арыстандай айбаттуу,
Бала жолборс Күлчоро,
Кандай да болсо өрдөктү,
Кармайлык аңдып жатсак да.
Өрдөктү атып алалы,
Өчөшкөн калмак жоо менен,
Өчөшүп уруш салалы.
Дешип балдар кеңеше,
Кайра кийгизип шумкар башына.
Томогосун Семетей,
Атынан түшүп отурду.
Куу сонордун баш ата,
Кутказбай кармап алам деп,
Күтүп мында отурат.
Күчөгөн балдар акылга,
Эми келди жакшы ой,
Ошондо Бакай абакең,
Акылга дыйкан кең экен,
Айтамын баары жалпыңа,
Атыңан түшкүн камына.
Аңдып жатып өрдөктү,

Атып алсак жакшы деп.
Аталбай калсак кокустан,
Куу сонор салар жаңжалды.
Куратар дейм далайды,
Күүгүмгө чейин тозолу.
Кечинде чыкса сыртка,
Жебе бир менен тозолу.
Жетип учуп кетерде,
Шумкарды коё берели.
Менин айткан кеңешим,
Азаматтар не дейсиң.
Менин ушу кеңешим,
Жалпыңар мында не дейсиң.
Абанын сөзү макул деп,
Атынан түшүп баарысы,
Жебесин алып колуна,
Балырлуу көлдүн ордуна,
Бадалдуу камыш жанына,
Баатырлар тозуп калышты.
Өрдөктүн чыкчу жолуна,
Ак шумкарды жанына,
Айкөл Семең койду эми.
Шумкардын үнү басылса,
Өрдөктөр чыкты жайыла.
Кадимкидей канаттуу,
Учуп калды жайыла.
Укмуш белем куу сонор,
Кырк кез кайнар көл экен.
Келип жетип алыптыр,
Суу түбүнө куу өрдөк,
Чөгүп жатып алды эми.
Качан чыгат суудан,
Кабылан балдар карашат.
Кантерин билбей ушулар,
Карап мында олтурат.
Качан болсо бир чыгат,
Шашпагын сени өрдөк деп,
Шааниси кетпей кенебес,
Шай колдогон эрлериң,
Санаасы санга бөлүнүп,
Семетей баатыр отурат,
Сени өрдөк бир көрсөм,
Ак шумкарды экөөңдү,
Алыштыра бир көрсөм,
Абалым ишиң бир сен деп.
Алты айдан бери келемин,
Адам алган куу сонор,
Учканыңды көрөмүн.
Жетип илип албаса,
Акшумкар сени албаса.
Анда мында мен эле,
Эмне үчүн келемин.
Эр болсо өрдөк чыксын деп,
Ак келтени дүрмөттөп,
Айкөлдүн жалгыз баласы.
Алдында карап отурат.
Амалдуу сонор качпасын,
Алдыбыздан качпасын.
Алдына аба сен тургун,
Мен барайын биякка.
Деп Күлчоро жаш бала,
Жирелип жөө баса,
Башына кетти ал бала.
Тура жаккы бетине,
Абакем барып турсун деп.,
Аркы өйүз четине,
Канчоро баатыр барсын деп.
Ылдый жаккы четине,
Эмилдин Эргек баласы,
Эрендин Сергек баласы,
Семетей менен калсын деп.
Бет бетинен тараша,
Берендер жатат талаша.
Бере көр Алла кудай деп,
Беркилер тилеп отурса.
Бешим болуп калганда,

Бериштелүү Семеңдин,
Бетинен чыкты куу сонор,
Бери карай жанаша.
Берен тартып ийгенде,
Жогору карай жок болуп,
Жетимиш дүрмөт бир кетип,
Же кудурет жараткан,
Кургакка муну койсочу.
Же болбосо куу сонор,
Көтөрүлүп учсачы.
Деп арсылан кыйкыра,
Каякка кетти эми деп,
Карап турат бери жакта.
Душман келген экен деп,
Эми билди куу өрдөк,
Акырын сүзүп алдыртан.
Жогору карай жөнөдү,
Кароолду оңдоп койгон кул,
Ак келте үнү чыкты деп,
Табышты билип турбайбы.
Таасирлүү чоро жанагы,
Жата калып камышка.
Жабышып чоро калганы,
Жазбай тийе көргүн деп,
Алиги чоро мээледи,
Байкатпай жатат Күлчоро,
Бир убакта куу өрдөк,
Суудан боюн кылайта,
Моюунун араң чыгара,
Көтөрүлүп учмакка,
Тегерегин карады ай,
Тегин бала карады ай,
Тегиз шилип калганы,
Тартып ийди Күлчоро.
Эки канат түбү деп,
Жети дүрмөт бир кетти,
Сол канаттын бооруна,
Коргошун барып жеткени,
Кайра ыргып коргошун,
Суу түбүнө чулп этти.
Бу жерде душман бар го деп,
Амалы ашкан куу сонор,
Алды менен жылт этти.
Акырын сүзүп билгизбей,
Абаңды көздөй келатат.
Ак шумкарга билинбей,
Акырын учуп алсам деп,
Алакандай бурутка,
Аламанды салсам деп.
Көргөзбөй учуп алсам деп,
Көккө чыгып барсам деп,
Коюп келген буруттун,
Амалын минтип тапсам деп.
Бакайды көздөй бет ала,
Баякы өрдөк келатат.
Баатыр Бакай карыя,
Бадагерлер кантет деп,
Атканын угуп отурат.
Алыстан качкан өрдөктү,
Амалын эми көрчү деп,
Алышып суда ойногон.
Аламан согуш ичинде,
Астынан киши койбогон.
Алманбеттин баласы,
Алыс атып койдубу?
Же болбосо шум өрдөк,
Суудан чыкпай койдубу?
Эмне да болсо бир келер,
Атайын сени өрдөгүм,
Атасындай айбаттуу,
Арслан Семем кайраттуу.
Кан майданда жол чалган,
Ак келте менен алышып,
Андан да кеткен өңдөндү.
Амалы ашкан желмогуз,
Мени көздөй келбесе,

Канчоро көздөй кетти деп,
Кайда болсо бир учар,
Кана эми көздө деп,
Кан Бакай отур бу жерде.
Калмактын атып өрдөгүн,
Кантип алар экенбиз.
Атса ок өтпөсө,
Кууса адам жетпесе.
Ак шумкардан башкабыз,
Өрдөктөн болбойт эч айла.
Өчөшүп мында отурсак,
Ант урган өрдөк болобу.
Суу түбүнө тороду,
Суудан учпай ал койсо,
Эмне кылар ишибиз,
Айдап суудан чыкчудай,
Айласын торгодук.
Деп абакең ойлоно,
Көк чыбыкка сүйөнө,
Октоп коюп мылтыгын,
Ошо чаттан кан Бакай,
Оң жагын тороп олтурат.
Оңума келсе бу сапар,
Ойроттун атып өрдөгүн.
Ойроттун калса билинбей,
Анан барып жылкы алып,
Кайра келсек илинбей,
Кокустан кетсе бошонуп,
Өрдөк карап турбайт го.
Санап учуп отура,
Калчага кабар бербейби.
Калмак келсе артыңан,
Кан майдан шондо түшпөйбү.
Эчен айлап салышып,
Эрлер кетпей жатышар.
Намыс үчүн ар үчүн,
Ушу жерде салышар.
Эптеп кармап өрдөктү,
Элдин четин билгизбей,
Эмалдын тоосун ашабыз,
Эңкейме кара борчук таш,
Эми жылкы алсак деп,
Эң суунун маткан түбүндө,
Экин сайып алсак деп.
Айлантып сыртка чыгарып,
Айласын таап алсак деп,
Эми карап отурса,
Агыны катуу шар келет.
Абайлап абаң байкаса,
Алтын канат жарк этип,
Алмалуунун оозунан,
Алтын өрдөк шуулдап,
Алтымыштай тукуму,
Алтоо келет алдында,
Алдын баштап өрдөктүн.
Туурасында жыйырма бар,
Бет маңдайда беши бар.
Артынан эсен келатат,
Алтымыштай ак куу бар.
Ортосунда бир өрдөк,
Обу жок өскөн чоң өрдөк,
Ойрот деп коюп жок болот.
Тиги кулдар бөлүнсө,
Кун атсамым узаптыр.
Кукулдап сүзүп куу сонор,
Куу шамал салып алыптыр.
Катуу келет алдында,
Анда-санда балыктай,
Көрүнүп коюп жок болуп,
Көпбү душман азбы деп,
Тегеректеп калды деп.
Тегиз байкап чыгайын,
Төрт бурчуна барайын.
Төбөңдөн урган душманга,
Амалды минтип салайын.
Азбы-көппү душманым,

Абдан кабар алайын.
Алаңказар буруттун,
Амалын таап билинбей,
Алыс учуп алайын.
Анан жөнөп Бээжинге,
Кабар салып барайын.
Хан Коңурбай төрөгө,
Камын баатыр эми деп,
Калкына жарлык салайын.
Бурут келе жатат деп,
Бүгүн Бээжин барайын.
Эсенкан менен Коңурга,
Эсен аман мен келдим,
Өлөрүмдө мен жеттик.
Өчөшкөн мынча душман деп,
Өзүм байкап алайын.
Аркы-өйүз менен берки өйүз,
Ойноп сүзүп көрөйүн.
Обусуз душман көп болсо,
Ойротту көздөй сызайын.
Оңума келсе душманга,
Ойонду минтип салайын.
Шумкарына билинбей,
Шукшурулуп учайын.
Чыгып алсам асманга,
Борон менен бурутту,
Бүгүн мында кырайын.
Шумкардан мурун мен жетип,
Тып билгизбей учайын.
Элиме кетип бурутту,
Сыйбалатып турайын.
Сынамакка бурутка,
Тегерете сызайын.
Өрдөк эмне укмуш деп,
Өзүмдү көрүп таң калсын.
Өрдөгү мындай болгон соң,
Душманым жаман экен деп.
Шашып бурут калсын,
Жалаң жаштар көрүнөт,
Жанагы бала соо эмес,
Мылтыгынын огунан.
Байкадым жана чокуман,
Баяндайын баарың ук.
Баягы жылкы Алманбет,
Бурутка кеткен эмеспи.
Буруттан алып аялын,
Бурулча калып бу жерде,
Бу баланын мылтыгы,
Баатыр Алмаң баласы,
Башташкан жоосун тайманбас,
Бала экен жанагы.
Бали баатыр эр экен,
Бээжинди бузчу шер белем.
Беттеп жаңы чыкканда,
Бетине алып койгону,
Тартып ийсе тим эле,
Тередей түштү байкасам.
Дуба менен алгыла,
Душмандан бала эр беле,
Дуушар болуп көрүң соң.
Соо койбочу шер экен,
Салгылашчу урушта,
Самаганга жетүүчү,
Сан жорголуу эр экен.
Адеп мылтык атканы,
Арыстан Манас баатырдын,
Баласы бар деп укчу эле.
Баарысын жыйып элинин,
Басташканы келген го.
Бала шумкар колуна,
Шумкар алып келген го.
Алдап учкан өрдөктү,
Аламын эми сени деп,
Бурутка келген турбайбы.
Мыкты болсо тим эле,
Мылтыгы менен аткылап,

Мергени атып алсын деп.
Мерген эмес башкасы,
Түрүмдүк көрүп ошолор,
Ок чыгарбай калсын деп.
Ойон өрдөк жөкөрүн,
Жанына алып келди эми.
Сексен өрдөк жанында.
Сеңселип өрдөк шалында,
Семеңдин билип дайынын.
Суу түбү менен жарыша,
Алмалуу көлдүн оозунан,
Эми өрдөк чыкмакка,
Келди жакын жар менен.
Шамал салып бетине,
Шайтан өрдөк келатат,
Абакең турган четине.
Абайлап абаң отурат,
Толкунун карап көлүнө,
Тушуна эми келгенде.
Туш тушунан сороктоп,
Туруша калды эки-үчөө,
Тумшугу каткан куу сонор,
Көрүндү араң бешимде.
Көрө коюп абакең,
Алмамдын айткан жери деп.
Эки мүрө түбү деп,
Жел кирип гана турсун деп.
Ачык жери ушу деп,
Арыстан алма баатырдын,
Айткан жери эмеспи.
Алдыңкы канат түбү деп,
Абакең мээлеп койду эми,
Атып абаң жиберди.
Атардан мурун куу сонор,
Дуба менен билди эми,
Суудан башын чыгара,
Кайра тарта жылт этти.
Оңдоп сууга киргенче,
Он эки атты абакең,
Оң жагынан экөөнү,
Ойрон абаң сулатты.
Оңулуп жөнөп куу өрдөк,
Өрдү карай суу менен,
Оңбогон өрдөк жөнөгөн.
Эми кайдан чыгат деп,
Абакең калды тикчийип.
Эр Канчоро карата,
Куу өрдөк сүздү булайып.
Сонор жүнү өрдөктүн,
Шам жаккандай кызарып.
Шааниси артык куу сонор,
Шайтандай амал салганы.
Шарпылдакты карата,
Өрдөк сүзүп калганы.
Өнөрү көп куу сонор,
Ар кандай амал салганы.
Алдымда душман бар го деп,
Алдына салып олжону,
Байкагын эми аны деп.
Астыртан өрдөп акырын,
Сүрүп жөнөп калганы.
Күүгүмгө жетсем мен эми,
Күчүңдү көрөм бурут деп,
Күчөп өрдөк калганы.
Күлө багып Канчоро,
Шарпылдактын оозунан,
Шаарлардын боюна,
Кемегелүү жар бойлоп,
Келип чоро отурат.
Кеп салат аркы жагында,
Эмилдин Эргек баласы.
Бу Манастын чоросу,
Бакайдын жүрүп колунда,
Баатыр эрлер чоңойгон,
Баатыр бала Канчоро.
Байкагын баатыр алдыңды,

Баякы өрдөк абаман,
Сени көздөй жөнөдү.
Келип баатыр калбасын,
Кезегиң сага барбасын,
Колуна алып жебесин,
Канчоро мырза камдасын.
Коңуруңдун өрдөктүн,
Өнөрүн кулдар байкасын.
Өзөндүү көлдүн боюнда,
Өрдөк келет өзү бар,
Өлчөмү кенен шарпылдак,
Өзү балыр жер эле,
Байкабаган адамга,
Баары бирдей саз эле.
Кайдан келсин буу жерге,
Кайната сормо  бар эле.
Деп ойлонуп куу өрдөк,
Катуу сүзүп алды эми.
Каарданып калды эми,
Канчорону карата,
Баатыр өрдөк келатат,
Балырлуунун ичинде.
Башын суудан чыгарбай,
Балапандай шардана,
Берки өрдөк келатат.
Беремелдин топ камыш,
Бетинен адам билинбейт.
Бети жок өрдөк келди эми,
Ошо беремелдин кашына,
Кароолчусун койду эми.
Кайран өрдөк тынч ала,
Эс алып мында азыраак,
Эми өрдөк келатат.
Эмилдин боюн аралап,
Эмгектүү кытай көп элге,
Эмгеги жагып аталган.
Атын өрдөк дебесе,
Адамдан ашкан акылы,
Кытайга жаккан акыры.
Кылымга кеткен дайыны,
Кытайдын ушу өрдөгү,
Кырк бир уруу тил билет,
Кылымы жок болсо да,
Кароол карап манжууга,
Кадимки өткөн эмгеги.
Кандай дейсиң куу өрдөк,
Кангайга жеткен дүмөгү.
Калмактан дуба окуган,
Кара ниет өрдөктү,
Каранына жете албай.
Кабыландар отурат,
Кай кеткенин биле албай,
Артына түшүп шамалы.
Борондо катуу куу сонор,
Бу жерде салып жатпайбы.
Өрдөгү укмуш беле деп,
Көрүнөр көзгө эми деп,
Көзөс бала Канчоро,
Көздөп карап жатпайбы.
Бир кудайга жалынып,
Бери жакта карап баарысы,
Тегеректеп атпайбы?
Темир канат өрдөктү,
Текештирип атышат.
Чалкатата ок жетпей,
Кана эми карма деп.
Кербез бала Канчоро,
Керилип карап турбайбы?
Кементайдай ак толкун,
Келе жатат алдына.
Кербез кул карап отурса,
Келтесине ок салып,
Келип калган белем деп,
Кемегедей бир жарга,
Бир жака кулуң жата калды эми.
Кудай бере көргүн деп,

Бери жактагы Канчоро,
Бу да тилеп калды эми.
Атбасам да өрдөктүн,
Учканын билип калайын,
Абама кабар салайын.
Атып алсам өрдөктү,
Атанын колдоп арбагы,
Аттанып анан жол тартсак,
Арамзаада кытайга,
Айылына чейин биз барсак,
Алдыга жылкы биз салып,
Аттанып минип жол салсак,
Алдыман чыкса Коңурбай,
Алаңказар доңуз ай,
Алкаранын үстүнөн,
Аңтара сайып чуратсам,
Артындагы көп элин.
Аралай өтүп найзалап,
Качкандарын кармалап,
Кана кытай келчи деп,
Кан майданда ойносом.
Суу үстүндө канаттуу,
Өттү сенин азабың.
Эртеден бери жол карап,
Эрмектешер адам жок.
Эпсиз суунун түбүнөн,
Чыкпадың го сен өрдөк,
Сарыктырып адамды.
Кыйнадың го куу өрдөк,
Адамдын баарын ушинтип,
Бен жыйнадың го шум өрдөк.
Бээжин менен тал чоку,
Учуп өттүң куу өрдөк.
Берсе кудай тилекти,
Кезиң келди куу өрдөк.
Шарпылдак менен алмалуу,
Жердедиң го куу өрдөк.
Ала-Бел менен амалан,
Эл дедиң го куу өрдөк.
Кыргыздан душман сен көрүп,
Кытайды жакын эл көрүп,
Кытай менен манжуну,
Элим жейсиң куу өрдөк.
Кыргыз келсе кашыңа,
Качып жүрсүң куу өрдөк.
Не кыларың таба албай,
Шашып жүрсүң сен өрдөк.
Шарпылдакта неге учсаң,
Салабыз биз да шумкарды,
Самаганыңа жеткирбей,
Алабыз сени куу өрдөк.
Суу түбүндө балыктай,
Сууруласың куу сонор.
Шамал менен бороонду,
Колго салдың куу сонор.
Колуман келсе сени атып,
Аламын эми куу сонор.
Айланаңды биз курчап,
Алганын бил куу сонор.
Суудан башың чыгарбай,
Атарым бар куу сонор.
Учсаң алат ак шумкар,
Чыксаң атат мергеним,
Канткенде бизден кутулуп.
Кетесиң эми куу сонор,
Келтеме окту салганмын.
Кезекти эми алганмын,
Келтирсе кудай кезегиң,
Кетирермин айлаңды.
Кете берем дегенсип
Жатасың суунун түбүндө.
Кек алуучу шерлер бар,
Кытай деген элиңден,
Кетирбей кармап алмакка,
Келтиргенбиз мында биз.
Текери болот, теги алтын,

Тегереги бүт алтын.
Текин эмес буудайык,
Төрөдөн калган аланык.
Төбөңдөн учуп тепкилеп,
Текери тийсе өлтүрөт,
Теңтуш болуп ойночу,
Тегирмендин ташындай,
Тебесеги куратар,
Теминип койсо жаныбар,
Тегеректин бүрүн учурар.
Теки сени алсакка,
Тапка келген тушу бар.
Топ дедирип түшүрүп,
Тоодой болгон күчү бар.
Тобуңду бузчу Ак шумкар,
Тоо барчындын өзү бар.
Тоо жаңыртып жаңшыса
Токтобой учар иши бар.
Тобокел эми эси үчүн,
Токсон күн жүрдүк эл үчүн
Деп Канчоро караса,
Келип калды алдына.
Эки ак куу алдында,
Эки жагын каранып,
Кайта суудан жок болду.
Эми келет экен деп,
Эр Канчоро октоду.
Эмне болуп атат деп,
Эңкейип сууну караса,
Көлдүн орто ченинде,
Көрүндү өрдөк карааны.
Моюн созуп балыктай,
Чыкты суунун үстүнө.
Канчоро көрдү таңдана,
Бул өрдөк эмес жан алгыч.
Жалаң алтын турбайбы,
Жабыштыра бир атып,
Калайын эми ушуга.
Катары келсе ок өтөр,
Жаалы жетсе бул алар,
Амалкөй не дечү эле.
Же аттырбай,
Учуп бу кетер,
Алайын эми кароолго.
Деп эр Канчороңуз,
Кароолго көзүң жетти эми.
Тартып ийди сыр бараң,
Тоо жарып кеткендей,
Көлдүн үстү болду чаң.
Көтөрүлүп солкулдап,
Кете берди куу сонор.
Имерилип бир карап,
Жана байкап караса,
Жанагы жерде бирөө жок.
Желмогуздай өрдөктүн,
Жететип аткан иши жок.
Эч кандай табыш жок болду,
Эмне деген укмуш деп,
Эр Канчоро токтоду.
Бешимден өтүп дигерге,
Күн кылкылдап батарга,
Эми калган жакындап.
Эмине болду өрдөк деп,
Эр Күлчоро сурады.
Кай жакка кетти болду,
Кан Манастын Семетей.
Кабылан карап турганы,
Суудан учат эми деп.
Мылтыгын коюп жанына,
Келди баатыр Күлчоро.
Агасынын кашына,
Болбоду өрдөк торгоду.
Балакет баскан тажаалды,
Балырдан учат бул эми.
Барп этип өрдөк учарда,
Байкагын аба сен эми.

Барып тозуп турайын,
Балырлуунун жээгинен,
Баатыр Манас баласын.
Шумкарды шилте анан сен,
Көтөрүлүп учканда.
Көрсөтпөй шилте өрдөккө,
Көрсө сууга кирбесин,
Көрүнбөй учуп кетпесин.
Келе жатат Күлчоро,
Жекенди көлдү жээктеп.
Жетимиш аңыр, жети каз,
Жөкөрү экен өрдөктүн.
Тилеги катсын куу сонор,
Жетип илип ак шумкар,
Алып келер белемсиң.
Суудан бир чыгып талаага,
Суу чүрөгү куу өрдөк,
Султанымдын Ак шумкар,
Бээжинге чейин кубалап,
Баатыр куш жана куу өрдөк,
Талаш жолу болобу.
Тартып алып Ак шумкар,
Төш этине тоёбу.
Же болбосо моминтип,
Жерге таштап кетеби.
Көрүнсө шумкар көзүнө,
Көрсөтүп салсаң өзүңө,
Кандай кызык иш болот.
Бу сапар алса өрдөктү,
Биздин иш абдан оңолот.
Кытайды кырып ошондо,
Кылымга кеткен иш болот.
Кудайдан жардам бар болсо,
Кудурет Алла жар болсо,
Эми жетип байкайын,
Күүгүм кирип калды деп,
Күчү кыйын манжуга,
Айтабызбы барсын деп.
Эгерде алса Ак шумкар,
Алла тилек берет деп,
Астыртан чоро жетти эми,
Абайлап азыр күттү эми.
Күүгүм кире куу сонор,
Суудан атып чыкканда,
Канатын күүлөп жаныбар,
Көтөрүлүп учмакка.
Ширелип оңдонуп,
Куйругум менен кол сабап.
Канатым менен кар сабап,
Каардана үн салып.
Кара таштай көрүнүп,
Караган киши сүрүнөн.
Чочугандай иши бар,
Көрчү кандай соноруң,
Бээжинге кетчү түрү бар.
Беттеп жүрүп Күлчоро,
Көтөрүлө бергенде,
Как жүрөктүн башы деп,
Көк жал тартып ийгенде,
Көк коргошун как этип,
Колуна жеткенде.
Көтөрүлүп обдулуп,
Уча өрдөк жөнөдү.
Обдулуп учуп алгыла,
Обсуз мерген Күлчоро,
Отуз атып жиберип.
Жанындагы жөөкөрүн,
Бирин койбой кыйрата,
Абакелеп кыйкыра,
Кетти өрдөк асманга.
Коё бергин шумкарды,
Куу сонордун артына.
Болгун аба эми деп,
Күлчоро үндү салганда.
Атына минип жабыла,
Томогосун тартканда,

Токтосунбу жаныбар.
Томорулуп утула,
Асманга атып чыкты эми.
Ак шумкардап кыйкырып,
Арслан карап турду эми.
Алыска кетти жаныбар,
Куу сонордун түрү бар,
Тегеренип куу өрдөк,
Бетине туман алыптыр.
Береги шумкар коёбу,
Беттеп калды өрдөктү,
Бийик чыгып жаныбар,
Тебе турган болгондо,
Тегерете айланып,
Жөнөп калды куу сонор,
Бээжинди карай жол тарта.
Экөө кетти куушуп,
Жөкүрү карай жанаша.
Өнөрүн салды куу өрдөк,
Өлөрүн билип ал дагы,
Беттин баарын кар кылып.
Артынан шамал таң кылып,
Тушунун баарын муз алып,
Туурасына куу өрдөк,
Кара нөшөр суу алып,
Каратандай жамгырды,
Ак шумкарды карата,
Күн жаадырып бaратат.
Күчүмдү менин көргүн деп,
Мыкты болсоң шумкарым,
Мени жетип илгин деп.
Туш тушунун баарысын,
Туман менен чүмкөлөп.
Тура жаккы бетинде,
Жетип илип алам деп,
Желмогуз болуп кетсем да,
Жер үстүнө койбоймун,
Бээжинге кирип кетсең да,
Сени албай кайта мен,
Кантип тирүү барайын,
Кан Манастын уулуна,
Ала барам сени деп,
Ак шумкар учуп келатат.
Балакет болуп кетсең да,
Көз байлооч болуп өтсөң да,
Кимибиз учкул экенбиз.
Шамал менен бороондо,
Кимибиз чыдар экенбиз.
Деп Ак шумкар чакырса,
Булут кетип асмандан,
Кадимкидей күн тийет,
Кайра айдап булутту.
Кайран өрдөк курутту,
Камарабай Ак шумкар,
Катуу кетти алдына.
Үчүнчү күнү кечинде,
Келип конду жаныбар,
Тал чокунун бетине.
Тай баскан өрдөк сени,
Эртең мындан учайын,
Эрте барып мен конуп,
Коңурбайдын мунардан,
Тосоюн сени өрдөгүм.
Тобуңду бузган манжууга,
Тоо ураган эмедей.
Тобуратып бөлөйүн,
Токто кылбай жөнөйүн.
Тоодак алып тоюнуп,
Тоодон учуп Ак шумкар,
Тоо адырын жакалай,
Учту шумкар бакалай.
Келер жолун өрдөктүн,
Кетелек деп ойлоно.
Кереметтүү жаныбар,
Келебеттүү артык Ак шумкар,
Келди учуп жакындап.

Тал чокуга келди эми,
Тамактанып алды эми.
Жата санап жөнөдү,
Таамайлуу тийип отурса.
Тамашага бартабыз,
Так сени деп өрдөгүм,
Талп эткизип сени мен,
Ташың талкан кылармын.
Малаң калат болсо да,
Темир киймек сен түгүл,
Тегирмендей болсоң да,
Көрүнөрмүн көзүңө.
Мурун угуп жөнөдүм,
Эрте жетип алайын.
Эрдемсиген өрдөктү,
Эптеп кармап алайын.
Канча алың бар эле,
Кана эми качуу деп,
Канын ууртап тоёюн.
Кайра жолго салайын,
Кан Манастын уулуна.
Тартуу кылып барайын,
Теңдеп алып өрдөктү.
Текин эмес Гүлчоро,
Кулга арнап барайын.
Кубулжуган өрдөктү,
Кубалап келип кармайын.
Текөрүм менен тебейин,
Тең бөлүп анан кетейин.
Текеле кыйын элең деп,
Тебишип эми көрчү деп.
Тегерене айлана,
Теки болот Ак шумкар.
Мурун келип Таластан,
Көргөн экен Ак шумкар.
Арыстан Манас бегиңди,
Айкөлүң келип алганда.
Кабарга келип Ак шумкар
Кат алып жүргөн эмеспи,
Каңгайлардын кара  тоо.
Көргөн шумкар эмеспи,
Көк шалпыттын өзү эле.
Көрчү шумкар не дейсиң,
Көтөрүлүп Ак шумкар.
Келе жатат жаныбар,
Буудайыктын түрү бар.
Буда учуп отура,
Келди шумкар күүгүмдө.
Коңуруңдун мунарга,
Куу өрдөк келчү чынарга.
Ар дайым кончу өрдөктүн,
Алтын мунар башына.
Айланып конуп Ак шумкар,
Амалын тапчу көк шаскыт.
Айланасын карады,
Качан келер экен деп.
Куу өрдөктү самады,
Кутурган жаныбар.
Тегерегин карады,
Текин беле Ак шумкар.
Текерүн жанып түшүшкө,
Тегиз карап отурат.
Калмактын кылган ишине,
Эми өрдөк кайда деп.
Окугандар сурашар,
Обдула жөнөп куу сонор.
Шамал менен талаша,
Келе жатат жанаша.
Артында калып куу сонор,
Абайлап кетип жатпайбы.
Аңдып келет шумкар деп,
Айланасын чаң болуп.
Амалдуу өрдөк келе атат,
Алтынчы күнү бешимде.
Ак шумкардын отурган,
Айланпалуу мунарга.

Эми жетип коном деп.
Эмиле кабар болом деп,
Өрдок келген экен деп.
Ойрон калсын кубанып,
Деп куу өрдөк ойлоно.
Келип конмок болду эле,
Кереметтүү бул сонор.
Кенебей коном дегенде,
Келдиң эми байкуш деп.
Кеткендин берки амалын,
Ушул эле беле деп,
Көтөрүлүп Ак шумкар.
Көтөрүп урду мунарга,
Көтөрүлүп куу өрдөк
Кете албай жаман шашылды.
Эчен жылдык алыңыз,
Ушул экен өрдөгүм.
Өттү сенин өнөрүң,
Деп Ак шумкар  тургунсуң.
Төшүн айра тепти эми.
Төш этине тойду эми.
Тең этин жеп тоюнуп,
Тегерене ойлонуп.
Текери алтын Ак шумкар,
Теминип алып учту эми.
Темир болот өрдөктү,
Теңип алып көтөрүп.
Теңтуштарга арнады.
Кайра келген жол менен,
Шумкар учуп калганы.
Бет маңдай душман барбы деп.
Берен шумкар келе атат,
Бая күнү Ак шумкар.
Өрдөк менен талаша,
Бээжинге кеткен Ак шумкар.
Алты күнгө толду деп.
Алар күнү болду деп,
Айланып келип өзүмө.
Аман бир келет беле деп,
Ак шумкар кабар бергиле.
Ат эс алтып алалы.
Арамзаада Тыңшанын,
Анан жолун чалалы.
Аман-эсен кудайдан,
Жанды тилеп туралы.
Жалпы кытай душманга,
Шашпай чоотун салалы.
Тоодой болгон шумкардан,
Эми кабар алалы.
Деп Семетей төрөнүн,
Куу сонордун көлүндө,
Жатат баатыр кенебей.
Жоо бар экен дебестен,
Тумарына теңебей.
Көлдөн өрдөк атышып,
Көйкөлүп кулдар жатышып.
Суудан суубар атышып,
Суу боюнда жаңкылар,
Сумкандар эми ойлонот.
Сулуунун түшкөн торуна,
Булбулдай болуп толгонот.
Бу баатырлар калмакка,
Бара жатып бул жерде,
Киши бар деп ойлобой.
Келишип жаткан көлүндө,
Куу атышып алышып.
Кумардан минтип канышып,
Кулдардын иши ойлочу,
Куугунтукта тойлочу.
Жылкы алуу мунун ойлору,
Жетинчи күнү кечинде,
Намаз дигер бешимде,
Жетип келди Ак шумкар,
Жети сан өрдөк көлүнө,
Арыстан бала Күлчоро.
Ак чатыр тигип салыптыр,

Ак шумкар келсе көрсүн деп,
Чатырда карап жатыптыр.
Айлана карап шумкарың,
Келип конду чатырга.
Кереметтүү Ак шумкар,
Келди эми жанына.
Керектүү кулдун кашына,
Эми бала Күлчоро,
Энеси эркек туугандай,
Амалдан жылкы куугандай,
Катыны эркек туугандай,
Ал калмактан жылкы куугандай.
Каткырып күлүп азыраак,
Кандай шумкар экенин,
Кабарыңды билгени,
Канаттуунун буудайык.
Кабарлаша келишти,
Кана шумкар жаныбар.
Коңурдун өрдөк алышың,
Кайта мында келишиң,
Кудайдын минтип беришин.
Кудуреттин жазуусу,
Келдиң шумкар эми деп.
Келбетиңе айлана,
Кезектүү тоонун өрдөгүн.
Келип алып келдиңиз,
Кеменге чалыш Коңурдун.
Кароолчусун жеңдиң деп,
Кондуруп алып колуна,
Кожоңдогон Күлчоро.
Келди шумкар аба деп,
Шумкар менен өрдөктү,
Эми мында көргүлө.
Эчен жылдап жашаган,
Эр Коңурдун өрдөгүн,
Элине ала кетели,
Эки жакка канатын,
Эмине деген уз соккон,
Сыртынан байкап карачы.
Сырттан өрдөк экен го,
Сынаша баатыр карачы,
Сындан өткөн өрдөктүн,
Сынын байкап көргүлө.
Сынчыларың бар болсо,
Аламаш салган өрдөктүн,
Амалын эми көргүлө.
Боорун күмүш чаптаган,
Канатын астын каптаган,
Жаң-жуң көзү бир мыскал.
Эсенкандын буурулга,
Ошолор менен бул өрдөк,
Жер алдынан жети жыл,
Окуган өрдөк эмеспи.
Жетимиш уруу тил билген,
Атын өрдөк дебесе,
Адамча сүйлөйт болуучу.
Арыстан Манас бир анда,
Атаңдын көрү өрдөктүн,
Азабын канча тутканбыз.
Айкөл Манас баш болуп,
Өзөндү бойлоп барганбыз,
Көрүнгөн казды атканбыз,
Таң атканча жатканбыз.
Өрдөк болсо атканбыз,
Өзөндүн баарын кыдырып,
Азапты минтип тартканбыз,
Адырды бойлоп барганбыз.
Арамзаада өрдөктүн,
Азабын мында тартканбыз,
Будурдан бугу тапканбыз.
Бул өрдөктүн азабын,
Бүт мусулман тартканбыз,
Жабырдан күтүп жатканбыз.
Шайтан өрдөк азабын,
Жалпы алаш тартканбыз,
Жээктен күтүп жатканбыз.

Желмогуз өрдөк азабын,
Жетик эрлер тартканбыз,
Кыядан карап жатканбыз.
Кысталак өрдөк азабын,
Кыйын эрлер тартканбыз,
Жөндөн күтүп тартканбыз.
Жоболоңдуу өрдөктүн,
Азабын минтип тартканбыз,
Белестен күтүп тартканбыз.
Бети кара өрдөктүн,
Бет байын минтип тартканбыз.
Айкөлүң Манас баш болуп,
Ар кандай жолду басканбыз.
Ай балдарым угуп тур,
Айтайын эми сырымды.
Арам өлгөн өрдөктүн,
Арбын болгон дүмөгү,
Алманбет анда жол баштай,
Алып келген жери ушул.
Алмам айтат түшүнгүн,
Ааламда мындай өрдөктөн,
Арбын тарттык азабын.
Алманбет, Чубак баш болуп,
Алты адыр жээк белести,
Алты айлана карадык.
А деле атат беш өрдөк,
Бу деле атат беш өрдөк,
Атып алган өрдөктөр,
Алмакеме аз келет.
Андай өрдөк эмес деп,
Арыстаным Алма жооп берет.
Жекендү сазды кыдырып,
Жетинчи күнү тапканбыз,
Желмогуз өрдөк мында деп,
Алмакем барып көрүптүр,
Суу түбүнө чөгүптүр.
Ушу өрдөк азабын,
Ошондо чогуу тартканбыз.
Алманбет менен эр Чубак,
Аңгемесин айтканбыз.
Эр Сыргакты ээрчитип,
Бээжинден жылкы алууга,
Алмакем жолду чалганда,
Эсенкандын Бурулча,
Эсен-аман кирсем деп,
Алмакем ойго алыптыр.
Алты арыштуу чоң Бээжин,
Атайын издеп барыптыр.
Бурулчаны калмактан,
Бурула сүрүп алганда.
Бу өрдөк үчүн далайлар,
Кан согуш менен чечилчү.
Деп абакең Бакай айтканда,
Ээ абаке ойлочу,
Казаттын жайы миң түрлүү,
Кытай кыргыз чабышы,
Кыйлага жеткен алыскы.
Улуу кытай манжуусун,
Урматтап нечен ойлогон,
Улуу Манас баатырдын,
Эрдиги жандан ашкан деп,
Эр Манас кирген Бээжинге.
Айтып өзүң турасың,
Аааламдын ичин жол салган,
Тыңшага барып кол салган.
Тынымы жок солонго,
Тогуз айлап жүрүштүн.
Токтобой салып жаңжалды,
Кытайды минтип уруштун.
Кылымдан барып олжо алып,
Кыргыздын даңкын угуздуң.
Калмактан барып жоо чаап,
Калайыкка жол салдың.
Каары катуу тыңшага.
Канча жолу кол салдың.
Кабарың минтип билинген,

Калмак-кытай көп элге,
Кан Бакай деп билиндиң.
Кайда болсо бир өлүм,
Кана эмесе жөнөйлү,
Кайран башка күн түшсө,
Капаланбай көрөлү.
Эми мындай жөнөйлү,
Эмилдин кайың терегин,
Эми барып көрөлү.
Алманбет, Чубак талашкан,
Атакем Манас бараткан,
Ашуусун байкап көрөлү.
Быйыл алым жетпесе,
Соңку жылы келели.
Солкулдаган манжуусун,
Солдойтуп айдап кетели,
Кечилин койбой айдайлы.
Кереметтүү абакем,
Келгиле эми жүктөрдү,
Келиштирип айдайлы.
Кем болбосо кудайдын,
Келиштирип качып салалы,
Какандан өчтү алалы.
Күпүлдөктүн дайрасын,
Кечип чыгып алалы.
Келбеттүү ашкан тал чоку,
Керилип чыгып баралы.
Келмек беле калмагың,
Келтирип карап дүрбүнү,
Кетели эми ылдамда.
Деп Семетей айтканда,
Абанын сөзүн макул деп,
Айтканы болсун такыр деп,
Айкөлдүн сөзү макул деп.
Бүтүн мунун айтканы,
Биз үчүн анык акыл деп.
Беттешип калмак жоо менен,
Эми жетип алсак деп,
Эрлер жүктү артканы.
Эми жолго салганы,
Ээн талаа жол менен,
Эчен ашуу бел менен,
Эр Манастын баласы,
Эрдиги ашкан адамдан,
Эркелетип жараткан,
Эрдикке тууган башынан.
Эненин алып батасын,
Эр Семең келе жатышкан.
Эрегишкен өрдөктүн,
Эсебин минтип табышкан.
Эсен-аман барсак деп,
Эрлерди эске алышкан.
Эмики согуш аягы,
Атынын кеги баякы,
Аттанып чыккан кытайга,
Арыстан балдар жанагы.
Ааламга кеткен атагы,
Кытайды карай жол чалган,
Кыргыздын кыраан баласы.
Кызыл чаар жолборстой,
Күлчоронун карааны.
Күлө багып караса,
Ажыдаардын сүрү бар.
Айбаттуу Семең караса,
Алп карагуш сүрү бар,
Ааламга кетчү түрү бар,
Арсландын түрү бар.
Абайласаң баатырда,
Ай тийгендей көрүнүп,
Арбуудан минген эр неме,
Атайы келе жатпайбы.
Атагы чыккан эр неме,
Антташкан жоосун жыйбайбы,
Арам өлгөн душманын
Эми башын кыйбайбы.
Күндөп-түндөп жол жүрүп,

Күн уйкусун үч бөлүп,
Түн тынымы бу кетип,
Түнү жете күзөтүп,
Туура алты күн болгондо,
Жетип конду Семетей,
Желпинип учкан шумкарын,
Жете келди Күламан.
Эртели мында дайрага,
Эр Манас уулу токтоду.
Алдындагы Күлөмөн,
Абдан каттуу дайра экен.
Дагы азайып калган чагы экен,
Жекенде талы ыргалган,
Жер сонуну ушу экен.
Боюндагы талы ыргалган,
Борушу ашкан жер экен,
Адыраңда кайыңы,
Алмасы менен кумара,
Ар түрдүүнүн баарысы,
Таттуу жемиш толгон жер,
Тамашага кытайың,
Ушу жерден тойгон жер.
Туурунда таңшып ылаачын,
Туура жагы бетинде,
Туйгуну учуп катарлап,
Тумшугу каткан кытайың,
Жер кандай кур экен.
Деп Семетей ойлонуп,
Сууга кире бергенде.
Он жагынан салаңкып,
Үйдөй болгон кара таш,
Туураланып дагы агып,
Туйгундай болгон Семетей,
Турсунбу баатыр айланып,
Турумтай куштай айланып.
Туура жаккы бетине,
Туура кирип Семетей,
Сууга кирген жеринде,
Суу ортолоп барганда,
Тоодой болгон кара таш,
Төрткө бөлүнүп үйдөйүлүп.
Кан жыттанып чоң дайра,
Кадимкидей сүйлөнүп,
Кырмак болдуң бизди деп,
Кулдары чыга берди эми.
Кудай алсын бери кел деп,
Кууураган кулдар бери кел деп,
Кайра чыгып дайрадан,
Каныкей кылган кыл аркан,
Келишимдүү сур аркан,
Аттардын баарын байлашып,
Арбуудан менен Семетей,
Сууга кирди жайкалтып.
Шай колдогон арыстан,
Балага эрдик жанашкан.
Мындай дайра жүз келсе,
Дайра экен ушул деп,
Санаасына албаган.
Залкар баатыр эмеспи,
Самаганга жетүүчү,
Залкар баатыр эмеспи.
Чабактай сүзүп дайрада,
Алып келет жанына,
Али кулдар жанында,
Аманат койсо кудайым,
Арыстан иши оңунда.
Оң жагын алып бир колго,
Сол жагын алып колуна,
Суудан жүрөт сүйрөтүп,
Суучул белем буурул ат,
Суудан чыкты Семетей,
Беркилерди сүйрөтүп.
Берки өйүзгө сүйрөтө,
Качыр менен атан төө,
Кошо ала чыгыптыр.
Коргошундай салмактуу,

Көрчү Семең кайраттуу.
Көк жолборстун айбатын,
Берендердин ичинде,
Бийик турат карааны.
Беркилерден беш эсе,
Бериштелүү Семетей,
Муну кудай колдогон,
Жараткан ишин оңдогон.
Жаан жаап асыла,
Келди баатыр жол жүрүп,
Тал чокунун башына.
Таскерлүү кытай зоосу деп,
Таанышайын эми деп,
Таанбасаң мен сага,
Таанышканы келдим деп,
Тартып буудан оозуна,
Тар кыя менен бастыра.
Тал чокунун түбүнө,
Таластан келди эми бил,
Таалайлуу шерлер эмики,
Тамашалуу арыстан,
Атынан жөө баса,
Эки кул абаң Бакайдын.
Ээрчитип алып жанына,
Эми басып келди эми.
Эрегишкен солонду,
Тоосун баатыр көрдү эми.
Тоонун бийик үстүнө,
Таш көчүрүп үй салган,
Таңшанын каны Эсенкан,
Мунаралуу тектирин,
Бүтүн алтын кармаган.
Мунун жайын айтайын,
Мунарасын сырдаган.
Мурунку өткөн заманда,
Тээ Алманбет баатыр барында,
Бээжинден Алмаң дин үчүн,
Ала-көлүн алмашып,
Алмаңа ок атканда,
Арсылан Алмаң төрөңүз,
Мусулманга качканда,
Мунусун анан орноткон,
Тегереги бүт алтын,
Эсенкан карап олтурчу,
Эсендиктин Бээжиндин,
Эсенкан билип туруучу.
Мунун орду ушу деп,
Бакай айтып олтурат.
Атасы аким Азизкан,
Алдыңкы тактын четинде,
Эки кез ылдый бетинде,
Эмики турган жерибиз,
Кечилдин каны Коңурбай,
Кесиреттүү доңуздай,
Келбети ашкан кытайдын,
Келди эми кезеги.
Мунун жөнү ушундай,
Отуруп салып турнабай,
Бээжинди карап көрөлү.
Жылкы кайсы жакта экен,
Жылас манжуу солоңдун,
Ишин эми көрөлү.
Эми келсе баарыңа,
Эми мындан кетели.
Эрте жүрүп жол тарта,
Самаганга жетели.
Салгылашып кытайга,
Сан жылкысын бөлөлү.
Саны кетип олтурат,
Сана балдар эми деп,
Камчыга ченеп бөлөлү,
Каңкайдын күчүн көрөлү.
Абанын сөзүн угушуп,
Азыраак мында турушуп,
Атакем келген жери деп.
Атакем арбак колдосо,

Аламын эми сени деп.
Арыстандай айбаттуу,
Бала жолборс кайраттуу.
Барчын куштай теминип,
Баатырың карап олтурат,
Бээжиндин жолу беш арал,
Беш коңуздай үч арал.
Берен бала Семетей,
Бетине алып дүрбүсүн,
Беттеп карап калды эми.
Бет маңдайга кытайды,
Бээжай манжуу-тыңшаны,
Мына дүрбү салышты.
Жанагы төртөө олтурса,
Тал чокунун белинде,
Таалайы ашкан Семетей,
Табына келген шумкардай.
Тартып алып чоң дүрбү,
Таанышып бала жатпайбы,
Таластан келе жатпайбы.
Так сени деп арыстан,
Тамашага батпайбы.
Эми айтайын балдарым,
Түн түш кандай көрүнөт,
Күкүмдөй араң бөлүнөт.
Түбү Бээжин кытайдын,
Түрү жаман көрүнөт.
Жер үстүнөн жүргөнгө,
Жетик Алма айтты эле,
Эсимен чыгып калбаса,
Жетимиш күнкү жол ошол,
Жел кайык жылкы мингенге.
Ушу жерден Бээжинге,
Ат менен баатыр жүргөнгө,
Арбуудан менен Көк чолок,
Арыбаган ат керек.
Ант урган душман жоо менен,
Алышарың күч керек.
Андан бери карасаң,
Азизкандын эли ошол,
Жердеп кеткен Алмакең,
Жетисан үрү кытайы,
Жеткилеңдин жери ошол.
Сары алтындан салдырган,
Тагын кара Алмамын,
Эсенкан, Айка, Азизкан,
Бул үчөө болгон бир тууган,
Булардан жалгыз ошого.
Билинген кытай ааламга,
Күн тийгендей көрүнөт.
Так Сулайман пайгамбар,
Тагынан ылдый турбаса,
Так ошо Алмаң ээлеген,
Күн баткандай көрүнгөн.
Күлүстөн баатыр шаары ошо,
Манжуу-солон аралаш,
Баатыр ээлеп олтурган,
Байкачы сөздү чамалап.
Баягы жылы келгенде,
Көрдүм эле аралап.
Көркөмдүү кытай көп элди,
Алганбыз биз да сабалап.
Алдында ат менен жүргөнгө,
Алтымыш күндүк жер ошо,
Айтайын эми ойлочу,
Алакандай мусулман,
Аламын дейбиз экөөбүз.
Алдыңкы Бээжин калаага,
Орто шаар деп угам,
Барып кетип отурган,
Бакай абаң эмеспи.
Аралашып манжууга,
Көргөн абаң эсемпи.
Атасы Алмаң таштаган,
Алиги шаардын баштаган.
Алмаңдын жакы тегине,

Алты сан манжу эле ошол,
Алабыз дейбиз төртөөбүз.
Оңой эмес Бээжинге,
Балдар барып кол салыш.
Бээжинди бузуп олжо алыш,
Миң-миллион шери бар,
Сепилинин сыртында,
Серемжилеп олтурат.
Кечилдери дагы бар,
Келип көрчү Семетей.
Орто Бээжин ичинде,
Бир жүз токсон миллион,
Нак манжу деген эли бар.
Нашарык менен кумара,
Нарктуу кыйын жери бар.
Накта манжу эли бар,
Ээлеп турган ошондо,
Айган баатыр шери бар.
Алабыз дедик Бээжинди,
Ат чарчатып жол басып,
Айчылык азыр чет Бээжин,
Андан берки жагында,
Алакөөнүн Коңурбай,
Ээлеп жатат аз өрдө.
Ааламдан ашкан атагы,
Атакең менен жоолашкан.
Алманбет, Манас, Чубакка,
Алдынан чыгып жол бербей,
Алты айга салышкан.
Мунарык болуп көрүнгөн,
Буруксуп чаңы бөлүнгөн.
Чет Бээжин деген калаа ошол,
Четинен адам далайы,
Сай ташындай болгон жер.
Салгылашып адамдар,
Атакең Манас өзү бар,
Ааламда кытай элине,
Атаңдын кеткен даңкы бар.
Алакөнүн алты уулу,
Бээжинди баккан калкалап.
Берен Манас атакең,
Беттешип жеңген талкалап.
Береки жоосу Коңурбай,
Бурганын көр, элин көр.
Акты кийген аш балбар,
Көктү кийген көк жал бар.
Кара кийген кечил бар,
Кандай экен калмактар,
Как ушундай түрү бар.
Келиштире кийинген,
Кечилдин каны Коңурбай,
Келбети жандан башкача,
Кережмттүү чоң кытай,
Келгенин эми байкаса,
Кача турган эр эмес,
Каң кайды бүтүн чакырат.
Кыргыз келди бизге деп.
Кеп салып кытай чакырат,
Мына Бээжин чети ушул.
Эрте аттана баралы,
Жылкыны жолго салалы.
Жылас болгон душмандын,
Жылкы эми алалы.
Карачы баатыр сары төр,
Тиги канаттуунун ошондо,
Кайнап жаткан көп жылкы,
Каратаандай бул жылкы,
Андан бери карасаң,
Жылкынын кайы белиңен,
Кум чөлдөр жатат мына бу.
Кумурска торпоктой,
Шыйку малы ошондой.
Шылдыңдап карап урушса,
Бээжинден бери чыгышса,
Бетине ала сен жүргүн,
Асманда жылдыз оңунда,

Амалын таап душманды,
Ала эми соңуңдан,
Абакең жерди көрсөтө,
Арсыландай эки кул,
Айбатта күлдү эми,
Атагы чыккан манжуну,
Абдан мыкты сүйлөйсүң,
Алар мыкты болушса,
Эмдигиче бир чыкпай,
Эми кылып турушсун.
Ашкере баатыр шер болсо,
Аны да байкап көрөрбүз,
Ат муну кесет го,
А жерде чындап салышсак.
Айласын табат элек го,
Амалы катуу болсо да,
Сынашып атаң көрөт го.
Сырттан баатыр ким экен,
Сынчы кытай билет го.
Сыналалы солонго,
Сындамалы эмесе.
Жүргүлө эрте жетели,
Жылкы турган жерине,
Алдыңа миндиң Көк чолок,
Хан абасындай берен жок,
Калмакка барып жөө жүрүп,
Кабылан бала Семетей,
Канча уруш болду деп.
Кайгы салам деп жүрүп,
Семетей Бээжин бузду деп.
Сексен миң нарга бул жүктөп,
Кытайды минтип түрдү деп.
Кылымга калсын сакталып,
Мекеде элдер кубансын,
Медер бар го бизде деп,
Медийна эли жубалсын.
Мен-менсиген азамат,
Кошо барбай сени деп,
Оздорон кармасын.
Кана эмесе жөнөйлү,
Канкайды карай бет ала.
Деп Күлчоро айтканда,
Баарысы туруп ордунан,
Басып келди жабыла.
Бастырып жөнөп калышты,
Бастырманын жонунда.
Бала баатыр Күлчоро,
Баштап жөнөп соңунда.
Баратабыз калмакка,
Баштагы кекти алмакка,
Барыбыз бирдей жоо болсо,
Бастырабыз арада.
Бала да болсо Семетей,
Барчын абам жанында.
Баятан бери келатат,
Бей балды баштын барында,
Белгилүү күлүк Сур коён,
Берки жактан минбедим.
Кесирлүү кара ат менен,
Күлүктүгүн көрбөдүм.
Аралап кирсин калмакка,
Атым начар кантемин,
Айчылык жоого чуркаса.
Акжолтой эле бууданым,
Айланайын Сур телки,
Өлүм орток тууганым.
Бууданым сенден арамырап,
Бейбайда кетип барамын.
Берсе кудай тилекти,
Табармын сени бууданым.
Кытайдан кырып олжо алып,
Кыя тарткан кезимде,
Кыядан кытай кезиксе,
Келип аман мен минип.
Кетирермин айланды,
Кереметтүү жараткан,

Жалгызга берсе жардамды.
Артыбызда бала жок,
Алтымыш жүрүп биз өлсөк,
Аманат кетти шерлер деп,
Айтар бизди билгендер.
Саламат койсоң жараткан,
Самаган жоого баралы.
Эсен бир койсоң жараткан,
Эңсеген жоого баратам,
Эми жетип жылкы алып,
Эч каткан кекти албасам,
Ичим күйөт кеп уксам,
Калмактын ишин мен уксам.
Кагылайын атаке,
Өттүң дүйнө жалгандан,
Өчөшкөн жоом жой кара.
Канатыңды талкалап,
Кайда болсо сени куп,
Каңкайыңды талкалап,
Кагылсын жаным атадан.
Коңурду барып найзалап,
Өлбөсөк минтип өчтү алам,
Өрттөнүп өлгөн тыңшага,
Өнөрүмдү мен салам.
Эчаккы өткөн атанын,
Эми кегин мен алам.
Эсенчилик бар болсо,
Эсенканга кол салам.
Алакөнүн эки уулун,
Алдап кармап албасам.
Атакем менин  кайда деп,
Асып алып сабасам.
Арыстан Манас, Чубактын,
Шейитке кеткен Сыргактын.
Кегин минтип албасак.
Кекенген жоого биз бүгүн,
Эмине үчүн барабыз,
Моминтип кекти албасаң.
Энеден бизди жараткан,
Эркек бала болсун деп,
Эл четинде   туу тигип,
Элдин жолун тоссун деп.
Элиңди алар жок келсе,
Элден мурда келсин деп,
Эл үчүн өлсөк шейитпиз.
Эненин сүтүн актачу,
Эрлердин иши эмеспи.
Эки жактан жоо чыкса,
Эр жигит качпайт эмеспи.
Эмине болсо мейли деп,
Эрлер жоого кирбейби.
Жеңип чыкса душманды,
Тилеги каткан тыңшаны,
Тегирмендей ак шумкар,
Ташты жара теппейби.
Жаратканы чын болсо,
Тилегине жетпейби.
Туйгун куштай жабырап,
Туурадан кончу бүркүттөй,
Тууруна анын конбойбу.
Намыс үчүн эр жигит,
Талаанын баарын кыдырдык,
Таластан чыгып биз ушу,
Талыкпай келе жатабыз.
Эр жигиттин башына,
Нелер келип, не кетпейт.
Бизден мурун Бээжинге,
Азирети шерлерди,
Аларда  колун сунган дейм.
Ала алышпай кытайды,
Заркын уруш кылгандай.
Жалгыз эле жарыктык,
Жабырган кытай элди дейт.
Ошолор болсо жардамчы
Аларбыз кытай калмакты.
Акими ашкан эл деген,

Атактуу бурут биздин эл,
Атанын колдоп арбагы,
Алышарбыз кайраттуу.
Же калмакты кудай алабы,
Касташкан жоого баралы.
Тыңшаны кудай алабы,
Теңдик уруш салабы.
Көптүгү чөптөй бу кытай,
Көптүгүнө салабы.
Артынып келген ок дары,
Же аздыгына салабы.
Аз эле экен бурут деп,
Калмактын көөнү тынбайбы.
Көптөн кармап алам деп,
Калча кылар амалды.
Кандай баатыр эми деп,
Качырышып калышсак,
Каскак менен бир конот.
Калмакты аттан кулатсак,
Ал карала алып олжого,
Анан айылды көздөй биз барсак,
Артыкча жыргал болбойбу.
Атанын кегин алышкан,
Азамат деп койбойбу,
Алакандай мусулман,
Абдан ичи тойбойбу.
Арыстандар барды деп,
Калмактан кегин алды деп.
Калкым калса кубанып,
Кандай жыргал эмеспи.
Деп Күлчоро ырдаса,
Беркилер калды күлүшүп.
Берен туура айтат деп,
Бери жакта келет Семетей,
Күлүкө абдан кубанып.
Кубатым менин Күлчоро,
Кубатты жаңкы сөздөрүң.
Курман болсун абакең,
Курмадай болгон чырагым.
Же жамалдай болгон тынарым,
Эми сенин ишиңе,
Эркелетип турамын.
Аманат жаным өлбөсө,
Алпарамын тыңшага.
Мекке менен Бээжинге,
Суратармын абакең,
Султаным сендей чорого.
Эмне берсем аз экен,
Энеден бирге туулган,
Эмне кемиң бар экен.
Эсениң сенин барыңда,
Аттарың кетсин садага,
Алдымдагы душманга,
Атырылаар арыстаным,
Абакеңдин барында,
Кытайга өтөт сурагың.
Кылычыңа садага,
Кытайдын эли бүт келет,
Сенин жалгыз башыңа.
Капаландым азыраак,
Качантан берки кегиңди,
Кабакты абаң жазбаса,
Кантип алат кегиңди.
Калмакты барып чаппаса,
Убадасы эки бейм.
Урматтап абаң сени эми,
Убадага жетпейби.
Урушуп кытай эл менен,
Узак сапар кирбейби.
Улугум абам Бакай бар,
Улуу тоо болуп бербейби.
Эки токтоп сен экөөң,
Элдин четин бербейби.
Эки чоро жылкы айдап,
Эми жеңиш биз болуп,
Анан бала Семетей,

Артыман калмак келе албай,
Айласы жаман кетпейби.
Мына ушинтип абакең,
Тилегине жетпейби.
Тыңшага кетет кабарың,
Тынымы анын кетпейби.
Тыңдуусунун жүрөгүн,
Сыр найза барып тийбейби.
Сырттаным сендей чородон,
Солондун эли кетпейби,
Солкулдап түшүп артыңа,
Чоромо деп кетпейби.
Чөгөлөп кытай улугу,
Чөгөлөп сага бербейби.
Чөгөлөмөк кытайдын,
Элдеринин адаты.
Эми мына баратам,
Эки кулум жанымда,
Сен экөөңдүн барында.
Абаңдын иши оң болот,
Айтаарым сага жол болот.
Эми кирип барабыз,
Гүлөшөндүн токойго.
Мына токой байкачы,
Эр Күлчоро, Канчором,
Токойдун ичи жол экен.
Жолум үйдөй чегиртке,
Жолубузда баратат.
Жолдошторум эми бил,
Ичи тышы башка жан,
Ажыдаар менен кара куш,
Арабызда келатат.
Араладык токойду,
Айбаны башка шер экен,
Кечетен бери келебиз,
Түгөнбөгөн жер белем.
Түбү күчтүү манжуунун,
Карачы жери эки кум,
Кескелдирик тим эле.
Жыпжылаңач баладай,
Киши коркот ушундай.
Тарбанып басат жаныбар,
Канаттуу жылан бар экен.
Кайдан келип калды экен,
Карап жана келе атсам,
Кабылан, каман, сүлөөсүн,
Кандай жандар бар экен.
Кабарында бар бекен,
Каңкайдын токой Гүлөшө.
Келдик эми көрүшө,
Жокар жакын карачы.
Терек менен бир болуп,
Теки түрү жапжаман.
Киши жемек жүрөбү,
Ар жагында бетинде,
Токойдун орто ченинде,
Тобу менен чөө жүрөт.
Кадимки эле адамдай,
Каткырышып күлүшөт.
Капырай укмуш эмеспи,
Казылган эчен ор жатат.
Канча жандар көп мында,
Кайдан келген жандар деп,
Жолдон көрүп жолборсту,
Жолунан чыгып арыстан.
Бура тартып беришет,
Булардын түрүн көргөндө,
Жандыктар жаман сезишет.
Булар биздин эл эмес,
Бурут белем эмне деп,
Бээжиндик баатыр шер эмес,
Келип калса кан төрө,
Келип сүйлөп кетчү эле.
Дешип калды жандыктар,
Бу Бээжиндин эли эмес,
Бурут болуп жүрбөсүн,

Булдурашат тилдери.
Бурут болбой эмине,
Өткөзбөй муну койбой деп,
Гүлөшөндүн жандыгы,
Күңгүрөшөт ушинтип,
Бастырып булар жөнөшөт.
Башына чыгып келди эми,
Баатырлар жүктү түшүрүп,
Эс алмакка жатышты.
Экиден коюп кароолго,
Эми Семең турсунбу,
Эмалыдай Күлчоро,
Эргитип алып тына,
Эрте барып боз ташка,
Эки жагын карады.
Элдин иши не болот,
Эсине алды жанагы,
Эр сырттан жаш бала,
Илгерилеп жөнөштү.
Күнү-түнү жол баса,
Ак белдинин оозуна,
Алтын айдын күмбөзгө,
Алигилер жетишти.
Аттарын айдап жайдактап
Куран окуп киришти.
Ошондо бала Күлчоро,
Айланайын энеке,
Артыңдагы жалгызың,
Акыреттен келбөөчү.
Арбагың бүгүн козголуп,
Кулунуңду ойлочу.
Артыңдагы жетимче,
Алдыңа келди колдочу.
Жетимиң келди жетилип,
Жетимиш түрдү иши бар,
Жете турган бу сапар,
Эми эне колдочу,
Улуу ара жолдочу.
Улуу тыңша элине,
Улуу келип колдочу.
Убактылуу жарыктык,
Уулуңдун уулу келди деп,
Урматыңа көндүк деп,
Уюшуп калган душманга,
Улутунтуп кеттиңиз,
Мусулманга атаны,
Кытайдан минтип бөлдүңүз.
Деп Күлчоро ыйласа,
Жанындагы баарысы,
Жабыла кошо жашыды.
Койчу балам эми деп,
Кожо үндүү кан Бакай,
Каңырыгы ташыды.
Кантерин билбей беркилер,
Кайрат айтар киши жок,
Кабылан чоро баатырга,
Кашына келет Семетей,
Койчу чоро жашыба.
Кудайдын кылган ишине,
Амалың канча түшүн ай,
Аттаналы жол баса.
Жүрчү чором кетели,
Жалпы калмак кытайда,
Кошо жүрүп өтөлү.
Ажал жетсе биз чогуу,
Ушул сапар кытайдан,
Аманатын берели.
Деп Семетей айтканда,
Куран окуп күмбөзгө,
Кандай карачы күмбөзү,
Кыш экени билинбейт,
Же тышы экени байкалбайт.
Ичинде жок бир жиги,
Кандай уста салды экен,
Кантип кыйо келтирген,
Кенедей жерде жиги жок.

Ким салса да бул күмбөз,
Кылымдан кылым туруучу,
Кыш экен го ойлоном,
Кабырай ичи күмбөздүн.
Кадимкидей сүйлөнөт,
Эшик жаккы бетинде,
Жалаң алтын кармаган,
Кан-жанын ушул күмбөзү.
Какандын эли жашаган,
Кедейи алса алдыңдан,
Кенен он жыл азыгы,
Кеткен эмес бир чети,
Алтын айдын күмбөзү.
Алмаңдын ушу энеси,
Арслан бала Күлчоро,
Азыраак жашып олтурат.
Атына минип булар да,
Аман болсо иш бүтсө,
Жетербиз эми тилекке.
Желпилдеп учкан туйгундай,
Жете жүрүп келатат.
Как кайыңдын белине,
Бет алып жөнөп калышты.
Бери жаккы кара таш ошо,
Бээжинге барчу кара жол,
Жетип эсен а жерге,
Желдетин алып жанына,
Калмак келер бекен деп.
Кара жолдо Семетей,
Канча жолу күтүштү.
Мындан өтүп бет ала,
Кабсандын тоосун четине,
Калды Семен кечинде,
Керектүү кулдар ишене.
Конок болуп отурат,
Кара таштын четинде,
Кара тоонун бетинде.
Калмак келер бекен деп,
Каранын билсе ушу жол,
Калганы берер бүгүн деп.
Кабылан балдар жол күтө,
Кароолго карап олтурса,
Караан келбей өзүнчө,
Колуна киши тийишпей,
Келсе улам бу жолу,
Кетир деймин айласын.
Келип эрте Семетей,
Кара тоону ашты эми.
Качан жетем эми деп,
Кара таш менен кызыл кыр,
Келди Семең бастыра.
Эртең жетет экенбиз,
Каман уунун боюна,
Сары төрдүн оюна.
Саламат койсо жетербиз,
Санаасы башка калмакка,
Салышарбыз эми деп.
Жолдо балдар ойлошуп,
Жоо батыр Семетей,
Жолуңду кудай оңдосун,
Ишиңди эми болжосун.
Эрчишип эки кул,
Ээн талаа жол менен,
Оодарышып алыша,
Ою менен салыша.
Эсендикте ойлойлу,
Эми келсе калмакты,
Эсине түшүп кетели.
Эми бүгүн жол жүрө,
Жылга аба жетели,
Жылас кылып кетели.
Ошентип кулдар күлүшүп.
Демилге берип эртеден,
Дене соо болсо саламат.
Душманды кыра чыккыла,
Туурадан жылкы алалы,

Эмине болсо кытайдын,
Эсебин берип тыналы.
Деп жөнөп кулдар келатат,
Береки кайкаң белесте,
Аттанып чыкса ак жолтой,
Ааламда булар сан колдой,
Азыр кирип келишти.
Алиги суунун боюна,
Азыр жетип жылкыга,
Алам эми дешип бул,
Акыл ойлоп калышты.
Аттиң дүйнө не дейин,
Аттарды жайлап омурчу,
Алтындан болгон жер экен.
Менин бир жерим болсочу,
Турактуу кыргыз ак калпак,
Туйгундарым консочу.
Туура жакка мал жайып,
Тууган элим толсочу.
Тумшугу жок бу калмак,
Жердин баарын ээлептир,
Жети тоонун арасы,
Бу калмакка бериптир.
Бу дүнүйө жалганда,
Мынча жер ээлеп алганча,
Кынчаны калмак көп кытай,
Муну да жасаган алла бири бар.
Бу сапар калмак жоо менен,
Булкунаар күчүм менде бар.
Буткулдан тозом баарысын,
Бургаты болгон коң төрө,
Мунун да ишин жайлайын.
Жылкысын тийип бу жолу,
Кытайды минтип жайлайын,
Кылыгы ашкан Коңурбай,
Калмакты минтип жайлайын.
Камандуу кандай жергесин ай,
Кытай ээлеп жээгиңди,
Кыйкырып жаткан бел экен,
Кытайга ыра көрбөдүм.
Кызыталак манжуурга,
Берилген жери экенсиң.
Бээжинге чындап атайы,
Берекеси белемсиң,
Береги таштуу сары төр,
Жылкынын жери экенин,
Булактан жылкы суу ичип,
Буралып тулаң оттосо,
Буурул ат сындуу мал болуп,
Бул адырдан оттосо.
Жээгинден жылкы суу ичип,
Жетилген адыр бетине,
Жеткилең буудан оттосо.
Жетимиш адыр сары төр,
Кыргыздан чыккан  он төртү.
Жез билек жылкы оттосо,
Жетишиктүү биздин эл.
Көчүп келип мал айдап,
Көргөндө адам таң калар.
Көч артында мында ойно,
Сай күлүк жылкы оттосо.
Санаамда душман жок болсо,
Өңчөй күлүк оттосо.
Ойдо элим орносо,
Жээгиндеги өрдөк-каз,
Ак шумкар салып ойносом.
Бетеге менен тулаңга,
Белден болгон ыраңга,
Белгилүү күлүк тоо бурчак,
Коё берип оттосом,
Жан жолдошум кошулуп,
Жайлооңо чыгып отурсам.
Байтал бээни бал кымыз,
Көөкөргө куюп алсакчы.
Көк жалдар мында кошулуп,
Көрктүү оюн салсакчы.

Буудандар мында топтосо,
Булуңунда сүлөөсүн,
Түлкүдөй болуп ойносо.
Суу түбүндө кундузу
Ти үч айчылык кундузда,
Кара малдай жойлосо.
Кантип сени эл сүйбөйт.
Деп арыстан ойлоно,
Лаачын куштай толгоно,
Арбуудан минип эр Семең,
Аламын жылкы эми деп,
Ак келте алып колуна,
Ала-Тоодой кара таш,
Арсылан келет бурата.
Алдына минген буурул ат,
Алыс таштап айылын,
Ат менен Семең келди эми.
Жолум үйдүн жанына,
Жоо баатыры Семетей,
Жоболоңдуу жаңкы шер,
Артына жете келишти.
Арыстандай эки кул,
Араң турат бул экөө,
Азыр жылкы тиймекке.
Сары төрдөн Семетей,
Санжыргалуу эр немең,
Санап келип чатырга,
Арыстан түшүп атынан,
Ак албрас алып колуна.
Ак чатырга Семетей,
Кирип бара турганда,
Жетимиштей калмак бар,
Желмогуздай бир чал бар.
Желмону кармап бир кытай,
Желденип кеткен эмедей,
Эси ооп эндиреп,
Эмине кылар иши жок,
Жан алгыч эми келчүдөй.
Жаныңды эми бер деген,
Жан берүүчү эмедей,
Жанагы калмак турганда,
Жайдары баатыр Семетей,
Жалаң кылыч колго алып,
Жетимиш калмак кол салып,
Желдети мунун берки экөө,
Жетип калды талашып.
Ортодо бир калмак,
Кузгундай көзү кызарат.
Кайдан келген балдарсың,
Кара чаар кабыландай,
Кайратыңа калдык таң.
Кабылан сындуу баатырлар,
Кайдан келе жатасыз,
Калмактан жылкы тийчүдөй,
Каарың кыйын, заарың күч,
Катуу тийчү сүрүң бар.
Кыргыздан келген түрүң бар,
Мендей кары адамдын,
Убалына калбаңар,
Кошо айдаша кетейин,
Калмактын ушу жылкысын,
Жансоога баатыр жансоога.
Бир ууртам кызыл кан соога,
Бир мусаапыр карыптын,
Айтканын эске алсаңар,
Арыстандай айбатың,
Камтырайт менен кайратың,
Кайраттуу балдар эми силер.
Каарына тийип алсаңар,
Капа болбой баарыңар,
Жылкысы мунун курусун,
Жылкычы элем мен деле.
Деп кары калмак ыйлады,
Кабылан абаң Манастан,
Калмактан жылкы алганы,
Бакай менен берки экөө,

Башытан ыраaң салганы.
Калмакты кармап Семетей,
Эки кул жаман сабады.
Ээгиндеги сакалын,
Эрмекке кылып эки кул,
Эчтекке койбой тарады.
Эңеле таштай бу болуп,
Жан кысталак кыйын го,
Жалганда жөө баспаган.
Жылкыдай болуп түйүлүп,
Карагул чуркап алганы.
Кара жолдун боюнда,
Калмак малдай айдалдың,
Капталын алып Канчоро,
Жээк жагын Күлчоро,
Сандап жылкы айдады.
Санаасы башка калмактын,
Санын сымтып тим эле,
Сандалып кытай калганы.
Таанып коёр бекен деп,
Талтайып калмак акырын,
Кан Бакай муну ал көрсө,
Кармагын муну өлтүр деп,
Кан Бакай айтар жарлыкты.
Кыйнап сабап өлтүрөр,
Кыргыздын түштүм колуна,
Карып калган чагымда,
Бурутка кетип Карагул,
Бу жоголот белем деп,
Тулпарынан айрылып,
Коңурбай калат экен деп.
Тор айгыр минген Карагул
Үч күнү мурун Коңурбай,
Кара атты кошуп жылкыга,
Тор айгыр минип кетиптир.
Менде болуп жөө басып,
Калмактын алы кетиптир.
Кан Манастап чуу тарта,
Кабылан атка миниптир.
Баабедин деп бакырат,
Манастап ураан чакырат.
Балдар тийди торлордон,
Бүт чогултуп кыядан,
Бүтүн жаткан эли бар.
Жылкыны баккан жери бар,
Алты миң түтүн эл экен,
Арстан алды көчүрүп.
Асты жашып койбойбу,
Адырга бир тай таштабай,
Айдады эми жылкыны,
Алты жүз экен жылкычы.
Аралаша кошо айдап,
Сары төр ылдый көч айдап,
Сандалышып төөнү кошо айдап.
Сага алмак кылбасам,
Сайышып эми жыкпасам.
Сайында ташың калсын деп,
Сандалтып жылкы эми алды.
Салт аттуу Семетей,
Сегиз күн эми дегенде,
Капсандын тоосун айлана,
Алп кара куштай айлана.
Алдына салды жылкыны,
Арыстан бала Күлчоро,
Айдап алды жаңкыны.
Алиги калмак карысын,
Чымачындын Карагул,
Чын желмогуз жаңкы кул,
Каңкайдын алды карысын,
Кармап алды баарысын.
Каңкай элин жадаткан,
Карагул эми жанталаш.
Келди суунун боюна,
Кереметтүү Бакай,
Эй Семетей баатыр ай,
Кечетен бери жөө баса,

Бутум жаман талыды.
Балтырым кыйын ооруду,
Баатыр Манас баласы,
Ородыша эми карачы,
Эми берен бир танды,
Элге илеше жөнөйүн.
Эбин таап душмандан,
Эр экенсиң сен баатыр.
Жылкысын алдың кытайдын,
Эрдигиң көпкө угулсун,
Бир ат берип маа сага,
Бир жылкычы болгон соң,
Билимдүү баатыр сен бала,
Бир ырайым этсеңиз.
Биригишип баладай,
Бир тууғандай кетсеңиз.
Бир топ түтүн эл алып,
Бирге талаа биз барып,
Бир айыл консок чогула,
Менин сөзүм сен алсаң,
Берен Манас баласы.
Беттешкен жоодон сен баатыр,
Кегиңди эми аласың,
Кечилдин каны Коңурбай,
Кетирерсиң айласын.
Шайдоот балдар экенсиң,
Жасаган берген тилегиң,
Жалаң соот кийгениң.
Жанталашаар душманың,
Жалгыз кирсе тетиги.
Жаныңда бала эр экен,
Жалпы кытай көп элин,
Жалпысын билчү бул экен.
Жасаган кудай бу жолу,
Оңдоптур баатыр ишиңди,
Оңкосунан саласың,
Оюңда кектүү кишиңди.
Обусуз калмак элинде,
Обол тоодой демилгең,
Аз эле балдар экенсиң,
Алкымда келет билүүчү.
Алар да сизден элден го,
Акимдик кылып Семетей,
Ат берсеңиз эми деп,
Айтат кытай карысы,
Аманат койсо кудайым,
Азамат эми ишиң оң,
Азыр жатат көп кытай,
Эч темени ойлобой.
Жоо бар экен деп койбой,
Сен кетесиң алыстап,
Менин ушу айтканым.
Деп Карагул зар ыйлап,
Анда Семетей кеп айтат.
Ай Күлчоро чырагым,
Алдыдагы көчтөрдүн,
Алдыга эми салып кой,
Узатып эми барып кал.
Анда бала Күлчоро:
Ай абаке кулак сал,
Кыргызча сүйлөйт,
Мабу калмак баатыры,
Тегин эмес түрү бар.
Теги байлап алалы,
Абакем Бакай баатырдын,
Алдына алып баралы.
Аман-эсен ушуну,
Атка таңып салалы.
Амалдуу жоодон болбосун,
Абдан мактайт бизди эле,
Аңдыган душман болбосо,
Ал кайдан билет Таласты.
Каяктан билет бу калмак,
Кыргыздын чогуу тилдерин.
Кылмыштуу калмак сүйлөдү,
Менин тилим алыңыз,

Бек кармап калмак айдайлы.
Алдап сени жакшы деп,
Атка таңуу салалы.
Кайтап абакелейин,
Канчоро калды ары жакта,
Оё бербе мен жокто.
Деп Күлчоро аттана,
Алтымыш түтүн жана ала,
Качырга таңып дүнүйө,
Калмакты салды алдыга.
Коңурдун көргүн жылкысын,
Жайың желен кур ат бар,
Минилбеген сур ат бар,
Сагызгандай сары ала,
Баш айыдай карала,
Көгүчкөндөй көк ала,
Түк абадай шайыдай,
Токсон түрдүү жайы бар.
Алды менен сабалап,
Камбар ата кары айгыр,
Кара сур тарткан сур айгыр,
Чыбча куйрук сарала,
Келишимдүү көк ала,
Туудай болгон туру ала,
Тобу менен айдалып
Каран калган жылкынын,
Кайсы бири бычылсын.
Эркегинин баарысы айгыр,
Эми түрүн айтайын.
Эң алдыда баратат,
Өңкөй кула бир болуп,
Арт жагында жанаша,
Арчалуу күлүк ат болуп.
Жалаң сур барат шат болуп,
Тору барат топтошуп.
Түрү айгыр үйрү бүт болуп,
Карагер барат ат болуп.
Арамзаада алкара,
Арасында баратат.
Ала кара кунандай,
Абдан тизгин жашыра.
Ортосунда баратат,
Оңой эмес Көкала.
Чет жагында баратат,
Четиндей болгон сары ала.
Эң артында келатат,
Каргадай жалаң кара ат.
Калмактын тийип жылкысын,
Кулдар келет кубалап.
Манастап ураан чакырып,
Аллам дини колдо деп,
Кулдар кулак тундурат.
Ак келте огу жоо жарат,
Айдап келет абакең,
Алкымды араң сабалап.
Алты күлүк ат менен,
Жээк жакын жабыра,
Көпүрөөдөн Семетей.
Өткөздү эми жанаша,
Өрттөнүп кеткен Карагул,
Өтүп аткан жылкыдан.
Көрдү кара ат жалынын,
Сыр билгизбей ал кара ат,
Сыртын сала өттү ошо.
Таң ата келген кур жылкы,
Бешимден күндүн өткөндө,
Теңи араң өттү эми.
Элдин алдын чоң жолго,
Эр Күлчоро салды эми.
Эми калмак жоо менен,
Эриккендер канат деп,
Эр чоро жүрөт кубанып.
Абакең Бакай алдыда,
Эмилдин Эркен баласы,
Эртештин боюн аралап.
Колоттун баарын таралап,

Мал калдыбы мында деп,
Бу да баатыр эр неме.
Манастан калган чоросу,
Эргек менен Сергек кул.
Ээн талаа жол менен,
Эң четин айдап келатат,
Эр Манастын Семетей,
Эмине кылсам деп ойлоп,
Акылды баатыр көп ойлоп.
Айласын кандай кыламын,
Айдасын жылкы эми деп.
Айтсам кандай болот иш,
Алиги чоро келгиче,
Же коё турсам беле деп.
Деп Семетей ойлонуп,
Ак шумкар куштай жаш бала,
Алар бекен жоону деп.
Арслан Семең оңдонуп,
Берки келген калмакка,
Бери келгин эми баатыр деп.
Эр Семең алды кашына,
Коңурбай кайда азыр деп.
Кожосун эми жакыр деп,
Сен калмакта түр башка,
Сен бир бузук белемсиң,
Сендейдин башын аламын.
Айтпасаң сырың сен мага,
Азыр башын алайын.
Убара кылбай тим эле,
Ушу жерге таштайын.
Ошондо айтат Карагул,
Айланайын төрөбүз,
Айтайын эми угуңуз.
Кечилдин каны Коңурбай,
Келбеттүү дагы абыдан,
Келип кеткен болуучу,
Describing Кеминде эки күн өттү.
Эгерде эрте сен келсең,
Кезигип калмак экенсиң.
Кереметтүү төрөсүң,
Кекенгенден тайманбас,
Кек алуучу бөрүсүң.
Эмнесин сага айтайын,
Эли көп кытай шаарын,
Адамдын көзү талыган,
Айлыкка соккон сепили,
Алтай жатсаң аты ошо,
Алалбай турган сепил бар,
Аралап ээлеп отурган,
Алиги калмак Коңурдун,
Адамдан башка иши бар.
Кабарың сенин билинбейт,
Бир айсыз келбейт Коңурбай,
Алты күндүк чоң Бээжин,
Арбуудандай бууданга,
Эми айтайын дубасын,
Көз байлоочу дагы бар.
Көзгө атаар мергени,
Көргөндүн баары таң болот,
Асмандап уча турганы,
Айчылык жолго сызалы.
Деген учкан адамдар,
Бу кытайда далай бар.
Бу жолу алсаң Бээжинди,
Жетесиң бала муратка.
Жылкысын алып кетесиң,
Айчылык алыс ыраакка,
Анан кабар жете албай,
Кетесиң балам элиңе,
Кереги тиет эмеспи,
Бир тай берсең мага деле,
Бир топ жылкы айдайын,
Бир калмактын жылкысын,
Эмнесине карайын.
Кабылан баатыр Семетей,
Кан эмес белең туйгунум,

Атаң Манас баатырдын,
Арта тууган тынарым,
Алдыңа келип хан ыйлайт.
Алдагы калмак карысы,
Айтайын сөздүн баарысы,
Жети сан калмак ичинен,
Мен бир кары кытайга,
Муунум кетти дабдарып.
Менин айткан сөзүмө,
Эсиңизге кичине алсаңыз,
Эсте баатыр Семетей,
Эмне деп айтар сөз таппай.
Барсаң баргын деди эми,
Ишенсең мингин бир атты,
Айдашкын баатыр деди эми.
Алгын деп буйрук болгон соң,
Минди эми кара атты,
Жылкы айдаша өттү эми,
Көпүрөдөн бир күнчүк,
Жылкы келди алдына.
Ошондо бала Семетей,
Атынан түшүп отурду.
Айдыңдуу талаа белинде,
Алдына келип Карагул,
Атыңа минген сен иттин,
Ал кара минип алганмын,
Мен боломун Карагул.
Деп келип Карагул,
Укурук менен Семеңди,
Уруп өтүп калганы,
Келген жолго бет ала,
Качып кытай калганда,
Кабылан төрө Семетей
Атына минип кубалап.
Артына түшүп калганы.
Атын кармап мен алсам,
Ал карадай бууданга,
Жете келди Семетей,
Алар жери ушу деп,
Өпкө колго тушу деп.
Өпкөгө баатыр сайарда,
Жата калып жалт бере,
Жадагер болгон ал кара,
Ата берди каркырып.
Жылдын үстүн жырдырып,
Оңолуп Семең алганча.
Обуде буудан алкара,
Өтүп кетип баратат.
Шамалдан тез чуркаган,
Шайтан белем алкара.
Шаң-шуң белин кыялап,
Келе жатат бу кара.
Шашпа бирди кылам деп.
Артыша түшүп Семетей,
Арслан кууп келатат.
Аманат койсо өлүмдөн,
Алкара сага жетпесем,
Алдын кармап бууданым,
Алып келип чоромо,
Сени кара ат бербесем.
Деп арстан ойлоно,
Камчы уруп буурулга,
Катуулап келет Семетей.
Качпа кытай, качпа деп,
Манас, Манас, Манас деп,
Баатыр келет ураандап.
Адагы карат буудандан,
Артта калчу бууданбы,
Кара белдин оозунан,
Кара суунун боюнан,
Кадектүү күлүк Буурул ат,
Жете келди соңунан.
Жебели күлүк арбуудан,
Жетти карат артынан,
Жетип кармап алам деп,
Семетей ойлоп абыдан,

Жете келип алкара,
Семең алды куйруктан.
Тээп туруп Семетей,
Дайра кирип келгенде,
Так серкинин боюнан,
Алкара кетти секире,
Куйруктап алып Семетей,
Тартып калды абыдан.
Өтө кетти Алкара,
Топудай болгон куйругу,
Тобу менен уюша,
Семеңдин калды колунда.
Сендиректеп Алкара,
Мүдүрүлө жөнөдү,
Буурул менен Семетей,
Бекер кылган экенмин,
Бек сайып салып кытайды.
Кете бербей кап сени,
Кутказып ийдим ушуну.
Кулдарга кантип айтамын,
Теки менин ушун деп.
Жарабай калды азыраак,
Кетирип койдум манжуну,
Күлчоро баатыр келгенче
Болбостук кылдым бу жолу.
Мейли кете берсинчи,
Элине барсын мактанып,
Ханына барсын жактанып.
Кан Манастын уулуна,
Карматпай келдим эми деп,
Канына айтып барсын деп.
Кайра тартты Семетей,
Жылкынын салды артына,
Кызыл буурул тообурчак,
Арстан минип аттана.
Артына жетип жылкынын,
Алкымдан жетип Күлчоро,
Абаке эмне болдуң деп,
Али чоро сурады,
Ошондо Манас баласы,
Ойрон баатыр Семетей ,
Ойлоп бала кеп айтат.
Эй Күлчоро деп айтат,
Сен кеттиң элдин алдына,
Мен калдым бу жер чалкынга.
Жанагы калмак куу экен,
Ат сурап мага келгенде,
Ат берейин сага деп,
Атка минип бастырдым.
Ар буудан минип четине,
Айлана карап мен турдум.
Кара кунан мен бердим,
Калмактын кара чалына.
Карадан кунан минишип,
Кайра аттан мен түшүп,
Карап турдум азыраак.
Кара буудан ат болуп,
Кайра мага келгени,
Укурук менен бир сала,
Кайра качып кеткени.
Артынан түшүп мен ага,
Атайын куудум калмакка.
Жетип сайып аларда,
Атына бир аз кызыгып,
Кармамакка ошонун,
Кош өрө кууп отурдум.
Көпүрөдөн кармарда,
Алыс кетти секирип.
Кайрадан кеттим айлана,
Кана балдар не дейсиң,
Калмакка тозуп аталы,
Как мен ушу жерден айтайын.
Мен калайын чалкынга,
Силер жылкы айдагын,
Бир тайыңды таштаба.
Абакем Бакай экөөбүз,

Артында бизди караба.
Не болом деп санаба,
Аман болсо барамын,
Алтымыш күндө артыңан.
Атактуу кытай жоо менен,
Атагы чыккан Коңурбай,
Акими менен согушам.
Жети сан манжу Коңурдун,
Жетиги менен согушам.
Арбуудан оозун бурбаймын,
Не болом деп турбаймын.
Буудандын оозун бурбасмын,
Калмакты карап турбасмын.
Качырышып согушуп,
Кан майданда урушуп,
Кан согушту ачамын,
Калмакты кырып талкалап,
Атанын кегин аламын.
Кароолдо өзүм каламын,
Калмакка чабуул саламын.
Каңкайдын улуу кабырга,
Кандай да болсо согушту,
Кайра тартпай саламын.
Эбакка өткөн кегимди,
Эми балдар аламын.
Эр манжунун каарынын,
Эми самап салайын.
Эрте кеткен кытайга,
Эрмекти чогуу саламын.
Эмне болсо мейли деп,
Эмалдын боюн ашамын.
Эми жолду басамын,
Эң мурунку кегимди,
Эми балдар алалы.
Какандын боюн ашамын,
Тыңшынан уулу Коңурдун,
Тынымсыз чалгын чаламын.
Алакөнүн Коңурдун,
Абдан кекти аламын.
Алкарадан кытайды,
Алып түшүп бу жерде,
Абийирди алалы,
Сан жеткис кытай уулуна,
Самагандай кылалы.
Улуу тыңшага манжунун,
Убарага саламын.
Ушу сапар кытайдан,
Улуу кекти аламын.
Урматтуу Алма, Чубактын,
Урушун эми саламын.
Ажыбай менен Сыргактын,
Атайын кегин аламын.
Согушта өлгөн баатырлар,
Кунун эми алалы.
Кагылайын Күлчоро,
Жылкынын түшкүн артына,
Абакем калат жанымда.
Акала тоонун боорунан,
Ак шумкар кетсин Таласка.
Ага бир тууган көп элге,
Айтарсың бала саламды.
Кана эмесе эки кул,
Батаңды эми бергиле.
Басташуучу калмакка,
Абаңды сынап көргүлө.
Бир тайды балдар таштабай
Көчтүн артына эми түшкүлө.
Ошондо абаң кеп айтат,
Айланайын Семетей,
Айтайын бир аз угуңуз.
Атагы чыккан манжуну,
Ала бир жүргөн колубуз,
Кечилдин каны Коңурга,
Сала бир жүргөн жолубуз.
Эми айтайын билгенди,
Баяндап айтам көргөндү.

Бакайың абаң билүүчү,
Башында кытай бул элди.
Баатыр Манас барында,
Басташып кытай жоо менен,
Бардык салам келишти.
Мына бу капса тоосунда,
Эчендер шейит кетишти.
Эр Манас атаң баш болуп,
Эр Алманбет, Чубактар,
Буларда чогуу бар болуп,
Бурут, калмак эл болуп.
Бу жерде жаттык салыша,
Мурунку өткөн заманда,
Айкөлүң Манас барында,
Кытайга кыргын салганбыз,
Кызын тартып алганбыз.
Тыңшага кыргын салганда,
Туйгун Манас барында,
Туура жаккы бетинде,
Алманбет, Чубак эгиз эр,
Эрдиги мунун тегиз эр.
Арыстан Сыргак, Ажыбай,
Арыстандардын баары бар.
Алакөнүн Коңурбай,
Айбаттуу кытай доңуз ай,
Аралашып салыштык.
Артка кетпей көп манжу,
Абдан катуу согушта,
Абакең кошо катышып,
Кытай деп желек атышып.
Кыргынды минтип салганда,
Дүнүйөнү чачканда,
Бээжинден кайта качканда,
Алтынды нардап артканда,
Алты айчылык Бээжинден,
Атакең Манас тартканда,
Айбалта тийип жатканда.
Кытайды Манас алганда,
Кылыгын эстеп айтканда,
Менин ушул кеңешим,
Жалпы журтуң мындагы,
Же кармап минер буудан аз,
Же кара кылар тууган аз.
Жылкысын минип алганда,
Не муразга жетели,
Токтоп минип турганга,
Аттарды тандап алалы.
Самаган буудан бизде жок,
Сай күлүктөн ажырап,
Санааны тарттык бир далай.
Эми сайышалы жоо менен,
Санап бир келген Коңурга,
Сан жырга кылып саялы.
Саламатта болгула,
Садагасы эки кул,
Жетимиш күнгө толгуча.
Арт жагыңды кара,
Абалар эмне болот деп,
Кам санап бир аз санаба.
Кошкула эми балдарым,
Жараткан ишти оңдосун,
Жасаган алла колдосун.
Деп ошентип абаң,
Кулдарга бата берди,
Эки кул атка миништи,
Жолуңар болсун абадан,
Эчаккы кеткен жылкынын,
Артына булар түшүшүп,
Аяр кылбай бул экөө,
Сабап жүрүп отуруп,
Жылкыга жете келишип,
Жылкынын четин тозушуп,
Эригип кулдар азыраак,
Бир сайышып кетсек деп,
Булар самап келатат.
Адырдын башын ашырып,

Арыстандай эки кул,
Келе жатат жарышып.
Баспай калса жылкыны,
Казы менен картасын,
Каңтара сайып баратат.
Коңурдун кара жылкысын,
Кулдар кууп келатат,
Туура сууга турушуп,
Турушту булар эс ала,
Эмне болду экен деп,
Эки кул самап абасын.
Эки бээ союп бул төртөө,
Тамактанып алышып,
Кароолго адам коюшуп,
Кайран балдар жатты эми.
Кан Манастын баласы,
Кароолго Семең жатты эми.
Муну мындай таштайлы,
Кытайдын каны Коңурбай,
Ушундан кабар баштайлы.
Карагулда сакал жок,
Алкарада куйрук жок,
Арсыз кытай Карагул.
Келе жатат жол менен.
Күнү-түнү болгондо,
Таранчы талга конгондо,
Чет Бээжинде калаага,
Чынмачындын Карагул,
Чырмактап араң жетти эми.
Биринчи эшик дарбаза,
Алтымыш качар түз эшик.
Араң тартты эшикти,
Экинчи эшик дарбаза.
Токсон жорго, он качыр,
Араң тартып эшикти,
Үчүнчү эшик дарбаза,
Сексен жорго, он эшик,
Араң тартты эшикти.
Арбаңдаган Карагул,
Атын алды түйүлүп.
Алтымыш жайсаң жүгүрүп,
Алты кытай, он жаңжуң,
Алтын түнтө үстүнө,
Отургузуп алды эми.
Ойон манжу Коңурдун,
Тактысына бет алып,
Алып жөнөп калды эми.
Алтын сарай үстүндө.
Отурган экен Коңурбай,
Алакөнүн доңузу ай,
Айланайын абаке,
Эмне көрдүң деп сурайт.
Мына ошондо Карагул,
Кытайдын манжу төрөсү,
Жылкынын болдум четинде.
Карап турдум кечинде,
Кан Манастын Семетей,
Кармап алдым бешимде,
Карсылдатып сабатып,
Кыргыз кылды чоңдукту.
Кабарыңда бар бекен,
Кан Алманбет баласы.
Кандай сонун бала экен,
Бетине душман келе алгыс,
Берен бала болуптур.
Бээжиндин ичин талкалап,
Сурай турган болуптур.
Жана байкап отурсам,
Жанында бар кан Бакай,
Көпчүктөй болгон абышка,
Көгала минип камчы уруп,
Көтөрүп кызыл туу алып,
Көңтөрө сайып алам деп,
Келиптир душман баарысы,
Кекенишип калыптыр.
Кытайдын сендей төрөсүн,

Кыргын салып, эл алып,
Кетебиз деп келиптир.
Жылкыны кошо бүт алып,
Жылкы менен тим болбой,
Жети миң адам эл алып,
Жетелетип жөө алып,
Желини карыш бээ  алып,
Жетимиш миңдей качырга,
Алтын, күмүш, зер алып,
Ат аябай мол алып,
Артыман жоо келет деп,
Артын карап коюшпайт.
Алманбет Чубак баласы,
Аттанып элди айдады.
Баспай койгон калмакты,
Албарс менен жалмады.
Жылкыны кошо айдады,
Атка таңып кытайдын,
Далайын балдар айдады.
Эмилдин боюн ашышып,
Эригип мында жатышып.
Себелдин боюн ашышып,
Сарепчилеп жатышып.
Кулан атып жешишип,
Кутурган кулдар күлүшүп,
Айбаттары башкача,
Алты киши көрүнөт,
Адырманын белинде.
Алты күнү жатышты,
Качан келет манжу деп,
Кабарлашып жатышты.
Эр Күлчоро, Канчоро,
Абдан балдар эр экен,
Сынап мында турдум мен.
Ат сурап жүрүп Семеңен,
Алкараны алдым мен.
Амалын таап качтым мен,
Эми жолго салдым мен.
Эбин таап ат алып,
Элди карай качтым мен.
Эң мурунку баланын,
Эпчилдигин айтайын.
Ай-ай бала Күлчоро,
Баатыр экен, шер экен,
Он эки мүчө тең экен.
Оң далысы кең экен,
Бала жолборс келбеттүү,
Баатыр тууган эр беле.
Беттеше бала албайсың,
Берендиги билинди,
Белиңди сенин сындырчу,
Берен кыргыз келиптир.
Эми ашып кетишти,
Шыйкунун талаа шерлерин,
Шайдоот балдар көрүнөт,
Самаганы сен экен.
Өчөшкөнү сен болуп,
Өрүштөн жылкы тийиптир,
Касташканы сен болуп,
Капталдан жылкы тийиптир.
Сени менен сайышып,
Бир кумардан кансак деп,
Алы келсе ал балдар,
Алкараны алсак деп.
Атасы мунун Манастын,
Эми кегин алсак деп.
Эңкейиштен тийсек деп,
Эңип илип кетсек деп.
Бурут сага келиптир,
Бууданды бүтүн тийиптир.
Быйыл бурут баарысы,
Сени өлтүргөнү келиптир.
Кана баатыр не дейсиң,
Калкыңдын камын сен жейсиң.
Калың кыргыз жоо келсе,
Кандай айла табасың,

Деп Карагул басылды.
Мына ошондо Коң төрө,
Ордунан турду чоюлуп,
Эчтеке эмес абаке,
Сенин аман келгениң,
Иниңе кудай бергени.
Алакандай ал бурут,
Алып кетчү эр эмес,
Айрылып калып жылкыдан,
Армандуу болчу мен эмес.
Сан жылкыны Семетей,
Сандап айдап кетүүчү,
Сандыргалуу эр эмес.
Сай-сайда жылкы табалбай,
Сенделип калчу мен эмес.
Алкарага минемин,
Артынан эми түшөмүн.
Алакандай бурутту,
Мекесине сүрөмүн.
Менин жылкым алгыдай,
Менде кайсы өчү бар.
Элимди Манас кырганда,
Алманбет, Чубак эки кул,
Эрлерди байлап сойгондо,
Эрегишип бурутка,
Эми минем атыма.
Эрте аттанып жөнөйүн,
Эсебин эми берейин.
Атаңдын көрү буруттун,
Азабын эми бербесем,
Артынан кууп жетпесем.
Алты айчылык бурутка,
Алкара менен барайын,
Ал Манастын уулуна,
Алдына эми барайын.
Жана аттандын көрүнө,
Элдин баарын чогултуп,
Абармын бурут элине.
Деп күүлөнүп Коңурбай,
Каарданса доңуздай,
Атаңдын көрү калмак деп,
Баарың бирдей чөп калык,
Кудай урган көп калык,
Абалсын көрүп абакем,
Басынып келген турбайбы.
Чоросун көрүп абакем,
Чочунуп келген турбайбы.
Манас менен Алманбет,
Ашкере баатыр эр бекен,
Азыраак жылкы алгандар,
Ошолордон шер бекен.
Элимдин четин басканды,
Эрдемсинип шашканды,
Калкымдын четин басканды,
Каармандап шашканды,
Кайра айдап келбесем.
Ат алуучу сенби деп,
Атына таңып албасам.
Атаганат эки кул,
Айлаңды минтип таппасам.
Аттанып жоого барбасам,
Арыстан Манас уулунан,
Атамдын кегин албасам.
Алкарага минейин,
Аттанып эми жөнөйүн.
Атка минип болду эми,
Көкүбөсүн жамына,
Көрсөң калмак камына.
Шыйкү деген кылычын,
Сол жагына тагына,
Мунаранын башына.
Буруксуган чоң калмак,
Бурулуп басып барды эми.
Бурап кармап ай балта,
Коңкуронун четинен,
Тартып-тартып алды эми,

Кан Коңурдун коңгуроо,
Алты күндүк жерине,
Ашбай, шашпай угулат.
Катуулап кагып коңгуроо,
Кайра түшүп келгенде.
Эртеси эрте карасаң,
Таз сайынган кытайдын,
Тазасы келет жүгүнүп.
Күрмө кийген кытайдын,
Күчтүүсү келет жүгүнүп,
Алты арыштуу кытайдын,
Акими келет бүгүлүп.
Айланайын төрөбүз,
Кайда айдасаң көнөбүз.
Өл десең өлөбүз,
Өкүмүңө көнөбүз.
Жалпы кытай какачы,
Алдыңызга биз келип,
Айтканыңызды угабыз,
Аламандап көп журтуң,
Алдыңызга турабыз.
Баданасын чойкулап,
Баатыр калмак мында бар,
Атка минбей жөө келет,
Илек-лек кол келет,
Сандап кытай мол келет.
Кара арыл минип дөө келет,
Кайнап кытай көп келет.
Төөгө минип эр келет,
Аттан күлүк жөө келет.
Мадус-макус деп,
Баатыр балбан жөө келет.
Чекесинде жалгыз көз,
Макулум деген дөө келет.
Манжу менен тыңшадан,
Миллиондоп кол келет.
Жаткан иттей кашы бар,
Шаң казандай башы бар.
Бир чочконун этине,
Бир жегенде тойбогон,
Бир миң манжу дөө келет.
Асман менен жанаша,
Алты миң бала жоо келет.
Ар өнөргө шамдагай,
Амалдуу кытай дөөлөрү,
Көз байлоочу андап көп,
Кан төрө жөнөп калыптыр,
Көк менен жерди билгизбей,
Көп кытай келет аралап.
Манжу солон, тыркоттун,
Баатырлары келатат,
Инди кытай какандын,
Иштерин бир аз айтамын.
Улугу манжу тыңшанын,
Улуктары камынган,
Ушул жолку чабуулдун,
Урматы кандай болот деп,
Коркогу жандан түңүлгөн.
Жоон өпкө күрсүлдөк,
Коён жүрөк түрсүлдөк,
Катынын башында,
Казанынын кашында.
Билегин түргөн чандактап,
Үйүндө жаткан балбандан,
Түп көтөрө жөнөгөн.
Түп Бээжинден бер жакка,
Түмөн-түмөн кол келген.
Түш мезгили болгондо,
Түп жакынын белинен,
Түркүн манжу эл келди.
Туура жакка четинен,
Тыңша жаккы бетинен,
Тыңдалып кытай көп келди.
Чет Бээжиндей калаага,
Сепилине тең келди.
Сенделип кытай эл келди,

Сайышчу жоо кайда деп,
Самаган эчен эр келди.
Сан жетпеген бул кытай,
Сан миллион эл келди.
Самаганга жетсин деп,
Сандыргалуу Коңурбай,
Санаасы бир аз басылып,
Самаганы табылып.
Аташканы табылып,
Агасы минтип айыгып.
Алты күнгө толгондо,
Атагы ашкан Коңурбай,
Аттанаар маалы болгондо,
Алтын такка Коң төрө,
Асты чыгып барды эми.
Айкырып манжу баатыры,
Айтып кепти калды эми.
Ата журтум не дейсиң,
Аттанып жоого бармакка,
Айылдан киши калтырбай,
Абдан такыр жыйнадым.
Арыстан Манас баласы,
Атанын кегин ойлоптур,
Аттанып жол тозуптур.
Алыстан келип ал бала,
Адырдан жылкы алыптыр,
Адыраңдап жаш бала,
Айылыма келип конуптур,
Атасындай толуптур.
Арбын эмес аз дешет,
Алманбет Чубак баласы,
Алар да анда бар дешет.
Абасы Бакай кары дешет,
Ак сакалдуу чалы дешет.
Аламандап көп жылкы,
Алып кеткен чагы эми.
Мен барайын аттанып,
Мен-менсиген шер болсо,
Бир беттешип калайын.
Бир сапар келген баланын,
Сырын билип калайын.
Беттешип найза сайышып,
Бир кумардан канайын.
Баатыр Манас баласын,
Башын кесип байланып,
Орадышамдын алдына.
Тартууга алып барайын.
Токтобой азыр  аттанам,
Тоодайда болсо аларды,
Тобун бузуп жол чалам.
Атадан алтоо бар болсоң,
Экөөң элге кайткыла,
Төртөөң мында калгыла.
Атадан жетөө бар  болсо,
Үчөөң элге кайткыла.
Атадан тогуз бар болсо,
Төртөөң элге кайткыла,
Бешөөң мында калгыла.
Атадан үчөөң бар болсо,
Бириң элге кайткыла,
Экөөң жоого баргыла.
Бет алышып турушам,
Кыргыз менен урушам.
Атадан жалгыз бар болсо,
Аның элге кайткыла.
Бурут менен урушам,
Буткулдан бугуп турушам.
Асман менен жаңырып,
Алты күн кийин артыман,
Жайкара учсун сабалап.
Жер жайнаган кол менен,
Жетимиш манжу оң сол кол,
Булар да жүрсүн катуулап.
Жалгыз өзүм аттанам,
Миң да болсо токтобой,
Он миң да болсо беттешем.

Жүз миң да болсо качпаймын,
Жоо экен деп шашпаймын.
Алдырып ийип жылкыны,
Арманда калчу мен эмес,
Алданып алып кетүүчү,
Манастын уулу Семетей,
Ашкере баатыр шер эмес.
Адырдан жылкы алдырып,
Аңгырап карап калуучу,
Акмак кытай мен эмес.
Артынан кууп жетемин,
Адырманын белинен,
Андан жетип аламын,
Жекендинин боюнан,
Мындан жетип алармын.
Андан жетпей мен калсам,
Акчимдин саран талаада,
Андап кармап токтобой,
Алыс кетсе андан да,
Алма-көлдөн жетермин.
Андан айла болбосо,
Шыйкунун кайкы белинен,
Алтынайдын ак күмбөз,
Алармын мындан мен жетип.
Арылап жөнөп кетишсе,
Күлөшөндүн күл токой,
Көрүнүп ага жетемин.
Өткөзүп миңден эмне деп,
Ажайыпты тилдермин.
Андан ары өтөрмүн,
Адырма белге жетемин.
Кескелдирик, жыланды,
Бир сыйра тилдеп өтөрмүн.
Алп каракуш зымырык,
Алармын аны чыкырып.
Алдыңда жоону өткөзгөн,
Акмак куш деп айтамын.
Алтымыш баштуу ажыдаар,
Аламын кошо жаныма,
Алдыңкы жоо кайда деп.
Каарырмын аны жана да,
Андан өтүп кетишсе,
Арманым көп кудайга.
Алкара менен өтөмүн,
Талмазардын тал чоку,
Таамайлап жөнөп барамын.
Талына байлап бууданды,
Жонуна чыгып барамын.
Жоо баратат кайда деп,
Мен ошо турнабай саламын.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Тегиз карап каламын.
Бээжин менен Мекенин,
Ортосун көрүп аламын.
Өчөшкөн бурут жоо менен,
Оюнду минтип саламын.
Эңкейип кетсе ал жерден,
Күбүлдөктүн гүлдайра,
Кан жыттанып аткандыр,
Катуу кирип жаткандыр.
Кан Манастын баласы,
Ошол жерде жаткандыр,
Обдулуп душман жоо келсе,
Айласын табам эми деп.
Ал  жерде күтүп жаткандыр,
Түштүккө бээни сойгондур,
Түн уйкусун койгондур.
Туйгун бурут баласы,
Келер бекен душман деп,
Кекенип жаткан кезидир.
Ал жерден кетсе ал узап,
Айланып ага жетейин.
Атаңдын көрү буруттун,
Айылына чейин сүрөйүн.
Андан жетип таппасам,
Андан ары жүрөмүн.

Атандашкан душмандын,
Айласын өзүм табайын.
Куу өрдөктүн көлүнөн,
Мындан жетип сайышам.
Атымды көлдөн сугарып,
Арам өлгөн куу сонор,
Алдырып алган көрүнөт.
А жерде болсо куу өрдөк,
Айтпайт беле кабарды.
Өрдөгүмдү алдырса,
Өчөшүп жылкы ал алса,
Өчөшпөй кантип калабыз.
Өчүмдү жоодон албаса,
Кулжамды атып союптур,
Этине кулдар тоюптур.
Эр Манастын балдары,
Эр болуп калган турбайбы.
Эрегишкен душманга,
Шер болуп калган көрүнөт.
Көлдөн өтүп кетишсе,
Аламак күңгөй, ак тескей,
Ак кулжанын тоосуна,
Айланып чыгып барбасам.
Аңдып жаткан жоо болсо,
Азабын берип кайтпасам.
Алдыман эми кезиксе,
Албарс менен чаппасам.
Аламактуу күңгөйдөн,
Абдан издеп артбасам.
Алманбет Чубак баласын,
Айдап эми кайтпасам,
Бул күңгөйдөн таппасам.
Буруттун мизин кайтарып,
Бура жолго салбасам.
Буруттун ушул амалын,
Бул арадан талашып,
Жылкымды кайта албасам.
Аламакта жок болсо,
Арылап дагы барамын.
Он алты күндүк көчүдөн,
Андан жетип аламын,
Андап таппай мен калсам,
Адыр ашуу тай ашуу,
Андан жетип токтосом.
Алып кетчү сенби деп,
Кытайда сендей жокпу деп,
Кыргыз абдан эр беле,
Кыргыздан кытай кем беле.
Кыядан ары өткөндө,
Кундуз менен жылдызга,
Жылкы кирип кетсе да,
Желпинип учкан алкара,
Жетем го жети айлыкка.
Өтүп кетсе ал жерден,
Менин башы үч арал,
Үч коңуздай барышка,
Үч күнү өргүйт сал жылкы,
Үч миллион жоо болсо,
Үч киши эмес мен үчүн,
Өзүндөй калктын көбү үчүн.
Өрүштөн жылкым алдырып,
Өрттөй күйгөн убагым.
Өларман бурут жоо менен,
Өчүмдү алар убагым.
Өрүштөн кетсе эңкейе,
Кыркыранын сазынан,
Төтөнүн кайкы белинен,
Тылчакайдын жонунан.
Жетип келип алармын,
Бурутка кетчү жол керек,
Беттешер эчен эр керек.
Бенделүү баатыр эчендeн,
Бетме-бет чыкчу эр керек.
Белгилүү Манас баласы,
Беттешпей койчу эр эмес.
Бетинен жылкы ал алып,

Кете берчү эр белем.
Сени калмак коңур деп,
Серепчилеп турнабай,
Семең карап тургандыр.
Сени көрсөм экен деп,
Эр Күлчоро, Канчоро,
Эрлери күтүп жаткандыр.
Эр буруттун балдары,
Эми күчтө жаткандыр.
Деп ошентип Коң төрө,
Кытайды билген чоң төрө.
Алкарасын байлаган,
Алтай менен Каңкайдын,
Арасында бул Коңур,
Арыстандай айдаган.
Атына минди камынып,
Кылычын кытай тагынып,
Кыя тартып чамынып,
Көкүбөсүн жамынып.
Көрсөң манжу Коңурбай,
Көк жолборстой чамынып.
Каарданып сүйлөнүп,
Кайран манжу улугу,
Кара атка минди толукшуп.
Каң-кайга барды сыйынып,
Бурканына жыгылып.
Бу калмакты ээрчиген,
Алтымыш жайсаң жанында.
Алакөнүн Коңурбай,
Ааламды бузган доңуздай,
Аламандап шашпаган,
Узап кетсе жылкы деп,
Бу калмак ойлоп казбаган.
Чоң кара ат минип чоюлуп,
Чоңуна барып чокунуп,
Айланасын каранып,
Аскерди мыктап таратып,
Тегерегин каранып,
Тегиз элди бу санап,
Тегирмендей кара ат менен,
Тегеренип булкунтуп,
Теги жаман жулкунтуп.
Батасын алып Коңурбай,
Баатыр манжу доңуз ай,
Бура тартып калды эми.
Бээжинден жөнөп Коңурбай,
Сепилдин чыкты сыртына,
Сексен миң манжу сан жеткис,
Көркөмү бийик заңкайып,
Ала-таш менен бекимдин,
Кабкасындай көрүнүп.
Кайран баатыр Коңурбай,
Эми чыкты көрүнүп.
Муруту кытай тикчийип,
Ачуусу келип үксүйүп,
Артындагы көп элге,
Алты күндөн калбастан,
Тиеткиле деп түйүлтүп.
Желип жөнөп калды ошо,
Алкара менен чурата,
Алдында жалгыз бөлүнүп.
Аким манжу Коң төрө,
Алдыда эми көрүнүп.
Алкара кандай мал экен,
Айбандан башка мал белем.
Үстүндөгү Коңурбай,
Кытайдын каны ушундай.
Алдындагы чоң кара ат,
Айбандуунун тулпары.
Алакөнүн Коңурбай,
Кытайдан чыккан кыраанын,
Кылымды бузган бу дагы.
Кандай сонун чоң кара ат,
Тотудай куйрук чураган,
Токсон күндүк чөл болсо,
Токто берип чыдаган.

Аркар кыяк жез билек,
Айбандан түрү бир бөлөк,
Көкүлүн көккө ыргытып,
Туягын жерге мылкытып.
Үстүндөгү манжунун,
Каргадай кылып ыргытып.
Түрүн байкап карагын,
Коңурбайдын кара аты,
Кара атынын бар деген,
Капталында канаты.
Күн чыгыш менен күн батышты,
Чыкка жүргөн адаты.
Кашка тиши кадоодой,
Кара көзү айнектей,
Кууса жоого жеткендей,
Кеңилжери челектей.
Жамбашын үч кошкон,
Он эки кулак жез казан,
Асып койсо жүргүдөй.
Жото жилик жонгондой,
Кашка жилик каккандай,
Кең соорунун үстүнө,
Төшөк салып жаткандай.
Чуу укканда сөгүлөт,
Чуркаганда кара жер,
Кат катынан бөлүнөт.
Эңкейишке келгенде,
Эликтпей буту сайылып,
Өрттөй аса бергенде,
Жал куйругу жайылып.
Омуроодо ак көбүк,
Бетине чейин жабылып.
Төбөсүндө даңканы,
Таан учкан эмедей,
Кээкиреттүү манжуунун,
Төбөсүндө жайылып.
Келе жатат Коңурбай,
Келбети кыйын ушундай.
Ара күнү жол жүрүп,
Кара тоонун бетине,
Камандуунун четине.
Жетип кирип келди эми,
Сары төрдүн бетине.
Сандыргалуу бу кытай,
Кандай жолго салган деп,
Кара ниет бу бурут,
Кайсы жакка кеткен деп.
Келип калса буурул ат,
Төрт карышка төрт карыш,
Изин байкап көрөйүн,
Анан жөнөп артынан,
Уламалап көрөйүн.
Ат менен кошо төөнүн да,
Аралашка изи бар,
Же аскери бар беле,
Адаштырып кеткидей,
Манастын уулу Семетей,
Ашкере баатыр эр белем.
Эмилдин четин бөлүптүр,
Жылкы эле албай бу баатыр,
Жылдырып айдап кетиптир.
Эмне болсо тапсам деп,
Караңгыда кайсалап,
Кайран тыңша улучу,
Канча түрлү жол издеп,
Изин таап алды эми.
Буткулдун кайкы белине,
Эми чыгып барды эми.
Тегеректи караса,
Каары көзгө көрүнбөйт,
Кай кеткени билинбейт.
Имерелип алды эми,
Какандын тоосун айлана,
Кайран кытай баатыры,
Кайра жөнөп калды эми.
Кара кыр ылдый ойнотуп,

Кабсаңдап чыкты айланып.
Алты күнгө толгондо,
Алакөнүн Коңурбай,
Дүрбү салып караса,
Шыйкынын кайкы белинде,
Келе жатат Коңурбай,
Келбети кыйын ушундай.
Берен бала Гүлчоро,
Бери жактан көрдү эми,
Абакем эмне болду деп,
Артын карап отурса,
Манастын уулу Семетей,
Баатыр Бакай жанында.
Келбеди деп эригип,
Кечиктим деп зеригип,
Кегим манжу кытайга,
Жатка аба зеригип.
Дешип булар кеңешип,
Атына минип алышып.
Эчаккы кеткен жылкынын,
Артынан эми салышып,
Келе жатат жарышып.
Бир убакта Коңурбай,
Дүрбү салды доңуз ай.
Ала малдуу белинде,
Кетип барат сан жылкы.
Алтымыш адам ат айдап,
Ат айдаса бат айдап,
Жети миң адам көчүптүр.
Жетелеп нечен нар алып,
Желпинип эчен мал алып,
Эки кул айдап келатса,
Эр Коңур көрүп тааныды.
Жылкынын түшүп соңуна,
Коңурбай келет чурата,
Эр Семең келет бастырып,
Эми качан келет деп.
Эр неме келет шашылып,
Таң агара сөгүлө.
Жерге жарык төгүлө.
Таң сөгүлүп атканда,
Тараза жылдыз батканда.
Боз күрөй башы кыбырап,
Боз торгой сүйлөп чулдурап,
Адырдан шамал жел болуп,
Ар кандай сонун кеп болуп,
Абакеси эр Семең,
Бутун суута салышып,
Бут дааратын алышып.
Колун суута салышып,
Кол дааратын алышып.
Эртеңки намаз багымдат,
Эрте окуп алышып.
Арбуудан менен Көкчолок,
Бетеге менен тулаңга,
Белден болгон ыраңга,
Тогуз торо төрөкбаш,
Токсон үрүгөнү бар,
Акырын кармап отуруп,
Аз кардын чөпкө толтуруп,
Көп жетелеп отуруп.
Таз кардын чөпкө толтуруп,
Тазалап буудан сугарып.
Атадан калган ак каңкы,
Алдыңкы кашы кырк алтын,
Арткы кашы чылк алтын.
Пил терисин каптаган,
Устанын баары чаптаган.
Далилдеп мыктап таптаган,
Булгаары тердик, көк желдик,
Буурулдун коюп жонуна,
Каныкей кылган көк нооту.
Жетимиш теке терисин,
Үндү кылган кандаган.
Үркүттөп үкү тагылуу,
Токуттан айнек турнабай,

Көзүнө мунун токулуу.
Көркөмдүү кандай арбуудан,
Көрсөтүп минген эр Семең,
Жабуунун бутун алдырып,
Үркүттөп үкү тактырып,
Кабшытына түймөсү,
Карк алтындан тактырып.
Туурасында түймөсү,
Чылк алтындан тагылуу.
Манастын уулу Семетей,
Бууданы минтип жабылуу.
Буруксуган буу Бээжин,
Бурул менен Семетей,
Бу манжуну тозгон убагы.
Эй абаке кан Бакай,
Атадан артык сен Бакай.
Атына минип сиз бүгүн,
Жылкынын барсаң артынан,
Дагы акмалап мен калсам.
Таасирдүү манжуу кытайдын,
Тамашалап мен калсам.
Аттанып эрте жөнөгүн,
Артынан эрдин жетиңиз,
Гүлчоро менен Канчоро,
Кулдарга жете кетиңиз.
Кош бол, аба эми деп,
Коржоңдогон арслан,
Кайканда карап отурса,
Таң агара таң келет,
Таңдын алдын караса,
Тыңшанын уулу Коңурбай,
Тамбай жүрүп келатат.
Таасирдүү кытай байкачы,
Талаа менен чыркырап,
Таскагы катуу чоң кара ат,
Таасирдүү кытай келатат.
Шүрүсү жондо жаркырап,
Алкара минип чалкайып,
Алакөнүн Коңурбай,
Айбаттанып алыптыр.
Калчаны көрүп сүйүнүп,
Энеси эркек туугандай,
Эмилден жылкы куугандай,
Катыны эркек туугандай,
Каңкайда карап тургандай.
Айланайын абаке,
Атыңдын оозун бура тур,
Сөз айтайын угуп тур.
Өлчөп жүргөн манжуунун,
Өзү жалгыз келатат,
Самап жүргөн манжуунун,
Сандыргалуу баатыры,
Самаган кытай келиптир.
Эми аттанып чыгайын,
Эр Коңурбай төрөгө,
Беттешип эми калайын.
Деп ошентип эр Семең,
Мына ошондо Коңурбай,
Каарданып доңуз ай,
Каламандап кайран эр,
Кан Манастын баласы,
Атадан калган арбуудан,
Арсылан бала токунуп,
Азиз жандан чочунуп,
Кыз буурулду токунуп.
Кылычы артык эр Семең,
Кыяматты ойлонуп,
Бетине айнек тагынып,
Бериштелүү Семетей,
Эми чыкмак болду камынып.
Атадан калган ак келте,
Сүмбү менен сүмбүлөп.
Тарткы менен тарткылап,
Тазалап ичин арткылап.
Асынып жүргөн ак келте,
Айдалынын айнеги,

Айкашкан жоого бет алса,
Азамат эрдин эрмеги.
Жаткызып атса замбирек,
Бачымдап атса барданке,
Отуруп атса очогор,
Башы Үрүм менен Кытайдан,
Түшүрүп алган ак келте.
Бир тарткандын ичинен,
Жетимиштей ок чыгат.
Огу жылдызга кетет зыркырап,
Алды муну колуна,
Арыстандай Семетей,
Аламандап шашпаган.
Алты сан кытай жоо келсе,
Айбыгып келип качпаган.
Атанын уулу эр неме,
Абайлап карап отурду.
Андан кийин айкөлүң,
Атадан калган ак олпок,
Канышың кылган ак куржун,
Атан эмес лөк куржун.
Арыстан чечип алды эми,
Аба Бакай жанында,
Айкөлүңдүн ак олпок,
Муну даңдуңдун тоосун
чалдырган,
Мергендерге арттырган,
Мөңкүнүн кушун алдырган.
Торко эмеке салдырган,
Кыштын күнү болгондо,
Токсон мыкты балбанга,
Тогуз ай мыктап сабаткан.
Жайдын күнү болгондо,
Токсон бээнин сүтүнө,
Ашаткыга кандырган.
Адам билип коём деп,
Ак жакданга жаткызган.
Абайлап жеңең билгизбей,
Алты ай мыкты жасаткан.
Ичин тубар иштеген,
Сыртынын кой баарысын,
Сындап жеңең келтирген.
Милте коюп тиктирген,
Жарабас жерин сөктүргөн.
Алтын өгөп жиберип,
Ортосуна төктүргөн.
Эки кабат бүктүргөн,
Болот өөнөп жиберип,
Эки элидей Каныкей,
Ортосуна төктүргөн.
Жылаң боор бүктүргөн,
Жымылдата тиктирген.
Каухар нөкөп жиберип,
Ортосуна жеңекең,
Эки карыш төктүргөн.
Уз чыкырып кураган,
Уккан элге даң кылган.
Жакасы болот, жеңи жез,
Кош барана торгой көз,
Боорун алтын каптаган.
Ийнине жакут чаптаган,
Имерилип карасаң,
Илебине адам зат,
Имерилип барбаган.
Отко салсаң ок өлбөйт,
Чокко салсаң чок өлбөйт,
Табылга жаксаң күйбөгөн,
Очоро атса өтпөгөн.
Келтенин огу тайыган,
Тиктеп турсаң ак олпок,
Кишинин көзү тайыган.
Ашаган менен машаган,
Даугу менен дос экен,
Төкөр уста Бөлөкбай,
Ошол неме кадаган.
Ичин жибек иштеткен,

Имерилип тиктеткен.
Кошуп бир аз бүктүргөн,
Кыйшык жерин сөктүргөн.
Кызыл алтын, ак күмүш,
Кыздарга жеңең төктүргөн.
Кырк күн сууга жүрсө да,
Кылчайып суу тамбаган.
Кылычын эстеп Семетей,
Энесин минтип мактаган.
Кылбылдаган кыз-келин,
Кырк күнү иштеген.
Кыргын чалдын Арууке,
Кыз чагында жеңеңе,
Кошо отуруп жасаган.
Келишимдүү ак олпок,
Керилип кийди Семетей.
Кенебеген эр неме,
Келе жатат камак деп.
Кер муруту тик туруп,
Кекенген калмак сенби деп.
Кермедеги сай күлүк,
Кетти урдап булар деп.
Он эки олпок, он чопкут,
Оён Семең кийди эми.
Андан кийин арслан,
Атакеңин кандагай,
Каныкей жазап кийгизген.
Келишимдүү шамдагай,
Алтайдын тоосун чалдырып,
Алтымыш бекем мергенчи
Алтай жатып аттырып.
Саймалатып бүктүрүп,
Сандыргалуу баатырдын,
Шымын көрсө таңдансын,
Баатырлары таң калсын.
Каныкей кылган кандагай,
Кырк чоро кийсе жарашкан.
Кырк жылга куш болсо да,
Кылычка мизин албаган.
Кыяматкен кырк чоро,
Каныш таң мындай.
Шам алганда,
Кызылдаган манжуга,
Кыргын салып турганда.
Кытайдын эчен баатырын,
Кызылдай кырып кырк чоро.
Кыраан Манас башында,
Кытайды минтип айдаган.
Кылымга чыгып атагы,
Бээжинди Манас алганда.
Чыдап берген кандагай,
Чымырканып эки кул,
Жылкынын кеткен артында.
Тартып койсо кандагай,
Була болуп чоюлат,
Коё берсе кандагай,
Шили болуп жыйылат.
Милте коюп бүктүргөн,
Алтын экөөн Каныкей,
Эки элидей төктүргөн.
Кармаганда кан чыккан,
Имерилип толгончо,
Кармаганда колунан,
Кара канды агызат.
Кечээ кан Көкөтөй ашында,
Калайыктын кашында,
Кыргыз-кытай эки эл,
Күрөш болуп жатканда,
Кошойго шым табылбай,
Калыктан шык таба албай,
Капаланып турганда,
Каныкей берип кандагай,
Кан Кошой абам кийгенде.
Калмактардын Жолойун,
Кан Кошой баатыр жыкканда,
Калайыкка жакканда,

Кармай албай кандагай,
Жолойдун баш бармагынан,
Кара кан койдой акканда,
Какандын каны Эсенкан,
Катын белем Каныш деп,
Кошо карап турганда.
Абакем Кошой жарыктык,
Жолойду минтип жыкканда.
Калайыктын баарысы,
Канышты мактап атканда.
Көңүлүнө Кошойдун,
Белгилүү жеңең жакканда.
Батасын берип шым алып,
Баатыр Манас айкөлүң,
Элине кайра барганда,
Бээжинге элди баштаган.
Беш ай жатып атышып,
Берен кулдар жатканда.
Берен Манас кабылан,
Муну кийип турганда,
Алты ай согуш болгондо,
Чыдаган экен кандагай.
Кийди Семең арыстан,
Андан кийин Семетей,
Атакеңдин ак калкан,
Бир калкандын балыгы,
Кечээ Бээжинде Манас турганда.
Токсон нарга токтогон,
Ичинин кой баарысын
Жибек менен башайы,
Он эки сыйра чаптаган.
Сыртынын кой баарысын
Жалаң болот чаптаган.
Бээжиндеги каканга,
Атагы чыгып атанган.
Арыстан бала Семетей,
Алды эми колуна,
Айкаштырып бүчүсүн,
Чалып чоро алды эми.
Эр Семетей баатырга,
Куп жарашып калды эми.
Жазайылды салынып,
Жараткан Алла кудайдын,
Бир өзүнө Семетей,
Баатыр чыкты жалынып.
Белине кемер курчанып,
Берметтей бети нур чалып.
Айкөлүңдүн сыр найза,
Үч карагай устунду,
Улап келип жасаган.
Үч Маркалаң Коконду,
Сурап келип жасаган.
Эки кездей жерине,
Бөрү тил кылып аштаган.
Кош карагыл тактырган,
Душман жакка бастырган.
Тийген жерин кабылдап,
Өлүп кана кетсин деп,
Адамдын көз майына сугарган.
Кыштын күнү болгондо,
Кол үшүмө болот деп,
Төө жүнүнөн каптаган.
Жайдын күнү болгондо,
Кол жылытма болот деп,
Чарайна менен чаптаган.
Кайран Семең алды ошо,
Каруулукка салды эми.
Мурза кулдуу сыр найза,
Булкап колго алды эми.
Бутундагы сары өтүк,
Бекемдеп бала Семетей,
Чылкоосун оңдоп оронуп,
Баатыр турат толгонуп.
Кара жаак ай балта,
Каңыргайга саптаган.
Кандик уста таптаган,

Чокунун жоон жакор жагына,
Жоон алтын кырдаган,
Муну жомокчулар ырдаган.
Көрүгүнө чыдабай кара өгүздөр,
Кара өгүздөр союлуп,
Бүтүн теке терисин,
Бүлдүргөгө жумтаган.
Түнү бала байланып,
Боз шумкардай айланып,
Бозүмүн көргөн кырандай.
Баатыр жатат камданып,
Кылычын алып колуна.
Ач жолборстон каранып,
Кылычты жалаң байланып.
Кара болот зулпукор,
Кабылан Семең кармалап,
Карасандай нар кескен,
Кармашканда мурут кескен,
Тура болот бул кескен,
Бетине келген кишиге,
Бет маңдай келсе бу болот,
Имерилип шырп эткен.
Шилтегенде бу болот,
Аркамжы бою узарат,
Кайра кынга киргенде,
Жети кездей кыскарган.
Жети кырдуу зулпукор,
Жетимиш нарга жүктөгөн.
Желпинип Манас учканда,
Жемелдин кайкы белине,
Бу зулпукор табылган.
Белине кылыч байланып,
Берметтей бети нур чалып,
Берен Манас баласы,
Беттешкени жатпайбы,
Алдына минген арбуудан,
Абаке берген батаңды,
Аттанып эми чыгайын.
Атагы ашкан кытайга,
Атыма минип барайын.
Мына ошондо абаке,
Олуяттын кан Бакай,
Аттангын балам жол болсун,
Абада жылдыз оң болсун.
Барчын Семең нар жакка,
Тапшырышкан арбакка.
Алты арыштуу какандын,
Акими келип суласын.
Жети арыштуу манжуунун,
Төрөсү кошо куласын.
Төбөңдөн урган Коңурбай,
Төрөсү сендей суласын.
Кечилдин каны Коңурбай,
Кекенип жүргөн доңуз ай,
Келди эми кезеги,
Колдосун алда динибиз.
Байгамбар барак барибиз,
Колдосун сени жараткан.
Ак эшен кыдыр жар болсун,
Ак байгамбар бар болсун.
Аттанып чыксаң жараткан,
Жалгызга кудай жар деген,
Жалгыз келип жылкы алып,
Жалганда сендей бар бекен.
Атына минип жол болсун,
Азирет аали жараткан,
Куп жаныңда бар болсун.
Асылган душман кор болсун,
Асманда жылдыз оң болсун.
Алты сан тыңша кытайдын,
Арыстаны кор болсун.
Бастырган балам жол болсун,
Баатыр шердин баарысы,
Кошо сага жар болсун.
Деп абакең айтканда,
Темир таман үзөңгү,

Тебетей ыргып Семетей,
Эми минди камына.
Алдындагы буурул ат,
Тетир тоонун арасы,
Жел кайыптын баласы.
Калбыр өпкө жез канат,
Кайыптан бүткөн буурул ат,
Кайыптын кызы Сайкалдан,
Кадырлап алчу ушул ат.
Аркар моюн кулжа сан,
Айбандуунун чүрөгү.
Кумда тунуп чөлдө өскөн,
Кулан менен бирге өскөн.
Акырда жатып семирген,
Мамынын башын кемирген.
Жети жаны бар экен,
Жел кайыптын малы экен.
Буурулду минип бурата,
Буруксутуп Семетей.
Баатыр келет чурата,
Мына ошондо Коңурбай,
Кара ат менен калдайып,
Кайран Семең белесте.
Келе жатат дардайып,
Какандын уулу Коңтөрө.
Алкара минип булкунтуп,
Кайран какан баатыры,
Келе жатат бу дагы.
Белге келип Коңурбай,
Атынан түшүп отуруп.
Бетеге менен туланга,
Белден болгон ыраңга.
Беш чалдырып алды эми,
Бештеденин булакка,
Суу ичирип алды ошо.
Атына минип Коң төрө,
Эми жөнөп калды эми.
Калчанын түрүн карагын,
Көзү көлдүн ордундай,
Көрүнгөндү соргудай.
Ар муруттун бир кылы,
Айбалтанын сабындай.
Эки көздүн кычыгы,
Ачылып калган көргө окшоп.
Жазы маңдай кытайдын,
Байжайлаган төргө окшоп.
Көөкөрдөй кызыл таш,
Төбөсүндө жаркылдап,
Алтымыш түкөй сөлкөбай,
Арт жагында шаңкылдап.
Көкүнө кийип чамынып,
Көрү кытай камынып,
Көк чопкут кийип камына.
Тыңшанын уулу Коңурбай,
Эми келет чурата.
Алтай-алтай- алтайлап,
Калча салды ураанды.
Мына ошондо Семетей,
Ак келтени алды эми.
Алтымыш окту салды эми,
Күн батыш көздөй үч атып,
Күн чыгыш көздөй үч атып,
Кызыталак каканга,
Казат кылдым деп атып.
Манас-Манас- Манас деп,
Байгамбар бар ак диним ак,
Колдо Алла диним деп.
Ислам дин бири деп,
Айбалта илип бармакка,
Манастын уулу Семетей,
Ыйлап келет арбакка.
Карданып алыптыр,
Кан Манастын баласы,
Бет айбаты тим эле,
Миң миң эрдей көрүнүп.
Арты жаккы Семеңдин,

Алты миң эрдей көрүнүп.
Кол бергени кош акмат,
Кошо келет жанында.
Жан бергени жөлөкмат,
Жөнөп барат жанында.
Жылаңач кыдыр бир бала,
Минип барат мойнуна.
Менин күйөөм болсо деп,
Эки бирдей эрдин кыз,
Учуп келет жанында.
Аруусу экен баатырдын,
Алтымыш кез сур жылан,
Алдын баштап келатат.
Алты жолборс баатырды,
Тегеректеп келатат.
Тилип салып кер тайга,
Арт жагында келиптир,
Алтымыш баштуу ажыдаар.
Артында кошо келатат,
Алп кара куш зымырык.
Ар канаты кырк кезден,
Айкан элин жутам деп,
Асмандап учуп келатат.
Сол жагында сеңирде,
Сары ала сындуу ат минген.
Сары илбрис тон кийген,
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын Алманбет,
Эпкин болбой жат болуп,
Энеден Алмаң так болуп.
Издеп келип ал кирген,
Исламдын динине.
Алакен келет жарышып,
Оң жагында сеңирде,
Ак бакылтыр сур жигит,
Көкала сындуу ат минген,
Көк илбирс тон кийген.
Акбалтанын Чубагы,
Арыстандын бири бу дагы.
Барбай жоону коркуткан,
Кечпей сууну толкуткан.
Кекетпей жоону коркуткан,
Арыстандай айбаттуу,
Ак балтанын Чубагы.
Ат-матың менен кысталак,
Көмөлөтө коём деп,
Арыстан Чубак келатат,
Бул экөөнүн артында.
Кара калбак кыргагы,
Кан Манастын Сыргагы,
Арыстан бала келатат.
Муну менен жанаша,
Аркындын уулу Ажыбай,
Карт күрөң сындуу ат минип.
Кыл куйругун шарт түйүп,
Кыраан Манас баласын,
Колдо эми Алла деп,
Көк жал Ажың келатат.
Көтөрүлүп чаң толуп,
Көч жагында байкасаң,
Оң жагында жыйырмасы,
Ойротту бузган жыласы.
Сол жагында жыйырмасы,
Тыңшаны бузган жыласы.
Оо Манастын кырк чоро,
Кечээ Бээжинди камап жатканда.
Бир чоросу Манастын,
Сексен миң кытай каканга,
Жалгыз туруп атышкан.
Ортосунда эр Манас,
Алты шердин кенжеси,
Айкөл Манас төрөсү,
Жардай кула ат минип,
Сакалы садак кабындай,
Асман менен жериңдин,
Тирегиндей көрүнүп.

Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүндөй көрүнүп.
Ай ааламдын дайранын,
Толкунундай көрүнүп.
Каарданса кара жер,
Каткатынан бөлүнүп.
Аңырайган капчыгай,
Так өзүндөй көрүнүп.
Айкөл Манас шер келет,
Жалгызымды колдо деп.
Кожо сындуу кабылан,
Төрө Манас келатат.
Манастын уулу Семетей,
Олбуй-чолбуй камчы уруп.
Оң тетири теминип,
Алдындагы арбуудан,
Кулагын баштап жапырып.
Кулан сындуу жаныбар,
Келе жатат эр Семең.
Кытайды карай качырып,
Кыргы-кытай баатыры,
Качырышып калганда,
Атка сынбы Коңурбай.
Алдындагы арбуудан,
Айбандан башка мал экен.
Күрөштө күчүм келе албас,
Сайышсам найза өтпөсө.
Кайра тартып мен алсам,
Жаза буза сайышып,
Калың кытай көп элге,
Каптаттырып мен алсам.
Баатыр экен, шер экен,
Балбан экен, дөө экен.
Он эки мүчө тең экен,
Оң далысы кең экен.
Адам тайын жебеген,
Ашкере баатыр эр экен.
Эми бала кытайды,
Бузуп айдап тынчытбай,
Бурут журтту кырчуудай.
Деп ошентип Коңурбай,
Атына минип ушундай.
Ураан сала жөнөдү,
Эки тулпар түкүрсө.
Жер жарылып келатат,
Эки баатыр келатса,
Тоо жарылып келатат.
Чылбыр менен тизгинди,
Кармаган жери тим эле,
Колдо келет чурата.
Өпкө колко тушу деп,
Алар жериң ушу деп.
Бала жолборс Семетей,
Баатыр мээлеп келатат.
Улумуңга маа берде,
Калча салды ураанды.
Бир убакта эр Семең,
Келгин эми баатыр деп,
Семең туруп берди эми.
Келип кытай урду ошо,
Оой түшүп оңолуп.
Кудай сактай көргүн деп,
Ыйык жалган тырмышып.
Алдындагы арбуудан,
Жата калып жалт берип.
Жалдын үстүн жырдырып,
Өтө берди кырдырып.
Кача манжу кача деп,
Туулган менен себилдин,
Койгон жери тиги деп.
Чарайна менен чопкуттун,
Турган жери ушу деп.
Арыстан калды качырып,
Жолум үйдөй ак була.
Асманга чыгып булайып,
Ат үстүнөн Коңурбай,

Алыс кетти кылайып.
Атынын оозун жыя албай,
Арыстан баатыр Семетей,
Арбуудан озун араң токтотуп.
Тирилип келгенге,
Калчаны кайтып көргөнгө.
Кара ат алган мингизип,
Коңурбайдын кара аты.
Кара атын бар деген,
Капталында кара аты.
Калча качып калды эми,
Кабылан бала Семетей,
Артынан кууп алды эми.
Алмалуу булак четинен,
Арыстан бала Семетей,
Жетип кирип келди эми.
Качканда кайда барасың,
Коңурбай түгүл сен манжу,
Эсенкан болуп калсаң да,
Эми жетип саям деп,
Эңкейиштен алам деп,
Жаңы жетип алам деп,
Шаңжунду кармап калам деп.
Кара аттын жетип артынан,
Кабылан төрө Семетей,
Каскак менен кытайды,
Капталдан ары бир коюп.
Өтоөжаңы бергенде,
Имерилип алды эми.
Качпа бала эми деп,
Какандын каны Коң төрө,
Качырышып калды эми.
Найза төшкө так этип,
Айбалта башка шак этип,
Бук болуп жүргөн чочколор.
Букадан жаман челишип,
Айбалта менен чабышып.
Калканды тозо беришип,
Кана мени, аны деп,
Качпай тура беришип,
Чоюнбаш менен чабышып.
Чойгулашып чобкутту,
Ак чийдин сары талаада,
Алты күнү жатышып.
Жетинчи күнү Бээжинде,
Кечилдин Тыңша төрөсүн,
Семетей аттан түшүрүп,
Буткулдан кармап Коңурду,
Бура тартып качарда,
Буудан буурул кара атты,
Бучкактап алыс узатпай,
Бурма суудан эр Семең,
Бу кытайдын сакалын,
Булкуп жулуп алды эми.
Сакалынан айрылып,
Калча калды кайгырып.
Мурутунан айрылып,
Бу кытай калды кайгырып.
Алтымыш түкөй сөлкөбай,
Сулпукор тийип жок болуп,
Кол токмоктой колоң чач,
Арыстан Семең кармады.
Үзөңкү болуп салынып.
Ушу кытай азабы,
Өтпөдү беле элиме.
Келди эми кезегиң,
Деп ошентип эр неме,
Чачынан кармап алганда.
Манжуну минтип салгылап,
Шыйкунун кайкы белинде,
Салгылашып жатканда.
Сандыргалуу Семетей,
Самагандай Коңурдун,
Санаасын бөлүп атканда.
Он эки күнү урушуп,
Оён Манас баласы,

Шыйкунун кайкы белинде,
Баатыр жатат бурушуп.
Бет маңдайлап бул экөө,
Беш күнү мында урушуп.
Он үч күнгө толгондо,
Атынын оозун буруптур,
Аким манжу Коңурбай,
Алкара минип кыялап,
Өлөрүн билип уялап,
Кача берди доңузай,
Кашкая кууп Семетей,
Калчаны айдап келатат.
Кара ат менен Коңурбай,
Качып мында келатса,
Кан Манастын Семетей,
Калчанын ордун бошотпой,
Карагай найза бул каскак,
Кармашып айдап артынан,
Кабылан Семең келатат.
Бышкектеп айдап алыптыр,
Кытайга мүшкүл салыптыр.
Тыңшанын мыкты улугун,
Тындырбай айдап алганда,
Акыр такыр мүшкүлдү,
Кытайга минтип салганда.
Эр Манастын баласы,
Эрдигин эми карачы.
Эки күндөн бери жакка,
Жети басып кара атты.
Жел кайыптын буурул ат,
Желпинип учуп келатат.
Жекендүүнүн белинен,
Жер жайнап кытай чыкты эми.
Жоо бөрүсү Семетей,
Жоболоңдуу кайран эр,
Атынан түшүп эс алып,
Аса байлап бууданды,
Азырак эсенин алдырып,
Ээрин алып жайдактап,
Аса байлап маймактап.
Жетимиш теке терисин,
Үндүү кылган кандагай.
Алтай менен каканда,
Алты ай окко чыдаган.
Айза жетпей жадаган,
Жебенин огу өтпөгөн.
Жети ай жатып атышса,
Чыкетин жери тешбеген.
Чыдап берген бул ноту,
Буурулдун жаап жонуна,
Атыма кастык кылат деп,
Же өзүмө кастык кылат деп,
Алманбеттин баадана,
Эр Чубактын сур чепкен,
Эми кийип камына.
Атына минип Семетей,
Жөнөдү эми жамына.
Көк жалдын уулу эр Семең,
Көрдүк калмак көп жоону,
Көрсөтө эми жетейин.
Баатыр манжу Коңурдун
Башын кесип кетейин.
Деп ошону ойлонуп,
Карчыга куштай толгонуп.
Кан Манастын Семетей,
Катуу келет ойлонуп.
Бир убакта карасаң,
Какманы көр, селди көр,
Кайнаган тыңша, элди көр.
Жамгырды көр, селди көр,
Жайнаган кытай элди көр.
Мына ошондо Коңурбай,
Элине жетип ушундай,
Эрлерин жыйнап алдына,
Айдады Коңур төрөң ай.
Арыстан бала Семетей,

Арбуудан минип арыта.
Ар кайсы менен сайыша,
Бетине келди Карагул,
Бетинен Семең ыргыта,
Берен бала келатат,
Жоодугур келди алдына.
Адамсың деп кенебей,
Айкөл Семең баатырың,
Аны да коюп ыргыта,
Өтүп кетип баратат.
Бетине адам келе албай,
Ач жолборстой жулкунуп,
Ар кандай далай кубулуп.
Арсландай Семетей,
Айкөл келет урушуп.
Талаанын баары чаң болуп,
Асканын баары тим эле,
Асабалуу кар болуп.
Коктунун баары чаң толуп,
Колоттун баары тим эле,
Кол арыктай кан болуп.
Текестин баары саз болуп,
Токойдун баары түз болуп,
Алкымдын баары сел болуп.
Аламандап калайык,
Акылы кетип нес болуп,
Куюшканы үзүлүп.
Шалаңдаган андан көп,
Басмайылы үзүлүп,
Байлай албай, кача албай,
Бадалда жаткан мында көп.
Буту сынып буркурап,
Бутун сүйрөп баса албай,
Буркураган дагы бар.
Колу сынып кокуйлап,
Колбой аткан андан көп.
Айланайын жалгызым,
Кайда кеттиң кокуй деп,
Кошогун айткан жандар көп.
Эми чыкты Коңурбай,
Эрлерин айдап келатса,
Эмалдын башы кар болуп,
Эки жагы жар болуп.
Эки тоонун арасы,
Ат жүрө алгыс жар болуп.
Катар тартып жыгылган,
Тоодой өлүк жык толуп.
Карга, кузгун, сагызган,
Канаттууга бу кытай,
Жайлап жечү эт болуп.
Адыр толгон сел болуп,
Аты келген бу кытай,
Ала тоодой эт болуп.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү байкалат.
Эр мурутун шыкыйтып,
Эр өлүгү байкалат.
Мына ошондо Коңурбай,
Кудай алсын калкым деп,
Калың кытай какančы,
Чөптөй болгон экенсиң.
Бир буруттан ушунча,
Арып болот экенсиң.
Жалгыз келген буруттан,
Тарып болгон экенсиң.
Сексен миң балбан дөө алып,
Семелдин уулу жоодугур,
Сен эми жөнө баатыр деп,
Алкым жакы бетине,
Алтымыш балбан дөө алып,
Абакем кара жөнөсүн.
Бет маңдай өзүм барамын,
Аттан күлүк жөө алам,
Алтын айдак дөө алам.
Асмандап учуп жой кара,
Алты миң бала ал алсын.

Арыстан Манас баласын,
Алдап кармап алалы.
Амалдуу бурут жоо менен,
Аңгемени салалы.
Атынын оозун ким тартса,
Азыр атып салам деп,
Тонум жыртык дегенди,
Тонун жыртып өзүн жейм.
Атым арык дегенди,
Атын союп өзүм жейм.
Эми бекем кир, эли эр,
Эр Манастын баласын,
Эсептеп колго берели,
Деп Коңурбай айтканда,
Баатыр Семең буратып,
Тыңшанын масур дөөлөрүн,
Айдап келет чуратып.
Сооттуу менен согушуп,
Калкандуу менен кагышып,
Колундагы зулпукор,
Кабаты менен отузду,
Кабаттай чаап бакырып.
Калың какан көп элдин,
Канчасы качып талаалап.
Кайра тартып беттешсе,
Каны суудай агылып,
Баабедин деп бакырып.
Манастан ураан чакырып,
Баатыр бала келатат,
Бата белдин оозунан.
Баатыр Бакай дүрбүдө,
Эмне болду экен деп,
Эми абай караса,
Эр манжунун калың кол,
Тоодой болуп жыйыптыр.
Өлгөн кытай жоосунан,
Обу минтип каныптып.
Абакең көрүп кубанып,
Абакең карап отурса,
Аркы жаккы бетинен,
Арбын лөк кол келет.
Эки жүз сексен миллион,
Эсенкандын кол келет.
Атына минип абакем,
Жалгыз эмне болот деп.
Алтымыш күнгө толду деп,
Аттанаар маалы болду деп.
Көкчолок минип чурата,
Көк лебис тон кийип,
Көбүктөй болгон абышка,
Көп кытай жетип калат деп.
Көксөп абаң келатат,
Ошо кезде Семетей,
Арбуудан минип арыстан,
Эки күнү бууданды,
Эс алдырып алыптыр.
Аз жетелеп отуруп,
Ач кардын чөпкө толтуруп,
Көп жетелеп отуруп.
Көдөгүн чөпкө толтуруп,
Самагандай клысам деп,
Сан миллион жоо болсо,
Сайышты эми салсам деп,
Эр Семең минтип бууданга,
Кийим тонун кийди эми,
Каныкей кылган күлазык,
Кашыктай кылып томуруп,
Оозуна салсам тим эле,
Ооруган жарат басылат,
Мунун ымаштай көзү ачылат.
Арбуудан күлазык,
Ак куржундан эр Семең,
Алып берип атына
Арыктап жөнөп калганда,
Ай ааламдын баарысы,
Таңыр калай келатса,

Асмандан көрүп жой кара,
Шашкыр кылып оокаттап,
Жалындатып чуу тартып,
Жоо баатыры Семетей,
Жеке кирди кенебей.
Жети сан какан көп тыңша,
Жетимиш курчап алды эми.
Карма-карма кармалап,
Кытай келет чутуруп,
Кайран бала Семетей,
Кара болот нар кескен,
Кынынан суурул алды эми.
Кабаты менен кырыкты,
Катар чаап келатат.
Манастап ураан чакырып,
Айланайын атаке,
Арбактуу Манас колдо деп,
Ашуусу бийик тоодомун,
Аскасы бийик зоодомун.
Артыңдагы жалгызың,
Арбагыңа ишенип,
Алты сан кытай эл менен,
Алдыңда жолдош киши жок,
Арбуудан минип мен жүрөм,
Же атаман тууган менде жок.
А эгерде аттан куласам,
Ажыратаар ини жок.
Ушундай белем дүйнө бок,
Эми көргөн анан жок,
Алдамчы белем дүйнө шок.
Кармап минер буудан аз,
Кара кылар тууган аз.
Бекип аткан жерим жок,
Жемедер кылар белим жок.
Колдо атаке бу сапар,
Уулуң жүрөт согушта,
Атанын кегин ойлонуп.
Деп Семетей арыстан,
Кан майданда келатат.
Бир убакта байкаса,
Берки жактан дардайып,
Калчанын уулу Коңурбай,
Кара ат менен келатат.
Көрө коюп Семетей,
Эми кетти кубанып,
Качпа манжу кетпегин,
Манас деп ураан чакырып.
Баатыр жөнөп калды эми,
Намыс үчүн, ар үчүн.
Кечилдин каны Коңурбай,
Жекеге чыкты доңуз ай,
Кара ат менен Коң төрө,
Аркы жактан бет ала,
Арбуудан минип Семетей,
Алкым жактан бет ала.
Арыстан бала келатат,
Жети сан тыңша калайык,
Карап калды  талаша.
Ак келтенин үнүнөн,
Тоо жарылып жар көчүп.
Тоодон суудай суу жүрүп,
Жүрөгү түшүп үнүнөн,
Жүдөп аткан дагы бар.
Бул эмине укмуш деп,
Качып жаткан эли бар.
Эки баатыр камчы уруп,
Эми келет жарыша,
Эр Семең көздөп келатат,
Как жүрөктүн түбү деп,
Тайып тийсе кысталак,
Кыр арка менен кый сүбө.
Кыя тартып тийсе деп.
Менин колум эмес деп,
Азирет аалы пайгамбар,
Арыстан Манас колу деп.
Калча келет ал көздөп,

Ак каңкынын  тушу деп,
Табарсыктын башы деп.
Тайып тийсе балага,
Кабырганын тушу деп.
Калча мээлеп келатат,
Бет маңдай келип калышты.
Берен Манас баласы,
Исламдын жолу деп.
Колдо Алла диним деп,
Корс дедире бир коюп,
Эки баатыр беттешти.
Алкара менен арбуудан,
Бута атымдай тим эле,
Кетенчиктеп кетишип.
Кечилдин уулу Коңурбай,
Кыр аркасы быркырап.
Ат үстүнөн Коңурбай,
Алыс кетти дыркырап.
Арыстан Семең жеткенче,
Кынын суурап зулпукор.
Эми башын кескенче,
Атчанда күлүк жөө келип,
Жети балбан дөө келип.
Атына мингизип Коңурду,
Ала качып жөнөдү.
Арбуудан менен Семетей,
Артынан жете келгени.
Алдындагы дөөлөрдү,
Ак албарс менен Семетей,
Ала-Тоонун башын кести эми.
Арбуудан кандай мал экен,
Ал карага жанаша,
Намысын бербей талаша,
Жетип келди жанына.
Эми жетип Коңурдун,
Башын кесип аларда,
Тыңша жетти аралап,
Он эки манжу, он сон кал,
Алтымыш кытай, кырк сон кал,
Алар кирип келишти.
Карагул менен Жоодугур,
Кабаты менен ыргытып,
Кабылан бала өттү эми.
Имерилип кытайды,
Айдап жолго кирди эми.
Жол кеткенин жойулдап,
Кылк эткенин кылычтап,
Мылк эткенин мылтыктап,
Калың эл качты талаалап.
Асмандап учуп жой кара,
Атып кетип баратат.
Арыстандай Семетей,
Басып кетип баратат.
Берен бала Семетей,
Кытайды алды жабырып,
Калчанын түрүн көргөндө.
Калың тыңша чуркурап,
Эри өлгөндөй буркурап,
Качып келет чуркурап.
Бир убакта Семетей,
Баатыр барат урушуп,
Абакең Бакай артынан,
Жетип эми келди эми.
Жер майышкан кол өңдүү,
Демилге келип Семеңе,
Эми күчөп жөнөдү.
Адырдан кууп жоо айдап,
Али экөө келди эми.
Ач белдин кайкы жонунан,
Арыстан Бакай абасы,
Алкымды айдап жабырып,
Кытайдын баары чогулуп,
Дарыгери келиптир,
Кыр арканы талкалап.
Бөрү тил барып жетиптир,
Азыр Бээжин барбаса,

Төрөгө ошол жетиптир.
Деп аярлар айтканда,
Кытайлар калды бүлүнүп.
Он эки манжу коштоду,
Коңурбайдын ошондо,
Сөөгү жаман бошоду.
Жети сан кытай аралап,
Эки төрө жанашып,
Семекең сайып өтүптүр.
Абакең башын кесиптир,
Каканды кууп айдашып,
Күнү болду отуз күн,
Түнү болду отуз күн.
Көбүрөнүн түбүнөн,
Какандуунун белине,
Семетей Бакай эки эр,
Айдап кирди кечинде.
Мына ошондо Коңурбай,
Он алты күндө какайып,
Атына минип сакайып.
Кытайдан канча кол алып,
Кыраан манжу улугу,
Жетип кирип келди эми.
Жексен кылам сени деп,
Кекенип келет Коңурбай.
Каарданып ушундай,
Кайратганып алыптыр.
Калың какан тыңшаны,
Айдап жөнөп калыптыр.
Атаганат дүнүйө,
Менин көзүм өткөндө,
Катын болот экенсиң.
Бир бурутту жеңе албай,
Такыр болот экенсиң.
Деп ошентип Коң төрө,
Кайра качкан кытайды,
Кайра айдап келатат.
Эми сени көрсөм деп,
Эңсеп манжу келатат.
Манастын уулу Семетей,
Алты аралап чыкканда,
Арсыз манжу кайда деп,
Алты миңин кыйратат.
Жети аралап чыкканда,
Жети миңин кыйратып,
Жели жок манжу кайда деп,
Жекендүүнүн боюнда,
Жетимиш күнү урушуп.
Жер майышкан жоо менен,
Баатырлар жатат урушта.
Мына ошентип өткөндө,
Кечилдин каны Коңурбай,
Амалы ашкан ушундай.
Жер алдынан үй казып,
Жетимиш миң балбанды,
Капчыгайга бет алып.
Катып мында салды эми,
Макул-маскер дөөлөрүн,
Ээрчитип мында алды эми.
Макулум келет бакырып,
Бу Семеңди карай качырып.
Баатыр калды бет алып,
Баабедин деп бакыра,
Манастап ураан чакыра.
Бет алыша өтүшүп,
Жолум үйдөй ак була,
Асманга чыгып чаң боло.
Ат үстүнө Семетей,
Ооп барып оңолуп.
Кытайдын балбан дөөсү,
Атынан кетти урдана,
Алыс түштү кырдана.
Абакең жетип чапты эле,
Албарс менен башына,
Албарс жерге шың этип,
Кытайдын башы бөлүнүп,

Жерге тийген ак албарс,
Эки кездей кара жер,
Кирип кеткен керилип.
Абакең сүрүп алганда,
Арыстан баатыр Семетей,
Башын алды бул эңип.
Байкачы аба сонун иш,
Араңдан мындай болуу,
Акалы аркан турбайбы.
Муруту чалкан турбайбы,
Бу кытайдын баатырын,
Калча келген белем дейм.
Кагылайын абаке,
Кантип чаптың экен деп,
Кагылсын сенден уулуң деп.
Каткырып калды кубанып,
Кабастан кытай көп элең,
Качып калды жубанып.
Ошо кезде Коңурбай,
Обдулуп атка минди эми.
Ойроттон канча кол менен,
Жөнөдү эми доңуз ай,
Көзүн байлап баланын,
Көрсөтпөй кармап келгиле,
Жабыла баарың киргиле.
Жан койбогон бурутту,
Санап айдап келгиле.
Зоого тосуп тозгула,
Жолуна аяр койгула.
Эмалдын кара токойго,
Аралап кирип баргыла.
Арыстандай бурутту,
Алдап кармап алгыла,
Айласын эми тапкыла.
Аттанып эрте баргыла,
Деп Коңурбай айтканда,
Ойрот эли чогулуп,
Отуз миң кытай жүз төрө,
Эми кетти сөгүлүп,
Эр Семетей бет ала.
Булар келип чогулуп,
Кайраттанып Семетей,
Каарданып алды эми.
Качпай кирип кытайга,
Кабылан уруш салды эми.
Качпай эми арыстан,
Кашаттан тозуп отуруп,
Семетей, Бакай эки дөө,
Селдей каптан келаткан,
Сексен миң манжу тыңшага,
Серпилип эми кирди эми.
Секиден ылдый кубалап,
Серкени койгон карышкыр,
Семең айдап келатат.
Семең минтип айдады,
Карышкырдай аралап,
Бет алган жагын эр неме,
Беш миңди бирдей жаралап,
Кармашкан кытай көп элдин,
Канчасы келет кан жутуп,
Каршыдан адам калбады,
Кара кулак шер неме,
Кытайды минтип жалмады.
Кырааның минтип жоо сайса,
Абакең кошо туу кармап,
Арыстандай алышып,
Ак ойдо жатат бул экөө,
Жана жатты салышып.
Жылкысы мунун күрсүн деп,
Абакем калды артта,
Айласы эмне болду деп.
Айнектүү дүрбү алды эми,
Алманбеттин Күлчоро,
Айлана карап артына.
Токсон тогуз күн болуп,
Тоодой болгон кытайга,

Кандай уруш болду деп.
Казатта калган абакем,
Кандай жүрөт болду деп,
Капаланып атабы,
Каңкайды минтип атканда.
Көрдү бала агасын,
Бадышалуу абасын,
Баркын билген атасын,
Бадектүү баатыр Семетей.
Бала жолборс Күлчоро,
Байкап эми карады.
Элдин ичин бир сыйра,
Аралары канча болду деп.
Жоо балбаны жаңкы кул,
Жоо көрсөм деп самады.
Эми көрүп абасын,
Эси чыгып карады.
Жети сан кытай көп элдин,
Ичинде барат Семетей,
Сексен миллион манжунун,
Элинде турат Семетей.
Абасы барат талкалап,
Баатыр бала Күлчоро,
Абакем минтип атканда.
Айланып Бээжин чапканда,
Алты арыштуу тыңшаны,
Абакем айдап жатканда.
Арка болот бизди деп,
Ала келген эмеспи.
Аттанып эми барайын,
Аким манжу Коңурду,
Аңтара сайып алайын.
Атаганат дүнүйө ай,
Аттын токун көрчү эми,
Алты буудан ат алып.
Алты ай жатып атышса,
Арманы жок катышсам.
Актелки менен Суркоён,
Азабыңды тарттырсам.
Аттиң дүйнө не дейсиң,
Алты сан манжу төрөсүн,
Акырегин кыйратсам.
Алакөнүн Коңурдун,
Алкарадан кулатып.
Алманбет, Чубак, Манастын,
Атанын кегин мен алсам.
Ээ абаке Канчоро,
Эмилдин уулу Эрмегин,
Эрендин уулу Сергегин.
Аттарды алып келишсин,
Алтымыш түтүн көп элди,
Алар калсын башкарып.
Жылкыны булар айдасын,
Чырдабай асты байкасын.
Адырдан жылкы айдасын,
Кыбырдын жолун байкасын.
Чырмалдуу кара токойго,
Жылкыны булар таштасын.
Коңурбайдын сан жылкы,
Кошу менен айдасын.
Коңурдан алган Сай күлүк,
Аттанып эми жүрөлү.
Абамдын иши эң оорго,
Аралап эми биз жетип,
Ал манжуну сүрөлү.
Буурулду берсе минели,
Бу кытайга кирели.
Булар мына калышсын,
Семиз тандап сойгула,
Баабединге ак боз бээ,
Алтымышын койгула.
Айкөл Манас баатырдын,
Арбак үчүн бээ союп,
Аттаналы аба деп.
Арсылдап күлүп Күлчоро,
Абакемдин алдында,

Аябаган эр жатат,
Мен-сенсиген шер жатат.
Кайраттуу манжу дөөсү бар,
Амалдуу оён эри бар.
Абама кастык кылабы,
Эми эрте жөнөсөк,
Сегиз күлүк ат алып,
Семеңдин жетсек артынан,
Бели биздер эмеспи.
Ишенип жүргөн абамдын,
Эри биздер эмеспи.
Кана бээни сойгула,
Кармап мында келгиле.
Деп Күлчоро айтканда,
Кармап алып жылкыдан,
Баабединге мал союп,
Баатыр Манас арбагы,
Колдогун деп бул жолу.
Кожо сандуу эки кул,
Кошто минтип отуруп,
Эртеси эрте аттана,
Жөнөп калды шаттана.
Эки кул келип аттана,
Эмалда жаткан кытайга,
Эки эр жөнөп отуруп.
Эки күн тыным албастан,
Кошо келе жатышат.
Үчүнчү күнү Бээжинде,
Ишенбинин күнүндө.
Капсандын кара  тоосуна,
Жанагы экөө жанашты.
Жандай салып эки кул,
Көрүп келе жатышат,
Абасына жетсек деп.
Арзып келе жатышат,
Бирин-бири карашып,
Карышкырдай жанашып,
Кара тоону бет алып.
Кармасак деп кытайга,
Кабылан балдар талашып.
Кара күңгөй капсаңду,
Кайран балдар жанаша,
Кирип келди жарыша.
Келип калды көрүнөт,
Кекенге жоого бул экөө,
Эми бала кеп сүйлөп,
Ортосунда абакем,
Кантип табам деп сүйлөп.
Четинен кыра келели,
Четтешип бир аз көрөлү.
Алкыш жакын сен алкын,
Эсенкандын эли экен,
Эрте карап турбайлы.
Туулмак бар, өлмөк бар,
Жазуудан эми көрөлү,
Азап жетсе өлөлү.
Арууке кылган ак чепкен,
Арслан бала алды эми.
Алманбеттин баласы,
Атадан калган ак чепкен,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бааданке торгой көз,
Куржундан сууруп алды ошо.
Баса кийип келди эми,
Бурулча байкуш жасаган,
Бээжинде уздар мадаган.
Найза тийбей жадаган,
Келишимдүү сур олпок.
Султан бала Күлчоро,
Сууруп кийди куржундан,
Сумсайып бала кармалап,
Султан атам кийген деп,
Казат жазап душманга,
Канча манжу келдиң деп,
Алакөнүн доңузун,
Азабың эчен бердиң деп.

Артында жалгыз кулунуң,
Арбагың үчүн келди деп.
Аттанып эми бу сага,
Айгай салып кирет деп.
Атадан калган ак кемер,
Пил териге кармаган,
Билимдүү уста жасаган.
Жалаң каухар карматкан,
Катуу согуш ичинде,
Коргошун өтпөй кемерден,
Каңкай эли жадаган.
Уютуп алтын өрттөткөн,
Чоң энеси Алтынай,
Бу кемердин баасына,
Токсон торго жүз күлүк,
Устасына бердирген.
Айланайын жалгызым,
Белек кылып жүрсүн деп,
Берен Алма төрөгө,
Энекеси бердирген.
Белине алып курчана,
Берки бала Күлчоро,
Берен чоро нурданып,
Кандагай кийип каарданып,
Кан Алманбет баласы,
Карчыга куштай айланып,
Кандуу кылыч байланып,
Кар булуттай айланып.
Кылычын белге тагынып,
Кыш булуттай чамынып.
Сары өтүк кийип керилип,
Шашпа кытай сени деп,
Күлчоро жатат ээлигип.
Денеси ичине бата албай,
Жоо бөрүсү эмеспи.
Араң киши болду эми,
Алманбетти калкалап,
Абаке болгун ылдам деп,
Аттанып калды Күлчоро.
Ошо кезде Канчоро,
Сыр баранды асынып,
Сур маралдай кашынып,
Эр Чубактын сур чепкен,
Ичинен баса кийиптир.
Он эки олпок, он чопкут,
Ойон бала кийиптир.
Ойротко чадуул салмакка,
Экөө кетти жарыша.
Эки жакка бөлүнүп,
Эми кудай колдо деп,
Эр Күлчоро баратат.
Алмабаш менен үч атып,
Четинде турган кытайдын,
Токсон бала бир жолу,
Аткан жерде сулатып,
Алмабаш менен бир атып,
Атакем Манас колдо деп,
Алтымышты сулатып.
Алдына келген манжунун,
Акимин барат сулата,
Олбуй-олбуй камчы ура.
Келе жатат эр неме,
Эр алмаңдын баласы.
Эрдигин эми байкачы,
Эрмелүүнүн ойуна,
Эми жетти жанагы,
Кайран бала Күлчоро.
Кабсандуунун оюна,
Кайра жетти карачы.
Кабыландай чоронун,
Кайратын эми карачы.
Асмандан уйдай коргошун,
Жойкара атып келатат.
Ак тулпар минип Күлчоро,
Арсыландай айбаттуу,
Алиги чоро кайраттуу,

Аңгыча болбой байкады.
Асмандан жааган коргошун,
Алиги чоро билди эми,
Атынан ыргып түштү эми.
Ак дүрбүнү колго алып,
Алма башка ок салып,
Атакем Манас колдо деп,
Алты тартып ийди эми.
Абайлап бала отурса,
Алты бала оң байлоч,
Асмандан жерге кулады.
Алдынан келет бир топ жан,
Адамдан башка балкайган,
Ар манжу кытай турбайбы.
Атышып муну куубасам,
Мени кудай урбайбы.
Деп ойлонуп Күлчоро,
Ал тулпар минип болкоюп,
Ай тийгендей золкоюп.
Баабедин деп бакыра,
Манас деп ураан чакыра.
Баатыр келе жатканда,
Орто бетин манжусу,
Оңой беле бу кытай,
Обдулуп атка камчы уруп,
Мадалдын баласы,
Орто тыңша мына бу,
Масил төрө жөнөдү.
Көк ала камчы уруп,
Көк жал бала камчы уруп,
Жүз жанбай найза урушуп,
Ак була чыгып асманда,
Алачыктай көрүнүп.
Ат үстүнөн манжуну,
Адис бала Күлчоро,
Ат маты менен кабылан,
Көмөлөтө койду эми.
Кабырга кеткен быркырап,
Кайра тартып ак тулпар,
Тизесине батыптыр,
Буудан минтип жатканда,
Күлчоро байкуш наалыды.
Атаңдын көрү бу жалган,
Арманды минтип маа салган,
Ак телки же Суркоён,
Арча тору көк тулпар,
Бир минип кытай кирбедим.
Ушу жерден кытайдын,
Канын суудай төкпөдүм.
Аттан түшүп Күлчоро,
Кайра атына миңгени.
Кытайдын аян балбаны,
Кылымды билген жанагы.
Атынан зорго тургузуп,
Масилди ала качканда,
Артынан кууп Күлчоро,
Асабалуу ак жардан,
Ары өтүп барганда,
Аралап кетчү жолу жок,
Арманды башка салганда.
Атышып кытай жоо менен,
Арсылан бала барганда.
Бет маңдай жалаң дөө жатат,
Отуз миң канга эр матай,
Кынынан суурул зулпукор,
Кыя тарта салганы.
Кырып бала Күлчоро,
Кыргынды эми салганы,
Кырк бир күнү согушуп,
Мылтык менен атышып,
Капчыгайдан чыгарбай,
Кадектүү мерген бала экен,
Кара ташты бет алып,
Көрүнүп койгон кытайды,
Кетирген жок эсен-соо.
Оозун тозуп жатты эми,

Отуз күнү атышып,
Ошо жерде жатты эми.
Он миллион калмактын,
Теңи эми калыптыр,
Өлөбүзбү эми деп,
Жер жайнап калмак качыптыр.
Көзүнө адам көрүнбөй,
Калмактын бирин кутказбай,
Кайран бала айдады.
Кара белдин оозунан,
Зулпукор менен Күлчоро,
Аянды эми жайлады.
Зулпукор жерге бир тийип.
Аяндын башын байланса,
Сакалынан байланды.
Канжыга араң токтотуп,
Алдындагы ак тулпар,
Араңдан зорго көтөрүп,
Айдап келе жатпайбы.
Мына ошондо Канчоро,
Эсенкандын дөөлөрүн,
Чөп чапкандай кылыптыр.
Отуз күнгө толгондо,
Күлчоролоп кыйкырып,
Жоону айдап кошуптур.
Кабыландай эки кул,
Эми араң баш кошуп.
Абасын эми жоктошуп,
Атына минип бул экөө,
Өлгөнү канча болду деп,
Өлүктү көрүп токтошуп.
Айдады кытай көп жоону,
Алиги кулдар сайышып,
Күлчоро сайып өтүптүр,
Канчоро башын кесиптир.
Аттарын оозун жыя албай
Масилди көрүп Күлчоро,
Качпа Тыңша сени деп,
Кан Манастап кыйкырып,
Кайран бала келатат.
Кайра тартып ал кытай,
Качырып калды баланы.
Калмак беле Күлчоро,
Карама-каршы жөнөдү.
Каңкайлап ураан ал салып,
Кайран манжу жөнөдү.
Карс дедирип коюшуп,
Кабылан бала Күлчоро,
Бакаларын үзөлтө,
Баатыр сайып өттү эми.
Көк тулпардан бу кытай,
Көмөлөнүп кетти эми.
Көзөмөлдөп Канчоро,
Көкжал бала жетти эми.
Ар жагында келаткан,
Алты жаңжуң он төрө.
Арыстан бала Күлчоро,
Ыргыта коюп баратат.
Артындагы Канчоро,
Ак албарс менен төрөнүн,
Башын кыя чапты эми.
Абакем көрсүн муну деп,
Атына чоро байлады.
Алдына минген сур тулпар,
Ийилип араң токтоду.
Кытайлар качып келатат.
Эми Текендүүнүн боюнан,
Жергүлүү баатыр Семеңе,
Жете келди эки кул.
Айланайын абаке,
Аман-эсен барсыңбы?
Алты арыштуу кытайга,
Ар кандай уруш салдыңыз,
Аким манжу Коңурга,
Эми бизди таштагын,
Кайра тартып экөөңөр,

Жылкыга жете баргыла,
Биз жүрөлү урушуп,
Какандын улуу баатырын
Чыдайлык эми абаке,
Арбуудан бир аз эс алсын.
Атыма минип мен бу жерде,
Атышып мында калалы,
Акылым кандай абаке,
Айланып кайтып кеткиле.
Азыраак силер эс алып,
Кезекти бизге бергиле.
Отуз күнү абаке,
Ойрот менен уруштук,
Туу түбүнө туруштук.
Мынакей какан балбаны,
Башын кесип байланып,
Баягы жоонун дөөлөрүн,
Канын суудай агыздык.
Кан майданда тим эле,
Калбай туура салыштык,
Минтип жоону алыштык,
Митаамдык кылып салыштык.
Менин ушу кеңешим,
Ишенбесең мынакей,
Башы ушул төрөнүн,
Башташып кытай жоо менен.
Балдарың жатсын бу жерде,
Баргыла ылдам жылкыга.
Деп Күлчоро басылды,
Алты сан калмак эми,
 Айланып жетип барайын.
Аким өлдү кандай деп,
Аңтара сайып төрөсүн,
Атына минип алайын.
Деп арыстан Семетей,
Ордунан турду жаңыдан,
Алланын кылган иши экен,
Алаке кандын Коңурбай,
Атайын келе жатпайбы.
Анык кытай кан болсо,
Аярлашып согушар,
Тал чокудан түштү эми,
Тай буурулдай буудандын,
Таманын алып кызытып,
Суутмак эми болду эле.
Эсине түшүп калды ошо,
Ээрчитип жүргөн балдары.
Эмине болуп жарар деп,
Эр Семең минди атына.
Тал чокунун жасма кыр,
Тартынбай Семең келатат.
Тайбуурулдай буудандын,
Таскагы менен жүрдү эми.
Таң атканча кытайды,
Талаадан тозуп алууга,
Тартынбай найза салууга,
Тай буурулдай буудандын,
Таманы ташка туурулуп,
Арыстан келе жатканы
Тал чокунун белинен,
Тай буурулду бургутуп,
Таалайлуу баатыр Семетей,
Тыңшанын мыкты улугун,
Тозуп келет Семетей.
Томуктап күлүп сүйүнүп,
Тоодой болгон буурул ат,
Томуруна бир салып.
Тобо кел деп жанат эр,
Токтобой жолдо келатат.
Айкөлдүн арыстан баласы,
Алдын тозуп келатат.
Арбууданды аргытып,
Айкөл Семең келди эми.
Адырмалуу талаага,
Арыстан түшүп атынан.
Эртең келет калмак деп,

Алп уйкуну салмакка,
Али Семең кырында,
Арсланың уктап калганы.
Мына ошондо чоң калмак,
Ал карасын булкунтуп.,
Ажыдаардай оп тартып,
Соруп ийчү эмедей,
Асты жагын каранып.
Алдыман душман табам деп,
Келе жатат каранып,
Түн болгончо жол жүрүп.
Таң агарып атканда,
Гүлөшөндүн токойдон,
Баатыр манжу чыкты эми.
Ат чабым жерден даңыртып,
Аскараным каңыртып,
Айбан да болсо буурул ат,
Биле койду жаңыдан.
Ат ордундай кара жер,
Оолуп таштап ыргытып,
Келип калды дегенсип,
Окуранып оксоңдоп,
Буурул ат салды дабышын.
Арыстан Семең ошондо,
Ордунан  турду бурулуп,
Келүүчү келип калды го,
Керет буурул билди го,
Жетүүчү жетип калды го.
Жеткилең күлүк буурул ат,
Табышын алды көрүнөт.
Таамайлап дүрбү колго алып,
Талдуу белди караса,
Тыңшанын каны Коңурбай,
Тымбай сабап келатат.
Муну көрүп эр Семең,
Ээр токумун бекемдеп,
Кайнардуу кара суусуна,
Бутун сууга салды эми,
Бут дааратын алды эми.
Колун сууга салды эми,
Кол дааратын алды эми.
Коркбой-үркпөй кайран эр.
Он эки олпок, он чопкут,
Ойронуң болсо кийди эми.
Белине кемер курчанып,
Берметтей башы нурданып,
Беттешемин эми деп.
Бек камынып кубанып,
Бенилүү күлүк буурулга,
Берениң ыргып минди эми.
Ооздук салды эми,
Ойронуң атып ийди ошо,
Обсуз кытай төрөсүн,
Табайын деп турду ошо.
Мына ушунда Коңурбай,
Чөктү белдүү чоң бөксө,
Жетип кытай токтоду.
Атынан түшүп сур калмак,
Арам өлгөн ара аттын,
Ооздугун алды эми.
Кайкаңды булак адырга,
Сугарып кытай алды эми.
Бетеге менен тулаңдан,
Беш чалдырып алды ошо.
Оозлуктап бууданды,
Ойрон кытай минди эми.
Обсуз баатыр эр болсоң,
Жеке, жеке, жекелеп,
Сыр бараңды колго алып,
Алтай, алтай, алтайлап,
Камгай, камгай, камгайлап,
Баатыр болсоң шер болсоң,
Манастын жалгыз баласы,
Мага келчи эми деп,
Кашайтайын көзүңдү,
Карматайын сонунду.

Деп сур калмак чыкканда,
Анда Семең жаңкы эр,
Күлүп ийди абыдан,
Күлгөнүнүн белгиси,
Ачуусу келди жаңыдан.
Манас, Манас, Манас деп,
Ак келте менен үч атып,
Кызыталак калмакты,
Мен казат кылдым деп атып.
Буурулду уруп такымга,
Мурза түлдү сыр найза,
Булгап сүрүп алды эми.
Көп багыш калмак баатыры,
Канакей бири келчи деп.
Берениң жөнөп калганда,
Кол бергени кош акмат,
Кошо жөнөп калыптыр.
Жол бергени жол акмат,
Жөлөп муну алыптыр.
Аруусу экен Манастын,
Алтымыш кез сүр жылан,
Алдын баштап алыптыр.
Алты жолборс Семеңди,
Тим эле тегеретип калыптыр.
Мына ошондо Коңурбай,
Атка сынчу даанышман,
Айлакер мыктуу киши экен,
Көрүп барат Коңурбай,
Намысынан арынан,
Өлүп барат ушундай.
Алдындагы чоң буурул,
Аткан менен ок өтпөйт,
Кууган менен мал жетпейт.
Жебелүү күлүк мал экен,
Мунун жети жаны бар экен.
Астындагы буурулдун,
Алты жаны бар экен.
Анык кайып мал экен,
Жергелүү күлүк буурул ат.
Алыргагы бар экен.
Бул буурулду чынында,
Ушундай кыйын күндөрдө,
Казатка минчү мал экен.
Манастын уулу Семетей,
Балтыр эти толуптур,
Баатырлыгы ашынып,
Айтылуу шерден болуптур.
Күрөшсөм күчүм жетпейт го,
Алышсам алым жетпейт го.
Бир сайышып көрөйүн,
Эрдигин мунун байкайын.
Эрдемсиген эменин,
Эми мен алда жайлайын.
Баатырсынган эмени,
Бастыр эми барайын.
Бир беттешип күч сынап,
Күчүм келсе бурутту,
Ушул жерде жайлайын.
Деп Коңурбай бет алып,
Ак кайкынын бети деп,
Табарсыктын чети деп.
Кытай мээлеп келатат.
Эр Семетей кайран эр,
Өт менен колконун,
Турган жери тиги деп.
Чарайна зоот ок өтпөс,
Койгон жери теги деп,
Тайып тийсе кылтайып,
Алты түгөй кабырга,
Быркыратып кетсин деп,
Баатыр мээлеп келатат,
Аргамжы боло бута атым,
Арыстандар кирип келет.
Ачып көздү жумганча,
Бет алышып кетишти.
Корс дей түшүп сыр найза,

Ортосунан бөлүнүп,
Ат үстүнөн сур калмак,
Бута атымдай алыс жер,
Учуп түштү көрүнүп.
Эр Семетей жанагы эр,
Ар буудандын соорусун,
Ой түшүп оңолуп,
Атынын оозун бурганча,
Алиги калмак кур атка,
А дагы ыргып минди эми.
Ар буудандын артынан,
Жете келди чоң кур ат.
Бура  тартып келишип,
Бук болуп жүргөн берендер,
Букадан жаман челишип.
Найза төшкө так этип,
Тек тийимде найзалар,
Алкара менен буурул ат,
Тизесинче батышып,
Бирин-бири ала албай,
Көк ойдо жатты алышып.
Күрсүлдөгөн арыстандар,
Чокморду колго алышып.
Чоюн баш менен салышып,
Аныбыз болбойт экен деп,
Кылычты колго алышып,
Кылыч менен салышып.
Кылычың болбойт экен деп,
Айбалта колго алышып.
Айбалта менен алты күн,
Аябай тынбай салышып.
Аныбыз болбойт экен деп,
Кайра найза алышып,
Алкара менен буурул ат,
Аябай катуу жарышып.
Найзалар батпай олпокто,
Адамдын колу карышып,
Жана алты күн сайышып.
Найзадан айла боло албай,
Кайра колго чоюн баш,
Кайран эрлер алышып,
Чокуну болжоп салышып.
Чочубай жана алты күн,
Чоюнбаш менен бүлөтө,
Чучубай башта салышып.
Күнү он эки болгондо,
Түнү он эки болгондо,
Канкор Семең калмакты,
Чоюнбаш менен бир салды.
Чоюнбаштын башына,
Чоң куратым үстүнөн,
Чоң калмак эстен танды эми.
Жебелүү күлүк чоң кара ат,
Желип жолго кирди эми.
Жеткилең баатыр Семетей,
Жетимиш сагал кара ат деп,
Жебелүү күлүк буурул ат,
Баналчагың бир тутам,
Бана болуп калдыңбы,
Согончогуң бир тутам,
Сен чочко болуп калдыңбы.
Жетпей койсоң сенден деп,
Сайбай койсом менден деп,
Баатыр Семең кубалап,
Таң агара кууган эр.
Бешим ооп жетимге,
Жебелүү күлүк чоң кара ат,
Жеткизбеди буурулга.
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Ойронуң ыйлап келатат.
Күүгүм кире күн бата,
Гүлөшөлдүн токойго,
Буурул менен алкара,
Удаа кирди талаша.
Байгамбар барат диниман,
Падыша алды бириман.

Бир кытайга кудурет,
Жасай көрү мени деп,
Кан Семетей кабылан,
Сол колу менен колдойду.
Коюп өттү аркага,
Коңурбай түшүп калганда.
Энеси калган эмедей,
Эрме чөлдө алкара,
Тура калды кишенеп.
Калмак кайда барар деп,
Алкараны кармайын,
Айланайын Күлчоро,
Алакөнүн Коңурдун,
Аты менен алсын деп.
Атынан кытай ажырап,
Кайсы жакка кетет деп,
Арыстан неме кубалап,
Алтымыш адыр кырк чыбыр,
Арбууданга жеткизбей ,
Шашып келет чоң кара ат.
Ал аңгыча болбоду,
Алты сан манжу көп кытай,
Оту жайнап чөк болуп,
Конуп жаткан жери экен.
Эр Семең эми көрдү ошо,
Аттын оозун бурду ошо,
Алаке кандын Коңурбай,
Табайын деп жүрдү ошо.
Атаганат Алкара,
Карагул экөөң алдадың,
Эми де кеттиң алданып,
Сага бир кара ат кылбасам.
Деп Семетей олтуруп,
Кайра жүрүп отуруп,
Таң агара эр Семең,
Гүл токойго келди эми.
Табайын деп калмакты,
Талаадан издеп кирди эми.
Каны сөөлү аралаш,
Калың жөнөй кириптир.
Кайдан табат эр неме,
Кайрылып издеп көрдү эми.
Табайын деп жакшы эле,
Талаадан абдан издеди,
Табалбай Семең эр неме,
Бул токойдо жүрдү ошо.
Алкара качып барыптыр,
Жайкаранын чатырга,
Куралдап тобо чачылат.
Уктап жатса жайкара,
Муну кара  ат көрдү эми.
Кытайдын баары качат деп,
Бурамырды ээрчитип,
Боз кертекти жай чалып,
Берен калмак кайда деп,
Беш миңдиги аттанып,
Алкараны жетелеп,
Күндүн көзү тийгенде,
Жолтийдик жете келди эми.
Ошол кезде сур калмак,
Аманат жаны ичинде,
Бар эмеспи Коңурбай,
Алты сан алтай улугу,
Көкүрөктө чымын жан,
Бар экенин билиптир.
Көзүн ачып караса,
Өлмөйүнчө жан керек,
Өлө электе ал эптеп,
Бадалдуу кара карагай,
Батынып кытай жатыптыр,
Баатыр Семең из чалып,
Жүргөнүн байкап калыптыр.
Сыр бараңды Коңурбай,
Атала турган түрү жок.
Кыр арканын балык эт,
Карыш кирип кетиптир,

Кара кан агып мойнунан,
Карынга толуп кетиптир.
Өлөрүндө бул калмак,
Араңдан зорго келиптир,
Атасынын баласы
Артта турат экен деп,
Алиги калмак билиптир.
Кокустан көрсөм өлдүм деп,
Коктулуу бадал токойго,
Коң төрөң жатат жамынып.
Кан Семетей кайран эр,
Карап жүрөт ашыгып,
Жылкындуу бадал токойдо,
Жылас калмак жашынып,
Кайран Семең элеңдеп,
Найзасын кармап белендеп.
Тай буурулду чуратып,
Таба алсам калмакты,
Тамашага батамын.
Тарткылашып калмакты,
Тай буурулга сүйрөтсөм.
Табам канат эле деп,
Тышка салса тайбаган,
Тайбылбаган беренсиз,
Таң ата издеп калмакты,
Улуу шашке болгончо.
Ойон бала тап болду,
Не кыларын биле албай,
Же жайланып кайра кете албай,
Атасынын көрү деп,
Арбуудандан түштү эми.
Абайлап карап жан жагын,
Арыстан Семең олтурду,
Аңгыча болбой буурул ат,
Алкаранын каңыршын,
Ат чабым жерден даңыртын.
Билип койду буурул ат,
Кулагын салып элейип.
Алдын салып чекчейип,
Тура калып ойноктоп,
Алдын салып сойлоктоп.
Ат ордундай кара жер,
Олуп жатат ыргытап.
Оздук тиштеп бек тартып,
Келе жатат дегенсип,
Ак олпоктун этегин,
Акырын тартып буурул ат,
Аттан баатыр дегенсип,
Мына ошондо эр Семең,
Буурулдун оозун бурду эми,
Буруксуп кармап турду эми,
Алдыңкы адыр токойдо,
Алкара үндү салды эми,
Үч кишини алды эми.
Аким манжу сур кытай,
Ордунан туруп карайлап,
Калмагың үндү салды эми.
Буурул менен Семетей,
Бура тартып жөнөдү.
Арыстан жолго түшкөндө,
Алдыңкы кыя белести,
Бура чыкты качырып.
Көк кызылга камчы уруп,
Көк жал манжу келатат.
Көрө коюп эр Семең,
Көсөрдү кара ат жөнөдү.
Тулган мени сепилдин,
Турган жери тиги деп,
Чарайно менен бадана,
Койгон жери ушу деп.
Жардай болгон калмактын,
Эсебин эми табайын,
Деп Семетей качырды.
Эми буудан чурата,
Жер бөлүнүп келатат.
Эми баатыр кыйкырса,

Тоо бөлүнүп келатат.
Манастап ураан аралаш,
Баатыр чыгып баратат.
Эсенкандап бакырып,
Алөөкелеп чакырып,
Кытай чыгып келатат.
Бет алыша түштү эми,
Жеткен жерде кытайды,
Таап алган немедей,
Көк-кызылдын үстүнөн,
Аргамжы бою бута атым,
Алыс сайып салды эми.
Буурулдун оозун бурганча,
Кытай атка минди эми.
Кылчайбай чаап жүрдү ошо,
Мунун ары жагынан,
Эр Семең боз артты,
Жете келип Семеңе,
Жетип найза сунду эми.
Жеткенде эле эр немең,
Жетип сайып түшүрдү.
Мына ошондо Коңурбай,
Алкарага миниптир.
Айланып качып жөнөдү,
Муну көрүп эр Семең,
Бурулбастан жөнөдү.
Жайкара кытай бурулуп,
Жайдак тозуп Семеңди,
Жорто жорто бөйөдүң,
Манастын уулу Семетей,
Эминени ойлодуң деп,
Кыл күрөңдү бир салып,
Качырып сала берди эми.
Кайрылып кытай качырса,
Камандай болуп жабырап,
Кан Семетей кайран эр,
Камгактай кылып кытайды,
Кабылан сайып түшүрдү.
Андан өтө берди эми,
Алкаранын кара атты,
Алыс барат бараны.
Айрыбай көзүн эр Семең,
Артынан кайра түштү эми,
Аман-эсен кетирбей,
Аркасынан барайын.
Деп Семетей кубалап,
Арбууданга камчы уруп,
Аркөзү төөнү этектеп,
Алиги Семең кубалап,
Артынан кетип баратат.
Алдына минген буурул ат,
Аргамды бою аңдардан,
Айдыкпай учуп келатат.
Бутулдуу жерден буурул ат,
Буйдалбай учуп келатат.
Бул Семеңдин артынан,
Көк-кызыл менен койгулап,
Бурамыр баатыр келатат.
Бурамырдын артында,
Кыл күрөңдү койгулуп,
Жайкара баатыр келатат.
Мунун арткы жагында,
Боз тектерин койгулап,
Боз кертек бала келатат.
Кара айгырды койгулап,
Жодугур баатыр келатат.
Алкараны шалактап,
Койнунда көнү кармалып,
Коң төрө качып келатат.
Көч жагын карап Коңурбай,
Көрө койду Семетей,
Көргөндө көңүл бөлүнүп,
Алкара сындуу бууданды,
Такым этке койгулап,
Коңурбай качып келатат.
Атаңдын көрү бурутту,

Калың элге салайын,
Балбандарды чогултуп,
Байлатып муну алайын.
Шашпасын сени бурутум,
Шаштыңды сенин кетирем,
Караңгыда кабылат,
Карматып коё жаздадым.
Канкордун жалгыз уулуна,
Калың колду каптатып,
Калайманды салайын.
Кара ниет бурутту,
Кандай айла кылайын,
Кабсамдуу тоого бет алып,
Калын бир колго барайын.
Кайыптан бүткөн буурул ат,
Жетер бекен деп корком.
Эмалдын белге барайын,
Элиме кирип алайын,
Эси жок бурут баланы,
Эсебин эми табайын.
Деп Коңтөрө жолдо ойлоду,
Бура тартып Эмалга,
Алкара кирди бурулуп.
Астынан кайнап көп калмак,
Астынан тозо чыгышты.
Алакөнүн Коңурбай,
Артың келет кылкылдап.
Алты гана бута атым,
Семең келди жакындап.
Эңкейиштен жетсин деп,
Эми башым кессин деп.
Эр Семең келди жакындап,
Элдин баары жайыла.
Эр Коңурбай улукту,
Көргөндө кытай качышты.
Качкан жоону кубалап,
Кан Семең барат кубалап.
Катары менен эченди,
Каттай сайып бир барат,
Кабылан Семең баратат.
Кылычтуу менен кыйратып,
Балтакер менен балталап.
Баатыр Семең тартылтып,
Жонго чыгып келди эми.
Көч жагынан бурамыр,
Жете келди чуратып.
Кайра тартып эр Семең,
Качырып кирди Манастай,
Качкан жоону бет алып.
Кан Семетей чуратып,
Камына жеткен бурамыр,
Качырып найза урду эми,
Каскагын касып Семетей,
Капталдан сайып түшүрдү.
Калың жоодон эр издеп,
Кан Семетей келатат.
Былк эткенин мылтыктап,
Жалк эткенин жасалдап,
Кың эткенин кылычтап,
Жаккан отун өчүрүп,
Эмалдын чамыр бөлөнөт,
Эр Семең келди көчүрүп.
Айдап чыгып келатат,
Күнү-түнү он эки,
Ойронуң жүрдү самытып.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү көрүнүп.
Эр мурутун шытыйтып,
Эр өлүгү көрүнүп.
Эрлердин башы маң болуп,
Эмне болуп кетти деп,
Эчени жүрөт дал болу.
Эмалдуудан ашырды,
Эми кайра тартты эми,
Отуз күнү, отуз түн,
Ойноп согуш болду эми.

Коңурбай кайда кетти деп,
Алты аралап чыкканда.
Алты миңи кыйратып.
Арсыз манжу кайда деп,
Жети аралап чыкканда.
Жети миңи кыйратып,
Жел өпкө кытай кайда деп.
Жетилүүнү Эмалдын,
Кашка суудан кайран эр,
Кай тартып жөнөдү.
Элдин алды жатканда,
Буурул менен Семетей,
Буруксутуп жөнөдү.
Отуз жети күн болуп,
Ойрон Семең ойлонуп,
Улугу манжу көрүнбөйт,
Жылкыга кетип калбасам,
Балдарга бүлүк салбасам,
Азыр жете барайын,
Абамдан кабар алайын.
Арбуудан менен барайын,
Арслан арам Гүлүстөн,
Алдында кабар алалы.
Күнү отуз жетти деп,
Түнү отуз жетти деп,
Эр Семең жолго кирди эми.
Мына ошондо Коңурбай,
Жаралуу жерин таңуулап,
Жайкараны жанына,
Жетелете алды эми.
Бээжиндеги көп аяр,
Ошого алып барбаса,
Коңурбай өлөт деген соң,
Коңтөрөң кеткен Бээжинге.
Отуз күн жатып айыгып,
Оң далысы сыныптыр.
Оңдоп кытай жатты эми,
Чала айыгып бул кытай,
Кайра атка минди эми.
Жети күнү жол басып,
Желмогуз кытай келди эми.
Жети сан элдин ичине,
Жеткелең бурут кайда деп,
Желдеттерин чакырып,
Жер жарыла Коңурбай,
Элди айдап көчүрдү.
Бура мырга кеп айтып,
Семетей кайда кетти деп.
Жете эми барасы,
Бурутуң качкан экен деп,
Элдин баарын айдады.
Эр Семетей жаңкы шер,
Күнү басып жети күн,
Тал чокуга конду эми.
Андан арыстан токтобой,
Жана басып алты күн.
Куу өрдөктүн көлүнө,
Жетип Семең конду эми.
Эки күнү бул жерде,
Эр Семең өргүп жатты эми.
Андан Семең жол тартып,
Алты күнү жол басып,
Ак кулжанын тоосуна,
Арыстан келип конду,
Атынан түшүп эр Семең,
Калмакты күтүп жатканын,
Канчасы келер эми деп,
Алты күнү жатты эми.
Качан калмак келет деп,
Кабылан күтүп жатты эми.
Мына ошондо эр Семең.
Эмине болду экен деп,
Эр Коңурбай жол басып,
Он сегиз күнгө толгондо,
Улугу манжу Коң төрө,
Ак кулжанын тоосуна,

Кечинде келип токтоду.
Муну Семеӊ көрдү эми,
Атына Семеӊ минди эми.
Элдин алды жатканда.
Табайын деп жүрдү эми,
Тыӊшанын уулу Коӊурбай,
Тындырбай жолду чалыптыр.
Караӊгыда жол издеп,
Кан Семеӊ келип чуратып,
Балбандарын чогултуп,
Баарын айдап алды ошо.
Эр бурамыр Жойкара,
Беттешип найза сунганда,
Кан Семетей жоо менен,
Качпай арыстан урушту.
Бетине келген калыӊ жоо,
Көп экен деп ташпады.
Артын карап айдаса,
Алды келет сабылып.
Бул жагын айдап жайгарса,
Тыягы келет жабылып.
Адырдын баары чаӊ болуп.
Белестин баары кан болуп.
Берениӊ жайда согушуп,
Жайкара менен бурамыр
Каптай салып түшүрдү.
Адырдан калды качырып,
Боз иртек менен Жодугур,
Боз тулпарды койгулап.
Кытай мээлеп алыптыр,
Чыбыр тизген жери деп.
Такыр колук түбү деп,
Кан Семеӊ мээлеп алыптыр.
Кеткен жерде эр Семеӊ,
Боз кертикти ал эриӊ,
Колтугун жара бир сайып,
Өпкө менен колкону,
Быркырата койду эми.
Боз тулпардын үстүнөн,
Боз ала болгон бул калмак,
Бозорто аттан түшүртүп,
Башын кесип байланып,
Баатырыӊ жолго кирди эми.
Кара айгырды булкунтуп,
Жодугур келип Семеӊди,
Чоюн баш менен урду эми.
Калканды тозуп эр неме,
Кай кармашып алууга,
Кабылан кирди камчылап.
Как жүрөктүн түбү деп,
Өлүүчү жериӊ ушул деп.
Келсеӊ ырас болуптур,
Кекти сенден алайын.
Деп Семетей качырды,
Мурзагулдуу сыр найза,
Баатыр мээлеп келатат.
Жодугур мээлеп келатат,
Ак каӊкынын кашы деп,
Табарсыктын башы деп.
Тартынбай калмак келди эми,
Экөө теӊ катуу качырып.
Корс дей түшүп сыр найза
Буласы бурт деп бөлүнүп,
Жоодугурду эр Семеӊ,
Как жүрөгүн кытайдын,
Жара сайып түшүрдү.
Кара айгырды жетелеп,
Башын кесип кытайды,
Баатырыӊ кирди жабырып.
Калыӊ кытай каканды,
Калкы ыйлап сабылып,
Канча адамдын каны,
Кара суудай агылып.
Калдайдын ээсин сабырып,
Кан Семеӊ айдап алды эми.
Согуш болду талаада,

Жыйырма күнү, жыйырма түн,
Элдин баары чуркурап,
Эр Коңурга барганы.
Элден тукум калбайт деп,
Эли-журту ыйлады.
Мына ошондо Коң төрө,
Алкараны токунуп,
Алтын жандан түңүлүп,
Элим кете бергин деп,
Эми берди уруксат.
Эргитип мыкты акимди,
Эмине кытай болду эми,
Өзүм бир жалгыз барайын,
Алдынан тозуп жатайын.
Арбууданда Семеңди,
Аңдып бир туруп атайын.
Деп айтып Коңур бөлүндү,
Калайык кетти Бээжинге,
Азыраак аскер калды,
Арыстаның Семең кайран эр,
Кытай эми кетти деп.
Кайра жонго келди эми,
Кийим тонун чечти эми.
Ак олпокту күбүсө,
Семең менен буурулдун,
Тизесине коргошун,
Эми чыгып келди эми.
Калмактар кетти эми деп,
Камарабай кайран эр,
Арбуудандын үстүнө.
Алакөөдөн баатырың,
Ак олпокту бөктөрүп,
Алты олпок беш чопкут,
Арыстан кийди ичинен.
Дааратын алып жатканда,
Намазын окуп болгондо,
Жөнөйүн деп арыстаның,
Жөөлүп кирип турганда.
Эр Коңурбай жетиптир,
Жеткенде кытай сыр бараң,
Оң далынын бети деп,
Өпкө колдун чети деп,
Тартып кытай өткөндө.
Ойрон Семең баатырдын,
Оң далысын сыя өтүп,
Омкорулуп ок өттү.
Ошо кезде эр Семең,
Буурулга ыргып минди эми.
Атаңдын көрү калмак кул,
Аңдып жаткан экен деп,
Атына кытай жеткени,
Аны да ала жатайын.
Деп Семетей качырып,
Бет маңдайдан Коңтөрө,
Беттешип калды бу экөө,
Жеткен жерде эр Семең,
Жетип найза сунду эми,
Тоодой болгон кытайдын,
Бакалоордун тушу деп,
Баатыр муштап өттү эле.
Аяктай болгон кызыл эт,
Найзанын келди учунан,
Жаза сайып алыптыр,
Моюн актан кызыл эт,
Арыстаның сайып алыптыр.
Ат үстүнөн Коңурбай,
Алыс барып түштү эми.
Алтымыш балбан жүгүрүп,
Атына кытай минди эми.
Арбуудан эстүү мал экен,
Айланып жолго кирди эми.
Акими кытай кансырап,
Ошо жерде турду эми.
Атасынын көрү деп,
Абакем Бакай барайын,
Балдарга кабар салайын.

Буурулдун оозун бурду эми,
Семең жолго түштү эми.
Эр Семетей келатат,
Оң жагына жыгылса,
Жалын төшөйт Буурул ат.
Сол жагына жыгылса,
Моюнун төшөйт Буурул ат,
Эр Семең жолдо келатат.
Мына ошондо Күлчоро,
Жылкы айдап күндүз го,
Жыласың барган эмеспи.
Так бурганым тээ кызыл,
Калмакка тийдим тиңилип,
Канчорону ээрчитип.
Кабылан барган Текеске,
Капкалырын ачтырып.
Кыргыздан чыккан Сайкүлүк
Мындан таап алган соң,
Кайра баштан айдатып,
Кан Бакайга барыптыр.
Абакем эмне болду деп,
Ак телки менен Сур коён,
Атына минип жол чалып,
Он беш күнгө толгондо,
Көгүдөн күлүк өтүптүр.
Айнеги алтын ак дүрбү,
Алиги бала караса,
Алаке кандын Коңурбай,
Барамыры баш болуп,
Буурулдун түшүп артынан,
Булар да жыйнап келатат.
Муну чоро көргөндө,
Сексен күнгө толду деп,
Мурун келбей абам деп,
Шертим өңүт салдым деп.
Айланайын абаке,
Чымын жаның барбы деп,
Эр Күлчоро Суркоён,
Обуй-солбуй камчы уруп.
Гүлүстөн жетип келди эми,
Атынан ыргып түштү эми.
Алачыктай терекке,
Арбууданды байлады,
Амансыңбы абам деп,
Гүлүстөн ыйлай баштады.
Эчтеке деле болгон жок,
Чочубагын чырагым.
Коңтөрөнүн очогор,
Ок жаңылып кетти деп,
Эр Семең айтып отурат.
Атынан алып түшүрүп,
Алдына салып көрпөчө,
Абаке жата тургун деп,
Суркоёнду токунуп,
Жолун тозуп жөнөдү.
Жоболондуу калмак кул,
Көк-кызылды койгулап,
Бурамыр баатыр келатат.
Мына ошондо Гүлчоро,
Жеке, жеке, жекелеп,
Желиген калмак качпа деп,
Манас, Манас,  Манас деп,
Баатыр чыга келди эми,
Улугу кытай баласы,
Тик качырып келатат.
Өтпө колго түштү деп,
Өлөр жериң ушу деп,
Кытай мээлеп алыптыр.
Эр Күлчоро кайран эр,
Калмак ээрдин кашы деп,
Табарсыктын башы деп,
Кызыталак калмакты,
Жасай көрчү мени деп,
Ыйлап ийип арбакка,
Алдындагы Суркоён,
Тартып, тартып ийди эми.

Эми баатыр жүз жанбай,
Найза менен урушту.
Суркоён менен Көк-кызыл,
Тизесинче нары жер,
Бата түшүп оңолду.
Ат үстүнөн кытайдын,
Эти түгөй кабырга,
Эр Күлчоро жөнөп,
Быркыратып койду эми.
Жойкарага жетти эми,
Аны дагы Күлчоро,
Аттан алып түштү эми.
Кайра тартып көп кытай,
Качып жолго кирди эми.
Алыт күнү кубалап,
Куу өрдөктүн көлүнөн,
Беш миңдей атты айдады.
Берениң кайра тартты эми,
Эр Семеңе келди ошо.
Арыстанды алып ал жерден,
Он беш күнү жол басып,
Күндүзгө Семең келди,
Жаралуу жерин кан Бакай,
Абайлап байкап көрдү эми.
Абаке кете бергиле,
Мен калайын калмакка,
Деп Күлчоро кеп айтты,
Чогу кетмек болушуп,
Эр Семетей баатырды,
Ак чатырга жаткызып,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Ушул чаап алам деп,
Эр Гүлчоро ойлонуп,
Кең Текеске бет алып,
Берениң жолго кирди эми.
Хан башына күн түшүп,
Капаланса чөлдөгөн,
Калың кытай жоо менен,
Кайра барып урушуп,
Турарбыз эми бу жерде.
Аскалуу зоодо биз жатып,
Атышарбыз кантебиз,
Асмалууда жөө жатып,
Аттар жүрбөй калганда,
Айла кетип жатканда,
Алмабаш колго аларбыз.
Арманы жок жоо менен,
Ар кандай уруш саларбыз.
Алакөнүн Коңурун,
Амалын тапсак жайларбыз,
Капталдан тосуп жатарбыз.
Кан майдан болсо бул жерде,
Каруудан канга батарбыз.
Кантейин Алла жараткан,
Канча жоо болсо биз түтүп,
Канкайга чыдап жатарбыз.
Кагылайын абаке ай,
Көп майдандуу согушта,
Кокустан өлүп биз калсак,
Калмакта бизди таштабай,
Капаста бизди катпаган.
Кан Манастын күмбөзү,
Кара атанга жүктөсөң,
Кайран чором өлдү деп,
Кайра бизди жүктөгүн.
Кудурет өзү колдосун,
Жараткан ишти оңдосун.
Жасаган алла бир кудай,
Эми бизди колдосун.
Атыбыз начар болумсуз,
Алты тулпар ат калды.
Алтоону алсак биригип,
Атаганат дүнүйө ай,
Ак телкидей болобу.
Жети буудан ат калды,
Жетөөнү алсак биригип,

Көк телкидей болобу.
Көңтөрө саяр бу жоонун,
Көрчү дүйнө не дейин.
Көрсөтпөй бизден ат алган,
Көксөнүн иши эмеспи.
Бет алып душман жоо чыкса,
Беттешип эми барабыз.
Бети жок калча жолуна,
Айласын кандай кылабыз.
Атышып жоого барабыз,
Арсыз калмак эр чыкса,
Амалын кандай кылабыз.
Асмандап учат желмогуз,
Атырарбыз жүрөрбүз,
Айласын таап жоо менен,
Алтымыш күнү жүрөбүз.
Кандайда болсо бу сапар,
Калмакты ары сүрөбүз.
Калчанын ээрин кыйратып,
Кана эми аттансак,
Аркар этин жеп жүрөм,
Алтымыш күндө абакем,
Артыман келет деп жүрөм.
Жейрен атып жеп жүрөм,
Жетимиш күнгө толгондо,
Жетет абам эми деп,
Желпинип учуп мен жүрөм.
Кулжа атып жеп жүргүн,
Кулум эмне болду деп,
Кудайга салып сен жүргүн.
Кулан атып сен жүрүп,
Казысына тоюшуп.
Казатта калган эки кул,
Кандай жүрөт болду экен,
Кайрылып карап коюңуз.
Кайда болсо аман бол,
Кана абаке кетиңиз.
Жылкыдан кармап союңуз,,
Шың үндүүнү бет алып,
Атыңар кармап калмакты,
Артында биздер соёбуз.
Кууп барса артыңан,
Кууратып айдап кете бер.
Урушчу гана эми деп,
Тозуп жатып алалы.
Жоо баатыры Коңурбай,
Жолун тозуп жаталы.
Амалдуу манжу улугун,
Айласын эптеп табалы,
Аттан эрте баралы,
Батаңды бергин эми деп,
Балдар тура калышты.
Абакем Бакай, Семетей,
Аттангын эми жол болсун,
Ак эшен кыдыр жар болсун.
Алакөөдөк Коңурбай,
Алдыңа түшүп кар болсун.
Баргыла балдар душманга,
Падыша Алла колдосун.
Бериштелүү эр Манас,
Атакең эми колдосун,
Ишиңди алла оңдосун.
Улугу тыңша баатыры,
Урматыңан жок болсун.
Душманыбыз абдан көп,
Бирок жараткан иштин оңдосун.
Каркыралуу зор Манас,
Каралдың минтип кайгырат,
Кана эми жол болсун.
Азирет аалы пайгамбар,
Куп жаныңда бар болсун.
Деп ошентип абакең,
Бата берип ийди эми,
Эки кул атка минди эми.
Эмалдын башын карата,
Кошкула аба эми деп,

Эр Күлчоро жөнөдү,
Адырмалуу бел менен,
Айбаттуу баатыр Канчоро.
Ал айкандын элин бет ала,
Кетип барат жаңкы эр,
Кекенип барат экөө тең,
Абакең Бакай Семетей,
Жылкыга карап бет алды.
Баатыр бала Күлчоро,
Барчындай болуп таранып,
Бала жолборс кайран эр,
Башташып душман жоо менен,
Бала кабылан келатат.
Бир убакта Күлчоро,
Бермелдин белин ашканда,
Беттешип манжу жоо менен,
Берен бала келиптир.
Берен манжу Коңтөрө,
Берки жактан көрдү эми.
Бай-бай бала эр экен,
Себили сексен төрт экен,
Серп алганы өрт экен.
Күрмө тону токсон төрт,
Күчөгөн жаңкы кызыл өрт.
Алты арышты кытайды,
Айда чурай бу бала,
Жети арыштуу манжуну.
Желпинип бала бу чунак,
Жетип айдап алгыдай,
Эмне калсам бу бала,
Эртең кармап мен алсам.
Эр Алманын баласын,
Эртерек атка мен минип,
Эрлерди алсам чогултуп,
Кармасак ушул баланы.
Айдап барып камасак,
Бээжиндеги көп тыңша,
Бузугудай көрүнөт.
Бурут менен тыңшаны,
Бул желмогуз жаш бала,
Билүүчүдөй көрүнөт.
Буруттун ушул баласы,
Бурмалуу тоодой көрүнөт.
Беттешкен түрү калабы,
Берендер менен кармаса,
Четинен айдап бөлчүдөй,
Тыңшанын белин кыйратып,
Тынымсыз айдап жүрчүдөй,
Туйгундай болгон бу бала,
Тuурадан айдап эл кырар,
Тындырбай эми бу чунак,
Элимди айдап кетет го.
Деп каранып Коңурбай,
Каарданып доңуз ай,
Элинин баарын айдады,
Эр Манастап урааңды,
Эр Күлчоро салды эми.
Жергилүү кытай көп элди,
Жекеге чыкып келди эми.
Жеке манжу жекелеп,
Алты арыштуу кытайдын,
Акими эми келгин деп,
Атыңдын оозун буруп тур,
Арсыз манжу туруп тур.
Дини кара динсиз деп,
Тил билбеген бирсиз деп.
Көптүгүңө салба деп,
Көсөм бала Күлчоро,
Көксөп чыгып келатат.
Манас, Манас, Манас деп,
Баатыр атка камчы уруп.
Мына ошондо Коңурбай,
Кара ат минип калдайып,
Көк үбө минип камынып.
Көксөп кытай чамынып,
Манжунун баары таңданып,

Карап калды шаңданып.
Бала шериң  Гүлчоро,
Чылбыр менен тизгиндин,
Кармаган жери тиги деп,
Тайып тийсе Коңурга,
Такыр колтук түбү деп,
Кабырганын башы деп,
Кабылан чоро келатат.
Мына ошондо Күлчоро,
Камчыланып атына,
Кайран чоро келатат.
Кечилдин каны Коңурбай,
Келбети кыйын доңуз ай.
Өпкө менен колконун,
Турган жери тиги деп,
Чарайна менен чопкуттун,
Койгон жери тиги деп.
Карс дедире коюшуп,
Жолум үйдөй ак була.
Асманга чыгып булая,
Ат үстүнөн Коңтөрө,
Алыс кетти кылая.
Ак тулпар менен Алкара,
Тизесинче батышып,
Бута атым алыс кетишип.
Буудандар жүрүп калышты,
Атаңдын көрү дүнүйө.
Астындагы ак тулпар,
Айдап минсе чарчабас,
Айбан болуп калсаңчы.
Атактуу тулпар буурулдай,
Аргымактуу көрбөдүм.
Алдымда болсо буурул ат,
Атаңдын көрү Коңурга,
Азыр жетип мен ошо,
Барбайт белем бастырып.
Алың кандай баатыр деп,
Асыл алыс кел бери,
Атыңдын башын бургун деп,
Аламатты мен барып,
Салбайт белем Коңурга.
Атайын көксөп душмандан,
Албайт белем ушунда.
Арман айтып Күлчоро,
Абдан капа болду эми.
Атаңдың көрү шер дүйнө,
Атың жаман болбосун,
Ак телки менен Суркоён,
Азабыңды тарттым го.
Арча тору буудан ат,
Алты арыштуу тыңшага,
Аралап сени мен билдим.
Алтымыш кош уч жем берип,
Ар күнү баккан мен элем,
Кыргыздан чыккан ак тулпар,
Качан жетем мен сага,
Мелченим жаман ат болуп,
Жат душманда куурадым.
Деп ошентип Күлчоро,
Арманын айтып отурду.
Мына ошондо Коңтөрө,
Атына кайра минди эми.
Алкара менен булкунтуп,
Алтымыш жайсаң кырк кытай,
Асты менен чубуруп,
Кайра тарта берди эми.
Кабылан бала Күлчоро,
Добулбасын бир кагып,
Баабедин деп бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Баатырың кирди кытайга,
Алмабаш менен үч атып.
Калың элдин ичинен,
Канчасы кетти куланып.
Астындагы мингеним,
Абакем Бакай жарыктык

Алты сан калың жылкыдан.
Абдан баамдап берди деп,
Атым начар кандай деп,
Арыстан бала ойлонуп.
Алаң казар калмакты,
Алдап кармап алсам деп,
Андан кийин мүшкүлдү,
Коң төрөгө салсам деп.
Жылгыз өзү чуратып,
Эр Күлчоро баратат.
Аким манжу Коң төрө
Атка салчу даанышман,
Айлакер экен бул төрө.
Шыйкунун кайкы белине,
Ойго түшүп барайын.
Астындагы мингеним,
Айбанда жаман ат экен,
Алты күнү чуркаса,
Баспай калчу мал экен.
Алаксытып урушуп,
Азабын колго берейин.
Баатырсыңган эменин,
Башын кесип кетем деп,
Коң төрө манжу ойлонуп,
Акимдерин чогултуп,
Аңгемесин курушту.
Арт жагында Күлчоро,
Кылычтуусун кыйратып.
Балтакерин балталап,
Баатыр бала кекерип,
Баатыр жоону жаңыртып,
Баттап айдап алыптыр.
Мына ошондо Канчоро,
Айланды эми алты сан,
Арыстандай жапырып.
Атам Манас арбагы,
Колдогун деп бакырат.
Жойкара менен Карагул,
Көзөмөлдөп алыптыр.
Жеке, жеке, жекелеп,
Канчоро жүрөт кыйкырып.
Кыл күрөңдү булкунтуп,
Жойкара чыкты жулкунтуп.
Алтай, Алтай, Алтайлап,
Эсенкан деп чыкырып.
Качпагын бурут эми деп,
Кашайтайын сени деп.
Бурканыма сыйынып,
Бул калмак чыкты жекеге.
Мына ошондо Канчоро эр,
Жазайылды салышып,
Он эки олпок, он чопкут,
Каттоо менен кийди эми.
Атынын түгүн жана эр,
Басмайылды бек тартып,
Алты куржун ок-дары,
Артып коюп жанына,
Аллам колдой көргүн деп,
Атына ыргып минди эми.
Карагайлуу сыр найза,
Кабылан колго алды эми.
Астындагы жаман ат,
Алда эмесе болом деп,
Арыстан эске алды эми.
Атасынын көрү деп,
Атка камчы салды ошо.
Көк чопкуттун бети деп,
Калмак ээрдин чети деп,
Табарсыктын тушу деп,
Оңдурбас жерим ушу деп.
Кайып тийсе кокустан,
Кабырганын чети деп,
Каңгайдын келди кези деп.
Кандай болсо бир сапар,
Кулатармын сени деп.
Канчоро ойлоп келатат,

Мына ошондо Жойкара,
Кан майдандуу согушка,
Эчен жолу катышып,
Адис болгон эмесби.
Кыргыз-калмак чабуулун,
Эчен көргөн эмеспи.
Эсен кан менен сайышып,
Көнүп калган эмеспи.
Баатырга кирип барбайын,
Баатырлыгын байкайын.
Уруна кирип барбайын,
Улуктугун байкайын.
Баталашып кайтайын,
Берендигин байкайын.
Баатыр болсо шер болсо,
Байкайынчы эми деп.
Кыл күрөңгө камчы уруп,
Кыраан кытай келатат.
Такыр колдук түбү деп,
Жардай болгон баланын,
Алар кези келди деп.
Уйдай болгон чоң зүңгү,
Алдына алып көтөрүп.
Алиги кытай өңөрүп,
Ала качып Кыл күрөң,
Айбандан башка көрүнөт.
Алып кирип келди эми,
Мына ошондо эки дөө,
Бет алышып келди эми.
Түгөл менен сепилдин,
Турган жери ушу деп.
Чарайна менен чопкуттун,
Койгон жери тиги деп.
Эр Канчоро жаш бала,
Алып келип урду эми.
Такыр колтук түбү деп,
Жойкара найза жиберип,
Тең тийгенде найза деп,
Темтеңдеди буудандар,
Кош тийгенде найза деп,
Козголгон жок буудандар.
Орду ордунда мурунку,
Мага сышып чөгөлөп,
Башын өөдө көтөрүп,
Баатырлар жүрдү былк этпей.
Найзаны ала көтөрүп,
Найзабыз болбойт экен деп,
Кылычты колго алышып,
Жалтанбай башта салышып.
Кылычың болбойт экен деп,
Ай балтаны алышып.
Ай балта менен жаңы экөө,
Аябай башка салышып.
Андан айла болбоду,
Ай балта болбойт экен деп.
Чоюн баш колго алышып,
Чоюн баш менен жаңкы экөө,
Чокуну болжоп салышып.
Ай балта менен алты күн,
Абдан жаттап салышып.
Чоюнбаш менен төрттү,
Таамайлап башта салышты.
Кылычты кындан алышты,
Кылыч менен бул экөө,
Он эки күнү салышты.
Биринен бири ала албай,
Шыйкунун кайкы белинде,
Канжарын колго алышты.
Качбай экөө түшүм деп,
Сегиз күнү салышты.
Айрылбаган баш калбай,
Кызыл желек кан болду.
Кана мени алчы деп,
Кайра тартып кайрадан,
Канкор менн малышып,
Кабыландай кармашып.

Канчоро жүрөт бул жерде,
Айганды эми өлтүрсөм,
Алты кургап алыптыр.
Айласы кандай бул болот,
Абдан кабар алыңар,
Аны таштай салбаңдар.
Отуз күнгө толгондо,
Көч жагынан кытайдын.
Көшөрө түшүп ал жүрөт,
Жети төрдүн боюнда,
Жеткилең бала Канчоро.
Асканын башын жай кылып,
Атаңдын көрү Жойкара,
Кайда болсо табам деп.
Башыңды кесип мен сени,
Качпагын кытай эми деп.
Сыр бараң менен үч атып,
Жаккан отун өчүрүп,
Жойкарадай калмакты,
Эр Канчоро жаңкы эр,
Айдап чыкты көчүрүп.
Адырдуу тоодо бугу бар,
Бугусу оттоп куйулар,
Уялашың болбосо,
Буларга кимдер бурулар.
Мына мындай таштаңар,
Бала баатыр Гүлчоро,
Абалдан кабар алыңар.
Шыйкунун кайкы белинде,
Бала баатыр Күлчоро,
Улуу манжу Коңурдун,
Арт жагынан жабырып,
Алдына келген душманды,
Айдап кетип баратат.
Кылт эткен кылычтан,
Былк эткен мылтыктан,
Жалт эткенин союлдап,
Катары менен экини,
Каттап сайып бир коюп,
Баабединди бат айтып,
Манас деп ураан жалпы айтып,
Качба калмак качба деп,
Акылың шашпа деп.
Арам өлгөн Алкара,
Сен атыңдын күлүккө салба деп.
Жеке кытай жеке деп,
Өксүп ыйлап Күлчоро,
Арыстан бала келатат.
Күнү алты болду эми,
Түнү алты болду эми.
Он эки күнгө толгондо,
Шыйкунун кайкы белине,
Күлчоро келип конду эми.
Мына ошондо сур калмак,
Аңгемени күрдү эми.
Эми кайра кууйлук,
Алдап кармап алалык,
Баатына кирип барбаңар,
Башту алдырып салбаңар.
Уруна кирип барбаңар,
Бойду алдырып салбаңар.
Жалпы кирип барыңар,
Тамашаны салыңар.
Деп Коң төрө аттанды,
Сандаган манжу көп калмак,
Жалпы атка минди эми.
Караңгыда бет алып,
Кан Алманбет баласын,
Кандай да болсо тапмакка,
Кайран манжу көп кытай,
Караңгыда чабуулдап,
Кан Коңурбай жүрдү эми.
Калың кумдун ичинен,
Кармап алып келмекке,
Азабын колго бермекке,
Калма жетип жолуна,

Жети сан адам канды эми.
Кайдан да болсо карма деп,
Кан Коңур намыр берди эми.
Мына ошондо Күлчоро,
Акылга дыйкан эр неме.
Ашыгып шашып койбогон,
Алты сан жоону көргөндө,
Карышкырдай жойлогон.
Кабарында доо бар деп,
Кайран бала ойлобой,
Кызыл адыр эшилме.
Кыраанын түшүп келди эми,
Атынан ыргып түштүңбү эми,
Элдин алды жатканда,
Эми келип эр неме,
Он эки олпок он чопкут,
Ойрон бала күбүсө,
Ак тулпар менен Күлчоро,
Тизесине коргошун,
Толуп чыгып келди эми.
Ээрди алып жайдактап,
Атын тушап койду эми.
Кыбыланы баштанып,
Аю  тери көрпөчө,
Алты бүктөп салды эми.
Ак каңкыны жазданып,
Алп уйкуну салды эми.
Таң агарып сөгүлө,
Жерге жарык төгүлө,
Арыстан туруп ордуна,
Кийими тонун кийди эми.
Атын кармап токунуп,
Атаңдын көрү көп душман,
Кайда экенин билейин.
Катал манжу сур калмак,
Кан жыттанып киремин.
Алым келсе аны мен,
Аңтара сайып өтөмүн.
Арам өлгөн Алкара,
Атын тартып минемин.
Кандай калмак баатыр деп,
Кайгуула сени мен кармап,
Моминтип башың кесейин.
Деп ойлонуп Күлчоро,
Атына ыргып минди эми.
Ала келип Коңурдун,
Кошуун карай бет алып,
Алиги бала жүрдү эми.
Астына минген көк тулпар,
Адырдын чөбүн чалыптыр.
Абдан тоюп алыптыр,
Айбан да болсо жаныбар,
Алиги калмак жолуна,
Көк буудан чуратып,
Көзөмөлдөп эр чоро,
Көк жалың чыгып барыптыр.
Адырдын бөлөп чалышкан,
Арбын калмак көп душман,
Аңтырып издеп калышкан.
Айсыз каран түндөрдө,
Айласы кетип  таа болбой,
Алакенин Коңурбай,
Акимдерин тилдеген.
Түн ичинде баланын,
Жаткан жерин чалбайсың,
Жалгыз бурут көрүнсө,
Жарганаттай качасың.
Бул Алманбет уулу Күлчоро,
Айсыз каран түндөрдө,
Арыстанда     жоо чапкан,
Айлакер бала турбайбы.
Атасынан кысталак,
Арта тууган турбайбы.
Алдына тулпар кезиксе,
Азабыңды бербейби.
Алты сан калмак баарыңар,

Айдап жүрүп кырбайбы?
Алманбет куунун кууганы,
Айланып келген турбайбы?
Атаңдын көрү бул качкын,
Азапты колго берет го,
Алтымыш жайсаң, кырк кытай,
Айдап алып Таласка,
Алып кирип кетет го.
Карагул баштап канча бар,
Ал Карагул баатырга,
Астынан тозуп жылкынын,
Алдырбасам душманга,
Текестин башы Күрпүлдөк,
Тескери буруп салсын де,
Жодон бурут өткөрбөй,
Жоболоңду салсын де.
Кыргыздын Сайма күлүгүн,
Күн тийбес жерге баксам де.
Күчөгөн экен бул бурут,
Эсебин өзүн табайын.
Алманбет уулу Күлчоро,
Эр Чубактын Канчоро,
Алдап кармап алдырам.
Жер түбүнө салдырам,
Бакай менен Семетей.
Кезиктирбе чорого,
Көп айтамын ошону.
Көп айтамын мен бүгүн,
Эки бирдей жаш бала.
Эптеп кармап алдырам,
Кандай баатыр болсо да.
Карагул уксун сөзүмдү,
Көзөмөлдөп жылкыны.
Көп алаксы алкысым,
Көк жал Манас баласын.
Деп Коңтөр кат жазып,
Алты манжу, үч кытай.
Ашуу төр менен сен ашып,
Алты күндө жетесиң,
Айтып баргын мына ошо.
Акимиң айтты муну деп,
Көп какжарым ошого.
Байкабай жатып албасын,
Өткөрүп ийип жылкыны.
Өкүттө кийин калбасын.
Эсинен булар алышсын,
Бакбурчу менен Карагул,
Түн уйкусун таштасын.
Түн кароолдон баштасын,
Алыстанбай кап ашсын.
Арамзаада буруттун,
Ар кандай кыйын иши бар.
Кезигип калып кокустан,
Эр Семетей баатырдан,
Бөөдө ажал таппасын.
Алаксытып душманды,
Биз жакка баатыр жеткирбе.
Мындагы калган эки кул,
Экөөнү алдап аламын.
Тирүү кармап алпарып,
Азабын өзүм беремин.
Деп сур калмак кат жазып,
Катынын четин мөөр басып.
Карагында жүргүлө,
Кайтып аман келгиле.
Тал чокуга биз эми,
Эртең чыгып барабыз.
Алты күнү жол жүрсөк,
Куу өрдөктүн көлүндө.
Алтымыш миң калмак бар,
Асты менен жиберген,
Алып барып катты бер,
Алты күнү урушса,
Андан кетип токтобой,
Ары кабар жиберсин.
Карагул баатыр, Мурадыл,

Кең Текесте жаткандыр.
Качан бурут келет деп,
Камынып булар аткандыр.
Баарына муну көргөзгүн,
Кан Коңурдун кагаз деп.
Кайра айланып үч айда,
Кайтып келип кабар бер,
Кайыр кош айтып Коңтөрө.
Калмакты атка мингизди
Өткөзүп ийип бурутту,
Өкүттө калдым бүгүн деп.
Кан Коңур болду бей байда,
Мына ошондо Күлчоро,
Бастырып жалгыз келатты.
Эки жагын карманат,
Эр Коңурбай чоң көлдөй.
Кайдан тонор экенмин,
Кайран чоро каманда төр,
Мына ошондо Коңурбай,
Ээң өлгөн кара атты.
Ач маралдай жулкунтуп,
Көкүнө ийип жаркылдап.
Көрсөң калмак баркылдап,
Арыстандай айкырып.
Алакөөлөп качырып,
Мына ошондо Күлчоро,
Күлүп коюп арсайып,
Күмүштөй тиши кашкайып,
Каалгадай кашка тиш,
Каргып терин чайнады.
Кайран жандан жаңкы шер.
Кылча кечип таштады.
Добулбасты бир кагып,
Баабедин деп бакырып,
Манастын атын жай айтып,
Үнүрза гүлдү сыр найза,
Булгап колго алды эми.
Көк алага камчы уруп,
Көк жал жөнөп калды эми.
Астындагы кара аттын,
Жүгүргөнү шамалдап,
Үстүндөгү кытайдын,
Качырганы камандай.
Ак каңкынын камы деп,
Калмак ээрдин башы деп,
Кытай менен келатат.
Көк күпөнүн чети деп,
Как жүрөктүн чети деп.
Тайып тийсе кытайга,
Ооз омуртка чети деп.
Оңдурбас жерим ушу деп,
Сыр найзаны колго алып.
Күлчоро мээлеп камдады,
Эки буудан жүгүрсө,
Жер жарылып келатат.
Эки баатыр кыйкырса,
Тоо жаңырып келатат.
Жебеден мурун жеткени,
Жеткен жерде ал экөө,
Бет алыша кетти эми.
Он эки кулач как найза,
Карс дей түшүп бөлүп,
Улугу манжу кытайдын,
Эки түгөй кабырга,
Быркырап түшүп бөлүнүп,
Ат үстүнөн чоң калмак,
Аргамжы бою бута атым,
Учуп түштү көрүнүп.
Муну көрүп көп калмак,
Качып калды көрүнүп.
Мына ошондо Алкара,
Жата калып Коңурду,
Мингизип алып жөнөдү.
Күч менен сайган Күлчоро,
Оозун жыйып алганча,
Көрүп барат Күлчоро,

Көк аласын көп тилдеп,
Өлүп барат Күлчоро.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Абакемдин ар буудан,
Минбей келген экенмин.
Абакемдин ак олпок,
Кийбей келген экенмин.
Астымда жаман ат болуп,
Айлам кетип барамын.
Деп ошентип күлүстөн,
Күнгүрөнүп кытайды,
Көшөрө кууп алыптыр.
Күлүстөн бала киргенде,
Кирген жагы душмандын,
Бет-бетинен саабалап,
Калың кытай көп манжу,
Коңуруңдун артынан,
Көңтөрүлүп жөнөгөн.
Ашуу-Төр менен Кыр-Кайың,
Ашыра кууду Күлчоро,
Атага бала каратпай,
Шаштырып кууду Күлчоро.
Кылычтуусун кыйратып,
Мылтыктуусун аткылап,
Бет келгенде союлдап,
Бети жок Калча кайда деп,
Алтымыш найза бир тийсе,
Аттан көчүк кылтайбайт.
Акылга дыйкан эр неме,
Ашыгып шашып тек калбайт.
Катары менен алтыны,
Каптап сайып бир коёт.
Каканды эми жабырып,
Кабылан сындуу Күлчоро,
Кетип барат качырып.
Суук булак, сыр көлмө,
Жетип калды Күлчоро,
Как дүмөктү Күлчоро.
Салып келди душманга,
Коңурбай кайда кетти деп,
Калчаны колдон чыгарып,
Кайдан табам эми деп.
Эки көзү төрт болуп,
Эмине кылсам деп ойлоп,
Ошо кезде Күлчоро,
Келе жатат көп ойлоп.
Мына ошондо сур кытай,
Манжусуна барыптыр.
Тааный көрүп төрөсүн,
Таң калып айтып калыптыр.
Найзанын тийген жеринен,
Жараты күчөп калыптыр.
Муну Бээжинге алып барбаса,
Кытайды кудай алат деп,
Кайкалган какан көп элге,
Кайгы түшүп калды эми.
Алты манжу, беш төрө,
Жан адамга көргөзбөй,
Коң төрөнү Бээжинге,
Көрсөтпөй алып жөнөдү.
Мына ушунун тушунда,
Адис бала Күлчоро,
Калмакты таппай эч жерден,
Кара төр ылдый салды эми,
Канчоро абам кайда эми.
Кандай да болсо табайын,
Коң төрө качып кетти деп,
Абама айта барайын.
Талмазардын тал чоку,
Кошулуп алып абама,
Кошо чыгып барайын.
Шыйкынын ээн чөлүнөн,
Аттын башын бурайын.
Эмелдүү чынар терекке,
Эми чыгып барайын.
Калдай качты Бээжинге,

Кайдан издеп барайын.
Сур коён менен Ак телки,
Астымда бир күн болбоду.
Андан кийин кытайдын,
Азабын тартып күйбөдүм.
Деп ойлонуп Күлчоро,
Эр Канчоро агасын,
Эми издеп келатат.
Айнеги алтын ак дүрбү,
Арыстан бала алды ошо,
Айланага көз салып,
Аңтарып карап калганда.
Шыйкын адыр белинде,
Канчоро жүрөт кармашып,
Жойкара бакбур баш болуп,
Алты курчап алыптыр.
Бурамыр кытай бир жактан,
А дагы жөнөп калыптыр.
Муну чоро көргөндө,
Кан ичмеси бек кармап,
Атаңдын көрү душманга,
Аттанып эрте жетейин.
Астыман тозуп чыкканын,
Аңтара сайып өтөйүн.
Аман алып душмандан,
Мен эми абама эрте жетейин.
Атка камчы салды эми,
Арыстан бала Күлчоро,
Айкырыкты салды эми.
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Ойронуң жөнөп келатат,
Мына ошондо Канчоро,
Тил иликтин эки кол,
Өөдө болбой шал болуп,
Азиздиктин кайран баш,
Кызыл ала кан болуп.
Тирүүлүктүн шилекей,
Бир жутууга зар болуп.
Бүткөн бой кызыл кан болуп,
Жой кара манжу кытайга,
Туруштук берген жан болуп,
Турган эки дал болуп.
Ошо кезде Күлчоро,
Өксөп ыйлап келатат,
Арышым коюп бурамгал,
Абамды коюп мени ал,
Хан абам чыгып астымдан,
Канчором кайда деп айтса,
Кандай жооп айтамын.
Андан көрө душманга,
Айкайды катуу салайын.
Эр Канчоро аганы,
Мен ажыратып алайын.
Абакем Бакай карыга,
Эр Семетей ага,
Эрте чыгып барайын.
Деп ошентип жаңкы эр,
Көк тулпар менен чуратып,
Көк жал бала келатат.
Четине жетип Күлчоро,
Манастап ураан салды эми.
Алма баш менен үч атып,
Аралаша күч атып.
Калың элдин ичинен,
Канчасы кетти куланып.
Буруттун колу келди деп,
Бура тартты улугу.
Бурулуштан Күлчоро,
Бакбурчуга жетти эми.
Өпкө колко тушу деп,
Өлүүчү жери ушу деп.
Атаңдын көрү манжуунун,
Улуган кези келди деп.
Коло койлуу сыр найза,
Коштоп колго алды эми.
Коржоңдогон кытайды,

Тел кызылдын үстүнөн,
Телбейте сайып түшүрдү.
Тийген жерде найзасы,
Алты чопкут, беш олпок,
Өтүп чыкты карасаң.
Өпкө жүрөк как жарып,
Тешип чыкты карасаң.
Сыр найзанын учуна,
Илип кетип баратат.
Тел кызылды Күлчоро,
Коштоп кетип баратат.
Шыйкунун чоку ташына,
Алып келип урду эми.
Жат атаңдын көрү деп,
Буудандын оозун бурду эми,
Буруксуп карап турду эми.
Атынан ыргып түштү ошо,
Алманбет, Манас, Чубактын.
Арбагынын жолу деп.
Алакенин Коңурдун,
Ардактаган уулу деп.
Анын башын кести эми,
Алты олпок, беш чопкут,
Тел кызылга жүктөдү,
Чокуга башын койду эми.
Чочубай чоро турду эми,
Чоң калдай калма көрсүн деп,
Баатыр болсо, шер болсо,
Менин артыман издеп келсин деп.
Бууданга ыргып минди эми,
Мунун атын тийди эми.
Абакем кайда калды деп,
Артынан издеп кирди эми.
Ойго түшүп келди ошо,
Тел кызылды булкунтуп,
Тегеренип жулкунтуп.
Текеле Алкарадай булкунтуп,
Ач маралдай жулкунтуп.
Арыстан бала Күлчоро,
Азыр кирип келди ошо.
Мына ошону көргөндө,
Кытайдын баары дүркүрөп,
Тел кызылды көргөндө,
Качып калды дүркүрөп.
Качкан жоону Күлчоро,
Арыстандай жапырып,
Айдап алды күркүрөп.
Бурамырга жетти эми,
Аны ыргыта коюп өттү эми.
Жой кара жетти эми,
Жеткен жерде кытайды,
Телкүрөңдүн үстүнөн,
Кошо коюп кетти эми.
Эр Канчоро абага,
Жебеден мурун кетти эми.
Көк тулпардын чылбырын,
Илип колго алды ошо.
Көп душмандын ичинен,
Алытко жонго чыкты ошо.
Жаш балача абасын,
Ал Канчоро сындуу агасын.
Көтөрүп аттан алды ошо,
Эмалдын салкын талына,
Отургузуп алды эми.
Абаке алың кандай деп,
Арыстан сурап алды эми.
Кызыл челек кан болуп,
Канчоро турат дал болуп.
Мына ошондо көп кытай,
Күлчоронун артынан,
Коңтөрө кууп алыптыр.
Коркоюп жанакы эр,
Атына ыргып минди ошо,
Айланып кайта жүрдү ошо.
Астына келип Жойкара,

Арт жагында Бурамыр,
Айдап элди алыптыр.
Арсыз бурут качпа деп,
А дагы келет бакырып.
Эр Күлчоро чыкканда,
Эр Коңурдун баласы,
Бурамыр чыкты качырып.
Көк кызылга камчы уруп,
Алтай, алтай алтайлап,
Эсенкандап чакырып.
Алоокелеп бакырып,
Коң төрөлөп кыйкырып.
Уйдай болгон чоң зүңгү,
Алдына калып өңөрүп,
Алиги кытай көгөрүп.
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Ойондун уулу Бурамыр,
Ак каңкынын кашы деп,
Кызыталак бурут кул,
Так эле табарсыктын башы деп,
Кытайың мээлеп келатат.
Мына ошондо Күлчоро,
Чылбыр менен тизгиндин,
Кармаган жери тиги деп,
Олпок менен чопкуттун,
Койгон жери тиги деп.
Тайып тийсе кытайга,
Ооз омуртка чети деп.
Оңдурбасмын сени деп,
Гүлүстөн мээлеп келатат.
Кытайдын баары таң калып,
Эки баатыр төрөңдү,
Карап турап шаңданып.
Ошо кезде Күлчоро,
Күлүп коюп арсайып.
Күмүштөй тиши кашкайып.
Кан ичмеси бек кармап,
Кабылан чоро келатат.
Атаңдын көрү душмандан,
Абдан бир өчтү алайын.
Алманбет, Манас, Чубактын,
Кунун бир кууп калайын.
Ушуну ойлоп Гүлүстөн,
Күлүп келет байкачы.
Келе жатат кытайды,
Киши ордуна теңебейт,
Арсылан чоро кенебейт.
Качырганда кытайды,
Кара чаар жолборстой,
Кайран бала жапырат,
Жалгыз чыккан кытайды.
Ажал экен деп ойлобойт.
Мына ошондо бурамыр,
Жакындап келип калды эми.
Жебенин огу шуулдайт,
Жете тартып келатат.
Жеткилең бала Күлчоро эр,
Жетик кул эми билди эми.
Атына камчы урду эми,
Абайлабай жүрдү эми.
Арыстан бала Гүлүстөн,
Найзасын колго алды эми,
Качырып жөнөп калды эми.
Ар камчы боло бута атым,
Бул экөө жакын кирип барды эми.
Өлчү жериң ушу деп,
Өпкөнү болжоп тушташып,
Өлтүр кулдар мукташып.
Экөөнүн сырткы олпогу,
Буласы бурт деп бөлүнүп,
Тең темигенде найзасы,
Карс дей түшүп бөлүнүп,
Көк кызыл менен Тел кызыл,
Тизесинче кара жер,

Бата түштү бөлүнүп.
Кайра тарта бергенде,
Тел кызылга Күлчоро,
Кара жаак булдурсун,
Тартып, тартып ийди эми.
Мубакүлдүү сыр найза,
Булкап колго алды эми.
Буруксуган кытайга,
Бура тартып жетти эми.
Жеткен жерде кытайды,
Желкеге муштап өттү эми.
Кыр арканын балык эт,
Айкөлүңдүн найзасы,
Карыш кирип кетти эми.
Кайран кытай кайрылбай,
Каңгайды карай жүрдү эми.
Эми башын кесем деп,
Эңкейиште жетем деп,
Астындагы Көк кызыл,
Канчорого мингизип,
Мен эми каңгайды эми сүрөм деп,
Арыстандай Күлчоро,
Алы бала келатат.
Мына ошондо Күлчоро,
Эми башын кесээрде,
Жой кара жете келди эми.
Эр Күлчоро баланы,
Тел кызылдын үстүнөн,
Саймак болду жаңыдан,
Артын карап Күлчоро,
Көрө койду абыдан.
Тартып алды найзасын,
Имерелип кытайды,
Ыргыта коюп өттү ошо.
Бурамыр кирип барганда,
Эр өлгөндөй буркурап,
Калың калмак, көп манжу,
Качып калды чуркурап.
Алты кыр алыс ажырап,
Арыстан бала Күлчоро эр,
Кайра тартты шаштырып.
Канчоро эмне болду деп,
Келе жатып ойлонот,
Бүткөн бою соо болсо,
Келет эле артымдан,
Эмне болду ага деп,
Эсен болсо мен ага,
Эми чыгып барайын,
Дени карды сообу деп.
Тамашаны салайын,
Душманды сайдым мындай деп,
Тартынбай айта салайын.
Калдайдан өчтү алдым деп,
Кан Коңурдун бир уулун,
Кан жөткүртүп салайын,
Ханыма айта барайын.
Кан Семетей баатырдан,
Сүйүнчү сурап алайын.
Деп ойлонуп Гүлүстан,
Тел кызыл оозун бурду эми,
Теминип жолго жүрдү эми.
Буудандын оозун бурду эми,
Бура тартып турду эми.
Ашуу төр менен кыр кайың,
Айланып бала жүрөт ошо.
Атаңдын көрү көп душман,
Көптүгүңө айла жок,
Уй түгүндөй көп калмак,
Уруна кирип барбайын.
Ар канчандан бир качан,
Эсиме муну салайын.
Эр болсо кытай келбейби,
Бетме-бет чыгып көрбөйбү.
Берендигин билбейби,
Каржылашып келбейби.

Кармашып бир аз көрбөйбү,
Хандарын өзү бөлбөйбү.
Бакбурасын сойдум мен,
Эми баатыры чындап келбейби.
Намызы болсо сур калмак,
Алкарага минет го,
Аттанып жолго кирет го.
Каңгайдын элин айдатко,
Хандарын катуу кармайт го.
Буудандын оозун бурат го,
Бурутка бирди кылат деп,
Буруксуп карап турат го.
Артынан жете келет го,
Акимин айдап бөлөт го.
Айдарды айдап учуруп,
Асманга жылдыз толобу,
Ансыз да баатыр болобу?
Андан көрө мен барып,
Канчоро менен кеңешип,
Кан абама барайын.
Жылкынын катуу айдайлык,
Жыластын жолун байлайлык.
Талчокунун ашып өтөлүк,
Күрбүлдөн кечип кетелик.
Күлүстөн элге жетелик,
Кабылып калса сур калмак,
Аны биз кантип куртуп кетелик.
Деп ошентип Күлчоро,
Бууданга камчы салды эми.
Бура тартып алды эми,
Баякы туйгун кул жөнөп калды эми.
Эмалдуу чынар терекке,
Элдин алды жатарда,
Эр Күлчоро барды эми.
Мына ошондо Канчоро,
Эки буудан ортосун,
Эриң турат былк этпей,
Эми бала көрдү эми.
Эмне болду буга деп,
Ээрден ыргып түштү эми.
Эмне болду аба деп,
Гүлчоро түшүп келди ошо.
Ошо кезде Канчоро,
Эсине араң келди ошо.
Эр Канчоро кеп айтат,
Сени эсен го көрдүм деп айтабы.
Деп айтканда кеп айтат,
Экөөбүз жоого бөлүп,
Ар кандай уруш салганда,
Атаңдын көрү көп душман,
Араны бөлүп алганда.
Алтымыш күнү салышып,
Аман го көрдүм көзүңдү.
Эми айланып кайта кетели,
Айкөлдүн уулу Семеңе,
Айтып бир муну жетелик.
Аман-эсен Таласка,
Алла берсе тилекти,
Аман-эсен жетелик.
Жетектүү күлүк ат болбой,
Жерге кирсин кор болдук.
Жети сан кытай эл экен,
Жер жайнаган сел экен.
Атактуу күлүк ат болбой,
Абыдан жаман курудук.
Алты сан кытай эл экен,
Атактуу манжу сел экен.
Атанын кунун кууйм деп,
Абакең экөөң кылгансың,
Астымда аттан ажырап,
Армандуу болуп куурадым.
Алтымыш күнү урушуп,
Алптар менен кармаштым,
Аяры канча көп кытай,
Аңдостон тосуп турбасын.

Арыстаным укчу кебимди,
Азапка башты салбасын,
Жүргүн бала кетели,
Абакеңе биз бүгүн,
Айланып эми жетели.
Жой кара менен Карагул,
Мен жолун тосуп салыштым,
Алты күнгө толгондо,
Айдап чыктым ошондо.
Карагул митаам кутулду,
Кайда экенин билбедим.
Аты күлүк бул калмак,
Каранып көзгө небедим.
Жойкара менен сайыштым,
Жолун тозуп барыштым.
Көп кепти сурап кетесиң,
Ушуну айтып Канчоро,
Гүлүстөнгө карады.
Мына ошондо Гүлчоро,
Ай-ай аба тура тур,
Азыраак сабыр кыла тур,
Кеп айтайын уга тур.
Калмактар менен качыштың,
Каңгайлар менен чабыштың,
Канча улун кытайдын,
Сен ошо камбылы менен сайыш-
тың.
Качпайлы аба согуштан,
Кайра айланып кирели,
Кандай деги ойдосуң.
Деп Гүлүстөн айтып турганда,
Анда Канчоро кепти баштады,
Макул сенин сөзүңө,
Байкачы иштин өзүнө.
Атыбыз жок душманга,
Эми кантип уруш салабыз.
Калмактан айыл алыпсың,
Сен ошо кайраттанып алыпсың.
Менин бир сөзүм кеп болсо,
Жүргүн баатыр кетели,
Кан Семеңе жетели.
Абакем Бакай баш болуп,
Чабуулду кайта салалы.
Баарыбыз чогуу баш кошуп,
Анан биз манжуну тозуп алалы.
Канчоро болбой кеп айтат,
Акылды мындай кылышты.
Аргымак оозун бурушту,
Айкөлдүн уулу Семеңдин,
Арт жагыман жүрүштү.
Эмалдан балдар бөлүндү,
Элди издеп жөнөдү.
Аттарга камчы салышты,
Айсыз каран түндөрдө,
Азаматтар жарышты.
Агарып таң атканча,
Таң сөгүлүп атканча,
Тараза жылдыз батканча,
Тобурчак оозун бурбады,
Толгонуп карап турбады.
Эрте жарык болгондо,
Алтымайдын ак күмбөз,
Арыстан балдар келишти,
Атынан ыргып түшүштү.
Ак күмбөзгө Гүлчоро,
Баягы кулдар ыйлап киришти.
Арбагында колдо деп,
Колдосоң ушул жолдо деп.
Атышып келем душманга,
А бүгүн арбактуу эне колдо деп,
Жетимиң келди жетилип,
Жети сан кытай көп элге,
Жеке барып кол салдым.
Жеткилең алма куну деп,
Кууп келе жатамын.
Ак сүтүң барып Алмама,

Ардактап багып өстүргөн,
Айланайын энем сен,
Алакө кандын алты уулу,
Алтоонон артык болсун деп,
Алмаңды бактың энеке.
Акылга дыйкан кең эне,
Айтайын сөздү башынан.
Жетимиң келди кашыңа,
Жеткилең эне угуп тур.
Желмогуз Калча калмакты,
Жетип башын кесемин,
Жараткан берсе тилекти,
Алп Бээжинди алып өтөмүн.
Эки ирекет куранды ,
Энесине табыштап,
Окуп болду жанакы эр.
Күмбөздөн балдар чыгышты,
Атына кайра миништи.
Айкөлдүн кетти артынан,
Амалын таап бу экөө,
Качып чыккан кытайдан,
Аттарга камчы салышты.
Абдан катуу жүрүштү,
Күлөшөндүн гүлтөнөй,
Гүлүстөн балдар келишти.
Токойдун ичи чаң экен,
Жылкынын изи бар экен.
Бу токойдон жаңы экөө,
Күнү басып эки күн,
Түнү басып эки түн,
Араңдан зорго чыгышты.
Сак жүрүп отуруп,
Эртеси бешим кезинде,
Талназардын тал чоку,
Балдар келип конду эми.
Ээрин алып жайдактап,
Буудандарды жаңкы экөө,
Байлай салып терекке.
Каныкей кылган ак куржун,
Атан эмес лак куржун.
Арыстан бала Күлчоро,
Аттанып алып келди ошо.
Оозун ачып килейтип,
Кыя кесип жал коюп,
Энеси кылган Күлазык,
Актыктай кылып омуруп.
Таңдайыңа сен салсаң
Ооруган жериң басылат
Ымачтай көзүң ачылат
Энекеңдин күлазык,
Жетимиш эки даарыдан,
Жасалып келген күлазык.
Көк жалдар алып жешти эми,
Какандан кандай чыктык деп,
Каткырып балдар күлдү эми.
Ашынбай шашпай отуруп,
Тамакка булар тойду ошо.
Каңкайдын уулу Коңтөрө,
Кандай да болсо келет деп,
Кайрылып бизге жетет деп,
Алкара менен Кылкүрөң,
Буудан экен булар деп.
Арам өлгөн тору айгыр,
Артык күлүк мал экен.
Анык буудан ал экен,
Кайда экенин билбедик.
Колго тийсе Карагул,
Кимибиз болсо жайлайлык,
Астындагы тору айгыр,
Алдап кармак алсак биз,
Алкарага тору айгыр,
Айныбай жетчү мал экен.
Эсиңе алчы аба деп,
Эр Күлчоро кеп айтат.
Кудай берсе тилекти,
Курчуталы жүрөктү.

Эсине түштүк какандын,
Эстеп айтып жүрчүдөй,
Кан Алманбет баласы,
Кайгулда чыкты эми деп,
Кан Чубактын баласы.
Какандын элин чапты деп,
Калайык укса кубансын,
Кан майданда согушуп,
Кандай жүргөн булар деп,
Калкым айтып калышсын.
Солондун элин чааптыр,
Солкулдап жылкы айдаптыр.
Согуш жасап душманга,
Сайган экен канчасын.
Султан балдар ушинтип,
Согушуп кытай эл менен,
Атанын кунун кууптур,
Айныбай карап туруптур.
Жоону көрсө күлүптүр,
Жолун тозуп жүрүптүр.
Алтымыш күнү сайышып,
Бир кумардан каныптыр.
Азамат эмей эмине,
Али бирдей жаш бала,
Айткылачы кандай деп,
Агайын укса кубансын,
Энем Каныш жарыктык,
Эркелетип өстүрдү,
Эминеден кем кылды.
Эр уулу менен тең кылды,
Эр Семетей абакем,
Артына эми барабыз,
Аңгемени салабыз.
Тал чокуга эс алып,
Анан жөнөп кетели.
Деп ошентип жаңкы экөө,
Жатып калды ал жерге.
Таң агарып сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Эрте тура калышып.
Бутун суга салышып,
Булар бут дааратын алышып.
Колун суга салышып,
Кол дааратын алышып.
Эртеңки намаз багымдат,
Эрте окуп алышып.
Тулпарды алып келишип,
Ээр токумун салышып,
Аттарын токуп алышып.
Ак куржунда күлазык,
Арыстан балдар алды эми.
Энекең кылган күлазык,
Ашыктай кылып отуруп,
Таңдайыңа сен салсаң,
Ымаштай көзүң ачылат,
Ооруган жериң басылат.
Батиказда балы бар,
Бор тамактын баары бар.
Баатыр балдар жешти эми,
Бастыралы эми деп,
Ак куржунду кабыштап,
Канжыгага табыштап.
Кайраттуу мырза жаңы экөө,
Кайрылып атка минди эми.
Кан Семетей артынан,
Көзөмөлдөп жүрдү эми.
Эрте жүргөн жылкылар,
Эртеси кеч болгондо,
Гүлөшендин гүл токой,
Гүлүстөн жетип конду.
Гүлөшендин токойдон,
Эртеси балдар жөнөдү.
Аттарга камчы салышып,
Аябай балдар жарышып.
Күүгүм кире бул экөө,
Талчокуга таянды.

Кыяга балдар токтоду,
Кызы талак кытайдан ,
Булар кутулгандай окшоду.
Буудандан балдар түшүштү,
Буткулдуу жерге кириштн.
Аргымак оозун бурушкан,
Атайын токтоп турушкан.
Талчокунун белинде,
Талбай карап кытайды,
Тамаша кылып турушкан.
Ал күнү жатты кыяга,
Кытайдан кабар билинбейт,
Карааны көзгө илинбейт.
Жайнаган манжу көп солон,
Анын кай кеткени билинбейт.
Кыяда тозуп жатышты,
Кыраан бала Күлчоро,
Канчорого кеп айтат,
Аба укчу деп айтат.
Арыстан Манас атакем,
Ааламды бузган эр экен.
Береги турган тал чоку,
Берениң атаң эр Манас,
Бешимде ашып чыккан дейт,
Берендин баары жанында,
Алманбет-Чубак кашында.
Арыстан Манас чыккан тоо,
Чокуга чыгып баралы,
Чочубай дүрбү салалы.
Келе жаткан душмандан,
Чоку бир кабар алалы.
Жакын келсе ал душман,
Жандай кирип баралы.
Жалтанбаган эр болсо,
Ага биз качырып найза салалы.
Жүр абаке бастыргын,
Жонго чыгып баралы,
Жоодон капар алалы.
Калдайды көрсө какалы,
Карагул көрсө табалы.
Жойкараны соёлу,
Башкасын аман коёлу.
Бурамыр келсе саялы,
Букараны коёлу,
Чоң калдай келсе көрөлү,
Атынан сайып түшүрүп,
Алкараны минели.
Кандарын сайып өтөлү,
Кандайда болсо көрөлү.
Бачымдатып батыраак,
Талчокунун башына,
Аманат жандын соосунда,
Чоку бир чыгып баралы.
Алманбет, Чубак ашкан бел,
Айкөлүң дүрбү салган жер.
Баатырлар келет бастырып,
Баш кыянын урчукка,
Балдар келди шаштырып.
Атынан түшүп алышып,
Чокуга чыгып барышты,
Дүрбүнү колго алышты.
Душман кайда жүрөт деп,
Туйгундар кабар алышты.
Алтын айлуу баркектүү,
Алманбеттин турнабай,
Арыстан бала Гүлүстөн,
Акырын колго алды эми,
Абайлап карап калды эми.
Чыгырыгын имерди,
Чындап көзгө жиберди.
Оң көзүнө салды эми,
Оёнуң карап калды эми.
Бетине чоро алды эми,
Берениң карап калды эми.
Бээжинден бери көргөзгөн,
Белгилүү Алмаң турнасы,

Мунун жайы ушундай.
Алтынай Алмаң энеси,
Акылга дыйкан кең экен.
Айланайын жалгызым,
Алакөө кандын алты уулу,
Артык жүрсүн мында деп,
Ичин каухар чаптаткан,
Тышын алтын каптаткан.
Чыгырыгы чылк алтын,
Кармар саптын учуна,
Акак коюп чөгөргөн.
Он сегиз сайлуу он таштуу,
Жакут айнек турнабай,
Кытайдан уста калбаган.
Кыйла манжу таң калган,
Чоң Бээжинде бүтүргөн,
Чогулуп кытай күтүнгөн.
Көргөндө көздү талдырган,
Ал көз кумарын кандырган.
Чыгырыгын имерсең,
Чындап көзгө жиберсең,
Айлык менен жылдыкты,
Аркамжен бою бута атым,
Алдыңа алып келүүчү.
Алмакеңдин чоң дүрбү,
Орто Бээжин калаада.
Отуз миң нарга жүктөгөн.
Дүрбүнүн жайы ушундай,
Улугу манжу көп кытай,
Алмакең кандык кылганда,
Астынан өтүп кете албай,
Акимдин баары бүгүлгөн.
Таазим кылып жүгүнгөн,
Улуу кытай элинин,
Улугу экен сур калмак,
Ошондо келип Алмаңа,
Таазим кылып бүгүлгөн.
Таза кытай улугу,
Далай манжу жүгүнгөн.
Так ошонун тушунда,
Алтынай мунун энеси,
Ак дүрбүнү жасаткан,
Алмакеңдин чоң дүрбү,
Кетмен ооз зар дүрбү,
Келишимдүү Гүлүстан,
Келтирип кармап отурат.
Атамдан калган керээзим,
Айни каухар керегим,
Алты айчылык чоң Бээжин,
Айланып кабар алайын.
Алакөңдүн Коң төрө,
Кайда болсо табайын.
Эмне болду көп душман,
Эми кабар алайын.
Талчокуга чыктым деп,
Энеме айта барайын.
Касиеттүү Канышка,
Мен кбаарын айта барайын.
Деп ойлонуп Гүлүстөн,
Дүрбү салып отурат,
Дүрбү менен ал көрдү,
Какандын эли жайнаган,
Манжу соллон, кон кытай,
Кара таандай жайнаган.
Мына ушуну көргөндө,
Бээжиндеген калаасы,
Абасы Бакай көргөзгөн.
Айтылуу шаарды карады,
Алманбеттин ак чынар,
Орто Бээжин калаасы,
О дүнүйө кеткен атакем,
Ошо шаардын хан экен.
Ошо кезде Алманбет,
Он бир жашар бала экен.
Кайнаган кытай көп элге,
Кантип кандык кылды экен.

Кагылайын атакем,
Калмак, кытай,  көп манжу,
Калкым сурап турупсуң.
Атыңды токуп сур калмак,
Алдыңа келип турчу экен.
Алма кандай кеп бар деп,
Алкара мойнун бурчу экен.
Саламын айтып бүгүлүп,
Сандыргалуу чоң манжу,
Саламдашып турчу экен.
Кайнаган кытай эл экен,
Кара курттай көп экен.
Башкарып жүргөн чоң калмак,
Баатыр экен, эр экен,
Бээжиндин жайын бизге айтбай,
Абакем Бакай жарыктык,
Акылга дыйкан киши экен.
Бээжин кандай экенин,
Барып бузуп алсак биз,
Бир кумардан кансак биз.
Дүрбү менен эл көрдү,
Кайнаган кара сел көрдү.
Жайнаган калмак эл көрдү,
Орто Бээжин, чоң Бээжин,
Ойроттун элин бул көрдү.
Илеби шыйрак,  иши аяк,
Укмуштуу кытай эл көрдү.
Улуу канча жан көрдү,
Улуу кытай эл көрдү.
Укмуштун баарын бул көрдү,
Түпкү Бээжин калаада,
Түрү укмуштуу жан көрдү.
Түгү таан жүнүндөй,
Түрдү-түрдү жан көрдү.
Чекесинде жалгыз көз,
Казыналык сарайда,
Канча балбан ал көрдү.
Жана карап отуруп,
Санаасын санга толтуруп,
Тегереги чынар бак,
Ортосунда алтын так,
Ошо алтын тагында.
Ойногон кыздардан да,
Айгандын кызы Анардын,
Актыгы айдай көрүнөт.
Көрүп карап отуруп,
Бүгүн Күлчоро көөнү бөлүнөт.
Дүрбүнү жерге койду эми,
Абаке бери келгин деп,
Кан Чубактын турнабай,
Канча жерди көрдү деп,
Кайрылып карап калганы,
Канчоро келип жанына,
Дүрбү салып талаадан,
Көрбөдүм Бээжин калаадан.
Алмакеңдин ак дүрбү,
Ашкере мактайт кан абам.
Алып келчи көрөйүн,
Мен да көз кумардан бөлөйүн.
Бери болчу көрөйүн,
Алты сан Бээжин калаанын,
Кайда экенин билейин.
Анда туруп Күлчоро,
Абаке укчу  кебимди.
Ымаштай ачкын көзүңдү,
Көрсөтүп айтып берейин.
Көргөн жерде сонунду,
Сонун эмей эмине.
Бээжинди көрүп отурсак,
Тумандай түшүп көрүнгөн.
Түнкү Бээжин калаа экен,
Түгү суук бир пенде,
Түп Бээжинде бар экен.
Ортосуна дүрбүнү,
Оён балдар коюшту.
Кана кандай жан экен,

Кайсы жерде турат деп,
Канчоро сурап калды ошо.
Мына ошондо Гүлүстан,
Дүрбүнүн оозун имерип,
Чыгырыгы сом алтын,
Чындап бурап жиберип,
Көрсөтүп алды жанагы.
Көргөнүнүн баарысын,
Казыналык сарайда,
Кайнаган дөөнүн баарысын.
Ак сарайдын ичинде,
Алтын чачтуу, кең соору,
Айкандын сулуу кыздарын,
Эсенкан, Айкан, Азизкан,
Ушул үчөө бир тууган.
Укумунан тукуму,
Бээжинди сурап келаткан.
Деп ошентип Гүлүстөн,
Дүрбүнү берди колуна.
Оюң менен кара деп,
Ойронуң турду жанында.
Опсуз элди көргөндө,
Канчоро турду таң калып,
Капырай ушул элби деп,
Же каптап кетчү селби деп.
Касиеттүү кан Манас,
Кантип Бээжин барды экен.
Сепилин көрүп таң калып,
Эр Канчоро кеп айтат,
Гүлүстөн укчу деп айтат.
Далай жоого беттештик,
Нечен алына кездештик.
Чынкожо, Толтой эки арам,
Атышып аны алганбыз.
Акундун кызы Айчүрөк,
Абаңа тартып барганбыз.
Жоону сайып дайыма,
Жолун тозуп барганбыз.
Айгандын элин биз бүгүн,
Атайын көрүп отурдук.
Айдай сулуу кыздары,
Айта баргын ушуну.
Акундун кызы Айчүрөк,
Айдай сулуу жеңеңе.
Атышып Бээжин калааны,
Алабызбы Гүлүстөн.
Ара жолдо аттар жок,
Же калабызбы Гүлүстөн.
Беттешип Бээжин калаага,
Барабызбы Гүлүстөн.
Бейбайду манжу кытайды,
Алабызбы согушуп.
Бээжиндин түрү бир башка,
Белгилүү күлүк көй кашка.
Беттешип Бээжин буза албай,
Берендер өткөн арманда.
Берениm Гүлүс эсиңе ал,
Бир кеңешти айтайын.
Оңой-олтоң калаа эмес,
Алдырып койчу ал эмес.
Абаңа жете баралы,
Артыңан Коңур келбейби?
Акимдерин ээрчитип,
Алиги калмак жетпейби?
Баласынын айынан,
Бир токошуп кетпейби.
Эртедир-кечтир сур калмак,
Келерин билип турамын.
Кан Бакайга баралы,
Бээжиндин түрү бир башка.
Ак дүрбүдөн көрдүм мен,
Аттаналык ай баатыр,
Ана Гүлүстөн бала айтат,
Угуп турчу деп айтат.
Чет Бээжинди көрөлү,
Көсөр калмак эми жете,

Ошону көрүп калалы.
Сепили бийик тоо болгон,
Чет Бээжин жайы ушундай.
Али чоро көрдү ошо.
Камандуунун белинде,
Сары төрдүн жээгинде,
Сандап жаткан жылкы жок,
Андан бери караса,
Ашуу төрдүн оозунда,
Жайнаган калмак көрүнөт.
Каргайыңдын башында,
Жойкара манжу бөлүнөт.
Эмалдуунун боюнда,
Бурамыр кытай сөгүлөт.
Ал аңгыча болбоду,
Сыр көлмөнүн оозунан,
Тегирмендей кара атты.
Тегеретип жулкунтуп,
Көнөкөрдөй кызыл таш,
Төбөсүндө жаркылдап,
Улугу манжу чоң кытай,
Эми чыкты жаркылдап.
Алды астында көп манжу,
Уй түгүндөй кынарат.
Карап турат Гүлчоро эр,
Айнектин оозу жыбырай,
Сансыз кытай көп манжу,
Кара таандай жыбырайт.
Ал кара аттын булкунтуп,
Аким кытай келатат.
Аман-эсен айыгып,
Атына кытай миниптир,
Намыстанып кириптир.
Добулбас уруп чоң калмак,
Чогултуп алды баарысын,
Жашы менен карысын.
Бакбурча кайда деп сурайт,
Ошо кезде Жойкара,
Атынан ыргып түшкөнү,
Кабарды айтып отурду.
Бурутка кеткен Алманбет,
Уулу мунун келиптир.
Атасынын ал кунун,
Алмакка мында жетиптир.
Өзүңө найза тийгенде,
Сен Бээжинге кирип кеткенде,
Кабарды катуу берипсиң,
Буруттан келген экөөнү,
Эки бөлүп алганбыз.
Эсебин таап булардын,
Эптей турган болгондо,
Канчоросун колго алып,
Бурут жоктой турган болгондо,
Карагулдай манжууну,
Кайра жолго салсын деп,
Текесте жаткан Мурадыл,
Ошого барып айтсын деп.
Алдынан тосуп жылкыны,
Алдырбай бурут барат,
Аман алып калсын деп.
Атайын киши жибердик,
Аттан кетти Карагул,
Алты сан элдин ичинен,
Алманбеттин Күлчоро,
Артык баатыр эр экен.
Атасынан эки эсе,
Артык тууган шер экен.
Атынын оозун буруптур,
Бакбурга келе жатканда,
Аңдып карап туруптур.
Ыргыта сайып атынан,
Атын гана тартып миниптир.
Башын кесип баланы,
Чокуга коюп жыйыптыр.
Муну көрүп Бурамыр,
Көк кызыл менен желиптир,

Тел кызылды Гүлчоро,
Тердетбей багып миниптир.
Бурамыр менен Гүлчоро,
Эки күнү сайышып,
Көк шилиге найзасы,
Адис болгон буруттун,
Карыш кирип кетиптир.
Ажалынын жогунан,
Аман-эсен келиптир.
Айта берсе сөздөр көп,
Арыстаным укчу кебимди.
Алты күн болду дайыны жок,
Аттарын алып бир жерге,
Аңдып булар жатабы?
Же буудандын оозун бурбасын,
Эр Семетей агасын,
Артынан кетип калбасын.
Тегеректи чалдым мен,
Тегиз кабар алдым мен.
Эч жерден таппай дайынын,
Эми келдим алдыңа,
Атаңдын көрү бурут кул,
Аңдоосто жатчу бала эмес,
Аянып калчу ал эмес,
Буткулда жатчу бала эмес,
Бекер эле турчу ал эмес.
Буудандын изин чалалы,
Бүгүндөн баштап из карап,
Биз талчокуга баралы.
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айлана чалалы.
Деп Жойкара сүйлөдү,
Мына ошондо Коң төрө,
Көкбөрүнү жамынып,
Көрсөң манжу сур калмак,
Көк жолборстой чамынып.
Каарданып бакырып,
Калмакты тилдеп чакырып.
Ачуусу келсе бакырып,
Кытайын тилдеп чакырып.
Он сегиз соңке кырк кытай,
Төрөсү аттан түшүнүп.
Таазим кылып бүгүлүп,
Кайда айдаса көндүк деп.
Келин болуп жүгүнүп,
Сур калмакка бүгүлдү.
Ошо кезде Коң төрө,
Жарлыкты катуу салды ошо.
Жорто-жорто болбоду,
Кызы-талак бул бурут,
Жоо малына тойбоду.
Ала-ала койбоду,
Акылдаган бул бурут,
Ар качандан бир качан,
Алышканын койбоду.
Артынан кууп баралы,
Ак-кулжанын тоосунан,
Айлантып кармап алалы.
Алакөөдөн Манастын,
Уулуна жете баралы.
Тай буурул тартып минели,
Ак олпок тонду кийели.
Качкын кулдун баласын,
Алдап кармап келели.
Анык баатыр болсо,
Анында башын кесели.
Жанындагы жолдошум,
Жалтанбай кармап алгыла.
Жазасын берип буруттун,
Жазайыл мылтык аткыла.
Аңдостон карап тургула,
Алдап кармап алгыла,
Атаңдын көрү буруттун,
Азабын аштай бергиле.
Калк түшкө киши болсун,
Башым кесип салгыла,

Менин айткан буйругум,
Алтымыш баатыр сен бүгүн.
Ашуу төр ашып баргыла,
Ак-кулжанын токойдон,
Ары өтүп кетели.
Карагул менен Мурадыл,
Катуу кабар айткыла.
Кан Коңур өзү кууду деп,
Кайтарып жылкы өткөзбөй,
Кармашты катуу салышсын.
Ортого муну алышсын,
Колунан келген жоо болсо,
Козголбой кармап турушсун,
Деп Коңтөрө жөнөттү.
Муну көрдү Гүлчоро,
Сапырылып эл келет,
Эр балдар көрүп турду эми.
Атына балдар миништи,
Абасын издеп жүрүштү.
Акыры бизге келет деп,
Айкөлдүн уулу Семеңе,
Артынан эми баралы,
Арыстан жолду чалгын деп,
Жылкыны айдап алалы.
Жетимиш жети күн болду,
Кай жерге жылкы берди экен.
Куу өрдөктүн көлүнө,
Көп жылкы барып жаткандыр,
Көк жалдар качан келет деп,
Көчтөрдү анда түшүрүп.
Кан Бакай кары баш болуп,
Көп жылкыны жайдырып.
Эмилдин Сергек баласын,
Топ жылкыга баш кылып.
Тогуз миң калмак жылкычы,
Тоздуруп абам жаткандыр.
Эмине болду балдар деп,
Эсине бизди алгандыр,
Аттарга камчы салышып.
Али баатыр эки эр,
Талчокудан өтүшүп.
Күбүлдөктүн гүлдайра,
Үч аралдан кечишип,
Суудан балдар өтүшүп,
Кан Бакайга бет алып,
Келе  жатат күч алып.
Күнү басып, алты күн,
Түнү басып, алты күн,
Бейшембинин бешимде,
Бешим оой кечинде,
Кирип келди жаңы экөө.
Куу өрдөктүн көлүнө,
Баякы хан абаң жаткан жерине.
Кабарды балдар айтмакка,
Атынан түшүп келишти.
Саламын айтып баш ийип,
Саламдашып көрүштү.
Ак чатырга киришти,
Ага салам беришти,
Көк чатырга киришти,
Көк жалга салам беришти.
Ошондо Бакай кеп баштайт,
Акырын сүйлөп бек таштайт.
Айланайын чырактар,
Аман бир эсен келдиңби
Абаңдын жүзүн көрдүңбү?
Эсен бир балам келдиңби,
Элиңдин жүзүн көрдүңбү?
Каңгай менен качыштың,
Калмак менен чабыштың.
Манжу менен качыштың,
Солон менен чабыштың.
Солкулдаган улугун,
Солдонто сайып алгансып,
Жолун болуп келгенче.
Жоо бууданын минипсиң.

Жолборсум менен Гүлүстөн,
Айтчы сөзүң угайын,
Айланайын чырагым.
Алакөө кандын тулпарын,
Атайын алып минишсин.
Ат жокто буудан сен бир так,
Ак жолтой болуп келипсиң.
Алакөө кандын Коңурдун,
Аргымагын минипсиң.
Алты чопкут беш олпок,
Олжолоп алып келипсиң.
Ойроттун эли экөөңдү,
Канткенде андан кетирди.
Өжөр кытай көп эле,
Баякы өкүм манжу бар беле.
Кандай жол менен сен барып,
Калмактын атын алгансың.
Кайратың төөнү бут жарган,
Кагылдым сендей балага,
Карганда абаң сага,
Кемирилип катпаган.
Караболот эй курч элең,
Баабедин деп айтамын.
Экөөңдүн аман келишиң,
Абаңа кудай эй бериши.
Алманбет, Чубак тукуму,
Айланайын жаш балдар,
Абаңдын айткан сөзүнө,
Анан кулак салыңар.
Эргек, Сергек эй баатыр,
Ак боз бээ кармап келиңер.
Арбакка атап мал союп,
Анан кепке келиңер.
Айланайын эки арыстан,
Ак куржун оозун ачайын,
Айтылуу Каныш жасаган,
Ич кийими алып кийиңер.
Кайнарлуу булак жар көлгө,
Акырын басып баргыла.
Дартты балдар алгыла,
Тазаланып калгыла.
Деп ошентип кан Бакай,
Ак куржун оозун ачканы,
Али баатыр балдарга,
Кийимин алып таштады.
Келишимдүү жаш арыстан,
Гүлүстөн кепти баштады.
Алты олпок он чопкут,
Такыр чечип таштады.
Атамдан артык абакем,
Ар качан биздин камында,
Бак таалайга бүтүпсүң,
Камкордук кылып жүрүпсүң.
Атаман калган мурабым,
Аманбы Бакай карыям.
Акылың ашкан дайрадан,
Аты бир жакшы олуям.
Бээжинге барсам сан колдой,
Астымда жүрсөм ак жолтой.
Айтып турган кебиңен,
Айлансың балаң өзүңөн.
Карга келсе качармын,
Мен как жанында турармын.
Кузгун келсе кубармын,
Куб жанында турармын.
Башым токмок болгончо,
Каруум казык болгончо,
Укумуман тукумум,
Абаке актап кызмат кылармын.
Бээжинди бузуп ийгенсип,
Белгилүү элди сурадың.
Бети жок душман калмакты,
Бурганымды сурадың.
Коржоңдогон калмакты,
Мен сайганымды сурадың.
Сом кытайдан бөлүнтүп,

Башын кесип шыйкуга,
Койгонумду сурадың.
Кокуйлатып кытайдын,
Качкандарын сурадың.
Ошо кезде сур калмак,
Кабыргага найза жеп,
Качып кеткен да болуучу,
Кантер айла таба албай,
Шашып кеткен болуучу.
Алтымыш кытай уулу,
Алып кеткен болуучу.
Акылы айла таба албай,
Алтайдын эли камалган.
Артык манжу Коңурбай,
Алапайын таба албай.
Бээжин жакка бет алып,
Кирип кеткен болуучу.
Көч жагынан көп кытай,
Кошо көчкөн шыйкудан,
Шыйкунун белин ашырып,
Тоодой болгон Калчаңдын,
Күлчороң жалгыз жабырып,
Күлчороң жалгыз жабырып,
Астында минген жаман ат,
Атым жаман дебедим.
Абакем тандап берген деп,
Мен айкөл Манас атанын,
Арбагына жалындым.
Жебелүү күлүк ал кара ат,
Жеткизбеди кантейин.
Артык күлүк Алкара,
Алыстап барат астымда.
Арманда жүрдүм аба,
Арбууданды көп самап,
Абакем келип калса деп,
Алды артымды көп карап.
Кайнаган кытай манжууну,
Көйдөй айдап ийридим,
Каш кайтарар бири жок,
Сыр көлмөгө кийридим.
Тушамым оозуна,
Жетип чыгып мен келдим.
Жеткилең абаң кайда деп,
Канчорону карасам,
Алты сан кытай көп манжу,
Торунда турат Канчоро.
Арылбаган кызыл чок,
Колунда турат Канчоро.
Коштогон күлүк бууданды,
Ошо жерге таштадым.
Абакем эмине болот,
Кайран жанды мен байкуш,
Кылча кечип таштадым.
Арышым коюп бирок ал,
Абамды коюп мени ал.
Деп ошентип мен байкуш,
Жойкараны жооладым,
Бурамырдай да калмакты,
Атамдын кунун даладам,
Далай сонун тамаша,
Көрүп келдим абаке.
Тайманбай душман жоо менен,
Барып келдим абаке.
Канчорону душмандан,
Алып келдим абаке.
Коштоп күлүк ат алып,
Аман-эсен өзүнө,
Кайтып келдим абаке.
Айта турган кептер бар,
Эшикке чыгып баралы.
Дараттуу таза аласы,
Жарат Алла кудайдын,
А бүгүн намазым окуп алам.
Окуп алып намазды,
Анан аңгемени салалы.
Эс алып туруп бул жерде,

Өрдөнү калың куу өскөн.
Аркандаган кол экен,
Аба Бакай жарыктык,
Бир кумардан каналы,
Алп уйкуну салалы.
Уйкуну мындан кандырып,
Келип калса сур калмак,
Кезекти бирден алалы.
Ар кимибиз ар башка,
Аттанып чабуул салалы.
Айылда кыйын болчу экен,
Атанын кегин душмандан,
Акыл менен алалы.
Абаке байка кебимди,
Айтып турган сөзүмдү,
Алты сан кытай жоо экен,
Арбын душман бул экен.
Аттанарбыз жүрөрбүз,
Атышарбыз күлөрбүз.
Ажал жетип күн бүтсө,
Ара жолдо өлөрбүз.
Кагышарбыз жүрөрбүз,
Каза жетсе күн бүтсө,
Кара жолдо өлөрбүз.
Эртедир кечтир абаке,
Калмактан өчтү аларбыз,
Кайгуулду катуу саларбыз.
Кан майданга кайра биз,
Кайрылып эми барабыз.
Кандай манжу улук деп,
Катуулап кабар салабыз.
Калмактын башын алабыз,
Кангайга найза салабыз.
Бетме-бет чыгып алабыз,
Беттешип найза салабыз.
Бети жок душман жоо менен,
Билекти түрүп салышып,
Бээжинге чейин барабыз.
Бээжиниң сонун калаа экен,
Беридей сулуу бар экен.
Бээжин бузуп биз алсак,
Миңден бир жандан бирди алсак,
Атактуу Бээжин калааны,
Айтылуу балдар бузду деп,
Айтып калса артыңа,
Анда арман болобу.
Деп ошентип Гүлчоро,
Эр Канчоро баш болуп,
Эшикке чыгып кетишти,
Боюн суугa салышты,
Бой дааратын алышты.
Абакем Бакай айткандай,
Ич кийимди кийишти,
Чатырга балдар келишти.
Алаша көөкөр шарап бар,
Бээ сүтүнөн жасалган,
Балдар иччү арак бар.
Арыстан Семең айкөлүң,
Алдырып келип жанына,
Батыңазга бал коюп,
Кыя кесип жал коюп.
Тамагын ичкин балдар деп,
Тамаша кылып олтуруп,
Арактан балдар ичкин деп.
Ар кандай жоону чапканын,
Аңгеме кылып олтурду.
Ак боз бээни сойдуруп,
Арбакка атап кан Бакай,
Бата окуду отуруп.
Айкөл Манас баатырдын,
Арбагына табыштап.
Куран окуп кан Бакай,
Кутурган калмак жоосунан,
Кутулгандай жаңыдан.
Айланайын жаш балдар,
Айтайын кулак салыңар.

Эми абаңдын тилин алыңар,
Кароолду бекем чалыңар.
Тамак ичип тойгон соң,
Кайгуулга бирөөң барыңар.
Калмактар калса тиякта,
Жатпайлык балдар биякта.
Эки-үч күнү эс алсын,
Канчоро менен Күлчоро,
Анан жолго түшөлү.
Ак-кулжанын тоосунан,
Алыс узап кетели.
Жылдырып жылкы айдайлы,
Душмандын колун байлайлы.
Текесте калган көп буудан,
Тегиз кабар алалы.
Он алты күндүк көчүүдөн,
Жылкыны алып чыгалы.
Артта калмак келишсе,
Атышып жүрүп кетели,
Чоң Таласка жетели.
Алманбет-Чубак кууду деп,
Арыстан Манас баатырдын,
Арбагына сыйынып,
Алган калың көп жылкы,
Айылга алып жетели.
Арыстан балдар экен деп,
Айылың калсын сүйүнүп.
Он эки кандын элине,
Обсуз аскер барчылап,
Обурулуп баралы.
Душман келип бул жерге,
Туруштук берип турууга,
Калың аскер мында жок.
Алты-жети кишибиз,
Алтайдан бери келебиз.
Акимдер укчу кебимди,
Кеминде болсо бир гана,
Кеңешели эй бала.
Буудандар колдо жок болду,
Буруксуган көп кытай,
Бура тартпай токтоду.
Деп ошентип кан Бакай,
Акылын айтты баарына.
Жашы кичи, карыга,
Ошондо Семең кеп сүйлөйт,
Бээжиндин жолу беш арал,
Берген бир бирим чалайын.
Бээжиндин жолун чалдым деп,
Байкана айта барайын.
Уруксат берсең абаке,
Жалгыз өзүм калайын.
Жардай болгон калмакты,
Мен ошо кан жөткүртүп салайын.
Кебиме кулак салыңар,
Кеңештим баарыңа,
Улуу кичүү карыга,
Арбуудан менен жетейин.
Атаңдын көрү калмакты,
Аңтара сайып өтөйүн.
Буткулдап жолун тозойун,
Буркураган чоң калмак,
Ачуусу келип калгандыр.
Алкарага камчы уруп,
Артыңан жөнөп калгандыр.
Күчтүүлөрүн бөлгөндүр,
Күрсүлдөп калмак күлгөндүр.
Алдууларын бөлгөндүр,
Аргымагын кекентип,
Арта издеп жүргөндүр.
Баатырдын асты болгондур,
Баарын айтып жүргөндүр.
Сабырылып көп манжу,
Сандан бир жолго киргендир.
Жылкыны жолго салыңар,
Жылдырбай айдап алыңар.
Бууданы болсо мининер,

Буруксуп жолго кириңер.
Абакем жолду баштасын,
Арт жагыма Гүлүстөн,
Кароолчу кылып таштасын.
Алым келсе кытайды,
Алып кайтып келермин.
Алышып душман жоо менен,
Азабын анын берермин.
Кебиме кулак салыңар,
Угуп тургун баарыңар.
Ушу олтурган жалпыңар,
Калмактын каны Коңурбай,
Каарланып калгандыр.
Кандай да болсо жетсем деп,
А бүгүн катуулап келе жаткандыр.
Алкара менен желгендир,
Баягы аким кытай келгендир.
Талчокунун оозунан,
Таскайлап тосуп турайын.
Тайбуурул менен булкунтуп,
Тамашаны кылайын.
Тыңшанын элин чабайын,
Тындырбай чабуул салайын.
Тыңдуусунган кытайды,
Мен ошо мындым кылып
кайтайын.
Алып келсе кытайды,
Айдап Бээжин кирейин.
Алиги манжу чоң кытай,
Алдыман чыгып атышса,
Айласын анын кетирип,
Алааматты салайын.
Айкөлдүн кегин алайын,
Карганда кытай эр экен,
Калың манжу ойроттун,
Ортосунда дөө экен.
Өз элине төрө экен,
Өкүм манжу эр экен.
Ошону тосуп барайын
Кезеги келсе төрөңдүн,
Төбөдөн чаап алайын.
Ага-тууган баарыңар,
Тыңдап кулак салыңар.
Кеңешимди угуңар,
Келип карап туруңар.
Жалгыз тайды таштаба,
Жалгыз тайды таштасаң.
Ал ошо алдырганга эсемин,
Куу өрдөктүн көлүнөн,
Эртең эрте жөнөңөр.
Элди карай бет алып,
Эртеси жолго кириңер.
Абакемдин көк чолок,
Жылкынын алдын баштасын.
Абакем Бакай жарыктык,
Мекеден келген Кызыл-Туу,
Айкөл Манас арыстан шер,
Бээжинди алган узун туу,
Он сегиз миң ааламга,
Атагы чыккан кызыл туу.
Арыстан Бакай жүктөсүн,
Бээжинден келген кара нар,
Абакем Бакай жетелеп,
Артынан чогу жүрүңөр,
Абайлап байкап билиңер.
Кокустан калмак келбесин,
Жылкынын алдын тоспосун,
Имерип тосуп койбосун.
Алдыңдан тосуп өңүттөп,
Азапты колго бербесин.
Айланайын кан чором,
Астыңда жоону абайла.
Бетиңе келсе калмакты,
Беш миң болсо сүрөрсүң,
Берееним Гүлүс барганча,
Беттешип жоодо жүрөрсүң.

Экөөлөп жоону канжасаң,
Кытайды карай сүрөрсүң.
Кайгырбай жөнө астыга,
Кан Бакай болот жанында.
Айлана көпкөк мелтиреп,
Алдың көл эске келтирет.
Ак шумкар салар кез эмес,
Бүгүн кайнаган калмак эл келет.
Эчен бир мыкты эр келет,
Эрикпей уруш салалы,
Алдырбай жылкы баралы.
Айкөл Манас уулу деп,
Айтылып элде калалы.
Атаңдын көрү калмактан,
Талыкпай өчтү алалы.
Тартынбай жоого баралы,
Талкандай жоону чалалы.
Тамашага каналы,
Токтобой уруш салалы,
Толкундай бүгүн баралы.
Тай буурулду минейин,
Тартынбай жоого кирейин.
Атылып өлсөм шейитмин,
Ара жолдо бейитмин.
Качырып өлсөм шейитмин,
Кара жолдо бейитмин.
Атадан бала туулмак бар,
Ата жолун куумак бар.
Атасынан баласы,
Арта тууду мунун деп,
Айтып калмак урмат бар.
Айланайын жаш балдар,
Калмактан жылкы алдык биз,
Бир кумардан кандык биз.
Каңгайдан жылкы алдык биз,
Каткырып ойноп калдык биз.
Тыңшадан жылкы алдык биз,
Тындырбай айдап калдык биз.
Карагулга алдатып,
Капалуу болуп калдык биз.
Тили жумшак каапырдын,
Дини катуу көрүнөт.
Айтайын балдар ушуну,
Абакем Бакай кулак сал.
Мына бүгүн жаш балдар,
Куу өрдөктүн көлүнөн,
Эртең эрте көчөсүң.
Алты күнү болгондо,
Намаз дигер бешимде,
Айланып жетип коносуң.
Алты күнгө алты күн,
Ошондо өргүү болосуң.
Он эки күнгө толгондо,
Андан көчүп отуруп,
Он беш күндүк көчүүгө,
Жылкыны айдап кириңер.
Он беш күн тынбай жол жүрүп,
Жылдызга жетип конуңар.
Он беш күнү ал жерде,
Ашынбай өргүү болуңар,
Семизин тандап союңар,
Эс алып мында болуңар.
Ары эңкейип Текестен,
Акмалап кабар алыңар.
Жоготуп ийип сайкүлүк,
Жолуңар чыгып калбасын.
Кырымдын уулу Мурадыл,
Кыйкырып аткан Текесте,
Кызыталак калмакты,
Кыядан кармап алыңар.
Алың келсе калмакты ,
Айлантып башын алыңар.
Сай буудандын баарысын,
Сактаган жерге барыңар.
Эптеп кийип калмакча,
Эсебин таап кытайды,

Бууданды колго алгыла.
Аттарың тийсе колуңа,
Айланайын Күлчором,
Абаңды эске алыңар.
Айланып кайра чабыңар,
Канчором экөөң бет алып,
Мени кыядан тосуп алыңар.
Алты саным соо болсо,
Арбуудан аман бар болсо,
Алтымыш күндүк согушка,
Абакең чыдап келермин.
Алты сан кытай эл болсо,
Ашкере Коңур эр болсо,
Бакбургудан айрылып,
Баатыр кытай турбастыр.
Эл эсебин алгандыр,
Бурут кайда кетти деп,
Акимдерин бекемдеп,
Ачуусу келип жаткандыр.
Алым келсе жеймин деп,
Аким манжу Коң төрө,
Бүгүн айкырыгын салгандыр.
Кудай алсын сени деп,
Букбургумдан айрылып,
Элге түнүм болбо деп,
Баласын тилдеп жаткандыр.
Баатырларын чогултуп,
Каарып-кууруп жаткандыр.
Кайжердүү булак белеске,
Эртең чыгып барайын,
Чоң дүрбүнү салайын.
Чочубай карап калайын,
Чоңчоңдогон манжуну ,
Мен жөндөп тосуп алайын.
Бери тарткын баатыр деп,
Беттешип найза салайын,
Арбуудан менен барайын.
Арсызга найза сайайын,
Кыз буурул менен барайын.
Кытайга найза сайайын,
Тообурчак менен барайын.
Токтобой найза сайайын,
Эркелеткен буурул менен,
Эрте чыгып барайын.
Эргезердей калмакка,
Эрикпей найза сайайын.
Сайкөл берген буурул менен,
Салып чыгып барайын.
Сандыргалуу калмакка,
Сакатты катуу салайын.
Кыз Сайкал берген буурул менен,
Кыя чыгып барайын.
Кызыталак калмакка,
Кыйкырып найза сайайын.
Атакем берген буурул менен,
Адырга чыгып барайын.
Атаңдын көрү калмакка,
Айкырып найза сайайын.
Алла берсе тилекти,
Алааматты салайын.
Айкөлдүн уулу ушу деп,
Мен кытайга бир таанылып
калайын.
Жараткан берсе тилекти,
Мен жонкоюлдан тозоюн.
Жоболоңдуу калмакты,
Жолдон сайып алсам мен,
Алкараны жетелеп,
Абакем Бакай жарыктык,
Мен артыңдан жете барайын.
Буурулду минип буратып,
Мен калмакка барам чуратып.
Абаке сага айтамын,
Атамдан калган мурадым,
Жыйырма алтыда баламын.
Каңгайга кетип барамын,

Каза жетип күн бүтсө,
Кара жолдо каламын.
Калмакты албай тынбаймын,
Тогуз ай толук нак келсем,
Тогуз күндүк көрбөймүн,
Каңгайдын башын кесемин,
Кайрылып элге келемин.
Калчанын башын мен кессем,
Кайрылып элге мен келсем,
Коңурдун башын мен кессем,
Каңгайдын башын кесиптир,
Атанын кегин алды деп,
Артынан издеп барды деп,
Айланайын калайык,
Калкым укса сүйүнсүн.
Айкөл шердин баласы,
Атайын издеп барды деп,
Көп жылксын алды деп,
Көйкаптагы манжуну,
Көңтөрө сайып алды деп,
Душмандан кегин алды деп,
Туйгун шердин тукуму,
Туйгундай чабуул салды деп,
Калмакты чаап өч алды,
Кара таандан көч алды.
Кызыл тоодон көч алды,
Кытайды чаап өч алды.
Кара кыр ашып көч алды,
Каңгайды чаап өч алды.
Деп калкым укса сүйүнсүн,
Кайра айланып барамын.
Калмактын каны Коңурбай,
Калчага найза саламын.
Чоң кара аттын үстүнөн,
Чоюлтуп сайып аламын.
Атагы чыккан манжу менен,
Ат үстүнөн сайышсам,
Арманым жок калышсам.
Атанын кегин душмандан,
Так үшүнтип алышсам.
Айланайын жаш балдар,
Аттанып эми жылкы айдап,
Айылга карай тартыңар.
Аман-эсен баш кошсок,
Айтылуу кептер табылар.
Текести бойдоп барганда,
Манжууга кабар салганда,
Карагул колго бир тийсе,
Кармап бир ала көргүлө.
Кандай алдап кеттиң деп,
Каңгайдын берип жазасын,
Мага бир айдап келгиле,
Эсиңде болсун Күлчоро.
Ушуну эске ала көр,
Канчоро баатыр сен өзүң,
Оң көзүңдү сала көр.
Калмактын алып жылкысын,
Кандай сонун иш кылдык.
Жалтанбай жоого барууга,
Сен экөөңдөй эр керек.
Кашымда карап туруугa,
Абакем Бакай шер керек.
Алты айчылык азапты,
Абакем билет эмеспи.
Айланайын жарыктык,
Акылга дыйкан кеңим,
Айтылуу Манас баатырдын,
Алтын туусун көтөрүп,
Алты айчылык чоң Бээжин,
Айланып эчен баскансың.
Акылың айтып балдарга,
Айласын жоонун тапкансың.
Абаке сага айтаарым,
Аттарды таап алыңар.
Ашыкпай анан айылга,
Жылкыны айдап барыңар.

Ак батаңды алайын,
Аттанып эми душманга,
Айланып кайта барайын.
Деп ошентип эр Семең,
Азыраак айтып токтоду.
Ошондо абаң Бакайың,
Аңгемени баштады.
Айлансын сенден абакең,
Аттанып жоого барам деп,
Арыстаным айтып жатасың.
Менин бир айткан кеңешим,
Баатыр балдар не дейсиң.
Аттанып Семең Бээжинге,
Айкөлдүн жалгыз баласы,
Айланып кайта барбасың.
Арыстан жалгыз кеткенде,
Алда кандай күн болот,
Жылкыны жолго саларбыз,
Жылдырбай айдап аларбыз.
Жылкың менен жерге кир,
Жылаажындай жоо менен,
Жалгыз барсаң чогулуп,
Ортосуна албасын.
Ырас келди бурут деп,
Тамашаны салбасын.
Тай буурулдун үстүнөн,
Атып калмак салбасын.
Аяры бар, даары бар,
Алтымыш түрлүү көп калмак,
Асманды бүркөп түн кылып,
Алла бир кандай күн кылып,
Амалыңды кетирип,
Арбуудандай күлүктөн,
Айрып сени албасын.
Кечөө арыстан Манас барында,
Алманбет, Чубак жанында,
Бээжиндин жолун чалганда,
Алмакем жылкы алганда,
Арыстан Сыргак баланы,
Ат кошчу кылып алганда.
Жанында турган абакең,
Как ошолордун жанында,
Душманга жалгыз барба деп,
Атанын эски кеби бар,
Айтайын угуп алыңар.
Менин айткан акылым,
Жалгыз өзүң барбагын.
Жаныңа жолдош болууга,
Эки бирдей чороңдун,
Каалаганын алып кет.
Бирөөнү мында жылкыга,
Кайра таптап коюп кет.
Эки бирдей жаш бала,
Же экөөнү катар ала кет.
Ашыкпайт абаң биякта,
Душмандын жолун чалайын.
Абаң да оңой киши эмес,
Жылкыга өзүм баш болуп,
Жылдырып күндүз турайын.
Артыман жете келгиле,
Акылды мындай кылайын.
Амалдуу калмак Коңурбай,
Сенин атаңды алдап Бээжинде,
Айласын тапкан дөө ошо.
Алманбет,  Чубак арыстанды,
Ажыбай, Сыргак баатырды,
Айкөлүңдөн бөлүнтүп,
Амалын таап алдаган.
Ак куладай бууданды,
Жанагы Жойкара чочко,
Башка атып майып кылып
сулаткан.
Арыстан Манас ошондо,
Ак келтесин колго алып,
Алыстан карап олтуруп,
Жаккага тиккен кантеңир,

Ак келтеге салганда,
Алладан тилеп айкөлүм,
Алтымыш аяр ичинен,
Алмамды аткан Кожожаш,
Алымы кытай төрөсүн,
Каза атар мерген кожону,
Тогузун айтып сулайтып.
Чала жан жаткан бу тайды,
Арыстан Манас кайран шер,
Арбуудан менен алып барган,
Карматып алып чорого,
Тогуз күнү сураган.
Алманбет, Чубак кайда деп,
Атасы экен ал экөө,
Аны да кармап Бээжинден,
Токсон күнү сураган.
Таап келип бергин деп,
Алтымыш бирдей кытайды,
Айкөлүң баатыр камаган.
Ошо кезде Коңурбай,
Түпкү Бээжин калаасын,
Ичине кирип кутулган.
Балалык кылба сен Семе,
Бастырып өзү чыкпасын.
Сыр бараңды ал октоп,
Сыры катуу сур калмак,
Сени сулатып атып жыкпасын.
Буудандын оозун бурбасын,
Буруксуган чоң калмак,
Буткулдан тосуп турбасын.
Кезеги келди эми деп,
Бакбургамдын кеги деп,
Баатыр калмак эр неме,
Амалдуу кытай неме эле.
Атка сынчы даанышман,
Айлакер кытай дөө эле.
Алаксытып сени алдап,
Ашууга алып чыкпасын.
Жаза-буза сайгызып,
Жарга алып барып урбасын.
Белестен кытай күткөндүр,
Береги келет эми деп,
Бек камынып жүргөндүр.
Бээжинге кытай баргандыр,
Алтымыш уруу көп калмак,
Акылдашып жаткандыр.
Каркырга жеткенче,
Кандай да болсо жетем деп,
Камынып кытай аткандыр.
Менин сагаң айтаарым,
Жалгыз барбай жолдош ал,
Канча күнү согушту,
Балдар чарчап кеткендир,
Башка жолдош дагы,
Эмилдин Эргек баласы,
Муну кошуп ала кет.
Бу да Манас чоросу,
Алтышка баргандыр.
Сага караан болууга,
Жарап жүрчү киши ошол.
Атаң Манас баатырдын,
Бул дагы болгон чоросу.
Айланайын арыстаным,
Айкөлүң атаң кан Манас,
Оо дүйнө сапар көчкөндө,
Ушул жалган дүйнөнүн,
Аманатын бергенде,
Абыке, Көбөш алты арам.
Арамдык кылып келгенде,
Энекең байкуш Каныкей.
Караңгыда жөө басып,
Агыны катуу талас суу,
Түн ичинде үч кечип,
Энекең ыйлап жүргөндө.
Чоң энекең Чыйырды,
Бир ийнине көтөрүп,

Белдемчинин түбүнө,
Сен окшогон жетимди,
Бекем байлап кучактап,
Энекең ыйлап келгенде,
Абакең Бакай мен шордуу,
Азапты кошо көргөндө.
Теңдик көрбөй туугандан,
Сен тентип Букар кеткенде,
Кастык көрүп туугандан,
Сен качып Букар кеткенде.
Абакең байкуш ошондо,
Тирүү жүрүп өлгөнмүн,
Кан Жакып баштап айылды,
Катуулап чаап киргенде,
Ушул Манастан калган экөө бар,
Эмилдин Эргек баласы,
Берендин Сергек баласы,
Экөө жоого аттанып,
Жалгыз тайды бербептир,
Абаке барбай койгун деп,
Астыман чыгып тосушуп,
Аманат жандын жолдошу,
Ушуларды ала кет,
Жалгыз өзүң барганча,
Караан болуп бербейби.
Атыңды токуп ушулар,
Акылын айтып жүрбөйбү.
Кезигип калсаң душманга,
Кертип башын кирбейби.
Чабуулга кирсең көз салат,
Семең кайда болду деп,
Сан миллион кытайдан,
Сени ажыратып алышат.
Улуу манжу чоң кытай,
Сени көрүп ал байкашат.
Эптеп жетип баланын,
Эсебин таап салайын.
Деп калмак ойлонот,
Сандаган жоону жиберип,
Ошо кезде сен баатыр,
Санааң санга бөлүнөт.
Жалгыздык деген курусун,
Ушуну көрмөк экем деп,
Сенин көзүңөн жашың төгүлөт.
Булар да арзан эр эмес,
Кечээ Бээжинден кайра кайтканда,
Ак кула окко учканда,
Алмакем шейит кеткенде,
Арыстан Чубак, эр Сыргак,
Ажыбай, Шуту, Тазбаймат,
Ушул сапар кеткенде,
Сенин атаң калган кырк чоро,
Кытайлар кармап келгенде,
Ар бир чоро Манастын,
Токсон миңден кытайга,
Жалгыз туруп атышкан.
Тартынбай калмак жоо менен,
Тамашага батышкан.
Ар бир чоро ошондо,
Кара жандан кечишкен.
Кан майдандуу согушта,
Качпай кирип кетишкен.
Алманбет, Чубак, Сыргактан,
Артык эмес биздин жан,
Айкөлүм берчи улуксат,
Атышып жатып өлөм деп,
Кырк чоро ыйлап буркурап,
Кыраандар ыйлап чуркурап.
Ошо кезде кан Манас,
Ай балта тийген башына.
Чоролор ыйлап турганда,
Көзүнөн жашын кылгыртып,
Көк жалың Манас жашыды.
Каары келип ошондо,
Жалаң кылыч байланып.
Кан ичмеси бек кармап,

Жаңы асый Тай буурул,
Арыстаның минип атына.
Ачуусу келип айкырып,
Каары катуу кабылан шер,
Жөнөп калды шаштырып.
Кытайдын элин жапырып,
Кыраанның өзү качырып.
Эмалдуудан кууган шер,
Токсон күнгө толгондо,
Четки Бээжин калаанын,
Четине жетип токтогон.
Бийиги бир жүз сексен кез,
Сепилден учуп Алкара,
Өтүп алды кетерде.
Буурул минип кан Манас,
Кошо жетип кытайдын,
Оң жалысын сый сайган.
Ошондо качып Коңурбай,
Кутулуп кеткен доңуз ай.
Ошо кезде кан Манас,
Бээжиндеги калыктын,
Бирине карап койбогон.
Алакөө, Жолой кандарды,
Айдатып Манас ал келген.
Коңурбай кайда тапкын деп,
Алтымыш күнү сураган.
Айкөлүң Манас шер ошо,
Абаң Бакай ошондо,
Аралашкан киши эле.
Ал да Алланын кылган иши эле,
Айтамын балам угуп ал,
Аким манжу Коңурбай,
Оңой-олтоң киши эмес.
Жалгыз барсаң кокустан,
Ал ошо оңдуруучу шер эмес.
Тиги да бекер кытай эр эмес,
Менин тилим сен алсаң,
Эртең эрте туралы,
Эки чоро жанында,
Ээрчитип кошуп беремин.
Жараткан берсе тилекти,
Жалтанбай жоону алып кел,
Сак саламат барып кел.
Эсен бир барып, соо келсең,
Эсиңе алып сен жүргүн.
Энекең кылган чоң олпок,
Эч качан чечип койбогун.
Эндеркөй мырза эр элең.
Эсиңен чыгып албасын,
Эстебей такыр калбасын.
Баткүлдү жерден чечбеген,
Башыңа балаа түшпөсүн.
Амалдуу калдай эр эле,
Аңдостон сени көрбөсүн.
Ак келте колго алганча,
Сен ар буудан минип алганча.
Атып сени салбасын,
Намазды оку ат менен,
Чечинип жатпа жат менен,
Кийиминди тыңдагын.
Кийин да далай иш болот,
Эсиңе сенин салайын.
Эстетип сага айтайын,
Эсирген калмак сур жылан,
Ажыдаардай оп тартып,
Аламанды салуучу,
Жаңы бир ишти баштадык.
Калмактын алып жылкысын,
Кайра келе жатабыз.
Кандай иш болот ким билет,
Жараткан кудай колдосун.
Көбүрөөк айтам мен сага,
Жаныңа өлчөп жолдош ал.
Жан аяшпай жоо менен,
Жалгыз барсаң кокустан,
Жаман аттуу болбойлу.

Менин сөзүм ушундай,
Берен балдар не дейсиң?
Деп абакең Бакай басылды,
Мына ошондо Күлчоро,
Оттой күйүп кеп баштап,
Эй абаке деп баштап.
Каңгайдын жолун чалганбыз,
Калмакка кирип барганбыз.
Кытайдын жолун чалганбыз,
Кыйла жерге барганбыз.
Улугу кытай манжунун,
Уулун аттан түшүрүп,
Улукка кабар салганбыз.
Абакем менен барайын,
Алакөөнүн Коңурдун,
Алдын тосуп жатайын.
Атамды атып жок кылган,
Атанын кегин алайын.
Айланайын абаке,
Аттанып кошо барайын.
Арыстаным абам кетти деп
Артынан издеп жүргүчө,
Алла кандай иш болот,
Аралашып калайын.
Атактуу манжу кытайга,
Бир беттешип калайын.
Телкызылды минейин,
Теминип жоого кирейин.
Теңирим берсе тилекти,
Текирмендей кара атты,
Тегеле алып келейин.
Абакем Бакай жарыктык,
Аягансып турбайбы?
Ажалы жеткен киши өлөт,
Алла таала кудайдын,
Бир жазуусун көрбөйбү.
Башка келсе көз тартат,
Бара тобо көрөлү.
Басташкан душман жоо менен,
Бир беттешип көрөлү.
Улуксат мага кылгыла,
Эр Семең менен барайын.
Кайгуулду жалгыз чалгыча,
Мен абакем Семе өзүңө,
Караан болуп берейин.
Эч болбосо буурулду,
Эптеп токуп берермин.
Беремин абам экөөбүз,
Бирге барып келели.
Берсе кудай тилекти,
Биз Бээжинди чаап өтөлү,
Бакай абаң башында,
Баатыр Манас кашында.
Алманбет, Чубак эки арыстан,
Ажыбай, Сырак жанында.
Абакем чабуул салганда,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Айтайын сөздү күнүгө.
Эми бата бериңер,
Эртелеп жолго чыгалы.
Ошондо туруп Канчоро,
Ал дагы кепти баштады.
Баятан айткан кебиңер,
Баштан аяк уктум мен.
Байкадым силер сөзүңөр,
Бээжинге кирип барасың.
Бейбайды катуу саласың.
Берениң экөөң кеткенде,
Мени кайда таштадың.
Укмуштай жомок баштадың,
Улугу кытай манжунун,
Уясын чаап баштадың.
Урматтуу абам экөөңөр,
Аттанып кетип калмакка,
Аты жок калды Канчоро.
Айласы эмне болот деп,

Азыраак ойлоп турасың.
Атым жок болсо да барамын,
Атышып чабуул саламын.
Ашкере баатыр эр болсо,
Анын да жолун байкармын.
Сен экөөң кеткен калмак,
Кошто бир калчу мен белем.
Алманбеттин эр Чубак,
Абаке калыс болуңуз.
Кайсы жери кем экен,
Же Акбалта кандын Чубагы,
Атышпай жүргөн эр бекен.
Улуулар угуп туруңар,
Уят болсо айтыңар,
Калмакта менин өчүм бар,
Каңгайды бузчу кезим бар.
Кош кайтарып калгандай,
Коркок бала мен белем.
Алманбет уулу Күлчоро,
Менден өткөн шер белең.
Жылкы айдап алгыдай,
Жылкычы калмак мен белем.
Жети миңдей жылкыны,
Жылкыңды айдап келатат.
Отуз миңдей көп калмак,
Эл кылып алам муну деп,
Ойрон сенин абакем,
Кошо айдап келатат.
Кошуунда бүгүн калбаймын,
Жылкынын жолун чалбаймын.
Кошто жатып албаймын,
Мен да кошо аттанам,
Бээжинге барып кол салам.
Деп ошентип Канчоро,
Сөзүн айтып токтоду.
Мына ошондо карасаң,
Олуяттын кан Бакай,
Акырын сүйлөп бек таштайт,
Арыстандар укчу деп баштайт.
Айланайын жаш балдар,
Кара тоодой медерим,
Кабыр менен мусулман,
Чарк айланып согушса,
Керекке жарайт беремин.
Кече келдиңер биздин арттан,
Алтымыш күнү согушуп,
Азыраак өргүп алыңар,
Абакем барсын согушка,
Жанына кошуп беремин.
Эки мырза чорону,
Ээрчитип ошо ал барсын.
Алар да оңой уул эмес,
Атакем Манас чоросу.
Булар да жоону көрүшкөн,
Бет алып Бээжин киришкен.
Беттешип найза сунушкан.
Качпай жоодон булар да,
Карагай найза кагышкан.
Капаланба Канчором,
Кош кайтарып калсын.
Сени козголуп булар айткан жок,
Кепке жоо берели,
Көп айтышып келели.
Сөзгө бир конок берели,
Сөз сүйлөшүп каралуу,
Ашыкмалык шайтан иш
Ашыкпайлык жаш балдар,
Адамды шайтан азгырат,
Артылык дөөлөт мас кылат.
Адамга-адам керек го,
Бирок ага ким кайдан табылат.
Эстүүсүңөр баарыңар,
Эстетишип жалпыңа,
Жолго абаң Семетей,
Арбуудан менен барып кел.
Эки чоро жаныңа,

Эр Семетей ала кет.
Канчоро менен Гүлчоро,
Балдарды мында таштап кет.
Алтымыш күндөн калбай кел,
Арбуудан оозун буруп кел.
Калмактан кайта аман кел,
Бул экөөнү коюп кет.
Ээрчитип жүргөн башканын,
Канчасы болсо алып кет.
Канжыгага чала кет.
Керектүүсү бар болсо,
Абаңда кошо ала кет.
Жолго чыгып турганда
Жолго болот силерге
Эки жакшы бир жүрсө,
Жол талашып өлүүчү.
Эки чечен бир жүрсө,
Сөз талашып алуучу.
Эки балбан бир жүрсө,
Күч сынашып калуучу.
Калыктын пайдалуу жагын издебей,
Саат баштап калуучу.
Ошону үчүн айтамын,
Эп келтирип силердин,
Эстүү болгон балдар деп,
Иши айткан акылым.
Канакей балдар турбаңар,
Кан Бакай айтып мындай кеп,
Кана балдар не дейсиң,
Ошо кезде эр Семең,
Ордунан турду козголуп.
Гүлөшөндүн Күлчоро,
Күбүлдөшүп Канчоро,
Эгиз козу сыңарым,
Жоого барам дегениң.
Абаңан мурун душманга,
Аттанамын дегениң.
Атаганат дүнүйө,
Аттарың начар эң жаман.
Жаман да болсо барам деп,
Айтасыңар баарыңар.
Атактуу манжу Коңурбай,
Сан миллион кол болуп.
Сандап кирип келсе да,
Жалгыз өзүм токтотом.
Экөөң тең мында калыңар,
Эс алып балдар алыңар.
Азыраак күнү эс алып,
Анан жоого барыңар.
Ошого чейин келбесем,
Мени да эске аларсың.
Абакем кайда болду деп,
Алтындай көздү саларсың.
Арбуудан изи кайда деп,
Арада жолду чаларсың.
Айланайын жаш балдар,
Атайын издеп барарсың.
Абаке Бакай жарыктык,
Капаланып калбагын,
Жалгыз өзүм барайын,
Жараткан берсе тилекти,
Беттешип найза сайайын.
Деп ошентип эр Семең,
Кечирим сурап олтурду.
Козголуп Бакай кеп сүйлөйт,
Болуптур балам деп сүйлөйт.
Айтсам мейлиң албадың,
Атадан жалгыз баласың,
Арбын манжу көп калмак,
Алда эмине болосуң.
Ары жагын ойлоп капамын.
Алла таала бир кудай,
Жардам берсе өзүңө,
Жалгыз Алла жар деген,
Жараткан кудай бар деген.

Деп ошентип кан Бакай,
Ак боз бээни алып келип,
Чоролорун чогултуп,
Нардай болгон буурулга,
Каныкей кылган үркүттү.
Күлчоро мырза жабылып,
Капшытында түймөсүн,
Эки чоро түймөлөп,
Атадан калган ак каңкы,
Арыстан бала Гүлчоро эр,
Акырын келди көтөрүп.
Булгаары тердик, көк желдик,
Бурчуна алтын жылдыздан,
Буластаган кыз-келин,
Муну бурала карап ыргыткан.
Арууке менен Акмыскал,
Алтымыш күнү кайыган.
Кайран энең Каныкей,
Канча бир күн күтүнгөн,
Кан майданда токунуп,
Какандын эли көрсүн деп,
Кандай катын жасаган.
Айтып кана мени жүрсүн деп,
Канышың минтип бүтүргөн.
Булгаары тердик Күлчоро эр,
Бурулуп чороң токуду.
Кыз кыялдуу буурул ат,
Жаныбар жол барасың билди эми.
Бурулуп тиштеп чылбырды,
Бурулуп турат былк этпей.
Мына ошондо Күлчоро,
Айкөлүңдүн ак каңкы,
Арта салды жонуна.
Басмайылы баары алтын,
Көмөлдүрүк кош алтын,
Куюшканы чың алтын.
Басмайылды бош тартып,
Чаболоңдуу бек тартып,
Аю  тери көрпөчө,
Алты бүктөп салыптыр.
Айкөлүң минчү ак каңкы,
Тим эле куп жарашып калыптыр.
Куюшканды Күлүстөн,
Кутунан кага тартып кыстартып.
Алты чепкен буурулдун,
Соорусуна бүктөтүп,
Добулбасты көмкөрүп,
Алты куржун ок даары,
Арта салды жонуна.
Абакем эми кетет деп,
Аттанып жалгыз баратат.
Алда бир неме болот деп,
Санаасы-санга бөлүнүп,
Сандыргалуу жанакы эр,
Бүгүн көзүнөн жашы төгүлүп,
Көрсөтпөй ыйлап бөлүнүп.
Абакем менен бир барсам,
Кызыл талак Коңурга,
Кызылбайт белем кызыкты.
Сызбайт белем сызыкты,
Көрсөтпөйт белем согушту.
Көркөмдүү күлүк кара аттан,
Коңторо сайып калмакты,
Мен көрсөтпөйт белем кызыкты.
Жекендин эрти чет Бээжин,
Жикелеп чалгын чалышбай,
Желмогуз кытай доңузга,
Жекелеп найза сайышпай.
Өзүм бир чыгып алдыга,
Өкүм манжу улугун,
Көрсөтөт эле мен ага.
Көк жалым атам кан Манас,
Көк жал сайган найзадай,
Алкара аттын үстүнөн,
Аңтарып сайып алармын.
Аманат жаным соо болсо,

Алармын кытай өчүмдү.
Деп Күлчоро ойлонуп,
Ар бууданды токуду.
Айкөлдүн жалгыз баласы,
Ак туйгундай айланып,
Барчын бүркүт түрдөнүп,
Баатырың кийе баштады.
Суу жунугу суп кайды,
Бар келтирип куп кийди.
Чарайна чопкут ок өтпөс,
Ойронуң баса кийди эми.
Бир кудайга жалынып,
Берениң турду камынып.
Каныкей кылган кандагай,
Он сегиз миң ааламга,
Атагы чыккан ушундай,
Арыстан алып кийди эми.
Алты жерде чыйратма,
Ал найзанын учун кыйратма.
Жети жерде чыйратма,
Ал ошо жебенин боосун кыйратма.
Кылк чогулуп уз тиккен,
Катын бычып, кыз тиккен.
Даңдуңдун тоосун чалдырган,
Мергендерге аттырган.
Кыштын күнү жеңекең,
Ашаткыга кандырган.
Жайдын күнү болгондо,
Балбандарга сабаткан.
Баатыр шердин кандагай,
Атагы кеткен Алайга.
Арбагы жеткен далайга,
Уз чакырып кураган,
Уккан элге дүң кылган.
Байтал бээнин бал кымыз,
Ашаткысын кандырган.
Арасын сөгүп Каныкей,
Алтын өөгөп ичирген.
Милте коюп бүгүшкөн,
Билермандар көрүшкөн.
Арууке менен Акмыскал,
Алтымыш күнү иштеген.
Ажыдаардын терисин,
Алты сыйра каптаган.
Тоо текенин терисин,
Токсон сыйра каптаган.
Айкөлдүн чолпон баласы,
Арыстан кийип алты эми.
Алты олпок жанакы эр,
Арсылан кийген эмеспи,
Анын чама сыртынан,
Айкөлүң Манас баатырдын,
Ак олпогун кийди жаңыдан.
Жеңекең жасап олпокту,
Жети айда бүтүргөн.
Жергелүү кыргыз ак калпак,
Жети атаң аттанган.
Кан Манастын олпогу,
Кабарында бар бекен.
Кыбалын шердин жомогу,
Сырттан эрдин олпогу.
Жакасы каухар, жеңи алтын,
Кош бадама торгой көз,
Табылгы жаксаң чок өтпөйт.
Очокер атсаң ок өтпөйт,
Жылмылдаба кайгыган.
Карап турсаң олпокту,
Адамдын көзү тайгылган.
Келин бычып, уз тиккен,
Келиштирип куп тиккен.
Жакасына жакасы,
Жабышып калган эмедей,
Эни кеткен эки ийни,
Эп куюп койгон эмедей.
Эр Семетей балаңыз,
Эми кийип алды ошол.

Бүгүлөрү бүт алтын,
Капшытында бүчүсү,
Карк алтындан жасалган.
Каңкоруңдун баласы,
Кабылан кийди жаңыдан.
Арсыландын ак олпок,
Абайлап карап көргүлө.
Ичинин баарын жеңекең,
Пил терисин  чаптаган.
Тоо текенин терисин,
Сексен жолу чаптаган.
Ажыдаардын терисин,
Он эки жолу каптаган.
Найза тийбей жадаган,
Сырттаның Манас кабылан.
Көтөрө албай майданда,
Көк жалдын өзү тажаган,
Бүткөн жери бүт темир.
Бүчүлүгү бир сеңир,
Кийип алсаң ак олпок,
Аскар тоодой көрүнөт.
Артынан жүрсөң буурулдун,
Бучкактап тери бөлүнөт.
Оордугу олпоктун,
Акактай байкап карасаң.
Эни батман көрүнөт,
Ичинин көй баарына,
Болот ооган шыкаган.
Борумдуу келин Каныкей,
Арасына жеңекең,
Каухар өгөп төктүргөн.
Кабылан шердин олпогу,
Кабарлап айтса ушундай.
Кайран Манас атакең,
Кан согушта кийбестен,
Кабарда жүргөн Коңурбай.
Кайра тартып Манаска,
Катаалдык кылган эмеспи.
Ошондо Алмаң кеп айткан,
Ойронуң Манас баатырга,
Колуңа тийсе Коңурбай,
Коё бербе деп айткан.
Үч кайтарып бек айткан,
Мына ошондо арыстаның,
Калдайдын улуу кабырың,
Кече кан Коңурбай баатырың,
Качан бир колго келгенде,
Калыстык кылдым эми деп,
Кабылан Манас жаңы шер,
Кечип ийген эмеспи.
Ошондо байкуш Алманбет,
Айсарала ат менен,
Жете берген эмеспи.
Коңурбай кайда кетти деп,
Төрөңдөн сурап туруптур.
Кечирим кылдым баатыр деп,
Арслан айтып ийиптир.
Ошол кезде Алмакең,
Оозунан жалын шыркырап,
Катыгүн төрөм кантейин,
Колго тийген душманды,
Коё берген эминең.
Эми Бээжин калаадан,
Аман-эсен кетмекпиз.
Айланып элди көрбөйбүз,
Арсыланым кылдың жаман иш.
Атаганат дүнүйө,
Азыраак чыдап турсаңыз.
Аким манжу кытайды,
Көрсөтпөйт белем кызыкты.
Деп Алманбет ыйлаган,
Мына ошондо кан Манас,
Каткырып күлүп кайран,
Капаланба Алма деп,
Кайран Манас тыйыптыр.
Ошондон кийин Коңурбай,

Ойронуң колго тийбеген.
Ошону Бакай айтканда,
Обдулуп Семең сүйлөгөн.
Атадан калган чоң олпок,
Арслан бала кийиптир.
Атасынын көрү деп,
Кайраты тоодой жаш бала,
Кайрылып Бээжин келиптир.
Кийимин тонду жанагы,
Кийип болду жаңыдан.
Айкөл Манас кемери,
Айланайын төрөмдүн,
Белинен өтүп кетет деп,
Ичинен көй баарысын,
Кытай торгун атлас,
Отуз сыйра кайыган.
Анан гана сыртынан,
Пил тери менен чаптаган.
Күнкүрский булгаары,
Зым баштатып каптаган.
Караңгыда жүргөндө,
Айланайын арыстандын,
Алдын жарык кылсын деп,
Каухар коюп чөгөргөн.
Алтындан коюп ичине,
Шуру, бермет төктүргөн.
Айкөлүңдүн чоң кемер,
Арслан алды тагынып,
Алла Таала кудайдын,
Бир өзүнө жалынып,
Белине кемер курчанып,
Берметтей бети нур чалып,
Жазайылды салынып,
Жаратканга жалынып.
Чарайна чоот, ок өтпөс,
Баарын кийди камынып.
Баатыр жердин баласы,
Баарын алды тагынып.
Айбалта кылыч, шалк этме,
Арыстан алган жанына.
Атадан калган ак келте,
Жаткызып атсаң замбирек,
Бачымдап атсаң барданке,
Отуруп атсаң очогор,
Мээлеп атсаң беш атар,
Башы Урум менен Кытайдан,
Түшүрүп алган чоң келте,
Кундагын кайра иштеген.
Бир тартканда ичинен,
Аргымак оозун буруп кел,
Астыда душман жок болсо,
Абайлабай токтобой,
Айланып кайта жүрө бер.
Жараткан өзү жар болсун,
Жасаган кудай бар болсун.
Ишиңди Алла оңдосун,
Бетиңе келген душмандын,
Берендери кор болсун.
Белдүү Манас жар болсун,
Кашыңа келген душмандын,
Кандары сенден кар болсун.
Кан Манастын арбагы,
Кайрылып сени колдосун.
Жолуң баатыр шар болсун,
Жодошуң кыдыр бар болсун.
Бетиңе душман келбесин,
Келгендери соо кетпесин.
Төбөңдө жылдыз оң болсун,
Төрө Манас колдосун.
Ак байгамбар жарыктык,
Ал дагы сага жар болсун.
Ака азирет аалым бар болсун,
Сүрүңөн душман чочусун.
Үрүстөн дастан бар болсун,
Ислам дини колдосун.
Урушкан адам кор болсун,

Жолуңду кудай оңдосун.
Деп кан Бакай батасын,
Баатырың алды жаңыдан.
Бээжинге барган төрт чоро,
Карап турат абыдан.
Ак боз бээни чалышып,
Айтуяктуу айтышып.
Арыстан Манас баласы,
Арбууданды алдырып.
Атына ыргып минди эми,
Кошкула баатыр эми деп,
Мына көк жалың,
Жалгыз жүрдү эми.
Куу өрдөктүн көлүнөн,
Кан Семетей кабылан.
Жалгыз келет абыдан,
Түн ичинде жол тартып,
Түн жамынбас жанагы эр,
Түн жамынып келе атат
Күн жамынбас жанагы шер,
Күн жамынып келатат.
Жазайылды салышып,
Жараткан Алла кудайдын,
Бир өзүнө жалынып.
Буурулду минип буратып,
Бута бою жарлардан,
Ал ошол буйдалбастан чуратып.
Буруксуган кыргыз кул,
Келе жатат чуратып,
Кайсы жерден табамын.
Мен калмак найза саямын,
Ай талаадан жетемин,
Аким манжу Коңурду,
Ыргыта сайып өтсөм деп,
Кетип барат жаңкы шер.
Таңдын алды атканда,
Тараза жылдыз батканда,
Боз торгой учуп кулдурап,
Боз куурай башы шыбырап,
Таң сөгүлүп көрүнүп.
Тараза жылдыз бөлүнүп,
Кайнардуу булак сеңирге,
Кан Семең келип түштү ошо.
Алдындагы буурулдун ,
Оздугун алды эми.
Бетеге менен тулаңдан,
Белден болгон ыраңдан,
Беш чалып алсын эми деп.
Ар буудандай тулпарды,
Отко коюп койду ошо.
Эмине болуп жатат  деп,
Келишимдүү чоң дүрбү,
Келтирип колго алды эми.
Береним колго алды эми,
Калмактар кайда жүрөт деп,
Кабылан дүрбү салды эми.
Талокунун бетине,
Оңдоп көзүн салды эми.
Караса көзгө илинбейт,
Кайда экени билинбейт.
Кайнаган манжу көп калмак,
Кай кеткени билинбейт.
Капырай кандай сонун иш,
Калмактар кайда кетти экен,
Же Бээжинге кирип кетпесин,
Белчемдүү жерин тозгонбу.
Көрүнбөй жатып алганбы,
Келип калса буларды,
Кекти бекем алууга.
Кеңеш куруп жатканбы,
Көмүскө жерден буккамбы,
Көрсөтпөй кармап алсам деп,
Көсөр калмак,  сур манжу,
Даярданып жатканбы.
Эртең кечке жол жүрүп,
Тал чокуга барайын.

Кезигип калса сур калмак,
Кетирейин айласын.
Бөлүнүп калмак келе албас,
Жалгыз жарым жүрө албас.
Берсе кудай тилекти,
Белестен тосуп жатамын.
Бети кара душмандан,
Мен эмнеден кегин алайын,
Жолдон бир тосуп жатайын.
Жоболоңдуу калмакты,
Жонойюл менен атайын,
Кырдан бир тосуп жатайын.
Кызы талак калмакты,
Ак бараң менен атайын,
Тегиз карап жатайын.
Темтеңдеген калмакты,
Теңирим берсе тилекти,
Тепшиде туруп атайын.
Деп ойлонуп кан Семең,
Арбуудандын жанына ,
Акырын басып келди эми,
Аттанып жолго кирди ошо.
Баатырды мындай таштайлы,
Бала жолборс Гүлүстөн,
Баладан кабар баштайлы.
Эртең менен Күлчоро эр,
Атына эрте миниптир,
Айдагыла жылкы деп,
Коңурбайдан көп жылкы,
Айдап жолго кириптир.
Камбар ата кара айгыр,
Токмок жолду тору айгыр,
Тобу менен бөлүнүп.
Токтобой айдап жатат эр,
Тоодон жылкы айдатып,
Тогуз миңдей жылкыны,
Токтобой айдап сандалып,
Адырдан жылкы айдатып
Тел кызыл менен Күлчоро,
Салып жүрөт жаланып.
Бат атарын баткылап,
Манастан ураан аралаш,
Жылкылардан жылкы айдап,
Жылкычыны бүт айдап.
Отуз миңдей калмакты,
Эше жүгүн арттырып,
Эшектен калмак жанаша,
Эр Күлчоро шаштырып,
Качырга жүгүн арттырып,
Кайран чоро шаштырып,
Эч кимине тийбестен.
Абакем айткан буларга,
Аттардан бирден бердирип,
Катын-кызын кошо айдап.
Кече кабылан бала Күлчоро,
Кайра тартып келатат.
Жылкыны катуу айдатбай,
Абакем эмне болот деп,
Санаасы санга бөлүнүп.
Сандыргалуу кайран эр,
Санаасы тынбай сөгүлүп,
Айланып издеп абама,
Качан барам эми деп,
Кай жерде кетип баратат.
Карайынчы эми деп,
Алманбеттин ак дүрбү,
Оозуна жакут салынган.
Кайран энең Алтынай,
Айланайын жалгызым,
Алакенин алып уулунан,
Артык жүрсүн мында деп,
Энекең кургур жалаткан.
Сабына каухар койдурган,
Сарт алтындан чойдурган.
Ичине жакут койдурган,
Сыртын каухар менен чойдурган.

Айлык менен жылдыкты,
Тартып алсын эми деп,
Эмалдан уста жыйдырган.
Эрикпей энең Алтынай,
Эпчилдигин билгизип,
Бээжиндеги устанын,
Берендери жасаган.
Эсенкан,  Айкан, Азизкан,
Ушулар көрүп сынаган.
Укмуштуудай жасаткан,
Алмакеңдин ак дүрбү,
Арыстан Гүлүс колго алып,
Атамдан калган дүрбүсүн,
Абакем айтат үлгүсүн.
Энемден калган дүрбүсүн,
Жеңекең айтат үлгүсүн.
Арыстан Манас баласы,
Кай жерде кетип баратат.
Карайынчы эми деп,
Кабыландай жойлогон.
Кан ичмеси келгенде,
Катырып ийчү адаты,
Кайран эрдин саматы.
Тел кызылдай тулпардан,
Берениң жерге түшкөнү.
Бетине алып ак дүрбү,
Мелтиреп чоро калды эми.
Абакем кетип барат деп,
Адырма тоонун жээгинде,
Жалгыз кетип барасың.
Кандай болот эми деп,
Ай караңгы түн бүркө,
Күн эмине болуучу,
Алтын башка күн түшсө,
Күн эмине болуучу.
Буурул менен бургутуп,
Артынан чаңын ыргытып,
Абакем кетип барасың.
Айланайын эмчектеш,
Эмине берип бакбадың,
Буурулду бердиң мингиздиң,
Булуңду бердиң кийгиздиң.
Эрине тартып эр кылдың,
Энең Каныкейден эмчектеш,
Кел эмизип чоңойттуң.
Шумкарды бердиң салгыздың,
Сүлүнү бердиң алгыздың,
Эминеден кем кылдың.
Эркелетип чоңойтуп,
Аталаштан артыгым,
Энелештен эгизим,
Эч өнү жок тегизим.
Айланайын абакем,
Астымда жүрсөң тоодоюм,
Аскасы бийик зоодоюм.
Артында жүрсөң абаке,
Ала-Тоодой медерим.
Медерим сени душманга,
Эмиде жалгыз жиберип,
Эңгиреп калчу мен белем.
Буудандын оозун бурсамбы,
Жылкысы жерге кирсин деп,
Артыңан кошо барсамбы.
Арбууданың жетелеп,
Аламандап жоо келсе,
Абакем эмине болду деп,
Абайлап карап туруучу.
Арыстаның иниң анда жок,
Алда эмине болосуң,
Айкырып жоого киргени,
Астыңда түнү көтөрүп,
Абакең Бакай агаң жок,
Алты сан калмак мал болор,
Атышкан жоонун ичинде,
Атыңды токуп жоо сайган,
Аталаш тууган сенде жок.

Арамзаада Канчоро,
Айткан сөзүн билбейсиң,
Барса-барсын жалгыз деп,
Сени өрткө айдап киргени.
Эмине үчүн билбейсиң,
Көсөмүм Бакай даанышман,
Көрсөтө айтсам болобу.
Арыстаным жалгыз барасың,
Калмакка чабуул саласың.
Кан Коңурбай улукка,
Качырып найза саласың.
Амалдуу кытай шум экен,
Карт бөрү шум калмак,
Жазгылса эмне кыласың.
Жаратканга жалынып,
Жара нардай буурул ат,
Жанга өлгөлүү мал эле.
Мына ушуга ишенем,
Өлүп буурул калбаса,
Кайра айланып жеткизер.
Кантейин аба болбодуң,
Кайрылып эчен кеп айттым.
Ала кеткин мени деп,
Алда нечен кеп айттым.
Алакөөдөй кайран эр,
Аңдыбайсың эч теке,
Нече жылкы алганда,
Сары төрдүн башынан,
Камандуунун  оозунан,
Калдайыңдын агасы,
Кан Коңурдун абасы.
Карагул колго тийгенде,
Кабарыңа сен алсаң,
Кан Бакай келсин эми деп,
Коё бербей сен турсаң,
Алкара менен Карагул,
Тийбейт беле колума.
Кандайсың манжу эми деп,
Карап койчу бери деп,
Алмамды алдап качтың деп,
Атаңдын көрү калмакты,
Алып башым салармын.
Абаке сага кантейин,
Кыргыздан адам калабы,
Кыраанын Манас барында,
Ойлобойсуң эчтеке,
Обсуз аяр Коңурбай,
Обочодон көрөт го,
Өзү жалгыз экен деп,
Эптеп карма муну деп,
Кыйкырып салып кирет го.
Кыраанын Семем ошондо,
Кыйкырып жоону талкалап,
Кыраанын бара жатканда.
Кошо болсом жанында,
Койдой кармап Коңурду,
Көргөзөт элем сонунду.
Айткан тилди албайсың,
Арыстаным жалгыз барасың.
Кабарыңды эчтеке,
Ойлобойсуң барасың.
Көч үстүндө Күлчоро,
Гүлүстөн ыйлап олтурат.
Бүрчүк таштын оозуна,
Семең келип токтоду.
Көрүп турат Кулчоро,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Өлүп турат Күлчоро.
Көч жагынан абасын,
Барган турат Күлчоро.
Көзөмөлдөп агасын,
Алган турат Күлчоро.
Аламанды кытайга,
Салган турат Күлчоро.
Абайлап туруп душманга,
Барган турат Күлчоро.

Алтымыш санаа бөлүнүп,
Балаңдын жашы төгүлүп.
Не кыларын таба албай,
Каалгадай кашка тиш,
Качырата бек чайнап,
Ачуусу келип бөлүнүп,
Ай тийгендей көрүнүп.
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көрсөтөм калмак сага деп,
Улутунуп сөгүнүп.
Оозунан чыккан көк жалын,
Көрүктүү оттой шыркырап,
Көзөмөлдөп Семеңди,
Көсөлүң карап олтурат.
Кандай кылсам деп ойлоп,
Акылды бала көп ойлоп,
Айланып келсе абакем,
Алтымыш күнгө толгончо,
Арыстаным Семем абакем,
Азуулук кытай жоо менен,
Айгышты катуу салышар.
Аламандуу жоо менен,
Алла жардам бербесе,
Жалгыз киши не кылат.
Деп ойлонуп Күлчоро,
Гүлүстөн эми аттанды,
Жылкынын четин имерип,
Жыйнап көчтү оңдонуп.
Жылаажындай үн менен,
Жылдырып жылкы айдады.
Жылкынын баарын чогултуп,
Күнү-түнү эки күн,
Эс албай чоро жүрдү эми.
Үчүнчү күнгө толгондо,
Жети миңдей жылкычы,
Кошо жылкы айдады.
Адамзаат пендеси,
Аалам туруштук бере албас.
Арстандай Күлчоро эр,
Алдыга жылкы салды эми.
Аманат аба деги деп,
Арстан чоро жол тартты.
Мына ошондо эр Семең,
Арбуудан оозун чоюптур.
Артынан издеп көп колду,
Арыстаның жалгыз келатат.
Алаа таала бир кудай,
Колдогун мени эми деп,
Өзүм жалгыз жол тарттым.
Келатамын деги деп,
Жалгыз жолду чалайын,
Жараткан берсе тилекти,
Бээжинге чейин мен сүрүп,
Атамдын кегин алайын.
Деп ошентип эр Семең,
Арслан жолдо келатат.
Буларды мындай таштайлы,
Улугу манжу Коңурбай,
Ушундан кабар баштайлы.
Кече акимиң манжу Коңтөрө,
Алты арыштуу кытайдан,
Ак сакалы Коңурбай,
Каарды катуу баштады.
Калың кытай көп элди,
Кырып ийе таштады.
Бакбурча өлдү деп угуп,
Баардыкты алды кашына.
Алтымыш жайсаң, кырк кытай,
Мунун акими манжу Коңурбай.
Жетимиш жайсаң, жүз кытай,
Жүз кытайдын улугу,
Жетектүү манжу Коңурбай,
Алтын соң кол төрөсү,
Алиги манжу Коң төрө,
Караланып абыдан.
Кара кытай калмакты,

Калчап айдап жаңыдан.
Кайдан да болсо Күлчоро,
Кармап мага келгин деп,
Камап атып четинен,
Катуу бүлүк салган кез.
Жойкара сындуу агасын,
Кашына алды чакыртып.
Мурамыр сындуу баласын,
Чакыртып келди кашына.
Кана бир баатыр сүйлө деп,
Сага эмине болду деп,
Эмине үчүн буруттун,
Башын бир кесип албайсың.
Артынан коздоп отуруп,
Балбандарды жиберип.
Тирүү бир кармап алып келсең,
Ал Алманбет уулу качкын кул,
Азабын берип колуна.
Айлантып орго салдырып,
Алып барып Бээжинге,
Көрсөтпөйт белем сонунду.
Деп Коңурбай айтканда,
Жойкара кепти баштады.
Улуксуң баатыр айтайын ,
Ачууңуз келсе тим эле,
Азыр да башты алыңыз.
Башалык кылсаң сен өзүң,
Байкап бир кулак салыңыз.
Баладан мындай көрбөгөм,
Кокустан калсаң кезигип,
Алманбет уулу Күлчоро.
Коё берчү эр эмес,
Оңой-олтоң шер эмес,
Оңдуруучу эр эмес.
Бай-бай чоро өрт экен,
Күрмө бир тону сексен төрт,
Күчөгөн жаны кызыл өрт.
Бүткөн бир бою от экен,
Дени бир бою чок экен.
Балада мындай жок экен,
Баладан кабар этпеңиз,
Баладан найза сен алсаң,
Баштап Бээжин качарсын.
Баардык шаарды өткөзүп,
Балакетти салбаңыз.
Жан соогалап качпаңыз,
Жашарыңа жай таппай,
Жандан аша кечпеңиз.
Жалындап күйөт Күлчоро,
Жалынына кабылып,
Жанып бир кетип жүрбөңүз.
Эмине коё бердиң деп,
Эрдемсинтип сүйлөйсүң,
Эрдигиң ашкан сен болсоң,
Эмине өзүң барбайсың.
Ашкере баатыр сен болсоң,
Алкара менен булкунтуп,
Арамзаада буруттун,
Уулун чаап албайсың.
Экөө тең ашкан эр экен,
Жетимиш күнү согушту.
Караңгыда жоо алган,
Кара бир тумшук бала экен.
Түн ичинде жоо алган,
Түн уктабай калс алган.
Түгөнгүр шумдук бала экен,
Бала да болсо шер экен.
Баатыр Алмаң берендин,
Как өзүндөй эр экен.
Күн жайласам ачылат,
Күүгүмдөп туман басылат.
Кар жаадырсам ачылат,
Камырабай жоо менен,
Качпай туура сайышат.
Экөөнү эки бөлдүм мен,
Эми алармын силерди,

Эптеп жолун табайын.
Эселек балдар булар деп,
Эки жактан согуштум,
Биринен-бири өтүшөт.
Бир айга чейин бир-бирин,
Көрүшпөй жүрсө ойлошпойт.
Кан майдан жоодо бул экөө,
Качырып карап бир койбойт.
Колуна тийген адамды,
Кой дегенге болбостон,
Кокуйлашып жок кылат.
Тоо экен деп ойлошпойт,
Кокустан өлөт экен деп,
Кабылан балдар ойлошпойт.
Катар өскөн неме экен,
Кайраттуу балдар бул экен.
Кан Коңурбай төрөбүз,
Кайдан да болсо табарсың.
Качырып найза саярсың,
Как жүрөктөн найза жеп,
Как талаада каларсың.
Бек Коңурбай төрөбүз,
Бей-байды катуу саларсың.
Беренди издеп барарсың.
Берен Манас уулунан,
Белгилүү жерге найза жеп,
Бээжинге төрөм жете албай,
Бейбайда мында каларсың.
Өлөрүмдө мен дагы,
Араң бир качып кутулдум.
Орто Бээжин, чоң Бээжин,
Алуучудай түрү бар,
Атанын кегин кууган шер,
Манастын уулу Семетей,
Эми баатыр менен сен согуш,
Балдары мындай болгон соң,
Баатырын өзүң көрөрсүң,
Алкара минип сороктоп,
Бээжинге качып жөнөрсүң.
Бакбурганды Күлчоро,
Баатыр сайып жайлады.
Бурамыр барып беттешти,
Беш күнү тынбай бул экөө,
Бет алышып турушту.
Беттеп найза сунушту,
Белгилүү баатыр Күлчоро эр,
Бетине адам келтирбей,
Берендин уулу Бурамыр,
Бет келгенде ыргытты.
Бурамыр качып калганда,
Бурулуп өзүм жетпесем,
Мунуңду кошо жайламак,
Жайламак түгүл кокустур,
Ал найзасынын учун майламак,
Обсуз баатыр эр экен.
Орто Бээжин, чоң Бээжин,
Ойрондогу уул экен.
Акыры жүрүп Бээжинди,
Арыстаным жаман көрбөгүн,
Сенин көзүң жана менин көзүм атканда,
Жалпы кытай манжуну,
Ээси эми Күлчоро,
Атактуу Бээжин калаанын,
Төрөсү болот Күлчоро.
Кош нардын кара көзүндөй,
Как Алманбеттин өзүндөй,
Өзүнөн ашкан уул экен.
Эминенин иши экен,
Акылды берген кенебей,
Эрдикти берген ченебей.
Койгун баатыр Коңурбай,
Артынан кууп барамын.
Арам өлүп калбаймын,
Көч жагынан барбаймын.
Көчкүгө элди алдырып,

Талаада өлүп калбаймын.
Карысам да жан керек,
Жылкыңды кууп барбаймын.
Жылас болгон жылкынын,
Эми мен артынан барбаймын.
Чоролору өрт экен,
Чогулуп келсе буларың,
Чоголдук кылды дебеңиз.
Чоң Бээжин бузчу уул экен,
Ушу айтып турамын.
Кайра айланып талчоку,
Кабыландар келсе согушам,
Кантип чыдап отурам.
Мен да намыс үчүн душманга,
Кайрылып карап отурам.
Беттешип адам калбаса,
Белгилүү экен бул экөө,
Байкадым төрөм ушуну.
Кокустан калып кабылып,
Баладан кайра качпагын.
Баатырсың Коңурбай,
Байкагын сагаң айтканым.
Булар Алманбет-Чубак баласы,
Буруттун мыкты улугу.
Жеке ээси деп ойлобо,
Бурамыр менен экөөбүз,
Сексен күнү согуштум.
Эми баатыр ойлочу,
Элдин да болот убалы.
Береним сага айтаарым,
Беттешип жоодон качпагын.
Берендерди чогулткун,
Анан издеп барбасаң.
Атаңдын көрү бурутка,
Айланып чабуул салбасаң.
Колунуңа оңой жетишпейт,
Коркуп калдым кулдардан.
Ишенип Семең кетиптир,
Жылкыны айдап алдыга,
Балдарды мындай болгон соң.
Баатыры келсе кантебиз,
Байкачы төрөм сен өзүң,
Бээжиндеги көп аяр,
Белгилүүсүн чакырткын.
Берендин уулу Семетей,
Бир токошбой декетпейт,
Ошону эске алыңыз.
Жыйнап жаткан аскерден,
Эми кабар алыңыз.
Кара тоодон жол салып,
Карагул менен Мурадыл,
Кабарга киши жибергин.
Кандай да болсо жол тосуп,
Көп жылкыны токтотсун.
Кандай баатыр болсо да,
Кабарды бизге жиберсин.
Коңтөрөм өзүң ойлочу,
Аз эле адам болсо да,
Ажыдаардай сүрү бар,
Алп кара куш сыяктуу,
Арсландын түрү бар.
Баарынан чочуп жетейин,
Семетей менен Күлчоро,
Экөөн коркуп жүрөмүн.
Ошону үчүн арстаным,
Айтайын кулак салыңыз.
Аскердин баарын чогултуп,
Эл эсебин алыңыз.
Балтакериң канча экен,
Балдардан калды кайрылып,
Байкагын менин сөзүмө.
Баарынан жаман мүшкүл иш,
Куу өрдөктөн айрылдык.
Эмгиче келип кончу эле,
Буруттар жетип жылкы алды,
Мунуң да кетти дайынсыз.

Ак кулжа атып алган го,
Айланып келип калган го.
Чоң кулжаны бул бурут,
Чочубай атып алган го.
Ошону үчүн буларың,
Бээжинден жылкы алган го.
Бети жок душман ушулар,
Атайын издеп келген го.
Деп Жойкара кеп айтып,
Жанында  турган Бурамыр,
Жана сүйлөй баштады.
Алты арыштуу кытайдын,
Атасы угуп туруңуз,
Жети арыштуу манжуунун,
Төрөсү угуп туруңуз.
Айтайын кулак салыңыз,
Аттанып жоого бардык биз,
Атышты катуу салдык биз.
Арамзаада жоо менен,
Айбыкбай найза сайдым мен,
Арыстандай жүлүнгөн,
Али качкын баланы,
Аябаган эр экен.
Аты жаман болбосо,
Атактуу баатыр болсо да,
Алдырбачу шер экен.
Айныбай тарткан атасын,
Анык Алманбеттин уулу экен.
Букурчудан тостум мен,
Бура тартып жүрдүм мен.
Кандайсың баатыр эми деп,
Анан каскак го менен урдум мен.
Ошол кезде Күлчоро,
Камырабай камсанбай,
Канмайданды согушту.
Канчорого көрүнөт,
Эсен канга бет алып,
Барган чоро көрүнөт.
Беттешип жатып салышып,
Беш күнү жүрдүм сайышып.
Күндөн-күнгө күч алып,
Табына келген тулпардай,
Таманы кызып шаңданат.
Карышкыр койго тийгенсип,
Калың элге киргенде,
Кабыландай качырат.
Катары менен алтыны,
Ал ошол каттап сайып бир коёт.
Адамдан ашкан эр экен,
Бул ааламды билчү шер экен.
Ал өзү айыкпаган эр экен,
Оңой олтоң уул эмес,
Оңуңа келсе сизди да,
Алкаранын үстүнөн,
Алып кана кетчү уул экен.
Андан көрө бурутту,
Кандай да болсо табалы.
Кан Семетей улугун,
Кан көтөртүп салалы.
Чорону колго алалы,
Чочубай кууп баралы.
Бакбурчанын кунун да,
Байкап бүгүн алалы.
Өзүмдү жалгыз коё бер,
Артынан барам мен ага,
Арсыз качкын баласын,
Айгандын эли кайда деп,
Айтайын ага мен барып,
Качып барып Бээжинден,
Кан атасы Алманбет,
Карып болуп бурутта,
Кайткан жерин айтайын.
Качып жүрүп алтын так,
Талаада калды сенин деп,
Кан Эсең карып болдуң деп,
Сен качкын атка кондуң деп,

Төрө Эсең төмөн болдуң деп,
Төмөнкү кытай болдуң деп,
Кыргызга кетип сен качкын.
Кыйынсынба эми деп,
Кылычташып көрөйүн.
Беттешип найза урайын.
Белгилүү баатыр чоро менен,
Мен дагы бир беттешип калайын.
Ажалым жетсе өлөйүн,
Ушул жалган дүйнөнүн.
Аманатын беремин,
Бакбурчудан артыкпы.
Атаңдын көрү буруттун,
Зили башка журуттун.
Азабын анын берейин,
Ишенип жүргөн чоросун,
Мен ошо тындым кылып
келейин.
Атакем менен абакем,
Айтайын кулак салгыла.
Улуксат сиздер берсеңер,
Улуу кытай төрөсү,
Ойлонуп муну көрсөңүз.
Балалык кылды дебегин,
Балалык кайып жебегин.
Төрөлүк кылсаң ардыма,
Төр арытып жөнөйүн.
Төбөңдөн урган бурутка,
Мен бир тогошуп келейин.
Алым келсе буруттту,
Алып кайра келейин.
Алым гана келбесе,
Атымды олжо берейин.
Буудандын оозун бурайын,
Артынан изин чалайын.
Алды казар буруттун,
Айланып согуш ачайын.
Көк кызыл менен жетейин,
Жылкынын алдын тозоюн.
Беттешүүчү баатыр бар болсо,
Мен Кең Текесте болоюн.
Келип калса бурутка,
Кейишти катуу салайын.
Кетирип ийип жылкыны,
Кантип төрү калайын.
Кайгулдуу катуу салайын,
Катуулап жөнөп алайын.
Катылган душман жол болсо,
Качырып найза сайайын.
Улуксат мага кылгыла,
Карагул менен Мурадыл,
Кабарды барып айтайын.
Талчокунун тескей кыр,
Башка жолго салайын.
Буруттан өтүп алайын,
Эмине болуп жатты экен,
Эрлерди кабар алайын.
Эсен аман мен тапсам,
Эси жок бурут кек алат.
Эсебин эми табалы,
Эстетип ага айтайын,
Эсепсиз калың кол менен,
Текестин тосуп турайын.
Теке маңдай согушуп,
Темтеңдеген буруттту,
Мен Текестен тосуп алайын.
Он эки, он үч күндөрдө,
Мен ак кулжанын кайна кыр,
Кароол карап отурчу,
Кара ташка барайын.
Калмактан кабар алуучу,
Кайгуулду бекем салайын.
Кулжа эмине болду экен,
Бөксөдөн кабар аламын.
Кезигип калса көп жылкы,
Бер жакка имерип саламын.

Беттешип калса көп душман,
Качпай найза саламын.
Кан Алманбет баласын,
Кайдан да издеп табамын.
Бакбурчун кечинде,
Мен ошо качкындан алып
каламын.
Он миң да болсо көч салам,
Жүз миң да болсо токтотом.
Алар менен согушуп,
Асты абайлап жүрөмүн.
Он беш күндүк көчүүдөн,
Эң келип кирип кетемин.
Карагул  менен Мурадыл,
Кандарга барып жетемин.
Камынгын душман келатат,
Кандай иш кылып жатканын,
Көзүм менен көрөмүн.
Белеске киши коёмун,
Берендерди чогултуп,
Белгилүү калмак улук үчүн,
Белчемдүү жерге коёмун.
Буруттун өтчү жерине,
Мен ошол текес белине,
Өзүм тозуп жатамын.
Өкүмсүнгөн бурутту,
Башка мээлеп атамын.
Өзүм атып түшүрүп,
Тамашага батамын.
Жылкымды кайра тозомун,
Жылас кылам ошону.
Бүт жылкыны аламын,
Кайда айдап келемин.
Караынай бурутту,
Кандай өнөр бар экен,
Кайкыдан карап жатайын.
Кабарын алып мен көрүп,
Кыргыздан чыккан эрлерге,
Мен кыйкырып найза салайын.
Деп күүлөнүп Бурамыр,
Кебин айта баштады.
Мына ошондо Коң төрө,
Каарды катуу баштады.
Жанында турган калайык,
Кырылып кете таштады.
Жойкара баатыр сен өзүң,
Жоолорду нечен көргөнсүң,
Жоболоңдуу душманды,
Жоолашып нечен келгенсиң.
Жортуулду далай баргансың,
Жоолашып душман алгансың.
Жоосу каткан бурут менен,
Нечен жолу согушуп,
Намысты колго алгансың.
Мына бу кан Манас,
Өзү баш болуп,
Бээжинге келген кезинде,
Алакөө кандын барында,
Айкөлүң Манас, Алманбет,
Адырдан алды жылкыны,
Артынан барып согуштук.
Нечен-нечен эр келди,
Бели катуу шер келди.
Ошолордон эр бекен,
Мына Алманбет уулу Күлчоро,
Чубактын уулу Канчоро,
Экөөнү байкап көрдүм мен.
Баатырлыгы бар экен,
Байкадым балдар чабамасын.
Кызы талак Күлчоро,
Гүлүстөн мыкты бала экен.
Күндүн көзүн түк кылса,
Ачып  мени Күлчоро,
Анын аярдыгы бар экен.
Түн ичинде жоо чапкан,
Түгөнгүр кандай бала экен.

Түп көтөрө барайын,
Түнүнө жемин аңтарып,
Таласты чаап алайын.
Кантөр Манас баласын,
Кайда экенин билейин.
Кармашты катуу салайын,
Каңгайдын элин аламын.
Коңурбай Талас барам деп,
Кабарды мындай кыламын.
Кармап бир алып бурутту,
Кайгуулга өзүм чаламын.
Канын да кошо өлтүрүп,
Кабылан сындуу чаламын.
Жойкара болбой жерге кир,
Жоболондуу баатыр деп,
Сени да киши айтабы.
Ишенгеним сен болсоң,
Кытайлар жерге киришсин.
Алты арыштуу кытайдын,
Анык мыкты төрөсү,
Айткан кебиң укканда,
Алтайдын эли шашпайбы.
Акими коркуп жатат деп,
Алтайды көздөй качпайбы.
Жети арыштуу манжуунун,
Жеткилеңи сен элең.
Жойкара айтып жатат деп,
Бүгүн Айгандын эли жатат го.
Түн боюнча токтобой,
Түп Бээжинге качат го.
Түгөнгүр сенин сөзүңө,
Түп көтөрө козголуп,
Түн ичинде качышып,
Тыргооттун эли кетпейби.
Тымтыракай бөлүнүп,
Тарап-тарап жешпейби.
Коңурбайдын агасы,
Жойкара коркуп атат деп,
Сенин айткан бул сөзүң,
Түп Бээжинге жетпейби.
Тыңшанын мыкты улугу,
Туйгундай баатыр сен элең.
Туурунду туруп шаңшыган,
Кабар бир тынар мен элем.
Кай жерде жоодон калчу элем,
Кангайга мыкты ээ элек,
Кайратың сенин канакей,
Катындын сөзүн сүйлөйсүң,
Катыгүн байка төрөм деп.
Калайыктын ичинде,
Катындарча сүйлөйсүң.
Сенин бир кебиң укканда,
Тыңшанын эли бөлүнөт,
Тынымсыз кайра жол тартып,
Чыгышты көздөй сөгүлөт.
Айтайын сага мен эми,
Алиги кытай төрөсү.
Абыдан катуу айтты деп,
Айгандын эли бөлүнөт.
Алаке кандын балдары,
Аргасы мунун кетти деп.
Аманат жандын барында,
Айылыбызды табалы.
Деп кытайлар бөлүнөт,
Эки-экиден сөгүлүп,
Элиң качып жүрбөсүн.
Эси жок калмак жаман эл,
Эште жүгүн артпасын.
Эси чыгып ал коркуп,
Эмалды таштап талаага,
Эрме чөл, калың токойго,
Эми эле кире качпасын.
Эсиңе сенин салайын,
Эсен кан эми шашпасын.
Эң укмуштуу бурут деп,
Элине кире качпасын.

Эсен кан укса бул сөздү,
Ээсиз башың албасын.
Кыл күрөңдүн куйругуна,
Карыганда башыңды,
Кыл жип менен байлатып,
Кайда жүрөт бурут деп,
Кармап атты байлатып,
Каныңды суудай агызаар,
Кантейин эми айла жок,
Бир туугансың чама жок.
Же болбосо эң мурун,
Сенин башыңды кесип аламбы.
Анан кийин бурутка,
Айланып чабуул саламбы.
Айтып турган кебиңе,
Жергемдин ээси укпайбы.
Желмогуз экен бурут деп,
Желбээжине качпайбы.
Сүйлөп турган сөзүңө,
Мал жүнүн эми бөлүнөр,
Балакет экен душман деп,
Байкабай айтып жатасың.
Калайык толкуп сабылар,
Кандай шумдук чыкты деп,
Мал түгүндөй көп калмак,
Кайра изине салбасын.
Кабкага кирип барбасын,
Аялдан жаман кеп айттың,
Абайлабай бек айттың.
Сенин айткан кебиңди,
Чет Бээжин эли укпасын.
Угуп калса ал шибе,
Үйлөрүнөн чыгышпайт.
Ушинтип өлмөк болдук деп,
Үймөлөктөп отурат.
Уй мисалды кол эле,
Убайымды көп тартып,
Улуп-уңшуп ит үрсө,
Үйүнөн чыкпай жатуучу.
Ушулар кетер жол менен,
Уңгур-чуңгур жер издеп,
Издеп кирип кетишет.
Шибенин эли кырылар,
Шишиң толду кантейин,
Сени мен шишкебекке сайайын.
Түрүлөй эле сайылат,
Сени мен кайыңды ичип алсамбы.
Бурутуң кыйын элденби,
Караңгыда жол чалып,
Карышкырдай кол салып,
Кайраттуу элден экен деп,
Сен коркуп калган экенсиң.
Аттанып азыр жөнөгүн,
Эсен кандын өзүнө,
Ушундай экен бурут деп,
Айтып баргын өзүнө.
Алмадай башың албаса,
Атаң сенин Алооке,
Аякташа каласың.
Айтып турган сөз үчүн,
Өзүң жооп айтасың.
Өзөндүү булак, сыр көлмө,
Өрдөтүп малды жайдардым.
Өзүмдөн душман болгон соң,
Мен эминеге таарындым.
Аталаш элең Жойкара,
Айткан кебиң бузулду.
Акими элең кытайдын,
Алакандай бир бурут,
Ашкере баатыр экен деп,
Сени кайсы ит урду.
Тиштеп алгыз сөзүң бар,
Илиейген кытай көзүң бар.
Бээжинге душман келгенде,
Берендин бири сен элең.
Белгилүү баатыр Коңурбай,

Бээжиндин каны мен элем.
Ишенгеним сен элең,
Токсон уруу көп кытай,
Төрөнүн бири сен элең.
Төбөңдөн урган болбосоң,
Буруттан качан кем элең.
Карматып миндим кара атты,
Кангайга каччу болгондо,
Катарлаш кошо чоңойдук.
Калмакты билдик,  бир жүрдүк,
Качан да болсо душмандын,
Акылын өзүң тапчу элең,
Көрүнбөй жатып душманды,
Көзгө атып алчу эр элең.
Көргөндө бурут кулунан,
Көңүлүң неге ашыкты.
Көк жалдарын буруттун,
Көрсөтпөдүк беле экөөбүз.
Кан майдан согуш ичинде,
Карсылдашып салышып.
Калмактын эли таң калган,
Кадектүү баатыр бул деп,
Кабылан  Манас жердечү.
Кабарына бир алган,
Канткенде айтып турасың.
Катуулап согуш ача албай,
Каргадай болгон баладан,
Кайра тартып качканың,
Катындан бетер темтеңдеп,
Катуулап эсти тайганың,
Каргандыгың эмеспи.
Кайра тартып качырып,
Карагай найза колго алып,
Кардын жара сайган сен.
Кадектүү баатыр Жойкара,
Кадеми Алмаң баласын,
Каскактап сайды дебейби,
Кыл күрөң оозун бурбасаң,
Кылчайып карап турбасаң,
Кыйын сынган бурут кул,
Кылычын колго албайбы.
Калмактуу койдой жабырып,
Каскактап найза сайбайбы.
Кантер экен душман деп,
Кайгуулду катуу салбайбы.
Каңгайды бүт кабырып,
Кайра айдап албайбы.
Акылың сенин бар болсо,
Атаңдын көрү бурутту,
Адырдан неге тозбойсуң.
Ашкере баатыр экен деп,
Ал бурутту коргойсуң.
Атагы чыккан өзүңдү,
Айгандын эли кордойбу.
Алманбет уулу Күлчоро,
Ал кандай баатыр экенин,
Сенден мурун мен билем,
Селдейтип сайып алууга,
Эсебин өзүм табамын.
Акылың сенин канакей,
Ата журт кытай эл болсо,
Аттанба кантип чыдаймын.
 Ал окшогон бурутту,
Адырдан тосуп албайсың,
Аңтара сайып албайсың.
Акимсинип кепти баштайсың,
Андан көрө сен айтсаң,
Алдыман тозуп турдум деп,
Алиги бурут баласын,
Аңтара сайып өттүм деп,
Эмне үчүн айтпайсың.
Сенден бир бурут эр бекен,
Сенделип качып кеткен кул,
Же болбосо кыргызга,
Жеткилең баатыр шер бекен.
Жетиктүү кыргыз кайран эл,

Жеткизбей кетчү ал бекен,
Жете албай калчу мен бекен.
Жетип аска кыр ашып,
Амал болчу мен белем.
Алдырып ийип жылкысын,
Арманда кантип каламын,
Атанын көрү кыргыздын,
Мен айылына чейин барамын.
Келтирип мылтык атамын,
Керүүдөн тосуп жатамын.
Мен ошо Кең-Колго чейин
барамын,
Кербеңсиген Семеңдин,
Кетиремин айласын.
Кечеги жылкы кайда деп,
Келтиремин эсебин.
Жодугуру колду баштасын,
Жойкара жолдон качпасын.
Алтай эли канча деп,
Алтайдын алды эсебин.
Манжунун эли канча деп,
Манжунун алды эсебин,
Тыргооттун эли канча деп.
Тыргооттун алды эсебин,
Инденин эли канча деп,
Инденин алды эсебин.
Жангар эли канча деп,
Жангардын алды эсебин.
Мөндүр эли канча деп,
Мөндүрдүн алды эсебин.
Шибенин эли канча деп,
Шибенин алды эсебин.
Манжур эли канча деп,
Манжурдун алды эсебин.
Арат эли канча деп,
Араттын алды эсебин.
Караат эли канча деп,
Караттын алды эсебин.
Айган эли канча деп,
Айгандын алды эсебин.
Алаке эли канча деп,
Аландын алды эсебин.
Магул эли канча деп,
Мангулдун алды эсебин.
Тыңшанын эли канча деп,
Тыңшанын алды эсебин.
Эсенкан эли кана деп,
Эсендин алды эсебин.
Азизкан эли канча деп,
Азиздин алды эсебин.
Акимдерин чогултуп,
Алиги манжу сур калмак,
Ачуусу келип оолугуп,
Балтанын эли канча деп.
Балтанын алды эсебин,
Найза кериң канча деп,
Найзанын алды эсебин.
Асмандагы торгойду,
Тамга ашып алчудай,
Учуп барган жорунун,
Коз этин бузбай жеймин деп,
Канатка атып алчудай,
Ийинден чыккан сүрдү,
Мурдун бир жерип алчудай,
Көз атар мерген канча деп.
Көрүшөмүн бурутка,
Жарта-жарта болбойбу,
Семетей менен Күлчоро,
Бул эмине ойлоду.
Ала-ала болбоду,
Манастын уулу Семетей,
Жоо малына тойбоду.
Жортуулду качан коюшат,
Алып-алып койбоду.
Семетей менен Күлчоро,
Бээжинди бузуп алсам деп,

Белсенип чыккан турбайбы.
Бейтай менен аларга,
Бээжинде чыгып мен барам,
Мергендин алып эсебин.
Асман менен учуучу,
Аярдын алды эсебин.
Кырк миллион кол болуп,
Кылымды бузчу мал болуп,
Кытайын билди эсепти,
Көкүбөсүн жамынып,
Көрсөң калмак сур кытай,
Көк жолборстой чамынып.
Не кыларын таба албай,
Ачуусу келип алактап,
Араң турат салактап.
Кан ичмеси бек кармап,
Кабылан кытай отурат.
Кийик тонду сур калмак,
Киймек болду жаңыдан,
Алты олпок, беш чопкут,
Арыстан кытай кийди эми.
Акырын кепти баштады,
Жойкара жүрсүн туу алып,
Жөнөйүлдү ашсын бул.
Жөөнү кайда жатканын,
Өзүм издеп табамын.
Азыр жалгыз аттанам,
Айганды колду саламын.
Буруттан кабар аламын,
Буткулга чыгып барамын.
Буруксуп жылкы алгандар,
Буурулду минип булкунтуп,
Буткулда карап жаткандыр.
Алтынайдын күмбөздөн,
Ары эңкейишти баскандыр,
Качан бир калмак келет деп,
Каркырада жаткандыр.
Кайрылбай кайдан кетишет,
Бүгүн капканын оозун ачкандыр.
Кайда калмак жайлайт деп,
Чоң дүрбүнү салгандыр.
Калмактан чыккан мен өлбөй,
Кыргыздан чыккан ал өлбөй,
Канткенде согуш басылат,
Калайык угуп туруңдар.
Кайраттууңар чыгыңар,
Атадан алтоо бар болсо,
Экөөң элге барыңар,
Төртөөң мында калыңар.
Атадан бешөөң бар болсоң,
Экөөң элге кайтыңар,
Үчөөң мында калыңар.
Атадан төртөө бар болсо,
Экөөң элге кайтыңар,
Экөөң мында калыңар.
Атадан үчөө бар болсо,
Экөөң мында калыңар,
Бирөөң элге кайткыла.
Атадан экөө бар болсо,
Бирөөң элге кайткыла.
Атадан жалгыз бар болсоң,
Аның элге кайткыла.
Жоодугур менен Бозкертек,
Жолду башынан сен жөнө,
Жойкара менен Бурамыр,
Жоо эсебин алгыла.
Аскердин канча экенин,
Ашыкпай алгын эсебин.
Элдин алгын эсебин,
Эринбегин эч бириң.
Баатырдын баарын тандагын,
Жоон өпкө, күрсүлдөк,
Көгөн жүрөк, түрсүлдөк.
Очогер мылтык,  чорт этме,
Абир түшүп калчудан,
Бириң да баамыр албагын.

Катын кашында,
Ал ошо казанынын башында,
Билип турган чандакташ.
Ченчи менен бир жарма,
Такыр ичкен акмактан,
Такыр бириң албагын.
Алакенин акмакты,
Сен ошо кийимине салып
айдагын.
Эсен-аман келдик деп,
Эми барып мактанып,
Эченди сайып салдым деп,
Ал катынына мактансын.
Кабарлап айтып коёюн,
Күлүп бир бузган дардаңдап,
Үйүндө жаптан болбогон,
Тазаларын тандагын.
Таамайлап мыкты карагын,
Эсиңе ала сен жүргүн,
Эл эсебин алганда,
Кээ бир кечир кезигет,
Келесоо болуп көрүнөт.
Аныктап тактап келгенде,
Ал анык бир саа көрүнөт.
Андайдын берген эзесин,
Ачуудга тийсе кечирди,
Атып салып жүрө бер,
Антпесе элде ким көрөт,
Ачууңду катуу салгын сен.
Бурамыр экөөң артымдан,
Алты күнгө калбай кел,
Тал чокудан жетермин.
Куу өрдөктүн көлүнөн,
Мындан жетип калармын.
Мындан жылкы таппасам,
Ак кулжанын белинен,
Мындан жетип табармын.
Мындан таппай мен калсам,
Он беш күндүк көк чөлдөн,
Мындан жетип таң ашып,
Андан жетпей мен калсам,
Кундуз менен жылдыздан,
Мындан жылкы алармын.
Мындан жете албасам,
Текестин башы күрпүлдөк,
Мындан жетип табармын,
Мындан жетип таппасам,
Иши башы үч өрдөк,
Мындан жетип аламын.
Мындан жылкы албасам,
Каштын кара суусунан,
Мындан жетип аламын.
Андан жетип албасам,
Каркыранын сазынан,
Андан жетип аламын.
Бурутка жетчү күч керек,
Мен-менсиген шер керек.
Белгилүү баатыр эр керек,
Алып бурут кеткенче,
Алты айчылык жыл керек.
Атагы ашкан эр керек,
Мен-менсиген шер керек.
Алкара ат менен барамын,
Алдыдан жылкы табайын.
Айдап бир кеткен элимди,
Ажыратып алайын.
Деп Коң төрө оолугуп,
Тегирмендей кара атты,
Алтымыш балбан жетелеп,
Алып келди өнтөлөп.
Алдыга минчү чоң кара ат,
Алдыга манжу чоң кара ат.
Алдагы буудан мал ошол,
Алты арыштуу көп тыңша,
Эрке эсеткен мал ошол.
Эсепке кыйын Коң төрө,

Ач маралдай жулкунтуп,
Ээң өлгөн кара атты,
Алып жайган булкунтуп,
Алып чыкты жулкунтуп.
Коңурбайдын чоң кара ат,
Байлоодо турса зериккен.
Бастырып адам мингенде,
Башын бербей ээликкен.
Куйру саян, жалы аз,
Туяктын түбү көпкөк таш.
Жал куйругу бир топ аз,
Жаныбар кандай чоң кара ат.
Кече кайыптын кызы Кыз Сайкал,
Кан Коңурбай бул калмак,
Алты ай тынбай согушуп,
Атайын алган бул кара ат.
Калмак ээрди салышып,
Кандай кытай камынып,
Кытайдын ээрди салышып,
Кыйын калмак камынып.
Жолборстой болуп түрдөнүп,
Жоболоңдуу калмак кул,
Жоготом деп ойлонуп.
Алкарага минди эми,
Акими кытай кеп айтат.
Артынан келе берген,
Ашыкпай шашпай эми деп,
Алаке уулу Коңурбай,
Айтып оозун жыйганча,
Какандын баары бүгүлүп,
Катын болуп жүгүнүп.
Кайда айдасаң көндүк деп,
Ары жалган бир өлүм,
Башка келсе көрдүк деп.
Ажалы жетсе өлбөйбү,
Артында калса туягы,
Атамдын кегин алам деп,
Айланып издеп келбейби.
Деп ушинтип калайык,
Калыктын баары чуу болуп,
Калбай ээрчип алды ошо.
Мына ошондо Коң төрө,
Элин көрүп кубанып,
Эми Коңур кеп айтат.
Өзүңөр билип эми деп,
Атына минип жөнөдү.
Алиги кытай бастырып,
Алкараны жулкунтуп,
Алаке кандын баласы,
Аким кытай булкунтуп,
Жан жагына карабай,
Алты чепкен кара аттын,
Супсуруна бастырып.
Алты куржун ок-дары,
Артып койду жонуна.
Бурамырга барганы,
Мындан бата алганы.
Көбкөрүдөй марман таш,
Төбөсүндө жаркылдап.
Тоту куштун куйругу,
Он экини сайынып,
Опсуз кытай камынып.
Алтымыш токуган,
Аркын таш,
Алиги кытай сайып,
Көккүбөсүн теминип,
Көөдөк кытай сүйүнүп.
Жоодон кабар алмакка,
Жөнөп чыкты жаңыдан.
Алдына минген чоң кара ат,
Байлоодо туруп семирген.
Байлап койсо элирген,
Балбандын баары чогулуп,
Сугарарда жетелеп.
Суудан чыкса ойноктоп,
Коңурбайдын кара аты,

Кара аттын баар деген.
Капталында канаты,
Күн Чыгыш менен Күн Батыш,
Учуп жүргөн адаты.
Оозун коюп бош таштап,
Оолугуп кытай жөнөдү.
Алтай, манжу аралаш,
Артынан эчен баратат.
Ээрчишкен эр келет,
Төөгө минген дөө келет.
Жаткан иттей кашуулар,
Жан казандай баштуулар.
Атка минбей жөө келет,
Аким кытай артынан,
Илек-илек көч келет.
Баданасы көйкөлөт,
Барчу жери канча деп,
Баатырлары бир болуп,
Бир чочконун этине.
Бир жегенде тойбогон,
Бекеринен айтылбайт,
Мына ушундай дөөлөрдүн,
Эшекке жүгүн артышты,
Экиден калмак басышты.
Төөгө жүгүн артышты,
Төрттөн кытай басышты,
Качырга жүгүн артышты.
Канча кытай басышты,
Оркелге жүгүн артышты,
Бир канчасы бөлүнүп,
Кыяда жөө басышты.
Калың кытай каланчы,
Калбай жөнөп келатат.
Кон Коңурдун артынан,
Кайнап чыгып келатат.
Калың калмак, көп тыңша,
Жайнап чыгып келатат.
Белестен, кыяда,
Беттеп чыгып баратат.
Кан Коңурдун артынан,
Калайык түмөн бөлүнүп,
Качанды эми бир башка.
Манжунун эли сап болуп,
Алты айдын эли баш болуп.
Айгандын каны өзүнчө,
Аламандап калың кол,
Арты жакта жайнады.
Тегирмендей кара атты,
Тегеренип булкунтуп,
Теминип койсо чоң кара ат.
Тектерди көздөй жулкунду,
Келишимдүү чоң кара ат.
Керилип кытай жөнөдү,
Келе жатат чоң кытай.
Керүүдөн барат карачы,
Келген элден санатмак,
Кытай, калмак аралаш,
Кылкылдашып келатат.
Акты кийип амал бар,
Кара кийген калдай бар,
Кызыл кийген кечил бар,
Көк кийген көкжил,
Шиеби сыйрак,  шиш аяк,
Шимиңдеген көк шыйрак.
Ар түрлүүсү көрүнөт,
Айткан сөздү укпаган.
Алдына келсе ташбаган,
Аны дагы жечүлөр,
Жыланды көрсө кесип жейт.
Баканы көрсө басып жейт,
Кайган калмак каканчы,
Өз тамагын таап келет.
Тамагы болсо талаада,
Тартынбай согуш салбайбы.
Тамакты кайдан табам деп,
Талаада улук каны жок,

Тамагы менен табы жок.
Таамайлап айтып отурсаң,
Талкаланса иши жок.
Талы кесип калың кол,
Таң тамаша оюн жок.
Жойкара колду баштаптыр,
Жоодугер менен Бозкертик,
Жолду баштап алыптыр.
Жоболоңдуу калмактын,
Баатыр уулу Бурамыр,
Баарын айдап алыптыр.
Батышты карай жөнөдү,
Байкасаң кыйын чамасы.
Басташкан жоосу барчылап,
Канаттуу учуп каркылдап.
Жер солкулдап эс кетет,
Кудай бетин салбасын.
Кутургандай чамынып,
Кубалап калмак алыптыр.
Бөксөнүн кайкы жолунда,
Бөтөнчө келет калың кол.
Адырдын салкын жолунда,
Аябай келет калың кол.
Мылтыктуусу алдында,
Найзакери четинде,
Акылдуусу бетинде.
Кылычтуусу бир болуп,
Жөө күлүгү дөө болуп,
Жолдо келет калың жоо.
Аярлары бир болуп,
Асмандап учуп жөнөдү.
Дөө балбаны бөлүнүп,
Дөбөдөй болуп көрүнүп.
Алптары бир болуп,
Алп кара куштай көрүнүп,
Алаке кандын Коңурбай,
Алдында келе жатат.
Алиги манжу баласы,
Артынан айдап алганы.
Кан Коңурдун артынан,
Калбай келе жатканда,
Кабарда колсоң көрөсүң.
Кайнаган калмак ушул жоо,
Таң сөгүлүп таң келет.
Таңдын алдын карасаң,
Талынбаган сур калмак,
Тартынбай жүрүп келатат.
Талчокуну бет алып,
Тыңшанын келет улугу.
Тындырбай айдап артынан,
Туйгун кытай баласы,
Эли айдап карачы.
Эңкейиште көк кызыл,
Эликтей бутун салыптыр.
Эми келе жатканы,
Элди айдап камынтып,
Бет алып жөнө эми деп,
Беренди айдап алыптыр.
Көзүңдү алып жөнө деп,
Көк жалды айдап алыптыр.
Мына ошондо Коң төрөң,
Алкара атты камчы уруп,
Айылынан чыкты шаштырып,
Акими кытай жөнөдү.
Аны менен жанына,
Алтымыш жайсаң кошулуп,
А дагы калбай келатат.
Ак асаба кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Көк асаба көк туу,
Көз жетпеген ызы чуу.
Көрсөң Коңур жөнөдү,
Көргөн жандар чогулуп,
Көрсөң калмак сур кытай.
Көк жолборстой көрүнүп,
Көркөмдүү күлүк чоң кара,

Көтөрүлүп түйүлүп,
Үстүндөгү калмакты,
Жаш балача ыргытып
Камралашса ал кара ат,
Учуучудай көрүнүп,
Көбөркөй кызыл таш,
Төбөсүндө төгүлүп.
Сыр бараң жондо жаркылдап,
Чоң өтүк бутта жалтылдап.
Асабалуу чоң зуңгу,
Айга чыгып жаркылдап.
Чоюн башы булкуйуп,
Калмактын бети тултуюп.
Сакалы ээги жайылып,
Сандыргалуу чоң калмак,
Келе жатат камынып.
Эмалдуу бойлоп ас калмак,
Жалгыз келет отурду.
Артын кытай караса,
Уй тилиндей бөлүнүп,
Улуктары калмактын,
Эми келет көрүнүп.
Улугу манжу көп кытай,
Алыс калган сөгүлүп,
Арам өлгөн Алкара,
Алып келдиң мында деп,
Алачыктай чоң чынар,
Бийиги бир жүз сексен аз.
Башына чыгып барайын,
Төрөсү бурут кайда экен.
Төбөсүнөн басайын,
Тегерегин карайын,
Тегиз байкап алайын.
Талчокунун бер жакта,
Талыкпай душман бар бекен.
Таамайлап изин чалайын,
Тамашага канайын.
Тай буурул менен кезиксе,
Тартынбай найза сайайын.
Тай буурул менен Кара аттын,
Тамашасын салайын.
Кимиси күлүк экенин,
Эрме чөлдө сынайын.
Эрдемсиген бурутту,
Эби менен жыгайын.
Атасы Манас төрөнү,
Алдап чаап салгандай,
Айласын мунун кылайын.
Кайда экенин билейин,
Карарды катуу салайын.
Карарып издеп келиптир,
Кыргыздын мыкты улугу,
Кыраанынды байкайын..
Кыядан тозуп турайын,
Кыйын сынган буруттун,
Кыядан найза колго алып,
Кыйын болсоң келгин деп,
Кегимди эми алайын.
Кетирбей муну элине,
Кегимди жоодон албасам,
Бакбурчумду өлтүргөн,
Баатырсынган качкындын,
Баласын издеп табайын,
Кароолду өзүм чалайын.
Кан Манастын тукумун,
Тындым кылып салайын.
Тындырбай жолду чалайын,
Тыңшадан элим келгенче,
Тымызын жетип барайын.
Тыңдуусунган кыргызды,
Тыты кайсы экенин,
Элин билип калайын.
Алым жетпей баратса,
Айланып кайта чабайын.
Алакөөдөн Семеңди,
Мен айылынан издеп табайын.

Күлчоросу кайда экен,
Гүлүстөн чоро бала экен.
Баатырынан мен бөлүнүп,
Балага найза сайайын.
Балакеттүү качкындын,
Баласына сайайын.
Семетей түгүл Манаска,
Сала жүргөн көлүм го.
Сендиректеп качкын кул,
Качан болсо ушунун,
Укумунан тукуму,
Манаска жардам болушту.
Же болбосо ал өзү,
Адырда жалгыз болгондо,
Айныбай найза сайармын.
Атасы Манас болсо да,
Атынан алып түшөөрмүн.
Ак келтени олжо алып,
Айылына эми келермин.
Деп сур калмак ойлонуп,
Атын байлап чынарга,
Акырын түшүп отурду.
Кийими тонун чечти эми,
Кыраанының кытай улугу,
Кыяга чыгып жүрдү эми.
Алиги чынар башына,
Акырын чыгып келди ошо.
Айни алды чоң алтын,
Ак дүрбүсүн алды эми.
Тал чокунун бетине,
Чочубай дүрбү салды ошо.
Чоочун бурут кайда деп,
Чоң дүрбүнү салды эми.
Канакей бурут кайда деп,
Кабылан кытай карады.
Тал чокунун белинде,
Таамайлап карап олтурса,
Тай буурулдун изи бар.
Тааныды кытай бул танбай,
Таналуу аттын изиндей,
Тасмадай кыя белинде,
Талдуу жердин жээгинде,
Тай буурул сындуу буудан ат,
Талда турат байланып.
Төрөңдүн жалгыз баласы,
Төрт бүктөп көрпөчө,
Төрөң салып алыптыр.
Төбөңдөн урган көп кытай,
Төрөсү качан келет деп,
Тосуп уктап жатыптыр.
Муну көрүп чоң калмак,
Дааналап карап билди эми.
Сан жылкыдан дайын жок,
Сандаган элден кабар жок.
Бул эмине сонун деп,
Жылкыны кайдан табамын.
Жыластар айдап кеткенби,
Көп жылкыны Күлчоро эр,
Көрсөтпөй айдап кеткенби.
Көк жалдын жалгыз баласы,
Өзү тосуп келгенби.
Өкүмсүнүп, шерсинип,
Элден келген турбайбы.
Өзү эле ашкан эрсинип,
Өзөндү бойлоп желген го.
Өзүмөн ашкан кимден ал,
Буурулду минип желген го.
Бура тартма жол менен,
Бул Манастын баласы,
Буруксутуп келген го.
Кезеги мунун келиптир,
Кудай айдап кыямат,
Кан Манастын баласын,
Мага бүгүн ал келди.
Тал чокуда буйуктап,
Аңдыбай жаткан баатырга,

Абайлатбай барайын.
Менде албараны минейин,
Астыңкы жоого кирейин.
Арыстанын туруп алганча,
Айланып дүрбү салганча,
Кайнап жаткан түнт токой,
Ошого кирип кетейин.
Токойдон түндө чыгайын,
Токтобой чыгып барайын.
Тоодой болгон бурутту,
Томолото сайайын.
Кана баатыр кандай деп,
Кайра айдап алайын.
Кан Манастын баласын,
Кан майданда сынайын,
Теректен түшүп барайын.
Тегеректи мен байкап,
Анан атка минейин.
Балким бала Күлчоро,
Токойго кирип турбасын,
Токтоп тургун калмак деп,
Токтобой найза салбасын.
Тел кызыл минип желбесин,
Тегегекти карабасын.
Төрөсү жалгыз экен деп,
Теминип бала жүрбөсүн.
Деп Коң төрө ойлоно,
Күлөшөндүн гүл токой,
Күүгүмдөп турчу адаты,
Аны бир карап калды эми,
Аябай дүрбү салды эми.
Жыландуу кокту беш адыр,
Жылдырбай кытай көрдү ошо,
Жан адам мында билинбейт.
Жана дүрбү караса,
Кескелдирик жыланы,
Келип ойноп жатыптыр.
Андан бери көргөндө,
Абайласа билинбейт.
Бир адам сындуу көрүнбөйт,
Кайган каран из төгөт.
Чубап жылкы өтүптүр,
Муну төрө калмагың,
Тегиз байкап билди эми.
Мындан өткөн экен деп,
Баатыр кытай билди эми.
Балдары мында жок экен,
Таласта жүргөн чагында,
Дардайып уктап жатышы.
Кандай да болсо деми бар,
Канчоро менен Күлчоро,
Кароолго аны жиберип,
Кыргыздан чыккан бул арстан,
Кытайды бузчу деми бар.
Бирок алдырбаймын бул сапар,
Асманда жылдыз мага оң,
Атышкан болот бул сапар,
Астыма канча кор болот.
Төбөмдө жылдыз оң неге,
Төрө Манас баласы,
Алуучу жолу жок эле,
Бетинде жылдыз оң эле.
Берен Манас баласы,
Беттешүүчү жолу жок эле,
Мандайда жылдыз оң эле.
Айкөлүңдүн баласы,
Ушул сапар Бээжинди,
Чабуучу жолу жок эле.
Туурамда жылдыз оң эле,
Туйгун шердин баласы,
Тушуман келип жылкы алып,
Атышчу жери жок эле.
Алда эмине болгонун,
Өзүм да билбей отурам.
Кабылан Манас баласы,
Катуулап согуш сала албас,

Кайра айланып Бээжинге,
Кайткыс кылып коюп,
Капталда уктап жатканда,
Кара ат менен ким барып,
Канын төгүп келет деп.
Деп чоң калмак ойлонуп,
Манастын уулу Семетей,
Бастырып чыкчу эр бекен.
Арабыштуу көп кытай,
Банаалап келчү мен белем.
Баатырдын уулу Семтей,
Басып алчу ал бекен,
Бастырып жөнөп олтурсам,
Кайдан жылкы табамын.
Жылкымды кайра алгыча,
Мен Таласка чейин барбасам,
Кызы талак буруттун,
Кыздарын алып тартуурга,
Анан кайта келбесем,
Алманбет,  Манас балдарын.
Алымымды салбасам,
Алакенин Коңур деп,
Айланып түрүү жүрбөйүн,
Андан көрү жалгандын,
Аманатын берейин.
Алакандай бурутту,
Айланып чаап албасам.
Алаке кандын Коңурбай,
Атагым элге дайындап.
Дардайып жүрүш не керек,
Таластан ошо атпасам,
Атбашы канжар кошо алып,
Анан кайра кетпесем.
Алым келсе ок жыйып,
Өзүм туулган жер эле,
Өзөнү булак кашка суу,
Ойногон жерим эсимде.
Алаке кандын ажайып,
Али эле турат эсимде.
Ал жерге Манас келгенде,
Айдап бир элди көчкүн деп,
Алааматты салганда.
Аттанып чыгып согушуп,
Анжиян таштап качканда.
Адырлуу тоону басканда,
Алакөө кандын калың эл.
Бээжинди карай качканда,
Берен Манас Алманбет,
Бери жактан дүрбү салганда,
Беттешип чабуул салчу элек.
Берендер менен кагышып,
Кайгуулга нечен барчу элем.
Арыстан Манас баласы,
Арбуудан минип келиптир.
Атынын кунун кубалап,
Азамат мындай болбойбу.
Анык шердин баласы,
Айныбай кирип жылкы алды.
Атынын кегин ойлонуп,
Ажалың жетип сен өлсөң,
Атынын кегин алуучу.
Азамат эле Бакбурча,
Аны карап Күлчоро,
Айалдабай союптур.
Атасынын кунун кууп,
Амалкөй бала көрүнөт.
Аңдып бир сайып коюптур,
Кан Манастын тукуму,
Түгөнгөн сайын түтөптүр.
Түгүнөн бери күчөптүр,
Аламын деймин оюмда.
Алдырбай кетип калабы,
Чабамын деймин оюмда.
Бул чаптырбай кетип калабы,
Чымачын эли кеп кылып,
Чымчып сүйлөп алабы.

Чың коркопой барып буруттан,
Коңурбай найза жеди деп,
Чымачын бүлүк салабы,
Калдайлар кепти салабы,
Канакей кыргыз баатыр деп,
Карагул сүйлөп алабы?
Деп Коңурбай арыстаның,
Эмалдуу чынар башынан.
Эми кытай түштү эми,
Атына барып минди эми.
Артынан жоону кубалап,
Алкара менен жүрдү эми.
Алдындагы кара атты,
Олбуй-солбуй камчы уруп.
Он тетири теминип,
Өлөрүнө карабай.
Өкүм калмак келатат,
Мына ошондо кайран эр,
Кай бир жерде карасаң.
Үйүрүнөн айрылып,
Айгыр турат кишенип.
Кай бир жерде карасаң,
Кулунунан айрылып,
Бээ турат кишенип.
Эмалдуудан Коң төрө,
Сабап келе жатты эми.
Кайкондуу кырда күмбөзгө,
Келип жетип конду эми.
Ал күнү жатып ал жерге,
Арыстан кытай конгону.
Таңдын алды таң менен,
Жана кытай жөнөдү.
Кара аттын оозун кыйбасмак,
Кайран кытай келатат.
Күнү басып алты күн,
Түнү басып алты күн.
Он эки күнгө толгондо,
Ойрон манжу сур калмак,
Күлөшөндүн токойго,
Эми жетип кирди эми.
Арыстан Манас баш болуп,
Алманбет, Чубак жанында.
Айманбоз жүрбөң калганда,
Арыстан Чубак, Ажыбай,
Арада жоого атышып.
Алмакең менен эр Сыргак,
Айманбозду жетелеп.
Кыяга чыга шашканда,
Ушул жер эле эми деп,
Кыраан кытай ойлонуп.
Көрүп келе жатканын,
Көп ойлоду сур калмак,
Ушул токой ичинен,
Кызыл кандын тим эле,
Кызыл суудай акканын,
Кыраанын баатыр Манасы,
Кыйкырып жоону чапканын.
Ошол кезде Коң төрө,
Мусармандын кандарын,
Эченин кармап алганын,
Кайгуулга башын салганын.
Аким манжу кытайды,
Арсылан Сыргак сайганын.
Алкара аттын үстүнөн,
Аргамжы бою бута атым,
Алыс түшүп калганын.
Алиги калмак ойлоду,
Күлөшөндүн гүл токой,
Кандүсүң го качасың.
Ар качандан бир качан,
Агын суудай кан агат,
Адам заада пендесин,
Аралаша жер тутар,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Алп урушуп адам заат,
Өтөт белем дүйнөдөн.

Мына бул турган гүл токой,
Сени канча баспадым,
Сени менен бет алып.
Канча душман чапканмын,
Кара кандын ушундай,
Калдайып жерге акканын.
Эчен мыкты азамат,
Канын соруп тойбойсуң.
Кара жерге алтын баш,
Канча кирди болбойсуң.
Дагы согуш башталат,
Самап калган окшойсуң.
Саган жериң бул токой,
Санаамдан такыр кетпейсиң.
Сандаган эрдин каны бар,
Сан миллион адамзат,
Сайып алды токойдо.
Сандыргалуу эр алды,
Нескара менен эр Жолой,
Берендин көбү мында өлдү.
Деп Коң төрө оолугуп,
Ал кара атты камчылап,
Алты сан калмак төрөсү,
Азыр кирип келгенде,
Алтын баштуу ажыдаар,
Алдына келип бүгүлүп,
Айтып турат жүгүнүп.
Алаке кандын баласы,
Айталык кулак салыңыз.
Алиги келген буруттун,
Ааламда ашкан эрлерди,
Токойдон кууп атышты.
Толукшуган түлкүңдү,
Адырдан кууп атышты.
Айтылуу мыкты түлкүңдү,
Аны да атып бүктөдү.
Абасы Бакай бир чалдың,
Канжыгасын бек байлап,
Кайрылбай мындан кетишти.
Качырып чыгып барсам деп,
Катуулап эле келгенин,
Айбатынан, сүрүнөн,
Ала кечтим жанымды.
Деп ажыдаар бүгүлдү,
Улугу кытай төрөгө,
Таазим кылып бүгүлдү.
Ачуусу келип чоң калмак,
Ажыдаардын баштарын,
Алып-алып таштады.
Жат атаңдын көрү деп,
Ажайып кылыч мен койсом,
Астынан чыгып барбасаң,
Анда эмине байда деп.
Андан ары бастырып,
Алп кара куш зымырык.
Аны бир алды чакырып,
Арада душман бар болсо,
Абайлап кабар бербейсиң.
Ажайып кошо төрөсү,
Айтчы сөздү угайын,
Аттанып эми чыгайын.
Алп кара куш кеп айтат,
Ак кулжа, өрдөк сенде бар,
Амалын тапчу түлкүң бар.
Анын эмнесин айтасың,
Айланып душман келбейт деп,
Айтып да турган сен өзүң.
Кабар кылгын мага деп,
Башында айтып койбосоң.
Кайдан бир билем эми деп,
Кан Коңурбай төрөсүң,
Кандай тил болсо билесиң,
Калмакка душман келгенде,
Өзүң бир кайда жүрөсүң.
Өзөндү бойлоп учтум мен,
Өзүңдү издеп таба албай,

Өзөндө жатып карабай,
Өрдөсү эле түлкүндү,
Күлкүсүн анын чыгарды.
Күүгүмдө кармап калды эми,
Күчүк, иттен кыңшылап.
Күчүгүң качкан кезинде,
Күчөп кармап алышты,
Каскак менен сайылат.
Байланып аны кетишти,
Башкасын билбейм эми мен,
Баатыр кытай ушундай,
Көп жылкыны айдаган,
Көк жалдар эчек кетишкен.
Ушул кезде ал балким,
Каркырага жеткендир.
Кайрылбай алар кеткендир,
Деп кара куш айтты эми,
Коңурбай калды арманда.
Кара куш учкан асманда,
Калдайың калган көрүнөт.
Капалуу болуп ушунда,
Кара жаак айбалта,
Кармай алып имерип,
Кан Коңурбай бул төрө,
Арам өлгөн кара атты.
Такымга басып жиберип,
Гүлөшөндүн токойду,
Аралап калмак келатат.
Күнү басып эки күн,
Түнү басып эки түн,
Берен манжу  токойдон,
Эми араң чыкты эми.
Мына ушунда кан Семең,
Жылкыны айдап кетти деп.
Алты күн удаа жол басып,
Арыстан келген эмеспи.
Аскалуу тоонун башына,
Арыстаның жатат жол тосуп.
Ак кардуу тоонун башында,
Алла таала бир кудай,
Аманат жаның соо болсо,
Алармын сени душманда.
Арыстаның чыгып белеске,
Атакем Манас ашкан бел.
Алманбет, Чубак эки арыстан,
Айланып жоом чапкан жер.
Акырын чыгып барайын,
Эки күндөн эки күн.
Мында жаттым эс алып,
Мен жылкыдан кеткенче.
Сегиз күнгө толду деп,
Кайнап жаткан көп жылкы.
Кайсыл жерде болду деп,
Гүлүстөнүм эмне кылды экен.
Күүгүмдөн жылкы айдады,
Ак кулжанын тоосунан,
Ашып жылкы кеткендир.
Эрме чөлгө жеткендир,
Эрдемсинип Коңурбай,
Балким өзү келгендир.
Деп эр Семең ойлонуп,
Арбууданды минди эми.
Талчокунун белине,
Кырга чыгып келди эми.
Нардай болгон буурулду,
Айкөлүң байлап койду эми,
Арбайып аттан түштү эми.
Ашуусу бийик тал чоку,
Айкөлдүн жалгыз баласы,
Акырын чыгып келди эми.
Атадан калган ак дүрбү,
Арсылан колго алды эми.
Алты сан калмак калың журт,
Бээжинге дүрбү салды эми.
Тал чоку кандай жер экен,
Мекке менен Бээжиндин,

Ортосу экен тал чоку.
Өрүгү чирип көң болгон,
Өзөнү сонун жер болгон.
Тескейинде теке бар,
Күңгөйүндө бугу бар,
Капталында каман бар,
Ар жаныбар баары бар,
Бет маңдайда жолборс бар.
Аю, жолборс,  карышкыр,
Аралашып ойногон.
Бетегелүү жер экен,
Белгилүү сонун тал чоку,
Адырында аркарды,
Койдой болуп жайылат.
Буудурунда бугусу,
Уй мисалдуу көрүнөт.
Укмуштун баары ушунда,
Улуу тоо кандай жер экен,
Улугу манжу көп калмак,
Ээлеп турган жер экен.
Аскасы бийик зоо экен,
Айланасы аска таш,
Көз мелжиген зоо экен.
Көргөн пенде ушуну,
Көп кытайлап ашкыдай,
Аскалуу бийик тал чоку,
Адам заат пендесин,
Азат бою диркиреп,
Али бала Семетей,
Арсылан барып турду эми.
Айнеги алтын ак дүрбү,
Али мурза кыргыз эр,
Абайлап карап турду эми.
Алты айчылык чоң Бээжин,
Алиги төрө кыргызың,
Аныктап байкап көрдү ошо.
Атаганат чоң Бээжин,
Алар көркүм болобу,
Атактуу манжуу калмакты,
Чабар күнүм болобу.
Орто Бээжин калааны,
Карар күнүм болобу,
Көп кытайды Бээжинге,
Сүрөр күнүм болобу.
Орто Бээжин, чоң Бээжин,
Ошону көрүп турду эми.
Андан бери карады,
Четки Бээжин калааны,
Четинен байкап отурду.
Жергилүү кытай элдерин,
Жана байкап караса.
Жергелүү кытай эл жатат,
Эми салды имерип,
Эмалдуу боюн сур калмак,
Тегиз карап жүрдү эми.
Сан жеткис кытай көп калмак,
Сандап жөнөп келатат.
Санаасына алды эми,
Сансыз калмак көп колду,
Салабаттуу эр неме,
Санамак болду жаңыдан,
Орто жерин ойнотуп,
Кыл күрөң менен сойлотуп.
Жеткилең төрө Жойкара,
Анын келе жатканын,
Эр Семең таамай көрдү ошо.
Туура жагын караса,
Кара айгырды булкунтуп,
Кангайдын эли бүт баштап,
Жоодугур төрө келатат.
Мунун арткы жагында,
Боз кертек келет жол баштап,
Боруму башта бөлүнүп,
Алтай-айган элдерин,
Айдап алган жол баштап.
Андан бери караса,

Көк кызылга камчы уруп,
Көөдөк кытай баласы.
Кез келгенди кекетип,
Келип айдап алыптыр.
Туш келгенин токмоктоп,
Туйгун кытай баласы,
Келе жатат карачы.
Алты имерип салды эми,
Арсыз калмак Коңурбай,
Акими мунун кайда деп,
Арсылан карап отурат.
Кайда экени билинбейт,
Капырай кандай сонун деп,
Коңурбай кайда кетти деп,
Бери жакты карап көрөйүн,
Бети жок калмак келбесин,
Бурулуштан тоспосун,
Бурут кайда жүрөт деп,
Бул жерге келип калбасын.
Чоң кара менен келбесин,
Жолумду тосуп турбасын.
Эрлерин кытай албасын,
Эрден мурда желбесин.
Эрдемсинген бурутту,
Эми издеп табам деп,
Эңкейиштен тозбосун.
Эң мыкты болсо ишим деп,
Эркечке келип калбасын.
Эрлерин кошо албасын,
Энчил манжуу сур калмак.
Эрте чыгып барбасын,
Жолумдуу калмак албасын.
Дагы байкап карайын,
Эмалдуу менен ак күмбөз,
Айланып дүрбү салайын.
Деп арыстаным алып колун,
Айланасын карады.
А жерде адам көрүнбөйт,
Андан ылдый келгенде,
Гүлөшөндүн гүл токой,
Гүлүстөн бала Семетей,
Күчөп карап калды ошо.
Ошо кезде карасаң,
Күчү кыйын чоң кара ат,
Күжүлдөтө жол жүрүп,
Күүгүм туман көздөнүп,
Гүлүстөн манжу чоң калмак,
Ушул жерде келатат.
Алдындагы чоң кара ат,
Алты тердеп,  үч кургап,
Алган экен жаныбар.
Басканына мал жетпей,
Калган экен жаныбар.
Тегерегин карабайт,
Текеси манжу чоң калмак,
Өлөмүн деп санабайт.
Алдыдан жылкы табам деп,
Алаң казар бурутту,
Айдап мында алам деп,
Бетинен жылкы табам деп,
Бети жок бурут душманды,
Ушул жерден табам деп,
Кыргызды көрсөм кырам деп,
Кылычтап башын алам деп,
Кыраанды чыкса алдыман,
Кыйкырып найза сайам деп,
Кара атка камчы уруп,
Кара баштуу ай балта.
Булчуңуна Коңурбай,
Бура тартып койгулап,
Буудандын оозун буркутуп,
Буруксуган чоң калмак,
Бул токойдо келатат.
Муну көрүп турду эми,
Эртең манжу кытайга,
Кезигер кезим келиптир,

Тиккегеним келиптир,
Тилекти кудай бериптир.
Самаганым келиптир,
Санатты кудай бериптир.
Өлчөгөнүм келиптир,
Өлчөмдүү манжу чоң калмак,
Өзү жалгыз келиптир,
Кудайдын мындай бериши,
Калмактын жалгыз келиши.
Алланын мага бериши,
Кытайдын жалгыз келиши,
Чыны менен чоң калмак,
Жалгыз келе жатабы.
Жараткан берип тилекти,
Жалгыз кытай келиши,
Бул жараткандын бериши,
Мындай кызык болобу,
Алты сан манжу төрөсү,
Өзү жалгыз келиши.
Алланын мага бериши,
Алаке кандын Коңурбай,
Анык келет турбайбы.
Арбууданды минейин,
Атактуу калмак төрөсүн,
Алдын тозуп жөнөйүн.
Алым келсе калмактын,
Алмадай башын алайын.
Алкара атты мен минип,
Берен Манас баласы,
Бет алып келип отуруп,
Кең Текеске келди эми,
Чатырын Семең тиктирип,
Сан жылкыны айдатып,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Согушамын эми деп,
Эр Семең жатат Текесте,
Атанын кегин аламын,
Айланып чабуул саламын.
Атымды алган калмакка,
Атышып жатып каламын.
Арсыз калмак келбейби,
Артыман жетсе Коңурбай,
Армансыз болуп калайын.
Аткызып ийип калмакка,
Армансыз кантип калайын.
Алкарадай буудандын,
Айласын мында табайын.
Алаке кандын Коңурбай,
Айчынын сыя атайын.
Алкарадан түшүрүп,
Армансыз болуп кайтайын.
Текестин жолун чалайын,
Желмогуз калмак кезиксе,
Жеткизе найза сайайын.
Жети сан кангай болсо да,
Жетип кирип барайын.
Жаратымды таңайын,
Жалтанбай кирип барайын.
Жаң-жуңдун уулу Коңурбай,
Жарактанып калганча,
Жазайыл менен атайын.
Жаздыгым ала жатайын,
Жалпы калмак келсе да,
Жазуудан  тозуп алайын.
Жабырап калмак бет алып,
Жалгыз кирип барайын,
Жаланкычтай калмакты,
Жалтанбай найза сайайын.
Он далымда ок турса,
Оруксуп жатып албайын.
Орондогон калмакка,
Ойронду мен да салайын.
Обсуз улук төрөсүн,
Кай жак куруп салайын,
Кайгуулга өзүм барайын,
Калмакка чабуул салайын.

Каңгайлардын улугу,
Алаке кандын тукуму,
Атасы мунун Алаке,
Анжиянды жердесе,
Ааламдын башы бул десе,
Алаң казар чоң калмак,
Алкара менен келгендир.
Алиги Манас баласы,
Арбуудан минип качты деп,
Алабайын таба албай,
Абасын көздөй шашты деп.
Ар кандай айтып жаткандыр,
Акимдерин чогултуп,
Алакандай Коң төрө,
Арбалаңдап мактанып,
Айылында айтып жаткандыр.
Айланып келип Текеске,
Артыман жете келген деп,
Алиги калмак жаткандыр.
Сыр бараң менен аттым деп,
Сыр алдырбай жаттым деп.
Сандыргалуу кыргыздын,
Сан баатырын аттым деп,
Сыр бараңды майладым,
Сыры тереӊ кыргызды,
Сыртынан кошо жайладым.
Деп оолугуп аткандыр,
Текестен жылкы алмакка,
Коң төрө келе жаткандыр.
Кобулдан жылкы алам деп,
Козголбой жолго салам деп,
Кайра тартса бурутту,
Кан жат күнүн салам деп.
Калмактын улугун,
Катуу кармап жаткандыр.
Деп Семетей кеп баштап,
Казылык кылып кеп баштап,
Экөөнө бирдей тең таштап,
Кан Семетей абасы,
Кагылайын деп баштап.
Менин айтар кеңешим,
Билермандар не дейсиң,
Текести бойлоп конобуз,
Тилекти берсе жаш балдар,
Тыншаныны чыккан улугун,
Чоң Текестен тозобуз.
Абакем Бакай баш болуп,
Алтын түнү тигебиз,
Атагы ашкан солонду,
Ашуудан жолун тозобуз.
Алла берсе тилекти,
Атынан алып түшүрүп,
Акими манжу төрөнүн,
Эсине түшүп коёбуз.
Буудандын оозун бурамын,
Буткулдан карап турамын.
Бура тартса калмакты,
Бутадай атын жыгамын,
Эсиңе сенин салайын,
Эстетип эми айтайын.
Эртедир кечтир калмактын,
Эмне үчүн келбесин,
Эрте туруп мен өзүм,
Жекеге туруп барайын.
Жебелүү күлүк буурулду,
Жеткизе камчы чабайын.
Жатып бир мында албайын,
Жалгыз өзүм барамын,
Жалтанбаган эр десе,
Жаң-жуңдун жолун чалайын,
Жараткан берсе тилекти,
Жазыдан кирип малайын,
Ак келте менен атайын.
Айкөл Манас арбагы,
Колдогун деп барамын.
Текестин башы күрпүлдөк,

Күн тийбес жерин чаламын.
Күчөгөн экен калмак кул,
Күнөстөн тосуп аламын.
Тай буурул менен теминип,
Талаанын ичин кеземин,
Таалайлуу элдин уулу экен,
Тай буурул атым барында,
Тартынып жоодон каламбы.
Таласка кантип барамын,
Эр Манастын баласы,
Калдайдан болуп жаралуу,
Кайдан келди элге деп,
Калайык шылдың кылбайбы,
Кай бетим менен барамын.
Калдайган калың кыргызга,
Кайсы жоону атамын.
Абакем Бакай мурадым,
Айтайын кулак салыңыз.
Ай талаада мен калсам,
Аталаш тууган болбосо,
Акмалап мага ким барат,
Айбан да болсо Буурул ат,
Алты сан калмак элдерден,
Алып чыгат мени эми.
Артыма буудан карабай,
Ала бир качып жөнөдү.
Алкара минген Коңурбай,
Артыман kууп жөнөдү.
Мына ошондо Гүлүстөн,
Маңдайыман табылып,
Кан Семетей иниңин,
Эй абаке жарыктык,
Абийри минтип жабылып.
Жабылмак түгүл Семеңдин,
Атагы артып сабылып,
Алаке кандын балдарын,
Астынан жетип сайган бул.
Айланайын Гүлүстөн,
Аркамда турсам таңдайым,
Астымдагы белести,
Айчыктуу кызыл туудайым.
Аман бир койсун кудайым,
Аман эсен жараттан,
Айыгып элге барамын.
Алла таала бир кудай,
Колдой көр деп каламын,
Оң далыма ок тийип,
Оңоло албай жатамын.
Оңосун эми мен алып,
Обсуз манжу кытайды,
Айланып кайта табамын.
Эртең эрте турамын,
Бууданды мага токуп бер,
Белестен кабар аламын.
Белге чыгып барамын,
Бети жок калың жоо менен,
Беттешип жатып каламын.
Берендин уулу Семетей,
Белестен тосуп жоо сайып,
Бээжинге элди сүргөн деп,
Белгилүү элим кубансын.
Деп Семетей оолугуп,
Арыстан айтып бүткөндө,
Алиги бала Күлчоро эр,
Аңгемени баштады.
Айланайын кан Бакай,
Ак жолтой элдин кишиси,
Айтамын азыр мен сизге,
Айтылуу согуш мына ушу.
Абакем жалгыз кетесиң,
Байкачы Бакай жарыктык,
Кызы талак шум калмак,
Абамды алдап жазгырып,
Ала кетем абакем.
Ай далыга салбаптыр,
Ак олпоктуу арыстаным,

Өзү кийип албаптыр.
Катынга барчу эмедей,
Кара бир чапан желбегей,
Кызга барчу эмедей,
Кызыл чапан желбегей,
Кыраакы кытай көрүптүр.
Кантсе душман ушу деп,
Капастан тосуп туруптур.
Кан Манастын уулуна,
Кайрылып мылтык атыптыр.
Кечирди көзөй ок токтоп,
Келбеттүү абам жашыптыр.
Кереметтүү Буурул ат,
Кыргызды карай бет алып,
Кенен чуркап алыптыр.
Кантемин Алла ишими,
Амалым барбы чыдайын.
Алаке кандын баласы,
Артыман түшүп калыптыр.
Ошондо кошо мен болсом,
Элден чыккан калмакка,
Кылбайт белем кызыкты,
Сызбайт белем сызыкты,
Чийбейт белем чийинди.
Кетирет элем кезегин,
Келтирет элем эсебин.
Айнеги алтын ак дүрбү,
Алып карап олтурам.
Алаке кандын Коңурдун,
Торунда экен абакем.
Сан калмактын ичинде,
Оңунда экен абакем.
Ошондо мен да көргөнмүн,
Ойрон жандан кечкенмин.
Оён Манас баласын,
Табайын деп жөнөдүм.
Астыма минген Ак телки,
Айланайын Бууданым,
Өлүм орток жаныбар,
Эркелеттиң тууганым.
Аркандай арыш ала көр,
Армансыз чуркап бара көр.
Арышым коюп барам го,
Абамды коюп мени ал,
Мына ошондо барганмын,
Калдайдын каны Коңурбай,
Кабарыңда барбы деп,
Капталын жара сайганмын.
Кайгырба аба Семетей,
Калмак келсе арттан,
Кармалашып көрөрбүз.
Каза жетип өлбөсөм,
Калмактын башын кесербиз.
Кандай экен эми деп,
Калмакты кошо бийлербиз.
Кайгыра бербей абаке,
Кайраттуу мыкты адамсың.
Жаратың сенин айыкса,
Жардай болгон калмакты,
Биз да жазасын колго беребиз.
Ашыкпай жатып эс алгын,
Аңгемебиз деги көп,
Айкөл Манас колдосо,
Атышты катуу салабыз.
Кыядан карап турарбыз,
Кытайдын жолун бурарбыз.
Мен айтайын аңгеме,
Абаке өзүң кеткенде,
Сан жылкыны чубатып,
Сабырып жолго айдадым.
Саламат жандын барында,
Сактанып жолдон жашпадым,
Жылкынын четин жыйнадым.
Жылдырып бүтүн айдадым,
Коңурбай калмак келбейт деп,
Козголуп жатып албадым,

Текестен жылкы айдадым.
Беренім алыс кеткендей,
Абакем эмне болорун,
Алла таала бир кудай,
Аманат деп тапшырдым.
Ичим күйүп өрт болуп,
Ээрчип барсам абамды,
Эрлерин көрүп калмактын,
Эчендин башын алмакмын.
Бир кумардан канмакмын,
Эс алып кайра тартмакмын.
Арбууданды токунуп,
Аманат жандан чочунуп,
Арсыланым кайра келемин.
Ишимди кудай бергени,
Өзүңдүн аман келгениң.
Чорого кудай бергени,
Чочубай манжу улукка,
Чок салыша келгениң.
Чорчоңдогон манжуну,
Чокуга салып өтөрбүз.
Чоюнбаш менен салышып,
Чоңдорун биз да көрөрбүз.
Чокол манжу кытайга,
Чоңдукту биз да кыларбыз.
Чоюлган сулуу кыздарын,
Чочубай тартып аларбыз.
Чоң чабуулду саларбыз,
Өзүң жалгыз кеткенде,
Белестен жылкы айдаттым,
Берени кайда болду деп,
Ак дүрбүнү жайнаттым.
Абайлап карап олтурсам,
Аттанып кетип барасың.
Арбууданды чуратып,
Менин айткан ишимди,
Көңүлүңө албадың.
Көөдөн калмак Коңурбай,
Көрүнбөй сени атыптыр.
Көтөрмөнүн эли деп,
Көөдөк калмак жаткандыр.
Алдап атса адамды,
Абайлап байкап карачы.
Акмактын кылган ишине,
Ачуума келип карачы.
Айтасың сөздү ар кандай,
Арбуудан минип барам деп,
Алөөкө кандын Коңурдун,
Алдын тосуп жарам деп,
Оң далыңда ок турса,
Оңой мүшкүл ушулбу,
Эс алып жатып алыңыз.
Эсиңе бир аз салайын,
Эселек манжу кытайды,
Кең Текестен тозолу.
Касиеттүү кан Бакай,
Калыстык сөздү айтпайбы.
Жылкыны жолго салалы,
Жылдырбай айдап баралы.
Кысырын тандап алалы,
Кысыр эмди тай союп,
Этке абдан тоёлу,
Семиз тандап соёлу.
Серсеңдеген калмакты,
Секиден карап коёлу.
Сексен миң калмак болсо да,
Секиден чыгып тозолу.
Сен кандайсың эми деп,
Сенбелүү калмакты,
Сенделте сайып коёлу.
Кең Текеске жете келип,
Келип чатыр тиккени.
Коң төрөнүн көп жылкы,
Текестин башы Күрпүлдөк,
Күн тийбес жайга жайдырып,
Гүлүстөнүм жатып эс алгын,

Күндөп жолду чаламын,
Күнү-түнү болсо да,
Кангайды тозуп жарамын.
Канчоро аба жанымда,
Кайгуулду катуу чаламын.
Кан Семетей абакем,
Капаланбай сен жатканың,
Кан Бакай абам жанында,
Кайгырбай жата бериңиз.
Кандай бир менин кеңешим,
Кана бир баатыр не дейсиң.
Канча жоо болсо токтотом,
Канчоро кошо жанымда,
Кара тоону ашайын,
Кара бир кырды басайын.
Какандын каны Коңурбай,
Кайдан болсо табайын.
Кезигип калсак калмакка,
Кеңешти катуу салайын.
Кебимди угуп отуруп,
Кеңешти бергин кан Бакай,
Кара тоону мен ашсам,
Калмактын каны Коңурдун,
Кабарын издеп мен барсам,
Кана кайсы жерден табамын.
Бет ала барсам калмакка,
Бей байга түшүп калбаска,
Атташып барсам калмакка,
Азапка түшүп калбаска,
Акылыңды айтыңыз.
Абыдан жакшы угайын,
Ашыгып шашып турбайын.
Арасында мен калсам,
Амалды кандай кыламын.
Атаңдын көрү душманды,
Канткенде жеңип алабыз.
Кан майдан согуш ичин,
Канчалар өлүп жатпайбы.
Кан элең аба Бакайым,
Калыстык сөздү сүйлөчү.
Канчаны көргөн адамдан,
Даанышман мыкты киши элең.
Бээжиндин жолун чалгансың,
Сиз берендер менен баргансың,
Калмактын жолун чалгансың.
Кан Коңурбай улукка,
Кайгуулду катуу салгансың.
Какандын эли таң болуп,
Кайратыңды көргөндө,
Калайык журтуң маң болуп,
Бээжинге карай аттансаң,
Беш уруу аалам баш болуп,
Береним ага кан Бакай,
Берүште сизге жар болуп,
Каканатты карай аттансаң,
Калкыңан адам калбастан,
Кабылан Манас баш болуп,
Алманбет, Чубак, эр Сыргак,
Ал Ажыбай кошо бар болуп,
Алтын туусун Манастын,
Алыпсыз аба көтөрүп.
Ааламдын баары таң калган,
Абакем Бакай сиз арыстан,
Атактуу Бээжин калаага,
Айбаттуу адам кол салат.
Арбактуу Манас бар болуп,
Алманбет, Чубак эки арыстан,
А дагы сизден сураган.
Акылы кенен даанышман,
Абакем Бакай сиз барсың,
Айласын кандай кылабыз,
Кече ушул кең Текестин боюнан,
Аттарды уурдап Карагул,
Алиги калмак качканда,
Амалсыздан биз кеттик.
Атактуу Бээжин калаага,

Ат минбедим жөөлөдүм,
Өзөрлүк менен жөнөдүм.
Аттарын кошо алдырып,
Арсыз кулдар ошондо,
Намызга кайрат кошулуп,
Белгилүү Бээжин калаага,
Беттешүүгө жөнөдүк.
Берен абам баш болдуң,
Бер жакта балдар жаш болдук,
Октон кайра тартпаган,
Ойондор кошо жөнөдү.
Ошентип жылкы алдык биз,
Об тартуучу көп элден,
Ойротко колду салдык биз.
Опол тоодой калмактын,
Ойон уулун өлтүрүп,
Ойротко убуз салганбыз.
Абаке Бакай карачы,
Айтулуу улук калмакка,
Аттанып эми барайын.
Алла берсе тилекти,
Мен деле атышып жатып калайын.
Ак келте оозун бурайын,
Айтылуу улук Коңурга,
Мен ошо астына тозо барайын.
Кече арыстаның Манас барында,
Абакем Бакай жанында,
Алманбет,  Чубак баш болуп,
Ай ааламды буй кылып,
Ак маралды кубалап,
Уй кылып аны көрдүңөр,
Арыстаның өзү башында,
Айгандын элин алдыңар,
Акими ашкан Эсен кан,
Айласын жаман кетирип,
Ашуусу бийик Тал чоку,
Абакем өзүң бекенсиң,
Айбыкбай ашып арыстандар,
Айгандын эли чапканын,
Азамат Алмаң башында,
Эр Сыргакты ээрчитип,
Эки миң кытай ичине,
Эч бир жүрөк солк этпей,
Эптеп кирип барганын,
Эрлердин иши жомокко,
Эрдемсинген Коңурдун,
Тагына чыгып барганын,
Чыкырып алып жанына,
Эр Коңурбай калдайдын,
Элиңдин бергин эсебин.
Деп Алмакең айтканда,
Алаке кандын Коң төрө,
Таазим кылып бүгүлүп,
Жаш балача жүгүнүп.
Эсебин Алмаң алганда,
Эсен кандан келдим деп,
Эси жок манжу улугуң,
Эсенжиретип салганда.
Жоо эсебин алганда,
Жоболоңдуу манжуунун,
Жонуна минип калганда.
Калдайдын эли бүгүлүп,
Кан Коңурбай жүгүнүп.
Кан Алманбет баатырга,
Калайык кандай жүгүнүп.
Тыңшанын эли жүгүрүп,
Тыргооттун эли бүлүнүп.
Алтайдын эли айбагыт,
Айгандын эли кайгырып,
Какандын эли карашып,
Канчалары жанашып.
Кайдан келген улук деп,
Калыктын баары карашып,
Эсенкандан келдим деп,
Эрлери эчен жанашып,
Эр эмеспи ушулар,

Эмгиче менин оюмда,
Актап иштеп эмгекти,
Алмакем сабар өтүптүр.
А дүнүйө кеткен атакем,
А дагы сонун киши экен.
Атасын айтып койду деп,
Абаке капа этпеңиз.
Эки күлүк ат менен,
Эртелеп жолду тозойун.
Эр болсо Коңур бир келер,
Жанымда жатат көп калмак,
Бул Кырымдын уулу Мурадыл,
Атасы Кырым ашка таш,
Айтылуу Кавказ жер сонун.
Мурадыл жатты тектери,
Тескейине чыктык биз,
Күңгөйдөн калмак көрбөйбү,
Күүлөнүп атка минбейби.
Гүлүстөн кыргыз көп бурут,
Келген экен мында деп,
Күлүгүн тандап минишет.
Күрөккө тонун кийишет,
Күчөгөн экен бурут деп,
Күрбүлдөшүп көрүшөт.
Коңтөрөңдүн көп жылкы,
Кайдан алып келди деп,
Калмактар байкап билбейби,
Канына кабар жеткизип,
Каным калмак эми деп,
Карбаластап калгандыр.
Катыгүн бурут келди деп,
Калкына кабар салгандыр.
Кайраттуусу ат минип,
Коркогу чочуп үйүндө,
Кокуй күн түшүп калгандыр.
Калмактын баары чогулуп,
Канына жете баргандыр.
Камынып калса Мурадыл,
Кайкыдан жылкы албасын,
Кайгуулду катуу салбасын.
Коң төрөң келе электе,
Жылкыны алып калдым.
Жылдырып жолго салдым деп,
Арамзаада буруттан,
Арыстаным тартып алдым деп,
Алиги калмак өзүнчө,
Аңгемени салбасын.
Тим эле бизден мыкты окшоп,
Чыңаган темир сыңга окшоп,
Тыңшадант келген улук да,
Тыңсынып бу да калбасын.
Айтайын сөздү ар кандай,
Айкөлүм укчу ушундай,
Атайын айткан ушул сөз,
Эсиңизге алсаңыз.
Абакем Бакай баш болуп,
Айланып жолду чалалы.
Алла берсе тилекти,
Биз бүгүн Текестин жолун чалалы. Күлчоро айтып мындай кеп,
Мына ошондо Канчоро,
Кабыланың кепти баштады.
Калың калмак көп кытай,
Карманып алып келебиз.
Канчадан бери биякта,
Кармашты катуу салдык биз.
Кан Коңурбай улуктун,
Канчаларын кыйратып,
Кармаштык кыйын жоо менен,
Кайра айланып биз келдик.
Кадектүү Текес жерине,
Кан Бакай аба билесиң.
Кайда болсо барабыз,
Какандын элин коркутуп,
Катуулап уруш салабыз.
Качан да болсо душманга,

Качпай найза уруштук,
Каруу жарак колго алып,
Качпай жоодон туруштук.
Эсиңде барбы абаке,
Кечээ эр Толтой менен Чынкожо,
Ээ бербей колун салышты.
Аза электеп шашпадык,
Алиги чыккан жоо менен,
Арманы жок алыштык.
Акундун кызы Чүрөктүн,
Азабы үчүн барыштык.
Араларды кошо бүктөдүк,
Арыстан манжу улуктун,
Аттарын кошо алалы,
Астынан чыкса Коң төрө,
Ага да чабуул салалы.
Алкара сындуу буудандын,
Амалын эми табалы.
Аттанып жоого баралы,
Жылкыны балдар көздөсүн,
Күрбүлдөк көздөй көп жылкы,
Коң төрө жолго салсакпы,
Көтөрүп айдап алсакпы.
Деп Канчоро айтканда,
Эр Семетей кеп айтат,
Эй баатырлар деп айтат.
Кан Семетей кеп айтат,
Балдар укчу деп айтат.
Кечээ биз Кашкарды чаап
олжо алдык,
Канчаларга кол салдык.
Бээжинди чаап жылкы алдык,
Бээжиндеги кытайдан,
Отуз миң түтүн көчүрүп,
Көп жылкы менен кошо эми,
Көңтөрүп алып келебиз,
Коң төрө келсе көрөбүз.
Ашыкпай-шашпай эми биз,
Текестин элин чабалы.
Баатырсынган калмакка,
Бастырып эми баргыла.
Баш аягын чалгыла,
Бар болсо калмак Мурадыл,
Байлап бир мында келгиле.
Эң биринчи айтаарым,
Сан жылкынын баарысын,
Сандатып жолго салгыла.
Күрбүлдөктөн өткөзүп,
Көп калмакты көчүрүп,
Көчтү жолго салгыла.
Он төрт күлүк буудандын,
Алты-алтыдан алгыла.
Арча тору буудандын,
Ээр токумун бек токуп,
Арбуудандын жанына,
Катар байлап салгыла.
Манастан калган чоролор,
Баштап жылкы айдасын.
Эмилдин эр берен баласы,
Көчтү ошо айдасын.
Баатыр Серек баш болуп,
Көп жылкыны чубатып,
Көлдү көздөй бет алып,
Көңтөрүлүп жөнөсүн.
Эч бир жерде токто жок,
Эми балдар аттангын,
Эрмек болуп жанымда,
Эки-үч баатыр калгыла.
Абакем Бакай жанымда,
Ар убакта болсун дейм,
Айланайын жаш балдар,
Аңгемемди байкагын.
Оң далымда ок турат,
Оңой бекен бул калмак,
Аман эсен айыксам,
Арбууданга мен минсем,

Азапты катуу салармын.
Атаңдын көрү калмактан,
Атамдын өчүн алармын.
Айланып атка мен минсем,
Айбыгып карап турбасмын.
Жылым жылкы туулдум,
Жыйырма беште баламын.
Кан майдан болот бир далай,
Кагышка катуу жарабай.
Кантейин Алла кудурет,
Кан ичип жаткан урушта,
Абакем майып болгону,
Ал дагы Алланын кылган иши го,
Каныкей-Каныш энекем,
Акылга дыйкан кең экен.
Акундун кызы бейтаалай,
А дагы жолум торгоду.
Асманда жылдыз оң эмес,
А быйыл Бээжинге барар жол эмес.
Төбөңдө жылдыз оң эмес,
Каканга барар жол эмес.
Барбагын баатыр быйыл деп,
Баарысы айтса укпадым,
Бастырып чыкса алдымдан,
Калмактын жолун тородум.
Кең Текеске келгенде,
Аттардын баарын алдырып,
Азап тартып жөнөдүк.
Аллам бир жардам бербесе,
Алабызбы ким билет.
Абакем Бакай жарыктык,
Айтпайсың эч бир акылды.
Деп кан Семең кеп айтты,
Мына ошондо кан Бакай,
Абакең кепти баштады.
Айтылуу баатыр берендер,
Кырка отура баштады.
Кыраанын Бакай кеп сүйлөйт,
Кеп сүйлөсө деп сүйлөйт.
Арыстаның Бакай кеп айтат,
Айланайын жаш балдар,
Айтайын кулак салыңар.
Абаңдын айткан сөзүнө,
Абайлап бир аз туруңар,
Атаңдын көрү калмакка,
Аттансаң азыр барасың.
Арбын калмак эл менен,
Атышты катуу саласың.
Атамдын кеги сенде деп,
Айбыкпай найза саласың.
Атактуу манжу чоң калмак,
Алкара минип булкунтуп.
Ач маралдай жулкунтуп,
Атактуу кытай манжуну.
Абакең Бакай мен өзүм,
Алда нече көргөнмүн.
Алаке кандын Коңурбай,
Атка сынчы даанышман.
Айлакер жагы дагы бар,
Атышкан эчен жоо менен,
Ай  жылында туулган.
Ааламга салган чуулган,
Арыстан Манас атакең,
Айдап чыккан ал жерден,
Атактуу кытай качканда,
Айкөлүң Манас кайран эр,
Ак кула миинп арбайып,
Ала-Тоодой дардайып,
Ааламга бузук салганда,
Анда да Бакай жанында.
Алманбет,  Чубак баш болуп,
Ажыбай, Сыргак берендер,
Ал дагы кошо жанында,
Ушул кең Текестин боюнда,
Кермеге атты байладык.

Кержендеген кытайдын,
Кереметин байкадык.
Бул Текестин ичинде,
Абакең далай болгон жер,
Айланып эчен конгон жер,
Аттанып жолду тозуңар,
Душманды күтүп жатпайлы.
Боз кара түшүп кыш  болду,
Тогуз ай болдук согушта,
Токтобой уруш болгону.
Биз жылкыны алганда,
Жалпылдап жаткан жаз эле,
Эми боз кыроо түшүп кыш болду.
Текеске келип түнөдүк,
Жети күн болду жатабыз,
Жатканда байда чыгабы?
Камынып калмак келбейби,
Карааныңды көрбөйбү,
Кантсе бурут ушул деп,
Кайкыдан сени тозбойбу,
Канчалык баатыр болсоң да,
Кармашып сага тийбейби.
Уюктуу кытай көп калык,
Урушка акыр келишет.
Уруштун жайын сур калмак,
Бизден да жакшы билишет.
Ашыкпай-шашпай камынып,
Акыры калмак келбейби.
Атасынын көрү деп,
Алкараны минбейби.
Алтымыш кол кырк кытай,
Акими ала жүрбөйбү.
Алдырып минип жылкыны,
Алиги калмак отурбайт.
Айгандын элин айдашар,
Алтайдын элин карматар.
Эсен кан эли сабырып,
Алдырып ийип жылкымды,
Каламбы деп арманда,
Чоң Калча атка мингендир,
Чогулуп жолго киргендир.
Бакбурчадан айрылып,
Кантип тирүү калам деп,
Кайдан да болсо буруттан,
Кунду кууп алам деп,
Кайраттанып жүргөндүр.
Бул Текесте турбайлык,
Коңурбайдын көп жылкы,
Бата турган жер эмес,
Жоо жерине жаш балдар,
Жатып алчу биз эмес.
Жалпы атка минели,
Жалтанбай жоого кирели.
Эртелеп атка минели,
Эрикпей жоого кирели.
Арыстаның Семең бул өзү,
Аябастан согушуп,
Ай далыда коргошун.
Абдан орун алыптыр,
Аман эсен Таласка,
Айланып эми жетели.
Айкөлдүн жалгыз баласын,
Жаралуу кылып алдык биз.
Жазууга болбойт эч чара,
Жараткан кудай колдосо,
Жалпы эми кетели.
Күрбүлдөктүн ашуусун,
Күлчоро барып тосуптур.
Кең Текестин суу боюн,
Канчором берен тозуптур.
Күрбүлдөктүн муздак төр,
Көп жылкыны салайын.
Өзүм айдап ашырып,
Анан кийин Мурадыл.
Айланып чабуул салайын.
Арбууданды токуп бер,

Арыстаным Семем балтырсың.
Арча тору бууданды,
Артыман балдар коштосун.
Жебелүү күлүк Тай буурул,
Жетимишин сен алгын.
Мекеден келген кызыл туу,
Берки нарга жүктөлсүн.
Алтымыштай качырга,
Ок-дүрү бүтүн жүктөңөр.
Ала-байрак туу алып,
Айылды карай жүрүңөр.
Аман барсак Таласка,
Айтылуу Манас баатырдын,
Арбагына мал атап,
Азыкты балдар камдаңар.
Ач келе жаткан кытайга,
Азыктан кошо бергиле.
Эл кылып алам сени деп,
Атайын алдың көчүрүп.
Алардын убал сообу бар,
Аны да эске алгыла,
Тегеректи сен экөөң,
Тегиздеп байкап келгиле.
Көп жылкыга баргыла,
Чындыгын айтып элге да,
Эрте келе калгыла.
Эртең эрте кетели,
Үкүргүчү менен үч капкан,
Ошого чейин баргыла.
Дүрбү салып көргүлө,
Душмандын жайын билгиле.
Карагай тоону байкаңдар,
Кайда экенин толук бил,
Кандайда болсо жоо болот,
Айланайын Гүлчором,
Буудандын оозун буруп кел.
Сен суук ашууга туруп кел,
Аргымак оозун буруп кел.
Сен балам Гүлүстөн,
Азыраак сабыр кылып кел,
Ак келте оозун жыйып кел.
Арсыз калмак кайда экен,
Абайлап байкап кайра кел,
Көк телки оозун буруп кел.
Канчором сага айтаарым,
Көп кечикпей туруп кел.
Ылдыйлап жүрүп отурсаң,
Ааламдын баарын көрөсүң.
Ашуусу бийик ок өгүз,
Аны да байкап туруп кел.
Амалдуу калмак чоң калча,
Амалын салып атпасын.
Андан мурун Мурадыл,
Жолдун баарын албасын.
Карагул митаам жетпесин,
Тору айгырды агытып,
Жылкынын четин бөлбөсүн.
Тегереги тегиз көр,
Асты-артыңды байкаңар,
Кай жерде душман бар экен,
Качпай кабар алыңар.
Бетме-бет чыгып калбаса,
Качырып найза салбаңар.
Баатырын көрсөң качпагын,
Маңдайын тозуп токтогун.
Элдин баары жоо эмес,
Эсепсиз элди кырбаңар.
Тийишкен душман жоо болсо,
Жазасын колго бергиле.
Өтө мыкты бар болсо,
Байлап алып келгиле.
Байкайбыз кандай неме экен,
Баатырсынган ким экен.
Баарын талдап текшерип,
Жазасын колго беремин.
Колуңа түшсө Гүлчором,

Кимди да болсо атаба.
Мурадыл менен Карагул,
Ушуларды караңдар.
Башкасын бекер өлтүрбөй,
Көпүнгө ашташ буларды.
Түрүү кармап маа жеткис,
Эсебин өзүм табайын.
Эр Семетей абаңдын,
Эптеп калмак бошонгон.
Эми кандай болду деп,
Эсепти мен анда алайын.
Эсен аман экенин,
Эсен кан эсин тердетсин.
Качан кыргыз элең деп,
Катуу сурак кылайын.
Карагул сындуу калмакты,
Катуу жаза буйрайын.
Качантан бери сен болдуң,
Кадимки кыргыз баласы.
Аттарды кантип алдың деп,
Аңгемени салайын.
Алаке кандын Карагул,
Абдан сурап калайын.
Деп кан Бакай кеп айтат,
Көп тапшырып бек айтып.
Кан Манастын арбагы,
Колдосун балдар деп айтып.
Бала жолборс эки кул,
Аттарын алып токунуп,
Алтын жанды чогултуп,
Бууданды балдар токунуп,
Буруксуп жоого бармакка,
Улар да жатат озунуп.
Кермедеги сай күлүк,
Келип атты алышты.
Жараткан эми жар бол деп,
Жазайылды салынды,
Бир Аллага жалынды.
Бекмекер кургунду,
Берметтей басты кургулду.
Элеңгер жаа, сыр жебе,
Аларды алды асынып.
Аттарын эми токушту,
Абакем сөздү акыл деп,
Айтылуу мыкты жакын деп.
Аттарсыз баардык Бээжинге,
Ал эми келип көрсүн деп,
Айкөл Манас баатырдын,
Арбагына сыйынып.
Алиги баатыр жаңкы экөө,
Аттанып жолго салды эми.
Буудандын оозун бурушту,
Булар да атка миништи.
Аргымак оозун бурушту,
Алтайдын келчү улукка,
Абыдан көңүл бурушту.
Айланып жерди чалмакка,
Аттардын баарын алышты.
Аңгемени салышты,
Жалпы атка миништи.
Абакем Бакай, эр Семең,
Булар да калды чатырда.

## МАЗМУНУ


БАШ СӨЗ....................................................................................................3
«МАНАС» ЭПОСУНАН ҮЗҮНДҮ ........................................................................6
МАНАСТЫН ӨЛГӨНҮ .....................................................................................29
КАНЫКЕЙДИН СЕМЕТЕЙДИ АЛЫП БУКАРГА КАЧКАНЫ .................39
КАНЫКЕЙДИН ТАЙТОРУНУ ЧАПКАНЫ.......................................................61
КАНЫКЕЙДИН ЖОМОГУ ...............................................................................77
СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА КЕЛИП КЕТИШИ.
БУУРУЛДУ МИНИП БАКАЙДЫ АЛА КЕТИШИ ......................................91
СЕМЕТЕЙДИН БУКАРДАН КӨЧҮП КЕЛГЕНИ. ЖАКЫП, КӨБӨШ,
КЫРК ЧОРОНУН СЕМЕТЕЙ МЕНЕН УРУШКАНЫ. КӨБӨШТҮ,
КЫРК ЧОРОНУ, ЖАКЫПТЫ СЕМЕТЕЙ ӨЛТҮРГӨНҮ .........................101
ЧЫНКОЖО МЕНЕН СЕМЕТЕЙДИН ЧАТАГЫ. ЧЫНКОЖОНУН
АТАСЫ ШЫГАЙДЫ СЕМЕТЕЙ ӨЛТҮРГӨНҮ, ЧЫНКОЖОНУН
ТОЛТОЙГО КЕТҮҮСҮ ................................................................................110
ЧЫНКОЖО, ТОЛТОЙ АКУН КАНДЫ КАМАГАНЫ..............................115
АЙЧҮРӨК ДӨӨЛӨРДҮ СЫНАГАНЫ.........................................................136
АЙЧҮРӨК АК ШУМКАРДЫ АЛА КАЧКАНЫ...........................................211
СЕМЕТЕЙ АК ШУМКАРДЫ ИЗДЕГЕН ЖЕРИ .........................................246
ЧЫНКОЖО, ТОЛТОЙДУН ЧАТАГЫ .........................................................264
СЕМЕТЕЙДИН АЙЧҮРӨККӨ ҮЙЛӨНҮШҮ ..............................................386
СЕМЕТЕЙДИН АЙЧҮРӨКТҮ АЛЫП, ТАЛАСКА КЕЛИШИ ................394
КОҢУРБАЙГА КАРШЫ САЛГЫЛАШУУ .................................................400

*Илимий-популярдуу басылма*

**«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясы**

# АЛМАБЕК ТОЙЧУБЕКОВ

Түзгөн
*Гүлзат САДЫРБЕК КЫЗЫ*
Тех. редактору *Тилекматова Н.*
Корректору *Ж. Тойчубек кызы*
*Компьютерде терген Г. Садырбек кызы*
Комьпютердик калыпка салган *Б. Өмүров*

Терүүгө 10.09.2018-ж. берилди.
Басууга 30.10.2018-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70x100. $^{1}/_{16}$
Көлөмү 37 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____

---

Басма-полиграфиялык комплекс
«Принт Экспресс» ЖЧК басмаканасында басылды.
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз көч., 49